ЖУСУП БАЛАСАГЫН атындагы
КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНИН

ЖАРЧЫСЫ
ВЕСТНИК

КЫРГЫЗСКОГО НАЦИОНАЛЬНОГО
УНИВЕРСИТЕТА имени ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА

2015

Атайын чыгарылыш ISBN 9967-21533X

ГЛАВНАЯ РЕ Я КОЛЛЕГИЯ:

Э. Ж. Усекеев
И.о. ректора КНУ им. Жусупа Баласагына,
доктор философских наук (*главный редактор*)
Т.Т.Каракеев
проректор по научной работе и инновациям, доктор физико-математических наук
(зам. главного редактора)
М.Т.Артыкбаев,
член-корреспондент НАН КР, доктор философских и политических наук, профессор
У.А. Асанов,
академик НАН КР, доктор химических наук, профессор
А.А. Борубаев,
академик НАН КР, доктор физико-математических наук, профессор
Ч.Т. Джолдошева,
член-корреспондент НАН КР, доктор филологических наук, профессор
А.Ч.Какеев,
академик НАН КР, доктор философских наук, профессор
С.О.Карабаев,
доктор химических наук, профессор
Э. Мамбетакунов,
член-корреспондент НАН КР, доктор педагогических наук, профессор
К.М. Сманалиев,
доктор юридических наук, профессор
В.А. Печенов,
член-корреспондент НАН КР, доктор биологических наук, профессор
А.С.Сарыбаев,
доктор экономических наук, профессор
С.Ж.Токтомышев,
академик НАН КР, доктор физико-математических наук, профессор

РЕДАКЦИОННАЯ КОЛЛЕГИЯ:

СОЦИАЛЬНЫЕ И ГУМАНИТАРНЫЕ НАУКИ.
д-р фил. наук, проф. Т.С.Маразыков, д-р филос.наук, проф. А.А.Айтбаев, д-р истор. наук, доц. А.А.Арзыматова, д-р полит. наук, проф. Ж.Ж. Жоробеков, д-р соц. наук, проф. К.Б.Бектурганов, д-р истор. наук, проф. Т.Д.Джуманалиев, д-р. юрид. наук, проф. Э.Ж.Бейшембиев, канд. фил. наук, доц. Н.Сардарбек кызы, канд. фил. наук, проф. П.К. Кадырбекова,

ОБРАЗОВАНИЕ И ПЕДАГОГИКА.
д-р пед. наук, проф. Ж.А.Чыманов, д-р. пед. наук, доц. А.С.Раимкулова, канд. пед. наук, доц. А.Н.Гудимова, канд. пед. наук, доц. Б.А.Байсабаев, канд. пед. наук, доц. Г.Т. Мунапысова, канд. пед. наук, доц. Б.К. Оторбаев.
НТ

РЕДАКЦИОННАЯ КОЛЛЕГИЯ СПЕЦВЫПУСКА:

канд. фил.наук, и.о.проф. Абакиров Курманбек; канд.филол. наук, и.о.проф. Тиллебаев Садык; канд.филол. наук, Исаева Сайра; канд. фил.наук, доцент Турдубаева Назгүль; доцент Баймырзаев Бактыбек.

БАШКЫ РЕД КОЛЛЕГИЯ :

Э. Ж. Усекеев
Жусуп Баласагын атындагы КУУнун ректорунун м.а., философия илимдеринин доктору,
(башкы редактор)
Т.Т.Каракеев
илимий иштер жана инновациялар боюнча проректор, физика – математика илимдеринин доктору
(башкы редактордун орун басары)
М.Т. Артыкбаев,
КР УИАнын корреспондент-мүчөсү, философия жана саясий илимдердин доктору, профессор
У.А. Асанов,
КР УИАнын академиги, химия илимдеринин доктору, профессор
А.А.Борубаев,
КР УИАнын академиги, физика – математика илимдеринин доктору, профессор
Ч.Т.Джолдошева,
КР УИАнын академиги, филология илимдеринин доктору, профессор
А.Ч.Какеев,
КР УИА нын академиги,философия илимдеринин доктору, профессор
С.О.Карабаев,
химия илимдеринин доктору, профессор
Э.Мамбетакунов,
КР УИАнын корреспондент-мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору, профессор
К.М. Сманалиев,
юридика илимдеринин доктору, профессор
В.А.Печенов,
КР УИАнын корреспондент-мүчөсү, биология илимдеринин доктору, профессор
А.С. Сарыбаев,
экономика илимдеринин доктору, профессор
С.Ж.Токтомышев,
КР УИАнын академиги, физика – математика илимдеринин доктору, профессор

РЕДАКЦИАЛЫК КОЛЛЕГИЯ:

СОЦИАЛДЫК ЖАНА ГУМАНИТАРДЫК ИЛИМДЕРИ.
филол. илим. д-ру, проф.. Т. С. Маразыков, филос. илим. д-ру, проф. А. А. Айтбаев, тарых илим. д-ру, доц. А. А. Арзыматова, саясий илим. д-ру, проф. Ж. Ж. Жоробеков, соц. илим. д-ру, проф. К. Б. Бектурганов, тарых илим. д-ру, проф. Т. Д. Джуманалиев, юрид. илим.д-ру Э.Ж.Бейшембиев, филол. илим. канд., доц. Н.Сардарбек кызы, филол. илим. канд., проф. П. К. Кадырбекова.

БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ПЕДАГОГИКА.
пед. илим. д-ру, проф. Ж. А. Чыманов, пед. илим. д-ру, доц. А. С. Раимкулова, пед. илим. канд., доц. А. Н. Гудимова, пед. илим. канд., доц. Б. А. Байсабаев, пед. илим. канд., доц. Г. Т. Мунапысова , пед. илим. канд., доц. Б. К. Оторбаев.

ЧЫГАРЫЛЫШТЫН РЕДАКЦИяЛЫК КОЛЛЕГИЯСЫ:

фил. ил.кан., проф.м.а. Абакиров Курманбек; фил. ил.кан., проф.м.а. Тиллебаев Садык; фил. ил.кан., Исаева Сайра; фил. ил.кан., доцент Турдубаева Назгүль; доцент Баймырзаев Бактыбек.

МАЗМУНУ

УЛУУ АКЫН ТОКТОГУЛДУН ТУУЛГАНДЫГЫНА 150 ЖЫЛ

1. Турдугулов А. Токтогулдун кыргыз адабияты менен маданиятындагы орду.....8
2. Үкүева Б. ТОКТОГУЛДУН ФИЛОСОФИЯЛЫК ЫРЛАРЫ.....17
3. Абдразакова Г. ТОКТОГУЛДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ ДҮЙНӨНҮН ТИЛДИК КАРТИНАСЫ.....20
4. Жоробекова Б.Т.САТЫЛГАНОВ - КӨП КЫРДУУ АКЫН.....25
5. Бөрүбекова Г. ТОКТОГУЛДУН ЛИРИКАЛАРЫНДАГЫ ТУРМУШ ЧЫНДЫГЫ.....28
6. Дүйшеев Ж. Т.САТЫЛГАНОВДУН АЙРЫМ САТИРАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРЫНДА КӨРКӨМ СӨЗ КАРАЖАТТАРЫНЫН КОЛДОНУЛУШУ.....31
7. Жантаев А. Т.САТЫЛГАНОВДУН «НАСЫЯТЫНДА» ЭМГЕК БААЛУУЛУГУНУН КАМТЫЛЫШЫ.....35
8. Исмаилова З. ТОКТОГУЛДУН ЫРЛАРЫНДАГЫ ЭМОТИВДҮҮ ЛЕКСИКА.....38
9. Аман кызы Б. ТОКТОГУЛДУН АКЫНДАР ПОЭЗИЯСЫНДАГЫ ОРДУ.....41
10. Исмаилова Б. АКЫНДЫН ӨЛБӨС КЕРБЕЗИ.....43

ПРОФЕССОР КАЧКЫНБАЙ АРТЫКБАЕВДИН ТУУЛГАНДЫГЫНА 80 ЖЫЛ

11. Карымшаков С. ИЛИМДИН БАБА ДЫЙКАНЫ.....48
12. Мамбеталиев К. КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНЫН ТАРЫХЫН ИЗИЛДӨӨ (К.АРТЫКБАЕВ МЕНЕН К.АСАНАЛИЕВДИН ИЛИМИЙ САБАКТАРЫ).....54
13. Турдугулов А. УЛУТТУК АДАБИЯТТА САЛТТЫК ТӨКМӨЛҮК ӨНӨРДҮ ИЗИЛДӨӨ ИШТЕРИНДЕ К. АРТЫКБАЕВДИН РОЛУ, ОРДУ.....57
14. Үкүева Б. УЛУУ ОКУМУШТУУНУН КОТОРМОРЛОРУНДАГЫ КӨӨНӨРБӨС ИДЕЯЛАР.....64
15. Турдубаева Н. КАЧКЫНБАЙ АРТЫКБАЕВ ЖАНА ОРТОК АДАБИЙ МУРАСТАР.....68
16. Устабаева Г. КЫРГЫЗ ФОЛЬКЛОРУНУН АЙРЫМ УРУНТТУУ МАСЕЛЕЛЕРИ К.АРТЫКБАЕВДИН АДАБИЙ СЫН МАКАЛАЛАРЫНДА (2-макала).....71
17. Дүйшембиева Д. ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН «КУТ АЛЧУ БИЛИМ» ДАСТАНЫН ИЗИЛДӨӨДӨ ПРОФЕССОР К.АРТЫКБАЕВДИН ЭМГЕГИ.....76
18. Кулалиева К. КАЧКЫНБАЙ АРТЫКБАЕВДИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ТҮРК ТИЛИНДЕ.....80

19. Сатыбеков М.К.АРТЫКБАЕВ – А.ТОКОМБАЕВДИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫН ИЗИЛДӨӨЧҮ…….....86
20. Сагидаева С. КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНЫН ТАРЫХЫ ТАКТЫКТЫ ТАЛАП КЫЛАТ…….....89
21. Жунусалиева К. К.АРТЫКБАЕВ-АДАБИЯТ ТАРЫХЧЫСЫ……....96
22. Бөрүбекова Г. К.АРТЫКБАЕВДИН“ЗАМАНА” КИТЕБИНДЕГИ АКЫНДЫН ЖАН ДҮЙНӨ ЖАРЫГЫ.....99
23. Искакова Э. ПРОФ. К.АРТЫКБАЕВ: «Ч.АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМА ЖАРАТУУДАГЫ ЧЕБЕРЧИЛИГИ».....103

АДАБИЯТ ТААНУУ МАСЕЛЕЛЕРИ

24. МамбеттурдуМамбетакун ЖУҢГОДОГУ ПАМИР КЫРГЫЗДАРЫНЫН ЭЛДИК ЫРЛАРЫ (БИРИНЧИ МАКАЛА).....109
25. Мамбеттурду Мамбетакун ЖУҢГОДОГУ ПАМИР КЫРГЫЗДАРЫНЫН ЭЛДИК ЫРЛАРЫ (ЭКИНЧИ МАКАЛА).....114
26. Асакеева Д. 60-ЖЫЛДАРДАГЫ “ЖЕЛАРГЫ ДООРУ”: ЖАҢЫЧЫЛДЫК ПАФОСУ.....118
27. Акматова В. 30-40- ЖЫЛДАРДАГЫ МАССАЛЫК ПСИХОЗ ЖАНА АНЫН “МАНАС” ЭПОСУНА, ЖАЛПЫ ЭЛЕ КЫРГЫЗ ИНТЕЛЛЕКТУАЛДАРЫНЫН РУХИЙ АБАЛЫНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ.....122
28. Сыдыков Н. М.БАЙЖИЕВДИН «ИЛГЕРИ ӨТКӨН ЗАМАНДА» ПОВЕСТИНДЕГИ АДАМ ЖАНА ТАБИЯТ ТЕМАСЫ……126
29. Текешова М. «КАЙРЫЛЫП КУШТАР КЕЛГЕНЧЕ» - ЭПОСКО ПРОЛОГ…….....130
30. Жаанбаева К. АККАН СУУ ТЕМАСЫ АДАБИЯТТА……...133
31. Койлубаев К. ОТКО СЫЙЫНУУЧУЛАРДАГЫ ОКШОШТУКТАР.....137
32. Мауленов А. РАҒБУЗИ МЕН ҚАЗАҚ ӘДЕБИЕТІ АРАСЫНДАҒЫ ДӘСТҮР ЖАЛҒАСТЫҒЫ.....143
33. Акматова Венера «МАНАС» ЭПОСУНА АРНАЛГАН КОНФЕРЕНЦИЯ (1952) ЖАНА АНЫН ИЛИМИЙ ТЫЯНАКТАРЫ……148
34. Ахмет ШевикЭЛДИК ЭПОСТОРДО БААТЫРЛАРДЫН СҮРӨТТӨЛҮШҮ.....152
35. Джумаева Ж. КӨРКӨМ ЧЫГАРМАЛАРДА СӨЗ МЕНЕН ИШТӨӨ ЧЕБЕРЧИЛИГИ ЖӨНҮНДӨ (ЖАЗУУЧУ ТҮГӨЛБАЙ СЫДЫКБЕКОВДУН ПИКИРЛЕРИНИН НЕГИЗИНДЕ).....156
36. Асакеева Д. КОНФЛИКТСИЗДИК ТЕОРИЯСЫ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНДА.....160
37. Жумашова Н. МАНАС БААТЫРДЫН ГЕНЕАЛОГИЯЛЫК ЭПИКАЛЫК САНЖЫРАСЫ.....165
38. Темирова Б. 40-50-ЖЫЛДАРДАГЫ КООМДУК-САЯСИЙ КЫРДААЛ ЖАНА «МАНАС» ЭПОСУ.....169
39. Баймырзаев Б. ӨТӨ (ЖЕҢИЖОК) ЫРЧЫНЫН ӨМҮРҮ ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ

ӨЗҮНЧӨ ТАКТАЛЫП, БААЛАНУУГА МУКТАЖ.....174
40. Абдиева Ж. “МАНАС” ЭПОСУНДА ТЕҢИРЧИЛИКТИН СҮРӨТТӨЛҮШҮ.....182
41. Абакиров К. МАНАСЧЫЛЫКТАГЫ ШАКИРТТИК МЕЗГИЛ: КӨЗ КАРАШТАР ЖАНА ДАЛИЛДЕР.....187
42. Абакиров К. ЖОМОКЧУ – МАНАСЧЫЛЫКТЫН МЕКТЕПТЕРИ.....192
43. Сайпидинова Н. СЕМЕТЕЙДИН ОБРАЗЫН АЧУУДА МОНОЛОГ, ДИАЛОГДУН МААНИСИ.....196
44. Исаева С. ЖАЛГЫЗДЫКТЫН КӨРКӨМ ЖАҢЫРЫГЫ (АКЫН А. ӨМҮРКАНОВДУН “ЖАЛГЫЗДЫК ЫРЫ” ЖЫЙНАГЫНЫН МИСАЛЫНДА).....200
45. Темирова Б. «МАНАС» ЭПОСУ ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ЖЫЛДАРЫНДА КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫНДА.....205
46. Аман кызы Б. АКЫН-ЖАЗУУЧУЛАРДЫН ӨМҮР ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНА АРНАЛГАН КИРИШҮҮ САБАГЫН УЮШТУРУУ.....209

ТИЛ ИЛИМИНИН МАСЕЛЕЛЕРИ

47. Биялиев А. АКАДЕМИК БОЛОТ МУРАТАЛИЕВИЧ ЮНУСАЛИЕВДИ ЭСКЕРҮҮ (ТУУЛГАН КҮНҮНҮН 100 ЖЫЛДЫГЫНА КАРАТА 13.X.1913-18.II.1970).....212
48. Дунканаев А. СҮЙЛӨМДҮН СЕМАНТИКАЛЫК-СТРУКТУРАЛЫК МАСЕЛЕСИНЕ КАРАТА.....219
49. Жумалиев С. “МАНАС” ЭПОСУНДАГЫ ЖЕР-СУУ АТАЛЫШТАРЫ.....224
50. Түмөнбаева Ч. МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИН ПРАКТИКАЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ.....230
51. Токтосунова А. ДИАЛОГДУН КОММУНИКАТИВДИК-СЕМАНТИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ.....233
52. Койлубаева А. БАГЫНЫҢКЫ КОШМО СҮЙЛӨМДӨРДҮН ТУЮНТКАН МААНИЛЕРИ ЖАНА АЛАРДЫ БЕРҮҮЧҮ СТИЛДИК КАРАЖАТТАР («МАНАС» ЭПОСУ БОЮНЧА).....236
53. Касымбаева К. КОГНИТИВДИК ЛИНГВИСТИКАНЫН КЕЛИП ЧЫГЫШЫ ЖАНА ИЗИЛДЕНИШИ.....238
54. Бактыбекова А. ТӨЛӨГӨН КАСЫМБЕКОВДУН «СЫНГАН КЫЛЫЧ» ЧЫГАРМАСЫНДАГЫ ҮЙ ЭМЕРЕКТЕРИНИН ЖАНА КИЙИМ-КЕЧЕККЕ ТИЕШЕЛҮҮ СӨЗДӨРДҮН ОРУС ЖАНА АНГЛИС ТИЛИНЕ ТУУРА КОТОРУУ ЖОЛДОРУ.....243
55. Жумалиев С. “МАНАС” ЭПОСУНДАГЫ ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК АТАЛЫШТАРЫН НОМИНАЦИЯЛООНУН НЕГИЗГИ СЕМАНТИКАЛЫК МОДЕЛИ.....247

56. Аскарова А. АДАБИЙ ТИЛИБИЗДЕ ТЫБЫШТАРДЫН АЙТЫЛЫШ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ ЖАНА ДИФТОНГУЛАР МЕНЕН СОЗУЛМА ҮНДҮҮЛӨРДҮН АЙТЫЛЫШЫНДА АЙЫРМАСЫ……..…..252
57. Жумагул кызы А. ТИЛДЕГИ ЛЕКСИКАЛЫК БИРДИКТЕР: МАҢЫЗЫ, МҮНӨЗҮ, ФУНКЦИЯСЫ…….……257
58. Дүйшекеева А. БИ-БИ-СИНИН КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ УКТУРУУЛАРЫНЫН ТҮЗҮЛҮШҮ ЖАНА ЫКМАЛАРЫ.....261

КЫРГЫЗ ТИЛИН ЖАНА АДАБИЯТЫН ОКУТУУ. ПЕДАГОГИКА

59. Сарылбекова З., Аскар кызы Ж. КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ ПРОФЕССОР К.К.САРТБАЕВДИН ИЗИЛДӨӨСҮНДӨ.....266
60. Мухаммед Гундогду ӨСПҮРҮМ КУРАКТАГЫ ОКУУЧУНУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ПЕДАГОГИКАЛЫК ТАЖРЫЙБАСЫНАН.....272
61. Өмүрзакова К. БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА ЖЫЛ МЕЗГИЛДЕРИН ОКУТУУ.....275
62. Кыдырова А. БАТАНЫ КЫРГЫЗ ТИЛ САБАГЫНДА КОЛДОНУУ.....279
63. Алиева А. КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫН ОКУТУУНУН ОРЧУНДУУ МАСЕЛЕЛЕРИ.....282
64. Орозбаева Ж. ЭПИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДЫ АЛГАЧ ТААНЫШТЫРУУЧУЛУК ЖАНА ОБЗОРДУК ТАЛДООНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ.....285
65. Джаманкулова А. ТЕКСТ- КЕП ӨСТҮРҮҮНҮН КАРАЖАТЫ КАТАРЫ.....291
66. Эркан Бенлиоглу ЭЛДИК КААДА-САЛТ ЖАНА ҮРП-АДАТТАРДЫН ПЕДАГОГИКАЛЫК-ПСИХОЛОГИЯЛЫК БЕЛГИЛЕРИ.....296
67. Зайыркулова Р. САБАКТЫН ЖАНЫ-АКТИВДҮҮ ОКУУЧУ, КЫЙМЫЛДАТКЫЧ КҮЧҮ-МУГАЛИМ.....301
68. Айталиева Т. КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУП- ҮЙРӨТҮҮДӨГҮ КӨЙГӨЙЛҮҮ МАСЕЛЕЛЕР.....305
69. Эркан Бенлиоглу. ЭЛДИК КААДА-САЛТ ҮРП-АДАТТАРДЫН ИЛИМИЙ АНЫКТАМАСЫ БАРБЫ?.....308
70. Мухаммед Гундогду ОКУУЧУНУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ПЕДАГОГИКАЛЫК-ПСИХОЛОГИЯЛЫК ШАРТТАРЫ.....312
71. Ахунжанова Ж. ИНТЕРАКТИВНЫЕ МЕТОДЫ ОБУЧЕНИЯ СТУДЕНТОВ ЮРИСТОВ В КОЛЛЕДЖЕ…….....317

ТОКТОГУЛДУН КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ МЕНЕН МАДАНИЯТЫНДАГЫ ОРДУ

Турдугулов Али
ф.и.д., профессор Ж.Баласагын ат. КУУ

Токтогул – эки доордо өмүр сүрүп, чыгармачылыгын да ошол мезгилдик мерчемде улантып, ар кандай темадагы чыгармаларды жаратып, мезгил сыноосунан ийгиликтүү өткөн чоң талант: Анын калтырган мурасы тематикалык жактан көп кырдуу. Демек, улуу акындын чыгармачылыгы эки доордун тарыхый окуялары менен социалдык абалын камтыды. Ошого карап, биз акындын жалпы чыгармачылыгын эки доорго бөлөбүз. Биринчисине акындын Октябрь төңкөрүшүнө чейинки мурасы, экинчисине андан кийинки ырлары кирет.

«Тар жол, тайгак кечүүдөн» улам мүдүрүлүп, кайра туруп, не бир азап-тозоктордон өтүп, бирок мүңкүрөп калбай үмүттүү өмүр улаган инсандын чыгармалары, албетте, ар кандай тарыхый окуяларга күбө болуунун далили катары каралышы керек. Токтогулдун чыгармачылыгын изилдеген адабиятчылардын пикири боюнча акындын жалпы чыгармачылыгы эки доорго, төрт мезгилге бөлүп кароону талап кылат.

1. Акындын чыгармачылыгынын алгачкы мезгили.
2. Айдоого чейинки мезгил.
3. Сүргүндө жүргөндөгү чыгармачылыгы.
4. Элине келгендеги жана Октябрь төңкөрүшүнөн кийинки мезгил.

Мындай бөлүштүрүү акындын өмүр жолуна, ырларынын тематикалык багытына жана алардын жаралыш мезгилине карап жасалды. Эл адамы катары Токтогулдун өмүрү элдин турмушу менен бирге каралат. Акындын чыгармачылыгында эл турмушунун чагылдырылышы, демек, акындын өз турмушунун көркөм чагылдырылышы дегендик.

«Кош, апаке». Жогоруда Токтогулдун жалпы чыгармачылыгын төрт мезгилге бөлдүк эле. Ошонун экинчи мезгили акын туткунга алынган учурдан, тактап айтсак, 1898-жылдын жай айларынан башталат. Эгер буга чейин акын «Беш каман» жана башка ырларында эзүүчүлөр менен эзилгендердин ортосундагы келишпес күрөштү, карапайым калктын оор абалын баяндаса, эми туткунга алынган мезгилден баштап Токтогулдун чыгармачылыгында мазмун жагынан да, тематикалык жактан да айрым өзгөрүүлөр болду.

Жогорку маалыматтардан белгилүү болгондой, Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү эзилген эл жети ата менен бир ата болуп бөлүнүп, Рыскулбектин балдарына каршы көтөрүлүп, бир нече жолу чабыш болгон соң, «калың эл колуна курал алып, Анжиянга басып киргени жатат, тез аскер жибергиле» деп манаптар Наманган гарнизонунан аскер сурашат. Куралданган алтымыш ашык аскер келип, 1898-жылдын 11-июнунда Кетмен-Төбөдөн көп адамды кармап кетет. Алардын ичинде Токтогул да бар эле. Акын: «жамандыгын ырдайм деп, жазыктуу болдум манапка» деген сөзүн бекеринен айткан эмес. Мындай ойду ал «Беш каман», «Арзыматка», «Папы калпа», «Үйчүлүк эшен» жана башка ырларында айтты. Өзү айткандай ак жерден күнөөлүү болуп, сүргүнгө айдалып кетээрде «Кош, апаке» деп энесине, «Кош, элим» деп журтуна кайрылат.

«Кош, апаке» – акындын жалаа менен кармалып түрмөгө кетип баратканда энесине кайрылып айткан ыры. Мында акын апасына гана кайрылганы менен ошол учурдагы элдин социалдык теңсиз абалы, эне менен перзенттин ортосундагы ыйык

мамиле, эң негизгиси, келечекке болгон үмүттүү, максаттуу ой-тилек жатат.

«Керимбай кылды кесирди,
Кекенип мага эсирди.
Жаш кезимден каршы элем,
Журтумдан айдап кетирди.

Муңкануу менен айтылган мындай ыр ошондой теңсиздикте өмүр өткөргөн адамдан гана жаралышы мүмкүн. Бирок акын келечектен үмүт үзбөй:

«Ажалым жетип өлбөсөм,
Карчыга куштай айланып,
Келермин кайра элиме», –

деп, акыры башына азаттык келээрине ишенет. Ажал жетип, өлбөсө эле андай азаттыктын бир эле ага эмес, жалпы элине акыры келиши акындын көңүлүндө дайым турган.

Токтогулдун айдалып бараткандагы «Кош, апаке» ырынын маани-мазмунунун ошол эле мезгилде жараткан «Айдалып жөнөгөндө», «Кыйындык түштү башыма», «Бизге келер бекен кең заман», «Ушундайбы сурагың» деген ырлары толуктап турат.

«Айланган тоонун бүркүтү». Анжиян көтөрүлүшүнө катышты деген жалаа менен айдап кеткен аскерлер Токтогулду бир топ кишилер менен Намангандагы аскер түрмөсүнө камап коюшат. «Айланган тоонун бүркүтү» – ошол түрмө дубалдарынын ортосунда жаралган ыр. «Күн тийбес тамда жатамын, күч кетип, эсим ооп, алсырап, алдымдан нымдуу сыз өтөт, айласыз жатам жалдырап, козголор менде дарман жок, кол-бутта кишен шалдырап», – деп акын өз абалын элестүү берген.

Айланган тоонун бүркүтү
Ак жерден торго чалындым.
Комузду күүгө келтирген
Колума кишен сплындым.

Акындын бул ырына мүңкүрөп калуу мүнөздүү. Эгер буга чейин ырдаган «Кош, элим», «Кош, апаке» аттуу чыгармаларынан келечектен күдөр үзбөй турган жаркын маанайдагы эрктүү акындын абалын көрсөк, эми «Айланган тоонун бүркүтүн» жараткан авторду такыр башка абалында көрөбүз, албетте, «тим жатса деле сабаган, тил билбеген солдаттарга» кой-айды түшүндүрө албаган адамдын абалы мүңкүрөбөгөндө кантмек? Жадагалса акын мында тагдырга болгон таарынычын айтат:

«Зарлантып койгон күнөөсүз
Заманага таарындым».

Токтогулдун пессимисттик маанайдагы бул ыры анын жалпы чыгармачылыгы бөлүштүрүлгөн экинчи мезгилине кирет.

«Эңсеген элим, аманбы». Акындын бул ыры анын үчүнчү мезгилиндеги чыгармаларына кирет. Эгер Токтогул Сибирде жүргөндө «Жыпар жыттуу асыл жер, жетемби сага кыргыз эл», – деп элин эңсеп ырдаса, туткундан качып чыгып, акыры эңсеген элине келип кошулгандан кийин «Кетмен-Төбөнү көргөндө», «Жерди көргөндө», «Күңгүрөнө күү чалдым», «Апакем, аман барсыңбы», «Туткундан келгенде», «Буурул болуп карыдым», «Эзилдим шумдук заманда», «Эңсеген элим, аманбы» деген ырларын жаратты.

Акын айдалып кетип баратып «Кош, элим», «Кош, апаке» деген ырларын айтып кеткенин, ал ырларда жакшылыктан үмүт үзбөй, «аман болсом келермин», «амандашаар күн болоор» деп ырдаганын билесиңер. Акындын ооматы келип элине аман кайтып, эми «Апакем, аман барсыңбы», «Эңсеген элим, аманбы» деп ырдайт. Бул ырларды акын өзүнүн күйүтүн, кайгысын айтып келип, «мен ыраазы боломун, эл-журтумду көргөнгө», – деп элине келип кошулганына каниет кылат, маңдайы жарылып,

сүйүнөт. Акын өз тагдырын эч убакта элинин тагдырынан бөлүп караган эмес. Ыр учурашуу мотивинде айтылат. Ырда акын өзүнүн жайын түшүндүрүп келип, анан эл-журтунун ал-абалын, мүшкүл күндө калганын белгилеп өтөт. Ошентип, акын бул ырда өз тагдыры менен эл тагдырын бирге карайт. Акын өзүнүн «күйүттүү булбул» экенин баса белгилеп, элдин социалдык абалын козгойт, учурашуу ырынын мотивине салып мындай дейт:

«Малай болуп жалданып,
Ыйлагандар, аманбы!
Кара оокатка жандарын,
Кыйнагандар, аманбы!
Жан тынымын дүйнөдө
Кылбагандар, аманбы!
Коюн багып байлардын,
Кул болгондор, аманбы!
Көк келтекке жыгылып,
Кыйрагандар, аманбы!
Бир жылкы акы – бир көйнөк
Пул болгондор, аманбы!
Жайы-кышы жаанга
Суу болгондор, аманбы!

Ырда абактан бошонгон адамдын абалы берилгени менен мында терең кайгыруу бекем орун алган. Токтогул Сибирге айдалып кетип жатканда жаш баласы калган эле. Келгенде ошол уулунан ажырап калганы «аскасы бийик дабандын, азабын тарттым замандын, айнектей көзүн көрбөдүм, аркамда жалгыз баламдын» деген саптар менен берилет. Бул ой андан ары терендетилет:

«Күңгөйү бийик дабандын,
Күйүтүн тарттым замандын.
Күмүштөй жүзүн көрбөдүм
Күкүктөй жалгыз баламдын».

Мындай кайгы ар бир эрктүү адамды белден басып мүңкүрө-төт, муунун бошотот. Ошон үчүн акын:

«Басайын десем муунум жок,
Отурар алтын туурум жок.
Оюмдан кетпес бул кордук,
Ойнотом десем уулум жок», –

деп эли менен учурашып жаткан ырында айтып отурат.

Ошентип, «Эңсеген элим, аманбы» – Токтогулдун жеке тагдырынын бир үзүмүн чагылдырган ири мазмундагы чыгармаларынын бири.

«Токтогул Сибирден келгенде Эшмамбет ырчы менен учурашканы». Мында эң биринчи эле Эшмамбет абайсыздан «балаңды аман көрдүң», «жактырып алган жарыңды кучагыңа кыстың» деп айта коөм деп, устаты сүргүндө жүргөндө үйүнөн бир кабар албаган айыбын ашкерелеп алганы көзгө урунат. Албетте, бул фактыны билип коюунун тарбиялык мааниси зор болгону менен, негизги маселе чыгарманын өзүндө, ички мазмунунда. Арийне, акындык поэзия – эчен мезгилдин сыноосунан өтүп, эчен өзгөрүүлөргө учурап, калыптанган түрдө бизге келип жеткен көрөңгөлүү жана бай салты бар поэзия. Кайсы акын болбосун, ошол салтка кайрылып, андан үлгү алып, аны улантат. Токтогул да көп акындан үлгү алып, алардан үйрөнүү менен өзүнүн чыгармачылыгын өнүктүргөн. Өз учурунда таланттуу жаштарга чыгармачылык жактан жардам берип, алардын такшалышына, ырчылык өнөрлөрүнүн өркүндөшүнө таасир

эткен. Ушундай чыгармачылык байланыштын негизинде Токтогулдан үлгү алып Эшмамбет, Калык, Коргол, Алымкул, Барпы ж. б. көп акындар өсүп чыккан. Токтогул жогорудагы окуучулары менен алгач таанышканда да, андан кийин да түрдүү шартка байланыштуу айтышып жүргөн жана чыгармачылык мамилесин өмүрү өткөнчө үзгөн эмес. Токтогулдун айтыштары абдан көп жана тематика жагынан ар түрдүү. Алардын ичинен «Токтогул Сибирден келгеңде Эшмамбет ырчы менен учурашканы» өткөндөгү адилетсиздикти таамай көрсөткөнү менен баалуу.

Бул поэтикалык туунду, темасынан эле ачык көрүнүп тургандай, учурашуу айтышына кирет. Айтышта акындын тарыхый тагдыры чагылдырылган. Мунун да өзүнчө тарыхы бар. Токтогул Сибирден качып келгенден кийин айылында жүрүп, бир жылдан соң Коңур-Өгүзгө барып калат. Куш салган кишилер менен жүргөн жеринде Эшмамбетке жолугат. Экөө аттан түшө калып көрүшөт, ошондо ал-жайды сурап айтыша башташат. Алгач сөздү Эшмамбет алып, Токтогулдун тагдырын, кайда барып, кантип келгенин сурайт. Өз кезегинде Токтогул жооп кайтарып ак жеринен айдалып, кыйын күндү баштан кечиргенин, адилетсиз заманда азапты аябай тартканын, күнөөсүз камалгандардын тагдырын баяндап берет. Суроо-жооп иретинде жүргөн айтыш кыйла узакка созулган. Эшмамбет менен бирге жүргөн кишилер айтыштын муңдуулугуна муундары бошоп угушат. Айтыштын аягы бүтпөй, күн кечтеп кеткен соң, айылды көздөй жөнөшөт. Токтогулдун кабарын уккандар туш-туштан чубап келишип, үй элге жык толот. Эки акын айтышын улантып, ал узакка созулган. Токтогул менен Эшмамбеттин ырлары угуп отурган көпчүлүккө аябай таасир этип, алар акыйкат кылбаган падыша өкмөтүнө жана жалаа менен күнөөсүз адамдарды ак жеринен айдаткан бийлөөчүлөргө наалат айтып, нааразылыктарын билдиришкен.

Экөөнүн айтышы элет арасына тез тарап, көпчүлүктүн сүйгөн чыгармаларынан болуп калат. Эки акын кайсы жерге, кайсы элге барбасын, көпчүлүк куштарлык менен сурашып, ушул айтышты кайталатып ырдатышкан. Улам кайталап айтылгандыктан чыгарманын көркөмдүгү да жогору, идеясы терең. Мында оозеки эл чыгармачылыгынын салты улантылганын Эшмамбеттин тематикалык паралеллизмди көп колдонуп, риторикалык суроолорду кайталап бергенинен байкоого болот.

«Күлүктүн оозун керген бейм?
Күнадыр келип кармаган,
Күйүттүү күндө зарлаган
Күмүш жаак, күлүк тил
Күкүгүм Током келген бейм?»

Токтогул акындардын салты боюнча ырчыга кайтарган жоо-бунда өзүнүн абалын жана кошо айдалгандардын жайын ыр менен баяндап айтат.

«Айдалгандын ичинен:
Кутунай, Бакай, Качканак,
Качып чыккан баштараак.
Муратаалы, Мырзабек
Мурун качып келди эле.
Ошонун баары залимге
Кылмыш кылган эл беле?».

Эшмамбеттин суроолорунда, Токтогулдун ага кайтарган жооп-торунда эч кандай бурмалап айтуу, же чындыктан четтеп кетүү аракети жок. Ошол тарыхый чындык эки акын тарабынан мундуу ыр аркылуу көрсөтүлгөн.

Айтышта бийлөөчүлөргө өтө так мүнөздөмө берилген. Эшмамбет да, Токтогул да эзүүчүлөргө карата «залим» деген эпитетти колдонушканын көрөбүз. Токтогул жообунда залимдер ким экенин санап, бай-манаптарды, бий-болуштарды,

губернаторду, падышаны залим деп атады. «Губернатор залимдер/ күнөөсүз кармап айдаган.// .азапта шорум кайнаган» дейт акын.

Токтогул айдоодо азапты аябай тартат. Алыскы Сибирден кайтып келгенден кийинки көрүнүш: ал түрмөдө жүргөндө атасынын, бир тууганынын, уулу Топчубайдын кайтыш болушу, аялы Тотуяны манаптар зордук менен бирөөгө алып берип коюшу, энеси Бурманын ыйлап отуруп, көзүнүн көрбөй калышы Токтогулга катуу сокку болгон. Токтогул аябай кейийт, бирок эл-журтун көрүп кайратына келет.

Демек, элдин ичтеги кайгы-мунун, мүдөөсүн, ой-санаасын күчтүү ыр менен ачып бергендиги, тарыхый чындыкты өз учурунда туура чагылдыргандыгы үчүн Токтогул менен Эшмамбеттин айтышынын мааниси зор. Идеялык мазмунунун тереңдиги, көркөмдүгүнүн жогору тургандыгы менен бул чыгарма акындык поэзиянын тарыхынан көрүнүктүү орунду ээлеп турат.

«Гүлдөп ал» – акындын алгачкы ырларынын бири. Ага удаа Токтогул «Эмне кызык», «Алымкан», «Насылкан», «Сүйүмкан», «Күлүйпа, Күлжар ашык кыз» деген ырларын чыгарган эле. Акыркы үч ыр акындын махабат лирикасындагы мыкты үлгүлөр, алар жөнүндө кийинки сабактарда атайы сөз болот.

Токтогул – даанышман адам. Ошондуктан өмүрдүн бир келип, кайра берилбестигин, аны нускалуу жашап, кийин өкүттө калбагандай болуш керектигин ушул «Гүлдөп ал» деген ырында таспиеттейт. «Кайрылып келбейт өмүрүң, ойлогула, кайран жашты картайтып койбогула» деп өмүрдүн кызыктыгын белгилейт:

«Кайран өмүр барында,
Балалыктын чагында,
Гүлкайырдай гүлдөп ал,
Күлгүн жашың барында.
Карылык кууп жеткен соң,
Кайран өмүр өткөн соң,
Кара чым басып дененди,
Каласың жердин алдында».

Акындын **«Жаштарга»** деген ыры деле барып-келип ушул мааниде айтылат. Мында Токтогул нускоочу акын катары санат, насыят, терме, үлгү ырларынын формасын, ыкмасын пайдаланат. Акын жаштарга ар кандай акыл-насааттарын айтып келип:

«Жаш кезиңден кызмат кыл,
Баркынды билген элиңе.
Душманыңа алданып,
Элиңдин сырын сатпагын.
Бет алган жоодон качпастан,
Ишеничти актагын».

Албетте, жаштарга «андай жүрбөй мындай жүр, тигиндей бол, мындай бол» деген кеп-кеңештерди берип салыш – кимдин эле колунан келер иш, бирок ошондой айтаар нускалуу кепти ирээти менен ылгап, тизмектүү ыр саптарына кынап көркөмдөп, таасирдүү кылып айтып берүү – Токтогул сыяктуу даанышман инсандардын гана колунан келчү жумуш.

«Алымкан». Акындын алгачкы жылдардагы (жигит кезинде) жараткан ыры болгону менен «Алымкан» – көркөмдүк жактан өтө жогорку деңгээлде иштелген ыр. Анын ар бир сабы Токтогулдун жүрөгүнүн толтосунан таамп чыккандай туюлат. Балким, мунун өзгөчө себеби бардыр, ошону иликтеп көрөлү.

«Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери» аттуу фундаменталдуу эмгекте «Алымкан» ырынын жаралышы жөнүндө мындай маалымат айтылат: «Эгер

Токтогул «Күлүйпа, Күлжар ашык кыз» аттуу ырында алайлык Атамбек деген кишинин үч кызынын ысымдарын буруп ырдаса, Насылкан жөнүндө так маалымат жок, Ал эми Алымкан турмушта жашаган адам болгону белгилүү. Алымкан – Аксыда төрөлүп, ошол аймакта өскөн, тектүү жердин кызы. Ал элүүнчү жылдардын аягында дүйнөдөн кайткан». Алымкан жөнүндө аңыз сөздөр, «имиштер» абдан көп. Сүйүү ырларынын булагы чыныгы турмуштан алынгандай эле, «Алымкан» лирикасынын жаралышына да реалдуу окуя себепкер болгон. Токтогул менен Алымкан бир-бирин сүйүп, баш кошууга канчалык аракет кылышса да, адамды малга айырбаштаган эски салт алардын андай умтулушуна, тилектерине мүмкүндүк бербеди. «Кедей ырчыга кызымды бермек белем» деп, кыздын атасы калыңды арбын жеп, Алымканды башкага узатып жиберди. Ушундай адилетсиз окуя Токтогулдун сезимине бычактай тийди. «Алымкан» деген ырын чыгарып, аны «Жаш кыял» деген күүгө келтирип ырдады. Айрым маалыматка караганда, акындын ушул ыры күнү-түнү айтса да, түгөнчү эмес экен. Көлөмдүү ырдын үзүндүсү катары үч-төрт варианты сакталып бизге жетти.

«Алымкан» – улуу акын Токтогулдун эл арасына кеңири белгилүү чыгармаларынын бири. Ырдын кайсы вариантын албайлы, ички сезимди тереңден билдирген назик лиризм менен толкуган жаштык кыял адамды өзүнө тартпай койбойт. Акын сүйгөн кызы Алымканга жүрөгүндө жакшы көргөн нерселердин баарын таандык кылып, өтө жылуу сезим менен сүрөттөгөн:

«Атка салган дилдейсиң,
Ачылган кызыл гүлдөйсүң,
Бир күнү оору, бир күн соо…
Алымкан, азабың тартсам билбейсиң».

«Алымкандагы» укмуштай салыштыруулар образды ачууга, акындын поэтикалык оюн элестүү чагылдырууга багытталган. «Ачылган кызыл гүлдөйсүң» деген мүнөздөмө сүйкүмдүү кызды көзгө элестетет. Алымканды ачылган кызыл гүлгө салыштыруу аркылуу кызга карата жүрөгү менен чын берилген ынактыкты билдирип жатат. Бирок эки жаштын бир-бирин сүйүүсү канчалык алоолонгон чекке жетпесин, баары бир алардын тагдыры ал кездеги адилетсиздикке аргасыздан баш ийди.

«Букардын тоосу бурулуш,
Бурулуп учат улуу куш.
Бурулуп мага келе кет,
Алымкан, мундууга салбай кыйын иш.»

Жогорку ыр саптарынан Токтогулдун сүйгөнүнөн аргасыз ажырап, кайгыга батканы, муңдуу үнү менен Алымканга кайрылганы сезилип турат. Токтогул «Алымкан» аттуу лирикасында акыйкатсыздыкка, мал менен дүнүйөгө байланыштуу адамдын багын байлаган, тагдырын чечкен адилетсиз заманга карата нааразылыкты билдирген.

Сүйүү ырларында тоо-ташты, жер-сууну кыяптап айтуу жолу менен жигит өзүнүн сүйгөнү жөнүндө ички сезимин туюндурган эле. Токтогул Букардын тоосу жана башка баяндоолор аркылуу Алымканга карата берилгендикти, бирок бактысыз сүйүүгө кабылганын өтө элестүү сүрөттөгөн. Ырда кыздын назиктиги, сымбаты, сонун сапаты, жакшы мүнөзү элестүү сыпатталган. Өзүнүн жагымдуу мамилеси, сөзгө туруктуулугу менен Алымкан бийик идеал болуп көрүнөт. Токтогул кыздын сулуулугуна суктанбайт, анын ички дүйнөсүнүн тазалыгына, жалпы эле адамгерчилик сапатына ынтызар болот.

Токтогулдун ырларынын ички сезимди тереңден козгогон лирикалуулугу, мазмундуулугу анын музыкасы менен тыгыз байла-ныштуу. Акын ушул ырын: «Токтогул черткен «Жаш кыял» тындасаң боло, Алымкан. Аз күнчөлүк өмүрдө жыргасаң боло, Алымкан» деген мукамдуу кайрык менен бүтүрөт. «Жаш кыял» –

Токтогулдун тун сүйүүсүнүн жалындуу илебинен жаралып, анын ички дүйнөсүн, оюн комуздун мукам кайрыгы – музыканын уккулуктуу назик үнү менен күчтүү эмоцияда туюндурууга багытталган күү.

Токтогулдун сүйүү ырларында аялга болгон патриархалдык мамилени, адамдын укугун чектеген заң-мыйзамды, айрыкча аялдардын тагдырын байлаган, күндүктө кармаган эски үрп-адатты жектөө мотиви күчтүү. Анын сүйүү темасындагы ырлары демократтык ойлорду чагылдырып, аялдардын азаттыгы жөнүндөгү идеяны көтөргөндүгү менен баалуу».

Акын Омор Султанов минтип жазыптыр: «Дүйнөлүк поэтиканын казынасында эң сонун арзуу ырларынын үлгүлөрү бар. Ар бир эл аларды өмүр жолун өзөктөп ырдап өтүшөт. Бирок «Алымкандай» кыргыз баласы үчүн даана сыр билги, аялуу, жаш кылгырткан назик, ары терең салтка тунган арзуу ырын табуу кыйын».

«Дүнүйө». Акындын философиялык ой чабыты улам тереңдеп, адам өмүрүнүн, жашоо маңызынын маанисин чечмелөө жагындагы нукура даанышман түшүнүктөрү ушул «Дүнүйө» аттуу көлөмдүү ырынан көрүнө баштайт. Токтогул дүйнөнүн чексиздигин учкай эскерип өтүп («опосу жок дүйнөнүн, түбүнө ким жетерсиң»), улам оюн тереңдетип олтуруп, бу оопасыз дүйнөнүн жарык жагы менен караңгы тарабы жөнүндөгү чырмалышкан бүтүндөй бир түшүнүк-төрдүн түйүнүн түзүп, ал оюн ырааттуу өнүктүрүп жүрүп отурат. Билгичтик менен тизилген саптарда дүнүйө келеринде «толукшуп чыккан айга окшоп, асмандагы күнгө окшойт, өзөндөгү тал менен мөмөлүү дарак шакка окшойт», «Аргымак минип ойногон, алтымыш күнү тойлогон, байгеден чыккан атка окшойт», «ак үйгө салган айнекке, ала кар жаткан бийикке окшойт», «тоодон учкан улардай, бүрдөгөн, булутсуз тийген күнгө окшоп», «от жакпастан кайнаган, ташып чыккан булактай» сүрөттөлөт. Ал эми кетеринде дүнүйө, мунун тескерисинче, параллелдүү карама-каршылыкка өтөт, мында акын аны: «суу жүрбөгөн сай менен, эл келбеген жайга», «таманы түшкөн чарык менен уясын бузган булбулга», «туурдан учкан бүркүт менен керүүдөн калган түлкүгө», «мөмөсү түшкөн шак менен, капкагы сынган комузга», «көк шумкар алган куш менен куйругун жанчкан жыланга», «жыртылган тери чокой менен туткасы сынган чайнекке», «мергенден качкан кийик менен шамалдан качкан туманга», «соолгон кудук суу менен күн-түнү бүтпөс чууга» салыштырып, «дүнүйө чиркин ушундай, колуңдан качкан кушуңдай», – деп бүтүм жасайт. Токтогул мында төкмөлүк өнөрдүн зор күчү менен өзүнүн турмушка, дүйнөгө, адам жашоосуна болгон мамилесин, айланада жүз берип жаткан табият кубулуштарына философиялык мамилесин, табият диалектикасын өз алдынча түшүнгөнүн билдирет.

Дүнүйө – акындын түшүнүгүндө адамдын өмүрү, инсан жашоосунун көркөм ассоциациясы. Адам жашоого келгенде (туулганда) «толукшуп чыккан айга» окшойт, ал эми өмүрү өтүп, күнү түгөнөөрдө (өлүм алдында) «суу жүрбөгөн сайга» окшойт. Жашоо – бул жарык менен караңгынын, ак менен каранын, бийик менен жапыздын, жаратуу менен кыйроонун, өлүм менен өмүрдүн, сулуулук менен ырайсыздын, адилет менен жалгандын түбөлүк элдешпес күрөшү.

Тиричилик жаралганда кошо пайда болгон мындай күрөштү акын ырчылык, болгондо да кыраакылык, даанышман ырчылык таланттын күчү менен ар кандай көрүнүштөргө салыштырып, ашкере элестүү, ары кооз-көркөмдүү, уккулуктуу берип жатат.

«Келеринде дүнүйө,
Жоо качырган эрдейсиң.
Кетеринде дүнүйө,
Кейиген менен келбейсиң».

Же болбосо:
«Келериңде дүнүйө,
Ташып чыккан булаксың,
Кетеринде дүнүйө,
Желсиз өчкөн чыраксың».

Бирок, канчалык кубаныч көздү жайнатып, шагында булбул сайратып кооз көрүмдүү көрүнгөнү менен бул «жалган» убактылуу, чектелүү гана өмүр экен дейт Токтогул, «бул дүнүйө бекерсиң, бир күнү өтүп кетерсиң» деген саптар менен чекит коөт. Демек, өлүм көздү байлай электе адамда кайрат-күч барында жашоонун кубанычын көрүп, адамдык милдет-парсты аткарып, өрнөктүү өмүр сүрүш керек. Акындын «Дүнүйө» аттуу философиялык, ары жогорку көркөмдүүлүк-төгү бул көлөмдүү чыгармасынын маңызы мына ушунда.

«Өмүр». Токтогул даанышман акын катары бир катар филосо-фиялык ырларды жаратты. Дегеле эл акындары чыгармачылыгында өмүр темасына көп кайрылып, толуп жаткан чыгармаларды жаратышканы белгилүү. Кыргыздын Токтогул башында турган Тоголок Молдо, Барпы, Коргол сыяктуу акындары өмүр темасына бир топ ырды арнаганын, ушундай мазмундагы чыгармаларында тиги же бул кубулуштарга өз көз караштарын түрдүүчө чагылдырганын билебиз. Токтогулдун «Балалык», «Күлгүн жаш өтүп эскирет», «Өмүр», «Карылык» деген жана башка өмүр темасына арнаган толуп жаткан ырлары бар. Булардын ичинен өмүргө, жаратылыштагы өзгөрүү кубулуштарына ой жүгүртүү жана көркөмдүгү жагынан «Өмүр» аттуу чыгармасы өзүнчө өзгөчөлүккө ээ. Бул – акындын өмүрүнүн акыркы күндөрүндө жараткан чыгармасы. Акын: «Кайран өмүр жыйырма беш жашка барар болсочу» – деп, өмүрүнүн өткөнүнө кейийт. Акындын турмушка баа берүүдө философиялык оюнун тереңдиги, элге карата гумандуулугу төмөнкү ыр саптарынан ачык көрүнөт:

Өзөнгө элим толсочу.
Өмүр өтпөс болсочу.
Жашка ажал келбес болсочу,
Жакшы адам өлбөс болсочу.

Токтогул бул ырында терең ой жүгүртүп, адамзат жөнүндө ичтеги жакшы тилегин билдирип жатат. Анын ою боюнча адамзат бу дүйнөгө жаралып келгенден кийин жарыкчылыкта узак жашаса дейт. Адамдар жөнүндөгү асыл тилегин угуучуларга терең жеткириш үчүн акын «болсочу, толсочу» деген шарттуу этишти колдонот. Мунун өзү жаратылыш мыйзамын өзгөртүүгө мүмкүн эместигин эске алуу менен айтылган. Ошон үчүн жогорудагы ыры анын тилегин билдирген маанини түшүндүрүп турат.

Чыгармачылык өнөр таалим, тарбия жана таасир аркылуу өсүп-өнүгөрү белгилүү. Токтогул – элдик поэзиянын өкүлү. Анын поэзиясы – турушу менен элдик поэзия. Ал өзүнүн чыгармачылыгын өнүктүрүүдө элдин бай мурасына кайрылып, андан үйрөнгөн. Анын ырлары кыргыздын оозеки чыгармачылыгынын айрым түрлөрү менен окшош, кандайдыр экөөнүн ортосунда байланыш бар экенин байкайбыз. Мисалы, элде айтылган «арыбас ат, карыбас эр болбойт» деген сөздү Токтогул ырына пайдаланып, аны көркөм иштеп, ырга айландырган:

Ат арыбас болсочу,
Жаш карыбас болсочу,
Жаратканы чын болсо,
Жай-жайына койсочу.

Ырды жеткире иштелген, философиялык ой менен ширетилген ыр десек болот. Токтогул адамдардын жүрөгүнүн тереңинде жаткан, көкүрөгүн өйүгөн ойлорду таап айткан. Токтогулдагы жакшы сапат – кайсы кубулушту же турмуштук көрүнүштү

сүрөттөбөсүн, аны угуучуларга элестүү жеткире бергендиги. «Өмүрдү» окуганда акындын анык зергердиги, көркөм сөз өнөрүнүн чебери экендиги даана көрүнөт. Ырдын ар бир сабында терең камтылган ой бар. Токтогулдун бүткүл ой-санаасы адамдардын тилеги менен айкалышкан. Ал кызылдын оңбошун, гүлдөрдүн солубашын, адам турмушунда кырсык болбошун тилейт. Бирок жаратылышта дайыма өзгөрүү болуп турары, түбөлүккө жашаган эч нерсе жок экени Токтогулду ойго салбай койбойт. Акын ырын төмөнкүдөй философиялык ой менен корутундулайт:

«Аргымак болсоң ноөрсуң,
Ак болот болсоң жоөрсуң.
Алтындай өмүр өткөн соң,
Артыңа келбей коөрсуң».

«Беш каман» деген ырындагы «өлгөн соң кайра табылбайм» деп айткан оюн Токтогул ушул чыгармасында бекемдейт. Чындыгында өткөн мезгил, өткөн өмүр – кайра ордуна келбей турган кубулуш. Аны кыраакылык менен баамдаган акын өз оюн ушул ырында дагы тереңдетип берген.

«Карылык». Токтогулдун чыгармачылыгынын акыркы мезгилинде, же болбосо өмүрүнүн соңку күндөрүндө жараткан терең мазмундуу ырларынын мыкты үлгүлөрү катары «Карылык» менен «Өлүм алдындагы ырын» айтсак болот.

Бу дүйнөгө түркүк болгон эч бир пенде жок деп айтылат. Адам өмүрү канчалык таттуу, канчалык кымбат болбосун, ал чектелүү, анын ченеми бар. Жаратылыштын мыйзамы ушул – бардык нерсе түгөнөт, картаят. Философиялык мындай ой акындын «Карылык» деген ырынын негизги пафосун түзгөн.

Картайып кеттим, Токтогул,
Кара чачым ак болуп,
Кайран жашты жоктодум.
Канаттуу куштай балалык,
Кайрылып келбейт окшодуң.

деп акын жаштыгы менен кош айтышып, карылыкка моюн сунганын билдирет. Бул жөн эле карлыкка моюн сунуу эмес, бул – табият мыйзамын жетик түшүнүү дегендик. Бирок карылык келди деп акын кейибейт.

Ырда адамдын бүт өмүрү сүрөттөлүп жаткандай сезилет. Карылык келгенде адамдын «көзүнүн курчу кетип, оозунан тиши гана түшпөй», анын жаштыкта көргөн дөөлөтүнүн баары жоголгону жөнүндө айтылат. Эми андай дөөлөттүн кайра келбеси «күндө үч убак май берип, сыйласаң келбейт жашчылык», «күнүгө арман күү чертип, ыйласаң келбейт жашчылык» деп карылыкка карама-каршы коюлат. Буга удаа:

Күндө мээнет тарткызып,
Кыйнасаң кетпейт карылык.
Боюңа туташ чапталган,
Туйласаң кетпейт карылык.

Адам эркине баш ийбеген табияттын мындай мыйзамы баары бир өзүнүкүн алат, буга кейиген жарабас, акын мында тек гана «буралган жаштыгын жоктоп» отурат:

Айтып чертчи, Токтогул,
Алтындай жашты жоктогун.
Асыл өмүр, гүлдөй жаш
Айланып келбес окшодуң.

Буруп чертчи, Токтогул,
Булбул жан, бурулуп
келбейт окшодуң.

Буурул болсом мейличи,
Буралган жашты жоктодум.

Акындын бул ыры адам өмүрүнө байланышкан «Дүнүйө» аттуу философиялык маанидеги ыры менен үндөшүп турат.

«Токтогулдун өлүм алдында ырдаганы» демейки төкмөлүк негизде чыгарылганы ачык көрүнүп турат. Мында элдик оозеки чыгармачылыктын салттары пайдаланылгандыгы жашыруун эмес. Нускалуу ушул эки жөндөмдүн ширелишинен акындын санат-насыят үлгүсүндөгү терең ою берилген:

Боз булбул Токоң көзү өтсө,
Бурулуп келип ким көрөт
Боз турпак баскан мүрзөсүн?
Араңдан кетсем мейличи,
Аркамда элим гүлдөсүн!

Ырас, бир адам бул өмүрдөн өткөнү менен дүйнө бүтпөйт, жашоо улана берет. Акын өзү айткандай «аркасында калган эли гүлдөп, өссүн». Акындын бул нускалуу сөздөрү анын зоболосун дагы көтөрүп, мурасын үйрөнүүдө ар бир адамга шык байлайт, акындын адам катары даанышмандыгы ушунда.

Адабияттар:

1. Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. – Ф.: Илим, 1988. – 66–68-б.

2. Китепте: Токтогул. Чыгармаларынын эки томдук жыйнагы. 1 том. – Ф.: Адабият, 1989. – 8-б.

ТОКТОГУЛДУН ФИЛОСОФИЯЛЫК ЫРЛАРЫ

Үкүева Бүшарипа
п.и.д., ОшМУнун профессору

Токтогул эки доорду башынан откоргон улуу демократ акын болуп эсептелгендиктен анын чыгармачылыгын 1877-1898,1899-1904,1905-1917,1818-19333-жылдар деп төрт мезгилге бөлүнүп каралып жүрөт.

Анын чыгармачылыгынын гүлдөп турган мезгилине биринчи бөлүштүрүү таандык. Анткени акындын алгачкы мезгилине Сибирге айдалганга чейинки атактуу «Алымкан» жана «Беш каман» ырлары киргендиги бизге малым. Анткени бул ырлар XIX кылымдын аягы жана XX кылымдын баш чениндеги ойчул акындардын ичинен Токтогул өзүнүн орошон таланты менен айырмаланып тургандыгын бардык кыргыз журтчулугуна маалымдайт. Анткени адамды курчап турган дүйнө бул көрүнүштөрдүн эн зор жана көп түрдүү картинасы болуп саналат. Эн жөнөкөй байкоолор көрсөткөндөй бул көрүнүштөр өз ара белгилүү аздыр көптүр туруктуу байланыштарда болуп, дүйнөдө белгилүү туруктуулук, удаалаштык байкалат. Маселен түндүн артынан күн, жаздын артынан жай келип, роза гүлүн отургузсан андан роза өсүп чыгат бирок андан ромашка өспөйт. Ошондуктан дүйнөнү философиялык жол менен таанып билүүнүн өнүгүү процессиндеги көрүнүштөрүнүн жалпы байланышын билдирген себептүүлүк, өз ара аракетенүү, зарылдык, закон, кокустук, маныз жана көрүнүш, мүмкүндүк жана чындык, форма жана мазмун сыяктуу категориялар бар. Ушул аспериден алып караганда Токтогулдун чыгармачылыгынын 4 мезгилин камтыган лирикаларынын

баардыгында дээрлик философиялык ойлор камтылгандыгын көрөбүз.Себеби кандайдыр бир ырдын жаралышына себеп болгон сынары акындын «Алымкан» ырынын чыгышына эки жаштын ортосундагы ысык сүйүү себепкер болгон. Көп булактардан билгендей Алымкан кадимки акын менен замандаш жашаган Аксыда төрөлүп өскөн, тектүү жердин кызы. Эки жаштын сүйүүсүнүн аягы сүйүнүчтүү болбой. “Кедей ырчыга кызымды бермек белем” деп, кыздын атасы кызын маалдуу бай адамга көп калын алып берип жиберет.Эки жашка жасалган мындай адилетсиз чындык акындын сезимин куйкалап, “Алымкан” ырынын чыгышына себепкер болот. Философияда белгиленгендей себеп менен натыйжанын ортосунда убакыт жагынан белгилүү бир ыратуулук бар. Анткени кандай окуя же көрүнүш болбосун анын чыгышына кандайдыр бир нерсе себеп болот да, андан кийин ошол окуянын ишке ашышы үчүн аракет кандайдыр убакытта башталган сыяктуу Токтогулдун “Алымкан” ырын чыгарып, аны “Жаш кыял” деген күүгө салып чертүүсүнө себеп өбөлгө- натыйжа болгон. Ырдын варианттарынын көп түрдүүлүгүнө карабастан баардыгында акындын ички жан дүйнөсүндөгү сүйгөн кызына болгон аруу сезимдери сүрөттөлгөн:

Атка салган дилдейсин
Ачылган кызыл гүлдөйсүң
Бир күн оору бир күн соо
Алымкан азабың тартсам билбейсиң
Бетегелүү мйданым
Пейили жакшы жайдарым.
Көлөкөлүү майданым.

Көөнү жакшы жайдарым.-деп,Алымкандын мүнөзүн ачуу үчүн укмуштуудай салыштырууларды колдонуп, өз оюн элестүү бере алууга жетишкендигин көрөбүз. Мисалы акындын “Бетегелүү майданым”,Пейили жакшы жайдарым” деген саптарынын өзүндө эле бетеге-чөптөн эң баалуусу, эң назиги-майини ошондой чөптүн майданда-кеңдикте өсүүсүн Алымкандын ички касиети менен салыштыруу аркылуу Алымкандын мүнөзүнүн назиктигин, ошол эле мезгилде кеңдигин, сүйгөнүнө карата жагымдуу жан эриткен маанайын, жан дүйнөсү менен берилген мээримдүү чыныгы, адилет сүйүүсүн билдиргендигин байкайбыз. Бирок акын сүйгөнүн эң сонун нерселерге салыштырып, канчалык тунук сүйүүсүн арнабасын турмуш чындыгы эки жаштын сүйүүсүнүн түбөлүктүү болушуна адилетсиз чечимин чыгарып, кандуу мөөрүн баскандыгына аргасыз экендигин:

Букардын тоосу бурулуш,
Бурулуп учат улуу куш.
Бурулуп мага келе кет,
Алымкан муңдууга салбай кыйын иш!.
Кашкардын тоосу кайрылыш,
Кайрылып учат улуу куш.
Кайрылып мага келе кет.

Алымкан, карыпка салбай кыйын иш.(3:19)-деп акын кайрылып, адам чыдагыс ички сезимдеринин кыйкырыгы менен Алымканга муңканып кайгырганы көрүнүп турат. Бул жерде акындын Алымканды муңдуу ыр, күүгө салышына себеп, аракетти пайда кылгандай, ар качан кээ бир шарттардын болушу талап кылынат. Ал эми шарттар бул белгилүү бир окуяннын башталышы үчүн зарыл болгон көрүнүштөр , бирок ошондой болсо да алар өзүнөн өзү аны пайда кыла албагандыгын “Алымкан” ырынын жаралуу шартынан көрдүк.

Философиянын чындык категориясы улуу акындын өзү жашаган коомдун карама-каршылыктарын, адилетсиздигин кашкайта ырга кошуп, чындыгын адилет айта билген

ойчул акындыгынан да көрүнөт. Анткени, өзү жашап жаткан коомду таанып билүү-объективдүү дүйнөнүн чагылып көрүнүшү башкача айтканда акыйкат . ал эми акыйкат проблемасы таанып-билүүнүн теориялык борбордук маселеси болуп санала тургандыгы белгилүү. Бул жагдайдант алып караганда акын өзү жашап жаткан коомдо кыргыз эли кыйынчылык күнгө туш болуп, катуу эзүүнүн чордонунда калганынөз көзү менен көргөндүгү. Жан дүйнөсүндө акыйкаттык чындык калыптанган акын ал кыйынчылыктарды өз ырларында чагылдырып берүүгө аракеттенгендиги.

Нарботонун бийлигиндеги өз элинин оор турмушу акын жүрөгүн эзип, туз куйгандай ачыштырды. Ал өлгөндөн кийин аны Рыскулбек бийлесе, андан кийин Дыйканбай баш болгон беш уулунун бийлиги элдин сөөгүнө жетип, чучугун какшаткандыгын Беш каман“ ыры аркылуу акындын ою ачык акыйкатка чыкты. Мындай эзүүгө чыдабаган элдин улам нааразылыгын беш каман улам басып, эркиндикке чыгуунун жолун билбеген элди бийлиги менен баш көтөртбөй турууга жетишкендигин, эл урууга, жети атага бөлүнүп, ортодо ынтымак ыдырагандыгын акын:

Жетим жесир алсызга,
Карабадың беш каман,
Жетилсин деп жардыны,
Санабадың беш каман.
Жеп ичкенден башканы,
Каалабадың беш каман.
Он асыйга бир жыктың,
Орозаалы карыны.(Орозаалы- Токтогулдун айылындагы дыйкан киши. “Менин жигитиме кол кайырдың”- деп, Дыйканбай ал кишиге он айып салган).
Бүтүн элдин акысы-
Өмүрүндүн жарымы.
Көралбайсын жардынын,
Жакшы ат таап мингенин,
Акмат, Дыйкан, Атакан,
Көркоолугун бул сенин
Талап кылып тентиттиң,
Боромбайдын Сарысын-(Токтогул менен бирге айдалган Сары уста).
Күндө жейсин айыптап,
Күлдү, журтту баарысын,
Жыгып алдың Атакан,
Тоялынын чалышын(Тоялы деген кишинин жакшы атын Керимбай тарттырып алган).
Токтотту далай бечара,
Той менен ашка барышын.
Жетим менен жесирдин,
Тыңдабадың арызын,
Тырмагың уу бүркүттөй,
Тукумуң кантип жарысын?

Өчөшсөң Миңбай, Атакан,
Мени да жыгып аларсың,
Токтогул деп кекетсең,
Тогуз айып саларсың.
Адатыңды карматсаң,
Үй оокатын талаарсың.

Канкорлугуң кармаса,
Өлтүрүп каным жалаарсың.

Уу тырмактуу беш канкор,
Өлтүрсөң да жалынбайм,
Эки келбейм жаралып,
Өлгөн соң кайра табылбайм.(3: 37-38) деп, Токтогул беш камандардын образдарын элестүү ачуу үчүн аларга карата “Алдамчы”, “ Жалганчы”, “Канкор”, “Көркоо” сыяктуу куйкум салыштырууларды колдонгон. Бул ырдын жыйынтыгында көрүнүп тургандай, Токтогул акыйкат чындык үчүн, жанын да аябаган патриот акын экендиги көрүнүп турат.

Анткени, объективдүү акыйкат, объективдүү дүйнөнү, анын закон ченемдүүлүктөрүн жана касиеттерин туура чагылдырып көрсөтөт. Адам акыйкатка бийлик кыла албайт. Ал өзүн курчап турган дүйнөнү, өз турмуш шарттарын өзгөртө алат. Бирок ал өз эрки менен акыйкатты өзгөртө албайт. Анткени акыйкат- объективдүү жашап турган нерсени чагылтып көрсөткөн сыңары Токтогул да, көз алдында болуп жаткан акыйкат оор жашоону өзгөртө албай, анын жолун билбей ырга салуу менен чындыкты даңазалаган улуу ойчул акындын ырлары кайсы мезгилде жаралбасын, эзүүчүлөргө каршы уусу күч , өткүр, курч, жебелик күчүнөн тайбаган. Анын натыйжасы акынды бай-манаптар тарабынан адилетсиз кармалып, өлүм жазасына буюртуп, ал кийин которулуп, сүргүнгө Сибирге айдалышына себеп болгон. Бирок бул жаза залкар акын үчүн чыгармачылык жана турмуштук такшалуунун майнаптуу натыйжасын берип, кайра анын ырларынын идеялык- көркөмдүк жактан курчуп бийиктешине шарт түзгөн. Ага акындын сүргүндөн келгенден кийинки ырлары да мисал боло алат.

Адабияттар :

1. Ж. Жаныбеков Кыргыз философиясы (10-21кылым). Окуу куралы. –Ош. 2006.
2. Ж. Таштемиров Токтогулдун акындык чеберчилиги. –Ф.:Илим.1976.
3. Токтогул . Чыгармалардын эки томдук жыйнагы. 1-том. Ырлар .-Ф.: Адабият 1989. 19-бет, 37-38- бет.

ТОКТОГУЛДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ ДҮЙНӨНҮН ТИЛДИК КАРТИНАСЫ

Абдразакова Гүлмира
ф.и.к., Ж.Баласагын атындагы КУУнун доцентинин м.а.

Белгилүү болгондой, коом дайыма өзгөрүп, өнүгүп жана тынымсыз кыймылда болуп турат. Ар түрдүү тарыхый мезгилдерде жашап, ар түрдүү маданиятка ээ болгон элдер өздөрүнүн жашоо шарттарына ылайык дүйнөнү жеке таасирлерине жана билимдерине таянуу аркылуу өз алдынча аңдап, өздөштүрүү менен дүйнө картинасын түзүшөт.

Адамзат жараткан ар би рцивилизация, социалдык система дүйнөнү өз алдынча өздөштүрүүчү өзгөчө ыкма менен сүрөттөлөт.

Өткөн коомдун маданиятынын негизги түшүнүктөрү, концепттери адамдардын тажрыйбалуу иш аракеттеринде, б.а., үрп-адат, каада-салттардын контекстинде калыптанат. Ал эми социалдык экономикалык өнүгүүнүн белгилүү баскычы, коомдук

мамилелер, адамдардын курчап турган чөйрөдөн бөлүнүшү дүйнөнү аңдап өздөштүрүү ыкмасы менен дал келет. Башкача айтканда, алар коомдук практиканы чагылдырышат жана ага таасир тийгизип дүйнө картинасынын түрлөрүн түзүүгө ыңгайлашып турат. Дүйнө картинасы адамдардын материалдуу дүйнө менен рухий дүйнөсү узакка созулган тарыхый мезгилдин ичинде өздөштүрүүсүнүн натыйжасында келип чыккан көз караш. Белгилүү адабият сынчысы Г.Д.Гачев ушуга байланыштуу мындай деп жазат: «Жалпы элдин баары ачык асмандын, күн менен айдын астында жашап, ар кайсы жерде көчүп конуп, отурукташып тарыхы менен тиричилиги ар түрдүүчө болгон, бүтүндөй бир дүйнөлүк тарыхый процессте биригишкен, б.а. алар ар түрдүү катмарлардан пайда болушкан. А мунун баалуулугу жалпы эл үчүн кандай гана байланышта болбосун туура келип тургандыгында. Ушул өзгөчө түзүлүштөр жалпы эле бардык эл үчүн дүйнөнүн улуттук моделин, улуттук образынын элементтерин түзүшөт» [1, 78].

Адамдар табият чөйрөсүндө жашоо менен өздөрүнүн тарыхын жаратышат. Токой тоолор, мөңгү чөлдөр, ыңгайлуу климат, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсү жашоо образын, эмгектенүүнүн түрлөрүн жана дүйнө картинасын алдын ала аныктайт. Буга Манас эпосунда чагылдырылган дүйнө картинасы ачык күбө. Эпостогу дүйнө катинасын концептуалдуу реконструкциялоо эң алды, ушундай көз карашты түзгөн элементтердин көп түрдүүлүгүн, ал тургай «Манастагы» дүйнө картинасы деп мезгил менен мейкиндик, тагдыр, өмүр, адам жана табият тууралуу кенен түшүнүктөрдүн мазмун жана бүтүндүгүн, ажырагыс биримдигин көрсөтөт.

Дүйнө картинасы – объективдүү чындык, жашоо жөнүндөгү ой-бүтүмдөрдүн жалпы системасы. Эгерде дүйнө адам жана чөйрө, чындык, алардын бири-бири менен болгон карым-катнашы болсо, дүйнөнүн картинасы адам жана чөйрө жөнүндөгү маалыматтарды иштеп чыгуунун жыйынтыгы болуп эсептелет. Дүйнөнүн картинасы бул анын күзгүдөй чагылдырылышы эмес, бир-биринен айырмаланган субъектилер аркылуу ишке ашкан дүйнө жөнүндөгү бир канча түшүндүрүүлөр. М.Хайдаггер мындай деп адилет белгилейт: «Картина» деген сөздү баарынан мурда кандайдыр бир нерсенин чагылдырылышы деп ойлойбуз, ал эми дүйнөнүн картинасы деген негизги түшүнүк дүйнөнү чагылдырган сүрөт эмес, анын өзүн бүтүндөй картина катары кабылдай турган түшүнүк» [2,192].

«Дүйнөнү таануу», «дүйнөнү кабылдоо», «дүйнөнү түзүү», «дүйнөнү түшүнүү» терминдери аң-сезимдештирүү менен тыгыз байланышкан. Тагыраак айтканда, адамдын объективдүү көрүнүштөрдү, чындыкты кабылдоосу, элестөөлөрү жана эмоциялары анын аң-сезиминде «дүйнө картинасы» түшүнүгүн жаратат. Адамдын а-сезими аркылуу ишке ашкан бул кенен түшүнүк модель, курчап турган дүйнө жөнүндөгү адамдардын тажрыйбасынан улам жыйналган жалпы билимдердин, мазмундуу түшүнүктөрдүн жыйындысы болуп саналат.

Объективдүү дүйнөнү чагылдырууда адам таанып-билүүнүн жыйынтыктарын тилдик каражаттар аркылуу берет. Тилдик форма аркылуу берилген мындай билимдердин жыйындысы дүйнөнүн тилдик картинасын билдирет. Дүйнөнүн тилдик картинасы деп адамдын дүйнө жөнүндөгү элестөөлөрүн түшүнүүгө болот. Дүйнөнүн тилдик картинасынын структуралык бөлүгүндөгү негизги орунду жалпы маданияттын негизги концепттери ээлейт.

Бизди курчап турган дүйнөдөгү таанып билүү мүмкүнчүлүгү адамдын тилге таянуу жөндөмдүүлүгү аркылуу ишке ашат. Биз башкаларга өз тажрыйбабызды өткөрөөрдүн, өзүбүздүн баабызды жана ынануубузду билдирердин алдында нерселердин, көрүнүштөрдүн маңызын жана алардын өз ара мамилелерин биздин аң-сезимибиздеги фактыларга айландыруу менен тилдин катышуусунда дүйнөнү

бөлүктөргө бөлөбүз жана сегменттештиребиз.

Адамдын сырткы дүйнөнү таанып билүү процесси практикалык ишмердүүлүккө негизделген нерселер менен кубулуштардын концептуалдык схемаларын жана категорияларын өз ичине камтыйт. Адам болмушта багыт алуу үчүн нерселерди жана кубулуштарды өзүнө ылайыкташтыруу үчүн, ириде, аларды өзгөчөлүктөрүнө жараша классификациядан өткөрөт, бирдиктүү дүйнөнү бөлүктөргө ажыратат. Тилдин ролу нерселерди, көрүнүштөрдү бөлүктөргө бөлүштүрүү менен гана чектелбейт. Ошондой эле тилдин түздөн-түз катышуусу менен сырткы нерселердин, кубулуштардын түпкү маанилерине жараша бирдиктүү топторго топтоо классификациясы да ишке ашат.

Адам нерсени атоо менен аны ойдун предметине айландырат. Нерселер өзүлөрүнүн аталышы аркылуу теоретикалаштырылган чөйрөгө айланат жана сырткы гана көрүнүш катары кабылдоодон калат. Ал ойдогу көп түрдүүлүктүн бүтүндүгү катары жашоо менен акыл эмгегинин айрым структурасын жаратат. Нерселерди атоо менен, айрым мааниде алганда анын кыймылын токтотобуз, ага таянуу аркылуу аны кыймылсыз абалга дуушар кылабыз. Нерсени атоо ички бирдиктүүлүккө ээ болгон башка нерселерге аны окшоштуруп табууга алып келет. Бирок, нерсенин аталышы, эң оболу, анын өзү менен өзү төп келерин туюндурат.

Ошентип дүйнөнүн тилдик картинасынын жаралышы универсалдуу көрүнүш жана адамдын аң-сезиминдеги ишке ашкан көптөгөн процесстердин жыйынтыгы. Башкача айтканда «дүйнөнүн тилдик картинасы – бул белгилүү бир элдин дүйнөнү чагылдыруусу менен байланышкан тилдик каражаттардын системасы, белгилүү доордогу, белгилүү бир элдин чындык жөнүндөгү таанып билүүлөрүнүн, алардын тилдик бирдиктер аркылуу берилишинин жыйындысы. Тилдик каражаттардын аткарган кызматы, бардыгынан мурда, чындык жөнүндө маалыматты этникалык көзкараштар менен байланыштырат. Ошондуктан чындык бардык эле адамдарга бирдей таасир этет. Ал эми аны кабылдоо, өздөштүрүү ар бир элдин өзгөчөлүгү, жашоо шарты, жөндөмдүүлүгү менен шартташкан. Коомдогу ар бир тил дүйнөнүөзүнүнөзгөчөлүктөрүнө жараша бөлүштүрөт. Белгилүү бир тилдин өзүнө тиешелүүөзгөчөлүктөрү бар. Башкача айтканда, белгилүү бир тилдин негизинде дүйнөнүн картинасы же модели жатат жана баяндоочу айтымдын мазмунун ушул моделге ылайык уюштурууга милдеттүү. Ошондой эле белгилүү бир элдин өзүнө мүнөздүү болгон дүйнөнүн модели жалпы, универсалдуу мүнөздөргө да баш иет» [3, 62-63].

Дүйнөнүн кыргыз тилдик картинасы дүйнө жана адам тууралуу позитивдүү билимдердин негизинде жаралган жана адамдарды рухий караңгылыктан чыгаруу процесси менен өтө тыгыз байланышта өнүгүп, коомдун алга жылуусу үчүн зор маниге ээ болгон. Элибиздин дүйнөгө байланыштуу түшүнүктөрү, моделдери, элестөөлөрү негизинен мифтерде, диний ишенимдеринде, акындар поэзиясында, айрыкча элдик оозеки чыгармачылыкта ачык туюнтулат. Кыргыз эли элдик эпосторго, дастандарга, ырларга, жомокторго, макал-ылакаптарга ж.б. өтө бай, алардын көпчүлүгү дүйнөгө байланыштуу ойлор менен терең сугарылган.

Деген менен кыргыз элинин дүйнөгө байланыштуу тилдик картинасы акындар поэзиясында жеткиликтүү берилген. Алардын ырларында, дастандарында айлана-чөйрөгө, ааламга, жаратылышка, коомго, адамга байланыштуу ойлор арбын кездешет. Булар болсо ар кыл түшүнүктөрдөн, концепттерден туруп, акындардын чыгармаларындагы дүйнөнүн тилдик картинасын билдирет. Мында Токтогулдун «дүйнө» концептин чагылдырган ырларынын орду чоң.

Албетте, акындар поэзиясында, мунун ичинен Токтогулдун чыгармаларында дүйнөгө болгон көз караш абстрактуу-теориялык жалпылоонун жардамы аркылуу эмес,

көркөм образдарда, конкреттүү формада туюнтулат. Н.А.Добролюбов сүрөткердин дүйнөгө болгон көз карашы жөнүндө мындай деп белгилеген: «Эгерде мына ушул дүйнө туюмду белгилүү бир логикалык ыраатка жана аны белгилүү бир формулага салууга аракет жасасак, анда ал кургак аракет болмок. …Сүрөтчүнүн талантын мүнөздөө үчүн негизги ачкыч болгон анын дүйнөгө карата жеке көз карашын ал жараткан жандуу образдардан издөө керек» [4, 220].

Токтогулдун дүйнө таануучулук көз карашында мүнөздүүөзгөчөлүк болуп (ал айрым учурда бир беткейлүүлүк, метафизикалык көз караштардын туткунунан чыгып кете албаса да) объективдүү чындыкты терең түшүнүү, реалдуу кабылдоо эсептелет. Мында «дүйнө» концептин кароо өзгөчө орунду ээлейт. Бул концепт «жаратылыш», «өмүр» ж.б. деген концепттер мененмазмундаш болуп, мына ушул тыгыз байланыш бирин-бири толуктоо аркылуу акындын дүйнө картинасын жаратуу процессинде өзүнүн мазмуну боюнча өтө зор маниге ээ болгон.

Токтогулдун «дүйнө» концептин кандай чечмелегенин келтирүү менен, алүчүн булл логикалык жактан аныкталып, формулировкаланбаган бүтүм эмес, өзүнө бүтүндөй эле чындыкты камтыган, эч кимди шектендирип, тактоону жаратпаган кенен түшүнүк экендигин баса белгилейбиз. Акын өз чыгармаларында көп учурда «дүйнө» деген концептти колдонгон жана бул өзүнүн мааниси боюнча «объективдүү реалдуулук», «объективдүү көрүнүш» деген түшүнүктөр менен дал келген. Ал үчүн «дүйнө» - бул аалам, табият, предмет, нерселер. Дүйнөөзүнө гана мүнөздүү мыйзам ченемдүүлүктөр менен жашайт жана өнүгүүгө ээ болот. Мына ушундай чыныгы дүйнөнү кабылдоо анын «Дүнүйө», «Аккан суу», Насыят», «Санат», «үлгү ырлар», «Нускалуу ырлар» сыяктуу терең манилүү чыгармаларында ачык берилген. Аларда дүйнө картинасы объективдүү түрдө элестетилип, чыныгы дүйнө ар кандай иллюзиялуу «кошумчалоолорсуз» өзү кандай болсо, так ошондой кабылданат. Нерселер дүйнөсү адегенде пайда болгон реалдуулук катары берилет. Бардык болмуштуналгачкы башталмасы катары «аккан суу» эсептелет жана бул «жашоо тартуулаган күч» катары бүтүндөй жан-жаныбарларга таркайт:

Жадыратып жайыкка
Чөп жараткан аккан суу.
Жашыл майдан салкынга
Көк жараткан аккан суу [5, 50].

Акын дүйнөнү «өзүнүн реалдуу карама-каршылыктары жана көп түрдүүлүктөрү менен, кандай болсо дал ошондой кабылдаган» [6,18]. Анын пикирине ылайык дүйнөдө абсолюттуу тынч абалда болгон, өзгөрүлбөс, туруктуу эч нерсе жок. Дүйнө чексиз жана өз ичине көп кырдуу, көпсырдуу көрүнүштөрдү, кубулуштарды камтыйт:

Опосу жок дүйнөнүн
Түбүнө ким жетерсиң? [5, 43].

Токтогулдун ырларында берилген «дүйнө» оң коннотациялык боөкко да ээ. Муну анын дүйнөнү жарыкдүйнө катары кароосу толук күбөлөйт. Акындын көз карашында дүйнөбулжашоо, жыргалчылык, бейкутчулук, жарыкчылык:

Келээриңде дүнүйө
Асмандагы күндөйсүң
Кетериңде дүнүйө
Кайгылуу көңүл кирдейсиң.

Келээриңде дүнүйө
Толкуп чыккан айдайсың.
Кетериңде дүнүйө
Суу жүрбөгөн сайдайсың.

Келээриңде дүнүйө
Мөмөлүү дарак шактайсың.
Кетериңде дүнүйө
Суу жетпеген кактайсың[5ң43].

«Дүйнө» концептинин өзөгү эки маанаге ажыратылат. Бул бир жагынан адам жашаган дүйнөнү билгизсе, экинчи жагынан кандайдыр бир убакытка берилген адамдын өмүрүн тастыктайт. Ушундан улам бул концептти жер планетасынын мейкиндигинин жана адам жашоосунун убактысынын чегиндеги мейкиндик жана убакыт проекциясында кароо керек. Токтогулдун көз карашына ылайык «Дүйнө» - бул адам төрөлгөндө келген жана жашоосун өткөргөн жер. Ал «төрөлүү», «жашоо», «өлүм» сыяктуу фрагменттердин жана ошондой эле башка гносеологиялык, онтологиялык концепттер менен жуурулушуп кеткен көрүнүш.

Дүйнөнүн тилдик картинасы жалпы жонунан эки дүйнөнүн (макро жана микро) карым-катышынан турат. Мындай түшүнүк түбү барып адам баласынын курчап турган айлана-чөйрөгө, табиятка карата мамилесин кабарлайт. Токтогулдун пикиринде адам дүйнөдө, табиятта жашайт. Табияттын башка конкреттүү бөлүктөрүнөн жана нерселеринен адам өзүнүн таанып билүүгө жана ой жүгүртүүгө жөндөмдүүлүгү, эң эле жеткилең, баалуу жандык экендиги менен айырмаланат.

Жыйынтыктап айтканда, дүйнөнүн тилдик картинасы – бул дүйнөнү чагылдырууну жүзөгө ашырган тилдик каражаттардын системасы. Ар бир эл өзүлөрүнө тиешелүүзгөчөлүктөргө, жашоо шарттарга, жөндөмдүүлүктөргө жараша дүйнөнүн тилдик картинасын жараткан. Токтогулдун чыгармаларындагы дүйнөнүн тилдик картинасынын берилиши буга ачык күбө.

Адабияттар:

1. Гачев Г.Д. О национальных картинах мира Народы Азии и Африки. – М., 1967. – №1.
2. Хайдаггер М. Разговор на проселочной дороге. – М., 1991.
3. Абдразакова Г.Ш. Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» чыгармасынын семантикасы жана текст катары уюшулушу. – Бишкек, 2011.
4. Добролюбов Н.А. Избранное. – М., 1986.
5. Сатылганов Т. Тандалмалар: Ырлар. Фрунзе, 1984.
6. Буянов В.С. Научное мировоззрение. – М., 1987.

Т.САТЫЛГАНОВ - КӨП КЫРДУУ АКЫН

Жоробекова Бактыгүл
Талас университети, окутуучу

Дүйнөлүк маданияттын тарыхында туулуп, элинин тагдыры менен кошо жашап, чыгармачылык жан дүйнөсү менен азыктандырып келген адамдар тарых барактарын ачсак андай инсандардын ысымдары четинен саналат. Мына ошондой адамдардын бири ак таңдай, тоо булбулу аталган кыргыз элинин сыймыгы, улуу ырчысы, жанда жок чебер комузчу жана композитор.

Т. Сатылганов. Ал өзүнүн чыгармачылыгы менен обончу-музыкант, акын-импровизатор, комузчу-виртуоз катары албайлы,дегеле бардыгында тең бирдей чеберчиликти даңазалаган чыгармачылык таланты көп кырдуу акын катары таанымал. Акындын чыгармачылыгы XIX кылымдын сексенинчи жылдары менен XX кылымдын отузунчу жылдарынын аралыгына туура келет. Бул жылдар жөн гана мезгилдин аралыгы болгону менен бул аралык эзүүчүлөр менен эзилгендердин тап күрөшүнүн ортосундагы аягышкан тарыхый мезгил эле. Мындай учурда карапайым калкка эл ичиндеги акылман, ойчул адамдардын болушу зарыл эле. Мына ошондой адамдардын бири - улуу акын Т.Сатылганов. Ал ошол учурдагы замандын агымын тулку боюнан, жан дүйнөсүнөн өткөрүп, эл менен бирге жүргөн. Анан калса жакырчылыктын оор запкысын көтөрүп, илим-билимден кабарсыз кыргыздын элет калкынын арасында турмуштук мектебин башынан өткөргөн. Өзү мектептен билим албаса да, кылымдар бою кыргыз эли түптөгөн акыл-ой мурастарынан, элдик оозеки чыгармачылыктан үйрөнүп, кыргыз элинин социалдык- коомдук турмушун кеңири сүрөтөөнү көздөгөн.Дегеле Токтогулдун балалык жана жаштык учуру да кыргыз элинин башына түшкөн эки доорго туура келип, ал тарыхый эки кылымдын адамы. Бири падышалык, уруучулук-феодалдык доор болсо, экинчиси совет бийлигинин орногон жаңы түзүлүш доору эле. Мындай тирелишкен абалда эл арасындагы алдыңкы адамдарды, алар менен кошо Токтогулдун чыгармачылык дараметин, талантын шыктандырбай койбогон. Анын дүйнөгө жана коомго карата болгон философиялык көз караштагы чыгармаларын Октябрь революциясына чейинки, анда алдыңкы идеяларды таратуучу демократ акын катары белгилүү болсо, экинчи совет бийлигинин алгачкы жылдарында революциялык идеяны жактап, эл ичиндеги революциянын жарчысы болгону белгилүү. Ошону менен элдик акын катары таанылып, кылымдан-кылымга өтүп, аты даңазаланууда.”Эгерде кайсы бир жазуучунун тагдыры өз элинин, доорунун, мезгилдин шарттарына шайкеш келбесе, Шекспирдей, Пушкиндей генийлер чыкпайт эле” деп адабиятчы К.Асаналивдин айтканы эсиңе келет. Анын сыңары акындын чыгармачылыгы да айтылган сөзгө туура келет. Минтип 2014 –жылда,акындын 150 жылдыгын белгилөө мааракеси кыргыз коомчулугун кубандырып жатат.Эл кызуу кабыл алып, бардык мекемелерде ар кандай иш-чаралар уюштурулууда. Бул да акындын чыгармачылык дараметинин азыркы күндө да өз орду бар экенин далилдеп, кылымдарды карытып келээрин маалымдайт десек жаңылышпайбыз деп ойлойм.

Замандаштарынын айткандарына караганда Токтогул сөздү ушунчалык так, даана, чебердик, зергердей усталык менен маанисин бузбай, адамга уккулуктуу кылып беришинен улам аны чоң художник экендигин айтышат. Ал гана эмес бир нерсе жөнүндө сүйлөөрүндө ыр, жамак менен, ылакап, макал менен баштап, кара сөзгө өтүп, мисалдап, айтылган сөздүн маанисин чыгарчу дешет. Ал эми адамга карата сылык сөздүү, кичи пейил, жапакеч, боорукер, жылдыздуу, адамдарга өтө мээримдүү, эл үчүн берилген киши эле деп эскеришет. Алтымышка таяп калган Токтогулдун аппак сакал, ак чачтуу, кызыл чийкил, чарчы бойлуу, кырдач мурун, көзү терең, кабагы бийик,

маңдайы жазы, кең далыраак келген чымыр бою жашынан эле бул мүнөздөмөгө туура келерине шек жоктой сезилет.

Токтогулдун чыгармачылык тематикасы ар түрдүү.Анын чыгармаларына сүйүү лирикасы, санат-насыяттар, өмүр темасындагы ырлар, терс көрүнүштөрдү ашкерелөөчү ырлар, айтыштар, элдик дастандар (“Дүнүйө”, “Түз жолуңдан чыкпагын”, “Насылкан”, “Аккан суу” , “Балам жок”ж.б.)ж.б. мыкты чыгармалары кирет.Улуу акын Токтогулдун чыгармалары мазмунун тереңдиги идеясынын тактыгы, тилинин курчтугу менен көпчүлүктүн калың катмарына жетип, алардын сезимин ойготкон, турмушту үйрөнүүгө жол көрсөтүп, күрөшкө чакырган. Эл Токтогулдун чыгармаларынан таалим алышкан. Акындын чыгармаларынын булагы турмуш болгондуктан угуучулардын жүрөгүнө жакын болуп, терең чебердиги менен айырмаланган.Ошондой эле өзгөчө жаңы заманга, эркиндикти берген Ленинге жана анын ишине берген адилеттүү баасын “Кандай аял тууду экен Лениндей уулду” , “Жашагын кеңеш өкмөтү”, “Замана”, “Ыракмат айт”, “Бийик көтөр туунду”, “Ленин ачты жолуңду”, “Куткарды Ленин акылман” ж.б. у.с. чыгармалары терең мазмуну менен кыргыз адабиятынын тарыхында көрүнүктүү орунду ээлейт.

Ал эми терең чебердиги менен айырмаланган Токтогулдун балдарга арналган дидактикалык чыгармаларында санат менен насыяттары, терме, үлгү ырлары орун алат. Анын “Насыят”, “Санат”, “Нускалуу ырлар”, “Терме”,”Эмне кызык”, “Гүлдөп ал”, “Түз жолуңдан чыкпагын”, “Жыргалы сендик дүнөнүн” ж.б. буга мисал болот.

Дениң соодо эринбей,
Бекерликке берилбей,
Эркиң менен жумуш кыл
Эринчээк, жалкоо” дедирбей.
Эрдин күчү- сом темир,
Эритүүгө эр керек.
Эч оокатың болбосо,
Эгин айдар жер керек.
Эр жигиттин белгиси-
Эпчил болот термелеп,
Өз колуңда болбосо,
“Өлдү м” десең, ким берет.
Үчүң барда иштеп көн,
Күлүп жайнап, эр жигит,
Күнүмдүктү ойлобой,

Кулак байлап жер жибит,- деп адамгерчиликти, чындыкты, ак ниеттикти, достукту, жолдоштукту, эмгекчилдикти ,эрдик жана баатырдыкты даңазалап, ак көңүл, жөнөкөй, чынчыл, акыйкатчыл, өнөр ээси болууга үндөп, ушакчы, кытмыр, наадандык, көйрөңдүк, мактанчаактыктан алыс болуусуна чакыруу менен жаш муундарды тарбиялоого багыттайт.Токтогулдун мындай чыгармалары балдарга жакшыны жамандан айырмалатып, рухий бийиктиктин эң сонун үлгүлөрүн берет, Ынтымакка, достукка чакырган бул дидактикалык идеяларды акындын сатиралык жана башка чыгармаларынан да кездештирүүгө болот.

Элдик оозеки чыгармачылык - балдар адабиятынын өнүгүп чыгуусунун булагы. Бешик ырларынан тартып кара сөз, ыр менен айтылган терең мазмундуу, тарбиялык мааниси күчтүү, тематикасы ар түрдүү чыгармалар, кыргыз элинин угуттуу мурастары балдар адабиятынан орун алган. Чыгармачылыктын башка түрүнөн айырмаланган бул өнөрканада Т.Сатылганов салмактуу экенин далилдейт. Улуу педагогдордой эле балага тарбияны жаш курагына карата бериш керек дейт да ары көркөм, ары чеберчиликте

ачып берет.

Боз карчыга боодо ойнойт,
Болумдуу балдар жоодо ойнойт
Болуму жок, шыгы жок
Аш талашып, үйдө ойнойт.
Көгүчкөн көлдө ойнойт,
Көлөкөсү жерде ойнойт.
Көөдөнү жок, шыгы жок,
Үйдө жатып, үйдө ойнойт,-деп нускалуу ойлорун таасын айтат.

Т. Сатылганов төкмө акын гана эмес, чебер, таланттуу жана көрүнүктүү музыкант. Ал - оригиналдуу күү чыгарган үлкөн комузчу. Адабий мураска өчпөс из калтырган талант обон- күүлөрүн комузда эркин кол ойнотуп, темпин, ыргактын жүрүшүнө карата түрдүү мимикага салып, мазмунун жорго сөздөр менен жамакташтырып ырдап черткен. Мазмундуу ырлары менен катар, анын мындай чеберчиликте аткарган музыкалык мурасы элибиздин маданий турмушу үчүн ролу чоң. Улуу композитордун күүлөрү жана ырлары бүгүнкү симфониялык, опералык жанрдагы чыгармалардын өнүгүшүнө себепчи. Анын “Тогуз кайрык”, “Шыңгырама”, “Миң кыял”, “Көкөй кести”, “Терме” , “Камбаркан”, “Ак куу”, “Кыз Кербез”, “Армандуу чымчык”, “Чайкама”, “Ботой”, “Сары-Барпы”ж.б. күүлөрү белгилүү.Токтогул жеке эле кыргыздын нагыз күүлөрүн аткарбастан казактын, өзбектин жана орустун да кыйла обон-күүлөрүн келтире алган. Ошентип ал миң кубулжуткан сырдуу кайрыктары менен угуучуну чаңкаткан .

Улуу акындын кайталангыс залкар таланты гана эмес, басып өткөн жолу, өз элинин бактысы үчүн жүргүзгөн күрөшү, акын жашаган доордогу бай-манаптын эзүүсү, зордук-зомбулук, Сибирь токою, казак талаасындагы кыйынчылыктары, өз үй-бүлөсүндөгү жеке трагедиясы акындын эркин багынта алган жок. Анын чыгармалары берилген идеясы жана көркөмдүк жагынан жогорку бийиктикте турат. Таланты көп кырдуу, сөз өнөрүнүн мыкты куралы катары түбөлүктүү чыгармалары менен элдин көркөм адабий мурастарында жашай бермекчи. Келечекте жеке адамдын тагдыры аркылуу элибиздин тарыхы чагылдырылган акындын чыгармачылыгын жаңыча көз караш менен изилдөө, илимий- изилдөөчүлөрдүн обьектисине айланаарына ишенебиз.Ошондой эле түрк тилдүү мамлекеттерде гана эмес, дегеле дүйнөлүк маданиятта өлбөс-өчпөс, баасы чексиз, ак таңдай, акын Токтогул Сатылгановдун ысымы түбөлүктүү калары шексиз.

Адабияттар:

1. Токтогул. Чыгармалар I, II том.–Ф.: 1968.
2. Токтогулдун замандаштарынын эскермелери. Кыргызстан мамлекеттик -Ф., 1959.
3. Элдик акындар жана тарбия. Окуу методикалык курал.- Б., 1995.
4. Т.Сатылганов: Сунуш кылынган библиографиялык көрсөткүч. -Ф., 1989.
5. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. V том.-Б., 2002.

ТОКТОГУЛДУН ЛИРИКАЛАРЫНДАГЫ ТУРМУШ ЧЫНДЫГЫ.

Бөрүбекова Гүлназ
ОшТУ, окутуучу.

Токтогул- искусствонун эң жогорку түрү болуп эсептелген канаттуу поэзиянын эң залкар, күжүрмөн өкүлү. Ал кыргыз поэзиясынын кайталангыс алпы, туу чокусу. Анын адабий мурасы кыргыз поэзиясы үчүн баа жеткис кенч. Бирок өкүнүчтүүсү, улуу акындын орошондой оргуган кайталангыс талантынан жаралган ырларынын баары бизге келип жетпегендиги. Акындын жан дүйнөсүнөн жаралган ырларын эки багыт боюнча кароого болот. Анткени, акындын эпик жана лириктиги буга далил. Ошол эки агым менен байкоо жүргүзүп карасак, акындын чыгармачылыгында негизинен лирика басымдуулук кылат.

Лирика өзүнүн чыгуу тарыхы боюнча поэзиянын эң байыркы түрлөрүнөн болуп саналат. Бирок, лириканын бардык түрү өзгөрбөй, жоюлбай жашай берет деген ой туулбаска тийиш. Турмушта өзгөрбөй турган эч нерсе жок. Убакыттын өтүшү менен коомдун тарыхый өнүгүшүнө адамдардын маданий турмушунун жана аң- сезиминин өсүшүнө карай бирде жаңысы пайда болсо, бирде айрым түрү өзүнүн жашоосун токтотушу ыктымал. Мындай көрүнүш дүйнөлүк адабияттын тарыхына мүнөздүү болуп саналат. Чындыганда, кыргыздын элдик поэзиясында “Жар-жар- ай” деген термин менен белгилүү болгон жана илгертен кыз узатуу салтында кеңири колдонулуп жүргөн ырды алып көрсөк учурдун талабына ылайык мындай ырлардын саны азайып, элдик ырлар унутулуп бараткансыйт. Акындын жогорудагыдай ырларын элдин арасына жайылтуу максатын көздөп, ырдын жаңы вариантында ырдап келген ырчыларыбыз да жок эмес. Бул өткөн заманда кеңири колдонулуп келсе, Октябрь Революциясына чейин ал аткарылуудан чыгып калган деген божомолдор бар. Анткени, социалисттик коомдо адам укугун чектеген терс көрүнүштөрдүн бири -кызды малга сатуу салтына тыюу салынып аны түп тамырынан бери жойгон жана эл ал ырды унутууга аргасыз болушкан.

Кыргыз элинин улуу акыны Токтогулдун чыгармаларынын булагы мына ошондой чыныгы турмуш. Ошондуктан, акындын чыгармаларындагы лирикалык жанрдын турмуштагы ролу эбегейсиз чоң. Акындын ырларынын мазмуну терең, эстетикалык таасири күчтүү, көпчүлүк окурмандары менен угуучулардын жүрөгүнө жакын чыгармалардан болуп саналат. Акын өзүнүн ырларында чыныгы турмушту сырткы байкоочу, аны жүрөк сезими аркылуу ырларына бере билген акын катары белгилүү. Токтогулдун улуу чеберчилиги өз оюн элестүү бере алгандыгында. Анткени өзү көргөн турмуш чындыгы акындын жүрөгүнүн түпкүрүнөн сызылып чыккандыктан, элге жаккандыгы. Токтогулдун чыгармачылыгындагы дагы бир өзгөчөлүгү, көбүнчө көңүл бурганы, асыл зат катары эң жогору баалаганы – адам жана анын турмушу, коомдогу орду. Анын ичинен да иргелип чыгып жазган ыры жаштыкка арналган ырлары, адамдын кымбат өмүрү жөнүндө көп ыр жаратууга аракет кылгандыгы.

Лириканын кайсы түрү болбосун,акындар өз көз карашын жана баштан өткөргөндөрүн угуучуларга элестүү жеткириш үчүн далаалат кылат. Ошол жагдайга ылайык тигил же бул акын өзүнүн ички сезимин, сүйүнүчүн жана башка байкоо тажрыйбасын белгилүү даражада турмушка болгон мамилесин чагылдырат эмеспи. Бирок турмушта болгондун баары эле лирикалык чыгарманын жаралышына себеп, булак боло бербейт.

Токтогул – чыгармачыл инсан катары кыргыз элинин мүдөөсүнө , бешенесине жарык нур болуп чыккан акын.

Токтогулдун лирикалары – реалдуу турмуш чындыгы. Анткени турмуштан

тышкары адамдардын аң-сезиминен сырткары лирика жаралбайт. Мына ошол себептүү акын өзү байкаган,өзүн кубандырган, кызыктырган, өзүнө жакын тарткан көрүнүштөрдү сүрөттөп, адамдын сезим күүсүн күүгө салып, ой толкунун билдирүү менен гана ал ырды жарата алат эмеспи.

Токтогулдун чыгармачылыгандагы сүйүү лирикасы да, ошондой турмуш чындыгын чагылдырылып, жаш жигит кезинде өзүнүн башынан өткөргөн, өз көзү менен көргөн реалдуу окуялардын негизинде жаралгандыгын көрөбүз. Анын "Күлүйпа", " Алымкан" деген чыгармаларына сарасеп салып көрсөк, буларда чагылдырылган окуялар чыныгы турмуштан алынганын, аларды жогорку чеберчиликте сезимге жеткире сүрөттөгөнүн көрөбүз.

Турмуштагы болуп турчу тартыштар, кагылыштар же кандайдыр бир келишпөөчүлүктөр кездешет эмеспи. Акындын лирикасыны мазмуну да мына ушул турмуштан алынгандыгын "Насылкан" ырын мисалга алуу менен далилдесек болот. Анда:

- Кимдин - кимдин көчөсү?
- Насылкандын көчөсү.
- Бүгүн айдын нечеси,
- Ай караңгы кечеси.
- Тал чыбыктай буралат,
- Насылкандын мүчөсү-деп, Насылкан кыздын келбетин элестүү сүрөттөп окурмандын сезимине бүлүк салат. Жогорудагы ыр сабынан биз үч образды көз алдыбызга элестетебиз. Биринчиси Насылкандын жашоо жайынын образы. Чындыгында Токтогул сүйгөн кызынын кыштагын кооздоп сүрөттөп отурбай, айтайын деген оюн эки жол ырга анын келишкен портиретин тартыр ага батырып айта билген чебер акындыгын далилдеген. Ыр диалог түрүндө берилген. Экинчиси жаратылыш көрүнүшү "Айдын нечеси ай караңгы кечеси" кыска даана тартылган образ. Мындан жаратылыштын кооз көрүнүшү көз алдыңа элестейт. Үчүнчүсү Насылкан аркылуу кыздардын назик кыялы, сулуулугу, таза сезимдери баяндалгандыгы.

Ал эми акындын табигат лирикасына кирген " Жүргөнүм Кабак жер болду" деген ырында жаш кездеги кыйынчылыкты башынан өткөрүп, кой кайтарган жеринин кооз пейзажынын чебер тарта билгенди гин бул ырда таасын баяндап берет:

Жалчы болуп жалдырап,
Жүргөнүм Кабак жер болду.
Кара ташы калдырап,

Ашканым аска бел болду деп туулган жеринин пейзажын элестүүберип, акындын өз жашоосуна капа болуп, кайгырганын көз алдыга чагылдырат.

Андан тышкары акындын өмүр темасына арналган "Өмүр" ырында философиялык ойлор камтылып, өмүр, өлүм темасын чеберчилик менен элестүү чагылдырылганын даана байкоого болот. Мисалы:

Ат арыбас болсочу,
Жаш карыбас болсочу,
Жаратканы чын болсо,
Жай –жайына койсочу.
Жибек оңбос болсочу,
Жигит өлбөс болсочу,
Кызыл жүзү бозоруп,

Кыз кубарбас болсочу деген ар бир ыр саптары өзүнчө залкар ойду камтып, кыялый түшүнүктөгү нерсе чындыкка ашса, адам өмүрүн сактап калуучу күч жаралса деген тилекти чагылдырып турат. Айрыкча, өмүрдүн ушунчалык кыскалыгы,

турмуштагы адамзаттын жашоосу дайыма эртеңки үмүт менен, сабырдуулук менен өтө берерин айтып кыз- жигиттин канткенде жашоодо өз ордун таап, бактылуу болуп, канткенде өмүрдүн мүрөк суусу узарат деген философиялык ой толгоолору аркылуу адамдын көңүлүн өзүнө бурган мындай ыр саптар акындын лирикалык чыгармаларында кеңири кеңири кездешет.

Андан сырткары өмүр жөнүндөгү ырларында жаштык кез, сулуулуктун эң сонун учурлары, кооздук жана рахат жаштык куракта гана деген позитивдүү ойлорду айтуу менен акын өзүн ойчул акын катары да тааныта алды. Эгерде жыйырма курактагы жаштык кез “Жалындуу жүрөк от болуп” сүрөттөлсө, карылык адамга бир келген кыянат сыяктуу”карылык эки бутту жылдыртпай, мүчөмдү алат карылык деп өкүнүч сезими менен сүрөттөйт. Карылык адамдагы сулуулукту гана албай бардык жакшы сапаттарды да жууп кетчү улуу күч. Ошондуктан Токтогул карылыкка төмөндөгүдөй мүнөздөмө берген:

Аяктай булчуң эт кетти,
Анардай кызыл бет кетти.
Алтымышка жакындап,
Айыл-үйдөн четтетти.
Белди эңкейтип, күчтү алды,
Берметтей аппак тишти алды,
Бузулуп урап короосу,

Булдурттап кызыл тил калды-деп, акын турмуш чындыгындагы карылыкты реалду көркөм сүрөттөгөн. Мында эч кандай апыртуу жана ыксыз шөкөттөө да жок экендиги да чындык экендигин байкайбыз. Бирок ой образдуу элестөөлөр, көркөм сөз каражаттар менен берилип, өтө так салыштыруулар менен таамай айтылган. Акындын бул ырындагы ар бир саптары жашоодогу адамзаттын күн сайын жүрөгүн өйүгөн нерсе,көйгөй катары кабыл алынары бышык. Ошондуктан Токтогулду өмүргө өтө кылдаттык менен карган жана ага гумандуу мамиле жасаган акын катары бааласак болот.

Мындан тышкары Токтогулдун чыгармаларынын булагы- чындык, чыныгы турмуш. Акын өзү жашаган доорго кыраакылык менен байкоо жүргүзүп, анын көңүл чордонунда карапайым элдин турмушу болгондугу маалым. Токтогул эл эмне үчүн оор турмушутан чыга албайт? Анын себеби барбы? Ал эмнеде? Мына ушул сыяктуу жан дүйнөсүн кыйнаган суроолуу көйгөйлөрдүн түйүнүн чечүү үчүн жоопту ошол кездеги коомдук түзүлүштөгү көрүнүштөн издеген. Токтогул негизги себепти адилетсиз бийликтен көргөн. Ал өзүнүн тайманбас кайраттуулугун гана эмес, элдин көңүлдөгүсүн таап, кайчы турмушту көрсөтүп, чындыкты даңазалаган ырчы акын экендиги менен да элдин жүрөгүндө түбөлүк калгандыгынын өзү аны коомго демократ акын катары тааныпты.

Ошондуктан акын эмгекчилердин таламын талашып, элдин маанайын баяндап, чыныгы жашоосун ыр кылып жаратып адилетсиз бийликти сындап, аларга каршы ырларды жаратып, эл тарап болуп эзүүчүлөргө жек көрүү сезими күчтүү ырлары менен эл алдына чыккан тайманбас патриот акын болгон. Токтогулдун поэзиясы ошол себептен чыныгы турмуштун мунду күүсүн чалган турмуштун анык поэзиясы болду.

Токтогулдун чыгармалары – сезимдин жана чыныгы коомдук идеялардын идеялары. Ал сезимдер акындын эчен кыйындыкты башынан өткөрүп жаткан, кыргыз эмгекчилеринин эркиндиги жөнүндөгү жалындуу ойлорунан байкалып, күн сыяктуу ыссык табы менен адилетсиз бийликти куйкалагандыгын көрөбүз. Токтогул акындык милдет жөн гана ырды жаратып, жөн гана ырдап коюуда эмес экенин, ал- элдин таламын жактап, алардын аң-сезимин ойготуп, эл үчүн кызмат кылгандыгында

экендигин билгендигинде, аны абийирдүүлүк менен аткара алгандыгында. Улуу акындын чыгармаларынын баалуулугу чыныгы коомдук турмушту кеңири баяндап, эркиндик үчүн, сүйүү үчүн, жашоо, өмүр үчүн табышмактуу тамырды таап, ал тамырдын тереңинде жаткан философиялык ой толкунун ар дайым эл үчүн кызмат кыларын көрсөтүп тургандыгы.

Жыйынтыктап айтканда, Токтогулдун айкөл, кыраакы жанга жагымдуу сапаттары менен гумандуу мүнөзүнөн жаралган алоолонгон жалындуу ырлары жаштардын сүйгөн чыгармаларына айлануу менен алардын чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүдө, турмуш чындыгын таанытууда идеялык-көркөмдүк жагынан баалуу болуп кала берет.

Адабияттар:

1. Ж. Таштемиров Токтогулдун акындык чеберчилиги. –Ф.:Илим.1976.
2. Токтогул . Чыгармалардын эки томдук жыйнагы. 1-том. Ырлар .-Ф.: Адабият 1989.
3. Акындар чыгармачылык тарыхынын очерки. –Ф.: Илим. 1987.
4. Токтогулдун замандаштарынын эскермелери. Ф.: Адабият 1990.

Т.САТЫЛГАНОВДУН АЙРЫМ САТИРАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРЫНДА КӨРКӨМ СӨЗ КАРАЖАТТАРЫНЫН КОЛДОНУЛУШУ

Дүйшеев Жумакадыр,
ф.и.к., профессор. Ж.Баласагын атындагы КУУ

Дүйнөдө оозеки адабияты эң жогорку деңгээлде өнүккөн элдер аз эмес. Ал эми андай элдерде көркөм сөз өнөрүн кесип кылып, эл алдына чыгармаларын чеберчилик менен аткарган өнөрпоздорду: ашуг, бакшы, жыроотрубдар деп аташкан. Бирок, кыргыз элинде акындык – ырчылык өнөр – өзгөчө чеберчиликте: кайда, кайсы жерде болбосун, көркөмдүк жактан гармониялуулугу, уникалдуулугу менен айырмаланып, угуучулардын жан дүйнөсүн козгоп, суктандырып келген.

Алсак, Ырамандын ырчы уулу, Асанкайгы, Санчы-сынчы, Арстанбек акын, Солтобай ырчыга окшогон залкар сөз өнөрүнүн адистерин билебиз. Чынында көптөгөн залкарлардын аты-жөнү бизге жетпей унутулду. Өттү-кетти.

Ошого карабастан, аты-жөнү менен ырлары белгилүү болгон Жеңижок, Барпы, Калмырза, Эшмамбет, Коргоол, Калык, Осмонкул, Алымкул, Ысмайыл сыяктуу төкмөлөрдүн кимисин албайлы алардын ырларынын салмагы, таасирдүүлүгү, күчү, көркөмдүктүн бийик деңгээлине чыга түшкөнүн көрөсүң, андагы колдонулган сөздүн лексико-семантикалык маанисин аныктап, салмактап да көргүч келет.

Андыктан жогорку сөз кылган өнөрпоздордун биринен да кем эмес, алардан артылып түшкөн төкмөнүн бири - Токтогул. Токтогул – жалаң гана мыкты ырчылык-акындык өнөрү менен гана эмес, ой жүгүртүүсүнүн тереңдиги, философиялык ой чабытынын кенендиги, акылмандыгы, чукугандай сөз тапкан төкмөлүгү менен көптөгөн акындарыбызга үлгү, окутуучу – устаз болгондугу да белгилүү.

Токтогулдун ырларындагы поэтикалык көркөмдүктүн бийик күчү жалаң гана андагы назик лиризм, сөз айкаштарындагы тыбыштардын гармониялык үндөштүктүн бириккендигинде эле эмес, өзгөчө тандап алган атайын колдонгон көркөм сөз каражаттарынын күчүндө, ички жана тышкы алетрациялык айкашта. Айрыкча,

жушмак, элпек, жатык, бирок күчтүү, таасирлүү сөздөр менен ширешкен юмордук жана сатиралык ырларында колдонгон сөз салмагы коргошундай оор, экспрессивдик жактан таасирлүү, жагымдуу, уккулуктуу. Анын ырлары бири-биринен стилдик жактан кескин айырмаланып, Токтогулдун өзүнө гана таандык калем күчүн, өзгөчөлүгүн айкын ажырымдап турат. Биздин максат – залкар төкмөбүз Токтогул Сатылгановдун сатиралык чыгармаларына лингво-стилистикалык анализ жүргүзүп, андагы колдонулган сөз күчүн аныктоого аракеттенмекчибиз.

Азыркы мезгилдеги улуттук маданиятыбыздын көрсөткүчү болгон тилибиздин коомдун талабына карай ар кандай шартта, карым-катнаштын түрдүү формасында, тигил же бул чөйрөдө, көркөм чыгармаларды колдонулушун изилдеп, анын өзгөчө ыкмаларын окутуучу стилистиканын да ролу зор. Стилистика болсо тилдик норма, стиль, стилдик маанини же экспрессивдик тилдик боекчону өз ичине камтыйт. Ошондуктан, тигил же бул акын-жазуучулардын, б.а., Токтогулдун колдонгон поэтикалык тилин лингво-стилистикалык жактан окуп үйрөнүү дегенде – биз акындын чыгармасындагы ой-пикирин, идеясын тилдеги көркөм сөздөр, сөз айкаштары фразеологизм менен учкул сөздөр, макал-ылакаптар, архаизм, историзм, диалектизм же эмоционалдык-экспрессивдик сөз күчү менен чеберчиликте, өзгөчө, өзүнө гана таандык сүйлөмдөр аркылуу далма-дал бере билишин билебиз. Арийне мындай чебер ыкма менен тандалган тилдеги көркөм каражаттарды колдоно билиши ал акындын стилине байланыштуу болот. Стиль ар бир материалдын кимге, кандай максатка арналып жаткандыгына, анын жанрына байланыштуу өзгөрмөлүү болот. Анткени ар бир жанр өзүнчө сөз таңдоону же стилдик бөтөнчөлүктү талап кылат.

Стиль – бул адам – деген аныктама берет (К.Маркс). Эгерде аныктаманын жандырмагына көз чаптырсак, анда ар бир жазуучунун өзүнө таандык стили болушу табигый иш. Стиль речтик каражаттарды (тилдик, сөздүк) пайдалана билүүнүн ыкмасы. Каражат дегенибиз - тилдин толук системалык бирдиги, б.а., элементтери: лексикалык, морфологиялык, синтаксистик, эмоционалдык жактан мүнөздөлгөн жалпы элдик тилдин көрүнүшү. Стиль маселеси образ түзүүгө байланыштуу болгондуктан, ал тил илими менен адабият таануу илиминин ортосундагы чек ара эл болбостон, бир эле мезгилде тилге жана адабиятка байланыштуу чечмеленип, аныкталат.

Ушундан улам көркөм чыгарманын тили дегенде анын стили жөнүндө сөз кылабыз. Демек, стилистика деген бөлүм тил илиминде да, поэтикада да бар. Ал эми стилдик аткарган милдетине, кызматына карата, экинчиден, экспрессивдик мааниде, б.а. айтылуучу ойдун көркөмдүк маанисине карата аныкталат.

Жыйынтыктап айтканда, Т.Сатылгановдун тилин (стилин) аныктоодо кандай көркөм тилдик каражаттарды, ыктуу чебер ыкмада колдоно билишин, б.а., анын стилизациялык жөндөмүнө да көз чаптыруу зарыл.

Адетте, төкмө акындар уйкаштыгына жараша, атаандашына сөз таба албай кекечтенип калбасы үчүн орунсуз сөздөр ташылып колдонулган, анчейин маанисиз айкаштар да учурайт. Бирок андай чекилик Т.Сатылгановдо сезилбейт. Тескерисинче – ал сөзгө уста, чебер экендигине байланыштуу, феодалдык коомдо карапайым элди ар кандай амал-айла менен жеп-ичип көнгөн дин өкүлдөрүнүн митаамдыгын («Эшен-Калпа» деген сатиралык ырында) өтө күйдүргү, курч, какшык-сарказм аркылуу туюнткан. Мисалы: Эл ичинде <u>кыдырган</u>,

Эшен болот дечү эле.

Элден <u>алдап албаса</u>

Кесел болот дечү эле – десе, эшенге жардамчы калпа жөнүндө:

Эшен менен энчилеш

Калпа болот дечү эле

Аркасында асынган,

Калта болот дечү эле – деген ыр саптарындагы мыскыл, шыкак, шылдың сөз менен окуучунун жан дүйнөсүн козгойт.

Ошондой эле, акын менен жазуучулар белгилүү бир аймакта жашаган жергиликтүүң элдин тилине мүнөздүү болгон диалектилик сөздөрдү ошол доордун турмуш-тиричилигине, социалдык чөйрөсүнө шайкеш алардын сүйлөө речин да өзүндөй берип, сүрөттөлүп жаткан персонаждын реалдуу, типтүү тилдик, профессионалдык (молдо, сопу, эшен, калпалардын) өзгөчөлүгүн ачып берүүгө аракеттенет. Демек, автордун дүйнөгө болгон көз карашына шайкеш, дин өкүлдөрүнүн алдамчылыгын, анын тилдик бөтөнчөлүктөрүн өтөмө катар призмадан өткөрүп, ошол социалдык теңсиздикти, адилетсиздикти курч сатиралык чебер стилизациялык ыкма менен шылдыңдаган. Эгерде майдалап, терең талдасак, анда бул ырда тарыхый жана жанрдык стилизация өкүм сүрөт. Алсак, ырдагы – кесел, калта, кетте, допусун, пулун, кинегеңе, хаммасын бүт алгын ж.б. Дин өкүлдөрүнүн милдетин аткаруучулар: молдо, эшен, калпа, сопу. Эзүүчү таптын титулдары – манап, болуш ж.б. сындалат.

Ошентип, Т.Сатылгановдун чыныгы чыгармачылык новаторлук стилизациялык чеберчилиги ал жергиликтүү элдин колдонгон тилинин колоритин сактап, дин өкүлдөрүнүн терс, жек көрүмчү образын так, кыска, жөнөкөй эле сөздөр менен ача алышында турат.

Дегинкисин алганда, диалектизм поэтикалык көркөм чыгармаларда баалуу стилистикалык милдет аткарат. Айрыкча, жергиликтүү улуттук колоритти сактап, каармандардын өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүүдө, көркөм сөз каражаттарынын бирден-бир булагы болууда да зор роль ойнойт.

Профессионалдык лексикага, адамдардын ишмердүүлүгүнө, аткарган кызматына жараша ар кандай чөйрөдө өзүнүн кесибине байланышкан сөз, же сөздөрүн тизмеги кирет. Мына ушундай лексиканы акын чебер стилдик ыкмада колдонгон. Дин өкүлү өзү сөз маанисин түшүнсө, түшүнбөсө да сүйлөшүн келекелеп: Азирети, ак селде, ак шарият, теңир азезил, акирет, байгамбар, олуя ж.б. сөздөрдү айтып, селде чалынган менен кара ниет жегич, алдамчы экендигин мыскылдайт.

Т.Сатылгановдун «Папы калпа» жана «Токтогул менен Эшмамбеттин Эшендин калпаларына карата ырдаганы, «Эшен калпа», «Беш каман» деген сыяктуу сатиралык ырларында акын фразеологизмдердин синонимдерин да ыктуу колдонгон. Мисалы.

Азирети Эшендер
Ак селделүү калпабыз
Ак теңгеге толгон бейм
Ак шарият пири деп.

Эгерде жогорку фразеологиялык айкаштардагы «ак» таза, б.а. жаман жакка азгырылбаса «сүрөттөн ак» адамдардын теңгеге азгырылып, сатылып кеткенин өтмө маанидеги ак селделүү калпабыз деген көркөм тилдик каражатты колдонду. Айрым акын-жазуучуларды алсак, ушул эле айкашты А.Токомбаевдин чыгармаларында кар орногон тоонун көркөм түсүн чагылдырыш үчүн «ак чачтуу», «ак каралуу», «ак элечектүү» деген өтмө маанидеги фразеологиялык синонимдерди стилдик максатта колдонот. Мындан сырткары: ийкендеп турат чокусу, аттын майын алалы, узарбаган этеги, кылдан ничке кез болсо ж.б. да алып кароого болот.

Айрыкча, кыргыз тилинин сөздүк составына кийинчерээк эле кирген теңге (деньги) – сом – акча – пул деген синоним сөздөрдү ыгына жараша стилдик максатта колдонгондугун айтпай коюуга болбойт. Т.Сатылганов ошол шартта, ушундай чалкандай чаккан сатирада «ак теңге» деп берүүнү ылайык тапкан, эң туура көркөм элестүү колдонулган.

Мындан сырткары, Т.Сатылганов ички күчтүү сезимди окуучуларга уккулуктуу, курч жеткириш үчүн эмоционалдык-экспрессивдик лексикаларды да атайын стилдик максатта ыктуу колдонгон.

Мисалы: Соогатына чубалтып,
Селде берип жүрбөсүн
Ийкеңдеп турат чокусу

Баркы кеткен маңкам ай
Үйдө туруп кызганган
Үңүрөйгөн маңкам ай

Кай муратка жетесиң
Бозокор турсун быякта,
Бок жегенге тетесиң

Акмактан бетер тыякта,
Азапка калаар бекенсиң?
Азезилдин жанында
Кокуйга калат деп уккам.

Жогорудагы асты сызылган сөздөр адамдын ички жек көрүмчү сезимин учкул тутантып «соогатына, ийкеңдеп, үңүрөйгөн, бок жегенге, акмактан, азапка, кокуйга деген ж.б. сыяктуу сөздөрдөгү баяндалган маанилик бирдиктердин терс эмоционалдык оттеноктору, өзгчө стилистикалык боекчолук маанини берип турганын байкоого болот. Ошондуктан сөздөгү экспрессивдүү стилистикалык боөкчо сөзгө же сүйлөмгө тикеденгтике таандык, анын ажырагыс бөлүнбөс белгиси катары лексико-грамматикалык маанилер менен өз ара шартташып, чиеленишкендиктен, андай маанини ажыратып, аныктай билүү керек. Анткени мындай эмоционалдык лексикалар сүйлөмдүн кайсыл гана түрүндө кездешпесин алар адамдын ички сезимин билдирип, ага эмоционалдык интонация катышып окулганда гана угуучуларды өзгөчө таасирлентет.

Жыйынтыктап айтканда, Т.Сатылгановдун сатиралык айрым ырларын алып караганда, биз байкаган стилистикалык синонимдерге өтө бай. Өтмө маанидеги көркөм сөз каражаттары андан да көп. Мисалы аялы, зайыбы, катыны, келинчеги, жары ж.б. синонимдик катардын экөөн бир эле куплете эки башка стилдик максатта колдонот.

М., Олуя чалыш мейманың,
Карасам окшош эмеспи
Койнундагы зайыбын
Эркек да болсо окшошот
Аялдардын жармына

Мындагы аялга, зайыпка молдо-сопу, эшен-калпалардын салыштырылышы өтө курч. Алардын аброюун биротоло төгүп, элге арагыз ишеничсиз ой туудуруучу көркөм каражат.

Т.Сатылганов көркөм сөз өнөрүнүн өтө сөзмөр чечени «кызыл тилдин» адиси. Ал чыгармаларында макал-ылакаптарды, учкул сөздөрдү, фразеологизмдерди, троптун түрлөрү: метафора, метонимия, снехдоха, салыштырууларды ж.б. колдонуп, эзүүчү таптын диний өкүлдөрүнүн образдын терең ачып, угуучуларга күчтүү таасир этип, окуучулардын ички сезимин көркөм чагылдырыш үчүн көркөм тилдик каражаттарды өзгөчө стилдик максатта колдонот.

М., Кара тилди безеген,
Мурут болгон калпа көп.

Узарбаган этеги
Ак элечек адамдар.

Ошентип Т.Сатылганов жогоруда айтылган чыгармаларында көркөм стилдик каражат катары көөнөргөн (тарихий, архаизм) сөздөрдү, диалектизмдерди, профессионалдык же кесип сөздөрүн атайын стилизациялык максатта өтө так, таасирлүү ыкмада колдоно алган.

Т.САТЫЛГАНОВДУН «НАСЫЯТЫНДА» ЭМГЕК БААЛУУЛУГУНУН КАМТЫЛЫШЫ

Жантаев Адилбек
ф.и.к., доцент, С.Нааматов атындагы НМУ

Т.Сатылганов - XIX кылымдын экинчи жарымында, XX кылымдын биринчи жарымында жашап өткөн кыргыз залкарларынын бири. Ал өз чыгармачылыгы менен эли-журтуна тегиз таанымал болгон төкмө акындардан. Анын ырларынын мазмунунда элибиздин эчен кылым бою топтогон акылмандыгы, философиясы уюп жатат. Бул жаатта өзүнчө эле бир философиялык, адабияттаануучулук илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө болот.

Биз өз баяндамабызда залкар акындын «Насыят» аттуу чыгармасынын баалуулуктук мазмунуна кыскача талдоо жасайбыз. Аталган ыр башынан аягына чейин жаштарга акыл-насаат мүнөзүндө курулган. Анда берилген негизги ой эч качан эскирбей турган адам баалуулугуна – эмгекке байланышкан. Кеп болуп жаткан чыгарманын башкы саптарынан эле мына ушуну байкай алабыз:

Дениң соодо эринбей,
Бекерликке берилбей,
Эркиң менен жумуш кыл
«Эринчээк, жалкоо» дедирбей[3, 267-б.].

Бул жерде Т.Сатылганов баарыдан мурда эмгек баалуулугун астыңкы планга чыгарганы сокурга деле ачык-айкын болуп турат.

Адамзаттын акылы ашып-ташкан ойчулдары илгертеден киши баласына таандык баалуулуктардын тегеретесинде ой жүгүртүп келишкен. Алсак, XIX кылымдын башында, 1800-жылы, немис ойчулу Иоганн Готлиб Фихте минтип жазган: «Өмүрдөн башка эч нерсе шартсыз баалуулукка жана маниге ээ болбойт; ар кандай башка ой жүгүртүү, чыгармачылык жана билим ал кандайдыр бир түрдө жандууга тийиштүү болгондуктан, андан келип чыккандыктан жана кайта ага жуурулууга умтулгандыктан гана баалуулукка ээ болот» [5, 11-12-бб.]. Демек, жашоо эң жогорку баалуулук. Ал эми татыктуу жашоо үчүн эмгек этүү зарыл. Фихтенин ынанымы боюнча «сенин баалуулугуңду ишмердик, жалаң гана ишмердик аныктайт» [5, 14-б.].Бул ойчул кеп кылган ишмердик түшүнүгүн эмгек баалуулугунан ажыратып карай албайбыз.

Кыргыз эли эзелтен эле «Эр эмгегин жер жебейт» деп, эмгек баалуулугуна зор маани берген. Мына ушул салттуу акылмандыкты Т.Сатылганов да уланткан. «Насыятты» уланта окуйлучу:

Күчүң барда иштеп көн,
Күлүп, жайнап, эр жигит.
Күнүмдүктү ойлобой,
Кулак байлап, жер жибит [3, 267-б.].

Бул акыл-насаат азыркы заманда да актуалдуу бойдон калууда. Азыр басымдуу

жаштар керектөөчүлүк психологиянын кулу болуп, түбөлүгүн ойлобой, жалаң гана соода-сатык менен оокат кылабыз деген жеңил ойго жетеленип кетишкени жашыруун эмес. Билим-илим улам өсүп отурган бүгүнкү күндө дыйканчылыкты деле, малчылыкты деле алдыңкы технологияларга таянуу менен жүргүзсө, майнабы өтө жакшы болоорун республикабыздын ар кайсы аймактарынын өкүлдөрү өз эмгеги менен далилдеп жатышат. Демек, «күнүмдүктү ойлобой» ак эмгектен баар табууну ойлогонубуз жөн.

Дагы бир немис ойчулу Георг Вильгельм Фридрих Гегель өткөн доордо эле минтип эскертиптир: «Адам тери жана адам эмгеги адам үчүн анын керектөөлөрүн канааттандыруу каражаттарын табышат» [2, 222-б.]. Адамдын керектөөлөрү болсо чексиз. Алар улам формасын өзгөртүп, улам көбөйүп келет. Байыркы доорлордо адамга курсагын тойгузуу гана башкы керектөө болсо, бүгүн түрдүү техникалык жабдуулар зарыл. Азыр адам баласы өзүнүн жашоосун жаңы маалыматтык технологияларсыз (компьютер, уюлдук телефон, смартфон ж.б.), тиричилик техникаларысыз, автоунаасыз элестете албайт. Бирок, маанилүү жагдай – адамга эмне гана керек болбосун, анын баарын адамдын маңдай тери менен ак эмгеги табат. Биз атаган, пикирлерин эске алган немис ойчулдары да Токтогул өңдүү XIX кылымда жашап өтүшкөн. Эми алардын терең философиялык ойлорунун карапайым кыргыз акынынын чыгармасына укмуштуудай үндөшүп турганын караңызчы?! Демек, Т.Сатылганов өз ырларында терең философиялуу ойлорду айтканы анык болуп турбайбы?!

Кайрадан акындын ыр саптарына кезек берели:

Жакшы азамат түрдөнүп,
Жалбырттаган жалындай.
Өзүн өзү асырайт,
Уурулукка малынбай,
Уятын ойлоп ар убак,
Ушак сөзгө чалынбай [3, 267-б.].

Элибизде «Укпайт деп ушак айтпа, билбейт деп ууру кылба» деген макал бар. Бул кыргыз элинин түптүү даанышмандыгынын, элдик философиясынын туу чокусуна барабар аксиома. Дал ушул маани акындын ырынын биз жогоруда келтирген үзүндүсүндө да камтылып жатат. Т.Сатылгановдун терең ишениминде «жакшы азамат» «уурулукка малынбайт» жана «ушак сөзгө чалынбайт». Ал эми бүгүнкү кыргыз коомунда «чоң уурулар» «азамат» деп макталат. Өлкөнүн болгон-бүткөн ырыскысын уятсыздык менен талап-тоногондор, менчиктештиргендер, уурдагандар өз коктусунун ичинде баатыр катары саналат. Андайларга мамлекет чара көрөйүн десе, уруу-уругу жабыла жол тосуп чыгат. Ата-бабабыздын айткан акыл-насаатын мына ушинтип бекем сактап жатабыз.

Негизи адам баалуулуктары киши баласынын баарына бирдей таандык болууга тийиш. В.Виндельбанддын ою боюнча баалуулук «жалпыга милдеттүүлүктү» болжойт, «жалпы баарынын милдеттүү таануусунда» [1, 206-б.] жатат. Ушул ченемден караганда, биз кеп кылып жаткан эмгек баалуулугу – жалпы адамзаттык баалуулук. Муну Т.Сатылганов жаземдебей түшүнүп, күчү ашып-ташып турган жаштарды ак эмгекке үндөйт:

Эгин айдап, чөбүң чап
Эмгегиңден пайда тап.
Азамат болсоң, ак иштеп,
Аздыр-көптүр малың бак! [3, 267-б.]

Туура, адеп-аклагы бийик коомдо дал ушундай болууга тийиш. Биздин турмушта деле коомдун байлыгын эмгекчил адамдар жаратып жатышат. Анык азаматтар мына

ошолор. Ал эми аны талап-тоноп күн көргөндөр, же бөтөндүн каражатын алып (гранттарды), аны менен жашап, бирок эли-жерине каршы иш кылгандар сөздүн чынында митеге гана барабар. Митенин өмүрү болсо кыска, түбөлүктүү эмес. Дулдул акын Т.Сатылганов дал ушундай митечиликтен оолак болууга чакырат:

Малы бар деп бирөөнүн
Байлыгына суктанба.
Ачуулу болуп, эр жигит,
Аксымдыкка бут малба,
Көпкөндүккө жеңдирип,
Көрүнгөнгө мактанба [3, 268-б.].

Саясий экономияны негиздеген атактуу ойчул Карл Маркстын оюна назар салалычы: «Керектөө, өнүмдү жок кылып, муну менен ага бүткөндүк берет, анткени өнүм жөн гана заттандырылган ишмердик катары эмес, ишкер субъект үчүн предмет катары гана өндүрүштүн натыйжасы болот» [4, 27-28-бб.]. Мында көңүл буруучу жагдай – «ишкер субъект үчүн» дегени. Калетсиз сөз да, эгер адам ишкер, б.а. эмгекчил болсо гана түрдүү өнүмдөрдү – азык-түлүктү, кийим-кечени, тиричилик буюм-тайымдарын ж.б. керектөөгө жарамдуу болот, б.а. аларды ак эмгеги менен тапкан каражатына сатып алып колдоно алат, ойлоп көрүңүзчү, эмгектенип каражат таппасак, кардыбызды кантип тойгузабыз да, үстүбүздү кантип бүтөйбүз?!

Ошентип, кыскача талдоодон көрүнүп тургандай, кыргыз залкары Токтогул Сатылгановдун «Насыят» аттуу чыгармасы тулкусунда жалпы адамзатка таандык зор баалуулукту – эмгек баалуулугун даңазалаган, Эмгекке үгүттөгөн идеяларды камтып турат. Мына ушундан эле биз акындын чыгармалары табиятынан терең философиялуу экенин, анын ар бир көркөм туундусунда зор адеп-аклактык баалуулуктар уюп жатканын көрө алабыз. Демек, анын чыгармалары кылымдан кылым өтө жашай берет. Биздин алдыбызда турган милдет – Т.Сатылгановдун чыгармачылыгын баалуулуктук негизде изилдөө, анын чыгармаларына аксиологиялык нукта илик жүргүзүү. Бул жаатта изилдөөлөр жасоо кыргыз илиминин бир катар тармактарын – кыргыз философиясын, кыргыз адабияттаануусун алга карай адымдап өнүгүүгө бет алдырат. Т.Сатылгановдун ойчул акын катары нускасы, үлгүсү мына ушунда.

Адабияттар:

1. Виндельбанд В. Прелюдии. Философские статьи и речи. – СПб., 1904
2. Гегель Г. В. Ф. Сочинения. – М.; – Л., 1934. Т. 7.
3. Кыргыз адабияты. Антология. Акындар поэзиясы. 3-том. – Бишкек: КЭ, 2012
4. Маркс К, Энгельс Ф. Соч. Т. 46. Ч. I.
5. Фихте И. Г. Ясное, как солнце, сообуение широкой публике о подлинной сууности новейшей философии. – М., I937

ТОКТОГУЛДУН ЫРЛАРЫНДАГЫ ЭМОТИВДҮҮ ЛЕКСИКА

Исмаилова Зина
КР УИА ага илимий кызматкер

Эмоция аталышы адамдагы эң татаал кубулуш. Адам объективдүү чындыктагы оң жана терс кубулуштарды, көрүнүштөрдү аң-сезим менен туюп, эмоциялык абалда өзүнүн көзкарашын, мамилесин реалдуу чагылдыра алат (1, 12-бет). Ал бул өз кезегинде эмоциялык тил каражаттарынын, анын ичинде эмотивдүү лексиканын пайда болушуна алып келет, т.а. адам өзүнүн жеке көз карашын, ички туюу-баамдоолорун сырткы чөйрөгө же же болбосо белгилүү бир объектиге сөз менен жеткирет. Демек, эмоция, эмоциялуулук түшүнүктөрү баары биригип келип эмоциялык лексиканын калыптанышын шарттайт (3, 14-бет).

Адамдын эмоционалдык сезими канчалык татаал болсо, тилдин эмотивдик-экспрессивдик каражаты да ошончолук ар түрдүү. Тил каражаттары аркылуу адамдар өздөрүнүн ойлогон оюн, эркин, максатын, каалоосу, сезимин ж.б. толуп жаткан эмоционалдык абалын билдире алышат. Ал эмоциялык-психологиялык абал тилдин коммуникативдик түзүлүш аркылуу ишке ашат. Эмотивдүү сөздөр жаратылыштык көрүнүштөргө, нерселерге, айтылып жаткан ойго карата болгон сүйлөөчүнүн байкоосун, баамын, сезүүсүн, кабыл алуу мүнөзүн билдирген сөздөр болуп, сүйлөмдүн мазмунуна ар түрдүү мүнөздөгү экспрессивдик эмоционалдык маани кошот.

Эмотивдүү сөздөр мааниси жагынан абдан көп жана бай экени белгилүү. Алардын ичинен терс эмоцияны билдирген сөздөр көп маанилүүлүгү белгилүү, о.э. терс кырдаалды жаратып, бири-биринен маанилери боюнча айырмаланып турушат. Эмотивдүү сөздөрдүн табияты сүйлөөчүнүн, жазуучунун жеке кеп маданиятынын өнүккөндүгү, т.а. тилдик бирдиктерди орду менен колдонуусу аркылуу аныкталат. Ошондон улам терс маанидеги эмотивдүү сөздөр эң татаал тилдик факты б.с.

Терс эмоцияны туюнткан тилдик бирдиктер бир нече маанилик топторго бөлүнөрү белгилүү. Биз кайгы маанисин Токтогулдун ырларынын негизинде анализдөөгө аракет жасайбыз .

Негизинен ажырашуу, өлүм, көңүл калуу, иренжүү жана мүдөөсү ишке ашпоо өңдүү факторлор кайгы эмоциясын жаратат. Кайгы эмоциясы даана байкалган мимика менен мүнөздөлөт жана капа болуу (грусть), муңаюу (уныние), жылдызы түшүү жана көңүлү чөгүү (хандра) катары баштан кечирилет. Кайгы эмоциясы коммуникациялык, мотивациялык жана эмпатияны жаратуу милдеттерин аткарат жана адамдын турмуш агымын акырындатып, аны артына кылчайтып каратат.

Терс эмоцияны билдирген тилдик каражаттар Токтогулдун ырларында терс маанилерди туюнтуу, чындыкты так жана элестүү берүү максатында пайдаланылат. Биз терс эмоцияны туюнткан тилдик бирдиктердин айрым гана маанилик топторуна топтолдук. Ызалануу мааниси адамдагы кимдир бирөөгө капа болуу, ызалануу же жеке турмушуна жана жалпы эле айлана- чөйрөсүндөгүлөргө нааразы болгон учурундагы жактырбоо, капалануу сезимдерин чагылтат. Бул маанинин түпкүлүгүндө терс маани жатат:нааразы же ыза болуу сезимдери.

М.,Ачкадан өлчү күнүмбү?
Өз элиме жете албай
Өлөр күнүм бүгүнбү?
Көтөрүп баккан Топчубай
Көп эстеп ыйлап жүргөндүр,
Көрөмбү сенин тирүүңдү?
Көк чынарда сайраган,

Көрүнөө булбул жан элем,
Көчөдө өлчү күнүмбү?

Жалаа кылып бай-манап,
Жазалуу кылдың башымды.
Көзүмдөн агат мөндүрдөй,
Ким шыпырат жашымды?
«Кеткин» деп кыштак кондурбайт,
Ким билет курсак ачымды?
Ачкадан өлсөм көчөдө,
Ала карга чокуйбу?
Алтындай болгон башымды?
Азапка салып сенделтти,
Анык булбул асылды…
Ыйлап жүрүп өткөрдүм
Ышкылуу өмүр жашымды…, -

деген ыр саптарында акындын нааразы болуу, кимдир бирөөлөрдү жек көрүү, айыптоо, кайгыруу, ыйлоо маанайын билдирет.

Нааразы болуу- кимдир бирөөгө же өз жашоосуна, тагдырына, турмушуна нааразы болуудагы терс эмоция. Нааразы болуу маанисин билдирген тилдик каражаттар кеңири колдонулганы менен башкалардан айырмаланат. Нааразы болуу- капалануу мааниси менен жалпылыгы бирдей. Себеби, бирдей эмоцияны билгизишет (кайгыруу, капа болуу, нааразы болуу). Бирок экөөнүн кызматы эки башка.

М., Жаралдым беле насипсиз?
Кармалып келдим жазыксыз.
Жорго элем жолдон жаңылбас,
Жорток болдум басыксыз.

Туулдум беле насипсиз?
Тутулуп келдим жазыксыз?
Дубанды бузган жорго элем,
Топор болдум басыксыз.

Манаптар сага не жаздым?
Басынып элден адаштым.
Бутумда кишен шалдырап,
Мусапыр болуп жөө бастым.
Кор кылдың, залим, кантейин?
Кошогумдан адаштым.
Капасына түртүп ийгендей
Кайсыныңды талаштым? (Туткун ыры).

Мында капалануу да, кайгыруу да, нааразы болуу да маанилери берилгендиктен, буларды бирдей түшүнүк деп карай албайбыз, себеби мында ар бири өзгөчө маанилерди туюндурат. Жыйынтыктап айтсак, нааразы болуу мааниси бул жерде акындын жашоосун, тагдырын жана нааразычылыгын көрсөтөт.

Каршы болуу мааниси адамдын макул эместигин билдирген сезимди чагылдырат. Мындай маанидеги сөздөр так, туура, туруктуу болот, б.а.так сезимдерди билгизет.

М., Эстесем, болуш, жаман иш
Элдин канын сорушун?
Кылбагын, болуш, чырыңды,
Билбейсиң, менин сырымды,
Кожо, молдо, эшендер
Жалган сөзгө сыйынды.
Адиңден ашкан болушсуң,
Кылайсың күндө жыйынды.
(Эшен-калпа)

Ошентип, каршы болуу маанисинде акындын бирөөнүн ишине, пикирине каршы болуусу, ага каршы чыгуусу сыяктуу терс эмоцияны билгизди.

Кыжырдануу мааниси- бул сөздөр өтө эмоциялуу, көркөмдүү болот. Кыжырдануу мааниси жек көрүү сезими менен бирге келет да, жогорку эмоцияны билгизет.

М., Балапандай уйпалап,
Чыгым салып эл жедиң,
Чыркыратып жардыга,
Эч бир теңдик бербедиң.
Жалдыратып жардынын
Жалгыз атын сен жедиң.
Жетим, жесир алсызга
Карабадың, беш каман.
Жетилсин деп жардыны
Санабадың, беш каман. («Беш каман»).

Бул саптарда акындын жек көрүү сезими менен айтылып, эң жогорку терс эмоцияларды билгизет.

Арман кылуу мааниси- бул өкүнүү маанисинин жогорку баскычы катары турат. Ал сүйлөөчүнүн ой-максатка жетпей калгандыгына билгизген маани.

Бул мааниде адамдагы аттиң ай деген, же кысылуу сезимдери көрсөтүлөт. Арман кылуу мааниси нааразы болуу маанисине окшоп кеткени менен экөө эки башка сезимдер.

М., Кайгырбай кантип айтайын,
Колума кишен салганын.
Элиме келсем, ашынды
Эзилип жүрөк арманым.
Башкага тийип кетиптир
Башында сүйүп алганым.

Эки көз көрбөй тунарып,
Экинчи кайгы, муң алып.
Энем бар үйдө, балам жок,
Эзилип жүрөк муңайып.
(Токтогул менен Эшмамбет).

Бул ыр саптарында өткөн ишке өкүнүү, акындын арман кылып турган абалы ачык, образдуу туюнтулат. Кыскасы, Токтогулдун ырларында ар бир эмотивдүү сөз ошол мезгилдин өзгөчөлүгүн берүү максатында колдонулган.

АДАБИЯТТАР

1. Ажыбаева З.А., Зат атооч сөздөрдө эмоционалдык-экспрессивдик манилердин берилиши (А.Жакыпбековдун «Теңири Манас» романынын негизинде); - КДА. - Бишкек, 2003
2. Бабенко Л.Г., Лексические средства обозначения эмоций в русском языке, - Свердловск, 1989.
3. Кошматова Ж.Ж., Т.Касымбековдун «Сынган кылыч» романындагы терс эмоцияны туюнткан тилдик бирдиктердин семантикалык топтору: КДА, - Бишкек, 2011.
4. Токтогулдун чыгармаларынын эки томдук жыйнагы. I том. - Фрунзе.1989
5. Шаховский В.И., Категоризация эмоций в лексико-семантической системе языка, - Воронеж, 1987-193.

ТОКТОГУЛДУН АКЫНДАР ПОЭЗИЯСЫНДАГЫ ОРДУ

Аман кызы Бакытгүл
С.Нааматов атындагы НМУ, п.и.к., доцент

Кылымдардан бери сөз кадырын аздектеп келген кыргыз эли көптөгөн акын-төкмөлөргө, жамакчы-жомокчуларга, санжырачы-манасчыларга өтө эле бай болушкандыктарын тарых улам далилдеп келет. Байыркы кыргыз элинин таланттары табигат менен бирге жашагандыктан, анын ар кандай кубулуштарына мезгилге, айга, жылдыздарга карай өзгөрүп туруучу көрүнүштөрдү ырдын тилине салып саяпкерлик менен ырдап келишкендиги жалпыбызга маалым. Бул багыттагы ар кандай таланттуу инсандардын чыгармалары бүгүнкү күндө акындар поэзиясынан өздөрүнүн даңазалуу ордун таап, эстетикалык жактан баалуулугу менен турмуш сабактарынан, өткөн мезгилден сабак берип келет. Мурунку мезгилдердеги калктын социалдык абалын импровизациялап ырдап, айрым учурда күүгө салышып өнөрүн элге тартуулап келген акындарыбызды арбын кездештирүүгө болот.

Жалпыга белгилүү жазма адабиятыбыз пайда болгонго чейин эле «ыр» деген түшүнүк пайда болуу менен катар, ал сөздү жана обонду бирге камтып келгендигин, убакыттын өтүшү менен сөз жана күү өз бет алдынча маани бере баштаганын да эстен чыгарбашыбыз керек. «Акын» деген сөздүн кыргыз тилинде пайда болушу көбүнчө жазуучу акындардын чыгармачылыгы менен байланышып, алар өздөрүн ырчы дебестен, акын деп атай баштаган (5, 8-б.). Кыргыз элинен чыккан акындарыбыз уккан - көргөндөрүн ошол ордунан төгүп ырдап, калың журтка аттары таанымал болуп келишкен. Мындай акындардын катарын Токтогул, Калык, Жеңижок, Осмонкул, Алымкул, Барпы, Тоголок Молдо, Ысак Шайбеков жана башка көптөгөн таланттар толуктап келишет.

Биз сөз кылалы деп жаткан акыныбыз Токтогул Сатылганов. Ал өзүнүн көптөгөн ырлары, айтыштары, санат-насыяттары аркылуу кыргыз адабиятыбыздан, акындар поэзиясынан ордун тапкан. Анын дээрлик бардык чыгармаларында жашоонун маңызы, аруулук, ыйман, улууну урматтоо, кичүүнү ызаттоо деген сыяктуу турмуштук мыкты үлгүлөр камтылган. Ал төкмө акын, обончу, комузчу, куудул, дастанчы, ойчул болгон. Айылдаштарынын айтымына караганда жана адабий булактардан улам атасы Сатылган, энеси Бурма ырга шыктуу, күү жандуу адамдар болгондугунан кабардарбыз. Болочоктогу акын он үч жашынан ырдап, комуз черткен. Ал 15 жашка чыккандан

тартып, айыл аралап ырдай баштайт. Анын бул аралыктагы чыгармаларында лирикалык ырлары басымдуу орун элей тургандын аңдоого болот. Бул оюбузду акындын алгачкы ырларынан болгон «Эмне кызык», «Гүлдөп ал», «Алымкан» сыяктуу жана башка ырлары ырастап бере алат. 1882-жылы Токтогул Дыйканбай манаптын ырчысы Арзымат менен беттешип аны жеңет. Ошондон тартып акын элге таанылып, атагы чыга баштайт. Бул жылдары Токтогулдун ырларында алдыңкы демократиялык идеялардын камтылып, аздап өнүгө баштаганын байкоого болот. Атүгүл, бай-манаптар акынды өздүк ырчысы кылып арууга аракеттерин да жасашкан. Бирок алардын оюна көнбөгөндөн кийин Бактияр баш болгон бий-болуштар «Токтогул Анжиян көтөрүлүшүнө катышкан» деген жалган жалаа менен 1898-жылы акынды каматышат. Ошол мезгилдеги убактылуу согуштук сот Токтогулду адегенде өлүм жазасына буйрук чыгарып, кийинчерээк ал жети жылдык сүргүн жумушу менен алмаштырат. Бул аралыктагы башынан өткөргөн оор кырдаал акынды басынтып коё алган эмес, тескерисинче акынды чыйралтып, турмушка жашоого болгон көз карашын терең калыптандырган десек болот.

Токтогулдун жашоого болгон көз караштарын кайсы бир деңгээлде бүгүнкү жашоого, чындыкка жакындаштырууга себеп бар. Акын сүргүнгө чейин жалпыга демократ-акын катарында белгилүү болсо, сүргүн мезгилинде анын саясий көз карашы өсүп, жаңы алдыңкы идеяларды камтыганын анын чыгармаларынан кылдат байкоого болот. Мисалы, Токтогулдун алгачкы учурдагы «Беш каман», «Эшен калпа» деген жана башка чыгармаларында эзүүчү таптын мүчөлөрү дейбизби, аларды сынга алган. Бул акындын ошол учурдагы көз карашын билдире турган болсо, сүргүндөн кийинки ырларынын мазмуну кенен кулач жайып, терең ойлорду камтып, байыганын көрүүгө болот.

Токтогул ашыктык ырларынан тартып терме, санат, насыят, үлгү, алымсабак, айтыш ырларынын бардыгын ар түркүн обондор менен ырдаган. “Насылкан”, “Акбары”, “Арман”, “Чоң кербез”, “Келгендеги кербезим”, “Туткун ыры”, “Балам жок”, “Элиме качан жетемин” жана башка ондогон обондор мукамдуулугу, уккулуктуулугу аркылуу, улутубуздун ыр түрүндөгү чыгармачылыгынын уюткусун түзүүгө салым кошкон десек жаңылышпайбыз. Муну менен гана чектелбестен Токтогул акындар поэзиясындагы айтыш өнөрүнүн баштоочуларынан, аны жайылтуучулардан десек ашыктык болбос. Мисалга ала турган болсок, «Армандуу чымчык», «Торгой менен турумтай», «Эрке сары», «Чайкама», «Карөзгөй», «Тогуз кайрык» жана башка күүлөрүн атоого болот. Кыргыздын белгилүү элдик аспаптык “Камбаркан”, “Ботой”, “Кербез”, “Шыңгырама” аттуу күүлөргө өзүнүн жаңы күүлөрүн да жараткандыгын да атай кетсек болот. Токтогул жогоруда белгилегендей ар тараптуу өнөр ээси болгон. Токтогулдун көзү тирүүсүндө өзүнүн аткаруусундагы бир да обону, ыры, дастаны кагаз бетине жазылып калган эместиги изилдөөлөрдө айтылып келет. Бирок, 1928-жылы москвалык музыка изилдөөчү А.Затаевич Токтогулдун өзүнүн аткаруусунда “Токтогулдун тогуз кайрык”, “Шынгырама кыз ойготор”, “Алайдын миң кыял”, ” Токтогулдун кербези” жана башка 18 күү жазып, ал гана турсун Токтогул төкмө акын, обончу, ырчы, куудул, комузчу гана эмес, “Жаныш-Байыш”, “Курманбек”, “Саринжи-Бөкөй”, “Кедейкан”, “Олжобай менен Кишимжан” аттуу дастандарды айткандарын жазып алгандыгын адабияттардан кездештирсек болот. Улуу демократ акыныбыздын өз учурунун мыкты таланты экендигин, анын маданияттуу, билимдүү, тыкан инсан экендиги шексиз жана көптөгөн тарыхый булактардан, илимий изилдөөлөрдөн ынанып келебиз. Ал өзбекче, казакча, татарча, орусча ырдап, алардын күүлөрүн балалайкада, комузда черткендиги чоң чебер экендигинен таамай кабар берет. Ар кыл талант ээси ондогон ырчылар менен комузчулардын устаты болгондугун эске сала кетсек. Азыркы

биздин тил менен айта турган болсок, Токтогул акын өз мектебин түзгөн деп айтууга себеп бар. Калык, Коргол, Алымкул сыяктуу акындарга үлгү болуп, андан таалим алышкан.

Андыктан акындар чыгармачылыгынын ири өкүлү Токтогул Сатылгановду жана анын чыгармаларын XX кылымдагы кыргыз профессионалдуу адабиятыбыздын негизделип, түптөлүшүнө зор салым кошкон десек жаңылышпайбыз.

Адабияттар

1. Асаналиев К. Көркөм нарк.-Ф.: Кыргызстан, 1988
2. Айталиев А. Залкарлар арасында.-Ф.: Кыргызстан, 1986
3. Виноградов В.С. Токтогул Сатылганов и киргизские акыны. –М;-Л.: Музгиз, 1952
4. Обозканов А. Төкмөлүктүн башаты, калыптануу этаптары жана синкреттүү табияты. –Б.: “Шам”, 2006
5. Саманчин Т. Кылыч жазуучу акын. XIX жана XX кылымдын башындагы кыргыз адабиятынын тарыхынан. - Ф.: Кыргызстан, 1948,8-б

АКЫНДЫН ӨЛБӨС КЕРБЕЗИ

Исмаилова Бактыгүл
ОшМУ, доцент

«Колтугунан кичинекей кызыл өрүк комузду сууруп, тепкесин бектеп коюп, анан бир түркүн чоочугандай, бир түркүн тобокелге баш байлай жың-жың күүлөп, тиги айтылуу комузчу мурда күүлөгөн кылдын ыргагын эстеп, артынан кууп күүлөдү. Каеринен жаңылат? Ныязаалы эки көзүн чылк жумуп, кулак төшөп калды. Туура! Комуз туура күүлөндү. Ныязаалы эки көзүн шарт ачып, эми Токтогулдун колуна кадалып тиктеп калды. Дуу, дуу, күү, күү кетти комуз. Ниязаалы башка эчтеме укпай, көрбөй кадалды. Жаш Токтогул күүнүн бир мукамын калтырбай, бар бурумун терип, өзү да бериле оштонуп, дүңгүр кактыра шатман, чапчаң чертти…

Токтогул эки көзүн чылк жумуп, жини түшкөн бакшыдай буулугуп, комуз менен үн коштоп, төгүп ырдап жиберди. Те алыстан ат арытып, жер көрүп, эл таанып, асыл сөз, асем күү самап, күмүштүн күкүмүндөй бирден терип үйрөнүп жүргөнүн баян кылды.» [1, 112-113-бет]

Айтылуу акын, «тоо булбулу-Токтогул» менен окурмандар Төлөгөн Касымбековдун «Кел-кел» романынын так ушул атактуу комузчу Ниязаалы менен учурашкан жеринен тааныш болушат. Демек, Токтогулду алгач угуп-билбеген окурман үчүн да дароо эле анын тайманбастыгы, таланты жөнүндө адепки маалымат берилгенсийт. Андан ары чыгармада Токтогулдун башынан кечирген тагдыры, чыгармачылыгы, коомдук-саясий абал, кыргыз элинин жашоо-турмушу тууралуу кеңири баяндалган. Бул атактуу акын Токтогул туурасындагы тарыхый-көркөм чыгарма, баян. Көркөм чыгармада акын жөнүндө мындай баяндалса, ал эми акындын акындык тагдыры, чыгармачылыгы жөнүндө илимий изилдөөчүлөр: адабияттаануучулар, тарыхчылар, философтор, усулчулар да өз учурунда, азыр да бир топ илимий макалаларды, эмгектерди жазып келишкен. Биз алардын айрымдарына токтолууну туура көрдүк.

Токтогул XX кылымдагы ак таңдай акындардын залкары. Анын ырчылыгы өзүнүн эскерүүсүнө караганда абдан эрте башталган.

Тынбай сайрап бул Токоң,
Он жашында ырдаган…
«Жаңшаган булбул болот»-деп,
Карыялар сындаган.

Бул маанилүү маалыматты берген «Балалык» деген ыр кылым аралыгын камтып жаткан адам өмүрүн көркөм таржымалдайт. Мында Токтогул Сатылгановдун өзүнүн балалык кезинен тартып өмүрүнүн акырына чейинки баскан турмуш чыйыры негизги өзөктү түзөт.

Бала кезде ырдасам,
Дайранын ташкын суусундай.
Барган сайын төкчү элем,
Башка сөзгө бурулбай.

Эмгекчил элдин мүдөөсүн ачык көздөө, эзүүчү төбөлдөрдүн эркине кескин каршы чыгуу Токтогул Сатылгановдун Октябрь революциясына чейинки чыгармачылыгынын эң негизги тенденциясы эле. Акындын «Замана» казалында коомдогу таптык-социалдык катмарлар ачык көрсөтүлгөн.

Байларга кең, кедейге
Тар кылгансың замана.
Кедейге туюк, байларга
Шар болгонсуң замана.
Байың сүйлөп кедейди
Тумчуктурган замана.

Бул ыр баштан-аяк таасирдүү салыштыруудан, антитезадан турат. Дароо ооздон айтылган ырда поэтикалуу элестердин үстү-үстүнө жаадырылып жатышы акындын устатчылык бийиктигин аныктап турат. [2, 124-125-бет]

Ал эми белгилүү адабиятчы жана сынчы Камбаралы Бобулов өзүнүн «Акындын өлбөс кербези» (макаланын аталышы ушуга негизделди) деп аталган портреттик макаласында атактуу акындын тагдыры жана чыгармачылыгы жөнүндө кеңири изилдөөгө алган. Макалада акындын жеке жана акындык тагдыры жөнүндө бир топ маалыматтар берилет.

Орус адабиятын Пушкин, украиндикин Шевченко, казактыкын Абай, грузиндикин Руставели, латыштыкын Райнис сыяктуу өз адабий чөйрөсүндө таңкы Чолпон жылдызындай жанып чыккан адамдарсыз элестетүү мүмкүн болбогондой эле, кыргыз адабиятын да Токтогулсуз көз алдыга келтирүү кыйын, - деп башталат макала.

Токтогулдун чыгармачыл отунун бар күчү жана кубаты улуу акындын тээ жаштайынан баштап, өлөөр-өлгөнчө ырдап өткөн ырлары менен күүлөрүндө турмушту бурмалабай, так өзүндөй бергендигинде болсо керек, анын эл оозунда айтылып калган санжыралуу өмүрү өзүнүн улуу поэзиясында чыпчыргасы коробой кашкайып көрүнүп турат. Кыргыз акынынын дүрбөлөңдүү турмушу жана бай-манаптарга каршы айыгышкан күрөшү, адам чыдагыс кыйын жагдайларга да моюн бербей, адамзаттын жаркын келечегине чексиз ишенгени эрдик жана ар-намыс идеалдарын ыйык туткан ар бир адамдын жан дүйнөсүн козутуп, суктануу сезимин жаратат. [3, 270-бет]

Андан ары адабиятчы Токтогулдун китебин эң алгач колуна алган балалык кезин эскерген. Ал Токтогулду өмүрүнүн үч түрдүү курагында үч түрдүү кабыл алып, түйшүктөнгөнүн окурман менен бөлүшөт. Эң алгач жети же сегиз жашында атасы кочкул кызыл тыштуу калың китепти сунуп жатып: «Балам, бу китепти түбөлүк сакта. Бу биздин Токтогулдун ырлары»,-деп Ош шаарынан алып келип бергендигин,

Токтогулдун өзү менен таанышкандыгын, анын теңдешсиз үнүн угуп, эң сонун ырларына курсант болгонун айтып берген. Ошондон баштап Токтогулдун ырларын такай окуй баштаганын, атасы менен апасына окуп бере тургандыгын, армандуу балалыктын эң сүйүктүү китеби болуп калгандыгын жана Токтогулдун кайгылуу тагдыры жүрөгүндө терең из калтыргандыгын эскерген. «Токтогулдун поэзиясы адамды өмүр бою коштоп жүрөт да, ар кайсы кураста улам жаңы жактары менен көрүнө баштайт. Мен да жашыма жана көңүл кушума жараша анын чыгармачылыгынан улам жаңы нерселерди табам». [3, 273-бет]

Токтогулду бала кезинде энеси Бурма алпештеп өстүрдү. Ал киши жанда жок сулуу, акылы да тетик жан эле, сөзгө чечен, көптөгөн элдик ырларды, дастандарды жатка айтчу, күндүзү оор жумуштан кийин чарчап-чаалыкканына карабай, сүйүктүү уулуна тээ түн бир оокумга чейин ыр ырдап, тайманбас эр азаматтар, айкөл адамдар жөнүндө жомок айтып берүүчү. Энекесинин шарапаты менен Токтогулдун назик жүрөгү ач көз байларды жек көрүүнү, адилеттик деген асыл сезимди эртелеп туйду. Токтогул тырмактайынан баштап эне сүтү менен гана эмес, бешик ырларын, тууган жеринин элдик ырларын оозанып чоңойду. Токтогул тууган энесинин жаркын элесин зор эргүү менен ырдап, али да эл арасында айтылып жүргөн көптөгөн ырларын бекеринен ага арнаган эместир. Эне деген ыйык сөз Токтогул үчүн тууган эл менен барабар, эне менен эл анын чыгармачылыгында тыгыз айкалышкан. Сибирге сүргүнгө айдаларда эл алдында «Кош, апаке!», «Кош элим!»- деген өзүнүн эң сонун ырларын да бекеринен ырдаган эмес.

Адам чыдагыс азап-тозокту көрүп, далай кыйынчылыктардан кийин, эптеп абактан качып чыгат да, эки жыл бою казактын ай далаасында көрүнгөн конуштан кайыр сурап, акыры тууган жерине жеткенде азыр жамы журтка маалым «Апакем, аман барсыңбы?» жана «Эңсеген элим, аманбы?» деген ырларын сагынган элине ырдап берет;

Сексенде энем сен элең,
Сенделип кеткен мен элем.
Ак сүтүң менен чоңойткон,
Агын дайра кең элең.
Алты аркар жылдыз батканча,
Алты айланып эмизген.
«Анык акын Токтогул»
Кимдин уулу?-дегизген.
Айланып келдим алыстан.
Актоого ак сүт карзыңды.
Алдейлеп мени чоңойткон,
Апакем, аман барсыңбы?

Токтогулдун эне жөнүндөгү ырлары дүйнөлүк поэзиянын эне жөнүндөгү антологиясынан орун алууга татыктуу экендигин баса белгилеп көрсөтөт адабиятчы К.Бобулов.

Ал эми улуу акын Токтогулдун акын-педагог экенине анын бир топ мурастары күбө. Мындан сырткары шакирт күтүп, аны эл алдына татыктуу акын катары таанытуу үчүн да улуу устат бардык мүмкүнчүлүгүн аябастан жол көрсөткөн. Акындын мына бул асыл сапаттарын окумуштуу, адабиятчы К. Артыкбаев өзүнүн ак таңдай төкмө акын Калык Акиевдин чыгармачылык эволюциясына арналган «Устаттыктын улуу бийиктиги» деген макаласында кеңири баяндап өткөн.

Калык Акиевдин акындык өнөрүн жаңы бийиктикке көкөлөтүп алып чыккан окуя Токтогул Сатылганов менен болгон кездешүүсү экен.Бир жыйында Токтогулга малай

жүргөн ырчы бала бар экенин айтышат. Ошондо Токтогул дароо эле минтип ырдаган экен:

Көргөзгүлө көзүмө,
Ыраазы болсун сөзүмө.
Чала болсо өнөрү,
Ыр үйрөтөм өзүнө.
Ырчы болчу балабы?
Менден үлгү алабы?
Оюнда болсо акындык
Орундайт түпкү талабы.

Ошол күндөн баштап жаш ырчыны ар дайым өзү менен ээрчитип, далай жерди кыдырып, ырдашып, акындык өнөрдүн далай сырларын ага үйрөтөт. Эң биринчи кезекте ырчылык өнөрдүн ыйыктыгын, ал өнөргө шек келтире тургандай жаман жоруктардан оолак жүрүү керектигин, ырчылык чеберчиликти дайыма өркүндөтүп туруунун зарылчылыгын туюнтат. Экинчиден, ырчылык өнөр жеке бир адамдын эмес, жалпы элдин кастарлай турган маданий кенчи болгондуктан, анын мазмунун, маңызын элдин мүдөөсү менен ой-санаасы, келечек үмүтү менен күрөшү түзө тургандыгын башкы негиз кылып алууну улуу устат шакиртинин эсине бекем куят. үчүнчүдөн, «баш кесмек бар, тил кесмек жок» дегендей, кандай кыйынчылык башка түшсө да, чындыкты гана айтуу ырчынын башындагы негизги парз экендигин, калп сөз убактылуу салтанат курса да түбүнө эл тарабынан жектелип жокко чыгып кала тургандыгын Калыктын жадына биротоло куят.

Оо, балам Калык, тилимди ал,
Акыл айтам, кулак сал:
«Жакырмын деп» зарлаба
Аздыр-көптүр, бирөөнүн,
Дүнүйөсүн алдаба
Ууру, бузук, митайым,
Жалганчыны жандаба.

Саяпкер күлүктү акырындык, чыдамдуулук менен тапка келтиргендей, Токтогул да Калыкты чоң жарышка дароо сала койбой, алды менен ар тараптан жетилтип, анан эми чоң жыйындарга чыгып салабаттуулук менен ырдай алат деп толук ишенгенден кийин гана ага ак батасын берген. [4, 61-бет]

Устаттын шакиртине карата мындай мамилеси кайсыл мезгил болбосун педагогиканын принциптерине ылайыктуу экендигин жана Токтогулдун улуу педагог экендигин дагы бир жолу айгинелейт.

Ак таңдай акын Токтогул Сатылгановдун насаат ырларындагы өтө күчтүү коюлган адеп-ахлак (нравалык) темалары ооздон-оозго оңой тараган. «Жамандашып, эр жигит, бириңди бириң кемитпе», «Туура сүйлөп, түз жүрсөң кадырың болот калкыңа», «Мурунку жаман ишиңди кийинки жерде таштагын», «Адам болсоң туура жүр, кылт этип кыйшык баспагын», «Жолобо, балдар зыянга, күнүмдүк ишке кубанба» деген нуска ойлору менен жаш өспүрүм балдарды, тестиерлерди чыныгы адам болууга, адептүүлүккө үндөп, ыплас иштерден алыс болууга чакырат. Бул жагынан да алып караганда акындын мурастары балдар адабиятында, жалпы эле педагогикада опол тоодой орду бар чыгармалар.

Окумуштуу, адабиятчы К.Бобуловдун улуу акын жөнүндө жазган дагы бир маалыматы мени кызыктырды.

Токтогул кыргыз тилинин сөздүк фондусуна мурда колдонбогон «кербез» деген ары сыйымдуу, ары уккулуктуу сөздү киргизди.Бул түшүнүккө акын башынан кечирген

оор турмушун жана Сибирдеги сүргүнгө түздөн-түз байланышкан кейиштүү тагдырын сыйдырып, өзүнүн арман ырларынын баарын Токтогулдун кербези деп атайт.

Азыркы күндө Токтогулдун «кербездери» искусствонун бардык түрүндө: кинодо, театрда, живописте, ал эми илимде тил илими, адабияттаануу,тарых, философия жана педагогикада өзүнчө изилденген жана изилдөөнү талап кылган темалардан.

Сөзүбүздүн акырын улуу ойчул, дааныуман акын -Токтогулдун ысымы түрк руханий дүйнөсүн жана маданиятын байытып турган мурастардын сап башында турушу күмөн туудурбайт деген ишенич менен жыйынтыктоо туура болчудай.

Адабияттар:

1. Т.Касымбеков «Кел-кел» Ф., 1990-жыл, 112-113-бет.
2. М.Түлөгабылов «Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы» Б., 1991-жыл, 124-125-бет.
3. К.Бобулов. Тандалган чыгармалардын III томдук жыйнагы.Б.,2011-жыл,270-бет.
4. К.Артыкбаев. Акыйкат сабагы. Б.1991-жыл, 61-бет.

ИЛИМДИН БАБА ДЫЙКАНЫ

Карымшаков Санарбек
фил.ил.канд., доцент, Х.Карасаев ат. БГУ

Качкынбай Артыкбаев университетке кызматка келгенге (1967) чейин эле кыргыз жергесине адабий сынчы жана публицист катары таанылып калган.Студент кезинде “Алыкул Осмоновдун жаш акындарга тийгизген таасири” деген көлөмдүү макаланы “Ленинчил жаш” гезитине жарыялап, “Алыкул Осмоновдун чыгармаларындагы традиция жана новаторлуктун кээ бир маселелери” деген дипломдук ишин “эң жакшыга” коргой да, аны 1957-жылы “Ала-Тоо” журналына жарыялап,кыргыз адабий сынына интелектуалдуу, жөндөмү мол жаш автордун келатканын кабарлаган.Ал эми 1956-жылы “Ленинчил жаш” гезитинде бөлүм башчысы болуп иштей баштаганда эле гезиттин редактору Ш.Бейшеналиев менен бирге кыргыз элинин маданий мурастары жөнүндөгү эң керектүү талкууну уюштуруп,коом турмушундагы олуттуу маселелерди убагында көтөрүп, коомчулуктун пикирин түзө билген публицист экендигин да көрсөтө алган.

1962-жылы “Чалгын” деген ат менен адабий сын макалалар жыйнагын жарыялап,кыргыз адабий сынчыларынын ичинен биринчи болуп жеке автордун адабий сын жыйнагын чыгаруу ишин баштаган. Чыгаан философ,жалындуу публицист Асанбек Табалдиев менен бирдикте Кыргызстандан чыккан Улуу Ата Мекендик согуштун баатырлары жөнүндө тарыхый публицистикалык очерктеринин циклдерин 50-жылдардын экинчи жарымы,60-жылдардын башында гезит-журналдарга жарыялап,1965-жылы “Баатырлар сымбаты” аттуу китепти жарыкка чыгаруу менен,бул багытта алгачкылардан болуп чыйыр салышкан. “Ала-Тоо” журналында адабий сын бөлүмүн башкарып турганда К.Артыкбаев 1960-жылы чыккан “Кыргыз совет адабиятынын тарыхынын очерки” аттуу изилдөө китебине талкуу уюштуруп,бул эмгектин көптөгөн кемчиликтеринин ачылышына жана кыргыз адабиятынын көптөгөн маселелерин обьективдүү түшүнүүгө көмөктөш болгон.1960-жылдан К.Артыкбаев “Кыргызстан” басмасында көркөм адабият редакциясын башкарып,басманын кайнаган кызматында жүрсө да,сырттан окуган аспирантурага кирип, “Аалы Токомбаевдин акындык чеберчилиги жана анын “Таң алдында романы” деген темадагы кандидаттык диссертациясын мөөнөтүнөн мурда 1966-жылы жактап,филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ болот да,ошол эле жылы “Изденүүлөр жана табылгалар” аттуу монографиялык эмгегин,анданмурдараак,1964-жылы “Байчечекей” аттуу ыр китебин жарыкка чыгарууга үлгүрөт. Н. Байтемировдун “Табылган дептер” повести жөнүндө “Жагымсыз ойлор, жасалма образдар”, А.Саспаевдин “Сарала ит”, Т. Акматовдун “Күн болбой куруп кал”аттуу аңгемелери тууралуу “Күн менен сарала итте эмне айып?” өңдүү курч адабий сындарды гезиттерге жарыялап, адабий талаш-тартыштардын чордонунда жүргөн. Ал кездеги жаш жазуучулар С. Жусуев, Б. Сарногоев, А.Молдокматов, К.Осмоналиев, К.Жапаров, Ж.Тынымсейитова, А. Дыйканбаев өңдүүлөрдүн жана Р.Шүкүрбековдун, А.Бердибаевдин чыгармаларындагы жакшы баштамаларды көрө билип, чыгармачылык колдоого алуу менен алардын, туура багытта өсүүлөрүнө көмөктөш болгон. Басмада иштеп жүргөндө Ч. Айтматов, А. Токомбаев, К. Баялинов, А. Осмонов, К. Акиев, К. Досуев, Ы. Борончиев, Т. Шабданбаев, А. Бердибаев ж.б. баштап, кийинки жаңыдан китебин чыгарууга аракеттенген жаш жазуучулардын кол жазмаларын редакторлоого жана бардык көркөм чыгармалардын сапаттарын текшерип, аныктоого чейин активдүү катышып, басма

ишине эбегейсиз зор эмгек сиңирген (жылына 800-1000 басма табак көлөмүндөгү китептердин сапаттарын текшерип, редакция башчысы катары кол коюп, жоопкерчиликти аркалоонун өзү эле чоң эмгек) эмеспи.

Ошентип, 1967-жылы Кыргыз мамлекеттик университетине ага окутуучу катары кызматка жөнөтүлгөнгө чейин К. Артыкбаев жогоруда азыраак баяндалгандай, такшалып, илимпоз адабиятчы, сынчы жана акын катары таанылып калган эле. Кыргыз адабияты кафедрасына ага окутуучу болуп орношкондон тартып, ал "Адабият таануу илимине киришүү", "Кыргыз совет адабиятынын тарыхы" сыяктуу орчундуу лекциялык курстардан сабак өтүүнү колго алып, бир жылга жетип-жетпей адабий сын, адабий изилдөөлөрдөн турган "Ар түрдүү издер" китебин, "Тоолор менен сырдашуу " аттуу ырлар жыйнагын чыгарып, активдүү, жемиштүү иштөөнүн үлгүсүн көрсөткөн болчу. Ага окутуучу, доценттин милдетин аткаруудан тышкары 1970-74-жылдары университеттин филология факультетинин деканы болуп иштеп, бир эле учурда "Сын сапары" (1970), "Чыгармалар жана ойлор" (1974) аттуу адабий сын, адабий издөөлөрдөн турган китептерин, 1975-жылы "Жаркын өмүр" ыр китебин жана көптөгөн адабий сын макалаларды жарыялап, эмгекчилдиктин темпин андан ары күчөткөн.

1967-жылы "Кыргызстан маданияты" гезити жаңыдан чыга баштаган кезде анын 1-санына жарыяланган К. Артыкбаевдин "Адабиятыбыздын алгачкы башатына көз чаптырсак" деген макаласын өзгөчө бөлүп көрсөтүүгө болот. Анткени, бул макалада автор кыргыз адабиятынын тарыхын Токтогул, Т.Молдодон гана баштоо менен чектелбей, байыркы Орхон-Енисей таш жазууларындагы адабийй мурастардан баштоону, андан бери карай орто кылымда өз жерибизден чыккан улуу бабаларыбыз Жусуп Баласагын , Махмуд Кашкаринин "Кутадгу билиг", "Дивани лугат-ат түрк" эмгектирин үйрөнүү менен Жеңижок, Эшмамбет, Казыбек, Молдо Нияз сыяктуу 20дан ашуун акындарыбыздын чыгармаларын иликтеп, кыргыз адабиятынын тарыхына киргизүүнү, бир сөз менен айтканда, кыргыз элинин байыртадан берки адабият тарыхы бар эл экенин көрсөтөөнү сунуш кылган. Өзгөчө, бул макаладагы Жусуп Баласагын, Махмуд Кашкариге байланыштуу ойлор кызуу талкууну жаратып, жарым жылдан ашуун гезит бетинде жүргөн талаш-тартыштар жалпы окурмандардын көңүлүн бурган болчу. Ал талкууда айрым авторлор Жусуп Баласагын менен Махмуд Кашкаринин кыргыз элине тиешеси жок деген пикирлерди айтышса (А. Абдылдаев, Б. Аманалиев, Н. Назаралиев), көпчүлүк авторлор (Т. Сыдыкбеков, Ж. Таштемиров, Ө. Караев, З. Белекова ж.б.) К. Артыкбаевдин ой-пикирлерин колдоп чыгышкан.

1973-жылы К. Артыкбаевдин"Адабият таанубуздун актуалдуу маселеси" (кыргыз совет адабиятында социалисттик реализдин жаралышы жөнүндө)" деген көлөмдүү макаласы "Ала-Тоо" жураналына жарыяланып, бул макала да чоң талкууга айланып, көптөгөн адабиятчылар аталган маселе боюнча өздөрүнүн көз караштарын айтышып, адабий өнүгүшүбүздүн мыйзам ченемдүү процессин туура түшүнүүгө көп жагынан жагымдуу кырдаал түзүлгөн. Ал эми ошол эле 1973-жылы "Кыргызстан маданияты" гезитине жарыяланган автордун "Айтуучубу же жаратуучубу?" деген макаласы да кызуу, талаш-тартыштарды туудуруп, кыргыз эпосторунун өздүк варианттарын жараткан эң талантуу төкмө акындарды жалаң эле айтуучу (даяр тексттерди үйрөнүп айта бергендер) деп мүнөздөө алардын талантын туура баалабагандыкка жатар эле деген олуттуу маселе тууралуу ойлонтууга мажбур кылган.

Кыскасы, 1976-жыл өзү иштеген кыргыз адабияты кафедрасынын башчысы болуп шайланган К. Артыкбаев республикага кеңири таанылган илимпоз адабиятчы, адабий сынчы, дасыккан устат-педагог катары кафедранын ишин колго ала баштайт.Мына ушул мезгилден бери үзгүлтүксүз, активдүү иштеп, элибиздин маданиятынын өнүгүшүнө эбегейсиз зор эмгек сиңирип, басма сөз менен журналистииканын

жаңыланып, ар түрдүүлөнүшүнө бараандуу салым кошуу менен, адабият таануу илимин жаңы бийиктикке көтөрүп, жалындуу публицст жана акын катары таанымал болгон.

Республикадагы жападан жалгыз “улуттук”деп аталаган университетке Жусуп Баласагындан атын койдуруу тарыхын эске салып көрөлү. Университетке Жусуп Баласагындан атын койдуруу демилгесин К. Артыкбаев көтөрүп, бул маселенин ишке ашышы үчүн баш-аягы 35 жыл күрөш жүргүзүгөнү азыркы интеллигент замандаштардын көпчүлүгүнө белгилүү болуп калды. Бир караган адамага тигил же бул тарыхый инсандын атын тигил же бул көчөгө, мектепке, жогорку окуу жайына же жерге, айылга коюу иши күндөлүк көнүмүш иш сыяктуу кабыл алынышы да мүмкүн.

Жусуп Баласагындын атынын улуттук университетке коюлушунун өзүн айтып отурса өзүнчө эле чоң тарых. 35 жылдык бул тарыхты эгерде бир ышкыбоз таланттуу жазуучу колго алса, аны өзүнчө бир кызыктуу роман кылып жазар эле да, анын башкы каарманы К.Артыкбаев болор эле. Адегенде, жогоруда бир аз эскертилгендей, 1967-жылы К. Артыкбаев кыргыз адабиятынын тарыхын байыркы Орхон-Енисей таш жазууларындагы адабий мурастардан баштоону кыргыз адабият таануу илиминде биринчи болуп козгоп, анан орто кылымдагы бабаларыбыз Жусуп Баласагындын жана Махмуд Кашкаринин адабий мурастарын үйрөнүү менен улантууну сунуш кылганда ага айрым авторлор каршы чыгып, ал бабаларыбыздын кыргызга эч тиешеси жок деген талаш-тартыштардын кызуу талкууга айланган. Ошентип, өз бабасын тааный албай жаткан кыргызга бабасын таанытуу процесси өтө татаал жана кооптуу болгондугу (бул жерде ал кездеги бийлик ээлеринин кыргызда мурда жазма болгон эмес деп, Жусуп Баласагындын дастаны өңдүү жазуу түрүндөгү адабий эстеликтерге кол шилтеп койгон кырдаалды түзүшү, жазма болгон дегендерди БКга чакырып, суракка алып, жабыр тарттырган кырдаал жана башка кысымдардын күч алышы сыяктуу жагдайлардын болгондугун да эскерте кетели), ошондой кырдаалдарга, кысымдарга чыдап, күрөштү уланта берген К. Артыкбаевдин аракеттери, анан кайра куруу, ачык айтуу саясаты күчөгөн кезде Жусуп Баласагындын атын улуттук университетке койдуруу демилгесин көтөрүп, коллективге кол койдуруп, гезитке жазып чыгышы, ал эми эгемендүүлүккө жеткен учурда (1991-жыл) университетке Касым Тыныстановдун атын койдурабыз деп чоңдордон келип, университеттин жамаатынын чоң чогулушуна маселе койдурушканда К. Артыкбаев ошондо үч жолу чыгып сүйлөп, элди ынандырып, университетке Жусуп Баласагындан атын койдурууга жетишкендиги, ал үчүн К. Тыныстановду жактоочулар тарабынан көп душмандарды тапкандыгы, кийин ал душмандардын бийликте тургандарынын бири К. Артыкбаевди мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын курамынан эч себепсиз чыгартып таштап, өч алышы, ошого болбой 13жыл бою 4-5премьер-министрге кирип, гезитттерге кайра-кайра жазып (коллективдүү түрдө жана жеке автор түрүндө), көптөгөн чоң чогулуштарда сүйлөп, 2-3 ректорго жаман көрүнүп, (арызчы катарында) акыры президентке жазып, анан ректор А. Какеевдин колдоосу менен улуттук университетибизге Жусуп Баласагындын атынын 2002-жылы коюлушу айта койгонго жеңил болор, бирок ушунча көктүк, өжөрлүк менен күрөш жүргүзүүдө К. Артыкбаевдин аракетинде эмне деген чыдамкайлык, эмне деген чоң эрдик жатат!

Же болбосо К. Артыкбаевдин мамлекеттик тилибиздин маселелерин көктөрүп, 15 жылдай жүргүзгөн күрөшүн алып көкрөлү. Бул маселе боюнча 20дан ашуун курч публицистикалык маклаларды жарыялап, бийликтен жалтайлабай ой-пикирлерди, сунуштарды түз бетке айытып кыргыз тилин үй тили болуп турган абалынан куткарып, малекттик тилдин деңгээлине жеткирүүнүн жолдорун ачып, так көрсөтүп, анан “Мамлекеттик тилдин маселелери” деген китепти жазып чыгаруу аны бөлөк кыргыз филологдорунан бөлүп, алдыңкы катарга алып чыккандыгы азыр талашсыз чындык

болуп калды, тагыраак айтканда, лингвист филологдор жазбаган китепти адабиятчы филологдун жазып жарыялап коюшу чынында лингвисттердин намысына тиер иш болду десек, эч кандай аша чапкандык болбос эле.

Эми кафедра башчысы катары республиканын жогорку окуу жайларын жана орто мектептерин өркүндөтүү багытында ишке ашырган көптөгөн маселелеринин ичинен 1-2 гана мисалга кайрылып көрөлү: 1987-жылы К. Артыкбаев "Кыргызстан маданияты" гезитине "Жаңы программа жакшыбы?" деген макаласын жарыялап, анда орто мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун бир катар маааанилүү маселелерин козгоп, ошолордун ичинен мисалы, Жусуп Баласагын менен Махмуд Кашкаринин адабий мурастарынан окуу программасына киргизүүнү сунуш кылып, анан педагогика институту менен министрликте өткөн чогулуштарда ал сунуштарын ар татаптан негиздеп сүйлөп, акыры ошондон баштап, аталган улуу бабаларыбыздын мурастары орто мектептердин программасына киригизилип, окутулуп келүүдө.

К. Артыкбаедин байыркы мезгилден бүгүнкү күнгө чейинки кыргыз адабиятын, ошондой эле кыргыз фольклору менен Кытайдагы кыргыздарлын эл оозеки чыгармачылыгын жана жазма адабиятын жакшы билген универсалдуу билими анын үзгүлтүксүз кеп-кеңештерди айтып, типтүү окуу программаларынын туура, мазмундуу түзүлүшүнө көп жагынан жакшы багыт берип келгендиги азыр талашсыз чындык. Анын үстүнө пргораммалардын көпчүлүгүн түзүүгө өзү катышып, бул жагынан да кафедара башчысы катары айырмалана алды. Алсак "Байыркы мезгилден XX кылымга чейинки кыргыз адабиятынын тарыхы", "Акындар чыгармачылыгынын тарыхы" сабактарынын окуу программаларын проф. А. Абдразаков менен бирдикте, "Адабият таанууга киришүү" сабагынын программасын доцент С. Карымшаков менен бирге, "Кытайдагы кыргыздардын эл оозеки чыгармачылыгы жана адбияты" сабагынын окуу программасын филология илимдердин кандидаты Н. Турдубаева менен бирге, ал эми 1-курстан 5-курска чейин өтүлө турган "XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы" аттуу чоң лекциялык курстун типтүү окуу программасын К. Артыкбаев жалгыз өзү түзгөн. Булардан тышкары К. Артыкбаевдин консультанттык көмөгү менен проф. С. Закиров, Н. Турдубаева "Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгы", проф. С. Карымшаков менен проф. К. Байжигитов "Кыргыз адабий сынынын тарыхы", проф. Абдыразаков, доц. К. Жумалиев "Манас таануу " сабактарынын типтүү окуу программаларын, эл эми проф. К. Байжигитов, ага окутуучу Ш.Айтбаева фольклордук практиканын программасын түзүштү. Мына бул жогоруда аталган типтүү окуу программалары көп жылдарга чейин жогорку окуу жайларынын филология факультеттери үчүн билим берүүнүн негиздери болуп кызмат аткара бермек.

Бул жерде мына муну баса белгилей кетүү өтө орундуу болор эле: К. Артыкбаев көп жылдар бою (1958-жылдан бери) Кытайдагы кыргыз жазуучулары, илимпоздору менен тыгыз байланышта болуп, алардын чыгармаларын Кыргызстанга жайылтып, пропагандалап, мунун акыры улуттук университеттин филология факультетинин студенттери үчүн "Кытайдагы кыргыздардын оозеки чыгармачылыгы жана адабияты" деген чоң лекциялык курсту киргизүүгө жакшы мүмкүнчүлүк түздү. Албетте, мунун өзү да окуу процессине К. Артыкбаедин кошкон дагы бир орчундуу жаңылыгы болду.

Жогорку окуу жайларынын филология факультеттерин, орто мектептерди кыргыз адабияты боюнча окуу китептери, окуу куралдары менен камсыз кылуу боюнча кыргыз адабияты кафедрасынын мурдатан бери келаткан жакшы салтын андан ары улантып, жаңы бийиктикке көтөрүп, бул жагынан К. Артыкбаев башкарган кыргыз алдабияты кафедарсы өрнөктүү иштерди аткарып келген. 1982-жылы жарыкка чыккан "Кыргыз совет адабиятынын тарыхы" окуу китеби жогорку окуу жайларына арналган алгачкы окуу китеби болуп, муну жалгыз өзү жазып, бир чоң коллективдин же институттун

иштей турган ишин жалгыз өзү аткарып, сапаттуу окуу китебин жараткан авторго ыраазычылык билдирген пириклер басма сөздөрдө көп жарыяланып, акыры бул окуу китеби менен “А. Токомбаевдин акындык чеберчилиги” жана “К. Маликовдун чыгармачылыгы” окуу куралдары үчүн К. Артыкбаевдин Мамлекттик сыйлыктын лауреаты болушу кафедра үчүн гана эмес, жалпы унуверситет үчүн да чоң сыймыктуу жетишкендик болгон эле. Практик мугалим Бектур Исаков менен бирге түзгөн орто мектептердин 5-класстарына арналган “Биздин адабият” аттуу окуу китеби 1985-жылы республикалык жабык конкурста баш байгени жеңип алып, ошондон бери ал мыкты окуу китеби катары кайра-кайра басылып, колдонулуп келатат. К. Артыкбаев –орто мектептердин 11-класстары үчүн жарыяланып, колдонулуп келаткан “Кыргыз адабият” окуу китебинин да авторлорунун бири. Кыскасы, К. Артыкбаев –бүгүнкү күнгө чейин колдонулуп келаткан 23 окуу китеп,окуу куралдарынын, окуу программаларынын, 13 монография, адабий сын, адабий изилдөө китептеирини, 8 ыр китебинин,600гө жакын макалалардын, очерктердин автору болгон. Булардан тышкары ал түзгөн китептердин (А. Токомбаев, А. Бердибаев, А. Табалдиев, ж.Алыбаев, Бала Айылчы жана башкалардын жана которгон чыгармалардын (Жусуп Баласагын, Мырза Шафи,Р.Гамзатов, М. Миршакар ж.б.), редакторлогон китептердин тизмелерида бир кыйла арбын. Ошол эле учурда К. Артыкбаев ар жыл сайын ондон кем эмес коомдук милдеттерди аткарып, бул жагынан да өтө активдүүлүктү, иштиктүү ишмерликти көрсөтүп жүргөнүнө көп жылдардан бери өзүбүз да күбө болуп келдик. Баарын болбосо да, алардын айрымдарын атай кетсек, сөз жеткиликтүүрөөк болор. Кыргыз мамлекеттик (азыркы улуттук) университетинин алдында докторлук диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн адистештилиген кеңештин окумуштуу катчысы, “Кыргызстан маданияты” гезитин реакциялык коллегия мүчөсү, Президенттин карамагындагы Улуттук аттестациялоо комиссиясынын президиум мүчөсү, Бишкек шаардык аткаруу комитетинин алдындагы топонимика жана эстеликтерди коргоо комиссиясынын, КР УИАсынын тил жана адабият институтунун окумуштуулар кеңешинин, КР Өкмөтүнүн карамагындагы мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясынын, “Кыргыз тили” коомунун президиумунун, “Кыргызстан”, “Адабият” басмаларынын редакциялык кеңештеринин, Кыргыз улуттук университетинин, кыргыз филология факультетинин Окумуштуулар кеңешинин, КР илим жана техника жагындагы Мамлекеттик сыйлактарын ыйгаруу комитетинин мүчөсүж.б.

Ушунчалык көп милдеттерди жана кафедра башчысынын түйшүктөрүн бүт аткарып, анан жогоруда аталган көптөгөн эмгектерди жаратып, ага кошумча аспиранттарга, изденүүчүлөргө илимий жетекчиликти ишке ашырып,көптөгөн эл аралык, республикалык илимий конференцияларга эң эле көп баяндамаларды жасап, бардык жагынан алдыда болуп, кафедра мүчөлөрүнө гана эмес, көптөгөн адамарга үлгү болуу кудрети баардык эле кафедра башчыларынын колунан келип турбагандыгы айтпасак да түшүнүктүү го. К. Артыкбаев кафедра башчысы, илимий жетекчи катары таалим-тарбия берген кафедра мүчөлөрү К. Байжигитов, С. Искендерова, А.Калчаева,К.Абакировдор жана ошондой эле кафедра мүчөлөрү С.Закиров,Л.Үкүбаева жогорку окуу жайларына кафедра башчылары болуп иштеп жүрүштү.Ушул сөздөрдүн автору да Бишкек гуманитардык университетинин кыргыз адабияты кафедрасына башчы болуп иштей баштаганда К.Артыкбаевдин бай иш тажрыйбасынан таалим алгандыгынын пайдасын көрүп жаткандыгы үчүн дайыма ыраазылыгын билдирип жүрдү.

Көп жылдардан бери кыргыз тилин үй тилинен мамлекеттик тилдин деңгээлине көтөрүү үчүн күрөшүп,баалуу сунуштарды коомчулуктун алдына коюп жүргөн К.Артыкбаев мамлекеттик тилде мыкты жазылган илим жана техника жагындагы

эмгектер,окуу китептери үчүн Мамлекеттик сыйлыктарды ыйгаруу боюнча атайы орундардын болушун сурап, А.Акаевге кат жазып,ал сунуш колдоого алынып,президент өзүнүн мурдагы Указына өзгөртүүлөрдү киргизип,натыйжада 2000-жылы химия боюнча жогорку окуу жайларына арналып,мамлекеттик тилде жазылып жарыяланган окуу китептеринин цикли (жетекчиси Ү.Асанов),ошондой эле орто мектептер үчүн мамлекеттик тилде жазылган география боюнча окуу китеби (авторлор А.Исаев,А.Осмонов,Н.Бакиров)мамлекеттик сыйлыкка татыктуу болду.Бул демилгени көтөрүүгө себеп болгон жагдайлар мындай болчу.Жогорку Кеңеш илим жана техника жагындагы иштерди орус тилинде жүргүзүү жөнүндө токтом кабыл алып,андан бир аз убакыт өткөндөн кийин депутат Б.Гогаев “Вечерний Бишкек” гезитине берген интервьюсунда кыргыз тили илим жана техника жагына колдонууга жарабайт,аны тарыхый кырдаалдар ошондой абалга алып келип койгон деп,кыргыз тилин кемсинткен ойду айткан.Мына ушул фактылар К.Артыкбаевди кыргыз тили илим жана техникага колдонууга сопсонун жарайт деп гезитке макала жазып,жоop берүүгө мажбурлаган.Андан кийин ал илим жана техника жагындагы Мамлекеттик сыйлыктарды ыйгаруу комитетинин мүчөсү катары Президентке жогорку сунушун билдирген. Ошентип,иштин жыйынтыгында илим жана техника жагында колдонууга кыргыз тилинин жарай тургандыгы толук далилденип,ага шек келтиргендердин ооздору биротоло жап болгон.Эгерде К.Артыкбаевдин демилгеси болбосо,ансыз деле үй тилинин деңгээлинен көтөрүлө албай турган кыргыз тилинин илим жана техника жагындагы абалы дагы көпкө аянычтуу бойдон кала берет беле,ким билет...Илимпоз адабиятчы,сынчы,публицист жана устат педагог катары тоону томкоргондой чоң эмгек сиңирген кафедра башчысы К.Артыкбаевдин тынымсыз мээнеттенген жемиштүү аракеттери өкмөт тарабынан да жогору бааланып, ал Ардак белгиси ордени,Даңк медалы,Эмгек ветераны медалы, 20 дан ашуун Ардак Грамоталар менен сыйланды. “СССРдин жогорку билим берүүсүнүн отличниги”, “Кыргыз Республикасынын Элге билим берүүсүнүн отличниги” төш белгилери ыйгарылып, “Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер” наамына ээ болду.Кыргыз Республикасынын илим жана техника жагындагы Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты,Жусуп Баласагын атындагы сыйлыктын лауреаты болду.К.Артыкбаевдин тоо томкоргон инсан экендигине анын 2003-2004-жылы жарыкка чыгарган эмгектеринин өзү деле ачык далил боло алат.Алсак 1. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. 2004, 65 басма табак. Билим берүү министрлиги жогорку окуу жайлары үчүн окуу китеби катары бекиткен. Бул мурда чейрек кылымга жакын колдонулуп келген 35 басма табак көлөмүндөгү “Кыргыз совет адабиятынын тарыхы” окуу китебинин негизинде жазылган. Мурдагы китепке элүү жылдагы адабий өнүгүшүбүздүн тарыхы камтылса, бул жаңы окуу китебинде бир кылымдагы адабият тарыхыбыз баяндалган, тагыраак айтканда, мурда тыюу салынып келген материлдар алгачкы жолу камтылып (алар китептин теңине жакын көлөмүн түзөт), мурдагы тексттерге көптөгөн толуктоолор киргизилиген. Бир сөз менен айтканда, бул тарых “учтан түпкө” айтылып калуучу өтө зор фундаменталдуу эмгек. 2. Аалы Токомбаев (XX кылымдагы кыргыз жазма адабиятына негиз салуучунун чыгармачылык дүйнөсү жөнүндө). 2003, 24 б.т. Бул адабий изилдөө А.Токомбаевдин поэтикалык, прозалык, драматургиялык чыгармалары, адабий сын ишмердиги бүт бойдон кеңири талдоого алган, улуу жазуучубуз жөнүндөгү өтө зор эмгек болуп саналат. 3. Биздин адабият V класстар үчүн окуу китеби (Б.Исаков менен бирге), 28 б.т. Республикалык конкурста баш байгени жеңип алган бул окуу китеби 2004-жылы 4-жолу 50 миң нуска менен жарык көрдү. 4. Кыргыз адабияты.XI класстар үчүн окуу китеби (Авторлор менен бирге).-Б.: Бийиктик, 2004. Бул окуу китеби 2-жолу басылды. 5. Кыргыз адабияты кафедрасынын негизги сабактары боюнча

К. Артыкбаевдин жетекчилиги менен 9 типтүү окуу программалары жазылып жарыяланды. (Ал жөнүндө жогоруда азыноолак сөздөр да айтылды). 6. Жусуп Баласагын тууралуу баян. Китепти түзгөн жана үчтөн бир бөлүгүнүн автору болгон К. Артыкбаев улуу ойчул акын бабабыз Жусуп Баласагынга бул китеп аркылуу дагы бир өчпөс чоң эстелик курууга жетишти. 7. Дил сыры. Ырлар. Поэмалар. Котормолор.-Б.: Бийиктик, 2004,42,5 б.т. Бул китепке К. Артыкбаевдин негизги поэтикалык чыгармалары топтолуп, аяк жагына "Теңирге ачык кат" аттуу жаңы ыр китеби кошулган. Аталаган бир томдукту окуган окурман К. Артыкбаевдин поэтикалык той чабыты кеңири жана жан дүйнөсү назик акын экендигине дагы бир жолу ынанат.

Ал эми К. Артыкбаевдин көп кырдуу талант, көрүнүкүү илимпоз адабиятчы, сынчы экендигин акыйкаттык менен оң баалап, анын эмгектери жөнүндө газеталарга, журналдарга, китептерге жарыяланган макалалардан түзүлүп, 24 б.т. көлөмүндө 2004-жылы жарык көргөн "Качкынбай Артыкбаев " аттуу китеп анын сапаттуу эмгектенген, чаалыкпас инсан экендигин толугураак түшүнүүгө өбөлгө түзөт. Кыргыз Республикасынын борбордук улуттук китепканасы "Биздин окумуштуулар" сериясы боюнча 2004-жылы чыгарган "Качкынбай Артыкбаев" деген библиографиялык көрсөткүчкө ал жарыялаган жана ал жөнүндө жарыяланган эмгектердин тизмелери камтылган. 8 басма табактан турган бул көрсөткүч-түшүнгөн адамга уникалдуу көрсөткүч, анткени мындай көлөмдөгү тизмелердин жыйнагы К. Артыкбаевлдин эбегейсиз көп эмгектенгендигин ачык көрсөтүп.

1958-жылдан журналисттер союзунун, 1962-жылдан жазуучулар союзунун мүчөсү катары калемин улам курчуткандан курчутуп, тынымсыз эмгектенип, жогоруда биз бир аз элестеткендей, көп тармактарда эбегейсиз чоң эмгек сиңирген К. Артыкбаевдин калтырып кеткен бай мурасы жөнүндө айтылчу сөздөр али дагы алдыда.

КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНЫН ТАРЫХЫН ИЗИЛДӨӨ (К.АРТЫКБАЕВ МЕНЕН К.АСАНАЛИЕВДИН ИЛИМИЙ САБАКТАРЫ)

Мамбеталиев Кубан
ф.и. д. Ала-Тоо Ататүрк университети

Ар бир изилдөөчү өзү жашаган доордун талаптарына жооп берет, анын эмгектери ошол доордун "контекстине" жараша бааланышы керек. 20-кылымдын жетимиш жылы биз үчүн совет бийлигинин астында өттү, мезгилдин ушул өлчөмүнүн жарымысы Качкынбай Артыкбаев менен Кеңешбек Асаналиевдин эмгек жолуна туш келди.

1980-жылдарда республикабыздын жогорку окуу жайларынын тажрыйбасында биринчи жолу кыргыз адабиятынын тырыхы боюнча фундаменталдуу түрдөгү бир окуу китеп жарыкка чыкты. "Кыргыз совет адабиятынын тырхы" деген китеп. Мамлекеттик сыйлыкка арзыган эмгек, ушу китептин негизинде автор докторлук диссертацияны коргоду. Буга чейин мындай болгон эмес, андан кийин да болгон жок. Ушул китеп эгемендүүлүктүн күндөрүнө чейин студенттерге негизги окуу курал болуп берди. Мага бул китептин мазмуну өзгөчө жакын, себеби орус тилине которгом, ал кезде диссертациялар Москвадагы ВАКтан бекилчи, ал жерге бул китеп орус тилиндеги варианты менен кошо жөнөтүлгөн**[1].**

2004-жылы автор өзү ушул эмгектин негизинде "20-кылымдын кыргыз адабиятынын тарыхы" деген китепти чыгарды, бир жарым миң нуска менен, көлөмү 41 басма табак. Билим жана маданият министирлиги эмгекти жогорку окуу жайларында филология адистиги боюнча окуп жаткан студенттер үчүн окуу китеп катары бекитит

берген. Кириш сөзүндө редколлегиянын атынан минтип бааланган. “Чынында бул окуу китеби кыргыз совет адабиятынын жаралышын, калыптанышын жана өнүгүш процессине мүнөздүү мыйзам ченемдүү көрүнүштөрдүн теориялык, илимий-практикалык негиздерин, ошондой эле жазуучуларды жеке чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн туура иликтөөгө алгандыгы менен студенттердин гана эмес, илимий, адабий коомчулуктун, жалпы окурмандардын көп урунган китебине айланган болчу **[2, 3-б.].**

Баарысы так айтылган, бир эле сөзүн азыр алып салыш керек, “кыргыз адабиятынын” деген түшүнүктүн ортосундагы “совет” деген сөздү айтып жатам, себеби совет доорунда чыккан биринчи вариантында цензуранын айынан кирбей калган материалдар кирди, совет дооруна чейинки 20-кылымдын кыргыз адабияты кирди (1900-1917), “улутубуздун жазма адабияты 1924-жылы башталган” деген социалисттик реализмдин догмасы жокко чыгарылды. Совет доорундагы адабиятыбыздын өзү болсо жокко чыгарылбайт, себеби бул түбөлүктүү мурас, бирок ошол мезгилде компартиянын үстөмдүгүнүн негизинде ишке ашкан идеологиялык “көрсөтмөлөр” совет доору менен чогуу тарыхтын архивине өтүп кетти. Мына, ушуга байланыштуу (идеологияла) бир цитатаны берели. “Бул тарапта мен бир эле багытты билем, ал башынан аягына чейин чыгып, тарыхтын ыйык мурастарын талкалайт, эч бир компромисске барбайт, ишин кылдаттуу түрдө жүргүзөт, бул марксизм-ленинизмдин негизиндеги тарыхты түшүнүү”**[3, 10-б.].**

Коммунисттер идеологияны жана руханий маданиятты экономикадан чыгарбай эле, партиялык жана таптык принциптерден чыгарышкан (“партийность” и “классовость” деген терминдер пайда болгон), ал принциптер болсо саясатка негизделген. Анан ушундан “социалисттик реализм” деген теориясын ишке ашырышкан, адабитка, искусствого, маданиятка бул түздөн түз таасир эткен, себебитак ушул тармактарды тизгиндеш үчүн жаралган.

К.Артыкбаевдин окуу китебинде, албетте, соцреализмдин ыкмалары орун алган, антпесе учурунда китеп цензурадан өтпөй калмак. Ооба, китепте талдоого тандалган көркөм чыгармалардын өзүлөрү да соцреализмдин талабына ылайык жазылган, ал эми учурда бийлик тарабынан сынга алынган чыгармалар китепке кирген эмес, бул түшүнүктү, башкача болушу мүмкүн эмес эле, себеби ошол китептин максаты менен милдети совет доорундагы жана ошол доорго ылайык жаралган кыргыз адабиятынын тарыхын чагылдыруу эле. Ушул милдетти К.Артыкбаев артыкчылык менен аткарганын баалашыбыз керек. Кирбей калган, кыскартыланган чыгармалар, агымдар, ойлор, тыянактар эгемендүү доордо жарыкка чыккан китептин экинчи вариантында орун алышты. Азыркы күндөр үчүн бул окуу китеп (2004-жылы чыккан китеп) эбегейсиз маниге ээ болуп турат. Биринчи китеби совет доорундагы биринчи жана жалгыз түрдөгү олжо болсо,экинчи китеби эгемендүү доорго ошондой болуп турат. Дагы бир нерсени ушул жерден айта кетейин. 1994-жылы К.Артыкбаев “Талант сыры” деген китебин чыгарып, бул жерге түзөөтүүгө муктаж болгон маселелерди козгогон, Токтогулдун мурастарын чыгаруудагы терс көрүнүштөрдү айткан, Аалы Токомбаев менен Касым Тыныстановдун ортосундагы болгон тирешүү таржымалын тактаган **[4, 5-82-б.].**

Чыгармаларга берилген текстуалдык анализдер татыктуу түрдө жасалган, архивде сакталган жана басмадан чыккан материалдардын баарысы илимдин талаптарына толук жооп берилген деңгелде иштелип чыкты. Даталар, деталдар такталган, ар кандай көз караштар системалыштырылган, бирок айрым жерлеринде оңдой турган нерселер да бар, автордун жеке ыкмаларына байланыштуу нерселер, теорияга эмес, тажрыйбага такалып калышкан. Бир мисал келтирейин, автордун котормо аракетинен чыккан

мисал. Р.Шүкүрбековдун пьесаларын талдаган учурда (кеп экинчи, 2004-жылы чыккан китеп жөнүндө) бир кызык “прецедент” жаралды, муну автор өзү сезбей калды, себеби котормочулуктун кыраакылык сапатына басылып калыптыр. Райкандын “Менин айылым” деген пьесасы сахнага “аншлаг” менен коюлган, бирок идеологдорго жакпай калган, алардын сунушу менен орусча которулуп, орус драмтеатрдан көрсөтүшкөн, мазмунун өзгөртүп (сатиралык курчутун мокотуп), аталышын жаңыртып салышкан. “Менин айылым” түз которулбай, “Свет в долине” деп которулду. Күлкү жок, “аншлаг” жок, идеология бар, кыштактарга “лампочканы”(электричествону) киргизүү программага туташтырылып калган. Кыргыз вариантындагы Рысбек көрөрмандарга Жапалактын иниси катары сезилген, орус вариантында болсо ал каарман “жасалма куралга” (наглядное пособие) айланып калды. Схема. Анан К.Артыкбаев ушул вариантынын аталышын кыргызча түз которуп, китебине “Өрөөндөгү нур” пьесасы деп жазып салат, натыйжада Р.Шүкүрбековдун мурасына дагы бир кыргыз тилиндеги пьеса “кошулуп” калат, азыркы стилге салсак, вариативдүү түрдө кошулду**[2, 235-б].**

Мындай нерсени “курьез” деп коюшат. Билбеген адам китепканага барып. “Өрөөндөгү нурду” издейт, окуу китепте жазылып турса издейт да. Эми бул изилдөөнүн торуна илинген бир штрих, муну китептин кийинки басылышында оңдоп коюш оңой эле, “Өрөөндөгү нур” деген нерсени кайра “Свет в долине” деп которулса, иш заматта ордуна келет.

Кенешбек Асаналиев кыргыз адабий илимине теоретик катары кирген, жаңыча көз карашты, жаңы концепцияны,жаңы ыкманы түзгөн. Түгөлбай Сыдыкбековдун прозасын накта илимий деңгелде биринчи ушул талдаган. Чынгыз Айтматовдун чыгармаларынын поэтикасын масштабду түрдө аныктаган. Кенешбек агайды адабиятчылар “кенешчи” катары сыйлашкан, устат катары кабыл алышкан, шакирттеринин тизмесине мен да бармын, көп нерселерди үйрөнгөм. Агайдын эрудициясы кенен элен.

1978-жылы “Движение во времени” деген китеби чыкты,эки миң нуска менен, 14 басма табак. Анан ушул китеп адабияттын тарыхы менен теориясы боюнча диссертация жазгандар үчүн өзүнчө бир хрестоматияга айланып калды. Азыркы күнгө чейин эмкектин салмагы бөксөрбөдү, прозаны изилдегендерге бул классикалык үлгүдөй.

К.Асаналиевдин 2013-жылы чыккан “Адабий айкаш” деген китебинде орун алган фактыларды башка булактардан таппайсың, өзгөчө 1952-жылы “Манас” эпосу боюнча өткөн конференциядагы кырдаалды ушундай чеберчилик менен чагылдырыптыр,жөн эле бир “детективдей” окулат

[5, 190-224-б].

Ооба, бул илипоз да совет доорунда жашаган, ошонун тартибине ылайык илимий эмгектерин жараткан, бирок ошол доордун идеологиясына кул сыяктуу ынанган эмес, “саптардын ортосуна издерди калтырды” деген түшүнүк ушундай инсандарга тиешелүү айтылган (“писал между строк”). Албетте, Кеңешбек Асаналиевдин ой жүгүртүүсүнө, тыянак чыгаруусуна соцреализмдин таасири “тамга” сыяктуу тийгени байкалат, китептеринин айрым жерлерине чапталып калгандай сезилет. Мына, жанагы орус тилиндеги китебинен цитата, оригиналдан которбой берели. “Создавая образ Ыманбая, Тугелбай Сыдыкбеков в известной мере отталкивается от эпических традиций киргизского народа. Его знаменитая кляча Айсарала – образ до некоторой степени традиционный, отдаленно напоминаюүий знаменитых скакунов из наших героических поэм” **[6, с.173-174].**

Ошол учурда “фольклордун издерин жазма адабияттан табуу тажрыйбасы” өзүнчө бир бийик “модага” айланып калган, болбосо Иманбайдын “клячасын”

Манастын “тулпарына” кантип теңесин, адабий “параллель” башка жактан чыгып, Дон-Кихоттун “клячасына” такалып жатса. “Кляча клячага” теңелет да, “тулпар тулпарга”. Иманбай эпикалык баатыр эмес, бул Михаил Шолоховдун “дед Щукарь” деген пендесине окшогон эле кыргыз пенде. Муну биз “компаративистика” теориянын негиздерине туш келдирип айтып жатабыз.

Ал эми жалпылап айта турган болсок, анда Качкынбай Артыкбаев менен Кеңешбек Асаналиевдин илимий сабактарынын сапаты жогорку тепкичте турат, төмөндөбөйт, себеби түбөлүктү үлгү катары кабыл алынат. Кыргыз адабиятынын тарыхын, буга тиешелүү теориялык маселелерин, илимий жактан чечиле элек түйшүктөрүн изилдеген адистер үчүн бул китептер үлгүлүү мурас катары колдонулат. “Эл эмгектен эскерсин” деген сөз буларга дал келет, себеби тарыхыбыздан орун алып, адабият таануу чөйрөгө пайдасын тийгизип жатат, мындай деңгелдеги иштер “архивге” өтпөйт. Булардын илимий сабактарынын мөөнөтү бүтпөйт, себеби бул жандуулукка, полемикага жол ачкан сабактар.

Адабияттар:

1. Артыкбаев К. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. Филология факультетеринин студенттери үчүн окуу китеби. – Фрунзе, 1982.
– 528-б.
2. Артыкбаев К. 20-кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. Окуу китеп. – Бишкек, 2004. – 656-б.
3. Бердяев Н.А. Смысл истории. – Москва, 1990. – 176 с.
4. Артыкбаев К. Талант сыры. Адабий изилдөөлөр, адабий портреттер. – Бишкек, 1994. – 334-б.
5. Асаналиев К. Адабий айкаш. Эскерме баян. – Бишкек, 2013. – 312-б.
6. Асаналиев К. Движение во времени. Портреты. Полемика. Заметки. Критические миниатюры. – Фрунзе, 1978. – 276 с.

УЛУТТУК АДАБИЯТТА САЛТТЫК ТӨКМӨЛҮК ӨНӨРДҮ ИЗИЛДӨӨ ИШТЕРИНДЕ К. АРТЫКБАЕВДИН РОЛУ, ОРДУ

Турдугулов Али
филология илимдеринин доктору, профессор. Ж.Баласагын атындагы КУУ

Кыргыз адабиятынын тарыхын системалуу негизде тынымсыз изилдеп жүргөн окумуштуу, филология илимдеринин доктору, профессор Качкынбай Артыкбаев ошол улут адабиятынын тарыхынын салааларынын бири болгон ырчылар чыгармачылыгындагы салттуу төкмөлүк өнөрдү изилдебей, аны кыйгап өтө адбайт болчу, бул өнөрдүн изилденишине окумуштуу ири салым кошту.

Акындык поэзия, анын ичинде, салттуу төкмөлүк өнөр улуттук адабияттын тарыхында өзүнчө кайталангыс феномен да, көркөм мурастын өзунчө бир салаасы катары да адабият тарыхчыларынын, теоретиктердин, жалпысынан, адабияттаануу илиминин изилдөө объектисине активдүү айланган, изилдөө иштериндеги маанилүү маселе экендиги, асыресе, далилдөөлөрдү талап кылбаган көрүнүш.

Адабият тарыхынын, теориясынын, адабий сынынын системалуу

изилденилишине өзүнүн бараандуу салымын кошуп жүргөн филология илимдеринин доктору, профессор Качкьшбай Артьжбаевдин монографиялык жана

портреттик мүнөздөгү изилдөөлөрү[1] тарыхый-хронологиялык, адабий-теориялык, көркөм-эстетикальж жана адабий сынчылык изилдөөнүн обьектисинен апганда терең анализден өткөрүлгөн, ал эми методологиялык аспектиден караганда изилдөө обьектисине альнган ар бир маселенин генезиси менен процесси ар тараптуу анализге алынып, туура таспиеттелип, ары алгылыктуу корутунду-тыянактар чыгарылган илимий ири маанидеги изилдөөлөрдүн катарын толуктап турат.

Монографиялык (обзордук) изилдөөлөргө караганда конкрет бир чыгармачыл инсандын адабий мурасын изилдеген адабий портреттер басымдуулук кылган Качкынбай Артыкбаевдин «Акыйкат сабагы» (36) аттуу сын макалалар, изилдөөлөр, адабий портреттер жыйнагына эл ырчыларынын чыгармачылыгына арналган портреттик үч изилдөөсү киргизилиптир. Алар төкмө ырчы жана жазгыч акын, устаттыктын улуу үлгүсүн көрсөткөн Калык ырчынын адабий мурасына арналган «Устаттыктын улуу бийиктиги», айтылуу Арстанбек Буйлаш уулунун легендарлуу «Тар заманы» жөнүндөгү кеңири изилдөөсү жана эл ырчысы Абдрашит Бердибаевдин чыгармачылыгына арналган «Төкмөлүктөн профессионал поэзияга карай» аттуу изилдөөлөрү эле.

Профессор К.Артыкбаевдин адабий портрет түзүүдөгү, каралып жаткан маселенин «ийне-жибине» чейин «үргүлжү» карап, комплекстүү мамиле жасай билген адабиятчы катары касиеттерин, илимий жөндөмүн белгилөө менен жогоруда сөз болгон үч изилдөөнүн (балким, булардан башка да эмгектеринин) ар бирине өз-өзүнчө токтолуп, ушундан улам окумуштуунун акындык поэзияны изилдөө иштерине кошкон жеке салымын белгилеп алуу милдети алдыбызда турат.

Ырас, улуу ырчы Калык жөнүндө, анын элине калтырып кеткен адабий-маданий мурастары жөнүндө кыргыз адабияттаануу илиминде, акындык поэзияны изилдөө илиминде, кудайга шүгүр, көп эле изилдөөлөр жүргүзүлдү, алардын ар биринде алгъшыктуу пикирлер айтылып, ырчынын мурасына карата системалуу, калыпка салынган илим калыптанып калган учуру. Ошентсе да, Качкынбай Артыкбаевдин жазган адабий портрети акындын чыгармачылык концепциясынын бүтүндөй эволюциясына арналгандыгы менен баалуу деп туралы.

Адабиятчы-окумуштуу ыр жаратуунун, чыгармачылыктын табиятына кеңири мүнөздөмө берип, мында эл ырчыларынын чыгармачылык табиятынын өзгөчө жактарын белгилөө менен, мунусун Калыктын чыгармачылык эволюциясына байланыштуу караган. Калыктын чыгармачылыкка болгон шык-жөндөмү ойгоно баштаган сегиз жаш курагынан тартып, тагыраак айтсак, Эшмамбет менен Жаңыбай ырчынын алым-сабак айтышын жаттап алган бала Калыктын аткаруучулук жөндөмүнөн тартып, «Баскан жол» аттуу ири көлөмдөгү мемуардык чыгармасына чейинки чыгармачылыкта да, турмушта да кадимкидей «тиш кагып» калган мезгилинде жараткан ири көлөмдөгү «Курманбек», «Жаныш-Байыш», "Кедейкан», «Ак Мөөр» дастандарына чейинки узак мезгилди камтыган өмүрлүк да чыгармачылык да эволюциясын сыдыргыга салгандай саймедиреп баяндап, тим болбой, Артыкбаевдик стилде, тарыхый-хронологиялык тартипте баяндап, жадагалса, сынчылык изилдөөсүн жасаган.

Чыгармачылыкка жаңыдан эле аралаша баштаган бала Калыктын турмушунан зарыл үзүндүлөрдү келтирип, алардан тийипггүү жыйынтык-бүтүмдөрдү чыгаруу менен окумуштуу өзүнүн алгылыктуу ойлорун айтыптыр, ошентип Калыктын жаш

[1] К.Артыкбаев. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын арыхы. –Бишкек, 2004. Акыйкат сабагы: адабий сын макалалар, изилдөөлөр, адабий портреттер. –Бишкек, 1991. Талант сыры: адабий изилдөөлөр жана портреттер. –Бишкек, 1994. Устаттыктын улуу бийиктиги. –Ала Тоо журналы, 1989. № 1. 142-152-беттер.

кезинде эле калыптана баштаган адамдык касиеттеринен, «баарыдан мурда анын таптык позициясынын бекемделип, бай, кедейдин ажырымын жөн гана билип тим болбостон, жардылардын таламын талашып, ачык күрөшө баштаганына» чейинки тагдыр жолун, мунөз-касиеттерин белгилеп отурат. Калыктын аң-сезиминде улам терендеп отурган турмуш тажрыйбалары анын «коом турмушундагы ар кандай окуяларга, чындык көрүнүштөргө өзүнүн обьективдүү баасын берип, чоң социалдык жалпылоолорду көркөм сөз аркылуу айта билүү деңгээлине жетип калган» абалы чыгармачышыктагы устат-шакирт маселеси менен бирдикте каралган.

Төкмө ырчышарга мүнөздүү болгон өзгөчөлүк, асыресе, устат жана шакирт маселесине тыгыз байланышта каралышы керек экендиги К. Артыкбаевдин да көз жаздымында калган жок. Калыктын жалпы чыгармачыл тагдыр жолунда өтө чоң маниге ээ болгон улуу устаты Токтогулдун таасири өзгөчө белгиленип, баралына жеткире иштелгенин айтпай өтүү мүмкүн эмес. Ырас, ар бир акын кайсыл бир мезгилде кимдир бирөөдөн өнөр үйрөнүп, аны устат күтөт, а качандыр бир учурда өзү кимдир бирөөлөргө чыгармачылык сыр үйрөтүп, шакирт күтөт. Бул атамзамандан бери куйрук улап, үзүлбөй келе жаткан салт, чыгармачылык салт. Калыктын шартьшда да бул салт бузулган жок. Анын тагдыр жолунда чыгармачылык тыгыз байланыш түзгөн Токтогул, Женижок, Эшмамбет, Курман, Жаңыбай, Осмонкул, Токтонаалы, Ысмайыл, Абдрашит, Токтосун, Сарыкунан сыяктуу кыргызда салттык төкмөлүктүн классикалык үлгүсүн жараткан акындардын жоон тобу жатат.

Калыктын жалпы ырчылык өнөрүндө, акын катары да, адам катары да калыптанып, турмуштук терең түшүнүктөрү түптөлүп, ааламды андап-билүүнүн прогрессивдүү аң сезиминин өнүгүшүнө улуу устаты Токтогулдун чоң таасирин улам белгилеп отургаиы болбосо Калыктын айтыш өнөрүндөгү салтуу төкмөлүктүн баралына жетүү учурун анын Эшмамбет менен болгон айтышы менен байланыштырат, үзүндү келтирели: «Эшмамбет менен болгон айтышуу – бул бизге белгилүү маалыматтарга караганда Калыктын элге белгилүү болуп калган чоң ырчылар менен болгон поэтикалык биринчи беттешүүсү. Эгерде бул беггешүүдө жеңилип кала турган болсо, Калыктын төкмөчүлүк, ырчылык өнөрүнүн чектелүү экендиги билинип, угуп турган элге анын бедели алда канча төмөн түшүп калмак. Анткени, айтыш - акындын акындыгын, таамай айта алган сөзмөрлүгүн, тапкычтыгын, чечендигин, бир сөз менен айтканда, төкмөчүлүк күчтүү өнөргө ээ экендигин, же көрөңгөсүнүн тайыз экендигин көрсөтүүчү бирден-бир сыноо трибунасы болгон. Мына ушу чоң сыноодон жаш ырчы Калык тайсалбай шыр өтө алгандыгыш мыша ушул айтышта ачык көрсөткөн»[2].

К.Артыкбаевдин сөз болуп жаткан изилдөөсү жалпы сомосунан алып караганда эл ырчысы Калыктын чыгармачылык эволюциясына саресеп салган изилдөө экенин айттык эле. Арийне, окумуштуу ал эволюцияны кылдат тарыхый-хронологияльж тартипке салып, ар бир этапты өз-өзүнчө пункттарга кашкайта көрсөтпөсө да, Калыктьш жалпы чыгармачылык өмүр жолун, андагы карманган багыт-принциптерин «жеңилден-оорго, жөнөкөйдөн-татаалга» карай өсүп-өнүгүп отурган диалектикалык кыймылды таспиеттеп отурганын байкоо кыйын эмес. Ошентип, окумуштуу анализдеп отурган чыгармачылык эволюцияны төмөнкүчө этаптарга бөлүштүрүүгө болоор эле:

1. Калыктын чыткурсак бала кезинен эле чыгармачылыкка ынтаасын коюп, айрым жаттап алган ырларын айтып, өзү да ыр жарата калып, ааламды андоо аң-сезими

[2] Артыкбаев К. Акыйкат сабагы: адабий сын макалалар, изилдөөлөр, адабий портреттер.-Бишкек: Адабият, 1991. -64-бет.

түптөлүп отурган мезгили.

2. Таптык аң-сезими калыптанып, анысы адамдык да, акындык да позициясына бекем орноп, элдин мүдөөсүн канааттандыра ала турган абалга өсүп жетилген ырларды жарата баштаган мезгили.

3. Чыгармачылыкта Токтогулду, Жеңижокту устат күтүп, алардан, айрыкча, Токтогулдан таасир алып, ырларынын мазмундук жана формалык жактан жеткилең, калыпка салынган абалы К.Артыкбаевдин сөзү менен айтканда, «Калык өзүнүн чыгармачылык методунун башкы принцибин биротоло бекемдеди, ал принцип Токтогулдун үлгүсү менен чындыкты айтып ырдоо».

4. Кыргыз элинин Октябрь төңкөрүшүнө чейинки социалдык-саясий, маданий турмушунун Калыктын ырларынан орун алышы. Эл турмушундагы таптык диктелүүлөр, крама-каршы эки коомдук түзүлүштүн табияты, Калыктын өзү өкүл болгон эзилүүчү карапайым элдин жокчулук абалы, «жер кепеде» өткөргөн аянычтуу күндөрүнүн реалдуу сүрөттөлүшү.

5.Кыргыздын тарыхында улуу бурулуш (жоготуу) болгон улуттук геноцид, 1916-жылдагы улуттук боштондук көтөрүлүштү, анын себептерин жана натыйжаларын өз көзү менен көргөн Калыктын чыгармачылыгында бул тарыхый окуянын көркөм чагылдырылышы.

6.Октябрь төңкөрүшүнүн жеңиши менен элдин турмушуна эркиндиктин келиши. Социалдык-саясий, экономикалык турмуш жагдайынын кыйла оңолушу менен эл маанайындагы кубаныч-сүйүнүчтү, Лениндин, партиянын, анын идеологиясына ылайык жүргүзүлүп жаткан жаркын турмушту даңазалоо.

7. Качкынбай Артыкбаевдин сөзү менен айтканда: «Калык 1936-жылы Кыргазстандьш мамлекеттик филармониясына кызматка өтүп, өмүрүнүн акырына чейин республиканын чар тарабын кыдырып, өлкөбүздүн көптөгөн жерлеринде болуп, олуттуу жыйындарга катышып, көргөн-билгендерин, өзүнүн ой-туйгуларын төкпөй-чачпай төгүп ырдап, уккан адамдардын черин жазып, кумарын кандырып жүрүп өттү, улуттук искусствонун пайдубалын негиздөөчүлөрүнүн катарынан орун алды»[3]. Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги чакырык формасындагы үгүт-насыят ырларын деле ушул этапка кошо туралы.

Белгилүү го, бул урунттуу мезгилдер акындын чыгармачылыгынын улам бийиктеп да, тереңдеп да отурган диалектикасынан, эволюциясынан гана озордук кабар берип чектелбейт. Эң оболу, мындай өсүш көп кырдуу тематиканы, мазмун жана формалык тынымсыз изденүүлөр менен ийгилик-түйшүктөрдү, жаңы табылгаларды, а эң негизгиси, таланттын тынымсыз такшалып олтуруунун шарттады. Ошентип, Калыктын чыгармачылындагы улам өр таяп отурган эволюциялык өсүш К.Артыкбаевдин изилдөөсүндө өз баралына жеткендигин айтышыбыз зарыл.

Профессор К.Артыкбаевдин салттуу төкмолүк өнөрдү изилдөө иштерине кошкон бараандуу салымдарынын бири - айтылуу Арстанбек акындын чыгармачылыгына болгон илимий мамилеси, анын «Тар заман» казалынын тегерегиндеги изилдөөсү болуп калды.

Деганкиси, Арстанбектин «Тар заманына» кеңири пландагы изилдөөлөрдү жүргүзүү анын көркөм чыгарма катары темасы менен идеясын, мазмуну менен формасын, композициясы менен проблематикасын текстологиялык, не адабий-лингвистикалык изилдөөлөрдү жүргүзүү мындай турсун, анын автору Арстанбек Буйлаш уулунун жалпы мурасы, алардын улуттук адабият менен маданияттын өнүгүшүндөгү ролу менен орду тууралуу жалпы жолунан иликтеген иштердин

[3] Артыкбаев К. Аталган эмгек, -78-79-беттер.

башталганына аз эле убакыт болду. Мындай обьективдүү жагдайды эске алганда, КАртыкбаевдин сөз болуп жаткан изилдөөсүнүн мааниси менен нарк-насили ого бетер жогорулагандан-жогорулап отурат, муну жашырыш кыйын.

«Тар замандын» текстиндеги айрым сөздөрдүн кандай мааниде колдонулуп жатканына айрым түшүндүрмөлөрүн берип, К.Артыкбаев, казал жаралган мезгилдин социалдык-саясий портретине мүнөздөмө берип салган, мунусу казалдын текстиндеги «дечү эле», «орус», «буйрук менен кондурган», «сарт», «жакшылар» сыяктуу терминдик түшүнүктөрдүн тегерегиндеги ойлорунан көрүнөт. Айрыкча, «узун чөптүн баарысын оруп, кыска чөптүн баарысын коруп келе жаткан орустун (бул, окумуштуунун трактовкасында Россиянын колонизатордук саясаты эле) ченчи кылып жерди алганын, бээден тууган керди алганын, карды салык байды, кача турган жайды алганьш» Арстанбектин аң-сезиминде кандай кабыл алынып, кандай чагылдырылганы анализге алынат. «Орус элинин эмес, - деп жазат, окумуштуу, Россия падышачылыгынын колонизатордук саясатынын адегенде казак жергесинде үстөмдүккө ээ болгон мезгилинде ал жактагы абалдан кыргыздардын Арстанбек өңдүү алдыңкы өкүлдөрүнүн кабардар болгондугу да талашсыз чындык» (119 - беттен).

«Тар заманга» кылдат текстологиялык анализ жүргүзүү менен «жасоолдор келет шарактап, жардынын атын карактап, жасоолдор ылгабай минди айгырды, жакшылардын баарысы, мына ушундай болдук деп, жатып алып кайгырды» деген саптардан акындын заман абалын реалдуу сүрөттөп жатканы таспиеттелет. Ырас, «Тар заман» сыяктуу тематикадагы чыгармаларды жараткан авторлор (алар бир топ эле болчу) идеологиянын капшабына кабылып, жалпы журтка, окурмандардын калын катмарына таралуу укугунан ажыраганы белгилүү эмеспи. Алар не диний-мистикалык позициясы үчүн, не саясий-идеологиялык жаңылыштыгы менен цензуранын талаптарына ылайык келбей, укуктары чектелгени белгилүү, мында маселе ал жөнүндө деле эмес. К.Артыкбаев Арстанбектин кандай себептер менен ошого тушугуп отурганына өзүнүн реалдуу мамилесин билдире алганы жөнүндө болгону оң. Изилдөөчүнүн кабыл алганына, түшүндүрмөлөрүнө ылайык Арстанбектин бул казалында диний-мистикалык, шовинисттик позиция деле, чектелген түшүнүктөр деле жок эле. Тек гана элдин саясий-социалдык абалы начарлап, укуктары чектелип калганы (буга адабиятчы текстен конкрет мисалдарды келтирет) маселенин чоо жайын чечип, төркүнүн тапканы иштин реалдуу абалына төп келээрин айталы. Чынында эле, «Тар заман» дал ушунусу менен баалуу да, барктуу да, ары таасирдүү, ары актуал, бир сөз менен түшүндүрө келгенде, нукура классикалык мурастардын тизмесинен орун табаар алгылыктуулугу да ушунда эмес беле. Бул инсан боюча изилдөөдөгү адабиятчынын корутунду бүтүмү ушул болду: «XIX кылымдын орто чегиндеги кыргыз элинин коомдук турмушунун ар тараптан тарып, колонизатордук режимдин алкагында калып, улуттук-боштондуктан ажыраган мезгилдеги көрүнүшүн Арстанбек «Тар заман» деп эң таамай аныктаган. Адабиятта чын сөз эч качан өлгөн эмес. Чындыкты туура чагышдырган Арстанбек өңдүү акындар да убактылуу тумчуктурулуп келгендигине карабастан, өлбөс болуп эл оозунда кала бермек»(124 – беттен).

Демек, эл ырчылардын адабий мурастарын изилдөө иштерине кошкон бараандуу салымы үчүн профессор К.Артыкбаевдин эмгектерин өзүнүн нукура нарк-насилин төмөндөтпөй баалап алуу жагы калды, бул - маселенин экинчи жагы.

Айтыш өнөрү илгертен муундан-муунга эстафета иретинде берилип, чыгармачылыктын соолбос үлгүсү катары кастарланып келе жаткан салттуу өнөрдүн (жөрөлгөлөрдүн) бири. Чыгармачылык өнөр катары айтыш ушул бүгүн да өзүнүн профессионалдык бийик деңгээлин орнотуп, улам жаңы форма, мазмун жаратьш, келечекте да жаңы бийиктиктерди аларына шек туудурбайт.

Бирок, адабият менен искусствободогу өзүнчө көркөм кубулуш катары акындык өнор (айтыш өнөрү, салтуу төкмөлүк өнөр) өзүнүн чыныгы профессионалдык апогейине жеткен учурун алда качан жашап, жылдызы жанган мезгили артта, он тогузунчу менен жьшырманчы кылымдардын тогошкон мезгилинде калды көрүнөт. Ч.Айтматовдун сөзү менен айтканда, «эми ошондой өнөрдүн өкүлдөрүн тарых кайра жаратпайт окшойт».

Айтыш өнөрүнүн табияты чыгармачылык менен ички психологизмдин ширелүүсүнөн жаралган сейрек кездеше турган өнөр. Мында төкмөлүк (импровизация) биринчи планга чыгат. Бирок, акындардын баары эле төкмө болушкан эмес. Бул маанилүү маселеге биз кийин, өзүнчө изилдөөдө токтолобуз.

Акындар поэзиясынын өзүнчө бир бутагы катары айтыш өнөрү кыргыз адабият таануу илиминде кыйла жылдардан бери изилденип келет. Филология илимдеринин доктору, профессор К.Артыкбаев адабияттын тарыхын изилдеп жүргөн адис катары акындар чыгармачылыгына, андагы төкмөлүк өнөргө да саресеп салып жүрөт. Анын 1991-жылы «Адабият» басмасынан жарык көргөн «Акыйкат сабагы» аттуу адабий изилдөөлөрүнүн топтомунда акындык өнөргө байланышкан үч портреттик ири тема бар экенин жогоруда айткан элек. Алардын бири эл ырчысы Калыктын чыгармачылык концепциясынын эволюциясы тууралуу жазылган «Устаттыктын улуу бийиктиги» деген изилдөө экенин да, Арстанбектин «Тар заманы» жөнүндөгү изилдөөсү да, дагы бирөө «Төкмөлүктөн профессионал поэзияга чейин» деп аталган изилдөө экенин да айттык эле, мында эл акындарынын бир өкүлү Абдрашит Бердибаевдин чыгармачылыгына арналган ири изилдөө экендиги белгилүү. Изилдөөдө А.Бердибаевдин акын катары калыптанышына өбөлгө, шарт түзгөн бир катар өбөлгөлөр жөнүндө маалымат берилет.

Биринчиси, Абдрашит атактуу акын Калыктын шакирти Сарыкунан менен жолуккан соң ага чыгармачылык канат бүттү, шыгына шык кошулуп, таланты өркүндөй баштады. Бул отузунчу жылдардын башы эле. Кыркынчы жылдарда Абдрашит белгилүү төкмө Осмонкул менен жолугушат. К.Артыкбаев мында бул эки акьндын айтышына (жолугушуу, учурашуу айтышына) кеңири токтолуп, анын акындык өнөрдү өздөштүрүүсүндөгү экинчи этаптын башталганын белгилейт.

Экинчиси, Абдрашит Бердибаевдин чыгармачылыгынын музыка өнөрү менен байланышы жөнүндө далилдүү, ары кызыктуу ойлор айтылат. Мында акындын аткаруучулук мүмкүнчүлүгү толугу менен ачылат.

Үчүнчүсү, Акындын ырларына белгилүү композиторлор А.Малдыбаев, М.Абдраев, Ж.Шералиев, Б.Эгинчиевдин музыка жазып, чыгармачыльж тыгыз байланышта болушкандыгы, ал байланыш кыргыз искусствосунун өсүп-өнүгүнүшүнө өбөлгө түзгөнү жөнүндө айтылат.

Жөнөкөйдөн татаалга өөрчүп отурган ар кандай нерсенин эволюциясын көрсөткөндөй, сөз болуп жаткан макала А.Бердибаевдин чыгармачылык өсүү эволюциясын айныбай келептеп берген. Мында оозеки поэзиянын кыртышынан өнүп чыккан акындын талант-дарамети, поэтикалык чеберчиликтин жогорку профессионалдык деңгээлине жеткен эволюциялык жолу берилет. Дегинкиси, КАртыкбаевдин сөз болуп жаткан макаласында мындан бөлөк да толуп жаткан баалуу ойлор бар, алар жөнүндө кийинки, өзүнчө изилдөөлөрдө сөз кыларбыз.

Жогоруда бир нече ирет профессор К.Артыкбаев эл ырчыларынын чыгармачылыгы боюнча портреттик изилдөөлөрдүн мыкты иштегенин белгиледик эле, мындай ойдон эми деле баш тартпайбыз. Бирок, бул изилдөөчү-окумуштуу акындык поэзияны методологиялык жактан изилдөөдө ал адабий портреттер менен эле чектелген эмес. Асыресе, анын акындык поэзияны изилдөө иштерине кошкон дагы бир (балким,

эң негизги) салымы катары окуу куралдары менен окуу китептери жөнүндө сөз болгону оң.

Белгилүү эмеспи, жалпы кыргыз адабиятын окуп-үйрөнүү процессинде материалдар негизги үч баскычта каралып, алардын ар бири өзүнчө көркөм процесс катары этаптарга бөлүштүрүлүп, системалуу түрдө үйрөнүлөт. Логикага сыярлык мындай көрүнүш мектепте да, орто билим берүүчү атайы адистештирилген окуу жайларышда да, жогорку окуу жайларында да бирдей принципте ишке ашырылат. Системалуу үйрөнүлүп жаткан ал баскычта: фольклор, эл акындарынын чыгармачылыгы жана бүгүнкү күндөгү жазма профессионал адабияттын өкүлдөрүнүн адабий мурастары.

Эгерде үйрөнүү процессинде фольклор менен профессионал жазма адабият канчалык маанилүү орунга коюлса, акындар чыгармачылыгы да ошондой эле милдет өтөп, ошондой эле маанилүү орунга коюлат.

Ушул позициядан чыгып, акындар чыгармачылыгын илимий жактан кылдат үйрөнүүгө үлкөн милдет тагъшып, ал боюнча мына кыйла жылдардан бери окуу китептерин жазуу иши жакшы жолго коюлуп келет. Мунун айкын далили катары профессор К.Артыкбаевдин автордук жана уюштуруучулук талыкпас эмгегинин аркасында жазылган жана басмадан чыгарылган «Кыргыз акындарынын чыгармачылыгы» аттуу үч бөлүктөн турган окуу куралын атап туралы. Алардын биринчи бөлүгү 1988-жылы, экинчи менен үчүнчү бөлүктөрү 1992-жылы Кыргыз Мамлекеттик Улуттук Университетинин басмаканасынан жарык көргөн эле.

Окуу куралдарынын аннотациясы айтып тургандай, аларда кыргыздын бир катар акындарынын чыгармачылыгы боюнча жазылган портреттик бөлүмдөр, макалалар киргизилип, ал акындардын ар биринин чыгармачылык жеке өзгөчөлүгүнө байланышкан жаны маалыматтар берилген. Сөз болуп жаткан окуу куралдарынын буга окшогон бөлөк эмгектерден айырмаланган биринчи касиети ушул. Экинчи жагынан, ал окуу куралдарындагы тигил же бул проблемага (темага) арналган портреттик же обзордук бөлүмдөр (макалалар) обу жок чубалжыбай, так жана кыска берилгендигинде. Үчүнчү жагынан, ал окуу куралдарынын өзгөчөлөнгөн касиети жупкадай гана болгон чакандыгына карабай, ал китепчелер окурмандардын кеңири чөйрөсүнө даректелген.

Тагыраак айтканда, алар студент менен аспирантка, окуучу менен мугалимге, жогорку окуу жайынын окутуучусу менен жалпы филолог адистерге арналган. Сөз болуп жаткан окуу куралдарынын портреттик бөлүмдөрүн же айрым чакан параграфтарын профессор К.Артыкбаев, профессор Л.Үкүбаева, профессор А.Абдразаков, доцент К.Байжигитов, доцент С.Искендерова, ага илимий кызматкер К.Кырбашев сыяктуу адабий чөйрөгө эчак таанымал болуп калышкан окумуштуулар жазышкан.

Дегинкиси, бул жерде мындай окуулуктарды даярдоо иштериндеги автордук жана уюштуруучулук аракеттеринде тыным билбеген окумуштуу К.Артыкбаевдин кыргыз адабиятынын тарыхында өзгөчө маниге ээ болгон акындык поэзияны, анын ичинде салтуу төкмөлүк өнөрдү изилдөө иштерине кошкон салымы жөнүндө баратат. Профессор К.Артыкбаев «ХХ кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы» деген аталыштагы окуу китебинде акындык поэзияга айрыкча токтолуп, бир топ алгылыктуу бүтүмдөрүн жасаган. Бул өзүнчө изилдөөнүн объектиси болсун, ошентип, профессор К.Артыкбаев улуттук адабияттагы салттуу төкмөлүк өнөрдүн ички табиятын кылдат изилдеген окумуштуулардын иралды өкүлү болуп калды.

УЛУУ ОКУМУШТУУНУН КОТОРМОРЛОРУНДАГЫ КӨӨНӨРБӨС ИДЕЯЛАР

Үкүева Бүшарипа
п.и.д., ОшМУ, профессор

Котормочулук - баарыдан мурун искусство, болгондо да, К. Чуковский айткандай"бийик искусство" ал өнөрдүн кайсы түрү болбосун профессионалдык чеберчиликти, терең билимди, сүрөткерликти, эридуцияны талап кылат(3:712). Ансыз көркөм сөз менен шөкөттөлгөн ар бир чыгармаң бир элден экинчи элдин дилине жетип, окурманды ойго салып, же мүңкүрөп турган жан дүйнөңө бүлүк сала албасы бышык экендигин улуу окумуштуунун котормолору аркылуу тастыктоо максатында "Бийиктик" басмасынан 2004-жылы жарык көргөн "Дил сыры" (Ырлар.поэмалар, котормолор) жыйнагына кирген котормолору тууралуу азын-оолак сөз кылууну максат кылдык.

Адегенде ал китептеги котормолорун ачканда окумуштуунун ар тараптуу эмгек жолунун бири- элдердин ортосундагы маданий байланыштарды чыңдоо, достук мамилелерди күчөтүү болуп эсептелгендигин байкооого болот. Анткени устаттын көптөгөн эмгектеринде белгиленгендей ал Кытай Эл Республикасы менен Кыргызстандын ортосундагы достук мамилелерди чыңдоого 1957-жылдан бери кызмат өтөп келгендигин билебиз. Бул иште өзүнүн эң жакын досу философ А. Табалдиев баштаган саамалыкты улап, аны бышыктаган инсан катары белгилүү болгондуктан улам болсо керек, бул китебинде да биринчи котормосун мурдагы Кытай Эл Республикасынын төрагасы Мао Цзе-Дундун "Алыс жүрүштү эске түшүрүү" деген ыры менен баштаган. Анда эркиндик үчүн күрөш-алыс жүрүштү, көздөгөн кыйынчылыктарды талап кылаары, ансыз жеңиш оңойго турбагандыгын, жоокерлер үчүн эл-жерин коргоо сыймык деген идея чагылдырылат.

Ал эми Кубалык акын Николас Гильендинин "Нью-Йоркто негр ырдайт" деген ырында негр уста устачылык өнөрү аркылуу ак эмгек менен күн көрүп,эл керегине жарагандыгы айтылса, венгер акыны Шандар Петефинин "Каалады агам кайрымдуу","Тынчтандырбайт мени жалгыз бир гана" ырында да сүйүүгөбү, боштондуккабы, же сен эт сатуучу болосунбу, жазуучу болосунбу эмгек менен гана жетүүгө болот деген ой айтылгандыгын жана "Кечөө күнү кул. элек" деген ырында котормочу ар бир атуул өз өлкөсүнүн эркиндиги үчүн жан берүүгө даяр болуусу керек деген идеясын жөнөкөй, жатык тил менен окурмандын жүрөгүнө жеткире алган.

Каракалпак акыны Ибрагим Юсуновдун "Арашан" ырында гүл төшөлгөн кыргыз жери-Арашандын гүлдөп өскөндүгүн, кыргыз жеринин кен байлыгы, ГЭСтери, анын жүрөгүнө жаңы өмүрдү көбүрөөк жар салгандыгын кубануу менен бөлүшсө,"Джо Хилл жөнүндө ырда" элдин таламын талашып күрөшкөнү үчүн АКШнын соту атууга кескен баатырга арналып,ал өлсө да, анын аты түбөлүк өлбөстүгү, ар дайым эркиндикти жактаган элдин катарында экендиги бул ырда даңазаланат.

Татар акыны Муса Жалилдин "Менин ырларым" деген ыры адам жүрөгүндөгү эң сонун сезимдерди күүгө салгандыгын котормочу таасирдүү, ары кайталангыс саптар менен бере алган. Акын жана анын аруу жан дүйнөсү, элдин түйшүгүнө түпөйүл болуп, сүйүнсө сүйүнүп, жазган ырлары үчүн азап тартса да, желдет башын балта менен кыя чапса да:

Акыйкатты жүрөккө берип кенен.
От кылып ырларымды жалындаттым.
Эркелети п досторду ырым менен.
Тамырына душмандын балта чаптым.

Пайдакечтик баш болуп, жарды кубаныч,
Миң асылып, азгырып алдай албас,
Ырымдагы от, чындык жана сүйүү-
Өмүрүмдүн мааниси эч ким танбас.

Өлсөм дагы жүрөгүм ишенмекчи,
Ырларымдын эң бийик бул антына,
Бардык ырым элиме берилмекчи,
Өмүрүм да арналуу өз калкыма.

Даңктуу күрөш мейкинин ырга салам,
Ырдап келгем турмуштун көркүү жазын.
Ырдап көргөм, соңку ырды дагы жазам,

Мейли желдет башыма балта чапсын-деп, акын ырлары душман үчүн курал катары милдет аткараары ант сыяктуу автордун ою аркылуу көркөм чагылдырылган.

“Менин чоң атам” ырында улуулуктун сыры- өзүңдөн кийинки муундарга улуу нарк-насилиңди , улуу эмгегиңди, чындыктан тайбаган адилет сөзүңдү, үлгү болчуу жүрүм-турумуңду калтыруу. Улуудан өрнөк алган жаштар өз элине күйүмдүү, жан дилин, эмгегин арнайт деген идеялык тарбиялык маңыз жаткандыгын таржымалчы таамай жана көркөм бере алган.

Расул Гамзатовдун Муса Магомедов досуна арналган “Ахвахта” ырында Авар элинин сүйүү маселесиндеги салтын чагылдыргандыгын окурмандын дилине жакын чеберчилик менен жеткире алган. Ал эми”Эне тилим” деген ырында ар бир адам өз эне тилин кадырлап-барктап, бапестеп, өстүрүп,кийинки муунга калтыруу анын парзы.Анын ыйыктыгы ошондо:

Бардык тилде касиет бар ойлонсо,
Өз тилимде , бирок овон салармын
Эртең тилим жок болору чын болсо,
Анда бүгүн жан кыюуга даярмын.

Эне тилге жаным курман баштатан,
Жарды тил деп айтса мейли, арданбайм,
Ассамблейде сүйлөнбөстүр эч качан.
Бирок мага улуу экенин тана албай (620-бет)

Анткени туулгандан өлгөнгө чейин бизди биз кылган ал -биздин улуу эне тилибиз экендигин котормочу жан дүйнөсүнөн өткөрүп окурманга сүрөкерчилик чеберчилиги ар бир атуулдун сезимин ойготуп, эне тилдин керемет касиетин көкөлөтө билүүгө жардам бергендигин танууга болбойт. Андан кийинки”Сулуу кызар”, “Деңиздеги шаар” деген ырларында жер жүзүндө жашаган ар бир адам кандай касеттин ээси болсоң да, бааарынын жүрөгүндө сүйүү тирүүлүктөгү деңиз, асман сыяктуу айкашып турат. Ошондуктан бул кереметтер сыяктуу сүйүү да, өлбөс-өчпөс нурдан жаралган дейт. Ал эми “Федя” поэмасында жаш Федянын эл жерин коргоодогу эрдиги сүрөттөлгөн.

Орус акыны Александр Прокофьевдин Россия жөнүндөгү ырлар циклинде Ата Мекен темасы, аны көздүн карегиндей сактоо идеясы чагылдырылса, И.С.Тургеневдин “Күз”,”Кышта” ырларында жаратылыштын кооздугу, табигаттын ажайып мезгилдеринен көрүнүштөр сүрөттөлгөн.

Котормо жанрындагы өзгөчө белгилей кетүүчү нерсе- улуу окумуштуу 1990-жылдары кыргыз адабият таануусузна өзгөчө бир толкун киргизгендигинде. Анткени ошол мезгилдерге чейин биз окуган адабият таануубуздун тарыхында кыргыздардын

жазуу, сызуусу болгон эмес.Биз жазууну Улуу Октябрь революциясынан кийин үйрөндүк, тарыхыбыз ошондон башталды деген тапталып, катып калган айныгыс пикирлерди омкоруп таштап, кыргыз эли тээ б.з.ч.201-жылдардан бери жашап келген эл экендигин, биздин жазуу-сызууларыбыз, тарыхыбыз бар түптүү, байыркы эл экенибизди аргументтүү далилдер аркылуу массалык маалыматтарга байма-бай жарыялашы жалпы элдин көңүлүн өзүнө буруп, талаш-тартыш туудурган. Кыргыз эли орто кылымда гүлдөгөн мамлекетке айланып, бир топ аалымдар чыккандыгын окумуштуу Махмуд Кашкарынын, Жусуп Баласагындын чыгармаларын өз эне тилине которуп элге жеткирүү аркылуу далилдей алган. Ошол мезгилдеги орто кылым аалымдарынын чыгармаларын орток мурас катары кароону илимий жана жалпы коомдук чөйрөгө биринчи жолу сунуштаган да ушул окумуштуу болгон. .Жогоруда белгилеген эки аалымдын чыгармаларын которуп, алардын чыгармаларынын идеялык мазмуну, эстетикалык деңгээли тууралуу баалуу ойлорун ортого салган. Анын “Дил сыры” жыйнагында Жусуп Баласагындын “Кутагду Билиг” дастанынан которгон айрым главаларын киргизилген. Улуу окумуштуу “Акыйкат сабагы” адабий сын-макалалалар, изилдөөлөр, адабий портреттер (Б.: “Адабият”: 1991) эмгегинде белгилегендей бул чыгарманын идеялык мазмуну тууралуу: “Адамзат коомундагы саясий – экономикалык, социалдык-турмуштук, маданий –эстетикалык, философиялык, укуктук , диний маселелердин туура түзүлүшүн автор дастандын башынан аягына чейин диалог түрүндө маектешип пикирлешкен төрт элементтин (адилеттик дөөлөт, акыл, каниеттин)өз ара карым-катнашта болушунан көргөн. Алсак, автор падышанын элге карата кылган сынчылдык мамилеси жалаң элге эмес, анын өзүнө да бакыт –таалай, дөөлөт алып келет деп ойлогон. Ал эми чынчылдыкты ар дайым терең билимге негизделген акылмандуулук коштоп жүрүү керек, ансыз өлкөдө акылдуу, чынчыл мыйзамдын болушу мүмкүн эмес. Эгер акылмандуулук, даанышмандык болбосо байлык күтүү, аны туура бөлүштүрүү, чыгымдоо жана көбөйтүү да ойдогудай жүргүзүлбөйт. Анан падышаны баш кылып коомдун бардык мүчөлөрүн дагы бир нерсе ойлонтуу зарыл. Бул бийликке да, байлыкка да каниет кыла билүүнү үйрөнүү маселеси” (1:21) экендигин белгилеп өткөн сыяктуу “Сөздүн касиети жөнүндөгү” котормосунда акылмандын сөзү мүрөк болсо нааданын сөзү чөлдөй соолуп, маңыз сөздүн маанайы пас, кур чечендин пайдасы аз, сөз – сокурга көз, дүлөйгө кулак болот, кокустан сөз сүйлөсөң жаза тайып, өз тилиң өз башыңа салат айып, акыл сөз жана мыкты эмгек менен, эстелик калтырасын өчпөс, терең- деп:

Жатсаң да топуракты жатып көрбөй,
Эл жаттап, накыл сөзүң калат өлбөй.
Күткөнчө карк алтынды – сөздү күткүн.
Ошончо уюткусу байлык күчтүн,
Тилегим (билгиң келсе чындап сезип)-
Илимдин сырын изде дүйнө кезип.
Илимсиз- ал адашуу айсыз түндө.
А илим – жеткирер жол жарык күнгө.
Чындыгында акыл, илим болсо кылдан

Табасын, өлгөндө даңк, тирүүдө урмат.- деп, дастанадын бүткүл мазмуну билмдүү-илимдүү болуунун маңызын ар кандай турмуштук кырдаалдарда ачып берүүгө багыт алгандыгы. “ Одгурмуш Өткүрмүшкө Дүйнөнүн кайгы-түшүнүгү менен кем-кетиктери тууралуу” баянында улантып бул дүйнөнүн өзү түмөн- түйшүк, зор сыноо экендигин бакыт ошолорго чыдоо, күчтүү толкунуна туруштун берүү, анткени, канча байлык топто, бийликте тур, бала күт, жыргап жаша бирок төрөлгөндөн баштап бизди аңдыйт ажал, булардын баары калып: “ Турмушка жыпжылаңач келесин сен,

ошол түрүң менен кетесин сен”, ошол үчүн адал иштеп, адал жаша калп, жалган, калпыс нерселерден кач, ден-соолугуңду сакта, махабат даамын тат. Анткени,

Күн бүтсө бүт байлыгын калаар артта.
Болобуз экөөбүз тең бирдей шартта.
Кийебиз экөөбүз тең бирдей кепин,
Көрбөйсүң мына ошондо байлык четин.
Бай –кедей жер үстүндө эки бөлөк,

Өлгөн соң тең укуктуу күндү көрөт.-деген Жусуптун дастандагы философиялык идеясы окумуштуунун калеминен экинчи өмүрүндө бийик эстетикалык баалуулукта жаңырган. Андан тышкары “ Илимпоздорго карата мамиле” , “Дарыгер жөнүндө: “ Акындар жөнүндө”, “Дыйкандар жөнүндө”, “Бечараларга кандай мамиле жасоо жөнүндө”, “ Кол өнөрчүлөргө кандай мамиле жасоо жөнүндө”, “Үйлөнүү жөнүндө”, “Конок чакыруу жөнүндө, конокко баруу жөнүндө” деген главалары улуу окумуштуу тарабынан таржымалданып, кыргыз журтчулугуна жетип, жана бул ырлардын мазмунунан окурмандар адам баласы үчүн турмушта керектүү асыл баалуулуктарды сиңирип ала алыша тургандыгына күбө болуудабыз. Бул котормолорду окуу менен кандай адам болсо да, билимдүү болуу менен ички жана сырткы жан –дүйнөсү байып, өлкө үчүн керектүү адамга айланаарын , ар бир кесиптин ардактуулугу мисалы, дарыгер өлүмдөн өз өнөрү менен адамды сууруп алса, берешен, март, жөнөкөй мүнөздөгү дыйкандар түйшүктүү эмгегинин үзүрү менен өз элин тойгузат, ошол үчүн аларга ар дайым таазим кылып, сыйлоонун керектигин, бечараларга сылык, кайрымдуу болуунун колунан көөрү төгүлгөн усталарга “ Кам көргүн өнөрпозгө, курсант болсун, сыйлыгын бер эмгегине, көөнү толсун” –деп кеңеш берсе, үйлөнүүдө оң түскө , атасынын байлыгана, бийлигине карабай жарыңдын ички дүйнөсүнүн сулуулугуна кара, конок күтүүдө өзүңдүн жакшы тарбияңды, марттыгыңды көрсөт деген асыл таалимдер окумуштуу тарабынан жөнөкөй тил менен көркөм жалпыланып берилгендиктен окурмандын жүрөгүнө таамай жетип, назик сезимдерин уялап, андан орун алгандыгын байкоо кыйын эмес жана котормочунун мындай сүрөткерлик , чеберчилигинин касиети бийик эрудициясы, анын которгон чыгармаларынын идеясында тарбиялык маңызында жатат деген жыйынтыкка келүү эч кимди күмөн санатпайт.

Адабияттар :

1. К. Артыкбаев Акыйкат сабагы. –Б.: адабия 1991.-21-бет.
2. К. Артыкбаев Дил сыры- Б.: Бийиктик2004. 609.679-бет.
3. О Ибраимов Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. 2-том.- Ф.: Илим. 1987.712-бет.

КАЧКЫНБАЙ АРТЫКБАЕВ ЖАНА ОРТОК АДАБИЙ МУРАСТАР.

Турдубаева Назгүл
ф.и.к, доцент, Ж. Баласагын атындагы КУУ

Кыргыз адабият таануу илиминде жалпы орток адабий мурастар маселеси тууралу алгачкылардан болуп олуттуу сөз козгогон белгилүү адабиятчы, пофессор Качкынбай Артыкбаев болгон. Мындай ойдун далилдүү негизи катары автордун 1967-жылы 1-январда жарыялаган «Адабияттын алгачкы башатына көз чаптырсак» аттуу макаласы күбө болуп берет.(1). 1967-70-жылдар аралыгында орток мурастарды Качкынбай Артыкбаев жаңыдан терең изилдөөгө киришип, ошол изилдөөлөрдүн негизинде өмүрүнүн акырына чейин өз позициясынан кайтпай, идеяларын сунуштап келген. Негизинен, жогурадагы макаланын аты айтып тургандай кыргыз адабиятынын тарыхын окутууда байыртадан баштоо менен улуу эпосубуз «Манастан» кийин Тоголок Молдонун, Токтогулдун чыгармачылыктарын үйрөтүү менен чектелбестен, андан мурунку 6-9-кылымдардагы Орхон-Энесайдагы ташка жазылган тарыхый эстеликтерибизден баштап, 11-кылымдагы Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиг» дастанын жана Махмуд Кашкаринин «Түрк сөздүрүнүн жыйнагы» аттуу жазма эстеликтерин да кыргыз адабиятынын тарыхына кошумчалап киргизүү менен аларды элге, жаш муундарга окутуу, үйрөтүү керек деген маселени күн тартибине курч койгон. Мына ушундай мүнөздөгү ой жүгүртүүлөрүн профессор Качкынбай Артыкбаев басма сөз бетине сунуш кылгандан кийин, анын жалпы кыргыз адабиятынын тарыхына байланыштуу көтөргөн эң негизги маселесин эске алышпай, көбүнчө Жусуп Баласагын жана Махмуд Кашкариге гана байланыштуу кошула албаган пикирлерин «Кыргызстан маданияты» газетасына жарыялашып, талкуунун маанайында аракеттер жүргүзүлгөн. Бирок талкуунун жыйынтыгы аягына чыкпай калган. Ошого карабастан, адабиятчы Качкынбай Артыкбаев өзүнүн 1967-жылы айткан көз караштарында бекем туруп, 1970-жылы «Орток адабий эстеликтерибизди үйрөтүү маселесине карата» аттуу макаласын жарыялайт.(2.23-б.) Автор бул макаласында кыргыз эли байыркы элдердин бири болу менен бирге, **биринчиден,** 6-9-кылымдарда Орхон-Энесайдагы таш жазуулары сыяктуу жазуу күтүп, маданиятка ээ болуп турган учурда Чынгызхан сыяктуу күчтүү жоолордун кысымы астында качып-бозуп, тоо-ташты таянып, ар кайсы жерлерде уруу-уруу болуп жашап, массалык түрдөгү жазууга ээ боло алышпай, бүткүл маданияты элдик оозеки чыгармачылыкта өнүгүп, өзүнүн коомдук түзүлүшүн өркүндөтүп жүрүп отургандыгы жөнүндө айтып, **экинчиден,** кыргыз эли массалык жазууга Улуу Октябрь социалисттик революциясына чейин эле кыргыз элинде маданият оозеки түрдө гана өнүкпөстөн, жазма түрүндө да өнүгүп келгендиги жөнүндө кабарларды унутпашыбыз керек деген пикирин айтуу менен кыргыз элинин өткөндөгү жазма адабий мурастарын эске алган кезде, эң биринчи иретте Махмуд Кашкаринин «Түрк сөздөрүнүн жыйнагы» менен Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиг» дастаны турууга тийиш деген корутундуну чыгарат. Бирок, тилекке каршы дегендей, профессор Качкынбай Артыкбаев тарабынан 1967-1970-жылдар аралыгында айтылган көз караштар 1980-жылдардын экинчи жарымына чейин иш жүзүнө ашпай, коомчулугубуз деле кайдыгер мамиледе кала берген. Бул тууралу Качкынбай Артыкбаев «Талант сыры» (1994) аттуу китебиндеги «Кыргыз адабиятынын тарыхындагы түзөтүүгө айрым маселелер» жана «Өз бабаларыбызды барктасак» аттуу жазган макалаларындагы ой-пикирлеринен байкасак болот.(3.6-7-б.) Автордун ою боюнча айрым бир бийлик ээлеринин жүргүзгөн идеологиялык саясатынан улам күч алган өксүктөр 1947-1985-жылдардын аралыгына туура келет. Өзгөчө, Турдакун Усубалиевдин бийлик жүргүзүп турган учуруна басым жасайт. Бул жетекчинин: «… встречаются утверждение о том, что у киргизов еще до

Октябрьской революции якобы было свое национальная письменность. Это не соответствует исторической действительности искажает факты истории, явно умаляет неоценимое значение Великого Октября, в судьбах таких народов, как киргизский,»- деген көз карашынын кесепетинен чындыкты жаза алышпай келгендиги жөнүндө маалымат берет. Демек, жогоркудагыдай бийлик ээлеринин жүргүзгөн идеологиялык саясатынан кийин кыргыз адабият таануу илиминде орток адабий мурастарды коомчулукка тереңирээк таанытуу, окутуу маселеси 80-жылдардын экинчи жарымына чейин токтоп калат. 80-жылдардын экинчи жарымында кыргыз адабият таануу илиминде кайрадан жандануу башталат. Өзгөчө, 1985-жылы кайра куруу саясаты күч алган мезгилде профессор Качкынбай Артыкбаев 60-жылдары орток адабий мурастар жөнүндө көтөргөн маселелерин жерге таштабай кайрадан жандандырып коомчулукка сунуштайт. Тагыраак айтканда, 1987-жылы орто мектептер үчүн кыргыз адабияты боюнча түзүлгөн окуу программасынын долбоору талкууланып жатканда «Кыргызстан маданияты» гезитинин 29-декабрындагы санына жарыялаган «Жаңы программа жакшыбы?» деген макаласы жарыяланат. Автор бул макаласында кыргыз адабияты боюнча 9-класстын программасындагы «Кыргыз элинин Октябрь революциясынан мурдагы оозеки көркөм чыгармачылыгы» деген обзордук бөлүктүн саатын көбөйтүү менен ага орто кылымдагы эң баалуу адабий эстеликтерибиздин Баласагундук Жусуптун «Кутадгу билиг» поэмасы, Махмуд Кашкаринин «Түрк сөздөрүнүн жыйнагы» тууралу маалыматтарды берүүнү сунуш кылат. Мындай сунуш министрликте, педагогика институтунда талкууланганда, Качкынбай Артыкбаев ар тараптан негиздеп айтып, мектептердеги окуу программасына киргизүүгө жетишет. Бул сунуш эске алынып, 6-11-класстар үчүн «Кыргыз адабиятынын» окуу программасы жарыяланганда, Жусуп Баласагын жана Махмуд Кашкари жөнүндөгү маалыматтар 7-8-класстарга киргизилген. Тагыраак айтканда, 7-класска эки саат бөлүнүү менен мындайча берилген.

Орто кылымдагы адабий мурастан: Жусуп Баласагын «Дарыгерлер жөнүндө», «Акындар жөнүндө», «Дыйкандар жөнүндө», «Кол өнөрчүлөргө кандай мамиле жасоо жөнүндө» («Кут алчу билим» дастанынан үзүндү). Ойчул акындын ар кандай кесиптер, ошол кесип ээлери, алардын иш билгилиги, мартабасы, инсандык касиети туулалу дидактикалык ой жортуулдары, адеп-ахлакка тарбиялоонун бүгүнкү күндөгү мааниси.(4.21-22-б.) Ал эми 8-класска сегиз саат бөлүнүү менен мындайча берилген:

Орто кылымдардагы адабий мурастардан: Жусуп Баласагын «Кут алчу билим». Жусуп Баласагын жана ал жашаган мезгил. Өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндө жалпы маалымат. «Кут алчу билим» дастанынын жазылуу тарыхы жана анын бизге жеткен жолу. Чыгарманын түрк маданиятындагы мааниси. «Кут алчу билимдин» идеясы, темасы. Дастанда адеп-ахлак ойдун берилиши, философиялык көз караштар. «Кут алчу билимдин» көркөмдүк касиети. Ыр түзүлүшүндөгү өзгөчөлүктөр. Адабият теориясынан: Дидактикалык чыгарма. Бейт. Махмуд Кашкари «Түрк сөздөрүнүн жыйнагы» сөздүктөгү элдик ырлар, макал-лакаптар.(2 саат). Махмуд Кашкари – түрк элинин адабий-маданий дүйнөсүндөгү көрүнүктүү инсан. Өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндө жалпы маалымат. Анын эмгегинин жазылышы, жарыяланышы. «Түрк сөздөрүнүн жыйнагынын» тарыхый-этнографиялык, лингвистикалык баалуулугу. Жыйнактын тексттериндеги фольклордук, адабий чыгармалар, алардын идея-темалары. «Түрк сөздөрүнүн жыйнагындагы» элдик ырлардын, макал-лакаптардын тарбиялык мааниси.(4.21-22-б.) Ал эми 1990-жылдан баштап республиканын жогорку окуу жайларынын филология факультетинин студенттери үчүн «Байыркы мезгилден XX кылымга чейинки кыргыз адабиятынын тарыхы» деген чоң лекциялык курс түздөн-түз профессор Качкынбай Артыкбаев тарабынан киргизилип, анын типтүү окуу

программасын профессор Абдыкерим Абдыразаков менен бирдикте түзүп, республикабыздагы бардык окуу жайларынын филология факультеттеринде бүгүнкү күнгө чейин окутулууда. Бул дагы профессор Качкынбай Артыкбаевдин күч аракетине байланыштуу ишке ашкан. 2003-жылы профессор А.Абдыразаков менен бирдикте «Байыркы мезгилден XX кылымга чейинки кыргыз адабиятынын тарыхы» деген окуу типтүү программа жарыяланат. Аталган окуу типтүү программа мындай тематикалардан түзүлгөн: **6-9-кылымдардагы поэтикалык эстеликтер**, **10-12-кылымдардагы адабият,** Кожо Ахмед Ясави, Жусуп Баласагын, Махмуд Кашкари, Ахмет Югнаки, **13-16-кылымдардагы адабий маалыматтар,** Захираддин Мухаммед Бабур, **18-19-кылымдардагы кыргыз маданияты жөнүндө жалпы кабарлар, 19-кылымдагы «Замана» адабияты,** Калыгул Бай уулу, Арстанбек Буйлаш уулу, Молдо Нияз Эрназар уулу, Молдо Кылыч Шамыркан уулу.

2003-2004-окуу жылынын жыйынтыгын чыгарууда Жусуп Баласагын атындагы КУУнун кыргыз филологиясы факультетинин «Кыргыз тил илими», «Кыргыз адабияты», «Кыргыз тили жана адабиятын окутуунун методикасы», «Кыргыз тили жана адабияты кыргызча эмес билим берүү мекемелеринде», «Улуттар адабиятынын тарыхы жана теориясы» аттуу кафедралар жыл бою иштеген илимий иштери боюнча жыйынтыгын чыгарышкан. Аталган кафедралардын ичинен «Кыргыз адабияты» кафедрасынын жылдык көрсөткүчтөрү жемиштүү болгон эле. Муну төмөнкү иштеген иштердин жалпы жыйынтыгы менен далилдөөгө болот. Маселен, 2003-окуу жылынын башталышында профессор Качкынбай Артыкбаев 10- басма табак көлөмүндөгү «Качкынбай Артыкбаев» аттуу библиографиялык көрсөткүчү менен «А.Токомбаев (XX кылымдагы кыргыз жазма адабиятына негиз салуучунун чыгармачылык дүйнөсү жөнүндө)» аттуу 24 басма табак көлөмүндөгү китептери окурмандарга белгилүү болгон. Ошондой эле, 2004-жылы «XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы» аттуу 61-басма табак окуу китеби дагы Качкынбай Артыкбаев тарабынан жарыяланды. Бул окуу китебинин жарыяланышы менен Качкынбай агайдын аталган окуу китебинин баалуулугу жөнүндө, ошол кездеги кафедранын аспиранты А. Сартбаевдин «Илим жылдызы» деген аталыштагы макаласы жарыяланды.(5) Ошондой эле, республикадагы бардык жогорку окуу жайларында ар тармактуу толук адистерди даярдап чыгаруу үчүн атайын типтүү окуу программалар түзүлөт. Мына ушул типтүү окуу программалардын негизинде гана лекциялык жана практикалык сабактар талапка ылайык өтүлөт. Бирок, адегенде типтүү окуу программалар жогорку окуу жайларынын окумуштуулар кеңешинде талкууланып, жактырылгандан кийин гана жарыялануга уруксат алып, окутуучулардын колдоруна берилет. Ошондо гана ар тараптуу, системалуу, мазмундуу билим берүүгө чыныгы илимий база түзүлөт. Тилекке каршы, ушул талап баардык эле жогорку окуу жайларындагы кафедраларда талаптагыдай аткарылып жатат дегенден алысмын. Дал ушул өңүттөн алып караганда, КУУнун кыргыз адабияты кафедрасы 2003-2004-окуу жылында эң чоң иш аткарууга жетишкен. Ал кездеги Качкынбай агайдын баукы редакциялык башкаруусу менен кафедранын мүчөлөрү тогуз типтүү окуу программаларынын айрымдарын кайрадан карап, жаңы маалыматтар менен кошумчалап, ал эми «Кытайдагы кыргыздардын эл оозеки чыгармачылыгы жана адабияты» аттуу типтүү окуу программасы эң алгач түзүлүп, республикадагы филология адистиги боюнча окуп жаткан студенттерге, окутуучуларга жарыяланат. Ал эми калган окуу типтүү программалар «Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгы», «Байыркы мезгилден XX кылымга чейинки кыргыз адабиятынын тарыхы», «Кыргыз акындар чыгармачылыгынын тарыхы», «Манастаануу», «XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы», «Кытайдагы кыргыздардын эл оозеки чыгармачылыгы жана адабияты», «Кыргыз адабий сынын тарыхы», «Адабият таануу илимине киришүү», «Фольклордук

практиканын программасы» аттуу типтүү окуу программаларын түздөн-түз профессор Качкынбай Артыкбаевдин катышуусу менен иштелип, жаңы материалдар менен толукталып жарыяланган. Ар бир программа 300 нускадан жарыялап берүүгө көмөк көрсөткөн университетибиздин ошол кездеги ректор Аскар Какеевге дагы бир ирет рахмат айтпай кетүүгө болбойт. Бүгүнкү күнгө чейин мындай окуу типтүү программаларды жаңылап жарыялоо толук иш жүзүнө аша элек. Ал эми профессор Качкынбай Артыкбаевдей кафедра башкаруучусу жана эмгектин баба дыйканы сыяктуу окумуштуу бүгүнкү күндө жокко эсе деп айтууга мезгил өзү көрсөттү.

Адабияттар:

1. Артыкбаев К. Адабияттын алгачкы башатына көз чаптырсак.//Кыргызстан маданияты, 1967, 1-январь
2. Артыкбаев К. Сын сапары (Адабий-сын макалалар).-Фрунзе, 1970.
3. Артыкбаев К. Талант сыры. Адабий изилдөөлөр жана портреттер.-Б.:1994; Өз бабаларыбызды барктасак.// Кыргыз туусу,1994,4-октябрь.
4. Кыргыз адабиятынын программасы . 6-9-класстар үчүн. –Бишкек: Мектеп, 1983.

А.Сартбаев. Илим жылыдызы.// Жаңы ордо, 2004.

КЫРГЫЗ ФОЛЬКЛОРУНУН АЙРЫМ УРУНТТУУ МАСЕЛЕЛЕРИ К.АРТЫКБАЕВДИН АДАБИЙ СЫН МАКАЛАЛАРЫНДА (2-макала)

Устабаева Гүлнара

ф.и.к., Х.Карасаев атындагы БГУ

К.Артыкбаевдин жогорудагы позициясынын маанисин 1973-жылы Кыргыз ССР илимдер академиясы тарабынан жарыкка чыгарылган «Кыргыз элинин оозеки чыграмачылык тарыхынын очерки» аттуу китептеги манасчылар жөнүндөгү (Р.Кыдырбаева жазган – Г.У.) бөлүмдөгү айтылган кээ бир пикирлер андан ары тереңдеткенсийт. Анда: «Манас эпосун айтууда пассивдүү айтуучулар жана импровизатор айтуучулар, актерлор бар. … Импровизатор айтуучулар эпостун традицияга айланган ыр саптарына да жаңы белгилер, көркөм табылгаларды киргизет» (304-бет)– деп чоң манасчылар эпоско өздөрүнүн индивидуалдуу кошумчаларын киргизээрин көрсөткөн.

Дагы бир жеринде: «Манасчылар, эпосту айтуучулар, анын эски традицияларын сактоочулар гана болбостон, **аны жараткандардын да ролун аткарышат. Алар эпосту улам тактап, толуктап, бүткөн аягына чейин көркөм иштелген чыгарма катары беришет**»(308-бет) – деген ойду айтуу менен манас айтуучуларынын жаратуучулук өнөрү да негизги ролду ойноорун баса белгилеп өтүшкөн.

К.Артыкбаевдин бул полемикалуу макаласынын актуалдуулугун кыргыздын окумуштуу-филологдору жогору баалашып, анын позициясын колдогон көз караштагы макалаларын жазышкан. Маселен, окумуштуу-адабиятчы О.Ибраимов 1984-жылы жазган «Көп кырдуу изденүү» аттуу макаласында: «… адабиятыбыздын айрым башы ачыла элек маселелерине арналган, алдына чоң илимий маселелерди койгон жана аларды өз алдынча чечкен эмгектердин арасына» дал ушул К.Артыкбаевдин «Айтуучубу же жаратуучубу?» аттуу макаласын кошсо …», белгилүү адабиятчы А.Садыков К.Артыкбаевдин 1984-жылы жарыкка чыккан «Тандалмалар» аттуу китебине жазган «Түйшүктүү жолдогу үзүрлүү эмгек» аттуу кириш сөзүндө

адабиятчынын козгогон проблемасына толугу менен кошулган. Ал эми фольклорист-окумуштуу С.Закиров (К.Артыкбаевдин «Айтуучубу же жаратуучубу?» макаласындагы көтөрүлгөн маселелер жөнүндө –Китепте: Качкынбай Артыкбаев. –Б., КМУУ.,2004., 182-бет) бул талаш маселени алгачкылардан болуп К.Артыкбаев көтөрүп чыкканын белгилеп: «...Чынында да автордун көтөргөн маселелерине кошулбай коюуга болбойт. Мында так далилдер, ишенимдүү пикирлер бар. Кыргыз элинин XIX кылымдагы жана XX кылымдын башындагы тарыхый абалы байыркы гректердин аэддери, расподдору жашап турган мезгилине окшош экенине шек кылууга болбойт. Ошондуктан тарыхый өнүгүүнүн башка баскычында турган элдер сказитель-айтуучу деп айтты деп эле ээрчип кетүүгө жарабайт – деп К.Артыкбаевдин позициясын колдоого алган. Мына ушундай кыргыз элинин адабий чөйрөсүнө таанымал илимпоздордун, адабиятчылардын жогорудагыдай колдоолоруна алынганына карабастан 1988-жылы адабиятчы К.Бобулов кайрадан өзүнүн «Дил ширетүү илими» аттуу макаласында (Советтик Кыргызстан, 22-январь) К.Артыкбаевдин көтөргөн бул маселесинен «… улуттук бөтөнчөлүктү өтө ашыкча көбүртүп жабыртып, башка элдердин руханий-тарыхый жана материалдык байлыктарына кекирейүүчүлүк менен мамиле жасап, … натыйжада өз улутунун маданиятын жогору баалоо менен, башка улуттун маданиятын төмөндөтүп жатат» деп, ага улутчулдук күнөөнү кайрадан тагууга бардык күчүн жумшаган.

Чынында адабиятчы К.Бобулов белгилегендей, К.Артыкбаев орус элинин былина айтуучуларынын чыгармачылык салымын теңсинбегенден алыс. Болгону кыргыз элинин «Манас» айтуучуларынын эпоско, кыргыз фольклорун өнүктүрүүгө кошкон салымын гана көрсөтүүгө аракеттенген. К.Бобуловдун мындай эч аргументи жок, улутчулдукту таңуулаган ой-пикирин четке кагып, «Ак жерден күйдүрүүгө каршы» деген макаласын К.Артыкбаев «Советтик Кыргызстан» газетасына 1988-жылдын 13-мартында жарыялады. Анда автор К.Бобуловдун макаласы эч кандай далили жок жазылган деп баалайт да, өзүнүн макаласында орус былина айтуучуларын эч кандай кемсинтүү, теңсинбөө ою жок экенин, бул оппонентинин таңуулоосу деп кабыл алган. Ал эми көтөрүлгөн негизги проблемага келгенде, К.Артыкбаевдин ою төмөндөгүчө: «Эң залкар таланттуу манасчыларды эпостун өздүк вариантын жаратуучулар катары мүнөздөө К.Артыкбаевдин таба койгон пикири эмес, «Манасты» изилдеген чыгаан окумуштуулардын пикири экенин К.Бобулов (эгер анын бул маселеден маалыматы бар, дили ак болсо) туура баамдашы керек эле. Менин «күнөөм» - белгилүү адамдардын (В.Жирмунский, М.Ауэзов, М.Маргулан) кадыр-барктуу пикирлерин кубаттоо менен, аларды бир аз курчутуп, өздүк вариантын «автор-айтуучу» деп мүнөздөө керек, антпесек эпостордун өздүк варианттарын жараткан залкар төкмөлөрдүн таланттарын кемитип, масштабын тарытып, мээнетин жеп жөн гана үйрөнүп алып айтуучу катары мүнөздөп калабыз, ал эми бул калыстыкка жатпайт деп, маселени күн тартибине кырынан гана койгонум» дейт.

Демек, орус элиндегидей бизде деле жазма адабият эрте өнүккөндө азыркыдай жаратуучулар жөнүндөгү маселе жок болмок. Ошондуктан жазма адабияты менен бирге фольклору өнүккөн орус элинин былинасы менен фольклору жалаң оозеки түрдө өстүргөн кыргыз элинин «Манас» эпосуна салыштырып, алардын деңгээлин бирдей карап, теңештирүүнүн өзү илимий принциптер менен караганда да кескин айырмаланып турганы азыр талашсыз чындык. Бул багыттан алып караганда анда кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында индивидуалдуу жаратуучулук басымдуу орунду ээлейт дегенибиз объективдүүрөөк болсо керек.

Ошентип, өз учурунда кызуу талашты жаратып, К.Артыкбаевдин позициясы туура деп бааланган учурдан кийин да ал мезгил талабына жараша 1973-жылы козгогон

маселесин улантып жүрүп отурду. Манасчылардын айтуучу да, жаратуучу да өнөрүн К.Артыкбаев 1995-жылы жазган «Манас» эпосун кимдер жараткан?» деген макаласында ачып берүүгө аракетин жасаган.

К.Артыкбаев макаласында фольклор десе эле анын алкагында жаралган чыгармалардын авторлору болбойт деген пикир аң-сезимге сиңип калганын айтуу менен фольклорду изилдөөдөгү теориялык тыянактар европалык фольклор таануу илиминен улам келип киргенин эскертет. Ушуга байланыштуу адабиятчы төмөндөгүдөй бир объективдүү ойду ортого салат: «… Европа элдериндеги фольклордук чыгармалардын **классикалык жазма адабияттары менен кошо жанаша пайда болуп жашап келгендигин унутпайлы**(алдын сызган - биз). Ал эми Азия континентиндеги жазма адабиятынын үзгүлтүксүз традициясы жок элдердин турмуш шартында пайда болгон фольклордук чыгармалардын өзгөчөлүктөрү эске алынганбы? – деген суроо өзүнө-өзү туулат. Медициналык илимде оорулууларга сунуш кылынуучу дарылар жана алардын чен өлчөмдөрү (дозалары) бүт бойдон европалык организмди изилдөөнүн негизинде иштелип чыккан. Кээде андай рецепттер жана алардын дозалары азиялык организмге туура келбей калаарын медициналык тажрыйбалар көрсөтүүдө, ошо сыяктуу европалык фольклордук материалдарды иликтөөнүн негизинде келип чыккан теориялык тыянактар кээде Азиядагы көчмөн элдердин фольклордук материалдарынын өзгөчөлүктөрүнө анча шайкеш келбей калган учурлар да кездешүүдө.

Бирок, ага карабастан азиялык фольклористикада өз элинин фольклордук чыгармаларынын өзгөчөлүктөрүн эске албай, тиги европалык фольклористиканын берген теориялык түшүнүктөрүн жөнөкөй эле кайталай берген учурлар дагы да басма сөздөн орун алууда»[1]. Ушундай көз караштын негизинде эпосту «айтуучулар» деген механикалык түрдө колдонулуп келген түшүнүк кыргыз фольклоруна туура келбей жатат дейт. Чынында К.Артыкбаевдин аргументтүү айтылган оюна кошулбай коюуга болбойт. Канча миңдеген сап ырдан турган эпосту айткан манасчыларды «айтуучу» деп мүнөздөгөнүбүз бир беткей көрүнүш. Андыктан элдик үлгүдөн алынган чыгармага «жан» киргизип, жеке кошумчаларды кошкон манасчыларга «жаратуучу» деген туура мүнөздөмөнү чыгармачылыгына ыйгаруу илимий негизге да туура келет. Мындай жаратуучулук эпостун бардык айтуучуларына мүнөздүү эмес. Ошонун ичинен өзүнүн индивидуалдуу табылгаларын кошуп, эпостун көркөмдүүлүгүн арттырып, өздүк варианттары жашап келген Сагымбай, Саякбай өңдүү улуу манасчыларга гана ыйгарылмакчы.

Мындай өзгөчөлүктү жазма адабияты менен фольклору бирдей өнүккөн элдерден кездештирүүгө мүмкүн эмес. Анткени жазма адабияты күчтүү өнүккөн элдерде оозеки адабият өтө жай өнүгүү жолуна түшөт. Кимдин варианты күчтүү жаралып жазылып калды, ошол вариант коомчулукка тез тарайт жана өзүнүн өмүрүн улантат. Ал эми бизде болсо жаттоого даяр текст жок, ошондуктан традициялуу сюжетин, андагы образдарды эске сактап калуу менен өзүнүн дараметине жараша индивидуалдуу кошумчаларын кошуу менен өздүк вариантын жаратат. Мындай көрүнүш жазма адабияты кеч өнүккөн, төкмө ырчы-манасчылардын уюткулуу бай ордосу болгон элдерде, анын ичинен кыргыздарда гана болгон.

Манасчылар эпосту айтууда айрыкча индивидуалдуулукка өзгөчө басымды коёру анык. Бирок кай бир изилдөөчүлөрдүн бир беткей көз карашынан улам алардын традицияга басым жасалган жагы гана көрүнүп келген. Демек, Европа теориясындагы «народный сказитель» деген мүнөздөмөсүнө баш ийип келгендейбиз. Ал эми К.Артыкбаев мындай пикир менен таптакыр келише албайт. «Айтуучу» дегенди

[1] Артыкбаев К.Манас эпосун кимдер жараткан? – Китепте: Манас улуу Рух. –Б., 1995. 6 - бет

кыргыз эпосторун айтуучуларын эң жөнөкөй жагын гана баалаганга барабар деп эсептейт да: «… эпостун жаралышында традициялуулук эмес, жеке индивидуалдуу чыгармачылык аракет басымдуу негизги орунду ээлейт. Ошон үчүн «Манас» эпосунун Сагымбай Орозбаков жараткан варианты, Саякбай Каралаев жараткан варианты өңдөнгөн жеке варианттар пайда болуп отурат»[1] – дейт.

Биз дагы К.Артыкбаевдин далилдүү мындай пикирине кошулуу менен, Саякбай менен Сагымбай, Калык, Тоголок Молдо, Токтогул, Алымкулдар тарабынан жаралган эпос, дастандарды бүгүнкү профессионалдык жактан өнүккөн жазма акындар жашаган заманда кайсы таланттуу адам жаратып жатат деген суроо коймокчубуз. Эмне үчүн залкарлар жараткан рухий дөөлөттөрдү коллективге ыйгарып берүүбүз керек? Өз учурунда алар элдик традициялуу сюжет, образдарды пайдалануу менен индивидуалдуу кошумчаларын кошуп, бир эле учурда айтуучу да, жаратуучу да боло алышкан. Манастаануучулар Саякбай менен Сагымбайдын айткан варианттардын көлөмү, ички мазмунунан көп айырмачылыкты табышкан.

К.Артыкбаев ушул өзгөчөлүктөрдү байкагандыктан, эпостун жаңы өздүк вариантын жараткандарга «айтуучу-сказитель» деген орус изилдөөчүлөрүнүн термини менен бирге «автор-жаратуучу» деп туура калыс аныктаманы берүүнү талап кылган. Адабиятчынын 1973-жылдан бери айтып, жарыялап келген бул оюн филолог-тилчи А.Биялиев колдоого алып, туура, актуалдуу маселе көтөргөнүн белгилөө менен 1996-жылы «Улуу манасчы, феномен С.Орозбаков» деген китебинде К.Артыкбаевдин «Айтуучубу же жаратуучубу» аттуу макаласы аталган китептеги ой-толгоолордун жаралышына түрткү бергенин баса белгилеген (162-бет). Ошону менен бирге эпосту айтууда Сагымбайдын өнөрүндөгү өзгөчөлүк индивидуалдуулук болорун илимий негизде далилдеген.

Ал 1998-жылы «Улуу манасчы Сагымбайдын дили жана көркөм тили» деген макаласын жарыялап (КТР-Обо, 30-июль), анда жогорудагы оюн дагы тереңдетип, А.Биялиев К.Артыкбаев көтөргөн маселенин маанилүү экенин дагы бир жолу баалап келип, манасчыларда традициялуулукка караганда индивидуалдуулук күчтүү өнүгөрүн көрсөткөн. А.Биялиев Саякбай менен Сагымбайдын эпосту жаратуудагы талбаган эмгеги тууралуу мындай оюн айтат: «Оригинал менен тааныш эмес **башка элдерге ал эки манасчыны айтуучу деп тааныштырсак, өзүбүз өнөрлүү алп инсандарыбыздын чыныгы талантын ачып көрсөтүүнүн ордуна өзүбүздү өзүбүз басмырлап, тарыхыбыз менен маданиятыбызды жакырлантып жаткан жокпузбу?**» Сагымбай менен Саякбайдын варианттарында өздөрүнө таандык оригиналдуулук, окуяларды сүрөттөөдөгү жандуулук күчтүү чыкканын белгилейт. Өзгөчө Сагымбайдын кыргыз тилинин көркөм каражаттарын кеңири колдонуп, көркөмдүүлүгүн арттырып, анын вариантында эпостун бардык тарабынан күчтүү өнүккөнүн ачык айтуу менен К.Артыкбаевдин оюна кошулган.

А.Биялиевдин 2004-жылы жарыкка чыккан «Манас» эпосунун тили жана стили (Улуу манасчы Сагымбай феномендин дили жана көркөм стили)» деген көлөмдүү китебине кирген изилдөөлөр, андагы фактылар К.Артыкбаевдин 1973-жылы козгогон маселесинин бүгүнкү күндө да актуалдуулугун жоготпогонунан кабар берет. А.Биялиев Сагымбай айткан вариантты толугу менен изилдөөгө алып, алп манасчынын жаратуучулук чеберчилигине өзүнүн жогору баасын берген. Ошону менен бирге Сагымбайдын вариантынын оригиналдуулугуна, андагы каармандар манасчы тарабынан чеберчилик менен сүрөттөлүп, жаратуучулук өзгөчөлүк басымдуу ролун ойногонун изилдөөгө алат. Мындай далилдүү изилдөөлөрдөн кийин А.Биялиев «айтуучунун ар тараптан жетилген жана өркүндөтүлгөн акындык алп таланты

[1]Артыкбаев К. «Манас» эпосункимдержараткан? –Китепте: «Манас» - улуурух. –Б., 1995. 9-бет

коштогон төкмөлүк өнөрдүн эң жогорку чегине жетип, **дасыккан улуу манасчы-жаратуучу деп атасак болот**» (227-бет) – деп тыянак чыгарат. Демек, ушул сыяктуу изилдөөлөр акыры жүрүп отуруп манасчылардын унутулган эң маанилүү жаратуучулук жагын аныктап, тактап колдонууга алып чыгаары белгилүү болуп калды.

Жалаң эле эпосторду айтпастан, аны жазып да келген фактылар кездешет. Тоголок Молдо «Жаңыл» поэмасын, «Манас» эпосунун кээ бир эпизоддорун билгенинче жазып калтырган. Кыргыз фольклорунда мындай тажрыйбалар, 1980-жылдардын аягындагы Кытай кыргыздары менен болгон байланыш эпосту жаратуучулар жөнүндөгү концепциянын маанисин андан ары тереңдетип, күчөттү. 1989-жылы Бишкекке келген кытайлык кыргыз манасчысы Жусуп Мамай менен Кыргыз мамлекеттик университетинин окутуучулары, студенттери жолугушкан кезинде Жусуп Мамайдан студенттер «Манастан» үзүндү айтып берүүсүн суранышкан. Ошондо Ж.Мамай «Манасты» жаш кезинде гана айтканын, азыр айтпай, жазарын эскерткен эле.Ушундан улам эпосту жазып, кагаз бетине түшүрүү менен аны жаратуучу манасчынын жаңы белгилери пайда болгон фактыны берет. Демек, эми адабиятта айтуучу-манасчы эмес, жазгыч-манасчы бар экени белгилүү болуу менен К.Артыкбаевдин айткан оюнун тууралыгы дагы бир жолу аныкталган.

Жусуп Мамай эпосту 80-жылдарга чейин айтып келген. Кандайдыр себептерден улам кийин айтпай калып, аны жазууга киришкен. «Манастын» сегиз урпагынан бери кабарлаган китептерди Кытайдагы «Шыңжан» эл басмасына берген. 2004-жылы июль айларында аталган басма тарабынан 112 басма табак, 1780 беттен турган Жусуп Мамайдын өздүк вариантындагы көлөмдүү уникалдуу китеп жарыкка чыккан.

Китептин кириш сөзүндө: «басмага манасчы Жусуп Мамай өзү тапшырып, кээ бир нерселерин өзү чечмелеп түшүндүрүп отурганга жетишкенин»[1] – белгилешип, нускада кандай болсо ошондой, эч түзөтүүсүз, оңдоосуз бергенин жазышкан.

Демек, манасчы Жусуп Мамай кыргыз адабияты үчүн ат көтөрө алгыс зор эмгек жасаганын белгилешибиз керек. Бирок китептин титулдук бетине ошончо көлөмдүү эмгекти жазган Ж.Мамайды бир беткей мүнөздөп, «айтуучу» деп көрсөткөн. Ал эми биз бул сөзгө кошулалы десек, китептен «жазып алган» деген бир дагы сөздү жолуктурбастан, бардык бөлүмдөрүндө «басмага даярдаган» деген гана жазууну окудук. Ж.Мамай «Манасты» айтып, жаздыруу иши бир мезгилде башталган. Бирок, эргүү менен айтып, образга кирген мезгилде жазып жаткан адам тез жазууга мүмкүнчүлүгү болбогондуктан, уламдан улам токтотуп, улам манасчынын оюн бөлгөндүктөн, анын үстүнө жазуунун уюштурулушунун начардыгынан Жусуп Мамайдан өзү жазып берүүсүн өтүнүшкөн. Ошондон кийин «Манастын» сегиз урпагынын тарыхын өз колу менен жазып берген. Ошондуктан, илимий принциптен алып караганда Ж.Мамайга «айтуучу» деген мүнөздөмө ыйгаруу жетишсиз. Аны «жазгыч манасчы» дегенибиз чындыкка жакын келгенсийт. Жогорудагы китепке да «жазган Жусуп Мамай» деп берилгенде көп жагынан дал келмек.

Жусуп Мамайдын жазып берген бул көлөмдүү китеби көп жагынан К.Артыкбаевдин көздөгөн максатын колдоду. К.Артыкбаев бул тууралуу 2004-жылы жарыкка чыккан «XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы» аттуу көлөмдүү китебинде «Кытайлык кыргыздар адабияты жөнүндө кыскача маалымат» деген бөлүмдө мындай деп жазат: «Бир эскерте кете турган жагдай бар, – деп баштайт К.Артыкбаев, – Кытайдагы кыргыздардын адабиятчылары Жусуп Мамайдын жазып берген бардык эпосторун, дастандарын (баардыгы 30 китеп – Г.У.) мурдатан келаткан даяр тексттерди жаттап алып айтып берген адам катары мүнөздөшөт. …Агасы

[1] «Манас»–Шыңжан: «Эл басмасы», 2004, 7-ай, 2-бет

Балбайдын жыйнаган, Жүзүбакун, Ибрайым айткан сегиз урпак «Манастын» ж.б. эпостордун, дастандардын сюжеттеринин, окуяларынын жалпылыктары менен айырмачылыктарын жана алардагы айрым бир тексттерди жаттап алып эстеп жүрүшү мүмкүн. Бирок 30 китептеги тексттерди бүт бойдон мурдагы калыбында жаттап, эстен чыгарбай айтып берген айтуучу деп мүнөздөй берүү эч качан чындыкка туура келбейт. Жусуп Мамай – баарыдан мурда – өзүнүн өздүк вариантын жаратуучу автор» (633-бет) – деп Жусуп Мамайдын жазуучу-манасчы экенин негиздеп, далилдеген. Ошону менен бирге кыргыз оозеки чыгармачылыгында эпосту айтуучу да, аны жаратуучу да, дагы жазгычы да болоорун кийинки урпактар үчүн айта жүрүү зарылдыгын эскерткен. Муну менен катар бул маселенин чечилишинде, кыргыздын улуттук сыймыгын, улуттук жүзүн көтөрө турган проблема жатканын баса көрсөтөт. Ал эми Ж.Мамай эпосту жазууда өзүнүн деңгээлине жараша индивидуалдуу кошумчалар менен бирге традициялуулукту пайдаланды, аны изилдөө иши али алдыда.

Бирок, бул маселенин ушундай чечилгенине карабастан дале болсо манастаануучулар баягы канга сиңген «сказитель-айтуучу» деген орус терминин чыга албай, өздүк вариантын жараткан автор экенин атай албай келишет.

Чынында 500 миң саптан ашык ырды айтуу, бул чыгарманы жаратуучунун гана колунан келет. Ал эми аны үйрөнүп жаттоо акылга сыйбай турган иш эмеспи. Ошондуктан, Европанын, тактап айтканда орус элинин теориялык илимдери аркылуу адабият-маданиятыбызды өнүктүрүп келе жатканыбыз чындык дечи, бирок, ошол илимди туура эмес пайдалануудан улам, өзүбүздүн адабиятыбыздагы өнүгүүлөр көз жаздымда калып, зыян тартып келе жатканыбыз өкүндүрөт. Дегинкиси, Европа өлкөлөрүндө Саякбай, Сагымбай сыяктуу мейли «айтуучуларды» дүйнөлүк адабият практикасында жолуктурган бир фактыны көрө элекпиз.

ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН «КУТ АЛЧУ БИЛИМ» ДАСТАНЫН ИЗИЛДӨӨДӨ ПРОФЕССОР К.АРТЫКБАЕВДИН ЭМГЕГИ

Дүйшембиева Дамира,
Эл аралык башкаруу, укук, каржы жана бизнес академиясы, окутуучу

Эзелтен эле элибиз учкул, накыл сөздү жогору баалап, баркына жете билген калктардан болуп келгени баарыга жакшы маалым. Тунук акыл-эстен жаралып, көөнөрбөс асыл кенчке айланган андай руханий азыктарды бизге – урпактарына улуу сабак болсун деп бабаларыбыз атадан балага, муундан муунга өткөрүп, жоголсо орду толгус мурас катары сактап келишкен.

XI кылымда Карахандар мамлекетинин коомдук-саясий, экономикалык жана маданият жагынан бир кыйла өсүп-өнүгүп калган мезгилинде жазылып, кийинки кылымдардагы ар түрдүү тарыхый татаал доорлордун сынынан буйдалбай өтүп, тарыхтын бир бүктөмүндө тапталып калбай, өзүнүн маани-маңызын, идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн толук түрдө сактоо менен биздин бүгүнкү күнгө жеткен, түрк тилинде жазылган эң алгачкы көлөмдүү поэтикалык эстеликтердин бири биздин бабабыз, кыргыз элинин улуу акыны Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиг» («Кут алчу билим») аттуу дастаны болуп саналат.

Чындыгында эле «Кутадгу билиг» түрк тилинде жазылган эң алгачкы дидактикалык, адеп-ахлактык, коомдук-социалдык, философиялык дастан экени талашсыз чындык. Бул туурасында Жусуп Баласагын өзү да дастандын кириш бөлүмүндө:

«Китепти окуй турган окурманым,
көркүнө түрк сөзүнүн нак тунарсың» (21-бет).

«Китеп көп арап, тажик тилдеринде,
Бул китеп эң биринчи биздин тилде» (24-бет), –
деп атайылап эле баса көрсөтүп, эскертип жазат.

Эми бул жерде сөздүн оңу келип турганда «Кутадгу билиг» дастанындагы тил маселесине токтолуп, дастандын тилине карата бир аз болсо да түшүнүк бере кеткенибиз жөн.

Жогоруда Жусуп Баласагын бабабыз «көркүнө түрк сөзүнүн нак тунарсың», «Бул китеп эң биринчи биздин тилде» деп кашкайган чындыкты жазып жатат. «Кутадгу билиг» акындын өзүнүн айтуусунда да накта түрк тилинде жазылыптыр. Эч кандай башка тилдерде эмес экенин Жусуп Баласагын тактап, дааналап, баса белгилеп жатат. Мунун тууралыгын академик В.В.Радлов баштап, кыргыз окумуштуулары: К.Артыкбаев, Ө.Караев, З.Эралиев, С.Сыдыковдор колдошуп, талаш туудуруп жүргөн уйгур тилинде эмес, «Кутадгу билиг» накта түрк тилинде жазылганын аныкташты.

Орто кылымдардагы түрк урууларына кыргыздар да кирет. Кыргыздар жөн эле ошол түрк урууларынын катарын толуктаган катардагы эл болбой, маданияты, билим берүү, агартуу тармагы (оозеки формада), дипломатиясы менен дарыгерлиги, дыйканчылыгы менен соода-сатык алакалары боюнча астына башкаларды салбаган өзгөчө калк болгону жашыруун эмес.

Тарыхчылардын белгилегенине караганда кыргыз эли Борбордук Азияда жашаган эң эле байыркы элдердин бири. Байыркы доорлор менен орто кылымдар тогошкон тээ алтынчы-сегизинчи кылымдарда эле өзүнүн жазма-сызмасына, кадимки профессионал жазма адабияттын элементтери бар адабий мурастарды жараткан этнос болгонуна тарых күбө. Ошол доордун мүнөзүнө ылайык, байыркы кыргыздар гүлдөгөн маданиятка, экономикалык мамилелердеги ири ийгиликтерге жетишип, айрыкча, темир иштетүү, аскер буюмдарын, курал-жарак жасоодо, согуштук тактика менен стратегияны мыкты өздөштүргөнү да маалым. Жасалуу технологиясы өздөрүнө гана белгилүү кыргыз кылычтары демейки темирди кесип, оо кийин гана чыккан дамаск, жапон кылычтарынан кем турган эмес. Кыргыздар менен алака-катыш түзгөн калктар алардын так ушул жогорку сапаттагы курал-жабдыктарына, кол өнөрчүлүк буюмдарына кызыгып, соода-сатыгын арттырып турушкан. Кыргыздар бир нече кылымдар саясий окуялардын да чордонунда жүрүп, айыгышкан согуштарда жеңиштерге жетишип, жыйынтыгында, дээрлик бир кылымга Борбордук Азияда бийлик үстөмдүгүн орнотууга жетишишкен. Биздин замандын 820-910-жылдарынын аралыгында кыргыздардын мамлекеттүүлүгүнүн (ошол салт орто кылымдарда да улантылат) болуп көрбөгөндөй бекемделишине, согуштук ийгиликтерине кеңири анализ жасаган академик В.В.Бартольд ошол мезгилди адилеттүүлүк менен “кыргыздардын улуу дөөлөтү” (8:123-183) деп атаганы белгилүү. Демек, кыргыздар коомдук турмуштун бардык сферасында активдүү жашоо мүнөзүн кечирген калк экендиги өзүнөн өзү түшүнүктүү болот.

Бирок, канткен менен 1980-жылдардын аягына чейин бул адабий улуу мурас кыргыз коомчулугу тарабынан көңүлгө алынбай, изилденбей, ал тургай мектептерде, орто жана жогорку окуу жайларындагы кыргыз адабияты сабагында окутулбай келди. «Кутадгу билиг» менен эле катар кыргыз маданиятына түздөн-түз тиешеси бар дагы бир маданий байлыгыбыз болгон Махмуд Кашгаринин «Диван лугат ат-түрк» («Түрк сөздөрүнүн жыйнагы») аттуу сөздүгү да анча көңүлгө алынбай келди.

Ал тургай Жусуп Баласагын да, Махмуд Кашгари да кыргыз элине эч кандай

тиешеси жок деген кыргыз илимпоздору да болбой койгон жок. Мына ушул абалды өз учурунда таамай сезип, б.а. Жусуп Баласагын менен Махмуд Кашгари кыргыз элине эч кандай тиешеси жок дегендерге келишкис каршы туруп, 35 жыл бою күрөш жүргүзүп, жазып, далилдеп келген адабиятчы, профессор К.Артыкбаев 1967-жылы эле жазган өзүнүн «Орто кылымдагы адабий эстеликтерибизди үйрөнүү маселесине карата» аттуу көлөмдүү макаласында өтө тынчсызданyy менен мындай деп жазат: «Кыргыз элинин өткөндөгү жазма адабий мурастарын эске алган кезде биздин көңүлүбүздүн чордонунда эң биринчи иретте Махмуд Кашгаринин «Диван лугат ат-түрк» («Түрк сөздөрүнүн жыйнагы») сөздүгү менен Баласагындык Жусуптун «Кутадгу билиг» («Кут табуу илими» же «Бактылуу болуу илими») поэмасы турууга тийиш. Анткени, ал эстеликтерди адабий мурас катары бар жактан толук негиздер бар болуп олтурат. Ал эми мындай негизи жок туруп (ал негизги фактыларды проф. К.Артыкбаев макалада ишенимдүү далилдеп берет), бир эл экинчи элдин маданий кенчин эч убакта талаша да, же болбосо, бизге да таандык орток адабий мурас деп айта алмак эмес. Демек, маселе ал эстеликтерди үйрөнүү жагын илимий мекемелердин атайын иш пландарына киргизип, тезинен которууга жана изилдөөгө киришүүдө турат» – деп, тарыхый чындыкты жазат.

Мына ошондон бери профессор К.Артыкбаев ушул орчундуу маселенин артынан 35 жыл бою талыкпастан сая түшүп, ондогон макалаларды жазып, жыйындарда баяндамалар жасап, сүйлөп, жаман-жакшы көрүнүп жүрүп, акыры өз оюнун тууралыгын таасын далилдей алды. Жусуп Баласагын кыргыз элинин улуу акыны экендигин элге таанытты.

«Кут алчу билим» дастанынын Герат, Каир жана Намангандан табылган Ташкент кол жазмалары болуп, бизге бири-биринен аздыр-көптүр айырмаланган үч варианты келип жетти. Бул үч кол жазманын бизге жетиш тарыхы тууралуу проф. К.Артыкбаев мындай деп жазат: «1439-жылы Хасан Кара Саил Шаме деген адам Герат калаасында жазып алган кол жазма кандайдыр бир жол менен Түркиянын Токат деген шаарына алынып келинет да, андан 1474-жылы Стамбулга өтөт. 1776-жылы бул кол жазманы австриялык Иосиф фон Хаммер-Пургшаль деген окумуштуу букинисттин колунан сатып алат да, анан аны Вена шаарындагы императордук китепканага тапшырат. Уйгур тамгасындагы бул кол жазмада көчүрмөчү тарабынан көптөгөн каталарга жол берилген, бир катар ыр жолдору жок болуп, өтө начар сакталган. Венада сакталып турган бул нусканы веналык, же гераттык кол жазма деп атоо илимий адабияттарда кеңири колдонулуп келүүдө.

Араб тамгасындагы экинчи кол жазма Каир шаарындагы Хидив китепканасынан 1896-жылы немец окумуштуусу Б.Мориц тарабынан табылган. Кол жазманын көчүрмөсү академик В.В.Радловдун тапшырмасы боюнча 1898-жылы Петербург Илимдер академиясынан Азия музейине алып келинген, азыр СССР Илимдер академиясынын Чыгыш таануу институтунун Ленинграддагы бөлүмүнүн кол жазмалар бөлүмүндө сакталып турат. Кол жазма толук эмес, ал Каир кол жазмасы деген ат менен белгилүү. Үчүнчү кол жазма 1913-жылы А.З.Валидов деген адам тарабынан Наманган шаарындагы Мухаммед кожо-эшен Лоляриштин өздүк китепканасынан табылган. Бирок андан кийин араб тамгасында жазылган бул кол жазма дайынсыз болуп кетип, 1925- жылы өзбек окумуштуусу Фитрат тарабынан кайрадан оозго алына баштаган. 1928- жылы Фитрат өзүнүн «Өзбек адабиятынын үлгүлөрү» деген китебине «Кутадгу билигдин» үзүндүлөрүнөн жарыялаган. Текстинин толуктугу жана жакшы сакталгандыгы менен айырмаланган бул кол жазма азыр Өзбек ССР Илимдер академиясынын Чыгыш таануу институтунда сакталып турат» .

Ушундай кызык тарых-тагдырга ээ «Куттуу билим» дастаны дээрлик он кылым

мурда жазылса да муундар алмашып, кылымдар оошсо да окула берчү түбөлүктүү эстеликтин бири, кирдүү кол менен кармагыс ыйык кенчи болуп калган улуу мурасты изилдөөдө Качкынбай Артыкбаевдин эмгеги зор.

Качкынбай Артыкбаев Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, адабиятчы, филология илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер. Ал кыргыз адабий илиминин көп сандаган приоритеттүү багыттары боюнча изилдөө иштерин жүргүзүп келген. Илимий макалаларындагы, китептериндеги адабий процесске, көркөм чыгармаларга жүргүзгөн талдоолору, ойлорунун оригиналдуулугу, публицистикалык курчтугу, профессионалдуу жогорку деңгээли көптөгөн илимий талкууларды жүргүзүүгө, олуттуу илимий маселелерди туура чечүүгө, кыргыз адабиятынын тарыхы менен теориясын ар тараптан тактап, системалоого профессор К Артыкбаев зор салым кошкон.

Кыргыз адабиятын байыртан берки тарыхын кеңири изилдеген илимпоз. Томсен, Радлов, Малов, Бернштам өндүү окумуштуулардан кийин Орхон - Энесей жазууларындагы адабий мурастарыбызды, ошондой эле XI кылымда өз жерибизден чыккан Жусуп Баласагын, Махмуд Кашкари өндүү даанышман бабаларыбызды кыргыз элине таандык дөөлөттөр деп, адабиятыбыздын тарыхын байыркы мезгилден баштообуз керек, ал үчүн жогоруда аталган дөөлөттөрүбүздү тарыхыбызга киргизүүбүз керек деп 1967-жылы демилге көтөрүп, анан чейрек кылым күрөш жүргүзүп, көп талаш-тартыш, бут тосууларды жеңип, акыры адабиятыбыздын байыртан берки тарыхын түзүүгө жетишти. 1987-жылдан тарта Жусуп Баласагынды, Махмуд Кашкарды үйрөнүү орто мектептердин окуу программаларына, окуу китептерине, 1990-жылдан бери жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин окуу программаларына киргизилип, окутулуп келүүдө.

"Байыркы мезгилден XX кылымга чейинки кыргыз адабиятынын тарыхы", "Кыргыз акындар чыгармачылыгынын тарыхы" боюнча жогорку окуу жайлары үчүн типтүү окуу программалары профессор А.Абдразаков менен бирге К.Артыкбаев тарабынан түзүлдү.

Элүү жылга жакын Кытайдагы кыргыз жазуучулары, илимпоздору менен тыгыз байланышта болуп, Кытайдагы кыргыздардын оозеки чыгармачылыгы менен адабиятын тынымсыз иликтеп, өзүнчө чакан китепканасын уюштуруп, акыры "Кытайдагы кыргыздардын элдик оозеки чыгармачылыгы жана адабияты" аттуу типтүү окуу программасын түзүп, аны Жусуп Баласагын атындагы улуттук университет кыргыз филологиясы факультетинин студенттерине лекциялык курс катары окуттурууга жетишти.

Ошентип, кыргыз элинин байыркы эл экендигин байыркы адабий тарыхын түзүү менен иш жүзүндө далилдеп, күндөлүк турмушубузга киргизүү аркылуу Октябрь төңкөрүшүнө чейин кыргыз элинде жазуу да, мамлекет да болгон эмес деп элибизди кемсинтип келген саясатты К.Артыкбаев биротоло жокко чыгарып, элибиздин байыркы маданияты, адабияты, жазуусу болгон деген сыймыктануу сезимибизге шам жакты.

Ал эми XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхын К.Артыкбаев жалгыз өзү жазып, адегенде 1982-жылы жарыяланган "Кыргыз совет адабиятынын тарыхы" деген окуу китебинде, андан кийин 2004-жылы жарык көргөн "XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы" деген окуу китебинде жана ушул эле аталыштагы окуу программасында толук камтып, илимий-эстетикалык адилет талдоодон өткөрүп, жалпы элибизге тартуу кылды.

Башкасын айтпай, Качкынбай Артыкбаевдин бир гана Жусуп Баласагындын атын Кыргыз улуттук университетине койдурганын айталычы. Бардыгы 35 жыл, анын

ичинде акыркы 13 жылы тынымсыз күрөшүп, "Жусуп Баласагын кыргыздардыкы эмес" деген кыргыз интеллигенттеринин бардык тоскоолдуктарын жеңип, анын атын университетке койдуруп коюш ар бир эле илимпоздун, жазуучунун колунан келе койчу иш эмес. Ар бир кыргыздын сыймыктануусуна жол ачып берген Качкынбай Артыкбаевдин эмгегин эли эч качан унутпайт.

Адабияттар:

1. Абдыразаков А. Жусуп Баласагын. //Кут билим, № 47. 1993. 15-декабрь.
2. Артыкбаев К. Орто кылымдагы адабий эстеликтерибизди үйрөнүү маселесине карата. Китепте: Артыкбаев К. Тандалмалар. –Фрунзе, 1984.
3. Артыкбаев К. Жусуп Баласагын жана Махмуд Кашкаринин мурастары. – Бишкек, 1999. -125 б.
4. Артыкбаев К. В.В.Радловдун “Кутатгу билигке” акыркы сөзү жөнүндө. Китепте: Жусуп Баласагын тууралуу баян. –Бишкек: АРХИ., 2004. -302 б.
5. Артыкбаев К. Дагы бир жолу орто кылымдагы адабий мурасыбыз жөнүндө. Китепте: Акыйкат сабагы. –Бишкек, 1991.
6. Сыдыкбеков Т. Кут белгиси – билик. “Кут алчу билимге” жазылган баш сөз. Китепте: Жусуп Баласагын “Куттуу билим”. –Москва, НИК, 1993.
7. Турдубаева Н. Жусуп Баласагындын “Кутатгу билиг” дастаны жана анын түрк тилдериндеги котормолору. Кан. дисс. –Бишкек. -157 б.
8. Бартольд В.В. Кыргыздар II том. - Бишкек, 1991, 123-183-беттер

КАЧКЫНБАЙ АРТЫКБАЕВДИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ТҮРК ТИЛИНДЕ

Калия Кулалиева

филол. ил. канд.,Кыргыз-Түрк «Манас» университети

Элдик жана адабий мурастарды сактоо, коргоо, келечек муунга чыпчыргасын коротпой өткөрүп берүү ар бир жарандын милдети. Мына ушул милдетти аткарууда дайыма активдүү позицияда болгон, кыргыз адабиятынын тарыхында өз орду бар, «адабият тарыхчысы»[4] деген атка татыктуу инсан, филология илимдеринин доктору, профессор Качкынбай Артыкбаевдин өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалыматтар ар түрдүү тилде жарыяланып келет. К. Артыкбаев тууралуу маалыматтар гана жарыяланбастан, анын эмгектери да башка тилдерге которулуп, кыргыз таануучулардын, түркологдордун изилдөө объектисине айланып, окумуштуунун изилдөөлөрү, чыгармалары чет элдик окумуштуулар тарабынан окулуп, алардын изилдөөлөрүнө таяныч булак катары кызмат өтөөдө. Дегеле кыргыз адабияты, анын көрүнүктүү өкүлдөрү тууралуу изилдөөлөрдү жүргүзүүдө Артыкбаевдин эмгектерине шилтеме бергендердин саны арбын экендигин Түркия жана Кыргызстанда түрк тилинде жарыяланган изилдөөлөрдөн байкоого болот.

Бул макалада К.Артыкбаевдин түрк тилдүү басылмаларда жарыяланган өмүрү жана чыгармачылык жолу тууралуу материалдар, анын түрк тилине которулган чыгармалары, ошондой эле өздөрүнүн изилдөөлөрүндө Артыкбаевдин эмгектерине

[4] Санарбек Карымшаков. Качкынбай Артыкбаевдин илимий-сынчылык ишмердиги: Монография. – Б.: 2001.-39-бет.

кайрылган, кыргыз адабиятын түрк тилинде таанытууга аракет кылып, кыргыз-түрк адабий байланыштарын ишке ашырып жаткан кыргызстандык жана түркиялык окумуштуулардын эмгектери тууралуу сөз болмокчу. Макалада К.Артыкбаевге байланыштуу түрк тилинде чыккан китеп, гезит-журналдардагы макалалар топтолуп, интернет булактарындагы маалыматтар иликтөөгө алынды жана мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнө карай топторго бөлүштүрүлдү. К.Артыкбаевге байланыштуу түрк тилиндеги материалдарды жалпысынан эки чоң топко бөлүп кароого болот. Биринчиси анын өмүрү чыгармачылыгын тааныштыруу мүнөзүндөгү материалдар, экинчиси Артыкбаевдин эмгектеринин түрк тилиндеги котормолору. Экинчи топтогу материалдар Артыкбаевдин окумуштуулук жана акындык чыгармачылыгына байланыштуу болгондуктан, аларды илимий жана көркөм деп, экиге бөлүп алып кароо максатка ылайыктуу. Илимий эмгектерин түрк тилинде жарыяланган эмгектери (макала, окуу китеби) жана окумуштуунун эмгектерине шилтеме берип, анын изилдөөлөрүнө кайрылгандар деп ажыратууга болот. Эгер схема түрүндө бере турган болсок, ал төмөнкүчө болот.



1. Качкынбай Артыкбаевдин өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу материалдар.

Түрк тилинде жарыяланган Качкынбай Артыкбаевдин өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу материалдын эң алгачкысы катары 1993-жылдан баштап жарыялана баштаган *Türkiye Dışındaki Türk Edebiyatları Antolojisi* («Түркиядан тышкаркы түрк элдеринин адабиятынын анталогиясынын») 32-томунда[5] орун алган макаланы кароого болот. Бул антологияны түзүү ишине Невзат Косеоглу жетекчилик кылып, Ахмет Бижан Эржиласун жалпы кеңешчи болгон. Бул антологиянын 31 жана 32-томдору кыргыз адабиятына арналып, 300дөн ашык акын, жазуучунун өмүрү, чыгармачылыгы камтылган. Ошондой эле алардын чыгармалары, чыгармаларынан

[5] Türkiye Dışındaki Türk Edebiyatları Antolojisi. (2005). Kırgız Edebiyatı-II. 32 Cilt, Ankara Kültür Bakanlığı Yayınları. Ankara.

үзүндүлөр кыргыз (латын алфавитинде) жана түрк тилинде жарыяланган. Бул антологиянын кыргызча материалдарын фольклорист жана тарыхчы Сулайман Кайыпов даярдаган. Мындагы көлөмдүү материал Исмаил Туран Каллимжи, Абдукааддес Кутлу жана Калмамат Куламшаевдер тарабынан түрк тилине которулган. Мында Артыкбаевдин туулган жери, жылы, билими, эмгек жолуна байланыштуу маалыматтар берилип, 1991-жылга чейин жарыяланган эмгектеринин тизмеси келтирилген. Андан соң беш ыры кыргыз жана түрк тилдеринде берилген. Бул ырлары тууралуу маалымат макаланын «К.Артыкбаевдин түрк тилинде жарыяланган эмгектери» деген 2-бөлүмдө берилет.

Бул макаладан кийинки Качкынбай Артыкбаевдин өмүрү чыгармачылыгын кенен чагылдырган илимий-таанытуучу макала катары Түркиядагы Ататүрк университетинин жаш илимпозу Фатих Экижинин эл аралык Uluslararası Türkçe Edebiyat Kültür Eğitim Dergisi («Эл аралык түрк тили, адабият, маданият, билим берүү журналы») деген журналга жарыяланган «Качкынбай Артыкбаев – XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы» [6] (Которгон Майрамгүл Дыйканбаева) аттуу макаласын кароого болот. Бул макала 3 бөлүмдөн турат жана биринчи бөлүмүндө илимпоздун өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу маалымат берилет. Мурунку чыккан макаланы толуктап мында: «Артыкбаев, 9 ыр; 16 монография, илимий изилдөө жана сын; 24 окуу китеби менен 600дөн ашык макаланын автору»[7] экендиги тууралуу маалымат берилген.

Макаланын экинчи бөлүмүндө К.Артыкбаевдин «XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхын» түрк тилине которгон жаш илимпоз Майрамгүл Дыйканбаеванын өмүрү жана чыгармачылык жолуна токтолот. М. Дыйканбаева бул эмгекти которгонго чейин кыргыз жазуучуларынын (Э.Ажыканова, К.Адамалиев, С.Бегалиева, Ө.Караев, А.Сармамбетов ж.б) бир топ чыгармаларын которгондугун белгилеген.[8]

Бул макаланын үчүнчү бөлүмүндө К.Артыкбаевдин «XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы» эмгегинин кыргыз тилинен түрк тилине которулган эмгектердин ичинде алган орду, мааниси тууралуу сөз болот. Бул эмгек «Манас» эпосу, Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгы, чыгармалары, Төлөгөн Касымбековдун тарыхый романдары жана жогоруда сөз болгон «Анталогиядан» кийинки кыргыз тилинен түрк тилине которулган маанилүү эмгек катары баалаган. Китептин жазылыш тарыхы жана анын мазмунунан кабар берүү менен автор окурмандарга бул китептин Түркияда кыргыз адабияты жана адабияттын тарыхы боюнча келечекте жүргүзүлө турган изилдөөлөрдүн башаты боло ала турганын, өзгөчө Азыркы түрк тилдери жана адабияты, Түрк тили жана адабияты бөлүм, факультеттеринде окутулган кыргыз адабияты сабактары үчүн башкы окуу китеби катары колдонула турганын да белгилеген.[9]

Түрк тилинде Качкынбай Артыкбаевдин өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу маалыматты www.kalemdas.com деген Түрк тилдүү адабият журналдардын форумунан да окууга болот. Жогоруда берилген маалыматтардан айырмаланып бул материалда Артыкбаевдин басма сөз жаатындагы жана педагогикалык ишмердүүлүгү тууралуу маалыматтардын берилишине басым жасалган. Тааныштыруунун башында К. Артыкбаев «кыргызстандык тилчи» деп берилип калган. Бул маалыматты оңдотуп

---

[6] Fatih Ekici. Kaçkınbay Artıkbayev – XX. Yüzyıl Kırgız Edebiyatı Tarihi. Uluslararası Türkçe Edebiyat Kültür Eğitim Dergisi Sayı: 3/1 2014. s. 416-422, Türkiye.

[7] Түрк тилинен кыргыз тилине автор тарабынан которулду.

[8] Fatih Ekici. Kaçkınbay Artıkbayev – XX. Yüzyıl Kırgız Edebiyatı Tarihi. Uluslararası Türkçe Edebiyat Kültür Eğitim Dergisi Sayı: 3/1 2014. 418. s., Türkiye.

[9] Жогоруда аты аталган эмгек. 422-б.

коюу биздин милдетибиз деп ойлойм. Өзгөчө белгилей кетчү жагдай бул форумда таныштыруу максатында кыргызстандык 9 гана инсандын аты жазылган. Алардын бири филология илимдеринин доктору, профессор К.Артыкбаев.

2. Качкынбай Артыкбаевдин түрк тилинде жарыяланган эмгектери.

Алгач Качкынбай Артыкбаевдин кыргыз акын-жазуучуларынын өмүрү-чыгармачылыгына байланыштуу макалалары Майрамгүл Дыйканбаеванын котормосунда «Кардеш калемдер» (Kardeş Kalemler) аттуу бир айда бир жолу жарык көрүүчү Евразия адабият журналына жарыялана баштаган. Мисал катары «Төлөгөн Касымбековдун өмүрү жана чыгармачылыгы»[10], «Мукай Элебаевдин өмүрү жана чыгармачылыгы»[11] аттуу макалалар. Буларды макала түрүндө которуп, жарыялап, окурмандардын сынынан өткөргөн Майрамгүл Дыйканбаева К. Артыкбаевдин ушул жана башка акын-жазуучулардын, кытайлык кыргыздардын адабиятын кошо камтыган маанилүү эмгеги «XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхын»[12] 2013-жылы Евразия жазуучулар союзуна тиешелүү «Bengü» басмасынан жарыкка чыгарууга жетишти. Бул кыргыз адабиятынын тарыхында биринчи жолу болуп жаткан окуя катары бааланып жана келечекте өз жемишин берет деген пикирдебиз. Көп учурда саны боюнча көп болгон элдердин, тилдердин окуу китептери башка тилдерге которулуп жүргөнүнө биз күбөбүз. Бир автор тарабынан жазылып, бир кылымдык кыргыз адабиятынын тарыхын өз ичине камтыган бул эмгектин келечеги кең экендигине ишенебиз. Талыкпай эмгектенип 2 жылда 680 беттик Артыкбаевдин бул эмгегин түрк тилине которгон Майрамгүл Дыйканбаевага жана анын котормочулук ишмердүүлүгүндө жардамын берген түркиялык окумуштууларга терең ыраазычылык билдиремин.

Илимпоздун илимпоздук дараметинин канчалык экендигин өлчөөнүн, билүүнүн бирден бир ыкмасы болуп ошол илимпоздун эмгектерине башка окумуштуулардын кайрылышы, таяныч булак катары өз изилдөөлөрүндө анын ой-корутундуларын пайдаланылышы саналат. Бул баамдан алып караганда кыргыз жана орток түрк адабиятынын мурастары боюнча шилтеме берүүдө Качкынбай Артыкбаевдин эмгектерине кайрылган окумуштуулардын саны арбын экендигин көрүүгө болот. Изилдөөлөрүн түрк тилинде жарыялаган кыргызстандык жана түркиялык окумуштуулардын «Манас» эпосунун изилденишине, элдик оозеки чыгармалардын изилдениш тарыхына, «Кутадгу билиг» дастанына жана Касым Тыныстанов, Мукай Элебаев, Алыкул Осмонов, Төлөгөн Касымбеков сыяктуу көрүнүктүү акын жазуучуларыбыздын өмүрү, чыгармачылыгына байланыштуу изилдөөлөрүндө Артыкбаевдин түрдүү жалдары чыккан эмгектерине кайрылгандыктарына күбө боло алабыз. Алардын катарына илимдин доктору, профессорлор Абдуррахман Гүзел, Умай Гүнай, Лайли Үкүбаева, Сулайман Кайыпов; илимдин кандидаттары Майрамгүл Дыйканбаева, Орхан Сөйлемез, Халит Ашлар, Исмаил Туран Каллимжи, Нуруллах Жижиоглу, Мехмет Черибаш, Сейфеттин Эршахин ж.б. окумуштууларды киргизүүгө болот. Түркиядагы бир катар университеттердин окуу программаларында Качкынбай Артыкбаевдин окуу китеби аркылуу окутуу каралгандыгын да белгилешибиз керек. Артыкбаевдин эмгектери академиялык басылыштагы окуу китептеринен тартып фольклор, адабият жана тарых боюнча жазылган магистрдик, докторлук изилдөө

[10] K. Artıkbayev. Tölögön Kasımbekov'un Hayatı ve Sanatına Genel Bir Bakış. Çev. M.Dıykanbayeva. Kardeş Kalemler. Aylık Avrasya Edebiyat Dergisi. Avrasya Yzarlar Birliği tarafından Yayımlanıyor. Sayı 56/Ağustos-2011.

[11] K. Artıkbayev. Mukay Elebayev'in Hayatı ve Sanatına Genel Bir Bakış. Çev. M.Dıykanbayeva. Kardeş Kalemler. Aylık Avrasya Edebiyat Dergisi. Avrasya Yzarlar Birliği tarafından Yayımlanıyor. Sayı 58/Ekim-2011. 50-61 s.

[12] K. Artıkbayev. (2013) XX. Yüzyıl Kırgız Edebiyatı Tarihi. Çev. Mayramgül Dıykanbayeva. Ankara. 680 s.

иштеринде эскертилгендиги анын илимпоздук дараметинин жогору экендигине далил боло алат.

Ал эми К. Артыкбаевдин акындык чеберчилиги менен түрк тилдүү окурман алгач акындын 2005-жылы жарыяланган «Антологиядагы»[13] ырлары аркылуу тааныша алды. Бул жыйнакка киргизилген акындын беш ыры анын коомдогу жарандык позициясын аныктап, эли-жерин, мекенин терең сүйгөн акын экендигинен кабар берет. Алгач «Мен кыргызмын» деген ыры берилип, андан соң «Эй, Түрктөр», «Тоолор менен сырдашуу», «Дени сак кылгын калкымды», «Эне жүрөгү» деген ырларына орун берилген. Ырды которууда маанисин так берүү аракети жасалган жана автордун ою толук чагылдырылган. Буга байланыштуу поэтикалык чыгармага мүнөздүү ыргакты берүүчү уйкаштыкка азыраак көңүл бурулганы байкалат.

Окурмандарды Артыкбаевдин акындык өнөрү менен тааныштыруу жана Кыргызстан менен Түркиядагы жогорку окуу жайларда Азыркы түрк тилдери жана адабияттары, Түркология, Кыргыз тили жана адабияты, Түрк тили жана адабияты, Котормо бөлүмдөрүндө билим алып жаткан студенттерге котормо практикасын өнүктүрүүгө жардам берүүнү максат кылган «Эстей жүр»/ «Her Hatırla»[14] аттуу жыйнагынын жарыкка чыгышы Артыкбаевдин буга чейинки түрк тилинде чыккан эмгектерине толуктоо болот деп ойлойбуз. Артыкбаевдин ырларын ыр китептеринен тандап алып, которуп бүткөнгө чейин анын биз которгон ырларынын мурда эле түрк тилине которулганынан кабарыбыз болгон эмес. Биз тандап алган ырлардын ичинде «Антологияда» жарыяланган төрт ырдын бар экендигин көрүп абдан кубандык. Эгер бул ырлардын котормосу бар экендигин билсек, которбой же ал котормонун таасиринде калмакмакпыз деген ойдобуз. Студенттерибиз бул ырлардын эки вариантын салыштырып талдоого, сындоого мүмкүнчүлүк аларын ойлоп, кубанычыбыз андан да артты. Ошентип, Качкынбай Артыкбаевдин ырларынын түрк тилине котормосунун эки варианты бар деп айта алабыз. Ал эми бул котормолордун дурус жана буруш тараптарын талдоо келечекте окуй турган окурмандардын, Качкынбай агай сыяктуу сын айта ала тургандардын колунда.

Качкынбай Артыкбаевдин публицистикалык макалалары, сын-макалалары жакынкы келечекте түрк тилине которулуп, анын түрк тилинде басылып чыккан чыгармаларынын катарын толуктайт деген ойдобуз. Публицистикасы тууралуу сөз кылып жатып, 1995-жылы «Заман Кыргызстан» гезитине жарыяланган «Маданий мурастар жакындаштырат»[15] аттуу Билал Инжиделен менен болгон маегин белгилебей кетүүгө болбойт.

Белгилүү адабиятчы, сынчы, акын жана публицист, мыкты педагог Качкынбай Артыкбаевдин өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу түрк тилиндеги изилдөөлөр, ошондой эле анын илимий эмгек жана көркөм чыгармаларынын котормолору тууралуу кеп козгоо менен кыргыз-түрк адабий байланыштары мындан ары да тереңдеп, окумуштуулардын жаш мууну улуу муундун салган чыйырында талбай эмгектенет деген үмүттөбүз, эки боордош элдин адабий, маданий жана экономикалык кызматташтыгы бекемделе берерине ишенебиз.

---

[13] Türkiye Dışındaki Türk Edebiyatları Antolojisi. (2005). Kırgız Edebiyatı-II. 32 Cilt, Ankara Kültür Bakanlığı Yayınları. Ankara.

[14] Качкынбай Артыкбаев. Эстей жүр/Her Hatırla. Ырлар жыйнагы. Түрк тилине которгон Калия Кулалиева. – Б., 2014. 80 б.

[15] Артыкбаев К. Маданий мурастар жакындаштырат: / Билал Инжиделен менен маек/ // Заман Кыргызстан. – 1995. – 24-февр. - №8. – Б. 7. // Заман. 1995. 28-февр.

Адабияттар:

Артыкбаев К. Маданий мурастар жакындаштырат: / Билал Инжиделен менен маек/ // Заман Кыргызстан. – 1995. – 24-февр. - №8. – Б. 7. // Заман. 1995. 28-февр.

Artıkbayev K. (2013) XX. Yüzyıl Kırgız Edebiyatı Tarihi. Çev. Mayramgül Dıykanbayeva. Ankara. 680 s.

Artıkbayev K.Tölögön Kasımbekov'un Hayatı ve Sanatına Genel Bir Bakış. Çev. M.Dıykanbayeva. Kardeş Kalemler. Aylık Avrasya Edebiyat Dergisi. Avrasya Yzarlar Birliği tarafından Yayımlanıyor. Sayı 56/Ağustos-2011.

Artıkbayev K Mukay Elebayev'in Hayatı ve Sanatına Genel Bir Bakış. Çev. M.Dıykanbayeva. Kardeş Kalemler. Aylık Avrasya Edebiyat Dergisi. Avrasya Yzarlar Birliği tarafından Yayımlanıyor. Sayı 58/Ekim-2011. 50-61 s.

Артыкбаев Качкынбай. Эстей жүр/Her Hatırla. Ырлар жыйнагы. Түрк тилине которгон Калия Кулалиева. –Б., 2014. 80 б.

Санарбек Карымшаков. Качкынбай Артыкбаевдин илимий-сынчылык ишмердиги: Монография. – Б.: 2001.

Türkiye Dışındaki Türk Edebiyatları Antolojisi. (2005). Kırgız Edebiyatı-II. 32 Cilt, Ankara Kültür Bakanlığı Yayınları. Ankara.

Fatih Ekici. Kaçkınbay Artıkbayev – XX. Yüzyıl Kırgız Edebiyatı Tarihi. Uluslararası Türkçe Edebiyat Kültür Eğitim Dergisi Sayı: 3/1 2014. s. 416-422, Türkiye.

Интернет-булактар:
www.biografi.net
www.kalemdas.com
www.kardeskalemler.com
www.bizimkulliye.com
ekitap.kulturturizm.gov.tr.
www.turkegitimindeksi.com
www.gulceedebiyat.com
www.academia.edu

К.АРТЫКБАЕВ – А.ТОКОМБАЕВДИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫН ИЗИЛДӨӨЧҮ

Мухтар Сатыбеков
Ж.Баласагын ат. КУУ, доцент

Кыргыз профессионал адабиятынын баштоочуларынын бири Аалы Токомбаевдин жалпы чыгармачылыгын изилдеп, анын жекелик өзгөчөлүктөрүн ачып берүүдө кыргыз адабиятына аралашкан бир дагы илимпоз, сынчы, адабиятчы К.Артыкбаев сыяктуу кеңири кайрылган эмес. Тагыраак айтканда «Токомбаев таануу» К.Артыкбаевдин чыгармачылыгындагы бүтпөс тема катары иштелген десек болот.

К.Артыкбаевдин А.Токомбаевдин чыгармачылыгына кызыгуусу студенттик кезинде эле башталганын, тагыраак айтканда К.Артыкбаевдин 4-курста окуп жүргөндө жазган «А.Токомбаевдин Өз көзүм менен» поэмасындагы оригиналдуулук жана типтүүлүк маселелери» деген курстук иши көрөкм тажрыйбаларга теориялык жоболор менен талдоо жүргүзүп, жаңыча ой жыйынтыктарын ортого салгандыгы менен көңүлдү бурган. К.Артыкбаев өзүнүн илимий-сынчылык ишмердигинин башталышында эле А.Токомбаевдин поэтикалык тажрыйбасына кайрылганы кокусунан эмес болчу. Анткени К.Артыкбаев сыяктуу илимдин машакаттуу жолуна жаңы түшкөндөр үчүн классиктердин чыгармаларына талдоо жүргүзүп машыгуу – бул жагынан белгилүү бир даярдык менен келүүнү талап кылса, экинчи жагынан изилдөөчүнүн өнөрүн андан ары өнүктүрүп, «татаал операцияларды, жасай билүүсүнө жардамдашмак. Мына ушул мезгилден тартып, акындын чыгармачылыгына таасирленүүсү, кызыгуусу күчөй баштайт. К.Артыкбаев 1956-жылы «Ленинчил жаш» газетасында пропаганда жана агитация бөлүмүнүн башчысы болуп иштей баштагандан тартып К.Артыкбаев А.Токомбаев менен бетме-бет жолугушуп, адабияттын ар түркүн иштери, элибиздин көп тармактуу маданий мурастарын сактоо жана өнүктүрүү маселелери боюнча бир нече жолу кеңири ой бөлүшөт. Атүгүл, 1960-жылдын 20-сентябрында А.Токомбаев К.Артыкбаевдин алгачкы сын макалалары жана ырлары жөнүндө өзүнүн кат түрүндөгү алгачкы каалоосун жазган. Анда… «Менин азыркы түшүнүгүм боюнча Сиздин шык поэзиядан көрө сында. Сыныңызда эркин ой, кенен түшүнүк, кыраакы байкагычтык бар. Демек, жетилген пикирлериңиз бар. Сындын аркасына түшсөңүз ири изидегичтердин бири болоруңузга мен ишенем», – деген пикирин айтат. Ошентип, А.Токомбаев К.Артыкбаевдин тубаса таланты поэзияда эмес сында экендигин алдын-ала туюп, жаш таланттын келечегине ачык жол көрсөтүп берет.

К.Артыкбаев А.Токомбаевдин жалпы чыгармачылыгы жөнүндө өзүнүн көзү өткөнгө чейин отузга жакын илимий изилдөө багытындагы эмгектерди жазып калтырып кетти. Алардын ичинен А.Токомбаевдин поэзиясынын көп кырдуу, көп сырлуу жактарын баян эткен «Изденүүлөр жана табылгалар» аттуу монографиясы – адабият таануу илиминдеги акындык чеберчилик маселесин алгач ирет кеңири талдап ачып берген эмгек катары илимий чөйрөдө өтө жогоруу бааланган.

Монографиянын биринчи бөлүгүндө А.Токомбаевдин лирикаларын иликтөөгө алган. К.Артыкбаев А.Токомбаевдин алгачкы чыгармачылык кадамы кандай өзгөчөлүктөргө ээ экендигин ачып көрсөтүүгө басым жасаган. Ал маселени чечүүдө акындын чыгармаларынын жаралуу мезгилиндеги тарыхий, коомдук-социалдык, маданий шартка кеңири токтолгон.

Монографиянын экинчи бөлүгү А.Токомбаевдин поэмалары менен «Таң алдында» романына арналган. Поэмаларды талдоодо К.Артыкбаевдин төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөрүн байкоого болот: ал коюлган маселеге адабиятчы, сынчы катары гана эмес жазуучулук шыгы бар, акын катары мамиле кылат. Экинчиден, автор

поэмалардын идеялык-көркөмдүк, тематикалык жанрдык өзгөчөлүктөрүн талдоого алып тим болбостон, ошол изилденип жаткан маселеге байланыштуу айрым бир теориялык маселелерди да козгоп, экөөнү удаалаш караштырган.

Кыргыз адабиятынын тарыхында А.Токомбаев татаал, карама-каршылыктуу инсан катары калгандыгы белгилүү. Ал чыгармачылыгы классикалык үлгү делип асмандаган да, анан адилетсиз түрдө жер менен жексенделип (өзгөчө «Кандуу жылдар», «Момия» жыйнагы боюнча) төө бастыга алынган күндөрдү да башынан өткөрдү. Бирок чыныгы искусство катары, акындын мурастары мезгилдин оор сыноосуна туруштук бере аларын, алардын улуттук адабиятыбыздагы алган ордун эч тана албай тургандыгыбызды моюнга алдык. Мына ушул иште, улуу акындын адабияттан өзүнүн татыктуу, калыс ордун айгинелөөдө изилдөөчү катары К.Артыкбаевдин салымы өтө зор болгондугун баса белгилеп көрсөтүүбүз керек.

Ал гана эмес А.Токомбаевдин «Момия» ыр жыйнагы ур тепкиге алынып, колдонуудан алып салуу жөнүндөгү пикирлер мөндүрдөй жаап жатканда да К.Артыкбаев бул процесстен четте туруп калбастан, 1970-жылы аталган жыйнак жөнүндө кеңири рецензия жазган. Анда акындын жогоруда аталган поэтикалык жыйнагына кирген чыгармаларынын күнгөй-тескейине талдоо жүргүзүү менен төмөндөгүдөй акыйкат жыйынтыктоочу пикирин айтат: «А.Токомбаевдин түрмөдө жатканда жазган ырлары граждандык, адамдык, партиялык эң туура позициясы бар акындын чыныгы жүзүн көрсөтүүчү чыгармалар болуп эсептелет. Ал ырлардан поэтикалык бай дүйнөгө ээ күчтүү лиризмди да, тап душмандарына каршы албырттап күйүп турган өткүр публицистиканы да, ички тутанууларга толгон драматизмди да, адам деген атты таза сактоо үчүн күрөшкөн, адамдар үчүн жаны ачып, аларга мээримдүүлүк тилеген чоң гуманизмди да, адам башына түшкөн кыйынчылыктардын эртеңки жарык шооласына ишенген ревалюциячыл оптимизмди да жана акырында большевизмдин жеңишин шарттаган марксчыл-ленинчил акыйкат көз карашты да ачык айкын байкоого болот».

К.Артыкбаев тарыхый фактыларды эске алып объективдүүлүктүн таразасы менен А.Токомбаевдин тегерегинде жүргөн аңыз кептердин эч негизи жок, курулай ушак-айың экендигин далилдеп бере алды. Алсак, эл арасында «өзүнө тең тайлашып чыгып келе жаткан таланттуу акындар Ж.Турусбеков, М.Элебаев, Ж.Бөкөнбаевдерди согушка жиберип көзүн тазалаган» деген сыяктуу айыпталган сөздөр жүрүп келген. Ушундай шартта К.Артыкбаев жазуучу жоокерлердин (ошол эле Мукай, Жусуп, Жоомарт) фронттон А.Токомбаевге жазган каттарын архивден таап, гезит бетине 1970-жылы жарыялашы, А.Токомбаевдин бул иште эч кандай күнөөсү жок экендигин, ошол курбалдаш жазуучуларынын алдында ак экендигин архивдик документтердин негизинде ынанымдуу көрсөтө алган.

Ушундай эле тарыхый фактыларга таянуу жолу менен К.Артыкбаев айтылуу «Үч чындык» аттуу ырдын кээ бирөөлөр айткандай (М: Т.Сыдыкбеков сыяктуу) казактын Букар Жыраусуна эмес, А.Токомбаевдин эле каламына тиешелүү экендигин фактылар аркылуу далилдеп бере алган. Ал эми К.Артыкбаев изилдөөчү катары А.Токомбаев менен К.Тыныстановдун ортосундагы мамилелердин тарыхый чындыгын ачып берүүгө болгон аракеттери улуттук адабиятыбыздын алп өкүлдөрүнүн оош-кыйыш өз ара мамилелерин айкындоодо эң чоң роль ойной тургандыгы өзүнөн-өзү түшүнүктүү.

К.Артыкбаев өзү белгилеп кеткендей А.Токомбаевдин жалпы чыгармачылыгы бүгүнкү күндө толук бойдон изилденип бүттү десек жаңылган болоор элек. Азыркы күндө да өтө тереңдебей, бери эле чет жагындагы төмөндөгү маселелерди күн тартибине койсок болот.

Алсак: биринчиден, бүгүнкү күндө акындын «Кандуу жылдар» романынын

биринчи вариантын «Таң алдында» аттуу экинчи вариантынан жогоруу кою, же төмөн кою өңдүү пикирлер басма сөз беттеринде акыркы мезгилдерде көп эле кездеше калып жүрөт. Чын эле ушундайбы? Чын эле «Таң алдында» романы идеологиялык таасирдин туткунубу? Бул жөнүндө К.Артыкбаев өз убагында «Изденүүлөр жана табылгалар» аттуу китебинде кыйла эле кеңири токтолуп өткөн. Бирок, азыр бул маселени терең иликтеп, пикирлерди ачык айтууга мүмкүнчүлүк түзүлүп олтурат. Анткени, колдонууга тыюу салынган романдын мурунку варианты тууралуу пикирлерди ачык айтууга ал кезде эч мүмкүн эмес болчу. Экинчиден, А.Токомбаевдин сынчылык ишмердүүлүгү өзүнчө бир изилдөөнүн объектиси болууга татыктуу.

А.Токомбаевдин жалпы чыгармачылыгын изилдөөдө К.Артыкбаев изилдөөчү катары опол тоодой эмгек кылып кеткендиги белгилүү. Токтогулдун чыгармачылыгын жалпы кыргыз журттучулугуна жеткирүүдө Ж.Бөкөнбаев кандай роль ойносо, А.Токомбаевдин жалпы чыгармаларын калайык калкка кеңири сиңишине К.Артыкбаев андан кем эмес роль ойноду десек болот. Ошондой эле К.Артыкбаевдин акындын чыгармачылыгы боюнча изилдөөлөрү,тактоолорунун аркасында улуу акынды кара тумандай чүргөгөн мифтерден арылтып олтурат.

Ал адабий тарыхкабы, элдик оозеки чыгармачылыккабы, адабият таануугабы, адабий сынгабы же адабият теориясынабы, айтор, кайсы темага токтолбосун мезгилдин талабына жооп бергидей илимий макалаларды жараткандыгы талашсыз. Мына ушундай багыттагы макалаларында К.Артыкбаев А.Токомбаевге байланыштуу көп маселелеринин ар түрдүү жагдайларын көз жаздымда калтырган эмес.

Жалпы эле кыргыз адабиятында 1916-жылдагы «Үркүн» темасына арнап жазылган чыгармалардын ичинен А.Токомбаевдин акындын талантын дээрлик толук камтыган, анын эпикалык поэзиясынын туу чокусу болуп калган «Таң алдында» романында чагылдырылган окуялар жөн гана үстүртөн кайпактатып өтүп кетүүчү тарыхый окуя эмес. Ал барынан мурда кыргыз адабиятынын 30 жылдык өмүрүн белгилөөчү жана ар бир акынга, жазуучуга сабак болуучу тарых. К.Артыкбаев, аталган романдагы образдардын көркөм иштелишин, мүнөздөрдү, кырдаалдарды, конфликтерди, эл башына түшкөн трагедияны, ал берген сабактарды, улуттук аң-сезимдеги чукул бурулуштарды сүрөттөөдөгү акындын чеберчилигин, жалпы эле романдын көркөмдүк денгээлин талдоого алганда, тарыхий жана көркөм чындыктын өз ара байланышына системалуу, комплекстүү мамиле жасаган.

К.Артыкбаев кыргыз элинин мерчемдүү этаптарын жана чындыкты эпикалык планда камтуудагы акындык чеберчидиктин белгилерин А.Токомбаевдин баардык эле эпикалык чыгармаларынан издей берүү апыртууга жол бергендикке жатат деп эсептейт. Анткени, автордун баардык эле поэмалары (м: «Арууке», «Адашкан адам» ж.б.) бирдей ыкмада, бир денгээлде эмес. Композициялык түзүлүштөрү, көркөм ыкмалары менен каражаттары, образ системасы жана камтыган турмуштук кырдаалды камтуу жагынан «Кытайдагы кездешүү», «Майлыбай», «Менин метиркам» поэмаларын лирикалык поэма деп, ал эми «Өз көзүм менен», «Комуз күүсү» поэмаларын эпикалык баян деп атоого болот. Албетте, К.Артыкбаев муну шарттуу түрдө гана бөлүп жатат. Себеби, акындын ошол эле лирикалык поэмаларын эпикалык касиеттерди, эпикалык баяндарынан лириканын учкул сезимдерин жолуктурабыз. Ошондой болсо да алардагы жетектөөчү стиль К.Артыкбаев бөлгөндөй эки бөлөк касиетке ээ.

Убакыт суудай агып, чыгаан адабиятчы, сынчы К.Артыкбаев агайыбыздан ажыраганыбызга беш жыл болуп калыптыр. Жакындаган сайын тоо бийиктегендей, кыргыз адабиятынын сынынын, көрүнүктүү өкүлүнүн калдайган карааны улам арылаган сайын даана көрүнөт. «Өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эскерсин» деп А.Токомбаев жазгандай К.Артыкбаевдин эң башкы эстелиги – илимий эмгектери,

чыгармалары, китептери. Ал адабий мурастар кылымдар бою илим-билимге умтулган келечектүү жаштар үчүн илимий азык болуп береринде, ак кызмат кыларында шек жок.

КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНЫН ТАРЫХЫ ТАКТЫКТЫ ТАЛАП КЫЛАТ.

Сагидаева Салтанат
Ж.Баласагын ат. КУУ, улук окутуучу.

Адабияттын тарыхын үйрөнүү, адабият таануу илиминин көп жылдык тажрыйбасы көрсөткөндөй, алды менен белгилүү бир тарыхый мезгилдердеги адабий өнүгүштүн тенденцияларын аныктап, (мезгилдештирилген принцип боюнча) анан ошол мезгилдердеги адабий процесске омоктуу салым кошкон жазуучулардын монографиялык портреттерин берүү принцибине негизделип келатат. Ушундай болгондо гана жалпылык менен жекеликтен диалектикалык биримдиги туура көрсөтүлмөкчү.

Кыргыз совет адабиятынын тарыхын үйрөнүү да ошол жалпы адабий процессти мезгилдештирүү жана жеке жазуучулардын монографиялык портреттерин берүү принциби боюнча жүргүзүлүп келатат. Буга чейин кабыл алынып калган мезгилдештирүүнү негиз катары алуу менен, кыргыз совет адабиятынын өнүгүү процессин төмөндөгүдөй мезгилдештирүү боюнча карап келе жатышат:

1. Кыргыз совет адабиятынын алгачкы мезгили;
2. Отузунчу жылдардагы кыргыз совет адабияты;
3. Кыргыз совет адабияты Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде;
4. Кыргыз совет адабияты согуштан кийинки жылдарда.
5. Азыркы мезгилдеги кыргыз совет адабияты (1960–1970-жылдар).

Жалпы баяндама бөлүктөрдү туура мезгилдештиргенден кийин көрүнүктүү жазуучулардын монографиялык портретин ошол мезгилдештирүүгө эриш-аркак жайгаштыруу зарылдыгы келип чыгат. Мурдагы «Тарыхтарда...» башкача айтканда, Москвадан 1970-жылы чыккан «История киргизской советской литературы» аттуу «тарых» китебинде адегенде обзордук материалдар берилип, анан гана аягында портреттер берилген.

Мында, жогорудагы «Тарыхта» белгилеп өткөндөй, кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын тарыхы да кошо камтылган эле. Профессионал адабият менен оңой эмес көлөмдөгү элдик оозеки чыгармачылыкты жана өзгөчө биздин адабиятыбызда бараандуу орунду ээлеген акындар чыгармачылыгын да кошо камтуу ушул «тарыхтын» көлөмүндө кыскача гана баяндамалар сапатында боло тургандыгы айтпаса да түшүнүктүү эмеспи. Анын сыңары, «Киришүүсүнөн» кийинки эле обзордук тема «Кыргыз элинин көркөм мурастары» деп аталып, мында элдик оозеки чыгармачылыктын, өзгөчө эпостордун изилдениши тарыхынан маалыматтар берилип, «Манас», «Семетей», «Сейтек» жана башка кенже эпосторго токтолот. Аларды изилдөө маселелерине жана изилдеген окумуштууларга экскурс жасап, кыскача маалыматтарды берген. Бул бөлүмдүн автору белгилүү окумуштуу, филология илиминин кандидаты Бүбүй Керимжанова андан аркы обзордук бөлүктө элдик оозеки чыгармачылыктын жанрдык өзгөчөлүктөрүнө токтолот.

Мында фольклордогу эң кичине деп эсептелинген жанрлардан баштап улуу эпосторго, башкача айтканда, «Манас» трилогиясына чейин жетет. Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгындагы малчылыкка, эмгекке арналган ырларга, арман, кошокторго, айтыштарга баяндама жасайт. Табышмактар жана жаңылмачтар жөнүндө

таанышгыруу жумушу жүргүзүлөт.

«Манас» трилогиясына токтолуп, «Семетей», «Сейтек» эпосторунун идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү, андагы негизги деп эсептелинген каармандар баяндалат. Элдик оозеки чыгармачылыкка арналган обзордон кийин «Акындар поэзиясы» аттуу чоң бөлүк келет. Мында кыргыз элинин акындар чыгармачылыгы талдоого алынат. Ушул жерден белгилеп кете турган нерсе, реакциячыл көз караштары бар жана башка идеологияга туура келбейт деген жарлыктар менен окутуудан, ачыкка чыгуудан алынып салынган Молдо Кылычтын чыгармачылыгынын орун алышы. Молдо Кылычка арналган баяндама Токтогул жана Тоголок Молдолордон биринчи турат. Бул туура, анткени чыгармачылыгы чынында эле бул акындарга салыштырганда бир аз алдыраак орунда турат. Башкача айтканда чыгармачылыгынын толуп турган кези мурдараак башталып, эрте бүтүп калган. Ал 1917-жылы дүйнөдөн кайтат.

Ал эми Тоголок Молдо жана Токтогулдардын өнөрү андан кийин да дүркүрөп өскөнү белгилүү. Мында да адаттагыдай эле төмөнкүдөй маалымат берилет: «И Калыгул и Арстанбек – верные выразители интересов богатых скотовладельцев»[16]. Албетте көлөмүнө жараша акындарга өзүнчө барандуу портреттик баяндоолор арналбайт. Камтылып, каралган акындардын саны да аз. Алар төмөнкүлөр: М.Кылыч, Токтогул, Тоголок Молдо, Барпы Алыкулов, Ысак Шайбеков, К.Акиев. Ал эми Алымкул, Осмонкулдар жөнүндө жана А.Жутакеев Т.Талканбаев сыяктуу жазгыч акындар тууралуу маалыматтар обзордо берилбейт. Бул «Историяда да» берилген элдик оозеки чыгармачылыкка, акындар поэзиясына арналган бөлүмдөр өтө кичине мазмунда жана көлөмдө болгону менен көтөрүп турган жүгү бир топ эле болгон. Албетте, өз мезгили үчүн минтип айтып жатканыбыздын себеби: бул китеп жарык көргөндө «элдик оозеки чыгармачылыгынын тарыхынын очерки» жана «Акындар поэзиясынын очерки» жарык көрө элек болчу.

«История киргизской советской литературы» китебинде алгачкы калыптануу жылдарына арналган обзордук бөлүмүндө кыргыз совет адабиятынын калыптаныш мезгилиндеги процесстерге, окуяларга, кубулуштарга обзор берилет да андан кийин адабияттын негизги үч түрү боюнча талдоолор жүргүзүлөт. Алар поэзия, проза жана драматургия. Аталган этаптардын ар бириндеги поэзиянын, прозанын, драматургиянын ал-абалы, андагы болуп жаткан өсүштөр, жаңылыктар, чыгармачыл инсандар, алар жараткан чыгармалардын идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү каралат. Бирок бул китепте башка тарыхтарга салыштырганда адабияттын түрлөрү боюнча талдоолор так тартипте жүргүзүлгөн эмес. Маселен, адабиятыбыздын калыптануу мезгилинде поэзия, проза, драматургия биринен кийин бири берилип катар тартиптерин сакташса, кийинки этаптагы иреттери: проза – поэзия -драматургия болуп берилет.

Ал эми К.Артыкбаевдин тарыхында адегенде поэзия, анан проза, анан драматургия болуп дистанцияларын бузушпайт. Бул дистанция «Кыргыз совет адабиятынын академиядан чыккан тарыхынын» I томунда да сакталган. Мында коркунучтуу эч нерсе деле болбогону менен адегенде поэзиянын, анан прозанын, анан драматургиянын берилиши туура болот го. Анткени ушундай катар тартипте берүүнүн өзүнүн талаптары, мыйзамченемдери бар. Москвадан чыккан «тарыхта» ошентип этаптарга бөлүштүрүү боюнча обзорлор жасалат да, андан кийин гана портреттер берилген.

Академиядан чыккан китеп жөнүндө да ушуну айтууга болот. Анын биринчи тому адабияттын этаптарга бөлүнүшү боюнча бүт обзорлор аркылуу берилсе, экинчи томунда портреттер берилген. Китеп эки томдон турганы эле болбосо, жогорудагы

«историяда» берилген катар-иреттик принцип мында да сакталган.

К.Иманалиевдин «Тарыхы» да дээрлик ушул принципте. Жогоруда каралган ушул китептерден түп-тамыры менен айрымаланып К.Артыкбаевдин китебинде башкача берилген. Баса белгилей турган нерсе, кыргыз адабиятын этаптык бөлүштүрүү системасы мында да сакталган. Китепте автор өзү белгилегендей, адегенде баяндама жасагандан кийин эле ошол мезгилге туура келген чыгармачылыктагы авторлорду берет.

«Орус совет адабиятынын тарыхында В.Маяковский, С.Есенин, Д.Фурманов сыяктуу жазуучулардын портреттик бөлүмдөрү «жыйырманчы жылдардагы адабият» деген жалпы баяндамадан кийин берилген».[17] Бул принципти туура деп баалаган автордун пикирине биз да кошулабыз. Анткени аталган жазуучулардын чыгармачылыгы, өмүрү ошол жылдар менен чектелет. Мындай принцип орус совет адабиятынын жана башка республикалардын адабият тарыхын мезгилдештирүүдө пайдаланылып жүрөт. К.Артыкбаевдин китебиндеги баяндама, портреттик бөлүмдөрү да хронологиялык жана илимий принциптин ушул критерийине баш ийет. Мисалы М.Элебаев, Ж.Бөкөнбаев, Ж.Турусбековдун чыгармачылык өмүрү 40-жылдардын биринчи жарымы менен чектелет. Демек, алар жөнүндөгү портреттик бөлүмдөрдү: «Кыргыз адабияты «Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде» деген баяндамага удаа жайгаштыруу ылайык. Ушул эле принцип боюнча, К.Артыкбаевдин аталган китебинде А.Осмоновдун портреттик бөлүмү «Кыргыз совет адабияты согуштан кийинки жылдарда» деген баяндамага удаа берилди. Ушундай болгондо гана мурдагы ой-пикирлер кайталанмак эмес. Китепте адабий ишмердигин жана чыгармачылык жолун кыргыз совет адабиятынын белгилүү бир мезгилине сыйдырууга мүмкүн болбогон жазуучулардын бардыгы баяндама бөлүктөрдөн кийин жайгаштырылган. К.Артыкбаевдин мына ушундай принципте жайгаштыруулары колдоого татырлык. Анткени этаптагы жазуучунун портретти, ошол этапка берилген обзордон кийин жайгаштырылса түшүнүктүү, конкреттүү болот.

Китеп жогорку окуу жайларынын студенттерине арналып жаткандыктан, анын түшүнүктүүлүгү студенттер үчүн пайдалуу болмокчу.

Эми коюлган максатка ылайык обзордук баяндоолорго башынан баштап конкреттүү токтолсок. Биз объект кылып алган аталган китептерде адабияттын тарыхынын алгачкы обзору, албетте, «Кыргыз совет адабиятынын алгачкы мезгили» деп аталган этаптык бөлүштүрүүнүн биринчи этабына токтолууга тийишпиз.

1970-жылы Москвадан жарык көргөн «История киргизской советской литературы» китебинин биринчи этабынын бардыгына Б.Керимжанова эженин эмгектери багышталган. Адегенде коомдук шарт жана ошол мезгилде болуп өткөн тарыхый учурларга токтолуп өтөт. Ушул эле жерде белгилүү окумуштуу жана чыгармачыл инсан К.Тыныстановдун ишмердигинен маалымат берет. Аталган мезгилдеги поэзияда Токтогул, Т.Молдо, Б.Алыкуловлордун ушул мезгилдеги Улуу Октябрь Социалисттик революциясына, жалпы эле коомдо болуп жаткан өзгөрүүлөргө арналган ырларына басым жасалат.

Мыйзамченемдүү көрүнүш катары кыргыз профессионал адабиятын негиздөөчүлөрдүн бири Аалы Токомбаевдин чыгармачылыгы жана өмүрүнөн маалыматтар берилет. Мындан сырткары, Ж.Бөкөнбаев, М.Элебаев, Ж.Турусбеков, К.Маликовдорго атайын беттер арналат. Мында жалпы жонунан берилбестен, ар бир чыгармачыл инсанга атайын бет арналат. Бирок портреттик бөлүм түрүндө эмес, обзордун эле ичинде айтылат. Биздин байкообузга караганда, «Историяда» кыргыз

адабиятынын алгачкы мезгилиндеги чыгармачыл инсандар тууралуу маалыматтар таптакыр жок эсе. Бул «Историянын» ушул мезгилдеги поэзияга арналган обзордук барактары берки «Тарыхтарга» салыштырмалуу маалыматтарынын жардылыгы болду.

К.Артыкбаевде жогоруда берилген авторлордон сырткары адабиятыбызда азыраак белгилүү, бирок адабияттын калыптануусунда өз салымдарын кошкон бир топ акындар тууралуу маалыматтар берилет.

«...Ал жылдары Ташкент, Алма-Ата сыяктуу шаарларда кыргыз элинин алдыңкы жаштары окуп, билим алып жатышкан. Мына ошол жаштардын арасындагы шыктуулары анча-мынча ыр, аңгеме, макала жаза коюп, аларды ошол шаарларда казак, татар тилиндеги чыгуучу газета-журналдарга жарыялап турушкан. Алар: Жумадыл Түлөгабылов, Орозакун Элепесов, Байсерке Калпаков, Исамудин Кудайбергенов, Зыйна Элепесова, Сыдык Карачаев, Касым Тыныстанов жана башкалар эле»[18] – деп белгилеп, айрымдарынын ырларына токтолот. Мынча токтолуп жатканыбыздын себеби кыргыз адабиятынын ушул мезгилиндеги авторлор тууралуу маалыматтар өтө аз, дээрлик белгилүү эмес эле. Анын бир мисалы катары «История» да эсептелинет.

К.Артыкбаевдин алгачкылардан болуп бул маалыматты бериши дагы да болсо автордун китебинин ийгилигин шарттап турат. Турмуштан белгилүү болгондой чыйыр салынгандан кийин, аны андан ары улап кетүү бир топ жеңилирээк.

Кыргыз адабиятынын алгачкы жылдарына арналган обзорлорго кайрылганыбызда, К.Артыкбаевдин китеби кийинки чыккан тарыхтарга өзөк болуп, эмнени айтып, эмне жөнүндө сөз кылуу керек экендигини көрсөтүүчү багыттама ролдо тургандай. Бул «Тарых» өзүнүн окуу куралы катары милдетин мыкты аткаруу менен орчундуу гана жерге токтоп, башка маселелер тууралуу маалымат бериши ылайыктуу иш эле. Маселен: Кыргыз адабиятынын алгачкы мезгилиндеги прозага арналган обзордо ошол жылдары жарык көргөн чыгармалар жана авторлор тууралуу төмөндөгүдөй маалымат орун алган: «А.Токомбаевдин «Күйөөнүн колу жууркандын түрмөгүнөн чыкты» («Ленинчилер күзгүсү» журналы, Ташкент, 1928), «Муңдуулар өлүмү» («Жаңы маданият жолунда», 1929, № 4–5), С.Карачаевдин «Үйлөнүүдөн качты», «Сүйгөнүнө кошула албады», «Күкүк менен Зейнеп» (1919), «Эрксиз күндөрдө» (1928), «Эрик таңында» (1929), У.Баялиновдун «Түлкү менен суур», «Чабалекей менен жылаан» (1925), «Жетимдин өлүмү» (Эркин Тоо. – 1926 ж. – 22–24-август»)[19] мындай тизмени дагы да созо берүүгө болот эле. Бул жерде айтайын дегенибиз, бул «Тарыхта» ушул маалымат эмне сөз кылуу керек экендигине жем таштайт. Объектти сайып көрсөтүп, аты, автору, чыгарманын чыккан жылдары, айлары, айтор бардык тиешелүү нерселер берилет. Бирок ушундай эле маалыматтар менен чектелбестен, ирдүү деп эсептелинген чыгармаларга талдоолор жүргүзүлөт. Мисалы: С.Карачаевдин «Эрксиз күндөр» повести ушундай чыгарма катары анализделет.

«Кыргыз совет адабиятынын тарыхында» ушул эле маселелердин ар бирине токтолуу жасалат. Кененирээк сөз болот, анткени, академиялык «Тарыхтын» көлөмү, талабы ушуну талаптайт. Ошол эле С.Карачаевдин «Эрксиз күндөрдө» повести тууралуу сөз болот. Анын каармандарына баа берилет. Бул повестке байланыштуу мурдагы чыккан «Тарыхка» салыштырмалуу карама-каршылыктуу, же болбосо башкача көз караштагы баа берүүлөр жок. Ошол эле терс каарман Мамырбай, мугалим кедей табынан чыккан Жунуш, Кеңдирбайдын эрке кызы Жыпар тууралуу маалымат берилет.

Окуу китеби өзүнүн талабында өтө майда-чүйдөлөрүнө чейин талдоого ала берүүнү туура көрбөйт. Андай болгондо белгилүү бир деңгээлде ченемден чыккандык да болуп кетет. Ошондуктан өз максатына ылайыктап, К.Артыкбаев тыкандыкты, тактыкты, кыскалыкты колдонот.

Академиялык тарыхта С.Карачаевдин башка чыгармаларына да анализ жүргүзүлөт. Бул зарылдыктан болгон нерсе. Анткени академиялык «Тарых» кенен көлөмдүү изилдөөлөрдү жүргүзүүгө милдеттүү. Андан кийин ушул эле жылдардагы драматургияга арналган бөлүккө кайрылганыбызда, Москвадан чыккан «Историяда» поэзиядан кийин эле драматургияга өткөн. Прозага бир аз баяндама жасалып, мында жападан жалгыз Касымалы Баялиновдун кыргыз прозасынын төлү «Ажар» повестине жана ушул жылдары жазылган майда аңгемелерине кайрылуу жасалган.

К.Артыкбаевдин китебинде толтура маалыматтар берилген. Драматургия боюнча обзордо «История» менен К.Артыкбаевдин «тарыхында» эң алгачкы «Букулбай» пьесасынын коюлушу жөнүндө айтылып, алгачкы кыргыз драматургиялары К.Жантөшевдин «Карачачы» жана М.Токобаевдин «Кайгылуу Какейи» драмаларына басым жасалат. «Букулбай» пьесасы тууралуу академиялык «тарыхта» кенен сөз кылуу мүмкүнчүлүгү болсо да, К.Артыкбаевдин берилген маалыматтан ашарлык маалымат жок. Өзүнүн максатына жараша академиялык «тарых» ушул жылдары жарык көргөн башка драмаларга да талдоолор жүргүзгөн. Аларга С.Карачаевдин «Төрага Зейнеп», Ш.Көкөновдун «Тап жолунда» чыгармалары бар. Ушул обзордук бөлүмдөрдөн кийин К.Артыкбаевдин «Тарыхындагы» кыргыз адабий сыны, адабият таануусуна тиешелүү маалыматтар берилип, ушул жылдардагы адабий сындын алгачкы маалыматтарына жана тажрыйбаларына саресеп салат. Ушул жерден баса белгилеп кетүүчү нерсе, К.Артыкбаевдин ушул саамалыгы кийинки чыккан академиялык «Тарыхта»[20] улантылат. Академиялык «Тарых» өз милдетине жараша кенен талдоого алат. Ошол жылдардагы адабий сыныбыздын пайда болуусуна, калыптануусуна байланыштуу процесстер талдоого алынат.

К.Артыкбаевдин «тарыхында» берилген ой учугу андан ары уланат. Бирок айтылуучу объект бир болгондонбу же башка да себептери барбы, айтор айтылган ойлор кеңейтилип гана берилет. Баалуу кошумчалоолор же алымча жасоололор деле байкалбайт. Өзүнүн көлөмүнүн кеңдиги укугунун өзгөчөлүгү менен академиялык «тарых» котормо маселелерине да токтолуп кеткен. Котормодогу жаңылыктарга, өзгөчөлүктөргө талдоо жүргүзгөн.

Көрсөтүлгөн китептердеги 30-жылдардагы кыргыз адабиятынын поэзия, проза, драматургия тармактарындагы кубулуштар талдоого алынат. «Историяда» адегенде проза жанры каралып, драматургиядан кийин поэзия каралган. Алгачкы калыптануу мезгилиндегиге салыштырганда поэзия бөлүмү кенен жазылган. Поэзияны Б.Керимжанова, прозаны К.Асаналиев, драматургияны да Б.Керимжанова изилдеген.

К.Артыкбаевдин китебинде да 30-жылдардын адабиятына талдоолор жүргүзүлгөн. Жана башка «тарыхтардан» айырмасы бул китепте «Кыргыз совет адабиятында социалисттик реализмдин калыптанышы» деп аталган аталыштын астында социалисттик реализмден калыптануу мезгилиндеги адабий процесске токтолот. Кыргыз адабиятындагы социалисттик реализмдин пайда болушу, калыптанышы жөнүндөгү маселелер адабиятыбыздын тарыхында сөзсүз карала турган маселелер. Автордун бул маселеге токтолуусу өз учурунда болуп, артыкбаштык кылбайт. Азыркы күндөгү коомдогу терең өзгөрүүлөрдүн натыйжасында социалисттик реализмден баш тартуучулук маанай соцреализмди тарыхтан биротоло сүрүп таштоо

деген кеп эмес.

«Историядагы» каралган 30-жылдардагы прозада ушул мезгилдин эң белгилүү деп эсептелинген авторлору жана алардын чыгармаларына токтолгон. Атап айтканда, Мукай Элебаевдин «Узак жолу», Т.Сыдыкбековдун «Кеңсуу», Аалы Токомбаевдин «Жараланган жүрөк», «Днестр терең деңизге куят», «Күүнүн сыры», К.Жантөшевдин «Каныбек» өндүү чыгармаларына токтолгон.

«Историяда» максатына жараша ошол мезгилдеги кыргыз адабиятынын абалынан чындап маалымат бере ала турган чыгармаларга, көрүнүктүү авторлорго гана токтолуп, үстүртөн жалпылаштырылган баяндама жасалат. Ушул мезгилдеги поэзия «Историяда» кенен сөз кылынат. Негизинен «Историяда» кыргыз адабияты менен башка адабияттардын ортосундагы карым-катыштарга басым жасалгандай.

К.Артыкбаевдин «Тарыхындагы» поэзияга арналган обзордо 30-жылдардагы кыргыз поэзиясындагы жаңылыктар толук кабарланган. Окуу китебинин талабына жараша конкреттүүлүк сакталган.

Кыргыз адабиятынын академиядан чыккан тарыхында ушул эле маалыматтардын тегерегинде сөз жүрөт да, бир аз кеңейтилет. Ал тургай маалыматтардын берилишиндеги ыраатуулук да сакталган. Маселен, алгач эмгек темасына арналган А.Токомбаевдин жана башка акындардын чыгармалары талданса, академиялык «Тарыхта» да ушул маселеге орун берилет. Мындан тышкары таптык күрөш, коомдогу болуп жаткан жаңылыктар («от араба темасы»).

К.Маликовдун кыргыз сатира жанрын өнүктүрүүдөгү салымы, А.Токомбаевдин философиялык ырларына токтолуу да К.Артыкбаевдин китебинде берилген өзөк, ирет боюнча талданып отурат. Ушул обзордук бөлүмдөрдө К.Артыкбаевдин китеби студенттерге ылайыкталган, чакандыгына карабастан, материалдарынын мазмуну конкреттүү болуп, маалыматтардын, фактылардын көптүгү менен айрымаланып турат.

Академиядан чыккан «Тарыхта» өзүнүн талабына жараша олуттуу чыгармалардан тартып, адабий факты болууга жарай ала турган кубулуштарга чейин токтолууга аракет жасалган.

Ал эми К.Иманалиевдин китеби болсо, К.Артыкбаевдин «Тарыхын» негизги жетекке алгандай. Андагы обзордук бөлүктөр К.Артыкбаевдин тарыхындагы обзорлорго окшош. Балким бул окуу китебине коюлуучу талаптардын окшоштугу менен түшүндүрүүлөр. Кандай болгон күндө да ар бир жазылган эмгек өзүнчө оригиналдуулукка ээ болуп турушу зарыл маселе эмеспи.

Кыргыз совет адабиятынын андан кийинки этабы – «Кыргыз совет адабияты Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде». Бул этап бардык тарыхтардан орун алган. Башка этаптардын жазылышынан мүнөздүү нерсе бул бөлүктө да сакталып, адегенде тарыхый шарт, коомдук процесс, ал-абал жөнүндө маалыматтар берилет. Анткенинин себеби адабият коомдогу ири тарыхый окуяларга түздөн-түз шартташып турат.

Улуу Ата Мекендик согуш жөнүндө: ага байланыштуу дегеле ушул жылдардагы адабий көркөм процесске обзорлор жүргүзүлүп, мында төмөнкүдөй чыгармалар айтылат. Ушулардын тегерегинде сөз жүрөт: «Публицистикалык чакырык ырларга А.Токомбаевдин «Жүргүлө!», «Кектейбиз», М.Элебаевдин «Улуу Марш», «Ажалың», Ж.Бөкөнбаевдин «Ата Журт үчүн майданга», «Жүрөгүм менин кызыл туу», Т.Үмөталиевдин «Күн тутулбайт, ай батпайт», «Мактанбагын», К.Маликовдун «Канга-кан», «Жолдоштор», «Биз жана сен», Ж.Турусбековдун «Жок болор кези», «Кайда качат», А.Осмоновдун «Жашасын жүрөк, жашасын акыл», «Ал ант берүү» түрүндөгү ырларга А.Токомбаевдин «Ал мындай деди», Ж.Бөкөнбаевдин «Антым»,

Т.Үмөталиевдин «Аткарам берген антымды» жана башка»[21] чыгармалар жаралып, негизинен Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында ушул авторлордон калеминен чыгармалар жаралган эле.

Бардык жазылган «тарыхтарда» ушул авторлордун чыгармачылыгынын тегерегинде талдоолор жүргүзүлөт. Академиядан чыккан тарыхта жана К.Артыкбаевдин китебинде конкреттүү түрдө адабияттын жанрдык түрлөрүнө бөлүштүрүлүп каралат. К.Иманалиевдин «Тарыхында» көлөмүнө жараша жалпысынан сомолонгон обзор жүргүзүлөт.

1970-жылкы «Историяда» эмнегедир башка этаптарга салыштырмалуу согуш учурундагы адабият бөлүнбөстөн эле бир эле теманын астында жалпылаштырылган маалыматка ээ болот. Мында тарыхый коомдук шарт жөнүндө да маалымат берилбейт. Ушул жерден К.Артыкбаевдин китебине мүнөздүү бир принцип иш жүзүнө ашат. Адегенде адабияттын этаптык бөлүнүшүнө обзор жүргүзүлгөндөн кийин ошол учурга чыгармачылыктары туура келген авторлор каралат. Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги обзордук бөлүмдөрдөн кийин М.Элебаевдин, Ж.Бөкөнбаевдин, Ж.Турусбековдун портреттери берилген.

Башка адабият тарыхтарынын чоң айырмачылыкка академиядан чыккан «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» эгедер. Анткени мында ар бир этаптагы көркөм котормо маселеси өзүнчө, адабий сын менен адабият таануудагы өнүгүш-өксүктөр, болуп өткөн кубулуштар өзүнчө изилденип, тааныштырылат.

Согуш мезгилинен кийин ирет менен согуш мезгилинен кийинки учурдагы адабий процесс келет. Ага арналган обзорлор жүргүзүлөт. Айта кете турган нерсе, «Историяда» «кыргыз совет адабияты согуштан кийинки жылдарда» бөлүмү 40-жылдардын ортосунан 50-жылдардын биринчи жарымын ичине камтыйт. Мында граждандык-тарыхый абалды эске алып, мезгилдештирүү болгон деп ойлойбуз. Ал эми К.Артыкбаевдин «Тарыхында» болсо жогоруда аталган бөлүм 1946–1959-жылдарды ичине камтыйт. Мында китептин автору согуштан кийинки түшүнүктүү жылдарды өзүнчө бир доор кылып, анын аякы чекитин кыргыз адабиятындагы адабий чоң жаңылыктарга такайт, башкача айтканда 1958-жылы Москвада кыргыз адабияты жана искусствосунун декадасы болуп өтөт, ал эми 1959-жылы Кыргызстан жазуучуларынын Ш сьезди болуп өткөн. Канткен менен коомдогу граждандык-тарыхый окуялар менен адабий жаңылыктардын ортосундагы айырмачылыктар каралып жаткан маселенин, талдоолордун спецификасына жараша колдонуу туура болот го эсептейбиз.

Адабияттар:

1. История киргизской советской литературы. – М., 1970. – С. 54.

2. К.Артыкбаев. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. – Ф.: Мектеп, 1982. 12,24,36,92-бб.

3. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. – Ф.: Илим, 1987. 56-б.

К.АРТЫКБАЕВ-АДАБИЯТ ТАРЫХЧЫСЫ

Жунусалиева Кундуз
Талас университети, ф.и.к., доцент.

Кайсы гана элдин болбосун,анын тарыхы, анын ичинен адабиятынын тарыхы көп кырдуу татаал көрүнүш болгондуктан.ал изилдөөчүдөн да ошондой көп кырдуулукту талап кылат. М.Горький айткандай: «Элдин адабиятын билиш үчүн,анын тарыхын билүү керек» -деген сөзү эске түшөт. Ал эми адабиятыбыздын тарыхын изилдөө өзүнчө сөз кылууга арзырлык.

Кыргыз адабияты басып өткөн жолду системага салып ,илимий жалпылоого алуу үчүн кылган аракеттер, ошол жасалган иштер 40-жылдары башталганын белгилөө жана окурмандардын көъүлүн буруу шыбагасы биз сөз кылчу агайыбызга таандык.

Кыргыз республикасынын мамлекеттик сыйлыгынын, Ж.Баласагын атындагы сыйлыктын лауераты. КР маданиятына эмгек сиъирген ишмер ,филология илимдеринин доктору, профессор,коомдук ишмер К.Артыкбаев адабият илими менен сынына 50-жылдардын орто ченинде келип , ошондон бери бул жооптуу майданда эмгектенүүсүнүн натыйжасында 500гө жакын эмгектери, алардын ичинен 12 монография, 17 окуу китеби, окуу куралдары ,окуу программалары, адабий изилдөө жана адабий сын китептерин жарыкка чыгарып калтырып кетти.Ал 1934-жылы Москва районундагы Кепер- арык айылында туулуп, 1951-жылы Буденый атындагы орто мектебин бүтүргөн.1956-1967-жылга чейин басма сөз кызматтарында иштеп,ошол жылдан 2010-жылдардын ичинде КУУде факультеттин деканы, кафедра башчысы болуп иштеп келди. Кыргыз адабият таануу илими негизги ажырагыс үч бөлүмдөн турат: адабият теориясы, адабий сын жана адабияттын тарыхы, буларды тыгыз байланышта кароо экендиги тууралуу жобого таянып , адабият таануу илими качан, кантип. пайда болду жана ал өзүнүн өнүгүш жолунда кандай ийгиликтерге жетише алды? – деген суроонун тегерегинде окумуштуу өз изилдөөсүн жүргүзгөндүгү окумуштуунун « Октябрь жараткан илим » аттуу макаласында талдоого алынат.Макалада адабий сын деген эмне экендигине мүнөздөмө берип, анын жанрдык бөлүнүштөрүн көрсөтүп,өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтөт.

К.Артыкбаев байыркы мезгилден бүгүнкү күнгө чейин кыргыз адабияты менен кыргыз фольклорун жана кытайдагы кыргыздардын элдик оозеки чыгармачылыгы менен жазма адабиятын тереъ билген патриот илимпоз катары шакирттерине үзгүлтүксүз баалуу кеп-кеъештерди айтып, типтүү окуу программаларынын туура, мазмундуу түзүлүшүнө ар дайым туура багыт берип келген.

1943-жылы «Кыргыз адабиятынын тарыхынын очерки» эмгеги жарык көргөн.Бул эмгек алгачкы саамалык катары кыргыз фольклору менен жазма адабиятыбыздын материалдарын биринчи жолу системалуу түрдө илимий жактан жасалган иш эле.Учурунда жасалган алгачкы кадам катары жылуу пикирлер айтылып. алдыда бир топ илимий- теориялык ,практикалык маселелерди чечүү керектиги жөнүндө сөз болот. Окумуштуунун кыргыз адабиятынын теориялык проблемалары боюнча эмгектери изилдөөнү талап кылат. 1956-ж. дипломдук иши катары коргогон «А.Осмоновдун чыгармаларындагы традиция жана новаторлуктун кээ бир маселелери» деп аталган эмгеги жарыкка чыккан .Төрт бөлүмдөн турган бул эмгекте автор акындын башкалардан кескин айырмалана оозеки адабияттын салт-үлгүлөрүн жаъы турмуш менен байытып, жаъы бийиктикке көтөрө алган акын катары,новатордук изденүүлөрдүн натыйжасында жаъы бийиктикке көтөрө ала тургандыгын белгилейт.

Бул эмгек Осмоновтаануу илимине жана кыргыз адабиятындагы салт жана жаъычылдык проблемаларынын изилденишине негиз салгандыгы менен баалуу. 1970-

жылы «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» эмгеги орус тилинде жарык көрүп, жаъылык катары жылуу маанай тартуулоо менен адабиятыбыз тууралуу башка элдердин маалымат алышына да шарт түздү.Эмгектин жарык көрүшүндө автор бир топ жөнөкөй жазылганын, айрым так эместиктер бар экенин белгилеп, адабияттын тарыхы так такталып, толукталып жазылышына мезгил жеткендигин коомчулуктун,адабиятчыларыбыздын көъүлүн бурат.

1982-жылы жарыкка чыккан «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» окуу китеби жогорку окуу жайларынын студенттерине арналган алгачкы окуу китеби болуп,бул учурда зарыл болгон окуу китеби катары авторго жылуу пикирлер айтылып басма сөздөрдө жарыяланган. Бул окуу китеби жана «А.Токомбаевдин акындык чеберчилиги»,«К.Маликовдун чгармачылыгы» окуу куралдары үчүн К.Артыкбаевге Мамлекеттик сыйлык ыйгарылган. (1995)

К.Артыкбаев адабият тарыхчысы катары 2004-жылы « XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы » окуу китебин жарыкка чыгарды. Бул окуу китеби окутуучулар менен студенттер үчүн гана эмес, жалпы кыргыз тарыхы менен маданиятынын күйөрмандары үчүн илимий-теориялык жактан талдоого алынган, жаъычылдыгы менен айырмаланган окуу куралы катары кабыл алынды.Автордун мектептердин 5-класстарына арналган «Биздин адабият» аттуу окуу китеби 1985-жылкы республикалык конкурста баш байгени жеъип алып, ошондон бери мыкты окуу китеби катары окутулуп келе жатат.

Мындан сырткары мектептердин XI класстары үчүн “Кыргыз адабияты” окуу китебинин да автору

Профессор К.Артыкбаев адабияттын тарыхы туура жазылышы үчүн элдин тарыхы туура үйрөнүлүшү керек экендигин, ал эми биздин тарыхыбыз бурмаланган учурлары болгондугунун себептерин тактоо негизинде өзүнүн “Кыргыз адабиятынын тарыхындагы түзөтүүгө муктаж айрым маселелер” деген курч макаласын жазып, тарыхыбызды бурмалаган обьективдүү , субьективдүү нерселер жогортон берилген көрсөтмөлөрдү аткаруу үчүн жасаган жетекчилердин кеч болсо да ордуна келтирүү керек экендигине басым жасап, жасалма саясатынын кесепетинен бир топ илимпоздор, жазуучулар жалпы эле элибиздин тарыхы менен маданияты жабыр тартып келгендигин белгилейт.

Кандай гана маселе болбосун, ага обьективдүү, калыс мамиле жасоо зарылчылыгын кыргыз коомчулугуна туура түшүндүрүү үчүн “А.Токомбаев жана К.Тыныстанов ” деген макаласын жазып.алар жөнүндөгү ар кандай кептерди архивдик материалдарды күбөгө тартып төгүндөйт,таразалап калыс түшүнүүлөрү үчүн бир өкүнүчтүү сабак катары берет.Ал сабак адабияттын тарыхын туура чагылдыруу үчүн зарыл болмок.

К.Артыкбаевдин окуу китебине чейин адабиятыбыздын тарыхына байланышкан маселелер, анын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн чыгармачылыгы боюнча көп эле изилдөө эмгектери жазылган.Алар да адабиятыбыздын өнүгүшүндө өз салымдарын кошуп келишкен. Ал эми автор мындан четтеп кетпей, тескерисинче мыйзамдуу түрдө ал фактыларга таянуу менен көптөгөн тактыктарды киргизип,айрым фактылык материалдарга кайрылып, ыраттуу системага салып,илимий негизде карагандыгы, жаъычылдык мүнөздө экендиги менен айырмаланып турат.

Ал эми жазуучуларды портреттик бөлүмгө киргизүүдө алардын чыгармачылык өсүш деъгээлин,адабияттын өсүп-өнүгүшүндө кошкон салымын, эмгектенген жанрындагы сүрөттөө принциптерин өздөштүрүүсү эске алып далилдүү талдап,монографиялык планда жалпылаштырган.

Адабият тарыхында адабияттардын өз ара байланышы тууралуу проблемалары

маанилүү орун ээлейт. Окумуштуунун ошол проблемага арналган “Магжан, Мукай,Касым,” “Маданий боордоштук” (Кыргыз-казак адабий байланыштары) эмгектери. “Көз жетпеген жерге сөз жетет” аттуу макаласынын маанилүү бир жагы Кытайдагы кыргыз адабияты тууралуу илимий-изилдөөлөр жүргүзүп. Жогорку окуу жайында окуган студенттерге лекциялык,практикалык сабак өтүү мезгили бышып жетилди,- деген. Кытайдагы акын-жазуучулар менен чыгармачылык байланыштын башатында көрүнүктүү философ А.Табалдиев жана илимпоз,профессор К.Артыкбаев турушкан. Аталган изилдөөлөр да адабият илимибизге кошулган жаъы салым болуп калды. Аталган акындардын чыгармаларындагы идеялык- тематикалык багыттарын, жаъыдан каз-каз туруп келе жаткан туъгуч акын-жазуучуларыбыздын алгач орусча чала сабаттуу алар тектеш өзбек,татар.казак адабияттарынан таалим алышкандыктары тууралуу айтып келип, конкреттүү талдоолорго өтөт. Казак-кыргыз адабий байланышын изилдөөгө алып, макаласында көрүнүктүү казак акыны Музафар Алимбаевдин кыргыз тилинде чыккан “Жылдар,ойлор, ырлар” жыйнагынын жаъычылдыгын кыргыз поэзиясынын мыкты үлгүлөрүн дайыма казак тилине которуп,кыргыз илимпоздору менен тыгыз байланышта экендигин сыймыктануу менен белгилейт да, адабиятчы кадрларды даярдоодо бирдикте кызмат өтөп жатышкандыктарын билдиришет.

Профессор К.Артыкбаев кыргыз-казак адабий байланышын андан ары өркүндөтүү максатында улам кийинки маданий-адабий фактыларга кайрылып, аларды теориялык-практикалык маселелердин негизинде чечмелеген. Бир туугандыктын белгиси катарында алардын ортосундагы чыгармачылык байланыштарына күбө болобуз. Ырлардын мыкты үлгүсү катары төмөнкү ырлардын мисалга көрсөтүлүшү төмөнкү биз айткан кепти ырастап турат.

Казак айтат “канша”-деп,
Кыргыз айтат “канча”-деп,
“Ш” менен “Ч” сы болбосо,
Айырма жок анча көп,- деп ,кыргыз акыны Б.Сарногоев кыябына келтире айтса, ага татыктуу,таасын жооптуказак акыны Абдылда Тажибаев мындайча берипир:
Кийгеним менин ак калпак,
Шетине кыюу сыргызган.
Менин да бетим жапжалпак,
Айырмам не кыргыздан?-деп
көрсөтөт белгилүү адабий сынчы жана котормочу агайыбыз С.Карымшаков “Сын дүйнө жана көркөм нарк” эмгегинде.

Мындай мисалдарды көп эле кезиктирүүгө болот. Башкасын айтпаганда да Ч.Айтматов менен М.Ауэзовдун мамилелерин.

Ч.Айтматовдун “Жамийла” повестинин жарык көрүшү менен окурмандар арасында ар кандай пикирлер жаралып, талаш-тартыштарды туудурганы баарыбызга маалым. Ошондо М.Ауэзов “Ак жолуъ ачылсын” деген макаласында Ч.Айтматовго ак батасын берип,ак жолуъ ачылсын,- деп жылуу пикирин билдирген. (“ Литературная газета”, 1958,23-октябрь) Ал өзүнүн илимий эмгектеринде кыргыз адабиятынын маселелерине да көп көъүл бурган. Анын “Манас” жөнүндөгү изилдөөсү адабият таануу илиминдеги алгачкы эмгектерден эле. Кыргыз-казак окумуштууларынын ортосундагы бир туугандык байланыш азыркы күндө да күчүндө, диссертациялык кеъештин мүчөлөрүн казак туугандар толуктап турат. (М.Каратаев,Т.Какишев, З. Кабдулов ,Р.Нургалиев, А.Садыков, К.Асаналиев. Р.Кыдырбаева А.Акматалиев. ж.б.)

Илимпоз,адабиятчы,сыны,публицист жана устат педагог катары чоъ эмгек сиъирген профессор К.Артыкбаевдин тынымсыз жемиштүү эмгеги өкмөт тарабынан

жогору бааланып,”Ардак белгиси” ордени, “Даък ” медалы, “Эмгек ветераны” медалы, 20дан ашуун Ардак Грамоталары менен сыйланды. “СССРдин жогорку билим берүүсүнүн отличниги ” төш белгилери тагылып, “Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиъирген ишмер”,Кыргыз Республикасынын илим жана техника жагындагы мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты,Ж.Баласагын атындагы сыйлыктын лауреаты наамдарына ээ болду. “Өмүр бизден өтүп кетсе да,эл эмгектен эскерсин”,- деп Кыргыз эл акыны А.Токомбаев айткандай , өзү жок болсо да анын экинчи өмүрү биздин жүрөгүбүздө жашап,өмүрүн сүрмөкчү.

Адабияттар:

1.Асаналиев К.Көркөм нарк.-Ф:Кыргызстан,1983.
2. Артыкбаев К.Ар түрдүү издер. - Ф:Кыргызстан,1968.
3. Артыкбаев К.Сын сапары.-Ф:Кыргызстан,1970.
4. Карымшаков С.Сын дүйнө жана көркөм нарк.Б-2002.
5. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы.Ф.1982.
6. Кыргыз адабиятынын тарыхы .Б-2012.

К.АРТЫКБАЕВДИН“ЗАМАНА” КИТЕБИНДЕГИ АКЫНДЫН ЖАН ДҮЙНӨ ЖАРЫГЫ.

Бөрүбекова Гүлназ
Ош ТУ, окутуучу.

Кыргыз элинде “Төрт аягы тең жорго” деген сөз бар. Акын Качкынбай Артыкбаевдин чыгармачылыгындагы ар тараптуу талантын карап туруп, ушул накыл сөздүн маанисине тете инсан десек адашпайбыз. Анткени анын котормочулук, илимпоздук, сынчылык, педагогдук касиетттери тууралуу төрт тарабы тең келишкен акындыгы тууралуу узун сабак сөз кылганга арзыйт жана агататыктуу.

Башкасын айтпаганда да, акындын поэзиясы жөнүндө азыноолак болсо да сөз кылганда эле бул инсандын өткөн кылымдын 60-жылдарынан баштап жарык көрө баштаган ырлары ошол мезгилден өмүрү өткөнгө чейин ошол чоң арымдуу күүсүнөн жаңылбай, тескерисинче, улам идеялык-тематикалык-эстетикалык деңгээли күчөгөндөн – күчөп арашан тартканын байкоо кыйын эмес. Акындын мүнөзүндөгү бул мээнеткечтигин- пил көтөргөн кумурскага окшоштурууга болот. Ал ар бир поэзиясын жаратууда элинин ар намысын ойлоп, түйшүгүн тартып, аны жүрөгүнүн тереңинен өткөрүп, өз элинин кайгы-капасын, кубанычын , өз поэзиясына сиңирип, ак дилин ырларында ачык айта билген ыймантаза акын. Акын жөнүндө жазылган булактарга таянганыбызда,

акындын көп сүйлөбөгөн, каардуу көрүнгөн жүзү менен сырдашууга келгенде ал өтө жөнөкөй, жан дүйнөсү терең таптакыр башка адам экендигин замандаштары көп эскерип жүрүшөт. Анын мына ошол жөнөкөй мүнөзү, таза жан дүйнөсү, анын бүткүл чыгармаларынын маңызын түзгөндөй.

Акындын чыгармачылыгында поэзия анын бир өңүтү. Ал көбүнчө адабиятчы, сынчы, окумуштуу катары белгилүү. Бирок адабиятчы – акын жараткан поэзия өзү изилдеп жүргөн көпчүлүк акындардыкынан ашса ашып, асты кемибегендигин көрөбүз. Ага 2004-жылы жарык көргөн “Дил сыры” аттуу ырлардан, поэмалардан, котормолордон турган, тандалмалар сыяктуу көлөмдүү ыр китеби да далил. Ал эми

андан мурда 1994-жылы жарык көргөн “Замана” ыр китебинен жана анын кийинки жазылган ырлар, дасатандарынан, ошондой эле мурун жазылган ырлар топтомдорунан да бул өзгөчөлүктү көрүүгө болот. Ошондон улам болсо керек, өзгөчө коом, турмуш, махабат жөнүндөгү ой толгоолору, чыгарган бүтүмдөрү бүгүнкү күндө дагы өз ордун жоготпой актуалдуулугун жогтопогондугу. Себеби, акындын андай көз карашка жөн жеринен эле келбегендиги жыйнактагы эң биринчи “Каар заман” өндүү публицистикалык дастанынан көрүнүп тургандай. Анткени кыргыз адабиятынын тарыхында белгилүү болгон 19-кылымдын классик акындары улуу таланттуу инсандарыбыз Арстанбек, Калыгул, Молдо Кылыч өндүү бабаларыбыз баштаган “замана” темасындагы улуу көчтү улоо менен адамзатты улуу түйшүккө салган заман көйгөйлөрүн өз жан дүйнөсү аркылуу өткөрүп, анын оң жана терс жагын өзүнө таандык үн менен жан күйүп, өзүнчө чечмелеп түшүндүрөт.

Коомдогу актуалдуу деп саналган, өз орду бар, илим менен чындыкка бекем негизделген, жашоодогу талаш-тартыштарды, токсон толгоосу жеткен заман көйгөйлөрүн өз маалында козгоп , ал тууралуу өз оюн элге жарыялоодо акын эч качан артта калбагандыгын аталган жыйнактагы ырларынын тематикалык мазмунун айгинелеп турат.

Чындыгында, чымырканып изденген, адам ошол түйшүктүү жолдо жаза баспай, кездешкен ашуу белестердин алдында жүрөксүнбөйт. Акындын чыгармачыл жолунда мындай учурлар көп болгондугун ага байланыштуу жарык көргөн көп басылмалардан билебиз. Ошондуктан окурмандар акынды өз алдынча жолу, түймөлөп айткан салмактуу ою бар чебер сүрөткер катары таанып билишет. Ал жеке эле чыгармачылык иш менен алпурушуп, чектелбей, кыргыз адабият таануусу боюнча, асыресе жаш сынчы, адабиятчыларды тарбиялап келген устат катары да белгилүү. Ошондуктан ал көрүнүктүү акын-жазуучулардын чыгармачылыгы жөнүндө маек курган убакта акын адилеттүүлүк калпыстыкты таразалап бекем кармайт.

Биз баарыбыз тең муну моюнга алгыбыз келеби же жокпу, биздин бардыгыбызга эле бул жагабы же жакпайбы, бирок азыркы кыргыз адабият таануусунда К.Артыкбаевдин эстетикасы өзөктүү линияларды түзүп тургандыгы чындык деп белгилөөгө болот.

Акындын чыгармачылык жөндөмдүүлүгү мектептен башталып, студент кезинде ырларын, адабий сын макалаларын жарыялогоо жетишкен.Студент курагында жазган Алыкул Осмонов жөнүндө макаласында ошол учурдагы эң актуалдуу проблемалардын жөө –жайын ажыратууга көмөктөш болгондугун баарыбыз билебиз. Кыргыз адабиятынын ар түрдүү проблемаларына байланыштуу жазылган “ Чалгын” , “Изденүүлөр жана табылгалар”, “Ар түрдүү издер”, “ Акыйкат сыны” аттуу изилдөөлөрү Качкынбай Артыкбаевди Кыргызстанга белгилүү сынчы, адабиятчы катары таанытты. Акындын ырлары ойлуу, элестүү, ар бир ырын окуганда (эмне жөнүндө сөз башатаса да), көңүлдө калаарлык элес берүүгө умтулат. Ал аракет ийгиликтүү чыкканын ырларын окуп чыккан адамга белгилүү. Ырлары бир топ форма жагынан иштелип чыккандыгы тарбия, достук, патриотизм жөнүндө татынакай көркөм элестери менен окурманга жеткиликтүү.

Арийне, чымырканып изденген , машакаттан машакатка тайманбай бой урган адам гана ошол түйшүктүү жолдо жаза басапай, алдында кездешкен ашуу белестерге жүрөксүнбөйт. Акын да мына ошондой опол тоонун ашуусунан тайманбасатан ашып, ал ашууда жөө ашпастан окурмандын жан дүйнөсүнө жакын ыр саптарын тизмектеп таасирдүү жараткандыгы менен башка акындардан айырмаланып турат. Натыйжада, акындын поэзия жанрындагы чаалыкпас чалгынынын жемиши бүгүнкү күнгө чейин сакталып, акуалдуулугун жоготпогондугу менен баалуу. Ооба, чындыгында адабият

таануунун ар тараптуу маселесин багып, аны таптап, ошонун тегерегинде айланчыктап алыс кетпей, колго алган маселесин майын чыгара иштеп, окурмандардын көңүлүнөн жай таап келген акын катары кыргыз журтчулугуна белгилүү.

Артыкбаев бардык ырларында ойду так жана көркөм берүүгө аракеттенет. Кайсы гана ырын окубагын, андан кийин эмне туралуу айткысы келгени окуучуга дайын болот. Ырларынын мазмундуу табияты да элпек, жеңил келип, жүрөккө жакын. Буга: “Мезгилге”, “Шашам алга”, “Өмүр бою”, “Эске түшөт” “Туулган жерге” деген сыяктуу аталган жыйнактагы ырларын мисал кылууга болот. “Шашам алга” деген ырында лирикалык каарман өзүнүн бир нерсеге шашкандыгын эмнегедир бир нерседен кемчил болуп жаткандыгын айтат. Анын шашканы бекеринен болбогон чыгар. Себеби, айланаңа кадам таштаган сайын жаңылык болуп тургансыйт. Өзүң аралашып жүргөн замандаштарыңдын колунан албан –албан улуу иштер жаралып, сени кубантып жатканы бекеринен эместир. Ушул жаңылануларды көрүп туруп, ар бир адам өзү аракет кылбаса ага эч ким жардам бербешин айтып, лирикалык каармандын жаңылыктарга кошулууга умтулуп шашып жатканы да бекеринен эмес экен, көрсө:

Шашам алга отурсам да кыймылсыз,
Кечиккенсип жүрөк кургур этет тыз.
Ойдон күлүк заманымдын тушунда,
Айыл конуп аралашты ай , жылдыз.
Анан кантип шашылбайын алдыга,
Кечээ тигил дөңдө олтурган сан кыргыз.
Бүгүн мына путевка алып космоско,
Бара жатса шаңдуу жолдо айрылгыс.

Мына, акындын татынакай табылгасы, философиялык ою. “Күндөр, күндөр” деген ырында күндөрдү жан күйгөн досторго теңөө менен ырдын аягын мындайча бүтүрөт.

Көп күндөрүм кетти менден айрылып,
Кеткенине өкүнбөймүн кайгырып.
Бир өкүнүч: ар жылы жаз келгенсип,
Жакшы адамдар бир көрүнүп койсочу,
Эч болбосо миң жылда бир кайрылып..

Мында акындын кайрылгыс кеткен достору үчүн ички дүйнөсүндөгү муңкануусу сабырдуу, үмүттүү ой жүгүртүүгө жык толгондугун байкайбыз. Себеби, акын убакыт өткөн сайын ыр саптарына көбүрөөк тунук акылды сиңирип, табийгаттын чындык законуна баш ийгени ачык көрүнүп тургансыйт.

Андан сырткары акындын “”Замана” китебиндеги ырларында адам баласынын жашоодогу орду, турмуш чындыгы чагылдырылып, аны таразага салган убакыттардын, алардын зымырап өтүшүн, өмүр менен өлүм, мугалим менен дүйнө, чындык менен суроолуу суроо жөнүндө кеңири белгилеп көрсөтөт. Мисалы: “Замана” китебинин 78-бетиндеги “Педагог” деген ырындагы берейин деген идея эң жөнөкөй сөз менен айтканда, орошон тоодой бийик кесиптин ээси болгон педагогдордун асыл эмгегин, алтынга тете мээнетин айгинелеп, анын салмагын баалайт. Педагогдун коомдогу өз орду, мүнөзүнүн жөнөкөйлүгү менен башкалардан айырмаланып тургандыгын көркөм жалпылап окурманга жеткирет.

Педагогдук кесип ары ардактуу, ары түйшүктүү, ары машакаттуу орду толгус кесип эмеспи. Анткени ал адам баласына кайталангыс кубаныч тартуулап, аң-сезимин жогорулатууда эмгеги баа жеткис экендиги баарыбызга маалым. Педагогдук кесипти аркалаган мээнеткеч кесиптештердин эмгеги, шакиртин өзүнөн ашыра таптаган, дыйкандар сыяктуу билимин балдардан аябай суу сыятуу аларга сиңиртип, убагында

бергенин кийин, соңунда ал кайтарымын билимдүү, аң-сезимдүү инсанга айланган окуучусуна сүйүнүүнүн натыйжасы катары карайт. Ошондуктан педагогдор күчтүү, эрктүү, түптүү мөмөлүү дарактай болоорун акын өз ырында белгилеп көрсөтүү менен алардын кайталангыс эмгегин ар бирибиз бааласак гана, миң мертебе алкыш урмат, сыйга татырлык инсан болмокпуз деген оюн айтат. Ал эми "Адамдар кемчиликсиз жашоо керек" деген ырында адам мүнөзүндөгү кемчилик сапаттардын болушу айлана-чөйрөдөгү жашаган элдер, ошол эле мезгилде коом үчүн пайдасыз экендиги көркөм жалпыланат.

Адам баласынын жаштыкта кетирген кемчиликтери убакыт өтүп анын мүнөзүнүн калыптанышы, акыл жыйышы менен жоголот, андан арылат. Бирок бул ырдагы акындын берейин деген чыныгы ою негизинен адамзат кемчилдиги жок жашоо керек. Ошондой болсо да, аң-сезим, түшүнүгү күчтүү, мүнөзү татаал адамдарды кемчилиги көп адамдардын катарына кошуу туура эместигин айтып, кээ бир адамдар жаш, кээ бири сөзмөр, кээси чапчаң мүнөздө болсо да, адам эч качан адамдык сапатын жоготпоо керектигин белгилеп көрсөтөт. Акындын бул ырындагы айтылган идея адамдарда араккечтик, ушак айтуу, уурулук, өзүмчүлдүк, төрө пейил, жеп ичүү кошоматка эшик ачуу сыяктуу кемчилик сапаттардын болбошу керектигин айтуу менен, качан гана ушул кемчиликтерди жойсок гана дүйнөнүн керемет сыры ачылып, сулуу , чынчыл, ак ниет, берекелүү заман орноп, адептүү, адилеттүү дүйнө жаңырмак деген оюн айтат. Акын ушул сыяктуу замандын оош-кыйышындагы турмуш чындыгын айгинелеп, кыргыздын кыргыз экендигин бүт элге таанытуу максатын көздөп , алга карай умтулуп, талпынып балапан сыяктуу аракет кылсак кылсак гана "Замана" китебиндеги жүрөктүн түпкүрүнөн орун алган сезимтал ойлорго ортоктош болуп, мекен үчүн, эл үчүн адал кызмат аркалаган инсандарга айланаарыбызды сүрөттөө менен мээенеткеч акын мындай инсандардын бүгүнкү күндө дээрлик азайып баратышы жанды кейитет деп ички жан дүйнө жаңырыгын эл ортосуна салат. Акындын бул жыйнагыдагы ыр тизмектерин окуп отуруп, эмне, заманыбыздын жылдан жылга өзгөрүшү, бөксөргөн тоодой пасайышы, руханий жан дүйнөбүздүн тукулжурашы, күндөн-күнгө эмнегедир эртеңкиге кайдыгер караган инсандардын көбөйүшүнө түрткү болуп баратабы деген тунгуюк ойлорго чүмүйбүз. Бирок, келечектүү элдин эртеңки күнү жарык экендигин эске алуу менен, келечекке зор үмүт менен караган акындын ырларындагы айткан ыймандай жан сырларын туура кабыл алууменен ар бир кыргыз жараны андан улуу сабак алышы керек жана акындын сынчыл көркөм ойлорунда жаткан түбөлүктүү идеяларды ишке ашыруу ар бир кыргыз жаранынын парзы болуш керек деп ойлоймун.

Адабияттар :

4. К. Артыкбаев Акыйкат сабагы. –Б.: адабия 1991.
5. К. Артыкбаев Дил сыры- Б.: Бийиктик2004.
6. О Ибраимов Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. 2-том.- Ф.: Илим. 1987.

ПРОФ. К.АРТЫКБАЕВ: «Ч.АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМА ЖАРАТУУДАГЫ ЧЕБЕРЧИЛИГИ»

Искакова Элвира
Ж.Баласагын атындагы КУУ, окутуучу, аспирант

«Талантты эл жаратат, анын элге арналган ак кызматын эл баалайт жана кылымдар бою кастарлап сактайт. Нукура чоң талант элдин жан-дүйнөсүнө биротоло сиңет да, анын зоболосун көтөргөн, бардык ишеничин аткарган залкар күчкө айланат», - деп профессор К. Артыкбаев таланттуулар туурасында белгилеп кеткен.(1, 460-б.)

Ч. Айтматовдун жазуучулук философиясы адамзаттын улуулугуна, жаратылыштын түбөлүктүүлүгүнө, ыйык гуманизмге, асылдык идеясына барып такалат.

Айтматовдун жазуучулук устатынын эң башкы сыры-көркөм ойлоонун ар тараптуулугунда жана көп түрдүүлүгүндө, кыргызчабы же орусчабы, ал эки тилдин кайсынысында жазбасын, ал баары бир биринчи иретте кыргыз элинин турмушун сүрөттөгөн кыргыз жазуучусу. Өзүнүн чыгармаларында ал улуттук тамырга тереңирээк үңүлгөнгө, фольклордук чыгармаларга, анын эпикалык традициялык булактарына кайрылганга умтулат. Проф. Качкынбай Артыкбев: «Ч. Айтматовдун чыгармаларында камтылган турмуштук чындык-тын аянтынын кучак жеткис кеңдиги, бул али анын чыгармачылыгынын чыныгы күчүн аныктоочу бирден бир негизги чен боло албайт. Ошондой эле бул таптакыр эске алынбай калчу да жагдай эмес. Эл тагдырынын орчундуу тарыхый кырдаалдарын чагылдырууну максат кылган жазуучуга канчалык күчтүү жоопкерчилик жүктөлөрү айтпаса да белгилүү. Жүрөгү, жан-дили сезген жазуучулук жоопкерчиликти абийирдүүлүк менен аткаруу максатында талыкпай изденүү арекетинде жүргөн Ч. Айтматов такшалуунун, машыгуунун нечен ашуу-белдерин басып өттү»(1, 460-б.)

Айтматовдун феномени-баарыдан мурда анын көркөм дүйнөгө көз карашынын системасы элдик салтка, «Манас» баштаган эң байыркы фольклорго азыктанып таянганында жана ошону менен бирге аны жазуучу бир эле убакта Батыш жана Чыгыш элдеринин көркөм маданиятынын эң тандамал жакшы тажрыйбасы менен ширелиштире билгендигинде. Албетте, мунун баардыгын акыл менен тизмектеп, жалпылап, түшүнүктүү ыкмага салуу жазуучунун жеке тажрыйбасы десек жаңылышпайбыз. Көркөм адабият жаатында чындыкка ишендирүүнү алып карап көрсөк, жазуучунун чеберчилигине, оюн ишендире алышында –маселенин баардыгы жатат деп айтууга болот. Биз мындай ойго чыныгы жан-дүнөнүн түпкүрүнөн чыккан чыгармаларды окуганда гана келе алабыз. Мисалга Ч.Айтматовдун чыгармаларын алып карап көрөлү: ««Бетме-бет», «Жамийла», «Саманчынын жолу», «Эрте келген турналар» повесттеринде Улуу Ата Мекендик согуштун трагедиясы эң сонун чагылдырылды. Учурдагы коом жана жеке адам, жаратылыш жана адам, өмүр жана өлүм, жашоо жана сүйүү, эски жана жаңы, жамандык жана жакшылык, адамгерчилик жана нааданчылык сыяктуу маселелерди «Кызыл жоолук жалжалым», «Ак кеме», , «Көздөн учкан көк жээк» повесттеринде, «Кылым каарытар бир күн», «Кыямат» романдарында чоң философиялык күч менен чечип берди. Ушул учкай айтылган мүнөздөмөлөрдүн өзүнөн эле, Ч. Айтматовдун учурдун залкар жазуучусу экендигин байкоого болот» (1, 460-б.) - бул чыгармалардын өзөктөрү чыныгы турмуштан, элдин күнүмдүк жашоосунан бир үзүм, бир көз ирмем, бир окуя же болбосо бир мезгилден, дал ошол учурдан алынып, көөнөргүс көркөм сөздүн жардамы менен кооздолуп баарыбыздын жашообузга кайрадан аралашты.

Таанып-билүү процессинде жана практикалык иште адамдар өз алдынча бир

максатты коюшат, тигил же бул милдеттерди көрсөтүшөт. Бирок өз алдынча максат коюу, милдетти формулировкалоо-бул али ойлонгонун ишке ашыруу дегенге жатпайт. Максатка карай туура жолдорду, милдеттерди чечүүнүн натыйжалуу ыкмаларын таап алыш өтө маанилүү. Жазуучу тек гана башынан өткөн окуяларды жазды жана каармандарды да издеп отурган жок. Ошон үчүн: «Адамды жазуучу кылган, анын балалык чагы…»(12) - деп, советтик көрүнүктүү жазуучу В.Распутин бекеринен айтпаса керек. «Максатка жетүү жолдору, теориялык изилдөөнүн жана практикалык иштин белгилүү принциптеринин, ыкмаларынын жыйындысы - *метод* болуп саналат»(6, 12-б.). Белгилүү бир методду колдонмоюнча, эч кандай илимий жана практикалык милдеттерди чечүү мүмкүн эмес. Бир метод баардык эле нерсеге таандык боло бербейт, методду ар бир адам өзүнө керек болгон шарттарда ойлоп таап, бирдей негизге, бир калыпкасалып ылайыкташтырат.

Ч.Айтматов чыгармаларын жазууда өзүнчө бир ыкманы (методду) жарата алды. Ал ыкманы күчтүү аң-сезими, көөнөрбөс туюму, жашоодон алган чоң тажрыйбасы, тереңдетип окуган илими, ошондой эле бир себептин жана натыйжанын негизинде адамзаттын жашоо турмушуна эң керектүү жогорку идеяларды, акыйкатты, тарыхты, мифтерди, легендаларды, коомдо болуп жаткан чоң жаңылыктарды, өнүүгүнү логика менен айкаштырып өлбөс-өчпөс дайыма окурмандар тамшанып, кайталап окуй турган чыгармаларды жарата алды десек жаңылышпасбыз.

Ал эми азыркы учурда Ч.Айтматовдун ар бир чыгармаларынан кездештире турган логикалуулук баарыбызга тура түшүнүк бере алат: «Логика баарынан мурда ар кандай илимдин куралы болуп саналат, логиканын жардамы менен белгилүү бир натыйжаларга жетүүгө болот, логика – тааным процессинде колдонула турган ойломдун формалары, далилдер жөнүндө өзүнчө бир илим»(4, 373-б.). Чындыгында бул көрүнүштөрдү кыргыз адабиятында алып карап көрсөк Ч.Айтматовдун чыгармалары жогорудагы түшүнүктөргө дал келип, логикалуулук жагынан алдынкы орундарда турат. Себеби жазуучу ар бир чыгармасында ар дайым окурмандардын ой-жүгүртүүсүн өстүрүүчү идеяларды жарата алды жана булар адабият майданында сынга алынды. Мисалы: «Жамийла» повестинде башкы каарман Жамийланын тагдыры, тандаган жолу окурмандарды ойлондурбай койбойт. Анткени чыгарманы окуп бүтсөк да, каармандардын андан аркы жашоосу кандай болоору бизди өтө кызыктырат. Ошондуктан биз чыгарманын акырын өзүбүз каалагандай аяктай алабыз жана өз түшүнүгүбүз боюнча тыянак чыгарабыз. Ч.Айтматовдун эң бир уникалдуулугу мына ушунда десек жаңылышпайбыз. Анткени жазуучу тагдырдын татаал жолун аягына чейин талдап отурбай окурмандардын ортосуна ачык – айкын салып берет. Ушуга байланыштуу ар бир окурмандын өзүнө тиешелүү, өзгөчө варианты калыптанып, аң – сезиминде сакталып калат. Жазуучунун чыгарма жаратуудагы дагы бир өзгөчөлүгү – көркөм чыгарманын ыргагы анын түпкү маңызына, көмүскө катылган подтекстине дайыма тыгыз байланыштуулугу. Чыгармада каармандардын образы жакшы ачылган жана мүнөздөрү элестүү сүрөттөлгөн. «Бул чыгармадагы чыныгы нравалуулук деп,- жазат проф. К.Артыкбаев - биз Данияр менен Жамийланын күжүрмөн эмгегин, ачык, ак көңүл, шайыр мамилелерин, жүрөктү, тулку бойду эриткен таза сүйүүлөрүн айтсак болот»(1, 464-б.). Ч.Айтматовдун «Жамийла» повестинде гана эмес баардык чыгармаларында жөнөкөй, түшүнүктүү тил жана ыргактуулук кездешет.

«Ыргак автордун өзү тууралуу, анын ошол мезгилдеги рухий ал – абалы, курактык, моралдык – психологиялык, менталдык, темпераменттик жана башка инсандык касиет – белгилери тууралуу да көптөгөн маалыматтарды бере алат.Мына ошондуктан көркөм чыгармага иликтөө иштерин жүргүзүүдө маселенин бул өңүтүнө да көңүл буруу зарыл»(8, 34-б.). Көркөм информациянын туюндурулушунда, окурманга

сунушталышында анын ыргагы өзгөчө маниге ээ. Бул жагынан ыргак көркөм чыгармага мүнөздүү көркөмдүктүн, поэтикалуулуктун, аруулуктун жана таасирдүүлүктүн тулку – боюн түзүүгө кадимкидей катышы бар. Ушул себептен чыгармадагы ыргакты адам дүйнөсүнүн көрүнүшү, тил аркылуу чагылышы, берилиши деп эсептөөгө да болот.

Маселен,Ч.Айтматовдун чыгармалары адам суктанаарлык ары көркөм, ары лирикалуу, поэтикалуу экени чыгармаларынын өзгөчө ыргагына, ритмо – мелодикалык структурасына тыгыз байланыштуу. Чыгармаларынын көркөмдүүлүгү, лирикалуулугу автордук көркөм аң сезим, көркөм табит менен тилдик каражаттардын гармониясынын негизинде ишке ашкан.Чыгармалардагы мукам ыргак – Ч.Айтматовдун силдик өзгөчөлүгүн, жан дүйнөнүн кулпуруп, толукшуган керемет көрүнүшүн билдирип турган негизги компоненттердин бири.

Чыгармадагы ыргак, өзгөчө көркөм тексттин ритмо – мелодикасы, угулушу, туюлушу окурмандын бейаңсезимине, ички жан дүйнө күүсүнө көкүрөк кайрыктарына тымызын таасир этет. Адегенде эле тексттин добушу, ыргагы окурмандын көкүрөк күүсүнжандыра алса, ал жан балкыган кубанычка, өмүрүндөтатып көрбөгөн жыргал сезимдерге туш болот. Окурман ошондой текстке арбалып, өзүн да, бул тириликтеги көйгөй маселелерин да, сар-санаасын да унутат. Бул - көркөм тексттин окурманга таасир эткен биз үчүн сыйкыр, али адамзат толук таанып биле элек бир керемет сыры.

Ушул жагдайдан алып, байыркы мезгилге көз чаптырсак, жогорудагы маселелердин баштапкы булагын Аристотелдин эмгектеринен байкайбыз. Аристотель кескин (категорическом) силлогизм жөнүндөгү теорияны түзүүгө чоң салым кошкон. Ал мындай деп жазат: силлогизм – бул речь, «бул речте эгерде бир нерсе болжолдонгон болсо, анда ошол тийиштүү нерсе бар болгондуктан улам тийиштүү нерседен айырмаланган бир нерсе зарыл түрдө келип чыгат»(5, 24-б.). Силлогизм – жалпы нерседен жеке нерсе чыгарылган корутундуну , б.а. дедукцияны билдирет. Бирок Аристотель жеке нерседен жалпы нерсе жөнүндө чыгарылуучу корутундуну,б.а.индукцияны да тааныган. Аристотелдин логикасында далилдөөнүн жалпы принциптери жөнүндөгү маселени иштеп чыкканы чоң маниге ээ болгон. Мындай көрүнүшкө Ч .Айтматовдун чыгармалары толук жооп берет десек жаңылышпаспыз. Мисалы: жазуучунун чыгармаларында бир адамдын тагдыры сүрөттөлүп жатса да, окурманга тиешелүү бир учурлары кездешпей койбойт. Ошондуктан Ч.Айтматовдун чыгармалары жалпыга таандык, ошол эле учурда жекелик боло алат.

Ч.Айтматовдун ар бир чыгармасында психологиялык көрүнүштөр камтылып, каармандардын жашоо турмушу, кылык жоруктары толук форматта ачылып, кээде окурмандын сүйүүсүнө арзыса, кээде жек көрүүсүн жаратат. Психологиялык көркөм анализ жазуучунун чыгармачылыгынын эң күчтүү жагы. Ч.Айтматов өзүнүн Танабай, Едигей, Орган, Момун чал сыяктуу дүйнөсү терең каармандарынын жан дүйнөсүн рентген сымаал көрсөтүп турган ички монологдорго көп кайрылуу менен катар ал көркөм сөз өнөрүндөгү психологиялык анализдин жаңы, көп тармактуу мүмкүнчүлүктөрүн ачты. «Бетме беттеги» тумандуу кыш, «Жамийладагы» аптаптуу жай, «Саманчынын жолундагы» жылдыздуу асман ,дегеле баардык чыгармаларындагы жандуу, жансыз жаратылыш көрүнүштөрү, күндөлүк турмушта керектелүүчү буюм – тайымдар, портреттик бир сүртүм штрихтер, майда көркөм деталдарга чейин – алардын бардыгынан каармандын «жүрөк кагышы» туюлат, адамдык асыл сапаттар көрүнөт.

Жазуучунун чыгармаларында дүйнөнүн дал өзүндөй эң эски ,- жер жер болуп, эл эл болуп жаралганда кошо бүткөндөй абыдан тааныш адамдык сапаттар, сезимдер, түшүнүктөр жазуучунун «сыйкырдуу» калеминин күчү менен кайрадан жаңырып,

жашарып, кайталангыс жаңы көркөм – эстетикалык өз алдынча бүтүн дүйнөгө айланат, өзгөчө өң түс, касиет – сапатка ээ болот. Маселен Ч.Айтматовдун ар бир чыгармасында каармандар ар кандай сыноодон өтүп, жыйынтыгында: «Сейденин образынын ички мүмкүнчүлүктөрү согуш мезгилинде уламдан-улам көбүрөөк ачыкка чыгып, анын активдүү турмуштук позициясы ушул катал кырдаалда калыптанды. Жазуучу Сейденин образынын эволюциясын эң чебер, кылдат ачып бере алган»(1, 463-б.). Ооба, бул ой пикир Сейденин көзү бара-бара ачылып, чындыкты түшүнүп элдин башына оор кайгы түшүп турганда жалгыз өзү бактылуу боло албасына көзү жетти. Ал эми: «Жаратылыштагы асыл, кооз нерселерди сактоо, аны адамдын мүдөөсүнө пайдалануу, адамды сыйлай билүү, адамды зордоодон, акарат кылуудан калкалоо, адамдагы эң бир назик сезимдерге, келечекке умтулган жакшы ой-кыял фантазияларга жол берүү-ушул маселенин ажаты «Ак кемеде» эң сонун ачылган»(1, 467-б.). Ошондуктан кандай гана болбосун адамзат артка кайрылып, илим канчалык өнүксө да мурунку өткөндү талдай билүүсү зарыл. Илим – билимдин башаты тээ алыста болсо да, биз анын тарыхын билишибиз керек. Анткени ошол билим аркылуу биз азыркыдай деңгээлге жетип отурабыз. «…Тарыхый зарылдык идеясы да, - деп көрсөткөн В.И.Ленин, - жеке адамдын тарыхындагы ролун эч кандай өксүтпөйт: бүткүл тарых өзү шексиз ишмер болуп саналган дал жеке адамдардын коомдун өнүгүшүндөгү аракетинен курулат»(7, 159-б.). Өткөндү кеңири билип, адамзат тарыхты билбесе улуу чыгармалар жаралат беле? Арабыздан генийлер чыгат беле? Эгерде Ч.Айтматов турмуштун тарыхын чечмелеп биле албаса адамды тамшанткан чыгармаларды жараталбас эле… Жашоодо гений адамдар зарылчылыктан, курч талаптан келип чыгат дешет же болбосо – кокустуктан болгон иш. «Так эле ошол улуу адамдын, - деп жазган Ф. Энгельс, - так ошол өлкөдө, белгилүү бир мезгилде пайда болгондугу албетте, барып турган кокустук болуп саналат.Бирок биз бул адамды четтете турган болсок, анда анын ордуна болуучу адамды талап кылуучулук пайда болот, ошентип андай орун базарда табылат, жакшыдыр же жамандыр бирок бир топ убакыт өткөндөн кийин табылат»(9, 470-471-б.). Чындыгында мындай ойлорду колдоп же болбосо четке кагууга болбойт. Биздин оюубуз боюнча белгилүү адамдар учурдун талабынан да келип чыгышпайт. Анткени бизге белгилүү болгон Ч.Айтматовду алып карап көрөлү, ал замандын зарылчылыгынан белгилүү жазуучу болдубу же аны «сен ушундай чыгарма жаз»- деп мажбурлаштыбы? Жок, ага эч ким эч нерсе деген жок, жазуучулук таланты ташкындап, бышып жетилгендиктен, ичтеги бугун, жашоонун кырдаалын элге жеткиргиси келгендиктен өлбөс – өчпөс чыгармаларды жаратты жана ага учурдун тоскоолдуктары сезилбеди, ал мезгилдин агымына карама- каршы сүздү. Тескерисинче агым менен чогу агып, замандын талабына жараша, план толтуруу үчүн иштеген жазуучулар азыр унутта калды жана алардын чыгармалары окулбай калды. Ал эми чыныгы, нукура жазуучулардын эмгектери узак өмүр сүрө алышат. Булардын эмгектери болбосо К.Маркс айткандай болот беле: «Чын пейилдик изилдөөлөр, жалданма жазуучу сөөрөйлөрдүн салгылашууларына өз ордун бошотуп берет, илимий адилеттүү изилдөөчүлүк күн мурдатан белгиленген, кошаматкөй апологетика менен алмаштырылат»(10, 13-б.).

Эгерде Чыңгыз Айтматов өз чыгармаларын бирөөгө кошомат кылып же болбосо убактылуу гонарарга кызыгып жазса, атагы дүйнөгө тарамак тургай кыргыз элинин эчак окуп, унутулуп калган авторлордун катарын толуктамак. Ч.Айтматовдун белгилүү бир орус гезитине берген интевьюсунда айтылган мындай сөзү бар: «Эгер мен алгачкы кадамымдай маанайда жаза берсем, анда адабиятчынын эмгеги жадатма, жөнү жок түйшүккө салган жүк болмок. Анда мен адабиятты таштап, пайдалуурак ишке – айыл чарба кызматына өтмөкмүн»(3, 298-б.). Ооба, жазуучу туура айтат, эгер жасаган

ишиңден эч натыйжа чыкпаса, демек, башка нерсе менен алектенүү пайдалуурак. Өзүң эмнени каалап турсаң , колуңдан ошол иш жакшы келсе эмнеге болбосун, албетте, болот. Анткени ал иш өзүңдүн өсүшүңө чоң түрткү болот жана ал иш эмне жөнүндө экендигин жазбай билесиң. «-Менимче, ар ким колунан келген ишин аткаруу керек го. Өзүн инсан катары сезип, мүмкүнчүлүгү, жөндөмү менен эсептешүүсү зарыл» (3, 299-б.). Ч.Айтматовдун чыгармаларына үңүлсөк: «Көпчүлүк чыгармаларында фольклордун эң мыкты традициялары, элдик уламыштар кашкайган реалисттик сүрөттөөлөр менен жуурулушуп кетет. Фольклордук чыгармалар жазуучу үчүн иллюстративдик, же окуянын кызыктуу болушу үчүн кызмат аткарбайт, алар каармандардын жан-дүйнөсүн ачуу максатында, кээде автордун бүткүл идеялык-эстетикалык концепциясына биротоло сиңип, негизги көркөмдүк жүктү көтөргөн зарылчылык катарында колдонулат»(1, 468-б.). Анткени жазуучунун чыгармалары кайнап турган чыныгы жашоодон алынып, ар кыл ойлор менен көркөмдөлгөн. П.и.к., А.Муратов: «Чыңгыз айылдан жазуучу үчүн эң керектүү нерсени – түгөнбөс теманы тапты, ал жерден чынында билим алган жок, табигый – математикалык, гуманитардык илимдерди орто мектептин программасында өздөштүрбөдү, болгону турмуштун сабагын алууга жетишти, а,бул болсо жазуучу үчүн эң керектүү оокат эле»(11) -деп айткандай Ч.Айтматовдун чыгармалары өзү жашаган, бала чагы өткөн Талас жергесидеги, Күүркүрөө суусунун жээгиндеги жашоочулардын турмушунан алынган.Албетте жазуучу ошол окуяларды жөн гана көчүрүп койгон жок – аларды социалдык – философиялык,психологиялык ойлор менен чулгап, окурмандарга жөпжөнөкөй, жумшак тил менен жеткирди. Жазуучу өзү айткандай: «Жарык дүйнөдө көп эле жазуучу бар. Аларды бирдей деңгээлде жакшы жазууга мажбурлай албайсың. Бирок мен философия ойдун негизи деп эсептейм. Тиричилик өтөт, руханий дүйнө калат. Адамдын руху – бул эң башкысы, ошондуктан биз өзүбүздү ушул жагдайда көрсөтүшүбүз керек. Кандайдыр чоң философиялык жалпылоо, адам рухунун чоң арышы – мени көбүрөөк кызыктырган ушу, көптөгөн башка жазуучулар жөнүндө ушундай ойлойм»(2, 299-б.). Бул айтылган ойлор философия тууралуу так айтылган жана адам баласынын руху канчалык деңгээлде жогору болушу керек деген чечилбеген суроонун башаты болуп кала бермекчи.

Талант - бул жоопкерчилик. Иш үстүндө сүрөткер жалгыз узанат. Жазуучуларда жалпы багыт бир, бирок ар кимдин жолу өз алдынча. Маселен Ч.Айтматовдун чыгармачылык жолун карасак – эң башкы өзөк катары адамзат менен жаратылышты параллель айкалыштыра сүрөттөсү көзгө учурайт. Жазуучулук таланттуулугу жан-жаныбар менен жаратылышты кадимки адам баласын мүнөздөгөндөй терең талдоого алып, аларды кыйынчылыктарын, кайгысын, жетишкендиктерин көз алдыбызга келтире баяндайт. Ал тургай фантастикалык, мифологиялык өзөктүү сюжеттерди катыра талдап, чыныгы турмушка жуурулуштура сүрөттөйт. Адабий көркөм пейзаждын чебери: торгою таңшып тамылжыган таңдан асманына жылдыз батпай,мемиреген, бейпил түнгө чейин, туман чалган адырлуу, бөксөлүү коктулардан, эгин текши аңкып бышкан жайкалган эгин талаасына чейин, ак куулар конгон айдың көлдөн адам буту баспаган ак мөңгүлүү тоолорго чейин элестүү сүрөттөйт. Булар жандуу каармандай ар кандай «мүнөзгө» ээ. Метафора, символдор чыгармалардын көркүн ачып турат. «Анын чыгармалары адабий чыгарма түрүндө гана эмес, театрдын спектаклдердин жана миллиондогон көрүүчүлөрдү толкундаткан кинофильмдер түрүндө да планетаны чарк айланып, кыргыз эллин дүйнөгө таанытып, биздин турмуш образыбызды пропагандалап жатат» (1, 469-б.). Кыскасы Ч.Айтматовдун чыгарма жаратуудагы чеберчилиги ар тараптуу өнүккөн. Маселен, романтика, реалисттик, лирикалуу, драмалуу, трагедиялуу, эпикалуу, фантастикалуу – булардын бардыгынан

улуттук колориттин күчтүү деми сезилип, кыргыздык дүйнө көрүм, дүйнө тааным өзгөчөлүгү көрүнөт.

Адабияттар:

1. К. Артыкбаев. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы, Бишкек: 2004-ж.
2. Ч.Айтматов. «Бизди ойготкон китептер», Чыг.жый. 8-т.
3. Ч.Айтматов, Чыгармаларынын 8 т.жыйнагы, 8-т.
4. Аристотель.Сочинения. М.,1984. Т. 4.
5. Аристотель. I Аналитика. I
6. В.Г.Афанасьев .Марксистик философиянын негиздери.Ф.:1961.
7. В.И.Ленин ,Чыгармалар, 1- том
8. Маразыков Т. С., Текст таануу жана анын айрым маселелери. I китеп. Б.,2005-ж.
9. К.Маркс жана Ф.Энгельс, Тандалган каттар, М., 1953
10. К.Маркс, Капитал, 1-том,
11. А.Муратов. «Ала – тоодон Ааламга үн салган Айтматов».// «da Кыргызстан» мад.интел-к журнал., 2008-ж.№ 9
12. Распутин В. Каарманды четтен издебейм //Ленинчил жаш, 1977, 22-сентябрь.

ЖУҢГОДОГУ ПАМИР КЫРГЫЗДАРЫНЫН ЭЛДИК ЫРЛАРЫ (БИРИНЧИ МАКАЛА)

МамбеттурдуМамбетакун
Кытай Эл Республикасы

Элдик оозеки чыгармачылык жалпы кыргыз фольклорунун ареалдык бир көрүнүшү экени күмөнсүз. Ошого жараша, анын тутумунда кыргыз элдик жалпы оозеки мурастары менен өндөш, же ага таптакыр коошпогон, жаңы мисалдардын болуп калышы да мыйзам ченемдүү нерсе. Негизги булактарга таянсак, Жуңго Памир кыргыздарынын элдик оозеки мурастары: 1) элдик эпос; 2) элдик лирика; 3) элдик драманын элементтери сыяктуу тектерден турат.

Элдик оозеки чыгармачылыктын дагы бир өзгөчө теги болгон лирика да Памир кыргыздарынын фольклордук салтынан кеңири орун алган. Ырым-даарым ырлары, өлөң, дүрө, дин ырлары, күү ырлары, рамазан, кошоктор, ашыглык ырлар, дидактикалык ырлар, тарыхый ырлар, саясый ырлар, арман ырлары, кордоо ырлары сыяктуу, жалпы кыргыз элинин оозеки айтуучулук салтында учураган жана учурабаган лирикалык жанрлар бар. Булардын ичинен эң эле кеңири жайылган түрлөрү катары сүйүү ырлары менен кошокторду көрсөтүүгө болот. Кыргыз элдик ырларды түрлөргө бөлүүдө биз эки негизге таянабыз. Бири, Кыргызстан жана жуңголук адабиятчылар жазган кыргыз элдик оозеки адабияты жөнүндөгү жалпы баяндар менен кыргыз адабият тарыхтарында колдонулган ыкма; экинчиси, «Жуңго жөө жомоктору, элдик ырлары, макал-лакаптары» деп аталган үч жыйнакты (民间文学三套集成) түзүүдө колдонулган түргө бөлүү ыкмасы. Биринчи ыкма жалпылык мүнөзгө ээ болуп, бир канча мүнөздөштүрүүлөр бир теманын ичине жыйылган болот. Мисалы: ырлар лирикалык жана эпикалык деген эки чоң түргө бөлүнүп, лирикалык ырларга эмгек ырлары, каада-салт ырлары, үйлөнүү үлпөт ырлары, кошоктор, арман ырлары, сүйүү ырлары, санат, насыят ырлары, айтымдар, алкыш, каргыш, диний ырлар, балдар ырлары кирет. Эпикалык түргө дастандар, айтыштар кирет. **(1, 15).**Элдик оозеки адабияты түрлөргө бөлүүнүн экинчи ыкмасы жыйнак түзүүнүн талабына шайкеш болуп, жалаң эле элдик ырлар эмес, элдик жомоктор, макал-лакаптар, ал тургай элдик дастандарды типтерге ажыратуунун илимий үлгүсү болуп эсептелет.Мындай өлчөм боюнча, кыргыз элдик ырлары төмөнкүдөй мазмундарга ажыратылган: 1. Эмгек ырлары, 2. Даарым ырлары, 3.Ак баталар, 4.Каргыштар, 5.Төрөт ырлары, 6. Той-торопо ырлары, 7. Нускалуу сөздөр, 8. Кошоктор, 9. Табышмак жана жаңылмачтар, 10. Арман ырлары, 11. Айбанаттар жөнүндөгү ырлар, 12. Балдар ырлары, 13. Кордоо ырлары, 14. Үлгү ырлары, 15. Санат-насыят ырлары, 16. Суусундук-ичимдик ырлары, 17. Түрдүү өлөңдөр, 18. Сүйүү ырлары.**(2, 14)** Памир кыргыз элдик ырларынын түрлөргө бөлүнүү абалынан Теңир-Тоо кыргыздарында жанрдык түсүн байкоого болот.

Памир кыргыздарында жалпы эле кыргыз элдик адабиятына таандык болгон эмгек ырларынын айрым түрлөрү сакталбаган эмес. Мисалы: «Бекбекей» - көчмөн элдин турмушунан улам чыккан бул ырдын Памир чөлкөмүнөн жазып алынган нускасы бүгүнкү мезгилге чейин белгилүү боло элек. Бирок, жылкычылардын «Шырылдаңы» Теңир-Тоо менен Памирдин аралыгында жайгашкан тилкеде (Жуңго кыргыздарынын Бөрү-Токой, Бостон-Терек айылдары, Кыргызстандын Ош, Алай, Өзбекстандын Анжиян айланасы) оозеки айтылган. Анткени менен «Шырылдаң» Теңир-Тоодо «Шып шырылдаң шыр экен э....й» деген саптар менен башталып, жылкычылык турмуштун

реалдуу көрүнүштөрү ырга ширетилип, үй ээсин, анын бала-бакыра, келин-кесектерин текши мактоо, сөз менен шаштырып, сыйлык алуу максаттары толук баяндалган. Орто тилкеден жазып алынган «Шырылдаңдын» биринчи сабы «Саб-сабалар эй» деп башталып, бул түр ислам дини киргенден кийинки «Жарамазан» ырынын таасирине катуу кабылып, белгилүү жактардан экөө аралашып кеткени байкалат. Муну биз ыр саптарындагы фарсча «сабалар», «арбап» дегендей атоолордун кирип калганынан эле эмес, «Шырылдаң айы толуптур» деген ыр сабынан да таамай байкайбыз. Анын үстүнө Памир кыргыздарынын ырчылык салтында ойду каймана маанидеги салыштыруулар же теңештирүүлөрдөн баштап келип, анан негизги максатка кайрылган бир түрдүү «Ыр техникасы» колдонулат. Мисалы, «Шырылдаң» да ырчы үй агасын төтөлөй мактоодон мурда анын атын, атына жарашкан тердигин, тердик үстүнө жарашкан көмкө ээр, көмкө ээр үстүнө жарашкан көк көрпөчө, анан көк көрпөчө үстүнө «Агам арбап жарашкан» дейт. Ырчы ошону менен эле өз оюн айтып бүткөн болбойт. Анын максаты агасында эле эмес, агасынын короосундагы койдон бирди сойдуруу болгондуктан, ырды андан ары узартып, дагы бир кыйыр сүрөттөөлөрдүн жолуна түшөт: «Агам арбап колуна /алтын кылыч жарашкан / алтын кылыч чабарга /душман башы жарашкан /душман башын көмөргө /боз топурак жарашкан/ боз топурак үстүнө /байчечекей жарашкан \ байчечекей үстүнө \ эчки-коюң жарашкан \ эчки-коюң жаярга \ эки бала жарашкан \ эки бала колуна \ эмил чокмор жарашкан \ эмил чокмор урууга \ боз коюң жарашкан \ боз койду союуга \ болот кездик жарашкан. **(2, 4)**Мындай мактоолордон кийин үй ээси шырылдаңчыларды сыйлабай коюуга аргасы калбайт. Анткени, алар бардыгын туура, дал жана көрүп тургандай айтып жатышпайбы. Колго жарашкан бол от кездик «Көрпөчө үстүнө жарашкан агам арбаптын» айласын кетирет. Ырчылыктагы ушундай «алыстан таш ыргытуу» ыкмасы Памир кыргыздарынын «Жигит менен кыздын айтышы» деген ырында да колдонулат. Анда кыз Алайга көчө тургандыгын жигитке кабарлайт. Жигит жорго минип алдынан тосуп чыгаарын айтат. Ошондо кыз алыстан таш ыргытат: түлкү болсом кантесиң, балык болсом кантесиң, таруу болуп чачылып кетсем кантесиң, аккуу болуп кубулуп кетсем кантесиң? Анда жигит ошонун бардыгынын айласын таба тургандыгын билдирет. Кызыктуусу, кыздын таруу болуп чачылып, аккуу болуп көкөлөгөн мотиви чыгыш элдеринин классикалык адабиятында, элдик жомоктордо да көп жолугат.

«Жарамазан айы» деген түшүнүк кыргыздар арасында кеңири таралган. Бирок, “Шырылдаң айы” же жылкычылар шырылдаңды күзүндөсү же кышка жуук айтышып, жакада жашаган колунда бар кишилердин түнкү уйкусун бөлүп, ыр менен чер жазышкан, ары тамашага батышкан. Жарамазан ыры болсо негизинен 30 күндүк орозо аяктап, орозо айты өтүп жаткан түндөрү айтылып, аны атайын даярданган жарамазанчылар айтышкан. Бул жалаң эле кыргыздар арасында эмес, Артыш, Кашкардагы уйгурлар арасында да кеңири таралган салт болгон.

Тоолуу жерлерде дыйканчылык өндүрүштүн колдонулбай калышынан уламбы, айтор, Памир кыргыздарында «Оп майда» баштаган эмгек ырлары, анын ичинде үрөн сепкенде, орок оргондо ырдалуучу ырлар ырдалган эмес. Башка кол өнөрчүлүккө, мал чарбасына байланышкан чыгармалар көп өнүккөн эмес. Бул чөлкөмдө сайма саюу, кийиз жасоо, өрмөк ыры, тон тигүү, козу телүү, саан ыры, кыркым ыры дегендей чыгармалар жазылып алынбаптыр. Бул Памир кыргыздарында мындай тиричилик жосундары болбогондугунан эмес, элдик оозеки чыгармачылыктын салттын айрым түрлөрү коомдук, географиялык-аймактык өзөгчөлүктүн жана маданияттын таасирлерине байланыштуу болушу мүмкүн. Мисалы: төкмөлүк өнөр - Теңир-Тоо кыргыздары арасында байыркы нук менен Токтогул, Жеңижок, Барпы, Казыбек, Калык, Коргоол, Алымкул, Эшмамбет сыяктуу XX кылымдагы залкар төкмөлөрдүн

учук улаган таланттуу чыгармачылыгы менен доорго жараша өнүгүп-өсүп жүрүп отурган болсо, Памир кыргыздары жаратылыштык шартка жараша бул өнөрдү өтө бийик абалга жеткире алган эмес. Анткени, төкмөлүк өнөр той-тороподо, шаңдуу турмуш-тиричилик жагдайы жеңил, угармандардын курамы өтө көп маданияттык чөйрө бир кылка болгон жагдайда эркин өнүккөн. Памир аймагында бир жактан жаратылыштык шарты бир кыйла оор, айылдар арасындагы жол алыс, өз ара катташуу кыйын болсо, дагы бир жагынан түндүктө өзбек, батышта тажик, чыгышта уйгур айылдары менен аралаш конуштап, ар түрдүү маданияттык алаканын курчоосуна тушуккан. Мындай кезде төкмөлүк өнөр анчейин кулач керип жайыла алмак эмес. Ошол сыңары кыргыз элдик оозеки адабиятындагы түркүн-түстүү эмгек ырлары бардыгы эле байыркы замандын түшүмү болбостон, кийинки доорлордогу чечендердин жараткан ырларынын негизинде байыган. Бирок, карапайым эл өзүнүн маданий турмушун башка жолдор менен байытуунун жолун билишкен. Памир кыргыздарында сүйүү ырлары жогорку деңгээлде өнүккөн. Андан сырткары аңчылыкка байланышкан ырлар жана күүлөр көп кездешет. Кыргызстандык чоң окумуштуу Ж.Мукамбаев Жерге-Тал кыргыздары арасынан «Теке кетти», «Кырк аркар» деген ырлуу күүлөрдү жазып алган. Малчылык ырларынан «Так теке», «Ай кашка», «Боз кой» сыяктуулар элибиздин Памир кыргыздары арасында таралган.

Теңир-Тоо кыргыздарынын арасында кирине ыры, суктоо ыры, дарым ыры, учуктоо ыры, арбашуу ыры, сезгенч ыры, төлгө ыры жана түрдүү ырым-жырымдарга байланыштуу ырлар сан жагынан арбын таралган. Ал эми Памир кыргыздарынын арасында булардан башка «Бадик» жана «Гулафшан» делген дарым ырларынын өзгөчө бир түрү сакталып калган. Бул эки ат менен айтылган ырлардын тизмеси Теңир-Тоо кыргыздарында негизинен жок. 1991-жылы алгач жолу Памир тоосун аралап, Кез, Булуң-Көл, Чакарагыл, Көк-Жар айылдарынан элдик чыгармаларды чогултуу учурунда бизге эң чоң таасир кылган нерсе ушул «Бадик» менен «Гулафшан» ыры болду. «Бадик» ыры «Менин атым Эламан /Эл кыдырып келаман» деп башталып, негизинен балдар кызыл, чечек ооруусу менен сыркоолоп, кызыл сыртына тепкенде айтылат экен. «Гулафшан» болсо «Бадиктин» айтылган ыкмасы менен бирдей келип, жандырмагы катары «Шалдур-шулдур шарапшан /Сенин жайың Бадакшан» деген ыргакка көчүп, кызыл ичине тепкен кезде айтылган. Улуу-Чат ооданынын Бөрү-Токой, Бостон-Терек айылдарынан батышты көздөй кеткен тескей тоо кылкаларында кеңири таралган бул ырдын варианттары арбын болуп, «Бадик» өлөң ыр ыкмасында 11 муундан жана элдик ыр ыкмасында 7-8 муундан туруп айтылган түрлөрү да жолугат. Биз Памир кыргыздары арасынан жазып алган «Гулафшандын» башкы саптары мындай башталат:

Көч-көч бадик, көч бадик көчүрөйүн,
Бадик болгон атыңды өчүрөйүн.
Мен бир өлөң айтайын бадик баштап,
Жакшыны айтып, жаманды жолго таштап .**(2, 26)**

“Гүлафшан” тажик-фарсча чечек деген маани берип, көбүнчө балдарга кызыл чыкканда айтылчу дарым ыры экен. Памирлик бакшы жана молдолор сөз керемети менен адамды ар түрдүү оору-сыркоодон арылтууну максат кылган ушундай дарым ырларын кылымдардан бери сактап, колдонуп келген. Дарымдын бул түрү жана «Бадик» деген атоо казак элинде да бар. Аларда «бадик өлеңдер» деген ыр жанры бар.**(3, 38)**

Таш-Коргондогу кыргыздардын арасында айтылып жүргөн элдик чыгармаларды талыкпай жыйнаган Курманалы Жаанбай менен Аманбек Турганбайдан алынган кол жазмаларда өлөң, бадик баштаган түрдүү ырлар менен бирге «Түтөк кайтарар» деген дагы бир чыгарма бар экен. Бул дарым ыры киши түтөк алганда айтылып, мазмуну бир

кыйла өзгөчө:

Билдим-билдим билге чабар,
Чабар тили чапкы казык.
Казык тили кайкы тоок,
Тоок тили токто малик,
Малик тили баш агача,
Агача тили алма гудоо,
Гудоо тили кунан каар,
Каар тили калта тайган,
Тайган тили тармал өгүз,
Өгүз тили өргөн кайыш,
Кайыш тили кара желим,
Желим тили жети кулач,
Башы келте куу жыгач.

Кыргыздардын элдик ырларында дарым ырларынын өтө көп түрүн жолуктурууга мүмкүн болсо да, биздин баамыбызча, мындай мазмун, мындай ыкмадагы даарым ыры өтө аз кездешүүсү мүмкүн.

Кыргыз элдик оозеки адабиятында бата менен каргыш же турмуш-тиричилик же каада-салт ырлары жанрына таандык болуп, бир кыйла өнүккөн түр. Бирок, Памир-Алай, Жерге-Тал, Кичи Памир өрөөндөрүнөн элдик чыгармалардын ушул түрү алиге чейин өз алдынча кагаз бетине түшүрүлбөй калган сыяктуу, же күнүмдүк турмушта, дасторкон үстүндө ак тилек айтуу, же болбосо арада капачылык болуп, каар төккөндө каргап жиберүү адаты аталган жерлерде унутулганбы? 1983-жылы Кыргызстан Илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунун илимий кызматкерлери Тажикстандын Жерге-Тал районуна барып, элдик оозеки чыгармачылыктын үлүглөрүн чогултушкан. Анда кагазга жазып алынган «Динарым» деген ырда каргыш айтылган. Ал эми Жуңгонун Ак-Тоо кыргыздарынын арасынан чогултулган «Оосар» деген ырда да каргыш бар. Арийне, ырдын бул түрү Памир кыргыздарында өнүкпөй калган деп айтууга болбойт. «Динарымда»:

Билимсиз ооруп бир ай жат,
Эмчегиң ооруп эки ай жат.
Үйүңдөн чыкпай үч ай жат,
Төшөктөн турбай төрт ай жат- , **(4, 28)**

деп айтылса, «Оосарда»:

Короого чыгып конуп кал,
Койчудан бооз болуп кал.
Талаага чыгып конуп кал,
Тексизден бооз болуп кал.

Бирди туусаң битти туу,
Ыркыраган итти туу. **(5, 63)**

Кызыктуу жери – бул ырлар сүйүү ырлары болуп, ашыктыктын айынан алапайын таппаган жар сүйгөнүнө ааламдагы жакшылыктардын баарын тартуулап болуп, анан дагы эле сөзүн кабыл албаса, «чыдабай кетип» ушундай каргай тургандыгын билдирет.

Памир кыргыздарында таралган «Безели чечен» деген күүнүн жомогунда Безели чечен менен Кан жаакташып, Кандын желдеттери Безели чечендин тилин кесээрде мындай каргаган экен: «Таш бол, топурак же. //Отуң өчсүн, күлүң көчсүн! //Мен сенин өзөгүңө түшкөн өртмүн».**(6, 213)**

Албетте, Памир кыргыздарында ак баталар жана ырлуу тилектер эл оозунда

сакталып калган. Аны ырааттуу түрдө чогултуп алуу ушу күнгө чейин колго алынбай жаткан сыяктанат.

Памир кыргыздарынын той-торопо салтын атайын изилдеген илимпоз Жээнбай Мукамбаевдин жазганына караганда, Памирде үйлөнүү тоюнун шөкөтү эч жерден калышкан эмес. Той салтынын жүрүшүндө «Дилбарым», «Мөлмөлүм», «Толмочум», «Аксуусар», « Акзейнеп», «Акшайыр» дегендей сүйүү ырлары ырдалгандан башка токмок салды ырлары, көрүшүү ырлары, кыз башын кучактаар дегендер менен бирге «Чач өрүү», «Чач алмай», «Кемпир өлдү» деген ырымдарга жараша ырлар жана жаштардын кечки оюндарында өлөңдөр ырдалган. Памир кыргыздарында той алдында кыздын чачын кырк өрүмдөн эки өрүм кылып өрүүдө өз алдынча салт болгон. Чачты көрүнгөн аял эмес, «вакил» өргөн. Үйлөнө турган жигиттин чачын «вакил» жигит алган. Жигиттер чач алуу убагында:

Овал баар көктөмдө,
Көк чымырап өскөндө,
Улук келин алабыз,
Уулга жолдош кылабыз. -

дешип ыр ырдашса, кыздын чачын өрүп жатып аялдар мындай ырдаган:

Бармагыңа салынган,
Бадам көздүү ак күмүш.
Бир эле сенден калыппы,
Баары кызын бергенмиш .**(5, 188-189)**

Чач өрүү салтынын сакталгандыгы «Манас» эпосундагы саптардан («Ырымдап чачын өрүңүз // күн белгисин он күнү// Каныкейди көрүңүз») анык билинип турса дагы, аталган салттын ыр менен коштолуп келгендиги Памир кыргыздарына таандык жөрөлгө болуп калган сыяктуу.

Адабияттар

1. Кыргыз адабиятынын тарыхы. 1-т. (А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында) - Б.: 2004.
2. Кыргыз элдик ырлары. - Артыш, Кызыл-Суу кыргыз басмасы, 2004.
3. Бексултан Касей. Казак адебиети тарыхы. 1-т. - Үрүмчү, Шиңжан эл басмасы, 1996.
4. А.Токомбаева. Жерге-Тал кыргыздарынын оозеки адабияты.- Ф.: 1987.
5. Кебез тоо боорунда. - Үрүмчү, Шиңжан эл басмасы, 1993.
6. Ж.Мукамбаев. Эл ичи - өнөр кенчи. - Ф.: 1982.

ЖУҢГОДОГУ ПАМИР КЫРГЫЗДАРЫНЫН ЭЛДИК ЫРЛАРЫ (ЭКИНЧИ МАКАЛА)

Мамбеттурду Мамбетакун
Кытай Эл Республикасы

Памир кыргыздарынын тойдо ырдалган өлөңдөрү Памир кыргыз ырчылык өнөрүндөгү өзгөчө бир көрүнүш. Өлөң айтуу эл ичине терең тамырлап, Памир-Алай чөлкөмүнө өтө кеңири таралган. Өлөңдөр той салтына жараша түрдүү мазмунда ырдалат. Даңаза, кордоо, тамаша ширетилет. Түр жагынан кайым өлөң, айтышуу өлөң жана апыртма өлөң деген көп түрлөргө бөлүнөт. Казак адабиятында «Өлөң» деген сөз ырлардын жалпы аты катары колдонулса, Памир кыргыздарынан башка чөлкөмдөгү кыргыздарда «Өлөң» деген ыр жанры жолукпайт.

Ал эми Памир кыргыздары арасында айтылган кошоктор мазмун жана форма жагынан Теңир-Тоо кыргыздарынын кошоктору менен бирдей болуп, өтө чоң стилдик айырма байкалбайт. Бирок, Памир кыргыздарынын лексикасына таандык сөздөр көп кездешип турат.

Мисалы:

Тоорулуп мейман кетпеген,
Тооктун гөшү жетпеген.
Эшиктен эли кетпеген,
Эчкинин гөшү жетпеген .**(1, 110-б.)**

Бул саптарда Памир кыргыздарынын тилине кирген «гөш» деген атоо жолугуп эле калбай, ырда күндөлүк тиричиликтин айрым өзгөчө көрүнүштөрү чагылып турат. Кыргыздар жалпы жонунан көчмөн болгондуктан, чыгармаларынын мазмуну да ошого байланыштуу. Памир-Алай кыргыздары деңиз деңгээлинен өтө бийик жайгашкан жайлоолордо көчүп-конуп жүргөнүнө карабай, алар кээде Кашкар, Ош, Анжиян шаарларынын базарларына барып турушкан жана отурукташкан өзбек, тажик, уйгур калкы менен күндөлүк алакада болушкан. Ошондуктан ырда тооктун гөшү (эти) жөнүндө сөз болгон. Тооктун эти менен конок күтүү салты жана анын элдик ырларда айтылышы Теңир-Тоо кыргыздарынын арасында кездешпеси мүмкүн. Памир кыргыздарынын ырлары кошокторундагы дагы бир өзгөчөлүк, ыр саптарынын арасына ошол журтка белгилүү болгон жерлердин аттары көркөм каражат катары тандалып алынган. Мисалы, Ооган, Анжиян, Кашкар, Маргалаң, Алай сыяктуу. Теңир-Тоолук кыргыздардын ырларында болсо, Ат-Башы, Нарын, Талас, Ала-Тоо, Керме-Тоо, Какшаал, Каражүл сыяктуу жер аттары кездешет. Элдик чыгармалардагы географиялык аталыштар да ошол чыгарманын кайсы чөлкөмгө таандык экендигин көрсөтүп турган белгилердин бири. Элдик чыгармалардагы географиялык атоолор кээде чыгарманын көркөм каражаты катары гана милдет өтөгөн.

Элдик кошоктордун Теңир-Тоо жана Памирде эпикалык ыкма, сүрөттөө жана ырдык түзүлүш жагынан анчейин чоң айырмаланып кетпегенинин дагы бир себеби, ушул жанрдын ээлери болгон аялдардын бир-биринен үлгү алууда эркектерге караганда ийкемдүүлүгүнөн улам да болушу мүмкүн. Мындайча айтканда, бир журтта бир киши каза болсо, алыс-жакынга тең кабар айтылып, туугандар эле эмес, башка уруу, башка жерлердеги кишилер да көңүл айтып келишет. Мейли кайсы уруу, кайсы жерден келгендер болбосун, эрлер өкүрүп, аялдар кошок кошот. Айрыкча, аялдардын кошкон кошогун эл атайын эле тыңшап, мазмунуна көңүл бурат. Теңир-Тоо чөлкөмүндө таралган кошокчулук салты – ыр куроо, көркөм салыштырууларды колдонуу ыкмасы памирлик аялдар тарабынан кабылданган болуу керек. Дагы бир жагынан алыс-жакынга күйөөгө узатылган кыздар алыстан келип каза болгон атасына

кошок кошкондо башка журттагы кошокчулук жөрөлгөсүн колдоно билишкен. Ошентип, эрлерге таандык жанрларга караганда кыргыз адабиятында аялдарга таандык жанрлар тышкы таасирди көбүрөөк кабылдаган деген тыянакка келсек болчудай.

Биз кыргыз айылдарынан жазып алынган кошокторду аралаштырып жиберип окуй турган болсок, кайсы кошок кайсы жерге таандык экенин айырмалоо кыйын экени байкалды. Ошондо да айрым кошоктордогу тилдик өзгөчөлүктөр өз ара айырмалоонун белгиси катары милдет өтөйт. Мисалы, Памирдик кыргыздардын элдик ырларындагы жылкынын асылын билдирген «Карай боз» деген сөз, андан башка уйгур, өзбек тилинен кирген атоолор («Кайрыды гүлдү баркинан», «Кара келде, ак куйрук», «Сагырдын алын сураган», «Апу кылып күнөйүн») ыр саптарында кездешет. Ошо менен бирге сөз жасоочу мүчөлөр «уулу – га», «кызы – га» жана «эде» деген менен да байкоого болот.

Памир кыргыздарынын кошоктору мазмун жагынан жалпы кыргыз кошокторунан эч жеринен айырмаланбайт. Ата-энесинен айрылган кыздын кошогу, балдарынан айрылган эненин кошогу, күйөөсүнөн жана сүйгөнүнөн айрылган келин-кыздын кошогу, бир-биринен айрылган эже-сиңдинин кошогу сыяктуу мазмундагы кошоктор негизги орунда туруп, калган туугандарга арналган кошоктор да жолугат. Кошоктун алым-сабак түрү, жубатуу түрлөрү да жолугат. Биз башта атап кеткенибиздей, кошоктордун бирден-бир жаратуучусу жана аткаруучусу аялдар болуп эсептелет.

Кыргыз эл ырчылыгында арман ырлары менен санаттар өзгөчө өнүккөн болуп, ушул түр кийинки акындар поэзиясына чоң таасирлерди көрсөткөн. Арман ырлары кесиптин түрүнө карай койчунун арманы, төөчүнүн арманы, мергендин арманы деп бөлүнсө, тарыхый жагдайдын, күндөлүк турмуштун, тагдырдын жазмышынан улам чыккан армандар карылыктын арманы, сатылган кыздын арманы, эзилген эрдин арманы, жетимдин арманы болуп бөлүнөт.

Памир кыргыздарынан азырга чейин жазып алынган арман ырлардын саны өтө көп болбосо да, мазмуну ар түрдүү. Франциялык түрколог Реми Дор Ооганстан кыргыздарынан жазып алган элдик чыгармалардын ичинде Ооган Памириндеги кыргыздардын кайрадан качкандагы эки арманы бар. Бул ырлар элдик ыкмада чыгарылганы менен, анын авторлору бар экендигин изилдөөчү эскертет.**(2, 33-б.)** Кыргызстандык изилдөөчүлөр Тажикстандык кыргыздардан чогулткан элдик чыгармалардын арасында «Кыздын арманы», «Атасы аскерге кеткендеги ыр» деген эки чыгарма бар. «Кыздын арманы» үч саптан куралган үч сабак ыр экен:

Карчыга кармап увга сал, ата, ай,
Карыган чалга бергиче, ата, ай,
Кармап бир барып сувга сал, ата, ай .**(3, 194-б.)**

Жуңго Памир кыргыздарынан жазылып алынган чыгармалардын арасында арман ырлардын саны чоң орунду ээлейт. Жуңгодогу элдик акындар чыгарган арман ырлар менен эл арасында байыртан айтылып келген арман ырлар чогултулуп, басмадан жарыяланган.**(4, 43-б.)**

Кыргыз элинин ырчылык өнөрүндө «Санат», «Насыят», «Терме», «Үлгү ыр» деген аталышты алып жүргөн чыгармалардын саны бир кыйла арбын болуп, санаттар мейли Теңир-Тоо, мейли Памир-Алай чөлкөмүндө болсун мазмун жана форма жагынан түспөлдөш келип, өз ара өтүшүп турганы анык эле байкалат. Бирок, «Терме» жана «Үлгү ыр» деген эки атоо Памир багытында кездешпейт, Теңир-Тоо тарапта болсо «Санат өлөң» деген атоо колдонулбайт.

Кыргыз ырларынын бул түрү философиялык акыл-ойду, турмуштан алынган чындыктарды, өмүрдүн тажрыйбаларын көркөм салыштыруулар менен туюнтуп, кыргыз макал-ылакаптары менен учкул сөздөрүн өзүнө жууруп алат. Памирде ооздон-

оозго өткөн санаттарда эки жакшы, эки жаман, кайраттуу эр, кайрымсыз катын, байлык менен жардылык, дүйнөнүн оомал-төкмөлдүгү, ата-энелик парз, чынчылдык менен жалганчылык сыяктуу турмуштук мани-маңыз уламдан-улам кайталанып, күчөтүлүп ырдалат. «Түрк элдеринин фольклорунда дидактикалык, философиялык поэзия ар кандай көркөмдүк формаларда: казактарда – «Талгав», «Терме», «Шешендик сөздер», каракалпактарда – «Терме», өзбектерде – «бакшылардын термелери», татарларда – «аталар сөздөрү», «айтымдар», уйгурлардагы – «бейиттер» жолугат».**(5, 218-б.)**Мындай кеңири таралган чыгармачылык салтты Памир кыргыздары өздөрүнүн тарыхый, маданий чөйрөсүнө жараша өнүктүргөн жана байыткан.

Памир кыргыздарынын санат ырлары сап-саптарга бөлүнбөй, шыр эле уланып кете берет. Ырдын мазмуну, сөздүн кырааты, айтылып жаткан ой бир мазмундан экинчи бир мазмунга өтүп, кээде бирине-бири салыштырылып, өөрчүтүлүп отурат: «Төөнү көркөм көргөзгөн, //мойнудагы жогдары,// мылтыкты сүрдүү көрсөткөн, //ичидеги ок дары».**(3, 189-б.)** Санаттарда ар кайсы доордун доошу жаңырып турат. Тажикстандык кыргыздарда: «Эт желиндүү боз койго, //эгиз козу бепайда, //Эри сүйбөс жубанга, //эндик, упа бепайда» **(3, 146-б.)** делип ырдалса, Ак-Тоо кыргыздарында: «Сааса сүтү болбогон,// желинди арман кылбаңар, // эңкейип салам бербеген, // келинди арман кылбаңар»,- деп ырдалат. **(6, 64-б.)**Биз Памир кыргыздарынын санат ырларына үңүлүп карасак, кыргыз классикалык төкмө өнөрүнүн туу чокусун жараткан Токтогул Сатылгановдун айрым санат, термелери ушул элдик чыгармачылыктын таасирине терең кабылгандыгын көрсөтүп турат. Памир кыргыздарынын санатында: «Ат качаган болгон соң, //күлүктүктөн не пайда? // аркырап беттен алган соң, // сулувлуктан не пайда?» - деп ырдалган **(7, 37-б.)**болсо, Токтогулдун дал ушул ыкмада ырдалган санаты бизге белгилүү. Памирлик кыргыздар «Кызгалдактын гүлүндөй, балдар өлбөс болсочу» десе, Токтогул: «Өмүр» деген ырында аны ансайын бийик белеске көтөрүп, «Жибек оңбос болсочу, // жигит өлбөс болсочу, // жигит менен кыз өлсө,\ жерге көмбөс болсочу», – деп, **(8, 172-б.)**Памир санаттарына жаңы түс кошкон. Андан башка Памир санаттарындагы «Тууганыңды жаман деп», «Булбулда мукам үнү бар», «Кайран башың өткөндө», «Жакшы адамдын белгиси», «Кудай алсын жаманды», «Жакшы катын белгиси», «Тойдун көркү эл менен», «Өзөндүү жерге тал бүтөт» дегендей туруктуу саптар чыгармада баяндын жүрүшүн тастыктап турган негизги каражаттар катары милдет өтөө менен бирге кийинки кыргыз төкмө акындарынын чыгармачылыгына өрнөк болуп, аларды даяр ыр саптары менен камсыз этип турган.

Памир кыргыздарында санат өлөң деген ат алыш менен да айтылган чыгармалардын түрү бар. Ал негизинен тойлордо, айрым кезде чоң чогулуштарда айтылып, келин-кызга тийишкен, тою болуп жаткан кызга акыл-насаат айткан жана бирөөлөрдү какшыктаган маанини камтыган. Элибиздин Ак-Тоо жергесинен жазылып алынган санат-өлөңдө бүгүнкү казак тилине жалпы, кыргызга жарым-жартылай таандык болгон этиштин түрү кездешет: «Бул айылда бар бекен кыздай баатыр, //кош анарын кучактап жалгыз жатыр».**(1, 264-б.)**

Корутундулап айтканда, Памир санаттары уйкаш, сабактарга бөлүнүү жактан эркин болуп эле калбай, ойдон ойду чубаган баян ыкмасына сүңгүү менен жашоонун сан-түркүн сырлары арасында тил ойнотот.

Изилдөөчү Жээнбай Мукамбаев Памир-Алайдан жыйнаган эл ырларынын ичинде балдарга таандык 15 тен ашуун чыгарма болуп, алар мазмундук жагынан балдар оюнунда айтылчу тексттер менен бирге ар кандай көрүнүштөргө арналган бир-эки сабактан түзүлгөн кыска ырларды камтыган. Бул ырлар Айсулуу Токонбаева түзгөн «Жерге-Тал кыргыздарынын оозеки адабияты» аттуу китептеги балдар чыгармалары менен бирдей эле болуп, бир гана «Үркөр, үркөр топ жылдыз» деген чыгарма алдынкы

китепте жок. Эки китепке киргизилген балдар ырлары «Эсимде», «Эгелек», «Шылдыршып», «Илеш», «Көк жөтөл», «Тыбыр», «Тогонок» деген темаларда болуп, Теңир-Тоо чөлкөмүндө айтылып жүргөн балдар ырлары менен айрымдары окшош, айрымдары өзгөчө.

1991-жылы биз Ак-Тоо ооданынын Булуң-Көл айылына караштуу Чакарагыл кыштагынан балдардын бир топ сүйүү ырын жазып алып, эртеси Кез кыштагына келип, балдардан ошол эле ырды кайра сурадык. Ошондо 10 жаштар чамасындагы бир бала өтө куудулданып: «Ошол ырда айтылган бала мен болом» деп, мындай айтты:

Чымчык аттым чий менен,
Чымчышпадым кыз менен.
Өпкө жедим туз менен,
Өбүшпөдүм кыз менен.
Боорсок жедим туз менен,
Бойлошподум кыз менен. **(9, 25-б.)**

Теңир-Тоо менен Памир чөлкөмүндө балдардын акыйнек айтышуу ырлары да бир кыйла окшоштукту бирдейликти сактаган экен. Балдар арасына кеңири тараган кордоо ырлары оюндун акыркы натыйжасынан чыккан жана турмуштагы начар көрүнүштөрдү сындаган абалда айтылган. Кыргыз адабиятынын тарыхы боюнча жазылган эмгектерде балдар ырлары жалпы жонунан баян кылынганы менен, ар кайсы чөлкөмдө тараган ырлардын географиялык орду жана өз ара байланышы жөнүндө терең сөз кылынган эмес.

Айтыш өнөрү кыргыз ырчылыгында өтө бийик деңгээлде өнүккөн. Токтош Танаев өз эмгегинде айтыштарды «элдик айтыштар, ырчылык айтыштар жана чечендик айтыштар» деп үч түргө бөлгөн.**(10, 100-б.)** Кыргызстанда жазылган «Кыргыз адабият тарыхында» айтыш өнөрүнүн түрлөрү өтө анык бир-эки деп саналбаган болсо да, адат-салт айтышы, чечендер айтышы жана акындар айтышы жөнүндө өз алдынча сөз кылынган. Аталган эмгекте адат-салт айтыштары төмөнкүдөй түрлөргө бөлүнгөн: «Үлпөттөрдөгү, оюн-зоок кечелердеги ырдашуулар, жородогу сармерден ыры, үйлөнүү салтына байланыштуу аткарылган «жар-жар ай» деген ырлар, сүйүүгө байланыштуу чыгарылган «кыз-жигит», «Мырза уул менен Аксаткын»» жана башка ушул сыяктуу ырлар, акыйнек жана диний түшүнүктөгү айтыштар». **(5, 661-б.)** Бул баянда адат-салт деп ат коюлган айтыштардын кең мазмундарды камтый тургандыгы анык айтылганы менен, көз караш тыкандап такталбаганы билинип турат. Муну биз бүдөмүк алынган сөздөрдөн жана «Кулмырза менен Аксаткын» дастанын айтыштын катарына кошуп санаган жерден баамдайбыз. Менимче, айтыш өнөрүндө эки тараптын тең үнү угулушу зарыл. «Кулмырза менен Аксаткын» эпикалык дастан болуп, анда окуянын бардык жүрүшү Аксаткындын сөзү менен баяндалат. Ошондуктан аталган чыгарманы айтыш жанрына кошууга болбойт. Эгер кошууга туура келсе, «Талым кыз менен Көбөктүн айтышын» айтыштардын типтүү үлгүсү катары кошсо болот.

Адабияттар

1. Кыргыз элдик ырлары. – Артыш, Кызыл-Суу кыргыз басмасы, 2004.
2. Реми Дор. Ооган Памириндеги кыргыздардын кайрадан качкандагы эки арманы. – Кыргыздар. 3-т. – Б.: 1995.
3. А.Токомбаева. Жерге-Тал кыргыздарынын оозеки адабияты. – Ф.: 1987.
4. Жыйнак: Кебез-Тоо боорунда. – Үрүмчү, Шинжаң эл басмасы, 1993.
5. Кыргыз адабиятынын тарыхы. 1-т. – Б.: 2004.
6. Жыйнак: Муз-Тоо жаңырыгы. – Үрүмчү, Шинжаң эл басмасы, 1995.

7. Ж.Мукамбаев. Эл ичи – өнөр кенчи. – Ф.: 1982.
8. Токтогул. Чыгармаларынын эки томдук жыйнагы. 2-т. – Ф.: 1989.
9. Талаа материалдары.
10. Т.Танаев. Кыргыз фольклорундагы лирикалык жанрлар.– Ош, 1998.

60-ЖЫЛДАРДАГЫ “ЖЕЛАРГЫ ДООРУ”: ЖАҢЫЧЫЛДЫК ПАФОСУ

Асакеева Динара
ф.и.к., доцент К.Карасаев атындагы БГУ

И. В. Сталиндин каза болушу менен Совет мамлекетинде “Сталиндик культ личносттун” каталыгын ачуу, репрессияланган инсандарды актоо иштери 50-жылдардын экинчи жарымында башталып, коом өзгөрүүгө кадам таштап, Хрущевдик «желаргы» (оттепель) доору келет. 1956-жылы 30-июнда КПССтин БК (б) «Жеке адамга сыйынуу жана анын кесепеттери» деген Токтомдун кабыл алынышы менен Сталиндик культличносту жок кылуу, репрессияга кеткен бейкүнөө инсандарды актоонун башталышы совет мамлекетиндеги эркин жашоонун башталышына жол ачкан (1). Бул албетте, биринчи адабият менен маданиятка тиешелүү болуп, адабият өзгөрүү жолуна түшөт, бул орус адабияты мененбашталып, көркөм чыгармачылык жанрдык да, тематикалык да, мазмундук да жактан жаңылануу жолун тандап алат, Мисалы, аскердик прозанын өнүгүшү, В. Войнович, Н.Вороновдор жараткан“шаардык неореализмдин” пайда болушу, В.Аксенов, А.Гладилин баштаган “психологиялык прозанын”адабиятка аралашышы,Б.Окуджава, Ю.Ким, В.Высоцкий ж.б. ырдашкан барддык ырлардын жаралышы, поэзиянын жаңы агымын башташкан Е.Евтушенко, А.Вознесенский, Б.Ахмадулина, И.Бродский ж.б. чыгармачылыкты жаңы нукка бурушу.

Адабияттагы бурулуш этап болду деген бул жылдары (60-жылдар) адабият таануу илимида болуп көрбөгөндөй алдыга кеткен, М. Бахтин, Ю.Лотман, С.Аверинцев, Д.Лихачев сыяктуу адабиятчы, сынчылардын келиши менен адабият таануу, адабий сын жаңылануу учурун баштарынан өткөрө баштаган.

Совет адабияты менен маданиятындагы ушундай өзгөрүү улуттук адабияттарга да таасирин тийгизип, кыргыз совет адабияты да зор жаңыланууну, өзгөрүүнү башынан кечирет. Ошол эле мезгилде улуттук адабият бир жагынан чектелүүгө туштугат, бир жагынан жаңы сүрөткерлердин жаралышы, адабиятка аралашуусу менен жаңычылдык пафосун баштарынан өткөрөт.

Кыргыз адабиятынын тарыхындагы кызыктуу жана татаал учур болгон XX кылымдын дал ушул мезгилиндеги коомдук-тарыхый, саясий абал көркөм чыгармага маанилүү таасир калтыра алган. 60-жылдардын башында жаңыча башталмалардын орун ала башташы менен акырындап кызыктуу чыгармалардын жаралышына таасирин тийгизген. Мына ушул учурда чыгармачылыкка аралашкандоорубуздун улуу сүрөткери Чыңгыз Айтматов чыгармалары аркылуу кыргыз адабиятынын жаңыланышына, повесть жанрынын сапаттык жаңыланууну башынан кечиришине жол ачкан.Мисалы, “Гүлсарат” повести - романдык мезгил-мейкиндиктерди камтып турган, роман тибиндеги повесттин улуттук адабиятта орун алышын баштаса, “Жамийла” повести аркылуу прозадагы ыр түрүндө жазылган лирикалык повестти улуттук адабиятка кийирсе, “Ак кеме”, “Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт” повесттери аркылуу жомоктон – фольклордук мотивдерден азыктанышкан притчалык повесттерди жараткан. Жанрдык, мазмундук, формалык жактан дал ушундай жаңычылдыкты, өзгөрүүнү

баштаса, сюжет куруу, адамды сүрөттөө ыңгайынан жөнөкөй турмуштан алынып, глобалдык маселелерди козгогон чыгармалары жазып, көркөм чыгармалардын жаңыланып турушун шарттайт.

Изденүү түйшүгүндө, жаңы ыкмаларды табууну күч менен баштаган залкар жазуучу сапаттык жаңылануну башынан кечирип,Союз боюнча жаңычылдыкка умтулууну баштоо менен бирге советтик сүрөткерлерди изденүү түйшүктөрүн баштарынан өткөрүшүнө жол ачкан. Мына ушундай чыгармачылыгынын натыйжасында аркасынан эчен мыкты акын-жазуучуларды ээрчите алган.

Өзгөчө таланттуу жазуучунун бул аракети совет адабиятына, албетте кыргыз адабиятына өзгөчө жылдарды тартуулаган. Ч.Айтматов баштаган плеяданын катарына М.Байжиев, М.Гапаров, К.Жусубалиев, К.Акматов, О. Султанов, Т. Кожомбердиев ж.б.у.с жаш күчтөр кошулуп, поэзия жаатында да, проза жаатында да, драма жаатында да изденүү жүргөн. Булар адамдын эмгегин, кылган кызматын, кыймыл-аракетин сүрөттөп, адам мүнөзүн үстүртөдөн сүрөттөгөн салттуу көрүнүштөн качышып, дал ушул мезгилде “майрамдык адабиятты” жаратып жаткан “конфликтсиз теориясын” айланып өтүшүп, адамды сүрөттөөнүн жаңы ыкмаларын табууга умтулушкан. Адамга өзгөчө мамиле жасоо ыкмасын ыкташып, жан дүйнөнү көрсөтүү, лирикалуулукка ыктоо, психологизмдм багынтуу аракеттерин башташкандарынан улам улуттук адабиятты жанрдык да, формалык да жактан байышына жардамдашышкан.

Изденүүнүн мындай жаңы жолунун аркасында философиялык, психологиялык, социалдык-турмуштук чыгармаларды көбүрөөк жаратышып, чындыкты ар түрдүү деңгээлде көрсөтүү далалатын башташкан.Албетте, мындай жаңы нерселер, жаңы көрүнүштөр, жаңы ыкмалар талаш-тартыштарды чыгарып, карама-каршылыктарды жаратып, аны кабыл албагандардын да көп чыгышын шарттайт эмеспи. Ошондуктан ал убакта мындай сүрөткерлерди да, чыгармаларды да кабыл албагандар, түшүнбөгөндөр көп чыккан.

Кыргыз совет адабияты модернизм доору дал ушундайча 60-70-жылдары баштаган. Кийин модернизм доорунун өкүлдөрү деген атка конгон акын-жазуучулар жаңыча өнүгүүгө, изденүүгө бет алышып, улуттук адабиятынын чегинен чыгып, дүйнөлүк адабиятка аралашуу максатында жаңы реалисттик башталмаларга кадам ташташкан. Изденүүнүн аркасында ар кыл ыкмаларды билгичтик менен пайдаланган көркөм чыгармаларды жаратууга киришишкен.

Ошону менен чыгармачылыктагы бурулуш жылдар башталган десек болот, анткени буга чейинки “ыр селинин” капташы, талантсыз ырлардын, халтуранын көбөйүшү, жеңил-желпи ырлардын көп жазылышы сыяктуу кедергилерди жоюу аракети акырындап башталат да, поэтиканы жаңылоо жана байытуу жагына, формалык мүмкүнчүлүктөрдү туюнтуу каражаттарынын өнүгүшүнө, поэтикалык жаңы бийиктикке чыгуу аракети модернисттик башталманы баштап, изденүү процесси жүрө баштаган. Мына ушунун натыйжасында: өз мезгилинин социалдык жана руханий керектөөлөрүн чагылдыруу аракети, улуттук аң-сезимдин жана өзүн-өзү аңдоонун өсүшүнүн натыйжасында тарыхка кызыгуу, анын бүгүнкү күн жана жалпы адамзаттык маселелер менен байланыштыруу, жаңы ыр формалардын (ак ыр, верлибр ж.б.) орун алышы, стилдик изденүүлөрдүн (реалисттик, шарттуу-романтикалык, лирика-публицистикалык стилдер) пайда болушу, буга чейин идеологиянын таасиринен, талабынан улам жакшы өнүкпөй калган жанрлардын (мисалы, элегия жанры) өнүгүү жолуна түшүшү сыяктуу жаңычыл көрүнүштөр кыргыз поэзиясынын сүрөттөө мүмкүнчүлүктөрүн, эстетикалык табылгаларын кеңейтүүгө жол ачкан.

Бирок, жаңылыкка умтулуу түшүнбөөчүлүккө алып келген, маселен, бул жылдары поэзиядагы бейуйкаштыкты жерүү, кабыл албоо кандайдыр бир деңгээлде

орун алган, мисалы, Т. Үмөталиевдин “Рамистен башкасынын баары кайра өз короосуна кайтып келишти” деген К. Асаналиев менен болгон деген маегинде айтылгандай (2) уйкаштыкты ээрчүүнү колдоо, же болбосо жаны формаларды жерүү дагы эле болуп жаткан.

Изденүү, синтезге умтулуу Ж. Мамытов, Т. Кожомбердиев, О. Султанов сыяктуу алгылыктуу жышааналар болуп жатса да, А. Осмонов сыяктуу жоон топ арасынан суурулуп чыккан, поэтикалык башкы фигура көпкө чейин чыга алган эмес. Бирок жаңычылдык пафос аздап башталган, маселен, Сүйүнбай Эралиев 1964-жылы «Жылдыздарга саякат» аттуу көпчүлүк түшүнө бербеген, мазмундук жактан да, тематикалык жактан да, формалык жактан да, ыр түзүлүшү жагынан да башкача поэмасы жарык көрөт. Поэманы көпчүлүк кабыл ала беришпейт, буга биринчиден, анын мазмуну себеп болду окшойт, космос мейкиндигин өздөштүрүүдөгү философиялык маңыз түшүнбөчүлүккө алып келген. Экинчиден, ыр куроонун башкачалыгы көпчүлүктү чоочулаткан, поэма совет адабиятында жакшы кабылданып, орус тилине которулуп, жакшы сындар айтылып жатса да улуттук адабий чөйрөдө кабылданбай, социалисттик реализм методунун алдыңкы акыны А. Токомбаев адегенде «Декадентчилик жана анын кесепеттери» деген макала жазат, бирок С. Жигитовдун айтымында макала Сталиндик бийликтин саясий айыптоо мааанайында жазылгандыгына байланыштуу республикалык газеталарга чыгара албайт.

Мындан кийин КЖС жай айында поэма тууралуу жыйын өткөрүүгө жетишет, бирок талкууда да идеясы бузук чыгарма катары поэманы каралай албай калат. Мындан соң да жөн калбастан Кыргызстан КП БКга «Эралиевдин «Жылдыздарга саякат» поэмасына тиешелүү талаш-тартыштардын жана талкуулардын издерин териштирип» деген атта кат жазат. Катында поэманы Ч. Айтматов «эркин чыгармачылык» деген чуулгандуу теорияга таянып, «Правда» газетасына жарыялатканын, поэмага карата сын айткандардын добушун басып койгусу келип жатканын, чыгармага ленинчил принциптүүлүктүн негизинде баа бербей жаткандыгын, Токомбаевдин партиялык абийири мындай каталыкка жол бербестигин айтып, муну идеологиялык уюмдар, партиялык жетекчилик тыят деп ишенгендигин билдирген.

А. Токомбаевдин бул дооматы көркөм аң-сезим башынан өткөрө турган түбөлүктүү мыйзам-ченемди караманча тангандыгын далилдейт, же болбосо М. И. Стеблин-Каменскийдин пикири менен айтканда: “Ким көркөм чындыкты жаратса, ал чыгармачылык кабыл алууну, өздөштүрүүнү, так айтканда, болгон чындыкты болгондой берүү эмес экендигин түшүнөт” – деген теорияны кабыл албагандыгын далилдейт.

Идеолог акыныбыз адабиятка болгон мамиле өзгөрүп, нравалуулукка умтулуу болуп жаткан бул жылдарда социалисттик реализм методунун талаптарын толук аткарып жана башкалардан талап кылып, аткартып келген куру дооматын дагы деле болсо койгон эмес, бирок анын аракети канчалык күчтүү болбосун, Сталиндик тоталитаризм мезгили бүткөндүгүнө байланыштуу четке кагылган.

Дал ушул жылдары кыргыз прозасы жаңылоого умтулган, жогоруда атап кеткендей жазуучулардын жаш мууну делгентоптун ичиндеги Кубатбек Жусубалиев аттуу жаш жазуучу өзгөчөлөнгөн чыгармалары менен адабиятка аралашкан. Чыгармачылыкка жаныдан киришкен сүрөткер жалпы совет адабияты башынан өткөрүп жаткан “конфликтсиздик теориясындагы” чыгармаларды жаратып жаткан мезгилде адамды сүрөттөөнүн улуттук адабиятта жаңы нугун баштоону көздөп, улуттук адабиятка сүрөттөөнүн жаңыча багытын кийирүүгө умтулуу мененреалдуу турмуштун чындыгын чагылдырууга аракеттенген. Тагыраак айтканда, изденүүнүн кыргыз адабиятындагы жаңы жолун, жаңы тенденциясын ачуу аракетин көргөн.Анын

башка акын-жазуучулардан айырмаланып мындай изденүүсүнүн түбү Европа жана дүйнө адабиятынан үлгү алгандыгы, экзистенциалисттик багытты өздөштүргөндүгү себеп болгон.

К. Жусубалиев өнүккөн адабияттарды үйрөнүү аркылуу жана дүйнөлүк адабиятка таасирленүү, тууроо, өзүн-өзү талдоо ыкмаларын өздөштүрүп, «башкача», жаңыча стилде, өзгөчө ыкмада жазылган модернисттик агымдагы жазуучулардын чыгармаларын өздөштүрүүнүн натыйжасында модернисттик дүйнөтаанымды улуттук адабиятка кийирип, багыттын кыргыз адабиятында орун алышына жол ачты. Тагыраак айтканда, «Муздак дубалдар» романы менен модернисттик багытты кыргыз адабиятында баштап берди, романдын окуясы, автордун баяндоосу, колдонулган сүрөттөө каражаттары да кыргыз көркөм чыгармаларынан таптакыр башкача. Жазуучунун сүрөттөө ыкмасы «гармония жөнүндөгү ой-агымда» берилген, каарманды мүнөздөөдө аны «аң-сезимге келип-кетип турчу ойлордо» өнүктүрүп, дал ушул аркылуу адам мүнөзүн, адам психикасын ачып берүү максатын койгон.

Романда реалдуу чындык, персонаждар жаңы табылгалар менен сүрөттөлүп, башкы каармандын мүнөзү К. Жусубалиевге гана тиешелүү стилде ачылган. Маселен, башкы каарман Арыковдун образы менен адамдын ой-жүгүртүүсүнүн татаалдыгын ачып берүүгө жетишкен.

Жазуучу Арыковду «аң-сезимге келип-кетип турчу ойлордо» сүрөттөө менен адамдин психикасынын татаалдыгын, өзгөрмөлүүлүгүн ачып көрсөткөн. Арыков жумшак, өтүмсүз, элге, коомго аралашып кете албаган тартынчаак мүнөздөгү адам, модернисттик адабияттын теориялык окуусуна ылайык термин менен айтканда пассивдүү адам. Ал турмуштун кара жагын (өлүм-житим, жамандык, жоготуу, ишеничтен айрылуу) жакын кабыл алат да, жеке керт башынын кайгысын, трагедиясын аңдап келип, бул дүйнөнүн мааниси да, маңызы да жок деп сезет. Арыковдун мына ушундай сезим-ойлору аркылуу автор өмүр-өлүм философиясын койгон.

Модернисттик адабият жаңы табылгаларга, изденүүлөргө, жеке стилге ээ болууга жык эмеспи, К. Жусубалиев да жеке өзүнө гана тиешелүү стилди табууга аракеттенип, тилдик каражаттарды колдонууну, диалектизмди, айрыкча алай говорун өтө жыш колдонуу, грамматикалык эч бир эрежеге баш ийбей, өзү тапкан «стилде» жазууну колго алып, сүйлөмдөрдү өтө узун жазуу, бир канча абзацтарга чейин сүйлөм бүтпөй, узарып кете бериши, вульгардык, жаргон сөздөрдү кеңири колдонууну, пунктуациянын эрежесине баш ийбөө, тилдик эрежеге баш ийбөө сыяктуу ыкманы метод катары кабылдоосуна жана ага ылайык жазгандыгына байланыштуу романды түшүнбөөгө, кабыл албоого алып келген. Ансыз деле кыргыз адабиятында анча орун ала элек (60-80-жылдар) учурда кыргыз окурмандарынын көбү түшүнүп, аңдай элек модернисттик чыгарманы кабыл ала албай жатканда «Муздак дубалдарды» мындай стилде жазуу көпчүлүктүн кабыл албоосуна түрткөн.

Чындыгында, К. Жусубалиев бул романды жаратууга теориялык даярдыкта келип, интеллектуалдуу романды жаратууга жетишкен жана социалисттик реализм методуна баш ийбестен, метод кеңири жашап турган мезгилде (60-жылдар) ага карама-каршы маанайдагы чыгармаларды жазып, улуттук адабиятта жекече жолун баштаган. Ал гана эмес Ч. Айтматов сыяктуу өзүнчө жол менен кетүүгө умтулган, тагыраак айтканда, жаңы көз караштагы жаңы адабиятты баштаган. Албетте, бул адабий процессте кабыл алынган эмес. Анткени социалисттик реализм дүйнөлүк искусствонун көптөгөн багыттарын четке каккан. Модернизм багытынан тартып авангардизм ж.б.у.с. багыттардын баарын чоочун нерсе катары өгөйлөп, аларды таанылысы келген эмес. Ушул себептүү К. Жусубалиевдин романы, дегеле чыгармачылыгы «чоочун» сезилип кабыл алынган эмес.

Жаңыча ой жүгүртүү адамдын жеке аң сезимине, дүйнө түшүнүгүнө, ички маданиятына, руханий жан дүйнөсүнө, инсандык касиетине байланыштуу болот деп айтылгандай ар бир жазуучу билимине, улуттук адабияттын чегинен чыгып, дүйнөлүк адабиятты үйрөнгөндүгүнө байланыштуу новаторлукка умтулат эмеспи, мына ушуга жараша «60-лар» деген атка конгон жазуучулар «социалисттик реализм» багытынан алысташып, бул багытта жазууну четке кагышып, изденүүнүн жаңы этабын ушундайча башташкан.

Адабияттар:

1. Хрүүев Н. С. За тесную связь литературы и искусства с жизнью народа. – М., 1958.
2. Үмөталиев Т. Рамистен башкасынын баары кайра өз короосуна кайтып келишти (К. Асаналиев менен болгон маек) // Кыргызстан маданияты, 1975, 17-апрель.

30-40- ЖЫЛДАРДАГЫ МАССАЛЫК ПСИХОЗ ЖАНА АНЫН “МАНАС” ЭПОСУНА, ЖАЛПЫ ЭЛЕ КЫРГЫЗ ИНТЕЛЛЕКТУАЛДАРЫНЫН РУХИЙ АБАЛЫНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

Акматова Венера
ф.и.к.,доцент

Тоталитаризмдин кайгы-касыреттүү кесепеттери кыргыз көркөм ойлонуусунун өнүгүшүнө тескери таасирин тийгизүү менен эле чектелбестен, жалпы улуттун менталитетине терс сапаттардын сиңүүсүнө да алып келген. Советтик идеологиянын амбициясынан кыргыз илимий, маданий коомчулугу руханий жактан жапа чегип, моралдык-этикалык жүрүм-турумуна, көз караштарына доо кеткен. Аргасыздык жана советтик коньюнктурага карата конформисттик мамиле башка баалуулуктар тургай кылымдардан бери каны-жанына сиңип калган, улуттун ыйык символдорунун бири - улуу эпосун танганга чейин барууга аргасыз кылган.

«Манас» эпосу эле эмес жалпы кыргыз улутунун рухий өнүгүшүнө кайгылуу кесепети тийген бул эмне деген көрүнүш эле?!Массалык репрессиялоодо жеке бир адамдын күнөөлүү же күнөөлүү эместигин далилдөөнүн зарылчылыгы деле болгон эмес, бул саясий таасир этүүнү демонстрациялоонун куралы, методу, болгон. Тоталитаризмдин өзгөчөлүгү бул коомдо расмий эрежеге карама-каршы келген жүрүм-турум, аракет, башкача ой жүгүртүүгө катуу тыюу салынат. Ошол режимге макул болбогон, же аны менен келише албаган ар бир инсан курмандыкка айланышы мүмкүн.

Совет бийлигинин чыныгы жүзүн жашыруу максатында расмий советтик тарых репрессия 30-жылдардан башталган деп белгилейт. Бирок ал революциянын алгачкы жылдарынан эле башталып, жарандык согуш мезгилинде да, кийин да токтотулган эмес, сталиндик жеке адамга сыйынуу мезгилинде туу чокусуна жеткен. Массалык репрессиянын кыртышы мурда эле даярдалган. Совет мезгилинде массалык репрессияга СССР боюнча 62 млн адам туш болгон.

Идеологиялык жактан элдин аң сезимин бурмалоо, массалык психозду жаратуу жагынан «Правда» газетасы күрдөөлдүү иштеген. Анын бетине чыккан макалалар канча бир адамдын өмүрүн алып, тагдырын кыя чапкан. Ар бир макаладан кийин репрессиянын жаңы толкуну башталган. Террор улуттук республикаларда атайын даярдалганМосквадан жиберилген адамдар тарабынан алдын ала пландаштырылып

ишке ашырылган. Жергиликтүү элдин арасында адистешкен ушакчылар, жалаакорлор пайда болгон [1;334]. Жогорку партиялык органдардын көрсөтмөлөрүн «жетекчиликке алып, бири-биринин бетин ачуу процесси күчөгөн. «Булатов (Ысык-Көл РКсынын катчысы) Чалагыз Иманкуловду, Бейше Турусбаевди таап чыкса; Орозбаев (Сталин РК катчысы) У.Жалиловдун «бетин ачса»; Эсеналиев, -И.Тойчинов, К.Тыныстанов, З.Бектеновдун; Аильчинов –Чонбашевдин; Чоңбашев – Токбаевдин, Токомбаев – К.Тыныстанов, Баишев, Татыбеков, Кенесариевдин; Тойчинов – Токобаев, Чоңбашев, Саадаевдин ж.б. бетин ачышкан» (ЦГА ПД РК, ф 10, оп 1, д. 526) [2;212]. Жалган жалаа, көрө албастык, илимий компетентсиздикти чагылдырган дагы бир өкүнүчтүү көрүнүш, 1937-жылы 4-сентябрда Кыргыз тили жана жазуусу илим-изилдөө институтунун илимий кызматкерлери Тыныстанов жана Поливановдун кесиптештери НКВДга колдорун коюп, ачык-анонимдүү эмес, Кыргызстандагы улутчул кыймылдын жол баштоочуларынын бири, тыныстановчулуктун тамырын таап, түбү менен жоготуш керек, анын өзү жок болсо да, шакирттери калды, бул өтө коркунучтуу ж.б. мааниде кат жазышкан. Бул өтө жийиркеничтүү пасквилде Тыныстанов жана Поливановду бир жактуу каралоо орун алган. Бул кат дагы бир ирет трагедиялуу окуяларга мезгил эмес, адамдар күнөөлүү экендигин тастыктап турат. Андан да кейиштүүсү чындап эле «Тыныстановдун куйруктарын кыркуу» кыргыз адабиятында көпкө чейин созулуп, экинчи муундагы манастаануучулардын тагдырында да опурталдуу роль ойногондугу белгилүү.

30-жылдары «Манас» эпосунун тегерегинде иштегендердин бардыгы камакка алынган.Ошол мезгилдин адабий, илимий, анын үстүнө «Манас» эпосунун айланасындагы иш-чаралардын түздөн-түз катышуучусу белгилүү окумуштуу К.Карасаевдин «Ушунун бардыгы ынтымактын жоктугунан болгон. Бардыгы чоң улутка көшөкөрлөнүүдөн болгон. Ынтымак кеткен кезде, өз улутуң-өз улутуңдун колу менен жоголот» деген пикири ойлонууга түртпөй койбойт [3;471].

1937-38-жылдардагы массалык репрессия коомдун бардык катмарларын камтуу менен «антисоветтик элементтерге» каршы жүргүзүлгөн. СССР Жазуучулар союзунун биринчи сьездинин жетекчилигине шайланган 101 мүчөнүн ичинен 33ү, 597 делегаттын ичинен 180и «эл душманы» катары репрессияга кабылган. Коомду коркунуч, аны менен бирге апатия каптаган. И.Эренбургудун эскерүүсүндө ошол мезгилдеги адамдардын эртенки күнгө ишеними болгон эмес, бардыгы «күтүп» жашашкан [4;156]

Массалык репрессия БК ВКП(б) нын 1938-жыл, 17-ноябрдагы токтомунан кийин токтотулган. Анткени менен ушул учурдан тартып БКнын идеологиялык структуралары аркылуу адабиятка кубаттуу көзөмөлү башталат. Жаңы милдеттерге ылайык адабий процесске көзөмөл кылуунун механизмдери алмашып, адабиятчылардын бардык жүрүм-турумуна НКВД көзөмөлдүк жүргүзүп турган [5;127].

Эстетикалыкбаалуулуктардыналмашуусун, адабияттыннукурамиссиясыбоюнчатүшүнүктөрдүнкарама-каршылыгынкоомдук-тарыхыйкырдаалжараткан. Бирок ошол көркөм баалуулуктарды алып жүрүүчүлөр-жаратуучулар адабияттын тазалыгы үчүн күрөшүштү беле? К.Тыныстанов-А.Токомбаевдин ортосундагы айыгышкан карама-каршылыкты талдоо менен бул сурооого жооп табуу татаал. «Манас» эпосуна байланыштуу сюжеттин экөөнүн ортосундагы талаш-тартыштын обьектилеринин бирине айлануусу (А.Токомбаев тарабынан) айкаш конструктивдүү мүнөздө эмес, тилекке каршы жалаа жабуу, кандай болбосун атаандашын жеңип чыгууга негизделгени байкалып турат.

40-жылдардагы адабиятка, философияга, музыкага тиешелүү ждановдук токтомдун кара өзгөйлүгү, каардуулугу жөн жеринен чыга калган эмес, ал авторитардык-деспоттук режимдин бир көрүнүшү болуп,маданияттагы эки

жүздүүлүккө алып келген. Аңдалбаган социалдык жүрүм-турум эмес, ачык эле эки жүздүүлүк, кара өзгөйлүк, калпычылык же өзүн өзү алдоо көнүмүшкө айланган. Интеллигенциядагы эки жүздүүлүк адегенде аңдабастыктан келип чыкканы менен бара-бара жан дүйнөнүн дат басуусуна (коррозия)алып келген . Кийинки муундарга өтүп отурган аңдалбаган адеп-ахлактык эки жүздүүлүк, карама-каршылык ачык эле аморализмди, жан дүйнөнүн жакырдануусун жараткан. 30-40-жылдардагы жогорку маданияттын жана коомдук ой жүгүртүүнүн эки тараптуулугу,эки ачалуулугунун жыйынтыгы кыргыз элинин тарыхый эси үчүн өтө кесепеттүү болгон. Биринчи эле маданиятты жаратуучулардын адеп-ахлактык ден соолугу жабыркаган. Абдан катуу жабыркаган, анткени алардын арасынан коомдогу, бийлик чыгармачылыкка койгон талаптагы көркөм эки жүздүүлүктү, кызылдай калпты байкабай коө албагандар бар эле. Көркөм сүрөткерлер жана идеологдор эл менен болгон байланыштан алыстап, чындыкка карата эки жүздүү мамилеге өтүүлөрү керек эле. Ал эми бул жол бийликке кулдук уруп баш ийүүгө, жан талпастап ыкташууга, ылайыкташууга, улуттук баалуулуктарды танып кетүүгө алып келмек. Ошол мезгилдеги психологиялык атмосфера тууралуу белгилүү даанышман К.Карасаев мындай дейт: «Гезит бетине чыккан макалаларды окусаң «душмандарды түп-тамырынан бери соолтуп, жулуп салуу керек», -деген сүйлөмдөр өкүм сүрдү. Биринин бетин бири ачкан адамдарды сураба. 1938-жылы ЦКанын токтомунан кийин айрыкча кыргыз кызматкерлерин топ-тобу менен кырып салды» [6;413 – 414].«Мындай иштер түшкө кирет же жомокто болот го» деп кайгыруу менен эскерет.«Мамлекеттик идеология элдин түбүнө жетти. Салттын баарына түкүрдү. Ушакчынын, тоголок арыз жазгандардын күнү тууду. Бакан ооздордон эл жининдей кача турган болду» деп мезгилдин акыбалын баяндайт [7;415].

Бурмалоочулук, уят-сыйыты жок конформизмден улуу эпос да көп жылдар бою жабыркаган. «Манас» эпосун жыйноо, басып чыгаруу жана изилдөө иштерине түздөн-түз катышып, эпостун айланасындагы бардык процесстерди жакындан билген данакер күбө иретинде атактуу даанышмандын сөзүнө ынануудан башка бизде арга жок. «Манас» дастанындагы терминдерди бурмалоо чегинен чыгып кетти. «Чоң казат» деген термин – «Чоң чабуул» болуп калды. Мына ошонун кесепетинен «Манас» дастанынын байыркы замандан келе жаткан нугу бузулду. Манас баатыр Бээжинге ислам динин таратууга барбай эле, Кытай элин чаап ала турган баскынчыга айланып калды. «Манас» дастанынын мазмунун бузуп, «советский Манас» кылып салды. «Манас» эки жолу басылып чыкты. Чоң бурмалоого учурады» [8;428].

Ошол катаал мезгилдеги кыргыз саясий, илимий элитасынын акыбалына токтолуп, «эл башкаруучулары ичинен нааразы болгон менен, сыртынан кемунис партиясынын балтасын гана чаап калды. Бир ооз каршы айтууга батылы барбады. «Кыңдеген адамдын башы зиң» деп ыргый баштады. Сагымбай болсо, ичиндеги пикирин, жалпы элдин пикирин ачык айта баштады. «Манаска» байланыштырып, ичинде кара курттай кайнаган, көкөйүнө көк таштай тийген заарын ачык айтып салды. «Азыр түрк кор болдуң. Түркстанды бүткүл арийлер (орустар) ээлеп алды. Силер кошоматтан башка эч нерсе айта албай калдыңар. Араңардагы алалык түбүнөргө жетти. Кууракан абалга баратасыңар» деп кашкая жаздырып салды [9;441]. Бул айтылгандар улуу манасчынын инсандык жана чыгармачылык генийин терең ачып бере алат жана Сагымбай Орозбаковдун жеке өзүнүн жана анын вариантынын улуттун кызыкчылыгын көздөгөн акылмандыгын чагылдырып турат. «Сагымбай «Манаска» байланыштуу элдин тиричилигин даана жазган адам. Ал –ичиндеги сырын кагаз бетине түшүргөн баатыр. Кеңеш бийлигинин убагындагы зомбулукту эч ким жазып калтырган жок! Мына ошол үчүн Сакемди мен баатыр деп эсептеймин. Сакем 1926-жылга чейинки айдалган адамдарды гана көрдү. 1931-жылы колхоз курулушуна байланыштуу түрмөгү

менен камалганын көргөн жок. Андан кийинки нечен жолку камалууларды, атылууларды көргөн жок. Аларды көргөндө эмнелерди жазат эле ким билсин. Сагымбайдын «Манасын» революцияга каршы чыгарма деп, камап да койду. Аны бастырып чыгарам деп, мен эмнелерди гана көрбөдүм. «Сагымбайдын «Манасынын» ичиндеги Кеңеш өкмөтүн жамандаган жерлерин жазып бересиңер болбосо, мойнуңарды жулуп алабыз», -деп Батманов экөөбүзгө ГПУ, Кыргызстандын ЦКсы да эмнелерди көрсөтпөдү» [10;442]. Эпостун тагдыры менен тагдыры эриш-аркак атактуу окумуштуунун айткандарынан улам мезгилдин татаалдыгы, анын атактуу манасчыга тийгизген таасири тууралу чындык айтылат. Эгерде жогорудагы маалыматтарга таянсак, анда эпоско коюлган «айыптарды»туура экен деген ойго келебиз. Жогорудагы айтылган ойлор Сагымбай Орозбаковдун вариантын изилдөөдө башкача концепция зарыл экендигин кашкайта белгилеп турат.

Кылымдардан келе жаткан адеп-ахлактык салт бузулуп, большевизмге кызмат кылуу интеллигенцияны конформизмге барууга аргасыз кылып, деградацияга учураткан жана мурдагы баалуулуктарды сатып кетүүгө түрткөн. Акырындык менен улуттун алдынкы бөлүгү интеллектуалдуу кулга айланган. Совет номенклатурасынын адилетсиз саясаты улуттук өнүгүүнүн кубаттуу энергиясын, рухий-интеллектуалдык потенциалын моралдык да, физикалык да жактан жок кылган. Коомдо бул терс көрүнүштөр нормага айланып, абийир «өлгөн».

1949-жылы Василий Гроссмандын «Өмүр жана тагдыр» аттуу романын талкуулап жаткан учурда публицист А.Кравицкий СССРдеги адабияттын абалын төмөнкүчө баалаган: «Биздин өлкөдө адабият мамлекетке бириккен, муну мен анын бактысы деп эсептейм». Бул фразада айтылган ой адабияттагы 20-жылдардын орто ченинен тартып 80-жылдардын аягына чейин түзүлгөн кырдаалды ачык-айкын чагылдырып турат жана адабияттагы же жалпы эле рухий майдандагы кулчулук сезимдин канчалык кулач жайып, сиңип, орноп калгандыгын да чагылдырат.

30-40-жылдардагы ич ара айыгышуунун, жалган жалаа жабуунун жыйынтыгы трагедиялуу аяктагандыгы белгилүү.«Ичи тарлык, көрө албастык, тууганчылдык илгертеден бери кыргыздын канына сиңген. Ошол ылаң менен кээ бир кыргыз кызматкерлери ооруп келген, азыр да тымызын ооруй берет. Идеологиясы өзгөргөн менен психоидеология сакталып кала берет окшойт» [11;353].

Өткөн тарыхка кайрылуу андан жыйынтык чыгарып, өкүнүп жана тазаланууга алып барарына ишенели.

Адабияттар

1.Курманов З.К. Национальная интеллигенция 20-30 годов: Вклад в возрождение государственности кыргызского народа и борьбу с тоталитарно-авторитарным режимом – Б., 2005.- 334.

2.Жунушалиев Ж. Время созидания и трагедий. 20-30 - е годы XX века. –Б.:Илим, 2003.- С.212

3.Карасаев К. Хусеин наама: (баштан өткөндөр) -Б.: Кыргызстан, 2001.-Б.471

4.Эренбург И. Г. Люди, годы, жизнь –М.,1990. –Т.2. – С.156

5.История советской политической цензуры. Документы и комментарии. – М., РОССПЭН, 1997. –С.127.

6.Карасаев 413 – 414

7.Көрсөтүлгөн китеп, Б.415

8.Көрсөтүлгөн китеп, Б.428

9.Көрсөтүлгөн китеп, Б.441

10.Көрсөтүлгөн китеп, Б.442

11.Көрсөтүлгөн китеп, Б.353

М.БАЙЖИЕВДИН «ИЛГЕРИ ӨТКӨН ЗАМАНДА» ПОВЕСТИНДЕГИ АДАМ ЖАНА ТАБИЯТ ТЕМАСЫ

Сыдыков Насыр
Ж.Баласагын ат. КУУ, ф.и.к., доцент.

Жаратылыш жандуу бир бөлүкчөсү болгон жаныбарлар да көркөм чыгармаларда көркөм образ катары ачылган учурлар кездешет. Маселен, М.Ауэзовдун «Көк серек» повестин алып көрсөк, анын карышкырлык жашоосу сүрөттөлүп гана тим болбостон, ошол айбандык сезими менен дүйнөгө кантип карайт. Анын табияты кандай, ага кандай мамиле жасоо керек? деген сыяктуу суроолорго автор так жооп берген.

Ал эми Ч.Айтматов болсо, өз чыгармаларында адам менен атты, адам менен төөнү катар коюп сүрөттөп, типтүү, кайталангыс образдарды жаратты. «Гүлсарат» повестиндеги Гүлсары жана «Кылым карытар бир күн» романындагы Каранар жандуу көркөм образ катары эки чыгарманын өзөгүн ээлейт. Түпкү башаты элдик чыгармачылыкта кездешкен бул образдарды автор жаңы ыкма, жаңы сүрөттөөлөр аркылуу көркөмдүк деңгээли жогору турган чыгармаларды жаратты.

Мындай чыгармалардын катарына Кыргыз Республикасынын Эл жазуучусу, таланттуу прозаик, чебер драматург Мар Байжиевдин «Илгери өткөн заманда» повести кирет. Бул чыгарманын жаралышы, автордун фольклордук сюжетке кайрылышы тууралуу белгилүү адабиятчы, профессор А.Садыков мындайча белгилейт: «Чыгарма оңой менен жарала койгон жок, автор ага көп жылдык күч-аракетин сарп кылды. Алгач «Байыркы жомок» деген пьеса жазылды. Бул чыгарма жазуучунун өнөрканасына анык экзотикалык боекторду берип, жаңы бир жанрдык, стилистикалык мүмкүнчүлүктөрдү ачты. Ю.Рытхэунун «Когда уходят киты», «Тэрыки» аттуу өзгөчө жанрдагы прозалары автордун өзү тарабынан «учурдун уламышы» («современная легенда») деген атка конгон. М.Байжиевдин «Илгери өткөн заманда» повестин да «учурдун уламышы» деп атоого болот.

Кыргыз адабиятында фольклордук сюжетке кайрылуунун чоң салты болгон. Аны 70-жылдарда кайра жандандырып, бийик деңгээлге жеткирген Ч.Айтматов эле. М.Байжиевди мына ошол айтматовдук агымдын илебинде дешке негиз бар, анткени, ошол этаптарда улуу жазуучу элдик миф, легендаларды бүгүнкү күндүн талабында кайрадан иштеп чыгып, кээ бир чыгармаларында аны тигил же бул каармандын мүнөзүн ачуу үчүн ыкма катарында колдонсо, айрымдарында (мисалы, «Ак кеме») аны концепция катары пайдалангандыгын көрүүгө болот. М.Байжиевде «Кожожаш» эпосу менен «Карагул ботом» легендасы бирдикте анын «Илгери өткөн заманда» повестинин жаралышына негиз түзгөн, башкача айтканда, концепция катары өткөн. Ал эми Ч.Айтматовдун «Гүлсаратында» ошол эле аталган элдик материалдар ыкма иретинде көрсөтүлөт. М.Байжиевде буларсыз чыгарма өзүнүн азыркы турушундагы максаттуулугуна жана бүтүндүгүнө жетише алмак эмес. Демек, ал концептуалдык мааниде орун алган».[1]

Табиятка аяр мамиле кылбасаң, жазаланарың жөнүндө тээ байыркы элдик оозеки чыгармаларда эскерилип келген. Мунун ынанымдуу мисалы катары аңчылык доорундагы турмушту чагылдырган «Кожожаш» эпосунда эң сонун айтылган. Элдин мурдатан келе жаткан эрежелерин, мыйзамдарын, табиятка байланыштуу айтылган тыюу, эскертүү өңдүү акыл кептерин эске албай, жаратылыш макулуктарына ашыкча зыян келтирип, ач көздүгүнүн айынан, аскага камалып өлгөн мергенчинин образы аркылуу тарбия берүүчүлүктү жолго коюшкан да, жаратылышка аяр мамиле жасоо, аны

[1] Садыков А. Кыргыз залкарлары. IY том. –Б.: Бийиктик, 2008, 282-бет.

ашыкча бүлгүнгө учуратпоо концепциясын иштеп чыгышкан.

«Кожожаш» эпосу сыяктуу эле аңчылык доордо өткөн ошондой трагедиялуу тагдыр сүрөттөлгөн «Карагул ботом» дастаны эликтин чаарчыгы деп, эликтин терисинен жасалган тон кийген өзүнүн жалгыз баласын атып алган армандуу мергенчинин күйүттүү кошогун баяндайт. Бул да Кожожаш сыяктуу табият мыйзамына баш ийбегендиги үчүн кайберендин каргышына калган.

Эки эпостук чыгармадагы дал ушул трагедиялык кырдаал Мар Байжиевди «Илгери өткөн заманда» деген повестин жазууга чоң түрткү болгон. Эми чыгарманын сюжетине токтолуп көрөлү. Эки бийик тоонун ортосунда жыйырма чакты боз үй жайгашкан. Бул – мергендердин ак илбирс деген уруусунун конушу. Бул урууда Сайкал энеден улуу адам жок. Ал - көзү көрбөсө да, айткан сөзү орундуу, өзү жүздөн ашса да, эс-акылы жайында, мергендердин кеңеше турган акылманы ошол жердегилердин, бүт уруунун энеси. Ага чоңу да, кичинеси да акылдашат.

Ошол жерде жашаган Кожожаштын боз үйү башкалардыкынан айырмаланбайт. Болгону үйүнүн кире беришинде ак илбирстин башы кадалган. Бул – уруунун баатыры жашайт деген белги. Шыңга бойлуу, келбети келишкен Кожожаш сулуу, акылман аялы Зулайка менен жашайт. Алардын Карагул деген уулу бар, ал – он жашта.

Ал эми Кожожаштын атасы Карыпбай балбан мергендердин уруусунун жарым кылым башкарып келген адам болгон. Бир жолу Карыпбай батыр ууга чыгып, жаа тартканда оң колу титирейт, аткан огу кийикти бир аз гана жаралайт. Ошондо карылыгы жетип, колунун каруусу, көзүнүн курчу кеткенин түшүнгөн Карыпбай айылга келип, аксакалдарды чакырып, мындан ары уруу башчысы боло албагандыгын айтат. Ошондо жалпы эл жана мергендер Кожожашты уруунун башчылыгына көтөрүшөт. Ошол мезгилден тартып, мергендер өзүлөрүнүн турмуш тагдырын Кожожашка тапшырышат. Уруунун баардык окат-тиричилик маселелерин Кожожаш бүтүрөт, ал эми өлүм менен өмүргө байланышкан иштерди Сайкал эне баштаган аксакалдар кеңешип чечишет. Бир жылдары улуу тоодо бороон улуп, кар уруп, суук күчөйт. Агып жаткан суу тоңот. Кичинекей көлдүн үстүн муз каптайт. М.Байжиев жаратылыштын катал мезгилин сүрөттөө менен адамдын мүнөзүн ачууну көздөйт. Катаал мезгилде адамдын жан-дүйнөсү, анын ким экендиги көрүнөт. Анда эмесе, ошол көрүнүштү чогуу окуйлу:

«Улуу тоодо бороон улуп, тастайган аскалар кара ызгаардан чачырайт. Асман тиреген мөңгүлөрдөн кар тозоңу чаңызгып, кокту көздөй көчкүлөр күркүрөйт. Бир кезде жайылып, шашпай аккан өзөн эми көпкөк муз болуп былтыйып тоңуп жатат, алыскы зоокалардан боюн таштаган шаркыратмалар сенейип жалтырайт. Төмөнкү коктудагы чарадай чакан көл түбүнө дейре тоңгон. Ар кайсы жерден канаттуулардын өлүктөрү борошого басылып жатат. Ырбыйган ач карышкырлар үшүп өлгөн кайберендердин эттерине тиштери өтпөй жулмалап ырылдашат».[22]

М.Байжиевдин «Илгерки өткөн заманда» повести дал ушундай пейзаждык сүрөттөө менен башталат. Бул – кыргыз элинин илгерки турмушунун бир көрүнүшү. Ушул көрүнүш аркылуу Кожожаш жашаган доорду, андагы жашоонун кыйынчылыгын, адамдар мергенчилик аркылуу күн көргөндүгүн чагылдырган. Ушул көрүнүшкө удаа орто жашап калган Касендин боз үйүндөгү кырдаалды сүрөттөйт. Анын үйүндө от жагылганы менен кара казанда шылдыраган суудан башка эч нерсе жок. Ачкачылыктан шишип, тогуз жашар кызы Касенди кучактап жатат. «Эртең күн ачылса, бизге тамак табылар, кызым» деп кызынын башынан сылап соороток.

Ал эми Кожожаштын үйүндө бармактын башындай этти Зулайка кайнатып, үй-

[22] Байжиев М. Аңгемелер жана повесттер. –Б.: 2006, 210-бет. (Мындан ары үзүндүлөр ушул китептен алынат, бети гана көрсөтүлөт).

бүлөсү, кайната-кайненеси менен ичип отурган. Ошол маалда алардын үйүнө Сайкал эненин акылы кем алтымыштагы баласы Саяк кирип келет. Зулайка өзү жеген кичинекей эттин жарымын жана шорпо берсе, ал аны эшикти көздөй алып жөнөйт. Ал өзү ичпей, ыйлап жаткан кичинекей балага алып баргысы келет. Саяк үйгө жетерде, сыйгаланып кетип, сорпосу карга төгүлүп калат. Саяк ызалангандан ыйлап жиберет.

Касендин эшигинин алдында жаткан сары дөбөт, өзөн жакты карап улуп коет. Саяк башын көтөрүп, ошол жакты карады. Ошондо анын ыйы токтоп, күлүп жиберет. Өзөндүн аркы жээгинде жалгыз эчки туруптур. Саяк сүйүнгөнүнөн, кайра Кожожаштын үйүнө барып, жалгыз эчки тургандыгын кабарлайт. Кожожаш араң эле турса керек, жаасын камданып үйүнөн чыгат. Аны байкап калган эчки зооканы көздөй бет алат. Калган мергендер да чыгышып, орто жолдо калышты. Зооканы көздөй жөнөгөн эчкини жалгыз Кожожаш ээрчиди. Мерген жаасын бир нече ирет тартты, бирок капталдан соккон катуу шамал анын жебесин тетири кетирди. Кожожаш менен эчкинин аралыгы жакындай берди. Аскага жакын калганда Кожожаш жебесин тартканда, эчки тумшугу менен кар сүздү.

Төмөн жакта алардын артынан келатышкан Касен менен мерген жигиттер кубанганынан кыйкырып жиберишти. Арсылдаган иттер Кожожашты кууп өтүп, эчкиини кызыл аскага камашты. Айласы кеткен эчки, иттерден коркуп, адамдан жардам сурагандай жалдырады. Кожожаш кынынан шамшарын сууруп, төрт аяктап, карды кечип жогору жөнөдү.

Ошондо адам менен айбандын көздөрү бири-бирине тигиле карашты. Жарадар болгон эчки Кожожашка көкүрөгүнө жебе сайылган боюнда бар аялдай көрүндү. Эчкинин абалы оор эле. Кожожаш эптеп эчкиге жетип, иттерди кубалап, эчкинин далысындагы кадалган жебени сууруп алып, желининен алаканын тоссо, уучу толо сүт болду. Касен менен мергендер колго түшкөн олжону коө бергендиги үчүн Кожожашты жаман көздөрү менен карашты. Кожожаш аларга алаканындагы аппак сүттү көрсөттү.

«Көкө теңирге күнөөкөр болбойлу, Касен аба! Балким, жараткан биздин насибибизди сынап, Сур эчкини өзү жибергендир. Сабыр кылалы» деп, мергендерге эчкини атпаганынын себебин туура түшүндүрөт. Ал эми сур эчки – алардын Кайберен энеси, бардык жапайы айбанаттардын энеси, улуу тоонун, жер-суунун ээси. Ошондуктан, ал – ыйык жаныбар. Анын канын төгүп, каарына калган адам көкө теңирдин каргышына калат, укум-тукуму менен жер жүзүнөн жок болот деген сөз адамдардын аң-сезимине сиңип калган. Андыктан ал жаныбарга этиет мамиле жасоо – ошол аңчылык доорундагы адамдар үчүн мыйзамдуу көрүнүш. Сур эчки менен Кожожаштын алгачкы кездешүүсү – ага боорукерликти, аягандыкты алып келсе, ал экөөнүн акыркы кездешүүсүндө Кожожашта мындай сезим таптакыр жоголуп, карасанатайлыгы күчөп, жаныбарларга ашыкча зыян келтирет.

Чыгарманын аягында мергендер Сайкал эненин таш үйүнө жыйналышты. «Мундузбай күч жыйнап, куралданып, бизге кол салганы жатат. Бай менен тирешебиз десек, ар бирибизде мылтык болсун, ал үчүн биз аң терини, бугу мүйүзүн мол даярдашыбыз керек», - деди Кожожаш. Ушундан баштап, тынч жаткан ак илбирс айылына бүлүк түштү.

«Жайдын орто ченинде жер бетиндеги тирүү жандарды, өнүп-өскөн чөп-чарды жакыныраак көрөйүн дегенсип, алоолуу күн так төбөгө келип, балбылдаган көзүн чакчайтып туруп алды… Улуу тоого мындай ысык түшкөнүн жүз жыл жашаган Сайкал-эне да көргөн эмес. Кырдагы чөп саргайып күйүп кетти. Өзөн, булактар соолуп, түбүндө тизеге жетпес көлчүк калды. Токумдай булут, «шырп» эткен жел жок. Үп. Ысык. Тым-тырс» (252-бет).

Бул – пейзаждык сүрөттөө. Мындан күндүн катуу тийгени, айрыкча тоодо

мынчалык ысык болушу - чанда бир кездешүүчү көрүнүш. Жүзгө чыккан Сайкал-эне өзү жашаган өмүрүндө мындай ысыкты көргөн эмес. Демек, бул – алаамат болуучу көрүнүштүн алдын алган белгиси. Ушул көрүнүштөн кийин адам менен жаратылыштын ортосунда чоң кармаш, чоң алаамат, чоң трагедия жаткандыгын жазуучу көркөм сүрөттөөгө алган.

Күн куйкалаган ысыкта, ээн талаада мергендер сайгактарды биринин артынан бирин өлтүрүп жатышты. Мергендер сайгактын ысыктан чирий баштаган эттерин, өлгөн аттарды кумга көөмп, кагыраган талаага менен үйүнө көп кыйынчылыктар менен келишти.

Күн бардык тирүү жандыкты куйкалап, Улуу тоонун чокусундагы карды эритмейин, кургакчылык бүтпөчүдөй. Кожожаштын баласы Карагулдун топоз мамалагына мергендер келишип, «тирүү жандыкты курмандыкка чалып, жер-суунун ээси Сур эчкиге баабедин берип, кечирим сурабасак, жаан-чачын жаабайт» деп, мамалакты союшат. Ошондо жүз жашар Сайкал эне: «О, касиеттүү кайберен! Менин, балдарыма каарыңды төкпө, ар балаадан сакта! Казаныбызды какшытпай, суу бер. Жерди жарып, көк чыгар, желинди айрып, сүт чыгар!» (259-бет), - деп бата берет.

Мамалактын кызыл каны кагыраган кара жерге жайыла бергенде, улуу тоонун чокусунан түнөргөн кара булут көрүнүп, ылдый жыла баштады. Жерге акырындап, тамчы таамп, жаан күчөдү. Күн күркүрөдү. Чагылган «жарк» этти. Ошентип, табият кайрадан жанданды.

Эртеси, таңында айылдын балдары, анын ичинде Карагул да куушуп көлдү көздөй чуркашты. Алар көлгө жеткенде селейип туруп калышты. Соолуп калган көлгө суу толуп калыптыр. Ар тараптан бирден-экиден улактарын ээрчитип тоо эчкилер, бугулар, эликтер көлдүн суусунан дембе-дем жутушат. Эчкинин терисинен тигилген тонун аңтарасынан кийип, бору менен төмөн түштү. Кайберендер адам балдарынан чочушпады. Карагул сууну канганча ичип, улактар менен сүзүшүп ойноду. Бир кезде мергендер чогулушуп, кайберендерди атууну көздөштү. Ошол учурда үйүр эчки-текелер тоо ылдый көлгө түшүп келатыптыр. Кожожаш кайберендерди көргөндө, ышкысы ташкындаган көздөрү жайнай түштү.

Ошондо Сайкал-эненин «атпагыла» деген сөзүнө карабай, Кожожаш менен мергендер кайберендерди ата баштады. Бир заматта көлдүн тегерегиндеги мал-жан бүт кырылды. Бийик зоокага кысылып, Алабаш теке менен Сур эчки гана калды. Кырылган кайберендердин арасында Кожожаштын жалгыз уулу Карагул жансыз жатты. Муну көргөн мергендер үрпөйүшүп, Кожожаштан оолактап, биринин артынан бири кете башташты. Көлдүн жээгинде өлгөн кийиктердин арасында өлгөн баласын кучактап, Кожожаш жалгыз калды.

Ушул жерде М.Байжиев жүрөк титиреткен кырдаалды сүрөттөйт. Кожожаш башын көтөрдү. Көзүнө аялы көрүндү. Ал тонун аңтара кийген баланы жетелеп кете берди. Кээде Айке жараланган Сур эчки болуп көрүнсө, бир туруп кайра ал Айке болот.

Сур эчки өлгөн улактарын чакырып, ашуусу бийик тоо ашты, кумдуу чөлдөн өтүп, баткактуу саз кечти. Анын көлөкөсүндөй болуп, Кожожаш артынан калбады. Кийими тытылды, сакал-муруту өстү, бети-башы туурулду. Акыры, Сур эчки мергенди ээрчитип, аскалуу зоого чыкты. Сур эчки жардын кырына жетип, боюн ылдый таштады. Ал эми Кожожаш аскага илинип калды.

Повесттин аягында жазуучу «Карагул ботом» деген арман кошокту Сайкал-энеге айттырат:

«.. Эчки тон кайдан кийгиздим, ботом,
Элик деп атып тийгиздим, ботом.
Канатым сыздап кайрылды, ботом.

Жалгызыман айрылдым, ботом.
Өз колуман мерт болуп, ботом,
«Жарк» эткен шамым «жалп» этти, ботом.
Чырактай жайган, Карагул ботом,
Чыркырап калдым артында, ботом.
Карагул ай, ботом! Ой, жалгызым ай, ботом!..» (264-бет).

М.Байжиевдин «Илгери өткөн заманда» повестинде «Кожожаш» эпосу менен «Карагул ботом» дастаны органикалык түрдө бири-бирине сиңишип кеткен бир трагедияны экинчи трагедия коштоп, бир бүтүн организм катары жашоосун улантат. Бул трагедиянын артында чоң идея сыйдырылган. Азыркы заманда адам жаратылышка аяр мамиле жасап, жер-сууну коргобосо, жан-жаныбарды сактабаса, кыянат-кайымга учурап калышыбыз мүмкүн деген идея жаңырып турат. Демек, жазуучунун булл чыгармасы адам жана жаратылыш проблемасына кошкон чоң салым болуп эсептелет.

«КАЙРЫЛЫП КУШТАР КЕЛГЕНЧЕ» - ЭПОСКО ПРОЛОГ

Текешова Миргүл
КР УИА, илимий кызматкер

Улуу жазуучу, белгилүү ойчул Чыңгыз Айтматовдун бүтпөй, аягына чыкпай калган деп эсептелген «Кайрылып куштар келгенче»[1]аттуу чыгармасын алгач окуганымда алган таасирди сөз менен айтып жеткизүүм кыйын болду. Кыргыз кызы болуп туруп, ичимди эңшерген, көкүрөктү өрттөп, тамагымды бууган жашты сезип туюу албетте табыгый нерсе эле. Бабалардын тарыхын баяндаган , өтмүшүн, жашоосун таржымалдаган толук бүткөн калың китеп, романдарды окугам, бирок бул чыгарма таптакыр башка нерсе эле. Акылман жазуучунун бу чыгарманы жаратуудагы максаты «Өткөнүн билбегендин, келечеги күмөн», же болбосо, «Карынын сөзүн капка сал» жана башка толуп жаткан элдик казынадагы накыл кептерде жашап келе жаткан тарыхка, тамырга кеткен жолду издөө, аны таап гана тим болбостон андан сабак алуу, маани-маңызын аңдап түшүнүү сыяктуу идеяны сөздүн кудуретинде болгон мүнкүнчүлүктүн баарын колдонуу менен берүү болгонун байкабай коюу кыйын. Тарыхыбыз менен «рухубуздун туу чокусу» болгон «Манас» эпосунун эл турмушундагы маанисине, кыргыздын аң-сезими менен тарыхый эс-тутумундагы ордуна,рационалдуу ой жүгүртүүнүн алкагына сыйбаган,түшүндүрүүгө мүнкүн болбогон керемет күчүнө арбалган жазуучуэлиндеги «МАНАС» деген укмуштуудай бу кубулушту ошол өзү сезип туйган, улуу акылда калчап, тунук ойдун элегинен өткөзгөн өзүнүн бийик интеллектинин жана таза жазуучулук талантынын айкалышында жандандырып, жашатып, жаңыртып берген. «Манас» - чыныменен кыргыз турмушундагы түшүндүрүүгө жана чечмелөөгө, сактоого жана улантууга, ар дайым жандандырып турууга, козгоого жана өз боюбузда тирүү сактоого муктаж феномен. Муну албетте жазуучу жакшы түшүнгөн.

Эл башына түшкөн эң оор күндөрдө дем, күч берген ыйык эпос, кудуреттүү Сөздүн кунун билип, билгенин келечек урпакка «Кайрылып куштар келгенче»деп эскертип, эсиңе түйүп ал дегендин өзү баа жеткиз чоң иш. Чыгарманын аталышы да бир караган адамга байкала бербеген менен бир чоң маанини камтып турганы тегин жерден мындай аталбагандыгы улам илгерилеп иликтеген сайын түшүнүктүү боло баштайт. Элибизде «кой үстүнө торгой уялаган», «бакыт кушу конгон» деген мамыр-

жумур бакубат жашоону, бейпилчиликти билдирген түшүнүктөр бар. Дал ошол эл башына түшкөн кыйынчылыкты, каргашаны сүрөттөп отуруп жазуучу, бу журттун бак-дөөлөтү кайрылып келгенче, бакыт кушу тууруна келип конгончо деп «Кайрылып куштар келгенче» деген ат берген болуусу да ыктымал. Кан суудай агып, өлүк тоодой болгон өрөөнгө өргүү ала албай, айланып коно албай канаттары талыган куштардын да каймана мааниси ошол адамдар өздөрү өз бактыларын тууруна кондура албай, учуруп жиберип бири-бири менен согушуп, ал кылыктары менен табиятты да азапка салып, тең салмактуулукту бузуп жаткандыгын чагылдырып турат.

Ушу турушунда да чыгарма максатына жетип, идеясын эң бийик эстетикалык-көркөмдүк деңгээлде окурман аң-сезимине артып, жан дүйнөсүн алай-дүлөй түшүрүп турат. Чыргаманы окуган кыргыз болсун, же башка улуттун окурманы болсун «Манас» эпосуна болгон кызыгуусу артып, ага аяр жана сый-урмат менен өзгөчө мамиле күтө баштаары күмөн санатпайт. Ушунун өзү жазуучунун чыгармачылык жеңиши, сөзүнүн кудурет күчү, түбөлүктүүлүгү деп айтууга болот. Жазуучунун «Манас» эпосунун муундан-муунга туура түшүндүрүлүү менен жетүүсүнө, эпоско көз караштын «эски жомоктук» гана эмес терең жана улуттук маани алышында чоң салымы бар деп айтууга болот. Бул туурасында белгилүү айтматовтаануучу А. Акматалиев буларды билдирген:«Айтматов кыргыз элинин маданий туу чокусу «Манас» эпосун кайрадан бастырып чыгарууга активдү катышкан, аны чет элдерге да пропагандалап («Манас» жаралган жерденмин деген сөзүн, Канаданын энциклопедиясына «Манас» жөнүндө жазган пикирин ж.б. эстейли), эпостун которулушуна дайым кайрылат. Адабиятчылар, сынчылар да Айтматовдун чыгармаларынын түпкү булагы «Манас» эпосу менен байланышкандыгын белгилеп келе жатышат. «Мен эпос жөнүндө дайым ойлоном» — дейт жазуучу да. Мына ушулардын бардыгы анын «Манас» эпосуна кайрылган «Кайрылып куштар келгиче» деген чыгарманы жаратууга негиз болгон.»

Орус адабиятчылары жазуучунун бардык орусча жарык көргөн томдуктарына сөз болуп жаткан чыгарманы киргизишип аны бир сөз менен «притча» деп адабий аныктама беришкен. Притча - «Иносказательное повествование с нравоучительным выводом.»[3] Буга каршылык жок. Чыгарма мындай аталууга да толук татыктуу. Изилдөөчү А.Кадырманбетова бул чыгарманын эки тилдеги варианттарын салыштырып төмөндөгүнү билдирген:«Орусча вариант кыргызчасына салыштырмалуу бүткөн чыгарма катары жыйынтыктуу сапатка ээ болуп турат. Анда чыгармага негиз кылып алынган окуянын аяк-башы кайсы бир деңгээлде жыйынтыкталган.»[4]

Кыргызча вариантынан айрымаланган орусчасындажазуучу көбүрөөк согушка карата мамилесин, анын адам менен табиятка тийгизген терс таасирин чагылдырууга басым жасаган. Бирөө менен согушууну ойлоп да койбогон катардагы боз үй устасы Сеңирбай менен анын уулу Манасчы Койчуман, баардык өзгөчөлүктөрү менен бир кыргыз аялынын портретин элестеткен Кертолгоо-зайып сындуу каармандары менен тынчтыкты сүйгөн, табият менен адам жана Жараткан Теңир арасындагы гармониялуулукту сактаган тек гана баскынчыларга каршы согушта аларга ийилип, сынуусу мүмкүн болбогон Манас Рухун каршы коюп, бу Рух жашап турганда кыргыздар кандай гана азапка батпасын көкүрөктөрүндө эркин, азат кала берет деген ойду чагылдырган. Кертолгоо-зайыпка, Эне башатка басым жасалган.

Кыргызчасында көңүл көбүрөөк бабалардын тарыхына жана кыйын учурларда кыргыздардын урук-туугандык кылып бирин-бири колдоосуна, Сеңирбай менен Кушубак карыялардын сүйлөшүүлөрүнө маани берилген. Жазуучу айтмакчы болгон оюн да ушу эки каарманынын диалогунда берген. Аталардын орду, сөзү басымдуулук кылат.

Согушка кеткендерден кабар болбогон соң, ойроттордун кыргыздардан көп экендигин билген кээбир уруу аксакалдары согуштагыларды күтпөй, тууган жерди таштап, качып кетүүнү ойлоно баштайт. Ошолордун бири Кушубак карыя Сеңирбай менен акылдашканы келет. Ооруп жаткан Сеңирбай муну угуп дагы жаман болуп мындай дейт: «Маңдайга чийгенди чогуу көрөрбүз. Чилдей бытырап, ар ким бет алдынча кете берсек кандай болот. Элчилик, журтчулук ажырап, сапырылып кетер бекенбиз, изибиз өчүп кетер бекен, өзүң ойлонгун, Куке. …Бүгүн жеңилсек, эртең жеңип да кетербиз. Биздики кудайга да, пендеге да акыйкат иш. Бирөөнүн журтун басып жаткан жерибиз жок.»[5]Бу сүйлөшүүдөн ачык эле көрүнүп тургандай бөлүнбөй биримдикте бололу, «күч бирдикте» деген пикир айтылат. Чыгарманын аягында сыркоолоп жаткан Сеңирбайдын кичүү уулу Эламандын түшүн жоруй албай көз жумуусу жана «Эгер тагдыр тил алса, бир аз гана күтө туруп, бир аз гана мүнкүнчүлүк берсе» эмнелерди айтып берээри жазылат. Булбөлүктө жазуучу көр тириликтен алыстап, бу дүйнөдө түбөлүктүү калчу нерсенин жоктугунан «…өлбөгөн жан болбойт…» деп согушту да пендечиликтин бир кылыгы катары карап, эң маанилүүсү «…дүйнөгө из арттырып кетиш» дейт.

Түшүнүн бардык өзгөчөлүгү чоң манасчы болоорунан аян берген Эламан, «эл» жана «аман» деген сөздөрдүн биригүүсүнөн турган ысым келечектен, журттун бүтүндүгүнөн кабар берип, кудум «Манас» эпосу тулку боюнан түнөк тапкан өспүрүм бүтүндөй бир калктын келечегинин символу катары турмуштун али далай азабы менен тозогунда, жыргалы менен кууралындаМанас Атанын Руху берген күчкө таянып өмүр улай бермекчи деген көңүлдүн түпкүрүнөн сызып чыккан, билектей болгон тунук булак, таза ой тургандыгы, так ушул ойдун чыгарманы андан ары тармактантпай, агыны катуу, албууттанган дайра, «МАНАС» дайрасына нугун буруп койгону жазуучунун Улуулугун дагы бир ирет тастыктаптурат.Чыгарма тегин жерден аягында «Манастын» өзүндө:»[6] мындай делет деп барып эпоско кошулуп кетип жатпагандыр.

Эпостун улуулугун терең түшүнгөн кыраакы жазуучу, өткөн тарыхтын изине түшүп, анын көркөм сөздө кылымдардан бери өлбөй кызыл тилдин алдында кылдат сакталып келе жатканын баамдаган соң, эпостогу теңдеши жок кудурет күчкө, андагы каармандардын кайталангыс элеси менен сүрөтүнө карк болгон калктын, мунарыктап бараткан, «Манас» жөнүндөгү түшүнүктөрү түш болуп бара жаткан чакта эсине салып, бир тутантып, козгоп, жалындатып коюу үчүн жазганын мезгилдик алкактан алып карасак дароо аңдаарбыз. Ал эми бүгүнкү күндөн алып караганда «Манас» эпосу эмне үчүн керек? Эмнеге окуу, окутуу керек? Манасчылыкты улантуунун маани-маңызы эмнеде? Так ушу сындуу улам жаңырган муундун суроосуна жооп иретинде илимий эмгектер менен катар, жазуучунун «Кайрылып куштар келгенче» чыгармасы өзүнчө басылыш болуп, жарыяланып көпчүлүктүн колуна жеткендей болсо «Манас» эпосу үчүн анын кадыр-баркы үчүн чоң иш жасалган болор эле. Маселен, Түркияда «Чагылган үндүү Манасчы» деген ат менен аңгеме катары жарыяланганда «Манас» эпосуна, манасчыларга кызыгуунун арткандыгын изилдөөчүлөр белгилеп жүрүшөт.

Мындан кандай жыйынтык чыгарууга болот; сөз болуп жаткан чыгарма жогоруда да белгиленгендей «Манас» эпосунун жалынын өчүрбөй, жандуу тутууга керектүү, андан ажырагыс, коштоп жүрүүгө толук акылуу, эпостун кагаз бетиндеги «экинчи өмүрүнүн» бет ачар ачкычы, же эпоско пролог деп айтууга жана атоого татыктуу чыгарма.

Адабияттар:

1. Айтматов Ч. *Чыгармаларынын жыйнагы: 4-том. Роман, аңгемелер. /Түз. Абдылдажан Акматалиев.* – Б.: Бийиктик, 2008.б. 495.

2. Акматалиев А.Айтматовдук энциклопедия. / Жооптуу редакторлор. Т. Казиев, С. Султанидинов. Адабият жана искусство институту. — Бишкек: «Илим», 1993.—184 с. 18-бет.
3. Электрондук сөздүк. ABBYY Lingvo x3
4. Кадырмамбетова А. Адабий кырдаал жана көркөмдүк жаңылануулар. – Б., 2009. – 420 б. 97-бет.
5. Айтматов Ч. *Чыгармаларынын жыйнагы: 4-том. Роман, аңгемелер. /Түз. Абдылдажан Акматалиев.* – Б.: Бийиктик,2008, 501-бет.
6. Ошондо. 508-бет.

АККАН СУУ ТЕМАСЫ АДАБИЯТТА

Жаанбаева Калипа
улук окутуучу, ОГПИ

Аккан суу дегенде, дароо оюңа Жеңижок акындын ыр саптары келет:
Жер, ааламдын баарысын,
Багып жаткан аккан суу.
Адам менен Обону,
Багып чыккан аккан суу.
Ай, аккан суу, аккан суу,
Ай-ааламды баккан суу.
Сыр-Дайрадай кең жатып,
Сыр аякка баткан суу.

Аалам кубулушу, жаратылыш сырлары, табият көрүнүштөрүн таасын чагылдырган бул философиялуу дастан - «Жети күн, бир түн айтсаң да, түгөнбөй», Ч.Айтматов белгилегендей, «нөшөрлөтө төгүп ырдаган акындын керемет касиетинин» далили.

«Аккан суу» - Жеңижоктун аалам, табият, жаратылыш жөнүндөгү философиясынын жеткен чеги. Мында жылдын төрт мезгилиндеги табият кубулуштарынын маани-маңызы, адам жана аны курчап турган аалам сырлары чечмеленет.

Жер бетинде тиричилик улаган ар бир жандуу, жансыз нерселерге өмүр отун жаккан -аккан суу.«Зоодон сынбай бир жери, кулап түшкөн аккан суу, аяк башын кулатпай, улап түшкөн аккан суу» ай-ааламды багып, өмүрүн улайт.

Тоодон аккан жеринен,
Жаралганда тегинен,
Улук болгон аккан суу.
Тазалыгы жагынан,
Тунук болгон аккан суу.
Өмүр отун тутантып,

Жагып чыккан аккан сууну бүтүндөй тирүү жандыктын жашоо мүрөгү экендигин баяндаган бул поэтикалык кудурети күч чыгарма - улуттук асыл мурастардын классикалык үлгүсү.

Суунун касиети, кудурети, улуулулугуна табынган залкар жазуучубуз Ч.Айтматов адам баласын аруулукка жетелеген «Ак кемесинде» Баласын сулуулукка, табиятка ынак кылып жаратат. «Бала суу менен ынак. Суу боюнда жашап, жайында күн сайын сууга түшүп турат, ызаланганда көз жашын көрсөтпөшкө суу бойлой чуркайт. Эң эле

ыйык жаныбарын - маралдарын суу жээгинен көрөт, алар суу ичип турган,…Бала менен маралдардын ортосунда кашка суу турат, маралдардын үнү суу үстүнөн толкуйт, анын сөзүн эч ким укпаганда, ындыны суу сепкендей өчөт. Анан дагы Баланын эңсөөсү – сууга кирүү, бул дүйнөнү таштап, суу дүйнөгө кетүү, ошондо Бугу эне суу жээктеп Баланы ээрчип жүгүрөт, баланын атасы сууда, эңсеген идеалы Ак кемеси да сууда. Өмүрүнүн эң соңку ирмеминде да суу жээгине түшөт, сууга кирет, суу менен сүзүп кетет. Суу - аруу жашоонун, таза болуунун, өмүрдүн символу. Эл ичинде: «Түшүң дө сууга аксаң, өмүрүң суудай узун болот экен».

Азыр деле өзүбүз чарчаганда, кыжаалатчылыгыбыз ашынганда, суу бойлоп кетебиз. Жайында эс алууга Ысык-Көлгө жөнөйбүз. Суунун адамдын терс энергиясын алып, жан-дүйнөсүн тазалай турган касиети бар. (Дарыгерлер деле чарчап-чаалыгып, маанайың чөгүп, жаның жай таппай турганда бир чака сууну үстүңөн шар куюнганды сунушташат).

Ушул эле чыгармадагы «Бугу эне» жомогунда Майрык Чаар жезкемпир кыргыз тукумунан калган уул бала, кыз баланы «Арам ойго кире элек, арамдыкты биле элек маалыңарда, таза бойдон кеткиле» деп, жардан сууга түртүп жиберерде, Бугу эне сурап алып, жонуна мингизип, алып жүрүп отуруп, Ысык-Көлгө алып келет. Ыйык көлдүн жээгинде кыргыз тукуму уланат.

Ал эми «Деңиз бойлой жорткон Ала Дөбөтүндө» деңизде башталган өмүр бир күнү дең изде аяктарын сезип, ага кабатырланбаган, жаратылыштан сулуулукту, кайталангыс кооздукту көрө билген, билими болбосо да, тарыхый аң -сезими жогору Органдын образын жаратып, учурдагы илим-билимдүү «Орозкулдарга» үлгү катары каршы коет. Суу - ыйык, суу-улук. Суу жээгиндеги аң чыларын ачык дең изге узатып коюп, кайра тынчы кете дең из бойлой жүгүрүп, чакырып турган Ала-Дөбөттө жашоо суу өмүрүндөй улана бермекчи. Ал үчүн Органдай, Эмрайндай, «Кылым карытаар бир күндөгү» Эдигейдей Алтын мекре, Айым Балыктай ыйыктыктарга ишенип, аны издеген, эстетикалык, моралдык баалуулуктарды жүрөгүнүн терең инде жашата алган адамдардын саны арбын болушу зарыл.

Талдап отурсаң , Майрык Чаар жезкемпир Кассандраны эске салса, Мүйүздүү Бугу эненин трагедиясы - Аралдын, Байкалдын, Азовдун, Американын улуу көлдөрүнүн, Бразилиянын тропикалык токойлорунун трагедиялары. Мындай экологиялык кризистерди өлкөбүздүн ар бир регионунан табууга болот. Арстанбап сыяктуу жаң гак токойлорубуз убактылуу кыйынчылыктарга шылтоолонуп, кыркылып, таланып, кээси чет мамлекеттерге чейин сатылууда.Бир кездерде кыргызды тукум курут болуудан сактаган бугулардын мүйүздөрүн мүрзөлөргө орнотуу жетишкендик катары бааланса, учурда жаңгактын жыгачынан эмеректерди, сувенирлерди жасатууга умтулгандар көбөйдү.

Техногендүү цивилизация азыркыдай темпте жана көрүнүштө өнүгө берсе, 2050-2100-жылдардын чегинде экологиялык катастрофага учураарыбыз тууралуу божомолдор айтылууда. Планетанын дем алуучу органы делген тропикалык токойлордун космикалык ылдамдыкта кыркылып жок болуп баратканына кайдыгер карабашыбыз керек. Адамзатты, ааламды ядролук, экологиялык алааматтардан сактоо үчүн, акыл-эсти моралдык, нравалык, материалдык жактан өркүндөтүүбүз зарыл.«Ысык-Көл» форумунун (1986-жыл,13-16-октябрь) 1-жыйынында Ч.Айтматов маектешүү, талкууларга «Чыгармачылык аркылуу аман калуу» деген шарттуу теманы девиз кылууну сунуштаган. Ал: «Адам руху-чыгармачылыктын жыйынтыгы, жемиши. Тиричиликти улам демитип, кысып келе жаткан коркунучтун алдында тунук аң -сезим касташуунун жана жек көрүшүүнүн сокур инстинктинин үстүнөн артыкчылык кылат деп ишенип, акыл-эске таянуудабыз. Акыл-эстин өзүн-өзү чексиз өркүндөтүүгө, чексиз

эволюцияга жөндөмдүү болуп калгандыгы үчүн улуу тириликке таазим», - деп сүйлөгөн форумдагы кириш сөзүндө. Демек, биз ой жүгүртүүнүн жаң ы жолуна түшүшүбүз абзел.

Америкалык жазуучу Джеймс Болдуин: «Адам өзүн коопсуз сезиш үчүн, өз үйүнүн керегелерине дагы, ал түгүл бүтүндөй бир мамлекеттин чек аралары менен да бекинип отура албай калды. Жаң ыча ой деген – бул биз баарыбыз, биздин ар бирибиз өзүбүздүн кара башыбыз аман калышы жөнүндө эмес, бүткүл адамзаттын кантип аман калышы жана гүлдөшү жөнүндө ойлошубуз», - деген пикирин бөлүшкөн. 12 өлкөдөн келген дүйнөлүк интеллектуалдардын Ала-Арча капчыгайында башталып, касиеттүү көл жээгинде аяктаган бул жыйыны коом турмушундагы эң маанилүү окуя болуп калды.

2003-жылдын август айында көгүлтүр Ысык-Көлдүн жээгинде өткөн кыргыздардын бүткүл дүйнөлүк курултайы адаттан тыш гимн, же резолюция менен эмес, тереңдетилген экологиялык көркөм текст менен жыйынтыкталган. Мамлекет жетекчилери Айтматовдон бата берип коюусун өтүнүшкөндө, улуттук маданиятыбыздын патриархы элибиздин тоолорго, сууларга, Ысык-Көлгө болгон сүйүүсүн, сый-урматын айкындаган, атайын курултай үчүн даярдалган ыр саптарын үн чыгара окуп, ал эми курултайдын катышуучулары аны дубадай үн чыгара кайталашкан. Ала-Тоого табынуу жөнүндө айтып келип:

Ысык-Көлдүн тунуктугу асмандан,
Ысык-Көлдүн тереңдиги ааламдан,
Ысык-Көлдүн кенендиги теңирден,
Ысык-Көлдүн касиети кудайдан.
Толкундай бер, Ысык-Көл,
Тоо арасын жайкалта бер , Ысык-Көл,
Түбөлүктүн күзгүсү сен - Ысык-Көл.
Ак батамды кабылдагын, Ысык-Көл,
Жакшылыкта, тазалыкта, тынчтыкта,
Чайпала бер, толкундай бер, Ысык-Көл!
Табынабыз, Ысык-Көлгө табынабыз,
Сыйынабыз, Ысык-Көлгө сыйынабыз, - деген сөздөр менен жыйынтыктаган. Мындай тарбияны, түшүнүктү, көз-карашты дилине сиңирген адам табиятка, сууга таш боор мамиле кыла албайт. «Агын сууда арам жок» деген көөнө түшүнүк өзүнүн нукура маанисинде калыш үчүн, «Таза болсо, суудай болгон», ыйманы таза, жан-дүйнөсү аруу адамдар көп болуш керек.

Жеңижок акыныбыздын асыл ойлорун терең дете түшүндүргөн саптар Тоголок Молдонун «Жер жана анын балдарында» кезигет:

Жан бүткөндүн баарына,
Насип болгон аккан суу,
Жардам берип баарына,
Азык болгон аккан суу.
Түк токтобой ырыскы, Берип турат аккан суу.

Мезгил көрсөткөндөй, эгер сууга суудай таза мамиле кылбасак, «түк токтобой келип турчу ырыскыбыз» да өксүп – кемип каларын байкап жатабыз. Арал деңизинин соолушу, Кыргызстаныбыздын бермети Ысык-Көлүбүздүн суусунун курамында зааранын процентинин жогорулугу, жыл сайын жээктеринин тартылып баратышы, жаныбыздагы эле Ак Бууранын абалы кооптондурбай койбойт. Таштандыларды төгүп, унааларды, ит-мышыгыбыздан бери сууга алып барып жууп, таза пайдаланбагандын азабынан, учурда шаарыбызда эпидемиялык жугуштуу оорулар көбөйүп, ич келте,

сарык оорулары тынчыбызды алууда.

Буруп алсак, оюбузга көнүп, сугарсак, жайкалып эгинибиз өнүп турган, суусасак, жагымдуу, балдан таттуу аккан суубуз бүгүн жалпыбыздын камкордугубузга муктаж.

Жок дегенде, бир күнгө ,
Келбей койсоң таарынып,
Кесирленип жүргөндөр,
Чуркайт эле ак уруп.
Бирок, сен андай эмессиң ,
Чалкып жаткан кененсиң ,
Керектеген жандуунун,

Кызматына беленсиң, - деген саптардын маани - маң ызын аң дап, асылдыктарга ак пейил менен, астейдил, аяр, сарамжал мамиле кылууга, табият улуулугунан үлгү алууга милдеттүүбүз. Өзүндөй кең пейил, тегиз, тунук, таза, камкор болбосок, суу каарданса, «жердин жүзүн термелтип, күң гөйдөгү таш агып, байлап койгон сал агып, көпүрөлөр дагы агып, кечип кирген мал агып, байкабаган жан агып», заматта алаамат болуп кеткенине дагы күбө болуп жүрөбүз.

Адамзат пендеси, Аккан сууну булгаба,
Суу сыйлаган зор болоор,
Суу кордогон кор болоор.
Акыл менен ойлоп ал,
Айткан жокмун тим гана, - деген эскертүү тегин жерден айтылбаган.

Жаңылмачта: Суу боюнда дарак өсөт, суусуз калса, араң өсөт, сууну дайым карап өсөт, сулуу чачын тарап өсөт, - делет. Жайкалып өскөн дарак, чайпалган суубуз биздин сергек жашообузга дем берип, өмүрүбүзгө мүрөк болуп берсин. Ичээр суубуз түгөнбөй, өмүрүбүз аккан суудай узун болсун. Өмүр-дайра, убакыт бер кечкенге!

Адабияттар:

1. А.Муратов Чыңгыз Айтматов-жазуучу этнопедагог, - Бишкек, «Айат», 2006, 32-33, 163-беттер.

2. П.Дүйшөнбаев, М.Дүйшөнбаев, Чыңгыз Айтматовдун экологиялык этикасы, - Бишкек, «Шам», 2005, 133-136-беттер.

3. А.Турдугулов, Кыргыз классикасы, Бишкек, «Шам», 2005, 189-193-беттер.

4. Тоголок Молдо. Жер жана анын балдары, - Фрунзе, «Адабият»,1990, 20-21-беттер.

5. Мурас, - Фрунзе, «Кыргызстан»,1990, 268-278-беттер.

ОТКО СЫЙЫНУУЧУЛАРДАГЫ ОКШОШТУКТАР

Койлубаев Келдибек
ф.и.к., К.Тыныстанов атындагы ЫМУ

Байыркы перстердин дининин бир нече аталышы бар: маздаизм (эң негизги башкы кудайдын абдан көөнө аталышы), авестизм (ыйык китеп боюнча аталышы), зороастризм (аны негиздөөчү пайгамбардын ысмы боюнча аталышы), отко сыйынуучулук (диний салттарга мүнөздүү болгон өзгөчөлүктөргө байланыштуу аталышы), парсаизм, фарсизм (азыркы кезде Индияда жашап ушул динге сыйынгандар). Айрым учурда Иранда бул ишенимдегилерди гебралар деп да коюшат. Ошондой эле бул диндин бир агымы Башкы Митра кудайынын атынан митраизм деп да жүрүшөт.

Бул дин алгачкы үлгүсүндө дээрлик сакталбаганы менен, адам баласынын жашоосундагы ролу аз эмес. Зороастризмди азыркы учурда дүйнөлүк диндерге кошуу кыйын, анткени ал христиан же ислам өңдүү кеңири аймакка таралган эмес. Ошол эле учурда бир улутка гана тиешелүү дин деп да айта албайбыз, анын себеби зороастризм эзелтен эле Орто Азияга, Иранга, Афганистанга жана жакынкы, ортонку чыгыш өлкөлөрүнө кеңири таркалганы менен түшүндүрүлөт. Алар тили боюнча индоевропалык топко кирсе, чыгыш теги, туугандык жагынан тарыхта аты белгилүү скифтерге кошулары белгилүү.

Авеста (билим) - байыркы перстердин дин багытындагы эң эзелки жана негизги булагы болуп эсептелет. Ал - алгач оозеки түрүндө өнүгүп, б.з.ч. 1-миң жылдыктын ортосунда жазууга түшкөн ыйык текстердин өтө зор жана татаал жыйнагы. Мындай көчүрмөнүн бири Оксфорддо сакталып тургандыгы айтылат.

Европалыктарга Авестанын көчүрмөсү 17-кылымда белгилүү болуп көпкө чейин окууга мүмкүнчүлүк болбогон. Дюперон аттуу француз изилдөөчүсү Индиядагы бул динди тутунгандарга барып бир нече жылдык эмгектин натыйжасында Авестаны окуу жана которуу ачкычын табат. Мына ошондон тартып анын тексти европалыктарга белгилүү. Авестаны өздөштүрүү жана которуу ишинде ири орус чыгыш таануучулары Б.А.Тураев, В.В.Струве жана башкалар иштешкен.

Авеста төмөндөгүдөй бөлүмдөрдөн турат: Гаты (ырын ырдоо), Ясна (диний ырым-жырымдар китеби), Яшта (гиминдер китеби), Вендидад (жин-шайтандарга каршы кодекс), Висперед (жандыктардын эң жогоркусу тууралуу китеп), Нийайишн (дуба, сыйынуу), Гах (дуба, сыйынуу), Хорд (күнүмдүк чокунуулар), Хадохт Наск (катар же жазуулар китеби), Аокмаэга (биз кабылдайбыз), Нирангистан (диний ырым-жырым эрежелери). Авеста индоевропалык топтогу жок болуп кеткен авеста тилинде жазылган. Авеста тилин зороастрийлер жаратканга ибадат кылууда колдонушат. Отко сыйынуучулардын төмөндөгүдөй дагы башка бир канча чыгармалары 9-кылымда пехлеви тилинде түзүлгөн. Зенд (Авестанын түшүндүрмөсү), Бундакишин (биринчи жаралуу.), Денкарт (Ишеним иштери), Кечил Затспраманын жыйнагы, Шканд-Гуманик Вичар (Бардык шектенүүлөрдү толук жок кылуу), Намак (Китеп) ж.б.

Тарыхтын «мифологиялык доорундагы» ыйык жазмалардын көпчүлүгү сыяктуу эле Авеста дагы энциклопедиялык мүнөздө болгон жана көөнө перстердин дүйнө таанымы туурасында толук маалымат бере алган. Анын эң байыркы бөлүгү болгон Ясна көптөгөн кудайлар – гаттарга арналган сыйынуулардан, гимндерден турат. Чыгыш изилдөөчүлөр тил жана мазмун жагынан алганда байыркы арийлердин Вед тексттерине окшоп кетерин белгилешип, бул өтө олуттуу байкоо экендигин айтып келишет. Анткени мындан авеста жана ведда диндеринин чыгыш теги бир болгон деген дагы жыйынтыкка келүүгө болот экен.

Бизге жеткен маалыматтарга таянсак Авеста 21 китептен турган, бирок бизге

анын үзүндүлөрү гана жетти. Байыркы перстердин динин негиздөөчү пайгамбары Заратуштранын тарыхын баяндоочу Авестанын акыркы бөлүгү – Бувдегеш деп аталат. Анда Авеста текстеринин автору деп берилет. Бул жазмалар пехлеви диалектисинде жаралган жана орто кылымдагы иран жана тажик классикалык адабиятына эпикалык поэмалардын элементи Авеста катары кирген. Кийинки перс тилинде комментарийленген варианты Зенд Авеста (Зенд байыркы баян) деп аталат. Анын кыскартылган түрү, же болбосо Кичи Авеста сыйынуу эрежелеринин жыйнагы катары байыркы египет жана тажик элдерине кеңири тараган. Авесталык баяндардын айрым издери грек, латын, араб, эски армян булактарында да сакталып калган.

Авеста динин сыйынуучу кудайлары өтө эле көп, андыктан зороастризмди типтүү мифологиялык көп кудайлуулукка ишенүүчү дин деп эсептөөгө болот. Кудайлардын бардык падышачылыктары бири-бирине карама-каршы турган тең эки топко бөлүнөт: ак көңүл жаратман жана каардуу арам, кыйраткыч, бүлдүргүч кудайлар. Ак көңүл жарык нурду элестеткен кудайлар агура(ахура), ал эми каардуу жана караңгылыкты элестеткен кудайлар «терс күчтөр – жин-шайтандар» деп аталган. Боорукер кайрымдуу кудайлардын башында Ахура Мазда (пехлевий тилинде Ормазд, байыркы грек маалыматтарында Ормузд) турат. Сөзмө-сөз которгондо терең акылдуу кудай дегенди билдирет.

Башка элдердин байыркы мифологияларда башкы кудайлар күркүрөгөн жоокерлер болушат эмеспи (Зевс, Индра, Перун), ал эми байыркы персиялыктарга мындай мүнөз тиешелүү эмес. Көпчүлүк учурда Ахура Мазда дили менен берилген жан, сыйынуучу, акыл эстин башаты катары берилет. Айрым учурларда ал күндүн шооласын символдоштурган куш канаттуу кадимки адам кейпиндеги падышадай сүрөттөлөт. Бирок башка кудайлар сыяктуу эле Ахура Мазданын иконографиясы сакталган эмес. Бул кудайга бирге эриш-аркак болуп ааламдын тартиби жана сулуулугу үчүн ахуралар (агуралар) – асмандагы жандоочулары күрөшүшөт. Алар жетөө болгон жана түздөн-түз абстракттык башталыштарды (ой, адилеттик, эркиндик, момундукту, сонундукту, ден соолук, түбөлүктүүлүк) элестетет. Бул изилдөөчүлөр үчүн дагы табышмак. Мифологиялык диндерде адатта кудайлар жаратылыш күчтөрү менен байланыштуу болушуп, асман, жер ж.б. элестетишкен. (бул кудайларда материалдык дүйнө менен байланыштуу айрым бир белгилери болсо дагы өздөрүнүн функциялары боюнча белгилүү ведда кудайлары – Агню, Ушас ж.б. элестетет.)

Ахура Мазданын иш аракеттеринин бардыгы асыл жана пайдалуу болсо (жер иштетүү, үй жаныбарлары, суу, от, ден соолук, күн нуру жарык ж.б.), анын карама-каршысындагы Ангра-Маиньюда баардыгы карангы жана таза эместиктер (күнөөлөр, өлүм, карылык оорусу, сойлоп жүрүүчүлөр, көз боечу, сыйкыр, жырткычтар, чөл).

Ангра-Майнью – каардын, жалганчылыктын, ыпластыктын эле так өзү. Ал өз ишмердүүлүгүн жиндер аркылуу жүргүзүп, бүтүн дүйнөнү экиге кайрымдуу жана каардуу деп бөлөт. Бул кудайдын образы орто кылымда европалыктарга байыркы грек булактары аркылуу бекер жерден каардуу сыйкырчы Аримандын кейпинде кирбесе керек. Байыркы перстердин дининде жин-шайтандардын ортодоксалдык белгилүү бир көрүнүшү, чагылдырылышы болгон эмес. Кийинки окууларда алар денесиз болгон деп эсептешет. Перстер каардуу күчтөр түндүктө (анткени ал жактан муздактык жана карангылык келет)жашашат деп эсептешкен. Ангра-Майнью элдерге 9999 ооруну жиберген. Ал эми аларды дарылоо каардуу күчтөрдү бакшылар аркылуу кубалоо катары кабыл алынган. Ошондой эле Ангра-Майнью (Ариман) элге өлүмдү да жиберген. Негизи эле зороастризм боюнча өлүм - бул каардуу күчтөрдүн жеңиши. Өлгөн адам канчалык такыбаа киши болсо ошончолук чоң жеңиш. Бул перстердин дининдеги сөөк коюу ырымындагы өтө маанилүү өзгөчөлүк. Жин-шайтандар элге

көбүнчө көз будамайлаган түр менен жакшылыкка жамандык кылуу менен келишет. Алардын аялдары өзгөчө амалкөй, арамза, эки жүздүү болушат. Ангра-Майньюну бүтүндөй бир сыйкырчылардын, көз боочулардын, жез кемпирлердин, феялардын тобу коштоп жүрөт. Алардын саны жашоосунда күнөөгө батып, андан өлгөндөн кийин да арыла албагандын эсебинен көбөйөт. Анткени алар терс күчтөгү арбактарга айланат.

Кудайлардын мындай кайрымдуу жана каардуу деп так бөлүнүшү зороастризмди типтүү дуалдык дин атоого мүмкүндүк берет. Дуализм - бири-бири менен келишпес, карама-каршы ажырымдагы башталыштар. Каардуу жана кайрымдуу күчтөр дайыма кармашып турушат. Акырында Ахура-Мазда Ангра-Майнью менен болгон айыгышкан күрөштө аны багынтып, жер жүзүнө акыйкаттыкты, жакшылыкты орнотот. Мына байыркы перстердин ишеними. Зороастризмге негиз болгон мындай кырдаалдар бул динге башкалардан бөтөнчөлөнгөн жүрүм-турум эрежелерин киргизген. Эл эки кудайдын күрөшүнө ортоктош болушат, бирок алар кайсы тарабында болууну өздөрү тандашат. Адам жан дүйнөсү, жүрөгү – жакшылык менен жамандыктын согушкан талаасындай. Ахура-Мазданын ишенимин сактоо үчүн адамдар баардык ыпластыктардан: өлүм, өлүк, кан, кир, таштанды ж.б. ушул нерселерге байланыштуулардан алыс болушу керек. Байыркы перстердин дининде чынчылдык, келишимди бузбоо, акыйкаттыкты сактоо катуу тапшырылган осуяттардан.

Мыйзам эрежелерди бузган адам күнөөгө батат. Айрым күнөөлөрдү таяк менен сабап арылтса болот. Ошол эле учурда бул дүйнөдө да, тигил дүйнөдө да кечирилгис күнөөлөр да бар (Сөөктү өртөө, тарп менен тамактануу, ж.б.). Перстер мындай адеп-ахлактуу эрежелерин өздөрүнүн согуш иштериндеги алдамчылык, арамзаалык, эки жүздүүлүк ж.б. иштер менен айкалыштырышып душмандарын жеңишкен. Байыртан дайыма болуп келген мындай этика эрежелери бардык элдерге бирдей таралбастан, Ахура-Маздага ишенген уруулаштарда гана болгон. Перстер өзүлөрүнөн башкаларды эл катары да санашпагандай. Аны убагында абдан өнүккөн байыркы перс медицинасынан мисал тартуу менен да далилдөөгө болот. Башка уруулар же башка ишенимдегилер ээн эркин эле «тажрыйба кылынган келемиштердей» болушкан. Эгер өз уруусундагы оорулуга дарыгер керт башы менен жооп берсе, башкаларга эч кандай жоопкерчилик алган эмес. Ар бир жаңы дарылоо Маздага ишенбегендерге эки жолудан сыноодон өткөрүлүүгө тийиш болгон. Дин акылга, турмуш-шартка негизделип, эч кандай эстетика жана лирика менен айкалышпайт. Дин менен мыйзам перстер үчүн бирдей, окшош, синоним болгон десек болот.

Зороастризм окуусундагы эң негизги белги адамдын бул жана тигил дүйнөдөгү тагдыры анын Ахура-Маздага болгон жеке ишенимине байланыштуу болгондугунда. Бул дагы байыркы диндерге эч кандай кездешпеген нерсе, адамдын динге болгон ишеними анын тагдырын эч кандай аныктабайт. Дин изилдөөчүлөрдүн бир канчасынын пикиринде зороастризм бул багытта азыркы дүйнөлүк диндерге жакындашат.

Кийинки Авестадагы кайрымдуу, ак көңүл кудайлардын ичинен Митра көрүнө баштайт. Бул кудай байыркы арийлерде кездешет. Митранын миң кулагы, көзү бар, андыктан баардыгы адилеттик жана чынчылдык менен иш алып барып жаткандыгын көз албай карап турат.

Митра жарык берүүчү, адеп-ахлактын кепили, жарык менен күндүн так өзүн чагылдырат. Ошондой эле ал коркунучтуу мифтик буканы жеңген баатыр жоокер. Эпосто аны менен Анахита – суунун жана түшүм берүүнүн (Баба Дыйкан), суу агымдарын жана дарыялардын көбүктөнүүсүн талап кылуучу, кененчиликти алып келүүчү кудай түгөй болуп коштоп жүрөт. Көптөгөн изилдөөчүлөрдүн ою боюнча Анахитага сыйынуу семит урууларынан (Түндүк Африкада жана Жакынкы Азияда жашаган жана жашоочу элдердин тобу, мис. арабдар, еврейлер, абиссиниялыктар ж.б.)

келип кирген. Байыркы дүйнөдө Митрага сыйынуу кеңири таркалган. Митраны сактап калуучу кудай катары да кароого болот. Анын күнү катары 25-декабрь (күндү жайга бурулган учуру) белгиленген жана бул күн Митранын туулган күнү катарында майрамдалган. (христиандардын Рождествосу менен салыштырып көрөлү) Абдан белгилүү бул кудайдын көптөгөн элеси байыркы чыгыштык жана антикалык сүрөттөрдө, монеталарда, статуэткаларда сакталып калган. Ал көпчүлүк учурда арстан баштуу адам катары чагылдырылган. Сүрөтчүлөрдүн сүйгөн сюжети – Митранын буканы өлтүрүп жатканы болгон. Дүйнөнүн түзүлүшү жана пайда болушу Авестада бүдөмүк берилген. Баардык жаралганды жараткан күч катары адатта Ахура-Мазданы айтышат, бирок бул диндин логикасына таянсак ал кайрымдуулуктун, жакшылыктын падышачылыгынына тиешелүү нерселерди гана жараткан деп айтууга болот.

Ак же кара күчтөрдү тандоодо эркиндиги барларлар негизинен Ахура Мазда тарабынан жаратылган. Бул кудай канчалык кубаттуу болгонуна карабастан чектөөлөр бар. Ал өз ээлигиндеги бийликти Ангра-Майнью менен бөлүшүүгө аргасыз. Терс күчтөр же шайтандын үстүнөн болгон акыркы жеңиш элдердин жана башка келечекте келе турган «аруу күчтөрдүн» катышуусу менен ишке ашат.

Авесталык айрым бир баяндарда акыр заман болгондо каардуу сурак жүрөт. Ошондо кандайдыр бир Саошиант (сөзмө-сөз - куткаруучу) пайда болот, балким бул жаңы ишке ашыруучу же Зартуштранын дэвадан төрөлгөн баласы болушу мүмкүн. Саошиант Ахура-Маздга Ангра-Майньюну талкалоого жардам берип, жер жүзүндө жакшылыктын кандыгы түбөлүк бийлик кылат. Элдер кайрадан жаралат (Өлгөн адамдардын жандарын алардын сөөктөрүн, чачтарын, канын ж.б. калдыктарын жаратылыштан алып кайрадан чогултат). Акыр заман жөнүндөгү мындай окуулар каардуу суракта жана кийинки түбөлүк жыргалчылыкта эсхатологиялык окуулар деп аталат. Булар иудаизмге, христианчылыкка, исламга өзгөчө мүнөздүү. Саошиант тууралуу окуу жана акыр заман христианчылык, ислам менен дагы дал келип тургандыгы ачык эле байкалат. Зороастризмде акыр заман жөнүндөгү окуу эле эмес, аркы дүйнө, тозок, бейиш дагы иштелип чыккан. Байыркы перстерде өлүм жок кылуу, курутуу катары кабылданбаган. Адамга өтө зарыл болгон окуялардагы сыноо деп эсептелген. Перстер өлүмгө караганда жамандыктан, кастыктан көбүрөөк коркушкан. Анткени өлүм учурунда шайтандардын колуна түшүп калуу өзгөчө коркунучтуу болгон. Перстер өлгөн кишинин жаны тулкусунан бөлүнүп чыгып, заңкайган, жаркылдаган шамал көпүрөлөр бар асман мейкиндигине учуп кетет деп ишенишкен. Анан бийик тоонун үстүндө Митра кудайы башка кудайлар менен бирге жаңы келгендерди суракка алышат. Анын жакшы жана терс иштери так таразага коюлат. Ушул учурда туугандары жана достору өздөрүнүн жакшылыктарынан бөлүшүү менен ага жардам бере алышат. Андан кийин жан өтө ичке көпүрөдөн өтөт. Эгер бейишке татыксыз болсо түпсүз туңгуюк тозоктун аңына кулайт, балким ылайыктуу болсо жыпары аңкыган аймака өтөт. Келишкен сулуу кыз жанды бейишке алып барат жана ал ошол жерде калат. Бирок иш муну менен эле бүтүп калбайт. Өлгөндөрдүн алдында Катаал сурак жана кайра тирилүү турат(после прихода Мессии-Спасителя). Күнөөкөрлөр акыр заманда Ангра-Майнью менен кошо тыптыйпыл жок кылынат.

Зороастризмдин пайгамбары – Заратуштра. Изилдөөчүлөр аны тарыхый, же тарыхый эмес деп талашып келишет. Заратустра (Заратуштра – авестада, бай.гректерде – Зороастр, орто кылымдагы иран тилинде - Зардушт) б.з.ч. 6-кылымда чыгыш Иранда жашагандыгы анык, б.з.ч. 700 жылдарга жакын, бул учур болжолдоп алганда Индияда буддизмдин, Кытайда маанилүү диний философиялык окуунун, пайда боло баштаган учуруна туура келет.

Б.з.ч. доордун 7-6-кылымдары адам баласынын диний жашоосундагы зор

маанилүү төңкөрүш, мифологиялык аң-сезимден динге жасалган кадам, көңүл борборунда адам турган этикага негизденген окуулар, тактап айтканда азыркы динге жакындаган кадамдар болгон. Жогоруда сөз болгондой Авестанын авторлугу Заратуштрага жазылган, бирок ал чынындыгында кийинки, анын теориялык акыркы бөлүктөрүн гана жазган деп берилет. Айрым бир маалымдоочулардын пикиринде Заратуштра анын окуусун биринчилерден кабыл алып, перстерге тараткан падыша Виташпанын убагында жашаган. Бул ысым турмушта болгон персиялык улуу падыша Дарий 1-нин атасы Гиштаспанын(522-485-ж.ж. б.з.ч.) аты менен окшош. Бул дал келүү жөн жерден болбосо керек, анкени Дарий өзүнүн империясынын диний-идеялык негизи кылып маздаизмди алган. Аны Дарий падышанын Бехустун аскасында чегилген канатчан Ахура Мазданын жана перс, вавилон, жаңы элам тилинде жазылган жазуусу да айгинелейт. Пайгамбардын өмүрү тууралуу маалымат аз. Ал элди өз окуусуна үгүттөгөн, бирок жергиликтүү сыйкырчы-көз боочу башкаруучу тарабынан өз өлкөсүнөн куулат. Виташпа падышасынан колдоо тапканга чейин анын үгүттөөлөрүн эч ким уккан эмес, ал бактысыз жана куугунтукта болгон. Ошентип Заратустранын кандайдыр жаңы негиздемелерге ылайыкталган колдоочулар коому пайда болот. Заратуштра адам эркиндикке эрки бар жана ак менен каранын бирин тандай алат деп насааттаган. Ал актык, кайрымдуулук тарапта чечүүчү кармашта чечкиндүү согушууга милдеттүү болгон. Ангра-Майнью кейпиндеги азезил байлык жана бийликти убадалап Заратуштраны азгырууга кылган аракети текке кетет. Акырында Зарастуштраны өмүр бою аңдып жүргөн душмандарынын бири өлтүрөт. Дагы бир башка баяндарда Заратуштра адам башындагы кейпинен ажыратылат: Ахура-Мазда алгач анын рухий маңызын жаратып, ак менен каранын чечүүчү кармашы болгонго чейин дарактын ичине жайгаштырып коет. Андан кийин Заратуштра кадимки адам кейпине айланып, от менен ширетилип дарактан чыгат. Ал бул жерде кудай менен элдин ортосундагы элчи катары эсептелген.

Бул аңгемелерде христианчылык, ислам окуулары жана башка байыркы элдердин мифологиясы менен болгон көптөгөн дал келүүлөр бар. Айрым учурда элге от алып келген Прометей менен да окшошуп турат. Заратуштра жөнүндөгү миф алгач байыркы гректерге, андан соң алар аркылуу Европага таркалган. Алар көптөгөн жаңы мүнөздөрдү жана башка майда нерселерге чейин кабыл алышкан. Зороастризмдин өзөгүн отко сыйынуу түзөт Бул диндин алгач храмдары кийинчерээк пайда болгон. Ыйык от өтө караңгы, атайын курмандык чалуучу жайда сакталган. Ыйык отко эч кимдин тийүүгө акысы жок болгон, ошондуктан кечилдер мээлей кийип, дем алуу аркылуу отко тийип калбас үчүн ооздорун таңып жүрүшкөн. Жагымдуу жыты бар дарактардан атайын даярдалган отундар өзгөчө бир кычкачтар менен каланган. Отту күйгүзүүдөн тышкары даарат алуу, бактардын бутактарынан кесип курмандык чалуу жана хаомадан жасалган суусундукка сүт кошуп ичүү ырым-жырымдары болгон. Хаома алтын багы кийинки отко сыйынуучулардын пикиринде асмандагылар түшүп келүүчү жол болгон Элбурстун чокусунда өсөт. Дүйнөдө хаома ширеси айыктырбаган эч кандай оору, залал жок. Өлүм менен байланышкандын бардыгын ыплас деп эсептешкен. Перстердин ишениминде өлүмдөн кийин жан денени таштап кетет, ал эми өлүм болсо Ангра-Майньюнун терс күчтөрүнүн жеңиши катары сүрөттөлүп, ал денедеги тазалыктар болгон отту, сууну, топуракты алып ташташы керек эле. Мына ушуну менен эле сөөк коюу ырымындагы диндин бул кайталангыс жактары түшүндүрүлөт. Адам кайтыш болгондо өзгөчө даярдалган өлүк ташыгычтар гана келүүгө мүмкүн болгон. Бөлмөдөгү кара күчтөрдү кубалоо үчүн сөөк жаткан жерге итти киргизишкен, андан кийин оттун жардамы менен ал жерди тазалашкан. Ташыгычтар атайын темирден табытка салынган өлүктү көргө алып келишкен. Бул

түнкүсүн жана сөзсүз түрдө (сууну адал кармоо үчүн) күн ачыкта гана жасалган. Элдүү жердин четинде куту сыяктуу мунаралары бар дакмалар жайгашкан. Анда аялдар, эркектер, балдардын өлүктөрүнө арналган үч коңул болгон. Ташыгычтар өлүктү өйдө чокусуна көтөрүп чыгып, кийимдерин толук чечип шамал, жамгыр жана күндүн таасир этүүсүнө калтырышкан. Дакмдын айланасына (үндөбөө мунарасы деп аташкан) кузгун, таз жорулар үйүрү менен айланып турган. Кургаган сөөктөр орлорго ыргытылган, дакма өзү болсо көп жылдар өткөндөн кийин талкаланышы керек болгон. Ошентип өлгөн адамдан эч бир из да калган эмес. Бул убакыт ичинде перстердин диний эрежелерине ылайык эч бир «тазалыктын» стихиясы өлгөн адамдын денесине жакындабашы керек. «Үн чыгарбоо мунарасынын» айланасында ар бир түнү шайтандардын чоң тобу кутуруп, бийлеп, тойлоп жана ырдайт деп ишенишкен. «Сөөккө» болгон мындай мамиле анын жакындарын, туугандарын эч кандай убайымга салган эмес. Күнөөдөн арылып тазаланыш үчүн перстер жашоосунда көптөгөн ырым-жырымдарды өткөрүшкөн. Мисалы, отко күкүм түшүп кетсе аны кордогондук менен барабар болгон. Отко жыгачтарды даярдап жатканда анын тазалыгына ушунчалык көңүл бурушкан. Канаттуулардын кыгы да болбошу керек эле. Анткени алар тарп менен тамактанат. Аларда бул өтө чоң күнөө. Эмгектенүү менен дагы көптөгөн күнөөлөрдөн, кылмыш-кылыктардан арылууга мүмкүн болгон Авеста дини дээрлик толугу менен жок кылынган жана сакталып калганы өтө эле аз. 7-кылымда байыркы перстердин жергеси күч менен исламды киргизген мусулман арабдар тарабынан басылып алынган. Зороастрийлер бөлүнүп-бөлүнүп Индияга качышып, ал жакта бүгүнкү күнгө чейин жашап жаткан диний коомдорду түзүшкөн. Эмне үчүн ал өзүнө мындай көңүл бурууну жана кызыгууну талап кылып жатат? Бул биринчиден зороастризм көп элдердин анын ичинде европалыктардын дагы руханий жашоосуна өтө чоң таасир эткендиги менен байланыштуу. Зороастризм себепкер болуп Европанын диний жашоосуна байкаларлык деңгээлде таасир эткен бир нече таасирдүү секталар өнүп чыккан.

Макалада көрүнүп тургандай зороастризмдин кыргыз элинин каада-салты, үрп-адаты, теңирчилик жана башкалар менен дагы жакындан байланышы бар. Андыктан ошол дал келүүлөр тыкыр иликтөөгө алынышы зарыл.

Адабияттар

1. Никитина В.Б. Литература древнего Востока. М., 1962.
2. Редер Д.Г. Литература Востока в средние века. М., 1970
3. Редер Д.Г. Арабская средневековая культура и литература. М., 1978г.
4. Конрад Н.И. Запад и Восток. М., 1965г.

РАҒБУЗИ МЕН ҚАЗАҚ ӘДЕБИЕТІ АРАСЫНДАҒЫ ДӘСТҮР ЖАЛҒАСТЫҒЫ

Мауленов Алмасбек,
Әл-Фараби атындағы Қазақ ұлттық университеті,
филология ғылымдарының кандидаты

Бүкіл адамзат өркениеті құдай болмысын танудың бір тәңірлік сатысына өткенге дейін алғашқы қауымға тән ілкі мифологиялық таным-түсінікті өмірге әкелді. Миф сол кезеңдерде өмір сүрген адамдардың жазба әдебиеті өмірге келгенге дейінгі мәдени-рухани қажетіліктерінің барлық шарттарына жауап берді.

Ескі мифтердің түрленіп, жаңа қырынан түсіндіріле бастауы әуелі көп тәңірлік, кейін келе бір тәңірлік құдай болмысын тануда не поэзиялық, не прозалық дәстүрде фольклор аясынан бөлініп, жеке қаламгердің шығармашылық процесінде көрініс тапты. Бұл бір ұлыста ерте, бір ұлыста кеш өмірге келді. Сонымен көне миф адам баласын қоршаған болмыстың өзі болып табылып, адам нақты бір мәселе турасында ойлана бастады. Бұл үшін ол бәрін бір өзінің білгенінен бастайды. Әлем таныған шіркеулік, аяндық діндер шыққанға дейін миф құдайлар туралы мифтік-поэтикалық айтылымдар (сказ), яғни әңгіме ертегілер түрінде болған. Кейін ол аңыздық нақты тарихи оқиғаларға негізделе бастады. Бұрынғы өздері құдай деп тапқан жандар ілкі қаһармандарға, бұрынғы өздері сыйынған рулық тотемдер мифопоэтикалық образдарға айналды. Өйткені ертедегі адамның санасы мифологиялық сипатта болды. Бір тәңрілік дінге дейін табиғат құбылыстарын түсіндру үшін абыздар мифтерді пайдаланған (мұндай білімдарлық тек ғұлама рұһбандарда (абыздарда) ғана болды). Бұл арда әлем халықтарының барлығының діндерінде кездесетін ***“көріпкел”*** діни терминнен аттап өте алмаймыз. Киелілік дарыған адам Құдіреттің күшімен ерекше қасиетке ие болады. Бірақ оның мысын басатын діни ұғым түркіше – ***абыз*** (кей зерттеушілер бұны жаһилдікке жатқызады, онысы дұрыс, бірақ біз қасиеті кітаптардағы көне түркілік мифтік ұғым-түсінікті қарастырғандықтан зерттеуіміздің терминдік мән ашатын басқаша мәнінде қолданамыз), парсыша – ***пайғамбар***, арабша – ***расул***. Исламға дейін елді бір құдайдың хаһ жолына түсуге шақырғандарды грек христиандары құдайдың атынан сөйлеуші (“***prophetos***”), ал орысша калькалауда “***пророк***” деп атаса, қасиетті кітап біріншілігіне ие жөйіттердегі “***нави***” (адамдарды дұрыс жолға түсіру үшін құдай таңдауы түскен жан) деген ұғымда Аврам пайғамбарға қатысты қолданылды. Пайғамбарлардың рұһбандардан айырмашылығы болашақты болжап қана қоймайды, сонымен бірге адамдарға құдай сөзін жеткізеді.

Рағбзу қиссалары қазақ әдебиеті тарихында Б. Кенжебаев[1], А.Қыраубайқызы[2] т.б. ғалымдар тарапынан біршама зерттелді десек те, оның жанры, сюжеті және поэтикасы жан-жақты қарастырылып, оған ықпалы болған Талмудтың тереңіне бойлай қойған жоқпыз. Біз Інжіл мен Құран Кәрімге өз әсерін тигізген құдай сөзін жұртқа жайған Талмудтағы пайғамбарлар турасында еңбегіміздің осы тараушасында аз-кем сөз етпекпіз. Рағбузидің қиссаларын Талмудпен байланысты зерделеу таяу болашақтың ісі. Біз осы жолда алғашқылардың бірі болып, соны сүрлеуге түрен салып отырмыз. Өйткені пайғамбарлар өмірінің мифтік негізін осы кітаппен салыстыра отырып ашуға болады. Ол үшін мұсылман дүниетанымы тұрғысынан осы киелі кітаптағы сарындас тұстарды салыстыра пайымдауымыз керек. Біз бұл жерде тек Талмудтағы пайғамбарлар төңірегінде ғана ой өрбіткелі отырмыз.

Жөйіттерде кітап әкелген соңғы пайғамбарлардың саны 15 деп көрсетіліп, оларды екі топқа жіктейді: үш ірі пайғамбар: Йешаягу (Исаия), Йирмеягу (Иеремия) және Йехезкель (Изекииль); қалғандары (ивритше – Шнеймсар: арамейше – Трей-асар, яғни

он екі деген ұғымды білдіреді). Осы он екі кіші пайғамбарлар: Ошеа /Гошеа (Осия)/, Йоэль (Иоиль), Амос, Овадья (Авдий), Йона (Иона), Миха (Михей), Нахум (Наум), Хаввакук (Аввакум), Халгай (Аггей), Цефанья (Софония), Зехарья (Захария) және Малахи (Малахия) бір кітапты түзеді. Бұдан тысқары Йехезкель кітабынан кейін орналастырылатын Данила пайғамбар бар[3, Б.693-694].

Қазба жұмыстарының нәтижесінде Кумраннан табылған бумалардың негізінде Иудей жерінде қасиетті мәтіндердің б.з.д. 3-2 ғғ. жазылып алына бастағаны белгілі болды. Бірінші «жазуы бар» пайғамбар б.з.д. 730 ж. Солтүстік Иудей жерінен шыққан бақташы Амос еді. Ол патриарх Иаков ғажайып түс көргеннен кейін оған құрбандық шалу орны Бет-Эль (Вефиль) ғибадатханасына келіп, мәжусилермен қатар Израил мен Иудейдің “Көне өсиеттен” алшақтағандары үшін құдай кәріне ұшырайтындарын аян етеді. Жұрттың бәрін үрей билейді. Ол Бет-Эльден кетіп, өзіне дейін ешбір пайғамбар жасамаған қадамға барып, бірінші рет құдай сөзін пергамент қағазына түсіреді. Оның рухани ізбасары Солтүстік Иудей патшалығынан шыққан Бееридің ұлы Ошеа /Гошеа (Осия) болды. Осы екі пайғамбар еврейдің атақты үш пайғамбарына Исаия, Иеремия және Изекиильге жөн-жосық сілтеп, қасиетті кітаптардың мағыналық, композициялық, стильдік сұлбасын қалыптастырды. Осы пайғамбарлардың есімдері әуелі Інжілге одан кейін Құран Кәрім діни-аңыздарына негіз болды.

Рағбузи тұңғыш рет бұрын жұрт арасында ауызша тарап жүрген Құран аңыздарындағы пайғамбарлардың ғұмырын ең алғаш проза тілімен түркі жұртына танытты. Бұл туралы оның туындыларын қазақ тіліне аударған Р.Мұқанова: «Рағбузи – XII ғасырдың аяғы мен XIV ғасырдың басында көне түркі тілінде ірі туындылар әкелген тұлғалардың бірі. “Қисса-сүл-әнбийя-й” еңбегі 72 пайғамбар өмірінің тарихы жайында. Қиссаның негізгі мазмұны Құран мен Інжілден алынған. Өйткені әр пайғамбардың тұсында қандай аяттардың түскеніне дейін нақтылы көрсетіліп отырады. Әрі сол пайғамбарлар заманындағы халықтың сана-сезімі қандай дәрежеде болғандығы һәм ісіләм дінін сол замандағы халыққа таратудағы қиындықтар мен соғыстар, сергелдең мен жеңістер жайлы кең мағлұмат береді...Құранда 24 мың пайғамбар, 33 мың сақаба дейді»[4, 3-б.]. Қазақ мифологиясы және Рағбузи қиссаларының арасындағы ұқастық енді-енді қарастырыла бастады. Кітаптағы тоғызыншы аңыз «Нүһ ғалайһи-уәссәләм». «Нүһ ғалайһи-уәссәләмның негізгі есімі Иашкар еді. Көп жылағаны үшін Нүһ атанды» [4,30-б.]. Қазақ мифологиясында Нұқ пайғамбардың кемесі Қазығұрт тауының басында қалған деген мифологиялық аңыз бар. Оның сырт формы кеменің сұлбасын танытады. Ал Нұқ пайғамбардың өзін қазақтар Ишкар немесе Жылаған ата деп атайды[5,126-б.].

Қазақ халқының топан су басылған кезде кеме Құранда аталатын Әл-Жуда емес, тарихи Қазығұрт тауында тоқтаған деп баяндалатыны белгілі. С.С. Сейфуллин..: «Қазығұрт тауы Тәңірі артық жаратқан тау екен. Өзі аласа болса да, жер жүзіндегі таулардың қасиеттісі» деп таныстырып, оның қасиетті болу себебін сол таудағы үңгірде Қазығұрт атаның моласы болғанын, оған жұрттың табынып келгені, таудың басын бұлт басса, жұрт ***«Қазығұрт қарасын киді»*** деп, малдарын, т.б. дүниелерін жинап жүргенін, яғни керемет күш бар деп есептегенін жеткізеді. Топан судан аман қалып, Нұқ пайғамбардың кемесінен шыққан төрт түлік мал сол тауда өсіп-өнген деген тотемдік наныммен сабақтастырған халық өлеңін мысалға келтірген.

Қазығұрттың басында кеме қалған,
Ол әулие болмас неге қалған?
Жетім қозы басында жатып қалып,
Шопан ата жануар содан қалған [6]

Ә.Х.Марғұлан: «Қазақ аңыздары бойынша, бүкіл дүниені топан су басқанда Нұқ пайғамбардың кемесі Алатаудың бір бөлігі – Қазығұрт тауының басына келіп тоқтайды. Бұл мәселе әдебиетте жазылмаған, түбі Библиядан тараған бір ғажайып аңыз. Арараттан кейін Нұқтың екінші рет тоқтаған жері – таудың биік бір басы, Қазықұрт тауы,-дей келе, - Қазығұрттың кім болғаны ұмытылған. Мүмкін бұл сөз Қазы-Қорқыт шығар. Оған себеп, Қазығұрттың басынан бұлт айналғанда әйелдер сескеніп, даладағы нәрселерін үйге кіргізеді. Түбі Қорқудан шыққан (Қорқыт)»[7.54-б.],-дегені індете дәлелдеуді керек етеді. Ал бұл аңыздың желісі шумерлік топан судың куәгері Зиусудра туралы мифтен бастау алады. Ал Зиусудраның кемесі Нацир тауына тоқтайды. Қ. Серікпаев түркіні Нұқ пайғамбардың Яфсынан таратады. Таудың Қазығұрт емес Алтай тауы екендігін орыс староверлері арқылы дәлелдейді. Сонда шумерлік мифтегі Зиусудра қазақтың бағзы бабасы деуге негіз бар. Бізге керегі осы аңыздағы құстар мен жан-жануарлар. Біз Зиусудраны ілкі қаһарман деп танып, араға ғасырлар салып, оның тірі кезінде істеген жақсылығы адамдарға дүниенің жаратылысы мен өмір құбылыстары туралы айтқаны әуелі Жаңа өсиетке Ной есімімен, кейін Құран Кәрімге Нұһ атымен енгенін байқаймыз. Қазақтардың өз тегін Нойдан таратуы шумерден тарату деген ұғымды білдіріп, архетиптік жадыны есімізге салады. Ерте дәуірде абыздар өздері білетін білімнің негізінде жұртқа өнеге таратқан. Қорқыт Ата аңызының бойында осындай мифтік сарынша барын байқағанымыз сияқты Зиусудраның ит пен мысықтың өштігін түсіндіруі Рағбузи қиссасында: «Рәуәйәттә: Нүһ ғ.с. кемедегі мақұлықтарға: “Еш біріңіз жұптарыңызбен қауышпаңыздар. Көбейіп кетсеңіз кемеге симайссыз”,-деп әмір етті. Бұл әмірді ит ұстамай, бір күні ұрғашы итпен қауышты. Мұны мысық көріп, Нүһ ғ.с.итті шақырып алып күнәлап еді, ит сөзінен тайып: “Қауышпадым”,-деді. Мысық куәсінің жоқтығынан ұялып, өтірік айтқандай болып қалды. Мысық бірде иттің ұрғашысымен үш мәртебе қауышып, төртінші мәртебесін көргенде құдайға зарлық қылды. “Иә, Раббым! Ит менің сөзімді жалғанға шығарып, пайғамбар алдында қатты ұялтты. Иттің қауышуын кешіктіріп куә қыл”-деді.

Мысық Нүһ ғ.с. өзіне келіп: “Ит төртінші мәртебе қауышпақ, өзің барып көр”,-деді. Нүһ ғ.с.барып қараса, ит қауышқан екен...»[4,38-б.]. Бұдан ит пен мысықтың неге ырылдасып өтетіні туралы көне ұғым-түсінікті аңғарамыз. Нұқтың кемесіндегі түрлі аң-құстардың бәрі емес, кейбірі құдайдың пейілі түскен, кейбірі кәріне іліккені түркі-маңғол мифтерімен үндеседі. Енді осы жөнінде біраз сөз тарқаталық. Ит пен мысықтай ырылдасу мифтемесінің арғы тегінде мифологиялық таным жұптық тайталасы (бинарная оппозиция) жатыр. Осы тақырыптағы мифтер турасында С.Қасқабасов. «Мұнда бір ескеретін жай: жалғыз жануарлар жайындағы мифтер ғана ғана этиологиялық емес, түптеп келгенде, мифтің барлық түрі этиологиялық, яғни себептік болып келеді. Тек жануарлар жайындағы мифтер өте түсіндірмелі-себепті болады: мұнда «неге?» деген сұрақ қойылып, миф сюжеті соған жауап ретінде құрылады. Айталық ”Қарлығаштың құйрығы неге айыр?”» [8, Б.78-79]. Осы сұрақтың жауабын осы аттас қазақ ертегілік мифі мен Рағбузи қиссаларындағы тоғызыншы аңыз «Нүһ ғалайһи-уәссәләмнан» табамыз. «Мұса ғалайһи-уәссәләм қиссасынан: кемеде екі нәрсе жоқ еді, бірі – доңыз, бірі – тышқан. Ағаштар арасынан ұсақ тышқандары пайда болып, кемені кеміріп тесті. Сол сәт, кемеге су кіре бастады. Кемедегі халық мұны көріп қорқып, су кірген тесікті іздесе де таба алмады. Сонда, Нүһ ғ.с.: “Қайсы жануар бұл тесікті тауып, бітесе, тілеген тілегін беремін”,-деді. Сол сәтте, жылан: “Ол тесікті мен табамын”,-деді. Нүһ ғ.с.:“Тілегің не?”-деді. Жылан: “Маған дәмді ет керек”,-деді. Нүһ бұл тілекті қабыл етті.

Жылан суға кіріп, тесікті тауып, құйрығын тесікке тығып, иіріліп жатты. Сол сәт судың кіруі де тоқтады. Кемеге кірген суды төгіп, тышқан тескен тесікті балауызбен

бекітті» [4,Б.36-37]. Бұл жерде кемедегі басқа жануардың емес, «жыланның» адамзатты құтқаруы ойға қалдырады. Жылан культінің болғанын бұрын ғалымдар сақ қорғандарынан табылған аңдар стилі, фольклордағы бақсылық сарындар т.с.с. негізінде ғана сөз етіп жүрсе, С.Қоңдыбайдың зерттеулерінен кейін қазақта «жылан мифологиясының» болғандығын 6-8 мың жылға шегеру мәселесі көтерілді. Ежелгі адамзаттың ең маңызды мифологтялық кейіпкеріне айналған жылан өзінің құпия танымның даналықтың символы ретінде «ешкім таба алмаған тесікті тауып» басқалардан, тіпті «мұғжиза» жасай алатын Нұқ пайғамбардан да артықшылық танытуы оның жасампаздық мифтік сипатының көрініс. Бұл Талмудқа өзіне дейінгі діндерден енген ең көне қабат деуге келетін сияқты. Құран Кәрімде ол бұрынғы қасиетінен айырылып, Ібілістің жақтасы болып танылады. Жеңген діннің жеңілген дін мифтік таным-түсініктерін ығыстыруы мен мансұқтауы тек күнделікті өмірде ғана емес, діни мәтіндерді құрастыруда да орын алғанын атап өтуге тиіспіз. Оның тілін Хауананың алуында аналық тудырушы қайнармен байланысы білінеді. Оның табиғи ерекшелігі аяғы жоқ жүреді, сыртқы қабығын тастап, жаңаруы, суда да, құрылықта да тіршілік етуі, уы қатерлі, әрі емдік, қыста ұйықтап, жазда шығуы оның өліп тірілетіндігін танытады т.т. Осындай жасампаздық сипат – оның кейін қасиетсізденіп көрінуіне, яғни жеңілген тотемнің құбыжықтануына бастап келгені әлемдік мифологияда жасырын сыр емес. Ол қиссада былайша ұғындырылады: “Жыланның төрт түйе аяғы бар еді. Бүкіл денесі жасыл зүбаәржаттан күндей жарқырап, шағылысып тұратын. Тістері інжу-көктен тізілген, құрсағы – қызыл гүл, тілі жұпар, басы – қызыл жақұт еді. Аузына шайтан кіргізгені үшін тіс түбінде у пайда болды. алла тағала берген құдіреттің бәрінен жұрдай болып, жұмақтан қуылды”[4,14-б.]. Осы оқиғадан оның Құдайлар пантеонынан шеттелуінің діни-аңыздық негізін байқаймыз. Оған сенушілерді шайтанның іліміне табынушылар деп қудаланғандығын сезінеміз. Дін мифологиясы адамзат өркениеті мен тарихының бастау көзі екендігіне бір ғана ***«жылан»*** культі арқылы дәлел келтіруге болады.

Топан су біткеннен кейін жылан: “Мен уәдемді күтемін”,-деді. Нүһ ғ.с. шыбынға: “Бар, мақұлықтың етінің дәмін татып көр. Қайсы хайуанның еті дәмді болса, сол жыланға ырызық болсын, дұға етемін”,-деді.

Шыбын жер жүзінде жүріп, барша нәрсенің етін татты. Кешігіп жатқан соң жылан ентіге бастады. Нүһ ғ.с. қарлығашты жұмсап: “Бар, шыбынды тауып, келтір”,- деді.

Қарлығаш шыбынды тауып: “Неге кешігіп жатырсың?”-деді. Сонда шыбын:“Дүние шіркін еркін екен, сондықтан кешіктім”,-деді. Қарлығаш оған: “Иә, қандай мақұлықтың еті тәтті екен”-деді. Сонда шыбын: “Адам етінен тәтті ет жоқ”,-деді. Алланың азанымен Қарлығаш есіне адамның түрлі қасиеті түсіп, айла қылып: “Ол еттің дәмі тілінде әлі сақталған болар. Мен де татып көрейін”,-деп шыбынның тілін жұлып алды. Сөйтіп, шыбынмен қуысып, Қарлығаш Нүһ пайғамбарға келді. Шыбын, быз-быз етіп қатты ызылдады. Нүһ ғ.с.ештеңе аңғармай, Қарлығаштан: “Мынау неғып сөйлей алмай қалған”,-деп сұрады. Сонда Қарылғаш: “Бұл кешігіп қалғандығы себепті ұялып, сөйлей алмай тұр ғой. Әйтпесе бағана бақа етінен тәтті, ләззатты ет жоқ деп айтқан”,-деді.

Нүһ ғ.с.мұнан соң, бақа етін жыланға ырыздық етіп тағайындады. Жыланның мақсаты адам еті еді және адам етінен басқа ләззатты еттің жоқ екенін білуші еді. Қарлығаштың жасаған айласын біліп, жылан қарлығашқа тұра ұмтылды. Сол кезде қарылғаштың құйрығы тура келіп, құйрығының ортасы үзіліп қалды. Сол үшін қарлығаш айыр құйрық болды» [4,Б.36-37]. Бұдан екі сюжеттік желі арасындағы айырмашылық тек жыланның – айдаһармен, шыбынның – масамен алмасуы ғана. Оның арғы түпкірінде білімге дейінгі білім саналатын мифтік ұғым-түсінік бұғып жатыр.

Түркі халықтарының ішінде ілкі шумерлік сюжет тек қазақтарда ғана сақталып қалып отыр. Шаруашылық пен тұрмыс-салтқа күрт өзерістердің енуі мифтік түсініктерді аңшылық – бақташылық – отырықшылыққа қарай құбылтып отырады. Осы мәселе жайында В.Пропп: «Біздің бір аңғаратымыз, жаңа шаруашылық жүргізу формасы, өзіне сай ойлау формасын туғызады. Жаңа форма ескімен тайталасқа түсетін кезеңдер болады. Жаңа шаруашылық жүргізу формасы жаңа образдарды өмірге енгізеді» [9, Б. 169-170]. Түркі қоғамындағы жаугершілік, бірде көшпелі, бірде жартылай отырықшылық, бірде отырықшылық тұрмыстың алмасып отыруы жаңа шаруашылық жүргізу формасы жаңа образдарды өмірге дүркіндете әкеліп отырды. Бір түркі ұлысында сақталған миф екіншісінде кері мағынаға немесе жаңа мәнге ие болып жатты. Қазақ әдебиетінің архетиптік фонында сақталған мифтік сарықыншақ ***"ол кезде адамдарда аңдарша өмір сүрген"*** терімшілдік дәуірді еске түсіреді. Рабғузи шығармаларындағы мифтік түсініктердің мәнін ашу бүгінгі қазақ әдебиетінің алдындағы күрделі мәселелердің бірі.Осы шағын мақаламызда біз оның мифологиямен байланысты негіздерін салыстыра отырып талдауға әрекет еттік.

Адебиеттер:

1. Кенжебаев Б.Түркі қағанатынан бүгінге дейін, шығармалары, – Алматы: Ана тілі, 2004, -344 б.
2. Қыраубаева А. Ғасырлар мұрасы. 5 томдық шығармалар жинағы. 1-том. Томды баспаға әзірлеген: Л.Мұсалы. Алматы: "Өнер", 2008. – 304 б.
3. Прорицатель, пророк, пророков книги // Релегия: Энциклопедия / сост.и обү. ред. А.А.Грицанов, Г.В.Синило. – Мн.: Книжный Дом, 2007. – 960 с. – (Мир энциклопедий).
4. Қисса-сүл-әнбийя-й. Адам-Атадан Мұхаммед ғалайhи-уәссәләмға дейін. Қазақ тіліне аударған Роза Мұқанова. – Алматы: "Санат", 2001. – 248 б.
5. Серикпаев К. Тайны тысячелетий тюркского мира. Второе издание, переработона и дополнено. Алматы, 2009 – 333 с.
6. Әлмұханова Р. Қазақ фольклорындағы антикалық сарындар. – Алматы: «Арыс» баспасы, 2009. – 320 бет.
7. Марғұлан Ә.Ежелгі жыр-аңыздар: Ғылыми-зерттеу мақалалар. /Құраст. Р. Бердібаев. – Алматы: Жазушы, 1985. – 368 б.
8. Қасқабасов С. Қазақтың халық прозасы. – Алматы: Ғылым, 1984. – 272 б.
9. Пропп В.Я. Исторические корни волшебной сказки. Л.: Изд-воЛГУ, 1986.

«МАНАС» ЭПОСУНА АРНАЛГАН КОНФЕРЕНЦИЯ (1952) ЖАНА АНЫН ИЛИМИЙ ТЫЯНАКТАРЫ

Акматова Венера
ф.и.к, доцент, Кыргыз-түрк «Манас» университети

«Манас» эпосуна арналган конференция төрт күнгө созулуп, 1952-жылдын 6-10-июнда аяктаган. Конференцияга баш-аягы 400дөй адам катышып, Москва, Ленинград, Өзбекстан, Казахстандан окумуштуулар келген. Талкууга М.Богданова, А.А.Валитова, Б.Керимжанова, К.Маликов, А.Токомбаев, Т.Сыдыкбеков, Ө. Жакишев, К.Давлеткелдиев, В. Бернштам, К.Баялинов, К.Соронбаев жана карама-каршы позициянын бир тарабындагылар Л. Климович, А. Боровков, П. Балтин, Г. Нуров, Ж. Самаганов ж.б. катышкан.

Мезгилдүү басма сөздө конференциянын жүрүшү тууралуу жана Б. Юнусалиевдин, М. Ауэзовдун докладдары тууралуу супсак гана маалымат берилип, курч таймашуулар тууралуу эч нерсе байкалбаганы менен чынында талаш-тартыш өтө курч, татаал болгон.

Конференциядагы негизги докладчылар эпостун түп нускасы менен тааныш болушкан эмес деп ишенимдүү айтууга болот. Анткени орус тилинде толук вариантынын өзү жок болчу. Бирок ошол докладчылардын конфигурациясы да улам өзгөртүлүп, негизги докладды А.К.Боровков - «Манас» эпосунун элдиги жөнүндөгү проблема» деген темада, Ө, Жакишев, жана Л.И.Климовичтер-«Манас» эпосун изилдөөнүн абалы жана милдеттери», негизги болуп, Мозольков жана К.Баялиновдордун ордуна А.Токомбаев, Т.Сыдыкбеков дайындалып, М.Ауэзов кошумча докладчылардын арасынан алынып салынган.

1-топтогу кошумча докладды (А.Боровковдон кийин) А.Давлеткелдиев –«Манас» эпосунун элдүүлүк проблемасына карата», Богданова М. – «Манас» эпосунун элдүүлүгү жөнүндө», ал эми 2-топто негизги доклады Ө.Жакишев –«Манас» эпосунун варианттарына мүнөздөмө берүү», кошумча докладдар- К.Маликов «С.Каралаевдин вариантына мүнөздөмө», А.Валитова – «Манас» эпосунун алгачкы жазылыштары жөнүндө», Б.Керимжанова -«Манас» эпосунун Ы.Абдыракманов түзгөн варианты», А.Токомбаев – «Семетейдин» элдүүлүгү проблемасына карата», Т.Сыдыкбеков – «Сейтек» -«Манас» үчилтигинин бөлүгү катары», мындан тышкары негизги жыйынтыктоочу доклад Л.Климовичтики болгон. Конфренцияны КирФАНдын Президиумунун төрагасы А.Алтымышбаев ачып, эпостун элдүүлүгү бүгүнкү күнгө чейин тактала электигин, анын далили катары «Чоң казатты» (1946) келтирет.

Жасалган докладдардын теориялык-методологиялык негизин Лениндин эки маданият тууралуу теориясы (догма) түзүп, чыгарманы талдоодо марксистик-лениндик социалисттик эстетиканын жол-жоболорунан туруп баа берилген. Илимий талаш-тартыштын курчтугу Климович менен Бернштам, Климович менен Б.Юнусалиевдин, Самаганов менен Керимжанованын ортолорундагы репликалардан өзгөчө байкалат. Боровков докладында «Манастын» коммунисттик коом үчүн жасай турган кызмат-милдетин белгилеп өтүүсү да жөн жеринен эмес, терең «идеологиялык философиялык мааниси» бар. Анткени «Манас» эпосу так мына ушул өңүттөн баалангандыктан улам бир топ жылдарга созулган парадоксалдуу карама-каршылыкка туш болгон. Анын сөзүнүн ыңгайына караганда эпос эгер коммунистик идеалдарга кызмат кыла албаса, анда өткөндү иеалдаштырууга кызмат кылат деген ой туулат.

Социалистик эстетиканын принциптеринен гана туруп эпосту баалоо ошол мезгилдеги илимий изилдөөлөргө мүнөздүү көрүнүш экендиги айныгыс чындык. Негизги докладчы А.К. Боровков Сагынбай менен катар Мусулманкулдун вариантын

да реакциячыл деп атап, «Кыргыз эпосун реакциячыл иштеп чыгуу, оңдоо эки багытта жүрүп олтурган: эпостун каармандарын дин үчүн күрөшкөн баатырларга айландыруу, ал эми эпостун башкы каарманы Манасты феодалдык көчмөн мамлекеттин ханына айландыруу жолу аркылуу… IX кылымдагы «Улуу кыргыз империясы» менен эпосту байланыштыруу аракеттери кыргыз эпосундагы басып алуучу хандын образын элдик баатыр катары көрсөтүү үчүн жасалган аракет экендиги анык. Басып алуучулук жана күчтүү мамлекет куруу идеялары эпосто реакциячыл исламдык жана пантүркисттик идеялардын таасири астында пайда болгон…» деп, эпоско карата айтылып келген айыптоолорду өзүнүн аргументтери менен далилдеп жүрүп отурат.

А. Боровковдун жарыялаган тезистери жети пункттан турат:1. Бирдиктүү агым» теориясынын А.Н.Веселовскийдин компаративисттик космополитизми, ошондой эле Н.Я. Маррдын тил жөнүндөгү «жаңы окуусунун» таасири эпостун идеялык мазмунуна жана элдик негизине болуп көрбөгөндөй чаташууларды алып келген; 2.Ч.Валиханов, В.Радлов, Г.Алмашилер өздөрүнүн биринчи жазмаларында эле эпостун мазмунунан терс көрүнүштөрдүн жана модернизацияланганын көрүшкөн; 3. Эпостун баш каарманы Манастын кыргыз элинин чачылган урууларын бириктирип баш коштурган баатыр катарында мүнөздөгөн теория-жалган теория; 4. Эпостун идеялык мазмунундагы кийинки «катмарлануу» жөнүндөгү теория да жасалма, жалган теория; 5.«Манас» эпосунун жазылып алынган редакцияларынын ичинде чыныгы элдик версия жок. Аны элдин арасынан издөө керек». Демек А.Боровковдун концепциясы боюнча «Манас» эпосу толугу менен пайдалануунда жараксыз болуп чыгат. Варианттар тууралуу айтканы менен бир да көркөм текст талдоого алынбайт. Көркөм текстке таянбастан туруп, эпос жөнүндө жыйынтык чыгаруунун өзү чоң жаңылыштык эле. А.К.Боровковдун «Манас» эпосу «элдик эмес», «элдик версиясы» жазылган варианттардын ичинде жок деген ою эпостун тексттери менен тааныш эместигин, начар кабардар болгондугун ишенимдүү далилдейт. Анын эпостун жазыла элек варианттарынын ичинен элдик вариантты издөө тууралуу псевдотеориясы илимий проблеманы чечмек трусун, чаташууга алып келген ой. Докладынын мазмуну эпоско ачык каршы чыкканы менен жыйынтыгы түшүнүксүз «элдик негизин калыбына келтирүү» деген ой менен аяктайт [1;5-39].

Жогоруда берилген тезистерден докладда эпостун көркөм-эстетикасына байланыштуу бир да илимий проблема көтөрүлбөстөн, социалисттик саясаттын догмаларынын талаптарына ылайык гана маселелер талдоого алынгандыгы ачык көрүнүп турат.

Л.И. Климович өзүнүн докладында «Манас» эпосундагы коомго жат идеялар 30-жылдардан тартып эле айтылып келе жаткан тарыхына кайрылып, 1930-ж. «Кызыл Кыргызстан» газетасында С.Орозбаковдун вариантын басып чыгаруу айыпталганын, Орозбаковдун вариантына негизделген «Академия кечелери» катуу каршылыкка учураганын, 1934-ж. И.Тойчинов тарабынан кыргыз жергесиндеги феодалдык турмушту көкөлөтүп мактаган эпос катары мүнөздөлгөнүн айтып өтөт. Докладында В.Жирмунский, котормочулар Л.Пеньковский, М.Е. Массонду, Т.Сыдыкбековду, К.Баялиновду, С.Мусаев, М.Богданованы, Б.Юнусалиевди, Н.Бернштамды, К.Рахматуллин, С.Абрамзондун эмгектерин сынга алат. Бул жөн гана илимий сын пикир эмес, тереңден караганда ошол учурга чейин манастаануу илиминде эмне болсо, ошонун бардыгын тануу, жокко чыгарууга жасалган аракет болчу.

Ушул докладдан кийин талкуу башталган. Талкууга баш-аягы 22 адам катышкан. Б.Юнусалиевдин жана М.Ауэзовдордун тарыхый баяндамалары мына ушул талкуу учурунда айтылган. Талкуунун айрым учурларына токтоло кетүү жөндүү. Ж.Самаганов отуз жылдан бери манастаануудагы терс көрүнүштөрдүн бетин ачкан Л.Климовичтин докладын колдоп, улутчулдук каталарын жашыруу үчүн «Манасты» сындагандарды

кысымга алып аракчеевдик режим түзүштү деген оюн билдирет [2;366-385]. Конфренциянын жүрүшүнө баасын берип, эпостун элдик же элдик эместигин чече албастыгы белгилүү болуп калгандыгын айтат. КБВны түзүү идеясына каршы чыгат. Ал эми Г.Нуров С.Орозбаковдун вариантынын реакциячыл мүнөзүн бардыгы моюнга алышты дейт [3; 477-509]. С.Орозбаков эле эмес, Т.Молдо, М.Мусулманкулов, Б.Сазановдордун варианттары да реакциячыл экендигин белгилейт. П.Балтин «Манас» эпосунун элдик чыгарма экендигине далил укпагандыгын, ар кандай айла-амалдардын жардамы менен колдогу варианттардын текстерин тазалоо аркылуу элдик катары көрсөтүүгө гана аракеттер болгонун айтат. Андан кийин Б.Юнусалиев, бир адамдан кийин М.Ауэзовдор чыгып сүйлөшөт.

А.К.Боровков, Л.И.Климовичтин докладдарындагы негизги тезистердин, жыйынтыктардын жалган экенин, илимий натуура экенин далилдөө, ашкерелөө Б.Юнусалиевдин көздөгөн максаты, логикалык жактан туура коюлган контр-аракети болчу, карама-каршы тараптын аргументтери канчалык күчтүү болсо, андан кем калбаган так, курч, далилдер менен гана оппоненттин пикирин жокко чыгарууга болмок. А.К. Боровков «Манас» эпосунун варианттарына обзор жасоо аркылуу эпостун «элдик эместигин» далилдөөгө аракеттенсе, Л.Климович ушул эле максатка эпоско арналган эмгектерди академик В.Радловдон тартып, М.Богдановга чейин окумуштуулардын эмгектерин сындоо аркылуу жетишүүгө аракеттенет. Чыгып сүйлөгөн он баяндамачынын биринчиси А.Боровков, эң акырында жыйынтыкты Л.Климович чыгарат. Конференциянын структурасы атайын ойлонулгандыгы көрүнүп турат. Л.Климович кыргыз урууларын бириктирүү эпостун негизи экенин жокко чыгарат. Орозбаковдун, Каралаевдин варианттарындагы көлөмдө «Манас» мурда эч качан болгон эмес деген оюн айтат. Эң коркунучтуусу эпосту китеп кылып чыгарууда панисламизм, пантүркизм, космополитизм, буржуазиялык улутчулдуктан тышкары болуу мүмкүн эмес деген корутундуга келген болчу.

Идеологиялык кысым курчуп турган катаал мезгилде, эпосту иликтөөчүлөрдүн биринчи мууну (К.Тыныстанов, Е.Поливанов ж.б.) да, экинчи мууну (Т.Байжиев, З.Бектенов, Т.Саманчин) да катуу, адилетсиз жазага тартылган мезгилде расмий түрдө бекитилген докладчыларга каршы чыгуу өтө опурталуу болгон (өзгөчө экинчи муундагылардын тагдырына байланыштуу кайгылуу окуялар ошол учурда болуп жаткан). Расмий бекитилген докладчылар А. Боровков жана Л. Климовичтердин негиздеген позицияларына каршы сокку берүү чоң масштабдагы окумуштуунун гана колунан келмек. Окумуштуунун чыгып сүйлөгөн сөзү концептуалдуулугу, далилдүүлүгү, принципиалдуулугу менен карама-каршы тараптын аргументтерин кыйраткан. Конференциянын акыркы күндөрүндө сүйлөгөн М.Ауэзовдун сөзү Б.Юнусалиевдин позициясын андан ары бекемдеп, конференциянын жыйынтыгына таасирин тийгизген. Мына ушул белгилүү окумуштуулардын «Манас» эпосунун тагдырындагы чечүүчү маниге ээ болгон аракеттери өзүнчө сөз кылууга арзыйт.

Конференциянын жүрүшүнө принципиалдуу бурулуш берген докладдардын бири – негизгиси М.Ауэзовдун доклады болгон. Анын сөзү эпоско каршы чыккан докладдарга антитезис болуп, эң башкысы туңгуюктан жол тапкан [4;163-170]. Окумуштуу көп жылдардан бери «Манас» эпосун фундаменталдуу изилдеген окумуштуулардын бири болгону менен конференцияда негизги эмес, кошумча докладчылардын катарына да кошулбай калган.

Конфренцияда чыгып сүйлөшкөн ошол мезгилдеги кыргыз илимий-адабий элитасы маселеге ачык каршы чыгууга батынбастан, кыйгачтаган, жалтайлаган позицияда болгондой таасир калтырат. Негизинен бардыгы эле Сагынбайдын вариантына каршы чыгышып, ал тургай текстти бүт бойдон оңдоо зарылдыгын айткан

абсурддук пикирлер да болгон.

Конференция он пункттан турган чечим кабыл алып, «Манас» эпосунун негизи элдик, бирок варианттарында орчундуу карама-каршылыктар орун алгандыгы; «Чоң казаттын» («Великий поход», 1946) басылып чыгышы жаңылыштык болгондугу, колдогу варианттардын бардыгы бастырып чыгарууга жараксыз экендиги, ИЯЛИде эпосту изилдөө багытындагы иштер жолго коюлбагандыгы ж.б. белгиленип келип, анын жетинчи пункту КБВ тууралуу болгон – «Манас» эпосун комментарийлер жана киришүү макала менен коштолгон КБВ түзүү зарыл деп чечим кабыл алган. Бул чечим СССР ИАнын Президиумунда каралып (1952-ж,1-август), негизинен кубаттоого алынган жана 1953-55-жылдары КБВ түзүү каралып, А.Боровков, М.Богданова, К.Юдахин консультант болуп бекитилген.

Конференциядагы «бириктирилген вариант» тууралуу М.Ауэзовдун идеясы кырдаалдан чыгуунун эң идеалдуу жолу болгон. Кыскартылып бириктирилген вариантты түзүү идеялары конференциянын жүрүшүндө көп эле докладчылар тарабынан айтылган, бирок алар сунуш иретинде гана болгон. Ал эми М.Ауэзов бул идеяны теориялык жактан негиздеп эле тим болбостон, аны ишке ашыруунун теориялык-практикалык жактарын да негиздеген болчу. Конференциянын чечиминин негизинде «Манас» эпосунун бириктирилген вариантын түзүү тууралуу токтомдун кабыл алынышы «Манас» эпосуна байланыштуу талаш-тартыштардын аягына кайсы бир деңгээлде чекит коюп, жыйынтыктаган.

Адабияттар

1. «Манас» эпосу боюнча конференциянын (1952) стенограммасы, 5-39.
2. стенограмма, Б.366-385
3. стенограмма, Б.477-509
4. Мухтар Ауэзовдун 1952-жылы «Манас» боюнча өткөн конференцияда сүйлөгөн сөзү// Жаңы Ала-Тоо.- 2011.- №9.-Б.163-170.

ЭЛДИК ЭПОСТОРДО БААТЫРЛАРДЫН СҮРӨТТӨЛҮШҮ

Ахмет Шевик
БГУ аспирант

Түрк тилдүү элдердин дээрлик баарында элдик эпостор көөнө мурас катары жашап келе жаткан чыгармачылыктын бир негизги салаасы. Айрыкча кыргыздарда “Манас” үчилтиги башында турган ондогон баатырдык кенже эпостор бар, аларды зарылдыгы келгенде санайбыз жана алар тураалуу оюбузду айтабыз. Ал эми түрктөрдө да ошого окшогон баатырдык эпостор бар. Элдик эпос болгондуктанбы, алардын көбүндө каармандарды, айрыкча, баш каармандарды, баатырларды сүрөттөө көп жагынан окшош келет.

Биз бул жолу түрк урууларынын ичинен батырдык эпосторго эң эле бай болгон кыргыздардын элдик эпосторунда, айрыкча, “Манас” эпосунда баатырлардын сүрөттөлүшүнө токтололу деп турабыз, анткени баатырдык мотивдер ушул эпосто көп, баатырдардын көркөм сүрөттөлүшү да ушул эпос башкаларга үлгүдөй туюлат. “Манас” эпосунда батырлар көп, алардын айрымдары Манас баатырдын өзү баш болгон анын жанында жүргөндөр Кошой, Алмамбет, Чубак, Сыргак, кырк чоросу, анын душмандары (кыргыздын душмандары) Коңурбай, Нескара, казактардан Көкчө баатыр жана башкалар, буларды аттарын санай берсең жүздөп саналат. Ар бири өзүнө тиешелүү баатырдык касиет-белгилерге, өзгөчөлүктөргө ээ.

Элдик эпостордогу баатырдык мотивдердин сүрөттөлүшү боюнча ондогон макалалар жарыяланды. Ошолордун эң эле көрүнүктүүсү, негиздүүсү профессор А.Сыдыковдун “Манас” эпосундагы баатырдыктын мотивдери” деген аталыш менен бир нече ирет жарыяланган илимий монографиясы болуптур, бу киши бул боюнча кандидаттык диссертациясын да коргогон экен.

А.Сыдыковдун аталган монографиясынын “Баатырдык салыштыруу-лардын сүрөттөлүшү” деп аталган экинчи главасы эпостун алтымыштан ашуун варианттарынын ичинен кеңири белгилүү болгон Саякбай Каралаевдин вариантындагы баталдык окуялардын сүрөттөлүш ыкмалары, композициясы, Сагымбай Орозбак уулунун вариантындагы согуштук окуялардын баяндалыш ыкмалары менен композициясы илимий изилдөөлөрдүн негизги методу болгон салыштырма-типологиялык, тарыхый-салыштырма методдорунун талаптарына ылайык аткарылганы абдан ийгиликтүү чыккан. Эпостун көркөм текстиндеги типтүү окуялар, өзөк окуялар, алардын айрым үзүндүлөрү атайы изилдөөнүн объектисине алынып, баатырдык салыштыруулардын картинасындагы вариацияланышы да биз жогоруда белгилеген илимий методдордун негизинде ишке ашырылган. Автор өзү белгилегендей, эпосто согуштук окуялардын сүрөттөлүшүнө, салгылашуу сценаларына өзгөчө маани берилген, ошондуктан согуш эпизоддорунун көркөм композицияларын талдоо эпостун поэтикасын үйрөнүүдө зарыл маниге ээ. Сөз болгон эки вариантта согуш картиналарын сүрөттөөнүн композициялык курулуштарында жалпылыктар арбын. Ошого карабастан, автор ар бир вариантты өз-өзүнчө бөлүп карайт. Туруктуу, өзөк окуяларды эске албаганда эки вариантта баталдык окуялардын композициясы, алардын көркөм иштелиши бири экинчисинен кескин айырмаланат эмеспи.

“Эпостогу каармандык мотивдер, дейт, автор, алардын окуянын жүрүшүндөгү өнүгүү эволюциясын ырааттуу изилдөө эпостун оозеки жашашы үчүн поэтикалык тилдин туруктуу формаларынын жана сюжет куруунун салттуу компоненттеринин маанилерин көрсөткөндүгүн белгилеп келип, мына ошондой традициялык формалар эпикалык чыгарманын муундар аралык интеграцияланышына жардам берээри жөнүндөгү илгери үмүт-тилектерин да билдирген. “Демек, байыркы поэтикалык

эстеликтин азыркы заман менен мындай үндөшүүсүндө кыргыздардын алыскы ата-бабалары тарабынан даңкталып ырдалып келген, элдик ырчы жана айтуучулардын көптөгөн мууну аркылуу бизге келип жеткен так ушул баатырдык мотивдер, эрдиктин идеалдары негизги ролду ойногон*" (А.Сыдыков "Манас" эпосундагы баатырдыктын мотивдери. –Бишкек, 2011. - 136-бет).*

Эпостун тулку боюна бүтүндөй сиңирилген бааатырдыктын символу болгон Манас турат, баатырдык көрүнүштөр ошонун айланасында жүрөт. Эпостогу башка баатырлардын (айрымдарынын баатырдыгы жадесе Манастан да кем калышпаган) согуштук эрдиктери ошол Манас баатырдын аракетерине байланыштырылган. А.Сыдыковдун айтымында "элдин түшүнүгүндө бүткүл сонун деп эсептелген, туурооо, артынан ээрчүүгө татыктуу деп эсептелген баатырдын идеалы мына ушул образда толук жүзөгө ашырылган. Ушул образда эң жогорку баатырдык сапаттар синтездештирилген, бул сапаттарды Манас өзүнүн бүткүл эрдик иштеринде көрсөтөт". Эпостогу элдик нукура баатырлардын бири кан Кошойдун Манас баатырга мындай мүнөздөмө бергенин көрөбүз:

Качырганын куткарбас,
Кабылан сыры бар экен.
Каары катуу бала экен,
Жоону көрсө чоочубас,
Жолборс сыны бар экен.
Миңди көрсө шашпаган,
Миң душманды көргөндө,
Көп экен деп качпаган... (Сагымбайдын вариантынан).

Бул Кошой баатырдын жаш баатыр Манастын душман менен болгон биринчи салгылашуусунан көргөнүн айтканы. Эпосто Манастын эрдигине карата ошол эле Кошойдун бир нече жерде ар кыл мотивде айткандарын учуратабыз. Манастын эрдигин, тайманбастыгын, баатырдыгын Бакай, Кошой, Алмамбек, Чубак, Сыргак, кырк чоронун башчысы Кыргыл чал жана башка анын тегерегиндегилерден башка да анын душмандары д мойнуна алышат, эпосто бул абдан кылдаттык менен сүрөттөлгөн. Айталы, Сагымбай Орозбаковдун вариантында Манас баатырдын кайраты, тайманбастыгы, күч-кубаты жагынан аны арстан менен жолборско, чапчаңдыгы кабылан менен илбирске, кыраандыгы бүркүткө салыштырылат. Айкөлдүгү (муну душмандары эмес, жанындагылары) деңиз менен океанга, бекемдиги болсо, аска ташка, Ала Тоого салыштырылат.

Манастын аскерлеринен жеңилип бараткан душмандарынын ага берген баасын карап көрөлү:

Кыйкырып түрө качырса,
Кылычынын мизинде
Кырк душмандын каны бар.
Найзасынын учунда,
Жүрөт кошо айбаты
Жүз кишинин жаны бар.
Жеке башы баатырдын,
Жети миң колдой шаңы бар.
Бет алдынан карасаң,
Ажыдаардын түрү бар.
Аз болгондо кийгени,
Атан төөнүн жүгү бар.
Өлөмүн деген турбаса

Өзгө пенде ким турсун?
Ажалы жеткен турбаса
Асили пенде тургусуз.
Алтымыш кулач найзасын
Колтукка кыпчып алыптыр,
Ажыдаар менен жолборсу
Артынан сойлоп алыптыр.
Көсөө куйрук көк бөрү –
Көк жал эрдин жөкөрү
Артынан ээррчип алыптыр.
Алп кара куш арбайтып,
Асмандан бутун салыптыр.
Кара чаар жолборсу,
Кайып эрен кырк чилтен
Канкор эрдин жолдошу...

Каардуу Манас согуш учурунда душмандын көзүнө мына ушинтип көрүнөт. Айрыкча, анын айыгышкан душманы Коңурбай менен Нескаранын баатырга берген сыны, мүнөздөмөсү адамды таң калтырат, а чынында, алар деле Манастан кем калышпаган кайрат күч менен эрдиккее ээ баатырлар эле. Ошол Нескара (же Коңурбай бекен?) Манас баатырды минтип сындайт, сындап эмес, анын накта баатырдыгына баа берип, ары таң калып, айласыз минтип баа берет: “Кайратын көрсөң кара тоо, Катылган пенде калбайт соо. Айбатын көрсөң ала тоо, асылган калбайт аман соо. Болжолуна красаң, Болот Өтпөс кара таш. Күрсү тийсе оюлгус, Туюк сөөк, чулу баш. Аз кийгеним дегени, Атан төө жүгү бар. Адам уулу тик бакыс, Ажыдаар түгү бар. Сакалы саадак сабындай, Мурутун көрсө өткөндөй, Букарлыктын шабындай. Ызгаардуу айткан сөзү бар, Шыркыраган ширенди, Кызыл жалын көзү бар”. Баатыр Манас душман тарабынан да мына ушинтип сүрөттөлөт.

Эпосто Манас баатырдын (демек, кыргыздын) душмандары жалаң жаман иштери, терс көрүнүштөрү менен сүрөттолгөнү менен ал душмандардын согуш өнөрүн мыкты билгендиги, ал эмес кээде жакшылык иштери боюнча да кыргыз баатырлары менен бир катарга коюлуп баяндалганын коробүз, мындай көрүнүш, айрыкча, Сагымбайдын вариантында көбүрөөк орун алган. Дегинкиси, бир жагынан Манаска, анын чоролоруна кандай коркунучтуу душмандар менен салгылашуга тура келени белгиленсе, экинчи жагынан, эл сүйүктүү, ардактап-даңктаган, сыймыктанган баатырларынын душмандары да өздөрүнө татыктуу болушу керек деген мааниде. Манастын баатырдык сапаттарынан Коңурбайдыкы да калышпайт деп жогоруда айттык эле. Коңурбай да өз элинин эркиндигин (ал жалаң эле баскынчы эмес), насысын коргогон эл батыры. Ал Сагымбайда мындай дейт:

Өлсөм өлүп жөнөйүн,
Кызыл ойрот журтума
Кызмат кылып көрөйүн.
Же болбосо, дагы бир жеринде:
Өлсөм акыр өлөрмүн,
Артыма калсын өнөрүм.

Коңурбай баатыр өнөрүм деп согуштук тактика менен стратегиясын, душман менен кармашууда колдонгон айла-амалдарын айтып жатса керек, Биздин оюбузча, Манастан кем калбаган ошол баатыр түпкүлүгүндө ойроттун элинин женишке жетишин тилек кылган, анын өнөрүн, эрдиктерин кийинки баатырлар колдонушсе экен деген тилегин билдирип жатат.

Сагымбайда да Саякбайда да ошол эл душманы Коңурбайдын баатырдыгы, кайраты менен айбаттуулугу, Манастан кем калбаган тайманбастыгы, ошону менен бирге айла-амалкөйлүгү адилеттүү даңазаланат. Баатырды баатыр деш керек. Ошол баш каарман, башкы душман Коңурбайдын баатырдыгын мүнөздөөдө анын каардуу көрүнүшүн, кунарсыз келбетин ачып көрсөткөн туруктуу эпитет катары "калча" түшүнүгү колдонулат. Кантсе да душмандуу гиперболалуу портретинде болсо да анын баатырдык белгилери үстөмдүк кылат, карайлы:

Кирпиги сайдын талындай,
Айдары аттын жалындай.
Мурутун бурап артына,
Ай балтанын сабындай.
Оозунан от чыкса,
Чоң тандырдын табындай.
Желеги кара көк найза,
Жер көчкөндөй бир сайса.

Коңурбайдын баатырдыгынын дагы бир жерде сүрөттөлүшү мындай:

Өңү бышкан өпкөдөй,
Сакалдары туу куйрук
Сараптан тешип өткөндөй.
Көзү өгөгөн темирдей,
Муруну бар каапырдын
Бузулган тоонун сеңирдей.
Түлөгөн жору каштанып,
Өгүздөй болгон чоң дөөкөр
Өрттөнгөн дөңгөч баштанып.
Мурдун көрсөң бөрүдөй,
Эки көздүн чуңкуру
Казып койгон ородой.
Кирпигинин чылпагы,
Мергендердин шородой
Көк бөрү тонун жамынып,
Көк арстандай чамынып,
Бет келгенин кыйраткан...

Кантсе да Коңурбай терс карман, кыргыздын кокунучтуу душманы, мына ошол себептен манасчы (айтуучу) анын портретин сүрөттөөдө терс, жагымсыз эпитеттерди пайдаланат. Бирок ошого карабай, андай каармандын баатырдыгын айтпай коө алган эмес.

Биз мында элдик эпостордогу баатырлардын сүрөттөлүшүн "Манас" эпосу, анын ичинде Манас баатыр менен Коңурбайдын баатырдык белгилеринин сүрөттөлүшүнүн айрым гана учурларына токтолдук. Кыргыздын башка кенже эпосторундагы баатырлардын көркөм сүрөттөлүшү кийинки макалалардын объектиси болсун.

Адабияттар:

1. Акматалиев А.А. Акбарали Сыдыков – улуу инсан жана илимпоз. Китепте: А.Сыдыков "Манас" эпосундагы баатырдыктын мотивдери. –Бишкек: Полиграф ресурс, 2011. -139-бет.
2. Байгазиев С.О. Акбарали улуу "Манас" менен кошо түбөлүк жашай берет. Аталган китепте, -138-бет.

3. Бернштам А.Н. Кыргыз эпосу “Манастын” келип чыгыш доору. Китепте: “Манас” – кыргыз элинин баатырдык эпосу. –Фрунзе, 1968.
4. Кыдырбаева Р.З., Ирисов П. “Манасты” изилдөөчүлөрдүн таланттуусу. Китепте: А.Сыдыков “Манас” эпосундагы баатырдыктын мотивдери. –Бишкек: Полиграф ресурс, 2011. -3-5-беттер.
5. Сыдыков А. “Манас” эпосундагы баатырдыктын мотивдери (төртүнчү басылышы). – Бишкек: Полиграф-ресурс,2011.

КӨРКӨМ ЧЫГАРМАЛАРДА СӨЗ МЕНЕН ИШТӨӨ ЧЕБЕРЧИЛИГИ ЖӨНҮНДӨ (ЖАЗУУЧУ ТҮГӨЛБАЙ СЫДЫКБЕКОВДУН ПИКИРЛЕРИНИН НЕГИЗИНДЕ)

Джумаева Ж.,
улук окутуучу, ОГПИ

Көркөм чыгарма жаратуучулардын мейли ал акын болсун, мейли жазуучу, адабий сынчы болсун, алардын жалпы элдик тилге жасаган мамилеси, тилдеги жандуу сөздөрдүн «жашыруун сырын» ачууга дилгирленип, көгөрө ар бир сөздөн жаңы кошумча маани табууга тырышып, аны өз чыгармасында жандуу колдоно билүү менен жалпы элдик тилдин көркөмдүгүн, баалуулугун, күч-кубатын, ошону менен катар эле назиктигин жана ийкемдигин ачып берүү аркылуу окурманды элдик тилди сүйүп кадырлоого үйрөтөт. Албетте, бул касиет окурмандын кебине оң таасирин тийгизип, оозеки сүйлөөдө адабий тилдин нормаларын жана талаптарын так аткарууга эле эмес, өз эне тилин мыкты өздөштүрүүгө ынтаасын ойготот.

Ар бир жазуучунун сөзгө болгон мамилесин, аны менен иштөө чеберчилигин калеминен жаралган чыгармаларынан көрүүгө болот. Орус адабиятынын улуу жазуучусу А.С. Пушкиндин чыгарма жаратуудагы «карапайымдуулугу» же болбосо чыгармаларда адабий тилдин нормасына туура келбеген сөздөрдү колдонушу, анын жазуучулук чеберчилигинин өзгөчөлүгү. Бирок көркөм чыгарманын тили сүйлөшүү стилине туура келе бербегени менен, Пушкин орус тилин бурмалоого алып келген «кылыктуу, жасалма жана назиктикти» талап кылган сөздөрдөн качып, көркөм адабияттын керт башына тиешелүү болгон чектерден чыгууну практикалаган. Бул туурасында ал мындай дейт: «Только революционная голова, подобная Мирабо и Петру, может любить Россию так, как писатель только может любить ее язык. Все должно творить в этой России и в этом русском языке» [1:7-б.].

Кыргыз адабиятында жазуучунун тили жана сөз менен иштөө чеберчилигине профессионал адабиятчы катары Т.Сыдыкбеков өз замандаштарынын калеминен жаралган чыгармаларын жакшы сапатын белгилеп мактап, олдоксон жерин баса көркөстүп сындаган адис катары да белгилүү. Анын публикацияларынын жыйнагын карап отуруп, бүгүнкү күндө да кыргыз адабиятында салмактуу орду бар акын-жазуучулардын кемчиликтерин туура сынга алып көрсөткөнүн баамдайбыз. Ушул сыяктуу эскерүүлөрүнүн биринде К. Жантөшевдин чыгармаларына сын көз менен баа бергенин учураттык. Анда К. Жантөшевдин алгачкы чыгармаларында фольклорго көбүрөөк ыктап, «уйкалышкан макал-лакаптарды каармандарга зордук менен айттырып» карапайым элдин сөзүндө кездешүүчү сөздөрдү ашыкча өлчөмдө колдоно берүүнүн натыйжасында каарманды көз алдына келтирбей (көрбөй) жасалма сүрөттөй бергенин сындаса, жазуучунун «Тилекте» аттуу чыгармасында бир топ жаңы ыкмалар пайда болуп, «мейли сүрөт, диалог, окуянын берилиши, сүйлөм түзүлүшү, тили, каармандардын кебетелери мыйзамдуу өлчөмгө өтө баштагандыгын» [2:99-б.] байкап,

муну жазуучунун алга таштаган кадамы катары кубаттайт.

Өзүнүн замандаш калемгерлерининин арасынан чыгармачылыкта өзү үчүн үлгү алган учурларын да моюнга ала, алардын ичинен М. Элебаевдин чыгарманын үстүндө иштегенде «сөз тунугун ылгоолоп» иштегенин, калемгерлердин арасында «көп окуп, көптү билген, элинин турмушун, кайгы-муңун кылдат сезген, тили бай, ички дүйнөсү кенен, өтө ак пейил» адам катары үлгү тутат. М. Элебаевдин жазуу чеберчилиги жөнүндө: «Мукай чыгармачылык азапты эртерээк сезген. Ал баштапкы кезде жазган ырларын кайра карап, редакциялап, көп оңдоолор киргизди. Кичинекей ырга терең маани берүү, ар бир сөздү өз ордунда туура пайдалануу, жаңы ыкмаларды табуу, дагы ушулар сыяктуу чеберчиликтин татаал жолдорун изилдөөдө көп эмгектенген жазуучуларыбыздын бири» [3:34-б.] – деп, Мукай Элебаевдин жаш жазуучуларга өрнөк болоп сапаттарын бөлүп көрсөтөт.

Азыркы күнгө чейин кыргыз поэзиясынын алпы, новатору катары бааланган акын Алыкул Осмоновдун ырларын окуп чыгып, аздыр-көптүр маанисиз, орунсуз колдонулган сөздөрдүн учураганын баамдап, акындын жаңыдан басылып чыккан «Махабат» ырлар жыйнагындагы айрым ырларына сын көз караш менен карйт. Жыйнактагы «Чөп чабыкта», «Комбайн», «Сырт жайлоодо», «Кара көбөлөк» аттуу ырларынын мазмунун кыска баяндоо менен ***«…Деңиз көк, катарына жалп-жалп жатып…»,*** же болбосо ***«…Кайрадан шарк-шарк эткен кубаттуу үн!»*** деген саптарын мисал келтирип, андагы мазмун чалгынын тартылганы сүрөттөлгөнү менен сүрөттөө үчүн колдонулган тууранды сөз «шарк-шарк» тууранды сөзүнүн туура эмес, чалгыны тартканда «шырт-шырт», же «шарт -шарт» деген өзүнчө угумдуу үн угуларын, ал эми акын колдонгон тууранды сөздү «башы какжырагын үч-төрт кетменди алдыңа өңөрүп, желиши жаман атка желдирсең, анан угасың» - деп белгилейт. Жазуучунун заманынын залкар акынынын ырына берген бул сын пикири анын адабиятта баамчыл, кыраакы тилчи экенинен кабар берет. Тили жарды жазуучу канчалык анын кыялы ташкындабасын, канчалык көңүлү эргибесин, турмуш менен канчалык камыр-жумур болуп аралашпасын ойдогудай чыгарманы бере албайт. Ар бир жазуучунун өзүнө тиешелүү «устаканасы» болорун, ал устакананы ар ким өз алдынча таза кармап, асбеттеп тутунушу керек экенин эскертүү менен: «Уста кандай адис болсо да, дөшүсүз балта таптай албас эле. Анын сыңарындай жазуучу да мейли таланты болсун, тили жарды болсо, ал бечара болот, жазуучунун бирден-бир байлыгы – тил!» -деп, көркөм чыгарманын жаралышы үчүн жеке эле тилдин аздык кыларын, ага чеберчилик кошулса, жазылган эпизоддор жөнөкөй гана тил менен сонун сүрөттөлүшкө ээ болуп, чоңго да, балага да бирдей түшүнүктүү болорун эскертет. Ушул сыяктуу көркөм чыгармада көрүнүштү, каармандын кебете-кешпирин, же жөн гана жаратылыштын койнун сүрөттөө ишинде орустун улуу жазуучусу Л.Н.Толстойдон үлгү алууга чакырып, анын «Жаңы алиппе» аттуу китебинен сүйлөмдү мисал келтирет: «Спала кошка на крыше, сжала лапки. Села после кошки птичка. Не сиди близко, птичка, кошки хитры.» [2:141-б.] Бул сүрөттөлүштө Толстой кандай жөнөкөй, бирок ошол жөнөкөйлүгү менен кандай таасирдүү, түшүнүктүү, кандай чебер. Кыска сүйлөм менен сонун сүрөттү элестетти» - деп Толстойдун сүрөттөө чеберчилигине суктанат. Бул мисал менен кыргыз проза жанрында жазуучулардын аксап аткан жери дал мына ушул сүрөттө чеберчилигинде экенин байкап, чыгармаларда жөнөкөй, бирок көркөм сүрөттү тарта билүүнүн сырларын ачыкка чыгарат. «…биз болсок адамдын ички дүйнөсүн туура тааныш мындай турсун, анын сырткы кебетесин да оңдуу көрө албайбыз. Маселен, сулууну сүрөттөсөк: бели кындай, бети толгон айдай, мойну алманын сабагындай, кашы каламдай (калемдей), көзү каухар таштай, чачы кайыңдын бутагындай жана башка ушулар сыяктуу салыштырууларды табабыз. Ал эми бизге ишенген сүрөтчү табылса,

биз айткандай тигил сулуунун сүрөтүн тартса, анда ал сулуу эмес эле, мокочо болуп чыгар. Андай «сулуунун» жанына жигит тургай, кутурган жолборс да даап келе албас» - деген какшыгын жылдырат. Чындыгында ошол мезгилдин айрым жаш жазуучуларынын чыгармаларында сүрөттөө чеберчилиги өз деңгээлине жетпей, супсак, зордоо менен чыккан сөздөрдү бири-бирине жабыштыра тизмектеген узун сабак тексттер жазуучунун адис катары купулуна толбойт. Ошондуктан жаш жазуучуга үлгү болсун катарында чыгарма менен иштөөдө чебер жыгаччы сымал жасаган көркөм буюмуна маани берип, алда нече ирет ылгап карап, текшерип, кайра сүрүп отуруп сырттагы киши эмес өзү кумар ала турган ишти өтөөгө чакырат. Ал үчүн жазуучудан эмгек, эрк талап кылынары айдан ачык. Зерикпестен баса отуруп, ашыкпай, маңыздуу иштеши керек. «Чыгармачылык азабын сезбеген» жеңил иштеген жазуучу өз ишине желип-жортуп жеңил карагандыгы. «Ким ат үстүнөн жеңил иштесе, анын калеминен чыккан роман, повесть көлөм жагынан бараандуу болсо да, мааниси, көркөмдүгү көпшөк, дүмбүл болуп калары талашсыз» - деген көз карашын билдирет.

Чындыгында Т. Сыдыкбековдун өзүнүн калеминен жаралган романдарынын көркөмдүк табиятына саресеп салсак, жазуучуда башкаларга караганда ар бир көрүнүштү, каарманды, анын кебин көз алдына элестетип отуруп, ал тургай алар менен кадимкидей маңдай-тескей баарлашып отургандай таризде сүрөттөгөнүн байкоого болот. Жазуучу чыгарманын үстүндө иштөөдөгү бул касиетин «Жол», «Белбелес» чыгармаларында бир нече жолу эскерет. Анын өзгөчөлүгү ар бир нерсенин, кубулуштун аталышын өз аты менен берип, диалектилик мүнөздөгү аталыштарды колдонуу менен окурманга жеткирип бергендигинде. Анын сыңарындай ала кушту атынан атай албай, жазуу ишинде сөз таппай кайсалактаган калемдештерине мындай кеңеш берет: «Кыргыздин тилинде тоонун ар бир кичинекей бөлүкчөсүнө чейин аты бар. Анткени далай замандан бери эл жашап келе жатат. Маселен тектир деп коебуз. Ал анчалык чоң эмес жер. Тектирче деп коебуз. Ал андан кичирээк. Курбу-курбуча, жылга-жылгача, жыбыт-жыбытча,…биздин тилде жеке эле тоонун ой-кыры эмес, тоодо өсүп өнгөн көпчүлүк жаныбырдын жана көптөгөн өсүмдүктөрдүн аттары бай. Тилекке каршы биз ошолордун бардыгын биле албай жатабыз» [4:490-б.].

Эгер сен өз эне тилиңди жакшы билбей башка тилдерди гана өздөштүрүп алган болсоң маданияттан жалаң кабатсың, бир беткейсиң. Ар башка калктын жазуучулары, окумуштуулары менен сүйлөшкөндө алар бизден алгач биздин элдин турмушу, тили, маданияты жөнүндө сурашат. «Орустун акыны Алексей Сурков: - Силер өз эне тилиңерди мыкты өздөштүрбөй туруп кантип чыгарма жазасыңар», - деп тике айткан сөзүн «адабияттын жаш өнүмдөрүнө» жолдойт.

Мындан сырткары Т. Сыдыкбеков жаш жазуучулардын катарында жазуучу Аман Саспаевдин алгачкы чыгармаларына баам салып, анын «айрым учурларда сөздү орунсуз колдонмоюн» сынга алып, жаңыдан жарык көргөн аңгемесинде карыган кишиге карата колдонгон «карыган абышка» деген аныктамасын четке кагат. Албетте, Т. Сыдыкбековдун көзү менен караганда жашоодо «жаш абышканы жолуктургандар барбы?». Ушул эле жазуучунун «Каяша» деген аңгемесинен «көзгө көрүнбөс өңдөнүп туруп, кылдат баамдаган окурманга жакпас бир сөз бар» экенин баамдайт. Ал сөз «кайырмагына илинди» деген фразеологиялык, метафоралык ыкта колдонулган сөз тизмек. Аңгеменин мазмунуна ылайык бул сөз жаш жигит менен ага көңүлүн койгон жаш кыздын ортосундагы мамилеге карата колдонулган. Жазуучунун байкаган кемчилиги да эгер «булар башынан бири-бирин сыйлашкан түгөйлөр болсо», экөөнүн ортосуна «кайырмактын не кереги бар?». Жазуучу туура баамдаган, чындыгында чыгарманын окуясын гана кууп окуган окурман үчүн бул орундуу эле колдонулган сөз катары учурашы мүмкүн. Буга карата Т. Сыдыкбеков: «бул жерде жаш жазуучу тек бая

тентек жигиттердин өз ара каймана тамашаларын кулагына чалдырып алса керек, анан аны калемине илдире салган бейм» - деп жазуучунун кандай мүнөздө иштегендигин да ачыкка чыгарат. Пикиринин аягында А. Саспаевдин жаш жазуучу катарында аракетин, демин кубаттап, жогорудагы сыяктуу мүчүлүштүктөрдөн качуунун жолун көрсөтөт: « эгер автор чын эле тигил арзышкан түгөйлөрдүн асыл, таза арзууларына күбө болорлук элпек, ийкемдүү, жумшак тил тапса, аттигиниң, мүнөз дагы ачыла түшөт беле! Ал эми жигит арзууну баалабас селсаяк, орой ашык жарды өмүрлүк жар катары көрбөй, күнүмдүк кумар ордуна эсептеген торпок мүнөздүү көпкөлөң, өзүнө жар табуну кумар жазчу балык кармагандай көргөн терс карман акылдуу, эстүү, жакшынакай кызды азгырып, жазгырып, «кайырмагына илип» алса, анда ал жорук ошол терс каармандын мүнөзүнө кандай эп келише түшөр эле!» [2:129-130-б.] - деп каармандардын образын ачууда сөз мааниси, орду, окуянын жүрүшү канчалык манилүү экенин баса көрсөтөт.

Кыргыз адабиятына жаңыдан кадам таштаган калемгерлер Кубатбек Жусубалиев, Кеңеш Жусупов, Мурза Гапаровдордун алгачкы чыгармаларын окуп, тырнак алды жараткан чыгармалар болгону менен башка жазуучуларга караганда өзгөчөлүктү байкап, кимиси болбосун аңгемелеринде, повесттеринде болгон окуяны «жалган көз менен кыңыр көрүп, аны кургак, супсак баяндоону аябай жек көрүшөт» деп баалап, К. Жусубалиев «Күн авто портретин тартып бүтө элек» повести менен өзгөчөлөнсө, К. Жусупов да, М. Гапаров да адабияттагы жаңы чыгармалары менен жаңы чыйырды салып бергенине токтолот. Ал тургай адабият айдыңында «бул Кубаттын үнү», «бул Кеңештин үнү», «бул Мурзанын үнү» деп ажыратып айтууга толук мүмкүнчүлүк бар экенин кошумчалайт.

Казактын улуу жазуучусу М. Ауэзовго «сиздин чыгармаларыңызда ушунча нурдуу, көрктүү, куюлуштура сүрөттөөнү кайдан аласыз?» деп сурашса, анда залкар жазуучу: « - Сөз дагы адам сыяктуу болот тура, анын да ала-буласы көп. Орноткон жерине куюлуша төп келип калган сөз бар да, куурайдын башында желп эткен желге күбүлүп түшчүдөй назик учкалак сөз бар. Же болбосо арабага атты кошуп, ага жүктү артсаң, ат жүктү сүйрөгөндөй, сөздүн да ошондой жүк тарткыч милдети да бар. Калк арасында ошондон улам орунсуз сөз, сүйкүмдүү сөз, салкын сөз, жылуу сөз деп сөзгө түркүн түс берилип келбейби. Биз, жазуучулар ошонун баарын билишибиз керек. Ошондой маани маңызына, күч-кубатына, касиетине карап электен өткөрүп албасак, жазгандарыбыз алда бир демеге окшоп калат»[5] – деп жооп берген экен. үлкөн жазуучунун бул маегинен кийин көркөм чыгарманын негизги «жүк көтөрүүчү» функциясы сөз экенин аңдап түшүнүү татаал иш эмес.

Адабияттар:

1. Русские писатели о языке. Досукова А.М.(Под обүий редакцией). Хрестоматия. – Ленинград, 1954.
2. Сыдыкбеков Т. Мезгил сабактары: Публицистикалар жана адабий макалалар. – Фрунзе: Кыргызстан, 1982.
3. Сыдыкбеков Т. Табылга: Макалалар жыйнагы. - : Адабият, 1991
4. Жалилов А., Джумаева Ж. Түгөлбай Сыдыкбеков тил жана адабият жөнүндө. Хрестоматия. – Ош, 2010.
5. Исханов Б. Мухтар Ауэзов жана казак тилинин айрым маселелери. Автореферат. – Алматы, 1997.

КОНФЛИКТСИЗДИК ТЕОРИЯСЫ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНДА

Асакеева Динара
ф.и.к., доцент К.Карасаев атындагы БГУ

Согуштан кийинки мезгилдин адабиятында “конфликтсиздик” теориясына ылайык сүрөткерлерден “оң каармандын”, тагыраак айтканда, “жаңы адамдын”, шаймашай келген советтик адамдын образын жаратуу талабы келип чыккан. “Биз жалаң гана эң сонун, жакшы, кала берсе эң укмуштуу кишилер жашаган ушундай бир даражадагы абалга жетишкен имишпиз. Чынын айтканда, ал кишилердин тыптынч гана жашай берүүлөрү жана анда-санда гана анчалык деле маанилүү болбогон ар түрдүү иштер жөнүндө талашып-тартышып, же пикир алмашып коюулары керек. Анан кайрадан мемиреген эч коогасыз турмушта өмүр сүрө берүүгө тийиш” (1) – деп айтылгандай, “конфликтсиздик” теориясы СССР жазуучуларынын II сьездинин алдындагы проблемалардын бири болгон.

Бул теориянынт алабына жараша турмушту үстүртөн сүрөттөө, кооз, жасалмалуу сүрөттөө башталган, муну бул теорияны чыгаргандар талап кылышкан, мисалы, А. Эльяшевич: «Нам нужна праздничная литература, не литература о «праздниках», а именно праздничная литература, поднимаюуая человека над мелочами и случайностями» (2) – деп майрамдык адабиятка кезек келгендигин көтөрүп чыккан.

Ошону менен элдин турмушун сүрөттөөдө реалдуу чындыктагы карама-каршылыкты аттап өтүп, баяндоочулук, параддуулук, жасалгалоочулук маанайын сүрөттөөгө өткөн. Тагыраак айтканда, адабиятта «Майрамдык магдыроо» орун ала баштаган, а бул болсо типтүүлүктү механикалык түшүнүү сыяктуу түшүнүктөгү адабияттын жаралышына түрткөн. Конфликтсиздик теориясы «автоматизацияланган» адабият, агитациялык стилистикага жана пропагандалык кабыл алуулар менен тыгыз байланыштуу болгон. «Гезиттик ой-жүгүртүүнү» абсалютташтырып, плакаттык эстетиканы гиперболаштырган, тагыраак айтканда, искусствонун ролун элементардык эстетикадан тыш тарбиялоонун куралына айландырган.

“Конфликтсиздик теориясына” негизделген көркөм чыгарма коллизиядан таптакыр алыс болгон эмес, коллизия болгон, бирок өзгөчө формага өткөн, мисалы, «жакшынын» «эң жакшыдан» айырмасы, бирок бул «жансыз» чыгармалардын жаралышына шарт түзгөн. Конфликтсиздиктин схемасы адам менен аны курчап тургандардын мамилесин чагылдырган, маселен, согуштан кийинки турмушту сүрөттөөдө өзүн коллективге, үй-бүлөгө, жалпы моралга каршы адам башкы каарман менен теңтайлаш сүрөттөлүп, анын образы кандайдыр бир деңгээлде алдыңкы орунга чыккан. Жазуучулар дал ушундай адамга каршы конфликтти түзгөн, мунун баары барып-келип моралдын жана коллективдүү кызыкчылык жеңишке жетишкен ийгиликтүү турмушту чагылдырууга багыт алган, бир караганда мындай чыгарма ийгиликтүүдөй, баары сонундай сезилет. Бирок, чыгарма нукура искусство чыгармасы болуудан четтеп, сүрөткер реалдуу чындыкты чагылдыруудан алыстап, сюжеттик түзүлүш искусствонун аналогу катары чыгып, жансыз чыгармалардын чыгышына шарт түзүү менен бирге чыгарма тарбиялык жана таануучулук «мыйзамынан» ажыраган.

“Конфликтсиздик теориясы” адамды сүрөттөөдө инсандын ойлонуусу (турмушту жеке көз карашына жараша кабыл алуу) артка сүрүлүп, анын ордун жалпы кызыкчылыктын керектүүлүгү, жалпы кызыкчылыктын ортосундагы карама-каршылык ээлеген жана мүнөз түзүүдө булар негизги өзөктү түзүүгө өсүп жеткен. Көркөм чыгармадагы конфликт - жаңы адам (новатор) активдүү турмуштук позициядагы, жалпы кызыкчылыкты көздөөчү жана “бардыгы үчүн чечкиндүү кадамга” баруучу адам менен жеке кызыкчылыгын биринчи орунга койгон, мансап, пайда, тынчтыкты

көздөгөн начар, эгоист адамдын ортосунда чыккан. Мына ушундай уюшулган конфликт өмүр сүргөн.

Ошону менен “конфликтсиздик теориясы” совет адабияты жаралгандан бери келаткан тап күрөшүнө чакыруу, же окуу, билим алуу, эмгекке чакыруу сыяктуу тематикадан кандайдыр бир деңгээлде алыстап, тынч, бейпил турмушту, тынч күндөрдөгү совет адамдарынын бактылуу турмушун чагылдырууга алпарган. Колхоз турмушу, жаштардын комсомолдук иштери, эмгек талаасында болгон иштер, күнүмдүк көр-тирлик, партиялык иштер ж.б. негизги тема болууга өтүп, конфликт ушундай майда-чүйдө иштердин айланасында, турмуш-тиричиликтин айланасында, мисалы, үй-бүлөдөгү чыр-чатак, сүйүүдөгү келишпестик, алдамчылык, көңүл калуу ж.б. тегерегинде өнүккөн, тагыраак айтканда, “конфликтсиздик теориясы” башталган. Мунун жыйынтыгы конфликттен качууга алып барган. Албетте, мындай көз-караш, нукура искусство чыгармасынын эстетикалык табитине каршы маанайдыжараткан, чындыгында конфликт көркөм чыгармада болушукерек, турмушта конфликттен качууга болот, бирок искусство чыгармасында конфликттен качуу көркөм чындыкты жасалма түзүүгө, автордун өзүнүн чындыгын түзө албашына алып келет. Адабият жаралгандан бери келаткан ушул түбөлүктүү чындыкты конфликтсиздик теориясын чыгаргандар жок кылгылары келишкен. Анткени мыкты сүрөткер конфликт, коллизия аркылуу изденүүсүн, кара ниеттиктин проблематикасын, анын маани-маңызын ачып берүүдө өзүнүн чыгармачылык дараметин көрсөтө алат эмеспи?

“Конфликтсиздик” теориясы совет адабияттындагы жаңы проблеманын чыгышына жол ачкан. Бул талаптагы чыгармалар “Биздин замандын кишилери” менен башталып, “Көл боюнда” менен улантылып, ушуга окшогон чыгармалар биринин артынан бири жарала берген. Адабиятта “оң каарман” деп атоогожарай турган “өз каармандарын” түзүү иши активдүү түрдө өнүгүүгө бет алган. Мисалы, колхоз темасынын, же“өндүрүшчүл” темасынын көтөрүлүп чыгышы менен колхоздо, же өндүрүштө эмгектенген эмгек алдыңкыларынын образдарын түзүү өзүнөн-өзү жаралган.

Колхоз темасы чындыгында өзүнөн-өзү эле көтөрүлүп чыккан эмес, 1948-жылы февральда ВКП (б)нын Пленуму “Согуштан кийинки мезгилде айыл чарбачылыгын жогору көтөрүү чаралары жөнүндө” деген токтом кабыл алат. Токтомго ылайык айыл-чарба турмушун көрсөткөн чыгармаларды жаратуу иши башталат, муну идеология бөлүмү көзөмөлгө алып турган. Бул талапка аталган тема Т. Сыдыкбековдун “Биздин замандын кишилери” романында, К. Баялиновдун “Көл боюнда” повестинде, Н. Байтемировдун “Жылдызкан”, “Акыркы ок”, “Салтанат”, С. Өмүрбаевдин “Бороондуу күндөр”, “Көк жайык”, Ш.Садыбакасовдун «Күндөр”, Ш.Бейшеналиевдин «Урпактар үнү» ж.б. романдарда чагылдырылган.

Өндүрүш темасындагы чыгармалардан адамды, так айтканды эмгек адамын өндүрүш процессинде көрсөтүү, өндүрүш процессиндеги кызматын, коом үчүн кандай кызмат кылгандыгын чагылдыруу талабы коюлган.Мунун жыйынтыгында “функционер-образдар” байма-бай жарала баштаган. Башкы каармандар айыл-чарбасын, малчылык,завод, фабрика сыяктуу сүрөттөлүп жаткан системаны функциялашкан. Ошону менен функциялашкан кубулуш келип чыккан,мисалы согуштан кийин бүлүнгөн чарбаны, колхоздорду калыбына келтирүү талабы чыгармачылыкка аралашып, “малчы тууралуу”, “саанчы тууралуу”, “өндүрүшчү тууралуу” чыгармалар жарала берген. Мындай өндүрүш, же айыл чарбасы тууралуу чыгармалар өнүккөн социализмдин актуалдуу чыгармалары болуп эсептелген. Мисалы: чабандын образы (С.Өмүрбаевдин “Телегей” романы), пахтачынын образы (Т.Үмөталиевдин “Ак алтын” поэмасы),дыйкандын образы (Н.Байтемировдун

“Жылдызкан” романы), жумушчунун образы(С.Сасыкбаевдин “Фабриканын кызы” повести, Ш. Абдырамановдун “Күлазык” романы) ж.б. Согуштан кийинки жылдарда кызылчачы, куруучу, жумушчу кенчилер ж.б. эмне деген образдар жаралган жок?

Мындай каармандарга ээ социалисттик классика болуп саналган чыгармадардын сюжети советтик жөнөкөй адамдын жөнөкөй көр-тирлигин, кадимки турмуш-тиричилигин, адамдык бак-таалайын, турмуштук майда-чүйдөлөрдү сүрөттөөгө алган.

Кыргыз совет адабиятында мына ушундай маанайдагы чыгармалардын башатын Түгөлбай Сыдыкбеков “Биздин замандын кишилери” деген белгилүү романы менен баштап берген. Жазуучу “Кең-Суу” романында тап күрөшүн, кырчылдашкан кармашты сүрөттөсө, ага удаа эле жазган “Биздин замандын кишилери” романында каармандарын эмгек талаасында, кадимки турмуштук кырдаалда мүнөздөрүн ачууга аракеттенген, бул романында советтик тылдын, андагы кыйынчылык, анда эмгектенген адамдардын турмуш-тиричилиги, сүйүү, жек көрүү, ушак-айың, тагыраак айтканда, айылдагы кадимки турмуштук кырдаал, адамдардын бактысы, күнүмдүк көр тирлиги сүрөттөлгөн. Башкы каарман жөнөкөй, ак көңүл, эмгекчил Чаргын, тымпыйган, көп сүйлөбөгөн Батма, экөөнүн бактысы, ага кедерги болгон Какылдак сыяктуу кемпирдин жоругу сатира менен ишенимдүү сүрөттөлгөн.

“Улуу Ата Мекендик согуштун мезгилиндеги кыргыз колхозчуларынын патриоттук күрөшү, СССР элдеринин бузулбас достугу, колхоз дыйкандарынын граждандык жогорку аң-сезими “Биздин замандын кишилери” романынын идеялык-тематикалык негизин түзөт – деп белгилүү сынчы К. Асаналиев белгилеп келип, мораль жана сүйүү, үй-бүлө жана үй-бүлөлүк турмуш ар дайым автордун оюнда” (3) – деген. Ооба, Т. Сыдыкбеков бул романында Улуу Ата-Мекендик согуш учурунун бир үзүмүн сүрөттөп, улуттардын достугу Метрей менен акылман Акман карыя аркылуу ачып, акылдуу, токтоо Чаргындын башкаруусундагы колхоз өнүгүп, Чаргын менен Батма интригаларды жеңип өтүп, баары бактылуу жашап калышат.

Т. Сыдыкбеков кайсы улуттун өкүлү болбосун социалдык жана турмуштук кызыкчылыктары окшош советтик адамдар экендигин, советтик адамдардын турмушу окшош, бирдей болгондугун, күнүмдүк турмуш-тиричиликте баары бирдей окшош болорун сүрөттөп берген. Чаргын, Акман карыя, Камка байбиче, Батыш сыяктуу каармандары менен ошол мезгилдеги колхозчулардын турмушун, совет мамлекетинин турмушун көрсөтүп берүүгө жетишкен. Л. Пасынков айткандай Сыдыкбеков бир гана Чаргын жөнүндө эле эмес, көп адамдар жөнүндө коллективдин күчү жөнүндө чыгарма жазган, анткени, романдын каармандарынын ар бири эмгектеги күжүрмөндүлүктү көрсөтөт.

Бекеринен романга “Колхоз турмушунун дастаны” деп баа берилген эмес (Т. Үмөталиев) анткени романда согуш мезгилиндеги тылдагы турмуш, кыргыз колхозчуларынын турмушу, эмгекчилердин достугу, жеңиш, эмгектеги каармандык чагылдырылган жана “конфликтсиздик” теориясынын талаптарына бардык жагынан туура келген. Себеби мындай теория орун алган чыгармаларда негизинен турмуш көрүнүштөрүнүн ар кыл учурлары чабандын эмгеги, интеллигенттин турмушу, студент сыяктуу жаштардын турмушу, жай турмушта кыйынчылыкка кез болгон сүйүү, ушак-айың, интрига сүрөттөөнүн негизине алынып, окуя колхоз талааларында, завод, фабрикаларда өтөт. Каармандары колхозчу-дыйкандар, чабан, же кызылчачы, станокчу сыяктуу эмгек адамдары, комсомол, партия мүчөлөрү болушкан жана коллизия, конфликттик абал, же конфликттин имитациясы дал ушундай окуялардын негизинде келип чыккан. Мисалы, К. Баялиновдун “Көл боюнда” повестинде согуш мезгилиндеги турмуш сүрөттөлүп, көр-тирликтеги интрига, ушак-айыңдардын азабынан башкы каарман Жапар бир топ кыйынчылыктарга туш болот, акыры Жапар менен Жамийла

бардык кыйынчылыкты, ушак-айыңды жеңип өтүшүп, бактылуу болуп жашап калышат. Повестте согуш болуп жаткандыгына карабай дегеле бир проблема жок, баары жакшы, жалгыз проблема эле колхоздогу жалкоолор, ушакчылар. Мындан башка эч кандай кыйынчылык, татаалдык жок.

Мына ушундай сюжеттик түзүлүшү ал убактын көз карашына дал келип, абдан жакшы кабыл алынган, ал мезгилдин активдүү сынчысы Ж. Самаганов "Чоң бакыт жөнүндөгү повесть" деген макаласында повесттин сюжети социалисттик турмушту чагылдырганы менен, реалдуу чындыкты өзүндөй кылып сүрөттөгөнү менен, турмуштун өзүн сүрөттөгөнү менен, повесттин пафосу советтик эл кандай кыйынчылыктар болбосун жеңүүгө күчү жеткендигин көрсөткөн эң сонун чыгарма деп баалаган.

Мына ушундай "конфликтсиздик теориясы" орун алган чыгармалар улуттук адабиятта кеңири учурайт, анткени дал ушул мезгилде адабиятка аралашкан жазуучулардын көпчүлүгү мындай үлгүдөгү чыгармаларды жазышкан. Мисалы, Н. Байтемиров "Салтанат", "Жаш жүрөктөр", "Акыркы ок", "Жылдызкан" ж.б. романдарында "айыл турмушун", "колхоз турмушун" көрсөтүүгө умтулган. Жазуучу "Салтанат" аттуу романында согуштун алдындагы турмуш, колхозду өнүктүрүү, айыл жергесин оңдоо проблемаларын көтөрүп чыккан. Окуя эмгек талаасында планды аткаруу жана жерлерди өздөштүрүү болгон аракет тууралуу баяндайт. Окуя жаш адис Керимбектин айылга келиши менен башталып, эмгекчил кыз Күлжан экөөнүн ортосундагы сүйүүнүн тутанышы менен уланып, Керимбектин согушка кетиши менен аяктайт. Автор эмгек темасын көтөрүп, Керимбекти сүрөттөөдө анын эмгекчил экендигин, эмгекти сүйгөндүгүн алдыңкы орунга алып чыккан.

Окуянын мындан аркысы "Жаш жүрөктөр" романында уланат, бул романда Керимбектин согушка кетиши менен согуш мезгилиндеги тылдагы турмуш сүрөттөөгө алынат. Керимбек кеткенден кийин Күлжан зоотехник болуп иштеп баштайт, ветврач Мурат экөөнүн Суусамырга жылкы кыштатууну ойлоп табышып, жылкыны кыштатышат. Айылдагы эмгекчилердин турмушу, чөп чабык, жылкы багуу, согушка тамак-аш, кийим-кечек жиберүү, кары-жаштын баарынын эмгектениши сүрөттөлүп отуруп, эмгекчилердин күч-кайратта эмгектенип жатышканы, турмуштун оңолошу, айылга радионун келиши сыяктуу жай турмуш сүрөттөлөт да, окуя Керимбектин согуштан кайтып келип, Күлжан экөөнүн үйлөнүшү менен аяктайт. Күнүмдүк көр-тирлик, турмуштук көрүнүштөр, жай турмуш сүрөттөлөт, эч кандай чоң проблема жок. Конфликт турмуштук интригаларда гана орун алган, мисалы Шарипа менен Батманын Күлжандын боюнда бар деп ушак чыгарышкандыгы, Мурат менен Күлжан ооруп калган жылкыларды дарылап жүрүшсө, алар тууралуу ушактын чыгышы ж.б. "конфликтсиздиктин" мисалы.

Жазуучу ал эми "Жылдызкан" романында Жылдызкан деген жөнөкөй үй-бүлөдө төрөлгөн кыздын тагдырын сүрөттөйт. Адегенде Жылдызкандын революциядан кийинки оор турмушу, агасы Татыбектен көргөн кордугу сүрөттөлүп, бара-бара совет коомунда колхоздо эмгектенип, пахта терүүдө тынбай эмгектенген, эмгекчил, иштерман, ыймандуу, адептүү, аракетчил кызга өсүп жеткендиги сүрөттөөгө алынат. Конфликт Жылдызкан менен агасы Татыбектин ортосунда болот, Татыбек инилүү болбой, карындаштуу болгондугу үчүн аны жаман көрөт, окуудан да чыгарып алат, акыры колу тийет. Мындан соң Жылдызкан качып кетет, Татыбек күнөөсүн мойнуна алып, кечирим сурап, кайра алып келет. Ошону менен конфликт бүтөт, Жылдызкан жакшы иштеп, эмгегинин үзүрүн көрүп, сыйланып, Москвага барып келет, акыры Акунжан экөө турмуш курушу менен чыгарма аяктайт.

Дал ушундай көрүнүш С. Өмүрбаевдин "Бороондуу күндөр" романындада орун

алган, башкы каарман согуштан жаралуу кайтып келген Бердиш төрага ага карама-каршы Балтабай, Мукаштардын ортосунда конфликт жүрөт, же болбосо Т.Абдымомуновдун «Кадырлаштар» деген пьесасында райкомдун катчысынын турмушу сюжетке алынып, райкомдун катчысынын ага каршы адамдар менен болгон конфликте сүрөттөлгөн.

Мындай сюжеттик чечилиштеги чыгармалар окурмандар тарабынан жакшы кабыл алынган, анткени агитациялык, кыйкырык сүрөндүү, ызы-чуулуу тап күрөшүн чагылдырган чыгармаларга, же болбосо идеологиялашкан, партиялык чакырыктарга жык толгон чыгармаларга караганда, тынч турмушту, адамдардын жөнөкөй турмушун сүрөттөгөн жана интрига орун алып, акыры аны жеңип чыккан кааармандары бар, сүйүүнүн аягы жакшы бүткөн чыгармалар элге жаккан. Мындай чыгармалар жаңылык катары кабылданып, адабияттын кадимки турмушту чагылдырууга өткөнүнөн кабарлаган.

Бул мезгилдеги чыгармалардын темалары да окшош, бирдей болгон, согуш, колхоз турмушу, жаштардын турмушу ж.б. “айыл-кыштак турмушун” чагылдырган, “согуш”, “тарыхый” темадагы чыгармалар көптөп жарала берген да, сюжеттин чиелениши, негизги карама-каршылык, башкы конфликт жеке кызыкчылык менен жалпы кызыкчылыктын ортосунда чыккан. Конфликттин мындан башка түрү өмүр сүргөн эмес. Ал эми сюжеттик кульминация салттуу схемада түзүлүп, окуя жалпы кызыкчылыктын жеңиши менен аяктап,чечилген.

Ошону менен бул мезгилде жазылган чыгармалар советтик бактылуу турмушту сүрөттөө менен Ленин, партия көрсөткөн максатка советтик эмгекчилер акыры жеткендигин даңазалап турган.Акын-жазуучулар реалдуу чындыкты адамдардын өз ара мамилелери, эмгектенүүлөрү, кадыресе турмуш-тиричилик деңгээлинен сүрөттөө менен ачып берүүгө умтулушкан. Бирок, «Прекрасная бесконфликтность – вот будуѵее социалистического реализма! Можно ли в таком случае упрекать слишком гармонических писателей, которые если и отошли от современных конфликтов, то единственно ради того, чтобы заглянуть в будуѵее, то есть как можно аккуратнее выполнить свой писательский, свой соцреалистический долг» (4) – деп белгиленгендей социалисттик реализмдин адабиятка «жакшыны эң жакшыдан» айырмалаган конфликтти таңуулаганынан эч нерсе чыккан жок.

Конфликтсиздик теориясын ишке ашыруу А. Панковдун пикирине таяна турган болсок “Сделать это было возможно только одним путем – отгородив (теоретически) искусство от связей с его собственной историей, ограничив ради сиюминутности преемственность художественной культуры и масштаб сверхзадач. Отказ от конфликта в данном случае симптоматичен, ибо конфликт – “вечный двигатель” подлинного художественного образа” (5)– болгон.

Адабияттар:

1.Тихонов Н. Советтик көп улуттуу адабияттын жаңы жогорулашы үчүн // Советтик Кыргызстан, 1954. №8.

2. Эльяшевич А. Будни и праздники? // Звезда, 1954. №10. С.184.

3. Асаналиев К. Кыргыз совет прозасынын очерки. 2-бөлүм. – Ф., Илим, 1960. 74-б.

4. Синявский А. Что такое социалистический реализм. В кн.: Избавление от миражей. Соцреализм сегодня. – М., Советский писатель, 1990. С.62.

4. Панков А. Вечное и злободневное. – М., Советский писатель, 1981. С.24.

МАНАС БААТЫРДЫН ГЕНЕАЛОГИЯЛЫК ЭПИКАЛЫК САНЖЫРАСЫ

Жумашова Назира
К.Тыныстанов атындагы ЫМУ, окутуучу

Кыргыз эли – өзүнүн узак тарыхый жолунда не деген олуттуу окуяларды башынан өткөрүп, сырттан басып кирген душмандардан өз жерин, эркиндигин коргоп, эл деген атын сактап келген байыркы элдердин бири. Мына ошол зор тарыхый окуялар, жашоо-тиричилиги, дүйнөгө, коомго болгон мамилеси, көз карашы, келечекке карата болгон асыл ой-тилектери «Манас» өңдүү эпопеяда көркөм сүрөттөлүп, муундан муунга, атадан балага кереметтүү, баалуу мурас катары өтүп келген. «Манас» эпосунда кыргыз элинин сырттан басып кирген күчтүү, каардуу, көп сандуу, ырайымсыз душмандарга каршы жүргүзгөн көп кылымдык боштондук күрөшү – чыгарманын идеялык мазмунун аныктаган башкы тема. Эпостун башкы проблемасы – жалпы элдик биримдик, ынтымак» – дейт окумуштуу С.Бегалиев [1, 19-бет]. “Манас” эпосунун негизги мазмунун, басымдуу бөлүгүн согуштук окуялар, ар кандай мүнөздөгү, мазмундагы казаттар түзөрү белгилүү. Деги эле Манас баатырдын эпикалык биографиясы, бала чагынан өлгөнгө чейинки өмүрү сырттан басып кирген душмандардын тынымсыз, кандуу чабуулдарына каршы жүргүзгөн баатырдык басымдуу мүнөзгө ээ. Манас баатыр бүлүнгөн, чачылган ар кандай урууларды бириктирип бир эл курат. Ошону менен бирге эле «Манас» эпосунда элдин жай турмушу, үрп-адат, каада-салты, коңшу элдер менен болгон өз ара мамилеси, карым-катышы, жашоо тиричилиги да бир кыйла кеңири, бөтөнчө көркөм сүрөттөлгөнү өзгөчө олуттуу, маанилүү орунга ээ. Буга Манастын балалык чагы, Каныкейге үйлөнүшү, Көкөтөйдүн ашы өңдүү көлөмдүү, өзгөчө кеңири сюжеттүү, окуяларга бай бөлүмдөр – ачык күбө. Манас баатырдын ата-бабалары жөнүндөгү баян сюжет болуп айтылып, бир катар белгилүү манасчылардын варианттарында ар кандай көлөмдө көркөм баяндалат. Ырас, мындай баяндама айтуучунун шыгына, талантына жараша айрымдарында кыска, схема түрүндө баяндалса, айрымдарында кеңири, өзүнчө жеке сюжет болуп айтылат. Бабалардын ата-теги жөнүндө баян – жеке эле, “Манас” эпосунда эмес, жалпы эле түрк, монгол элдеринин эпикалык чыгармаларында кеңири учурап, бекем салтка айланган, сюжеттик мотив. Мындай сюжеттик салттык мотив – көчмөн элдердин тарыхый турмушу менен байланышкан көрүнүш, т.а., ал уруулук-феодалдык доордун мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнүн бири.

Манас баатырдын эпикалык биографиясынын мындай өзгөчөлүгүн В.М.Жирмунский да бөтөнчө белгилеп: «Эпическая биография Манаса, в соответствии с патриархально-родовыми представлениями, начинается с описания его родословной» - дейт [2, 35-бет]. Бирок баатырдын ата-теги жөнүндөгү баян жөн гана куру сөз, уруулук феодалдык доордун мүнөздүү бир белгиси эмес. Кеп башкада, т.а., мында негизги мотив – баатырдын ата-бабаларынын ким болгондугун угуучуларга жеткирүү. Оюбуз далилдүү, негиздүү болуш үчүн С.Каралаевдин варианты боюнча бир мисалга кайрылып көрөлү:

Түп атасы Түгөл кан,
Башкы атасы баары кан,
Башынан кыдыр даарыган,
Түнөп өткөн жерине,
Түптүү мазар оонаган,
Муну түбүнөн кудай оңдогон.

Басып өткөн жерине,
Базарлуу калаа орногон.
Муну башынан кудай оңдогон [7, 27-бет].

Келтирилген мисалда баатырдын ата-теги жөнүндөгү баян көркөм гана сүрөттөлбөстөн, ата бабаларынын баары кан, касиеттүү, өзгөчө белгилүү инсандар болгонун маалымдалат да, анда баатырдын образы эпикалык жактан идеализацияланып эпосто өзүнчө көркөм милдет аткарат. Мындай көркөм ыкма, эпикалык идеализация ыкмасы «Манас», «Семетей» эпосторунда жыш учурап олуттуу маниге ээ. Кыскасы, бул – салттык сюжеттик мотив – дээрлик бардык манасчылардын, семетейчилердин варианттарында кеңири орун алган, олуттук маниге ээ болгон мотив. Бул да кокустук көрүнүш эмес. «Манас» эпосу – негизинен, уруулук-патриархалдык доордун олуттуу тарыхый окуяларын, мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн көркөм чагылдырган баатырдык эпос. Демек, эпосто ошол доордун үрп-адат, каада-салты, көз карашы, коомго, күнүмдүк турмушка, жашоо-тиричиликке карата болгон мамилеси, түшүнүгү, мүнөздүү өзгөчөлүктөрү кеңири камтылып көркөм сүрөттөлөт.

Мамбет Чокморов – таланттуу, элге-журтка белгилүү, элдин кадыр-баркына ээ болгон, эпостун үчилтигин толук айткан чоң манасчылардын бири. Тилекке каршы, бул чоң манасчынын баалуу көркөм мурасы ушу күнгө чейин атайын кеңири, системалуу илимий изилдөөнүн обьектиси болбой келгени – өкүнүчтүү көрүнүш. М.Чокморов - «Манас», «Семетей», «Сейтек» эпосторунун оригиналдуу варианттарын жараткан, өзүнө мүнөздүү жеке өзгөчөлүгү менен айырмаланган жеке багыты бар Каракол мектебинин типтүү өкүлү.

Мына ушундай белгилүү манасчынын вариантын атайын илимий иликтөөнүн маани-маңызы, зарылчылыгы өзгөчө экендигинде сөз жок. Ар бир таланттуу манасчынын чыгармачылыгын иликтөөнүн илим үчүн өзгөчө баалуулугу жөнүндө академик В.М.Жирмунский өзүнүн оюн мындай билдирет: «Как всякое произведение устного творчество, героический эпос создается и хранится в живом народном творчестве предании благодаря искусству народных сказителей, его творцов и исполнителей. Поэтому для понимания «Манаса» как произведения народного искусства огромные значение имеет изучение репертуара и особенностей творчества его сказителей» [9, 36-бет].

Ал эми С.Орозбаков Манастын ата-бабасын жөн гана санап кетсе, С.Каралаев аларга мүнөздөмө берип, баары кереметтүү, касиеттүү адамдар, кан болушканын баян этет. «Кан» – деген титулдук көркөм аныктама «Манас» эпосунан баштап кыргыз элинин кенже эпосторунун дээрлик көпчүлүгүндө кеңири колдонулган, бекем салтка айланган, баатырдын образын идеализациялоодо кеңири колдонулган көркөм каражат, туруктуу эпитет.

М.Чокморовдун вариантына көңүл буруп, анын айтуусундагы Манас баатырдын ата-теги жөнүндөгү кеңири сюжеттүү баян манасчынын вариантындагы олуттуу өзгөчөлүк катары бааланып, Сагымбай, Саякбай жана башка манасчылардын варианттарында Манастын ата-бабасы жөн гана саналып кетсе, бир гана М.Чокморовдун вариантында ата-баба баяны кеңири өзүнчө сюжет болуп айтылат деген пикир басымдуу, олуттуу, негиздүү болуп келүүдө.

Бул маселе боюнча окумуштуу Э.Абдылдаев мындай бир өзүнүн пикирин билдирет: «Бирок тарыхый Асан Кайгы менен тикелей байланыштуу караган жалгыз гана Мамбеттен башка эч бир варианттарда, оозеки уламыш-аңыздарда учурабайт. Манастын ата-бабаларынын санжырасын баяндаган эпизодду эл арасында кеңири таралып, айтылып жүргөн оозеки аңыз уламыштардын негизинде

Мамбет кийин өзү жараткан эпизод десек туура болот» (4, 435-бет).

Чынында эле Мамбет Чокморов Сагымбай Орозбаков менен Саякбай Каралаевден, башка манасчылардан кескин айырмаланып, Манас баатырдын ата-бабаларынын баянын кара сөз, ыр аралаштырып узун сабак, көлөмдүү сюжет кылып бийик көркөмдүктө сүрөттөйт. Мындай өзгөчөлүк сейрек көрүнүш катары М.Чокморовдун вариантына гана таандык.

М.Чокморовдун айтуусунда Асан Кайгынын өмүр жолун, акындык талантын, философиялык ой-толгоолорун, эл-журттун тагдырын ойлогонун, зомбулукка, теңсиздикке, адилетсиздикке каршы күрөшкөндүгү жөнүндө айтуудан мурун Асан Кайгы жөнүндө кандай баалуу, олуттуу, маанилүү маалыматтар бар деген маселеге кайрылып көрөлү. Белгилүү окумуштуу Б.Кебекованын «Кыргыз эл ырчыларынын тарыхынын-очерктери» аттуу фундаменталдуу, терең мазмундуу, олуттуу маалыматтарга бай илимий эмгегиндеги Асан Кайгы жөнүндөгү маалыматтарына алгач токтолуп кетүүнү туура көрдүк. Окумуштуу «Эл эсинде бек сакталган байыркы ырчылардын бири – Асан Кайгы. Ал бир канча түрк элдерине (ногой, казак, кара калпак, кыргыз) терең ойчул, акылман акын катарында кеңири белгилүү. Негизинен, анын өмүр таржымалы, жашаган аймагы, окуялары, аңыз-аңгеме, уламышка айланып кеткен», - дейт [8, 67-бет]. Бул боюнча Р.Кыдырбаева да өзүнүн мындай божомол оюн айтат: «У Иссык-Кульских сказителей, по всей вероятности, когда-то бытовал развернутый сказ о прадедах Манаса, затем по каким-то причинам забытый и свернутый. Скорее всего, монументальный обңем эпоса, а в связи с этим и трудности его исполнения (во времени) давал повод сказителям отсекать некоторые сюжеты с целью концентрации внимания на подвигах самого Манаса» [10, 15-бет].

Ногой да ошол эле Асан Кайгынын доорунда жашаган реалдуу тарыхый инсан болгондугун ырастаган маалыматтар арбын. Ал тургай айрым кыргыздын тарыхын иликтегендер Ногойду биздин заманга чейинки IV кылымда жашаган кыргыздын баатыры кылып сүрөттөп, ал Түндүк Кытайды басып алган деген ойду айтышат. Эмнеси болсо да, «Манас» эпосунун көптөгөн варианттарында кезигип, ал Манастын ата-бабаларынын бири болуп сүрөттөлүшүнүн негизи бардай.

М.Чокморовдун айтуусунда Манастын ата-бабалары жөнүндөгү баян «Сары-Нүкүр жана Кара-Нүкүр деген бир тууган эки кандын тушунда Ногой аттуу жалгыз уулду Асан Кайгы деген олуя адам болгон экен», – деп жөө жомоктун стилине салып, жамакталап башталат. Адилетсиз Сары-Нүкүр Кара-Нүкүрдүн элинен өлтүрүп, адамдын баш сөөгүнөн аппапак ааламда жок ордо салдырып, дүйнө элдерин чакырып, чоң той берет да, Асан Кайгыны тойго чакырса, барбайт. Кан «Кулалы таптап куу алдым, 40 аялдын үстүнө кыз алдым» - деп, дагы эки ирет үлкөн той берип, Асан Кайгыны чакырса, дагы барбайт. Ачуусу башынан ашкан кан, Асандын колу-бутун байлап, желдеттерине айдатып келет. Асан Кайгы тойго келбеген себебин калың элдин алдында ачык билдирет.

«Баштан салдың дубалды,
Бу байкаган жок убалды»,
Адилеттик жок болуп,
Сурап турган журтуңду,
Жаш жыгачтай кыйраттың,
Кары менен чалдарын,
Катын менен балдарын,
Чыркыратып ыйлаттың,
Бир кудайдан буйруксуз,

Адамдын алмадай башын алгансың
Боору жазы жерим ук!
Менин айткан кебимди,

О, калдайган калың элим ук! – деп [5, 27-бет] Асан Кайгы ырайымсыз, адилетсиз, баш кесер, каардуу кандан коркпой-үркпөй калың элдин алдында бетке айткан адилет, калыс сөзүнө эл ынанып, кубаттап турат. Бирок кандын каары күч алып, акылынан тайып, «этин кескилеп, шишкебек кылгыла! сөөгүн талкалап отко салгыла»! – деп желдеттерине буйрук берет. Ошондо «асманда ак булут болуп созулуп, кайып ага кошулуп», Асан Кайгы олуялыгы менен жок болуп кетет.

Асан Кайгы уулу Ногойду ээрчитип, жер кыдырып, эл аралап жүрүп, бир жайга токтолот. Уулу Ногой, «жай тар, бул жер бизге жер болбойт, элинин ичи тар экен булар бизге эл болбойт, кетели, ата», – деп кеңеш салат. Окумуштуу Б.Кебекова Асан Кайгы жөнүндөгү уламыштын реалдуу чындыгы бар экендигин белгилеп минтип жазат: «Бизге жеткен санат, термелердин мазмуну боюнча Асан Кайгы жашаган доордун реалдуу картинасын түзүүгө болот. Калк бир жерге байыр ала албай, улук адилеттиктен тайып, калк ары удургуп, бери удургуп, бейпилчилик издеп ачып-тозот. Эр азаматтын башына нокто түшөт. Акылман муну элге «аңгеме кылып айтып, кайгыра берип карып болот» [8, 9-бет].

Эл өзүнүн сүйгөн баатырын башкалардан өзгөчөлөнтүп, бөлүп көрсөтүү үчүн ар кандай фантастикалык, жомоктук салттык сюжеттик мотивдерди эл кеңири колдонору белгилүү. Ар бир элдин оозеки көркөм эстеликтери баарынан мурда улуттук өзгөчөлүгү менен кескин айырмаланып, улуттун (кыргыздын) жыты, дүйнөгө болгон көз карашы, мамилеси, баасы ачык даана көрүнүп турат.

Тарыхый булактарга таянсак, Ногой – Асан Кайгыдай эле белгилүү тарыхый инсандын бири. М.Чокморовдун вариантында Манас баатырдын түп аталарынын бири, эл башкарган адил кан, эли-жерин сырттан басып кирген душмандардан коргогон, бүлүнгөн-чачылган журтту бириктирген ашкан баатыр. Ногойдун доорунда эл бейкут, берекелүү, бардар «кой үстүндө торгой уялаган» бейиштей мезгилде жашайт да, каяша берген душман болбойт. «Калкым үчүн мен Ногой, байлаймын башты өлүмгө»– дейт.

«Манас» эпосунда реалдуу тарыхый окуялар, реалдуу тарыхый инсандардын өмүр жолу бир кыйла кеңири орун алгандыгы белгилүү. Бирок реалдуу тарыхый окуялар, тарыхый инсандар эпостун мыйзамына, жоболоруна баш ийип, өзгөрүп тарыхый инсан, эпикалык каарманга айланат.

Манасчы Мамбет Чокморов, биринчиден, Асан Кайгынын белгилүү доордо жашаган белгилүү ойчул, реалдуу тарыхый инсан экенин кантип билбесин десек да туура болбос. Асан Кайгынын «Манас» эпосунун башкы каарманы, болгондо да түп атасы болуп сүрөттөлгөнүнүн жообун башка жактан издегенибиз оңдур. М.Чокморов таланттуу манасчы катары элдик уламыштар, болумуштар менен жакшы тааныш болгондугун тана албайбыз, жокко чыгаруу мүмкүн эмес. Демек, манасчы Асан Кайгы жөнүндөгү элдик уламыштарды, аңыз сөздөрдү мыкты билген. Улуу ойчулдун акылман, даанышман, көрөгөч, терең философиялык мазмундагы бай, көркөм мурасы манасчы М.Чокморовго бөтөнчө таасир этип, ички жан дүйнөсүнө бүлүк салган. Асан Кайгынын «Манас» эпосуна башкы каарман болуп кирип калышынын башкы себеби мына ушунда.

Дилгир, сөз баккан, көркөм аңызды, баалай-барктай билген таланттуу манасчы М.Чокморов Асан Кайгы жөнүндөгү аңыз кепти, уламышты чыгармачылык менен өздөштүрүп, Асан Кайгыдай көчмөн элдин философун терең акылга бай, учкул сөз, элдик макал ылакапка толгон көркөм мурасын «Манас»

эпосуна киргизип, чыгармачылык менен пайдаланып, эпостун мазмунун байыткан, көркөмдүгүн арттырган деген бүтүм чыгарсак болот. Демек, Манастын ата-бабалары жөнүндөгү баянды манасчы М.Чокморовдун табылгасы, эпостун мазмунун байыткан, көркөмдүгүн арттырган көрүнүш катары баалоо туура болор.

Адабияттар:

1. Бегалиев, С. «Манас» эпосу. -Каракол: ЫМУ, 2003.
2. Жирмунский В.М. Тюркский героический эпос Л.,1974.
3. Кыргыз адабиятынын тарыхы, 3-том. -Бишкек, 2002.
4. «Манас» Кыргыз элинин баатырдык эпосу. М.Чокморовдун варианты боюнча. – Б., 1995...
5. «Манас» Кыргыз элинин баатырдык эпосу 1-китеп / С.Каралаевдин варианты боюнча – Ф.-«Кыргызстан» 1984
6. Кебекова, Б. Кыргыз эл ырчыларынын тарыхынын очерктери. –Бишкек, 1994.
7. Киргизский героический эпос «Манас». Москва, 1961.
8. Кыдырбаева, Р.З. Сказительское мастерство манасчи. -Ф, 1984.

40-50-ЖЫЛДАРДАГЫ КООМДУК-САЯСИЙ КЫРДААЛ ЖАНА «МАНАС» ЭПОСУ

Темирова Бактыгүл
ф.и.к, профессор, ОшМУ

40-жылдарда «Манас» эпосундагы сюжеттерди, мотивдерди, образдарды кыргыз адабиятында А.Токомбаев, К.Маликов, Ж.Бөкөнбаевдин ырларында кеңири колдонулушунун негизи алардын көркөм аң-сезими эпостун кучагынан али бошой элек болгону менен коомдук-саясий, маданий шарттар да таасир эткен. Либреттосун К.Маликов, Ж.Бөкөнбаев, Ж.Турусбеков, музыкасын В.Власов, А.Малдыбаев, В.Фере жазган «Айчүрөк» операсы, либреттосун К.Маликов, А.Токомбаев, музыкасын В.Власов, А.Малдыбаев, В.Фере жазган «Манас» операсы, К.Маликовдун «Сейтек», Т.Сыдыкбеков, К.Рахматуллиндин «Манас» менен Алмамбет» драмаларынан сырткары Кыргыз ССРинин элдик комиссарлар советинин 1940-жылдын 23-мартындагы «Кыргыз элдик баатырдык «Манас» эпосунун юбилейин өткөрүү жөнүндө» №389-токтомуна ылайык эпостун юбилейин өткөрүүгө даярдыктар көрүү жана массалык тираж менен эпостун айрым эпизоддорун чакан китепче кылып басып чыгаруу жөнүндө токтом кабыл алынган. Ал токтомго ылайык «Манас» серияларынан Сагымбайдын варианты боюнча «Манастын балалык чагы» (Ф., 1940), «Алооке хан» (Ф.,1941), «Макел дөө» (Ф., 1941), «Алгачкы айкаш» (Ф.,1941), Саякбайдын варианты боюнча «Каныкейдин жомогу»(Ф., 1941), «Каныкейдин тайторуну чабышы» (Ф.,1941), «Манастын өлүмү», «Семетейдин Букардан Таласка келиши» (Ф., 1941), «Үргөнч» (Ф., 1941) китептери жарык көргөн.

Көркөм өнөрдө болсо, 1939-жылы «Айчүрөк» операсын улуттук колориттин негизинде сүрөтчү Я.Штоффер жасалгалаган. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында сүрөтчүлөр да эпостук мотивдерге, образдарга, символдорго кайрылып, изденип, узанышкан И.Безинович «XX кылымдын Гомери» аттуу картинасында улуу манасчы С.Каралаевдин портретин тарткан. Айкелчи О.Мануйлова эпостун мотивдерине

кайрылып, «Манас ажыдаарды багындырууда» (1943), «Бала Манас салбырында» (1943), «Сыргак Алмамбет менен жана ажыдаарлар» (1944) сыяктуу айкелдерин жараткан.

1945-жылы Кыргызстан компартиясынын Борбордук комитети «Манастын уулу Семетей» кинофильмин тартуу жөнүндө токтом кабыл алат. Ага удаа эле Кыргызстан КП БК 1945-жылдын 8-сентябрында «Кыргыздын баатырдык «Манас» эпосунун 1947-жылы юбилейин өткөрүү жөнүндө» токтом кабыл алынат. Юбилейлик комиссиянын төрагасы болуп Кыргыз ССР эл комиссарлар советинин төрагасы Т.Кулатов дайындалат. 1946-жылы Москвадан «Манас» киргизский эпос» («Великий поход») аттуу китеп С.Липкин, Л.Пеньковский, М.Тарловскийдин котормосунда жарык көрөт. Негизи эпосту которуу иштери 1930-жылдары башталып Кыргыз АССР ЭКС тин 1935-жылдын февралындагы токтомунда «Манас» эпосун орус тилине которуп, бастырып чыгаруу маселеси каралган. 1935-45-жылдары Е.Д.Поливанов С.Клычков, М.Тарловский, С.Липкин, Ф.Оуакович, Э.Беккердин эпостун үзүндүлөрүнөн котормолору газета-журналдарга жарыяланып келсе, эпостун «Чоң казат» бөлүгү которулуп, жарык көрүшү Кыргызстандын маданий турмушунда чоң окуя болгон. Орус тилинде «Манас» эпосунун негизги эпизоддорунун бири болгон «Чоң казаттын» орус тилинде жарык көрүшү республиканын коомдук-саясий турмушунда да зор окуя болгон. Ошол үчүн ага чоң баа берилип, Кыргыз ССРинин министрлер советинин төрагасы И.Раззаков, Кыргызстан КП(б) БК нын катчысы Н.Боголюбов тарабынан адабият жана искусство боюнча Сталиндик сыйлыктын комитетине «Манас» китебин орус тилинде чыгышына чоң салым кошкон төмөндөгү чыгармачыл курамды сыйлыкка көрсөткөн. Саякбай Каралаев – манасчы, Семен Израилович Липкин – акын-котормочу, Лев Минаевич Пеньковский – акын-котормочу, Марк Аркадьевич Тарловский – акын-котормочу, Евгений Семенович Мозольков – редактор, кириш сөздүн автору, Өмүркул Жакишев–редактор, кириш сөздүн автору, Георгий Александрович Петров – сүрөтчү, Ыбрай Абдыракманов – манасчы. Эпостун орус тилине которулуп, орус окурмандарына жетиши узак мезгилди камтыган түйшүктүү иш болгон жана аны өкмөт жогору баалап, чоң сыйлыкка көрсөтүп отурушу орундуу, жөндүү иш болгон. Таң калычтуусу ошондон көп өтпөй эле СССР министрлер Советинин алдындагы Кыргыз ССР Министрлер Советинин туруктуу өкүлү А.Деркембаев тарабынан Кыргыз ССР Министрлер Советинин төрагасы И.Раззаковго жана Кыргызстан КП(б) БК нын катчысы Н.Боголюбовго жолдогон каты келип түшөт. Ал катта А.Деркембаев Сталиндик сыйлыкка «Манас» операсын сунуштайт. «Манас» операсын жараткан төмөндөгү чыгармачылык курамды: «Манас» операсынын музыкасын жазган композиторлор А.Малдыбаев, В.Власов жана В.Фере, либреттосун жазган авторлору А.Токомбаев, К.Маликов, Каныкейдин партиясын аткарган С.Кийизбаева , сүрөтчү Я.З.Штоффер жана койгон режиссер А.Куттубаевди көрсөтөт.

«Манас» операсынын идеялык-көркөмдүк деңгээли, жасалгасы, партиялардын аткарылышына баа берүү биздин максат эмес, бирок 1946-жылы операнын 2-редакциясы кайра иштелип, көркөмдүгү ийине жеткирилип, аны режиссерлор Р.Захаров, А.Куттубаевдер койгон. К.Молдобасанов дирижерлук кылган, сүрөтчүсү А.Арефьев, балетмейстер К.Мадемилова, гормейстерлер С.Юсупов, К.Алиев болгон. Операнын оңдолушунун өзү къп нерседен кабар берип турат. Бирок «Манас» эпосунун орус тилине котормосуна жарышып «Манас» операсынын көрсөтүлүшү ошол кездеги Кыргызстандын маданий турмушунда атаандашуу күч болуп, моралдык-психологиялык климат да жакшы эместигин көрсөтүп турат. Маданият кызматкерлери, акын-жазуучулар минтип атаандашып, бир жагынан «Манасты» бетине кармашып сыйлыкка умтулуп жаткан кезде 1945-жылы «Манастын уулу Семетей» аттуу

кинофильмди тартууну жүзөгө ашырууну көздөп, Кыргыз ССР Министрлер Советинин төрагасы И.Раззаков СССР Министрлер Советинин төрагасы И.Сталинге кат жолдогон экен. Ошол катты окуп көрөлү: «Совет Министров Киргизской ССР вновь обраүается к Вам по вопросу о большом художественном кинофильме «Семетей – сын Манаса».

Эта картина исключена из производственного плана киномотографии в 1946 году и не планируется на 1947 год.

Исключение этого фильма, видимо, было вызвано необходимостью создания современной картины о борьбе народа за осуүествление огромных задач 4-сталинской пятилетки, постановленных перед нашим народом.

Киргшизский народ с огромным нетерпением ждет фильма о народном герое Семетее и потому мы вторично обраүаемся к Вам с просьбой о разрешении запланировать производство кинокартины «Семетей– сын Манаса». На 1947 год.

Этот фильм посвяшенный великому народному эпосу Киргизии будет говорить о героях-борцах за народное счастье, о суровой борьбе киргизов с китайским империализмом, с мандаринами и марионеточными ханами, ставленниками китайской военүины.

Этот фильм будет воспитывать любовь к нашей родине, укреплять героический дух народа и вдохновлять его на борьбу за народное счастье.

Картина «Семетей – сын Манаса» явится новым доказательством великой сталинской дружбы народов, покажет высокий уровень киргизского искусства. Этот фильм будет будет сниматся на Алма-Атинской студии.

Вся подготовительная работа по картине уже завершена Алма-Атинской киностудией. Заготовки всех декораций сделаны, костюмы для всех персонажей и для больших массовок сшиты в количестве до 1500 костюмов, вся сложная бутофория и реквизит сделаны. Алма-Атинская киностудия готова к началу сьемок.

Ввиду всего вышеизложенного, Правительство Киргизской ССР надеется , что просьбу о включении кинокартины «Семетей – сын Манаса» в план 1947 года Вы сочтете возможным удовлетворить.

Председатель Совета Министров Киргизской ССР И.Раззаков (1, 123-124).

«Манастын уулу Семетей» къркъм тасмасы тартылып, элге тартууланышына Исках Раззаков ынтызар болуп, бардык күч аракеттин жумшаган. Ошол үчүн ал журт атасына жалынып кайрылып жатат. Башкалар сыйлыкка жан талашып жатканда И.Раззакав элдин духун көтөрө турган, улуттук аң-сезимин өстүрө турган, жалпы эле маданияттын өнүгүүсүндө алдыга жасалган чоң иштин артынан сая түшүп, ошонун аракети, убадасы менен жүргөн экен. «Манастын» экранга чыгышы кыргыз маданиятындагы чоң тарыхый окуя болуп калмак.

Согуштан кийинки мезгилде саясый идеологиялык күрөш улам курчуп, эл аралык абал да оорлоп турган мезгил болгон. Бул тууралуу адабиятчы К.Артыкбаев мындай деп айткан: «Кыскасы, бүткүл идеологиялык фронтто согуштан кийин идеялык тазалык үчүн күрөшүү керек деген чакырык күч алган. Бул да мыйзамченемдүү көрүнүш эле. Анткени эки системанын эки башка идеологиясы жашап жаткан кырдаалда идеологиялардын күрөшү дайыма күчтүү болору өзүнөн өзү түшүнүктүү эмеспи. Коммунисттик партия бул багытта адабият менен искусство ишмерлеринин көңүлүн бура турган бир катар иш-чараларын белгилеген. Партиялык жетекчилердин ири катасы катары 1946-жылы 14-августта ВКП (б) БКнын «Звезда» жана «Ленинград» журналдары жөнүндө, 26-августта драмалык театрлардын репертуарлары жөнүндө кабыл алган… » деп жазган (2, 141).

Адабиятчы К. Артыкбаев туура белгилегендей, «Звезда», «Ленинград» журналдары идеясыз, космополитизмди даңазалаган Зощенконун, Ахматованын

чыгармаларын жарыялаган деп катуу сынга алынса, драм театрлардын репетуарлары жөнүндө токтомдо улуттук республикаларда фольклордук сюжеттерди колдонуу менен хандардын, бектердин турмушун чагылдырып, өткөндү идеализациялоого өтүшкөн. Улутчулдук күчөп кеткен деп белгиленген. Тоталитардык мамлекеттин идеологиялык багытын аныктаган пленумдан кийин улуттук республикаларда улутчулдарды издөө, бетин ачуу компаниялары жигердүү жүргүзүлө баштаган. Кыргызстанда бул саясий кампания 1947-жылы өткөрүлгөн партиялык жыйында Кыргызстан КП (б) БКнын катчы К.Орозалиевдин «Кыргызстандагы тарых жана адабият таануу илимдерин өнүктүрүүнүн кезектеги милдеттери» деген баяндамасынан башталган. Бул баяндамада «кыргыз элинин маданиятынын очерки», «кыргыз адабиятынын тарыхынын очерктери», «кыргыз элинин улуу мурасы», «Ормон хан заманындагы кыргыздар» ж.б. эмгектер катуу сынга алынган. Улутчулдукка каршы сокку иш-чарасынын алкагында Ж. Самаганов, К.Маликовдун чыгармалары жөнүндө «Тар жол, тайкы багыт» («Советтик Кыргызстан» 1948, №5) аттуу макаласын жарыялаган. Сынчы К.Маликовду эскини идеализациялап, даңазалап жатат деп доомат койгон. Бул жагдай боюнча адабиятчы К.Артыкбаев мындай деп белгилейт: «Мына ушундай кырдаалда К.Маликовдун Манасты, Семетейди ж.б. даңазалап, алардын эрдигин элдин мыкты салты катары элестетип ырдашы жана ошондой баатыр болууга элди, жоокерлерди үндөшү толук мыйзамдуу көрүнүш эле. Ошондуктан ал идеялык каталыктар бар деп эсептелинген. «Ала-Тоолук курдаштар», «Каркырада бир түнү», «Алганын айтканы», «Кайнар булак» деген ырларында Манастын, Бакайдын, Кошойдун, Каныкейдин, Жаңылдын ж.б. образдарын согуштук кырдаалга байланыштуу жаңыча мааниде элестетүүгө аракеттенген. Албетте, кээ бир строфаларды жалпы тексттен бөлүп караганда бир беткей маани бар өндөнүп сезилиши мүмкүн. Ал эми жалпы тексттен бөлбөй бир бүтүн чыгарма катары караганда алардан олуттуу идеялык каталарды табууга мүмкүн эмес…»

Ждановдун докладынан кийин башталган идеологиялык «тазалоо» кампаниясы Кыргызстанда да партиялык бийлик тарабынан жигердүү жүргүзүлгөн. Илимде А.Н.Бернштам, Б.Жамгырчинов, С.Абрамзон, М.Богданова, Т.Саманчин, Ж.Шүкүровдордун эмгектери катуу сынга алынып, идеялык жана саясий каталыктары үчүн олуттуу дооматтар коюлган. Ошол «тазалоо» толкуну кийин Т.Байжиев менен З.Бектеновду шыпырып, курмандыкка чалган.

Адабиятта болсо замана поэзиясынын өкүлдөрү Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылычтардын поэзиясы катуу сынга алынып, алар буржуазиялык, реакциячыл акындар катары бааланып, Кыргызстан КП БК 1950-жылы 18-апрелде Молдо Кылычты реакциячыл акын катары баалап, токтом чыгарып, «Замана» агымынын акындарына толугу менен кара кулпу салынса, «тазалоо» кампаниясынын иримине А.Токомбаевдин «Кандуу жылдар», К.Маликовдун «Балбай» поэмалары да тартылды жана куугунтукталган.

К.Орозалиевдин жогорудагы баяндамасынан кийин «Манас» эпосунун тегерегинде «кара туман» айлана баштаган. КПСС БКнын согуштан кийинки жылдары идеологиялык багыт боюнча кабыл алган белгилүү токтомдорунан кийин калмактардын «Жангар», татарлардын «Эдиге» эпостору реакциячыл чыгармалар катары бааланып, аларга тыюу салынган. Ошондон улам П.Балтин, Ж.Самаганов, Г.Нуровдор тарабынан «Манас» эпосуна да асылуулар башталган. 1952-жыл Г.Нуровдун «Чоң казат» жөнүндө» аттуу макаласы 1952-жылы 2-февралда «Советская Киргизия» жана «Советтик Кыргызстан» гезиттерине жарыяланган.

«Манас» эпосунун элдүүлүгүнө арналган илимий конференция 1952-жылы 6-10-июнда Фрунзе шаарында өткөн. Конференциянын алдында «Манас» эпосунун

тегерегинде басма сөздө кеңири талкуу жүргүзүлүп, эпосту сындагандар жана жактагандар да болгон. Ал талкууда болгону жазуучулар, илимпоздор эпос жөнүндө өз ой-пикирлерин ортого салышкан, маселе конференцияда чечилген. Бүткүл союздук илимий конференцияда «Манас» эпосу «элдикпи» же «элдик эмеспи» деген маселенин коюлушунун өзү эле эмне деген жасалма саясатты каөкуулап турат. Бир улуттун маданий байлыгы болгон «Манас» эпосун элдик же «феодалдык-клерикалдык» деп бөлүүнүн өзү илимий негизде туура эмес.Мындай бузуп-жаруу элдин атадан- балага, муундан-муунга өткөн ыйык мурасты кандуу капканга чабылтуунун зулум саясаты эмеспи. Атайын борбордон тапшырма менен келген окумуштуулар А.К.Боровков, Л.И.Климович, П.Балтин ж.б эпосту жокко чыгаруу, элдүүлүгүнө шек келтирүүгө болгон аракеттерине профессор Б.Юнусалиев, атактуу казак жазуучусу, манастаануучу М.Ауэзов тарабынан татыктуу жооптор берилген. Эпостун элдүүлүгүн коргоп калууда М.Ауэзовдун эмгеги зор экендигин белгилүү адабиятчы К.Асаналиев өзүнүн «Адабий айкаш» (Б.2008) эскерме китебинде: «Мына ошондо М.О.Ауэзов конференция аяктап бараткан учурда койгон үч максат: 1) советтик кыргыз элине «Манас» эпосу керекпи же жокпу, 2) бириктирилген вариант мүмкүнбү, 3) эгерде мүмкүн болсо, аны кандайча ишке ашыруу керек. Ошондо «Манас» эпосу боюнча бир-бирине эч качан келишпес саясий кырдаалда диспут жүрүп жатканда, М.О.Ауэзов өзүнүн «күн тартибине койгон үч суроосу менен, сүйлөгөн сөзүнүн мазмунун менен конференциянын алдына коюлган официалдуу маселеге түбүнөн бери карама-каршы болуп жатканы эч кимдин оюна келбесе керек. Элдин баары, атап айтканда, негизги докладчиктер, кошумча докладчиктер, жарыш сөзгө чыгып сүйлөгөндөр бир нече күндөн бери совет бийлигинин атынан, коммунисттик партиянын атынан А.Алтымышбаев официалдуу жарыялаган бир гана маселенин тегерегинде, «Манас» эпосу «Элдикпи» же «Элдик эмеспи» деген бир маселенин тегерегинде каршылашып, «найзалашып» жатышса, Мухтар Оморханович эпостун жарыкка чыгыш камын көрүп, «бириктирилген» (сводный) вариант проблемасын эң негизги максат катарында талкууга коюп жатат»1- деп олуттуу оюн жазган,

Белгилүү окумуштуу К.Асаналиев акыйкат айткандай, «Манас» эпосунун тагдырынын чечилишинде улуу жазуучунун, атактуу аалым М.Ауэзовдун сөзү чечүүчү маниге ээ болгон. Арийне, 30-жылдардан баштап, эпосту изилдеп, илимий даражага ээ болгон, көп кырдуу аалым ар бир сөзүндө «Улуу баяндын» кыргыз элине гана эмес, адамзаттык адабий мурас экендигин далилдеп, тактап, келечегине кам көрүп, анан да буйрутма баяндамачылардын да биртоло «ташын талкан» кылып, башын канжыгага байлап, боордоштук да, чыныгы чыгармачылык да эрдик жасаган экен.Мына ушундай кыл чайнашкан саясий- идеологиялык күрөш менен 40-50- жылдары «Манас» эпосунунун татаал, карама- каршылыктуу тагдыры жыйынтыкталды десек болот.

Адабияттар

1. ЦГАПД. Ф., 56.оп. 1,Д. 278. Л.
2. Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. Б., «ТАС», 2004.
3. Асаналиев К. Адабий айкаш. Б., БГУ, 2008.

ӨТӨ (ЖЕҢИЖОК) ЫРЧЫНЫН ӨМҮРҮ ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ӨЗҮНЧӨ ТАКТАЛЫП, БААЛАНУУГА МУКТАЖ

Баймырзаев Бакыт,
доцент, Ж.Баласагын, КУУ

Кыргыз элинин кыярбас рухий кенчи, баалуу көркөм дөөлөтү, эзелтен элдин улуу өнөрү катары атадан балага мурас болуп, байыркы кылымдардан бери жашап келаткан ырчылык, төкмөлүкөнөр жөнүндө көп эле айтылгансыды. Кыргыз-кыргыз болгону «Манас» баш болгон алп чыгармалар менен аралашып, ыр-бий, күлкү-тамаша жана үч кылдуу комуз күүлөрү менен өмүр сүрүп, сөз өнөрүн өтө жогору коюп келгендигин билебиз. Ошондон улам кыргыздар «Өнөр алды кызыл-тил», «Көз жетпеген жерге сөз жетет», «Сөз келгенде айтпаса сөздүн атасы өлөт», «Сөз падышасы-ыр», «Бутунан чалынган турат, сөзүнөн жаңылган турбайт», «Ойноп сүйлөсөң да ойлоп сүйлө», «Пил көтөралбаганды тил көтөрөт» ж.б. таалим-тарбияга ширелген нускалуу сөздөрдү, макал-лакаптарды жаратышкан. Ушул сөз өнөрүн өнүктүрүп, элдин ички маданиятын, рухий көрөңгөсүн тынымсыз байытып келген өнөр адамдары- төкмө акындар, ырчы-комузчулар, манасчылар. Кыргыз адабият тануу илиминде, анын ичинде кыргыз «Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктеринде» өткөн XIXкылымдын IIжарымында төкмө ырчылардын, акын-манасчылардын кыргыздарда өтө көп чыккандыгы жөнүндө маалымат берилет: «Өткөн кылымда кыргыз жергесинде кыйла ак таңдай акындар жашаган, бирок алардын чыгармалары түрдүү себепке байланыштуу өз учурунда жазылып алынбагандыктан, көпчүлүгүнүн чыгармалары унут болуп, айрымдарынын аттары аңыз сөз сыңары айтылып жүрөт. Карылардын берген маалыматтарына караганда, Кетмен-Төбө өрөөнүндө отуздай төкмө акын бир мезгилде жашаса, Талас өрөөнүндө жыйырмадай ырчылар болгон.**[1]** Мына ушундай аты-жөнү элге оозеки түрдө кеңири тараган, бирок илимий аспектиде сөз болбой, чыгармалары кийин гана, т.а. улуттук кайра жаралуу процесси кечээ 1980-90-жылдардан баштап жанданган, жаңыча көз карашка муктаж болгон учурлардан бери карай көбүрөөк айтыла баштаган актактуу ырчы (Жеңижок) Көкө уулу, анын чыгармачылыгы болуп саналат.

Өтө (Жеңижок) акын жөнүндө, анын чыгармачылыгы тууралуу баалуу илимий көз караштар жогоруда белгилеп өткөндөй, биздин кылымдын 80-жылдарынан кийин башталды деп айтсак туура болчудай. Себеби, мурунку тоталитардык доор мезгилиндеги бир беткей идеологиялык саясат буга жол берген эмес. Чын эле Жеңижок акындын чыгармалары элге терс идея, зыяндуу саясий көз караш жаратуучу «реакциячыл» мүнөзгө ээ деп түшүнүүгө негиз бар беле деген суроо туулат. Албетте, мындай негизсиз шектенүүлөрдүн, айыптоолордун ордуна бул өнөр адамынын чыгармалары терең талдоого, түшүнүүгө, астейдил илимий мамилеге муктаж экендигин эң алгач эл жазуучубуз, академик Ч.Т. Айтматов 1982-жылы Жеңижоктун адабий мурасына ар тараптуу кеңири планда сареп салып, аталган акындын чыгармачылыгы аркылуу бул өнөрдүн өткөнү менен келечеги жөнүндө баалуу ой-пикирлерин билдирген эле. Анда автор айтылуу акындын алп таланты, чыгармачылыгы, көркөм дүйнөсү жөнүндө мындайча баа берип, баса белгилеген. «Ырды кунт коюп угуу, окуу гана керек, ошентсе да мен Жеңижоктун ырларынын мазмунун тереңдетип, көркөмдүк күчүн арттырып, окуганда укканды өзүнө тартып турган нерсе-анын философиялык ой жүгүртүүлөрүэкенин атайын баса көрсөткүм келет. Дүйнө, адам, жакшы менен жаман, ак ниеттик менен кыянаттык, күнүмдүк тиричилик-ушунун баарына акын өзүнүн терең жана бекем көз карашынан, азыркы тил менен айтканда, философиялык-эстетикалык концепциясынан туруп баа берет. Мындай

адам сөздү эч качан майда барат нерселерге кор кылбайт, өз өнөрүн күнүмдүк тамагынын кулуна айландырып жибербейт. Ал мейли аккан сууну ырдайбы, мейли жалгыз талдын арманын айтабы, мейли санаттан терме курабы, мейли кызыл тилин сабап бирөө менен айтышабы-кай учурда болбосун өзү жетелеп алган ой бийиктигинен паска түшүп кетпейт, тескерисинче, пенделик, утурумдук мажирөө түшүнүктөрдү тумандай алыс айдап, адам рухуна канат байлап, көтөрмөлөп, өйдө обого көтөрүп алып чыгат. Ырчынын өз айлана-чөйрөсүнө тараткан гуманисттик, №№№ агартуучулук прогрессивдүү идеяларын маңызы мына ушунда калат го деп ойлойм. Жеңижоктун ырлары мына ошондой акыл-ой чабытынан, терең баамчыл көз караштан, ак менен каранын түбөлүктүү күрөшүн түшүндүрүүдөн, Адам Ата, Обо Энеден тартып канат-бутагы тонолуп, жалгыз турган талга чейинки дүйнө, тиричилик кеңдигинен жаралган жандуу, тирүү, канаттуу ырлар».**[2]** Мына ушул тезис түрүндөгү терең мааниси бар ойлордун ошол мезгилде (1982-ж) жарыкка чыгышы менен Жеңижоктун чыгармачылыгына экинчи өмүр уланып, акындын адабий аруу дүйнөсүнө кеңири чыгармачылык, чыныгы илимий саякат башталган. Андан бери бир топ адабий макалалар, атайын изилдөөлөр, айрым аз санда болсо да монографиялык, академиялык эмгектер жарык көрдү. «Талаштан тактык жаралат» демекчи Жеңижоктун чыгармачылыгы бүгүнкү күндө аздыр-көптүр бир нукка түшүп, илимий чындыкка айланып баратат. Албетте, баары айтылды, эми эч нерсеси калган жок, бүтүндөй түшүнүктүү деп айтууга али эрте. Чындыгында, кыргыз акындар чыгармачылыгынын алп өкүлү болгон Жеңижок өңдүү төкмө-ырчыларга болгон чыныгы илимий көз караштын чоң эшиги эми гана кенен ачылып олтургансыйт. Мындай ак ниет мамилеге көзү өткөн улуу муун ырчы-жомокчулардын, төкмө акындардын көбү муктаж. Ушул өңүттөн алып караганда бүгүнкү күндө Жеңижоктун өмүрү, баскан жолу, жалпы чыгармачылык өнөр дүйнөсү дагы эле болсо айрым ойлордун учугун улап, улуттук өнөрдүн уңгусун аңдап-түшүнүүгө чакыргансыйт.

Улуу акындын өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндө ушул күнгө чейин атайын изилдөөлөрдү, адабий макалаларды жазган кыргыз окумуштуулары: Ш.Үмөталиев, М.Борбугулов, Ж.Жаныбеков, А.Абдыразаков, А.Токтогулов, С.Кайыпов, А.Жусупбеков акындын чыгармачылыгындагы ар түрдүү жагдай-шарттар боюнча өз көз караштарын билдирүү менен бирге Жеңижоктун чыгармачылык дүйнөсү уламдан-улам бизге жакындап, узак жылдар бою эл – журттан «жат» болуп келген улуу акындын мурасы өз жүзүн окурмандарга, илимий коомчулукка таанытууга мүмкүнчүлүк түзүлдү. Эң негизгиси, ушул күнгө чейин белгисиз болуп келген айрым түшүнүктөр, адабий – турмуштук фактылар, материалдар эми гана аз-аздап ордуна келип жаткансыйт. Эң өкүнүчтүүсү төкмө акын Жеңижок өзү:

«Ак куржун толо ыр калды
Айтылбай эчен сыр калды
Көкүрөк толгон муң калды,
Көп кыргызым окууга
Көк куржун толо ыр калды, -

депбелгилеген ырлар кол жазма түрүндө бизге жетпей олтурганы болмокчу. Азыркы окулуп жүргөн алгачкы ырлар жыйнагы (1982-ж) жана фольклорист А.Жусупбеков тарабынан эл оозунан чогултулган, ошол эле учурда Кыргыз ИАсынын кол жазмалар фондусундагы азыноолак материалдар анык айрым гана чыгармалары экенин айтып өткөнүбүз жөн. Чындап көз жүгүрткөн адамга аталган китепте Жеңижоктун колдо болгон чыгармалары толук камтылбагандыгы байкалат.Өзгөчө Жеңижоктун диний мативдеги чыгармалары бул жогорку көрсөтүлгөн биринчи китептен орун алган эмес. Мунун башкы себеби, дагы эле айланып келип ошол күндөрдөгү бир беткей

идеологиянын таасири экенин бетке кармайбыз. Мунун өзү азыр Жеңижоктун толук үйрөнүп – билбегендик катары саналса, экинчиден улуттук руханий көрөңгөбүздүн бөксөрү багытына баш койгондугун далилдейт. Демек, Жеңижоктун адабий мурасы элге толук жетип көркөм чыгарма катары өз функциясын өтөп жатат дегенибиз али эртеби деген ой келет. Улуу акындын ушул күндө колдо болгон бардык адабий мурасын элге таанытып, анын айланасында кеңири илимий ой-пикир айтууга мезгил жетти. Көз карандысыз мамлекеттин көзгө басар акындарынын бири болгон айтылуу ырчы Жеңижоктун чыгармаларын элибиз дурус билбесе-бул уят иш. Акындын эл оозунда айтылган, жыйналган, керек болсо жарык көргөн эле болсо тактап, ирээттеп, кайра чыгаруу ишин колго алуубуз зарыл. Жеңижок акын кыргыздын улуттук сыймыгы катары бааланууга толук татыктуу. Улуттук сыймыгыбызды унутта калтырууга бүгүнкү мезгил, заман агымы жол бербейт. Бүгүнкү күндө Жеңижок биздин аң-сезимибизде төкмө ырчы катары жашап, орун-очок алууда. Ал эми эртеңки күндөрдө Жеңижок жазгыч акын катары таанылууга ыңгай-шарттар, мүмкүнчүлүктөр түзүлсө деген ой-тилек көөдөндө жашап келет. Муну айтып олтурганыбыздын себеби, Жеңижоктун азыркы чыгармачылык акбалы, көркөм-адабий потенциялы бизди ошондой зор үмүт-тилектерге үндөп, унутууга кош канат байлайт. Бул да болсо акындын талант дарамети, ички маданиятынын улуулугу деп түшүнгөнүбүз оң. Эми Жеңижоктун өмүрү, чыгармачылыгына байланыштуу бир-эки жагдай жөнүндө ой бөлүшөлү.

Жеңижоктун туулган жери, дүйнөдөн кайткан мезгили 1980-90-жылдары жарык көргөн эмгектерде ар түрдүү, бирде 1860-жылы Таластын Сары-Көбөн (азыркы Манас району, Покровка айылы) деген жеринде төрөлгөн десе, кээде жөн эле Манас районунун Покровка айылында төрөлгөн деген так эмес маалыматтар берилип келсе, дүйнөдөн кайткан жылы бирде 1916-жылы, бирде 1918-жыл деп белгиленип келди. Көрсө Жеңижок ырчынын туулган жери азыркы Кара-Буура районунун аймагына караштуу Сары-Көбөн деген айыл болгон экен. Ал жерде азыр мурунку Чолпонбай атындагы колхоз, сельсовет жайгашкан. Бул жердин жашоочулары менен сүйлөшүп, Жеңижок ырчынын туулган айлы Сары-Көбөн азыр кайсыл жерде, кандай аталат деп сураганыбызда, азыркы Кара-Бууранын оозунан төмөн карай Чолпонбай Айыл Кеңеши жайгашкан жер илгери Сары-Көбөн аталгандыгын айтышкан. Анан калса, Чоң Кара-Буура азыркы (Буденный) айылы да ушул аймакка карайт. Биздин жеке көз карашыбызда аталган Буденный айылы же азыркы Чолпонбай Айыл Кеңеши илгери Сары-Көбөн сельсовети аталган болуу керек. Анын көрүнүктүү полководец, мамлекеттик ишмер, маршал Буденный көз жумганда же кыргыздын баатыр уулу Чолпонбай Түлөбердиевдин эрдиги дүйнөнү дүңгүрөткөндө мурунку Сары-Көбөн сельсовети жоголуп, айылдын аты да биротоло өчүп, анын ордуна Чолпонбай колхозу, Айыл Кеңеши же болбосо Буденный айылы аталса керек. Кыскасы, Сары-Көбөн айылы ушул чөлкөмдө. Кийинки күндө адабиятчы, профессор А.Абдыразаков өз изилдөөлөрүндө бул жагдайды алгачкылардан болуп туура белгилеп көрсөттү. Ошондой эле акындын өлгөн жылы, анын себеби да ар түрдүү мүнөздө белгиленип келди. Айрым адабиятчылар (С.Кайыпов баш болгон Жеңижокту учук оорусу менен ооруп жүрүп өткөн десе, айрымдары жылан чаккан, ошондон кайтыш болгон деген маалыматтарды беришет. Чындыгында акын өзү чыгармаларында белгилегени ырас болсо, анда Жеңижок ырчыны жылан чагып, ошондон каза болгон деп түшүнгөнүбүз оң.

Демек, 1916-жылы эмес 1918-жылы Жеңижокту жылан чагып, ошондон каза болуп, сөөгү Аксынын Кара-Суусуна коюлган деген түшүнүк бүгүнкү күндө так. Муну акын өзү да чыгармаларында бекемдеп далилдейт.

Ак кыяны сел бузуп,
Адам өтпөс жол беле?
Ак таңдай ырчы аталып,
Тартаарым мээнет шор беле?
Көк кыяны сел бузуп,
Көч өтпөгөн жол беле?
Кара чаар уу жылан,
Мага көрүнөө бүткөн шор беле?

Мындан тышкары адабиятчы, профессор А.Абдыразаков баса белгилеп өткөндөй **[3]** Жеңижоктун чыгармалары башка акындардын өмүрү, чыгармачылык жолунан хронологиялык жактан айырмаланат. Б.а. акындын алгачкы, андан кийин калыптанган мезгили, гүлдөп-өнүккөн учуру деп айрып таанып, бөлүп кароого бүгүнкү күндөгү жарыкка чыккан материалдар, акындын адабий мурасы толук мүмкүнчүлүк бербейт. Бир караган адамга Жеңижоктун чыгармалары баары бирдей, сапаттык деңгээли боюнча бирин экинчисинен өйдө санап, өзгөчө баалоого негиз жок сыяктуу сезилет. Акындын бардык чыгармалары өзүнчө орошон ойдун булагы, даанышман рухтун кылымдарды карыткан нарк-насили, асыл бермети катарында өз жеткен чегинен көзгө толумдуу сынынан такыр эле жазбайт. Баарында адамдын акыл-эсин ай ааламга оболотуп, алга сүрөгөн эзелки элдик философия кулакка кайра жаңырыктап, эртеңки күнгө канат серметип, жакшылык, тирүүлүк, сулуулук сыяктуу аруу керемет дүйнөгө шоокум сала сызып өткөн улуу куш сыяктуу сезилет. Акындын чыгармалары тематикалык жактан да майда дегидей деңгээлден көтөрүлүп, кайсыл багытта ырдабасын анын ички маани-мазмунун, көркөм формасын, сөз менен иштөө маданиятын айгинелеп көрсөтүү менен акын опол тоодой проблема жаратат. Жеңижок акын өз чыгармачылыгындаэлдик өнөрдүн эзелтен бери келаткан идеялык-эстетикалык принциптерин туруктуу мүнөздө улантып, өмүр бою аны бийик сактап, өзүнчө аспектиден карап ырдап өткөн. Акындын «Айт, айтдесе» деген чыгармасындагы саптар төмөнкүдөй үлгүдө көрүнөт:

Айт, айт десе токтолбой,
Ашуудан шамал соккондой.
Аксы менен Таласты айт,
Көкчө менен Манасты айт.
Күн жүгүрүк канатты айт,
Күйгөн элде санатты айт.

Чындыгында ырчылык өнөрдө, өзгөчө бул жөнүндө кыргыз элинин аң-сезим, түшүнүгүндө ырды турган жеринен шар төгүп, көзүнө көрүнгөн турмуш үзүмүн, окуяны жандуу, элестүү, көркөм формада баяндап айта алган адамды гана чыныгы, сөздүн толук маанисиндеги төкмө, акын катары баалашкан. Анан калса:

Акындардын ырын айт,
Акыландын сырын айт.
Кедейлердин муңун айт,
Балбандардын күчүн айт,.
Арыстандын сүрүн айт,
Булбул торгой үнүн,
Чөбүн айтпай гүлүн айт,

Туулуп өскөн жериңди айт,

Куттуу кыргыз элиңди айт-деп жогорку көз карашты андан ары тереңдетип, аны ар тараптан бекемдөөгө умтулат. Жеңижок үчүн ырчылык кесип биринчиден, өз туулган жери менен бекем байланышта өнүп-өсүүчү көркөм өнөрдүн бири экендигин

айтат жана андан ар бир адамдын адамдык чыныгы жүзү таанылa тургандыгын көрсөтөт. Мындан улуу акын өзү жеткен бийик деңгээлге кокусунан, өзү жалгыз эле, оңой жетип алдым дебестен, өзүнө чейинки улуу муундар тарабынан жаралып, көркөм аң-сезиминин кайра-кайра өткөрүлгөн сөз берметтерин, элдик философиянын негизги жоболорун, моралдык-нравалык ой түшүнүктөрүн чеберчилик менен өздөштүрүп, аны андан ары тереңдетип, өнүктүрөт. Жогорку келтирилген үзүндү- мисалдан эле Жеңижок акындын ырчылык, адамдык бийик облиги ачылат десек аша чапкандык болбойт. Мында айтылуу акындын көз карашында өткөн мезгилдерде айрым адамдар айтып келген «реакциячыл», «зыяндуу», «коркунучтуу» көз караштарга караганда чыныгы сүрөткерлик, тунук чыгармачылык сапат, элдик демократиялык, философиялык көз караш басымдуулук кылат. Мына ушул идеялык-эстетикалык көз караштардын туу чокусунда Адам жана Заман проблемасы туруп, Жеңижок акын анын тынымсыз мээнеткеч кулу катары кызмат өтөгөн. Өзү жашаган замандын ак-карасы, жакшы менен жаманы, байы менен кедейи акындын такай көз алдында болуп, анын табышмактуу сырын, себеп-натыйжаларын билүүгө тынымсыз аракеттенген жана эл ичинде бирге болуп алардын кубаныч-кайгысына, ыйы менен күлкүсүнө тең орток жашап өткөн. Анан калса, акындын өзүнүн жеке адамдык тагдыры да көп чыгармачылык ойлорго, изденүүлөргө, толгонууларга түрткү болуп келген. «Аксыдан чыккан Жеңижок, айтышарга теңи жок» деген баа-аныктама акын өзү айткандай «Айт, айт десе токтолбой, Ашуудан шамал соккондой» акын –Адам болгондугунан улам бири-бирине дал келип, жогорку айтылган чен-өлчөм жөн гана куру мактоо үчүн айтылбагандыгын күбөлөйт. Анткени Кара-Суу айлынан болуп, Өтө аксылыктарга жээн экен. Ал эми кыргыз элинде «жээн келгенче жети бөрү келсин» деген сөз бекер жеринен айтылган эмес. Чындыгында жээнге көрсөтүлгөн сый-урмат анын энесин сыйлоо, экинчиден жээн башка бир элдин өкүлү катары да барктуу, уяттуу адам деп саналган. Ушул аспектиден алып караганда Өтөнүн таякелери өз жээнине эле чоң камкордук көрүшүп, анын айтканы менен болуп, эркине коюшкан. Өзгөчө кийин Өтөнүн чоң ырчы болуп чыгышы, тага журтунун ага болгон сый-урматын андан бетер тереңдетип, күчөткөн. Мунун бирден-бир далили катары Жеңижоктун Көк сулууга үйлөнүшүн айтсак болот. Азыркы элге белгилүү маалыматтар боюнча алганда Көк сулуу Өтөгө чейин никелүү зайып катары өз айлында бардар үйдүн бүлөсү болгон. Бирок, Өтө менен көңүл кушу туура келип, аны менен баш кошууга мурда эле макулдук берген. Ал эми ошол убактагы элдиксалт боюнча никелүү зайыптын башын ачып, өзүнө нике жаңыртуусу эркек адам үчүн оңойго турган эмес. Революцияга чейинки кыргыз элиндеги оор жазалар биринчи эр өлтүргөндөргө, экинчи-эриш бузгандар же т.а. бирөөнүн ак никелүү аялын өзүнө ыйгарып, бузукулук жолго баргандарга колдонулган. Эгерде аялдын өз макулдугу болсо, болбосо да ага мурунку күйөөсү ошол өлчөмдөгү калыңды көп эсептеп аялдын мурунку кайын журтуна төлөп берүүсү зарыл болгон. Мына ушул элдик салт-санаанын баарына чыдап акындын таякелери (өзгөчө Сулайманкул болуш) Өтөнүн намысы үчүн деп Көк сулуунун башын көп калың төлөө менен ачып, аны Жеңижокко алып беришкен. Мунун өзү Жеңижоктун ошондогу эл ичиндеги акындык, жээн катары Адамдык абройун аныктаса, ошол эле учурда мындай моралдык жана материалдык колдоо анын «ашуудан шамал соккондой» өтө шар, курч тилдүү өктөм акын болушуна өзгөчө шарт түзгөн.

Экинчи маселе, Жеңижоктун Нурмолдо менен болгон чыгармачылык байланышы жөнүндө. Ушул күнгө чейин бул эки чоң инсандын адамдык жана акындык карым-катышы ар түрдүү жагдайлар менен түшүдүрүлүп жүрөт. Соңку убактарда Нурмолдо Жеңижоктун устаты, окутуучусу, жашы боюнча улуу адам катары каралып келди. «Али турмушту өз көрүмү менен көрүп, туюму менен туюп, доорго болгон пикири калыптана

элек, бирок, сырткы таасирди тез кабылдаган сергек балага бул өбөлгөлөр (диний кызматкерлердин ар түрдүү жумуштарын аткарып, алгач диний билим алуусу жөнүндө сөз баратат Б.Б) таасир этпей койгон эмес. Ал кездеги Жеңижокко өзгөчө таалим көрсөткөндөрдүн бири арабча кат тааныган ырчы Нурмолдо болуучу. Табиятында ырчылык шыгы бар, сөз татымын сезе билген зирек баланын көкөйүнө анын диний санаттары, өмүр, өлүм жөнүндөгү пессимисттик ырлары из калтырбай койбогон чыгар» - деп адабиятчы С.Кайыпов өзүнүн «Баш сөз» макаласында **[4]** белгилесе, белгилүү адабиятчы Ш.Үмөталиев 1988-жылы жарык көргөн «Акындар чыгармачылыгынынтарыхынын очерктери» аттуу коллективдүү эмгектеги Жеңижок жөнүндөгү адабий портретте көтсөткөндөй:**[5]** Таякеси ыр менен алпурушканын билип аны тилдеп, «кыл тырмаганды коюп, дилиңди агартып, диндин артынан түш» деп койгон болучу. Мына ушул жагдайларга байланыштуу, Өтө бир нече жылдар бою өнөрүн өстүрө албай, жашырып, жабыгып жүрүүгө мажбур болот. Акыры чыдабагандан кийин Анжиян тарапта бир чоң той болуп жатканын угуп, анда ырчы-чоорчу, комузчулардын келишээрин билип, жөнөп калат. Ал барганда там ашанын үстүнөн чыгат. Өтө ошол жерден ачыкка чыгып ырдап, Нурмолдо деген ырчыны баштап, бир нече ырчыларды катары менен жеңип чыгат. Мына ошондон баштап, анын Өтө деген аты өчүп, көбүнчө эл арасында Жеңижок аталып калган». Мында Өтө Нурмолдого кокусунан, мурун эч бир жерде көрүшпөгөн адам катары кездешет. Ал эми кийинки бир үчүнчү маалыматтар боюнча, тактап айтканда Ала-Букалык карыя журналист маркум Калмурат Рыскуловдун айтып, жазгандарына ишенсек, анда Нурмолдо менен Өтө (Жеңижок) Наманган шаарындагы Молдо Кыргыз медресесинде диний жана башка илимдер боюнча аздыр-көптүр сабак алышып, аталган медресени Нурмолдо толук бүтүп, ошондо сабак берсе, кийин Өтө келип андан билим алат. Нурмолдо ошол аймактын кулуну болгондуктан журналист К.Рыскулбековдун буга кызыгып, эл ичинде ар түрдүү иликтөө иштерин жүргүзүүсү толук мүмкүн. Ушул жагдайдан алып караганда жогорку көз караштын чындыкка жакындыгы бардай туюлат. Анын үстүнө Жеңижоктун аалам, дүйнө, өлүм, өмүр, жакшылык, жамандык ж.б.темалар боюнча айткан философиялык, анан калса диний көз караш, ишенимдери муну далилдейт. Эч убакта ошол убактагы айылдык молдодон эле билим алган адам Жеңижоктой ой жүгүртүп, алар боюнча жеке көз караш, пикирин ачык билдирип, исламдын «теоретиги» катары алты дубан кыргыз элинин оң менен солуна кеңири таанылган айтылуу ырчы Нурмолдо менен тартынбай беттешип ага карата:

Эң жаманы күнөөнүн-
Ушак айткан калпычы.
Эл жактырса айтканың,
Өнөрпостун баркы ушу
Тозок менен бейиштин,
Колуңда бейм ачкычы.
Анык өзүң окшойсуң,
Дүйнөнүн жарчысы.
Жарык дүйнө-бейишим,
А дүйнөдө бар бекен?
Ушунун бир тамчысы?

Билип туруп чын сүйлө

Бейиш мына бул дүйнө! – дегендей кескин ой-пикир билдирип, ошол замат кайра эле өзү төмөнкүдөй суроо узатат:

Ай, күн, жылдыз, асман, жер.

Айтчы кайдан жаралды?
Ай – ааламдын жүзүнө
Адам кантип таралды?
Айдан жылдыз чексиз көп,
Түн эмине караңгы?
Ажыратып айтып бер,
Адал менен арамды?

Бул суроолорго жооп бералбай Нурмолдо ырчы Өтөдөн жеңилген имиш. Мунун өзү кыйла опурталдуу, анан калса тактоону талап кылчу иш. Анткени, медресе биз түшүнгөндөй жалаң эле диний билим бербестен башка так илимдер менен кошо гуманитардык багыттагы сабактар да окутулган. Анда астрономия, геометрия, арифметика, география, адабият сабактары өтүлгөн. Жеңижоктун чыгармачылыгынын күчтүү деңгээлде өнүгүүгө багыт алышы ушул жогоруда саналган медреселик сабактардын күчү деп түшүнгөнүбүз жөндүү болмокчу.Ал эми Нурмолдо ырчы ошол алган көп тармактуу билимдердин ичинен бир гана багытты-диний жагын тандап алгандыгын, ошол өзгөчөлүгү менен атак-даңкка жетишкендигин сезип-туюп келебиз. Анан калса, Нурмолдо шарият илими боюнча күчтүү даярдык болгон, ал көп окуган. Демек,өзүнүн окуусунан Нурмолдонун жеңилиши мүмкүн эмес.

Ушул жерден дагы бир баса белгилөөчү жагдай, Жеңижок кийинки айрым бир авторлор, жыйнактын түзүүчүлөрү аракет жасагандай диний түшүнүкөрдон кол үзүп, кайырдин болуп кеткен эмес. Айрыкча акындын алгачкы чыгармачылык башаты ушул багытта болгон экен. Бул жөнүндө 1981-жылы адабиятчы, профессор С.Кайыпов: «Жеңижоктун адепки бир диний ырларын анын өзүнчө ырчы катары калыптана элек, элдик поэзия менен таанышып, берметтерин өзүнө сиңире, элек айланасындагы динчил ырчылардын таасиринен али чыга албаган, телчигүү мезгилиндеги чыгармалары катары түшүнүү керек, деп айтканы да эске алуучу жагдай деп билсек болот. **[6]**Мындан Жеңижоктун алгачкы чыгармачылык ишинин башталышы жонүндө учкай болсо да маалымат алууга болор эле. Бирок, ошого карабастан Жеңижоктун чыгармалары толук бойдон жарык көрбөй, диний багыттагы ырлары элге бурмаланып, кечигип жетип жатканы өкүндүрөт. Кийинки демократиянын, көз карандысыздыктын шарапаты менен республиканын эмгек сиңирген артисти, белгилүү обончу-дастанчы Жолболду Алыбаевдин аткаруусундагы Жеңижоктун чыгармаларынын элге аздыр-көптүр таанылып жатышы да шүгүр дечү көрүнүш. Жеңижоктун көпчүлүккө көп билинбеген чыгармасы «Бир Алла» жалаң диний көз карашка ширелип, бул ааламдын жаралышы жалгыз гана Алла же Кудайдын кудурети менен болду деген ойго таянса, кийинки бир чыгармасы «Дүнүйө» деген ырында буларды жалпы эле материядан көрөт. «Бардыгынан маанилүүсү мына ошол материя баш аламан жаралган эмес, ал өзүнүн өнүгүшүууу боюнча стихиялык түрдө өнүкпөстөн, закон ченемдүү түрдө өнүккөн деген ойду айтат жана мындай ой биздин билишибизче, чыгыш ойчулдарынын ичиндеги мурда кезикпеген таптакыр жаңы ой-деген адабиятчы Ш.Үмөталиевдин алгылыктуу пикири **[7]** кийинки изилөөчүлөр тарабынан этибарга алынбай, кайра эле көнгөн адат боюнча «стихиялуу материализмдин, мажес материализмдин өкүлү» деген түшүнүктү колдонуп жүрөбүз. Мунун өзү айтылуу адабиятчы Ш.Үмөталиев адилет белгилегендей Чыгыш ойчулдарынын ичинен Жеңижоктун өзгөчөлүгүн көрсөк да көрмөксөн болуп, анын акын-ойчул, улуу гуманист инсан болгондугун, чыныгы нарк-насилин төмөндөткөндүк болмок. Мындай ырааттуу материалистик көз караш акындын «Турбайбы», «Аккан суу», «Айт, айт десе», «Замана» сыяктуу чыгармаларында тынымсыз улантылган.

Акындын адамдык адеп-аклах жөнүндөгү санат-касиет, термелеринде пенде

баласында зарыл түрдө калыптанып, такай өнүп-өөрчүп туруучу негизги адамдык сапаттардын башында-эмгекчилдик, чынчылдык турат.

Тишиң барда таш чайна,
Ар ишти кылгын күч барда.
Сага бекер оокат, аш кайда?
Жалкоолук түбү курулат,

Эмгектенсең зор пайда-десе, андан ары ошол эле көз карашты улантып, « Айтамын санат табуңа» деген ырында.

Атың барда-жер тааны,
Атаң барда-эл тааны!
Экөөбү тең бар чакта,
Эмгектенип, эр жигит.
Эпчил болуп жан сакта!
Эртеңкиңди ойлоп жүр,
Эрмин десең калп айтпа!-деп чынчылдыкты биринчи катарга коет. Акындын «Накыл кеп», «Айтсам сөздүн жөн-жөнүн», «Жакшы аял», «Жакшы жигит», «Жаман аял», «Санат», «Айтамын санат тобуңа» сыяктуу чыгармалары элдик педагогиканын негиздери катары каралууга тийиш.

Акындын айтыштары, арман мотивиндеги чыгармалары, Ата Журт темасындагы ырлары атайын өзүнчө сөз кылууга муктаж. Кыргыз элинин улуу ойчул акыны Өтө (Жеңижок) Көкө уулунун чыгармачылыгы ар тараптуу илимий изилдөөгө зор обьект болуп бермек. Эң негизгиси, Жеңижоктун чыгармаларын эл оозунан толук жыйнап, колдо болгон материалдын маани-мазмунун бурбай, оңдоп-түзөбөй элге жеткирүү иши жүргүзүлүп, изилдөөчү-түзүүчү катары элге таанылган А.Жусупбековдун эмгеги **[8]** да өзүнчө баалануу менен ошол эле учурда окурмандар тарабынан кылдат, мамилени талап кылат.

Адабияттар

1. Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери.

Фрунзе, «Илим», 1988-ж, 37-бет.

2. Айтматов Ч.Т Ак Таңдай акындын мурасы.

Китепте: Жеңижок. Чыгармаларынын толук жыйнагы. Фрунзе, « Кыргызстан», 1982-жыл, 4-5-беттер.

3. Абдразаков. А. Өтө (Жеңижок) Көкө уулу.

Китепте: Залкар акындар 1-том, Бишкек, 1995-ж.

4. Кайыпов. С. Баш сөз. Китепте: Эл ырчылары (Түзгөн С.Кайыпов) Фрунзе, «Илим», 1981-жыл, 8-бет.

5. Үмөталиев. Ш. Жеңижок (Адабий портрет)

Китепте: Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. Фрунзе, «Илим», 1988-ж, 51-52-беттер.

6. Кайыпов. С. Жогорку «Баш сөзүнөн». 8-бет.
7. Үмөталиев. Ш. Жогорку эмгегинде. 55-бет.
8. Жусупбеков. А.

“МАНАС” ЭПОСУНДА ТЕҢИРЧИЛИКТИН СҮРӨТТӨЛҮШҮ

Абдиева Жылдыз
Талас университети, ага окутуучу

Байыркы түрктөрдүн диний көз караштарынын системасында асман кудайы Теңирге сыйынууга башкы орун берилген. Дүйнөлүк диндерди кабыл алганга чейин кыргыздардын өздөрүнүн байыркы жашоо-турмушуна тиешелүү дини болгон. Ал космологиялык (Тенирге) сыйынуу. Тенирчилик бир Кудайга сыйынуу менен чектелет, анда ата-бабалардын арбактарына сыйынуу, жаратылышка сыйынуу, тотемизмдин, анимизмдин, фетишизмдин, шаманизмдин, элементтери бар. Тенирчиликте адеп-ахлактык осуяттар жок анын бир гана моралдык эрежеси бар: «Коомдук закондорду сыйлоо менен жаратылыштын законуна ылайык жаша». Тенирчиликтин өзүнүн жазуу жүзүндөгү теологиялык доктринасы болгон эмес. Тенирчиликтин ырымдары жөнөкөй жана түшүнүктүү болгондуктан, миндеген жылдар жашап келген. Анын практикалуулугу, эффективдүүлүгү, жөнөкөйлүгү сыйынуулардын жана теологиялык түшүнүктөрдүн негиздеринин сакталып калуусуна жана стабилдешүүсүнө түрткү берген. И.Молдобаев өз эмгегинде белгилегендей: “Калмактар менен кытайлар будда дониндегилер, жөөтөр (еврейлер) -иудей, тарса-христиан- несториандар диндеринин ар түрдүүлүгүнө карабай, бул элдердин алгачкы жалпысыйынуусу асманга сыйынуу болгон.

Калмак, кытай, тарса, жөөт,
Карап турган канча көп,
Өз дининче окунуп,
Күн чыгышка бет алып
Көкө теңир колдо деп.

Батасын кылды чокунуп [9.185-186]. Эпостун бул сабы диндердин ар түрдүүлүгүнө карабай, ар башка ишеними бар элдер жалпы асманга карап сыйынышкандыгын маалымдайт. И.Б. Молдобаев: “Теңирчилик бир нече миңдеген жылдарды кучагына камтыйт. Дүйнөлүк диндер пайда болгончо теңирчилик бардык түрк - монгол элдеринин дини болгон” -деп билдирет [13. 259).

Руна сымал жазууларда кыргыздардын кудайларынын ичинен Теңир (Көк) же “Көк Теңир" (Көк Асман) баарынан көбүрөөк учурайт. Байыркы түрктөрдө “tаңгі”- асман,Умай жана Жер-суу кудай катары эсептелген. Тонүкүккө коюлган эстеликтеги жазууларда төмөнкүдөй саптар бар: “Таңгі, Umai ydyg Jar sub basa darti arinc”, б.а.”Асман,(кудай аял) Умай, ыйык Жер - Суу мына (бизге) жеңишти ушулар берди деп ойлоо керек” (Малов 1951,63-68). Элегестин руна сымал эстелигинин каарманы “Күн менен Айды көк асмандан” ...сезбей калдым деп санаага батат. Бул күч-кубаты теңдешсиз “Көк Теңир” өкүм сүргөн жана Күн менен Ай жанып турган көктөгү кудайлардын ичиндеги тирүүлөрдүн дүйнөсүнөн өлүүлөрдүн жер алдындагы капкараңгы падышачылыгына өтүү жөнүндөгү көз караш. Тувадан табылган экинчи эстеликтин каарманы: “Менин асманым (кудай) бизге чатыр” дейт. Руна сымал жазууларда жазылган “чатыр”, “Аалам (Асман)” сөздөрү “Манас эпосунун саптарында төмөнкүчө чагылдырылат:

Төгөрөктү курчаган,
Ааламга тийип көлөкөм,
Чатыр болуп жатыпмын” [9.106]. Бул жерде дүйнөнүн төрт тарабын курчап турган аалам түшүнүгү Теңир дегенди түшүндүрүп турат.

“Үстүбүздөгү асманым уруксат кылды...”, -деп айтат, б.з. 711 –жылында

Тоньюкук, Күлтегин жана Могиляндын аскерлеринин ичиндеги кыргыздарга жортуулга чыккан түрк аскеринин урматына арналып коюлган Уйбаттагы үчүнчү эстеликтин каарманы [15.104].

Адамдардын чогулуп курмандык чалып, асманга табынуу үрп - адаты байыркы түрктөргө чейин эле болгон, Борбордук жана Чыгыш Азиянын бардык территориясында таралган. Кытай булактарына караганда асманга сыйынуу көп учурда жерге сыйынуу менен айкалышып, биригип, бир сыйынууну түзгөн.Таш бетиндеги жазуу эстеликтер байыркы түрктөрдө «tanri» деген түшүнүктүн мазмуну асман кудайы деген түшүнүктөн алда канча кеңири болгон деп айтууга мүмкүндүк берет. Махмуд Кашгаринин “Түркий тилдер сөздүгүндө” “Ааламды теңир жаратып, чыгырык тынбай айланар. Жылдыздары чиркешип, күн, түн менен алмашар” деген саптар кездешет [11.249]. Бул эмгектен биз дүйнөнү Теңир өзү жаратып, аалам күнү-түнү тынбай айланып тура турган болду, жылдыздар кыркалекей тизилип, күн түнгө айланат деген ой жыйынтыгын түшүнөбөз. Теңири деген «Аалам» деген түшүнүк менен бирдей. Аалам сөзү “Манастын” саптарында кеңири пайдаланылган. Манас баатыр «Чон казатта» жүрүп, чоролорунан айрылып, жалгыз калганда мындай деп арман кылат:

Он сегиз миң ааламды
Сындап турган кезимде
Калдайган шаардын баарысын,
Камап турган кезимде,
Мында өлбөй не болдум [8.225].

Тенирчиликтин өзгөчөлүгү адамдын көз карашында ааламдагы Кудайлардын үч катмарга бөлүнүшү: Биринчи катмарга, асман катмарына, адамга жакшы мамиле кылган кудай жана жогорку дүйнө. Экинчи катмарга - жер катмарына, жердеги ар бир нерсенин кудайы болот деген түшүнүк болгон. Мисалы, оттун, суунун, шамалдын жана башкалардын ээлери. Адамдар ар бир нерсенин ээсине сураныч менен кайрылган, өз үмүт тилектерин айтышкан.Үчүнчү катмарга, жер алдындагы дүйнө кирген.Ортоңку дүйнө-бар болгону “үстү” менен “астынын” ортосундагы аралашуу мейкиндиги, ал эми астыңкы жана үстүңкү дүйнөлөр адамдын кыял чабыты аныкталгыс алыстыктарга жайгаштырылган ортоңкунун көчүрмөсү гана деп айтууга болот деп билдирет философ окумуштуу Ш.Акмолдоева [2.76]. Адам болсо өзүнүн ишмердигинде бул ар түрдүүлүктүн көрүнүштөрүн таанып-билүүгө гана эмес, ага таасир көрсөтүүгө, мейкиндик менен мезгилди өзү ыңгайлуу кылууга да умтулгандыгы берилет. Аалам чексиз гана эмес, ошондой эле түбөлүктүү. Мисалы «Манас» эпосунда аалам термини көп колдонулуп эки маениге ээ:

1. Жер жүзү, бардык эл;
2. Жалпы дүйнө, бизди курчап турган жаратылыш.

Байыртадан түрктөр бийликти Теңир тарбынан берилген улуу парз же милдет катары кабыл алып келишкен. Эл башчылары Теңир тарабынан берилген бул ыйык милдетти кут, бакыт жана дөөлөт деп эсептешкен. Түрк каганы элдин түшүнүгү боюнча Теңирдин элчиси же Теңир жиберген кут. Бул Азиядагы Хун империясынан бери уланып келе жаткан салттуу түшүнүк болгону маалым деп билдирет окумуштуу Решат Генч. Жусуп Баласагын өкүмдарга бийлик Теңир тарабынан берилген деген маанини кеңири баяндаган. Анын падышага: “Бул бийликке сен өз каалооң менен келген жоксуң.Теңир сага жүктөдү. Буга тобо кыл”. ”Теңир бийликти кимге берсе ага акыл жана билим да берет”. “Бийлер бийлигин Теңирден алышты”. “Теңир сени адилеттүүлүк үчүн өкүмдар кылды” -дейт, ал эми Махмуд Кашгаринин “Түркий тилдер сөздүгүндө” “Бегим өзү далдаланды, Мезгилин билип удулдады. Улук Теңир сыйлады, Эшик төргө кут тууду” [11, 307] -деген улуу чыгармалардагы мазмун Теңир менен өкүмдардын ортосундагы тыгыз байланышты далилдейт. Бул айтылган ойлор калк

арасында “он адамды башкарган адам кудайдын сүйгөн адамы” деген кептин таралуусу менен да бекемделип турганын баамдай алабыз. “Манас” эпосунда Ороздунун балдары башына азап кайгы күн түшкөндөн баштап, акылдуу, күчтүү эл башкаруучусуна зар болуп жалпы журт Теңирден эл-жери үчүн кам көргөн, эл башына бийлик кылуучу баатырды суранат:

Долоно саптуу айбалта
Муну толгонтуп ийбей ким аштайт,
Бу тозуп жүргөн көп журтту
Томсортпой муну ким баштайт? [8.181]. Ал эми Жакып кан
бала көрбөй зарланып;
“Менин малым түмөн, балам жок,
Жараткан себеп болбосо,
Менин андан башка чарам жок “ -деп [9.105], жаратканга (Теңирге) кайрылат:
Төрөгөн Манас уулуңуз
Кудайдын сүйгөн кулу экен [8.132].
Алда таала кудурет
Өзү каалап бак берди.
Туулганда кара жер
Токтоно албай тербелди
Аты Манас арслан

Байкасаң бизге шер келди!, -деп жогоруда айтылган Теңирчиликтин жаратмандыгы чагылдырылат [8.133]. Демек, Теңиримдин каалосу менен элдин ой-мүдөөсү аткарылып, кудайдын сүйгөн кулу Манасты жаратып, ага бакыт, дөөлөт тартуулап, акыл, күч, кайраттуулук берет. Жараткан тарабынан берилген бул сапаттар эпостун ыр саптарын коштоп жүрүп олтурат.

Курчаган дүйнөнүн жалпы турум-турпатын туюндурган ааламдын тутумунда турган бөлүктөр- Күн, Ай, Асман (Көк), Жер жөнүндөгү түшүнүктөрдүн маңыз-мааниси кыргыз элинин илгертен келе жаткан салтык ой-түшүнүгүнө байланышкан. Ар кандай космологияда дүйнөнүн төрт тарабы ажыратылат. Ал “Манас” эпосунда төмөндөгү саптарда чагылдырылат:

Күн батышка бир карап,
Күн чыгышка бир карап.
Жолборсум турду ынгырап,
Күн тарапка бир карап,
Түн тарапка бир карап.
Жолборсум турду күркүрөп,
Төрт тараптан ай башат.

Төгүлүп кирди дүркүрөп, -деп сүрөттөлөт, адам өзүн курчап турган дүйнөдөн бөлүп карай албайт, ал андан дем, күч алат [7.279-280].

Эпосто көк асман байыркы түрк мифологиясынын каада-салтына ылайык Тенир-Кудай катары да белгиленет. Жоого каршы «Көк Тенирим колдо деп» аттанышат. Ошондой эле Манаска карата “үстүнкү көк Тенирдей” деген салыштырууну төмөнкү саптан байкай алабыз. Бул “Манас”эпосунда Бакай белиндеги жоокердик курун чечип, мойнуна илип, Теңирге дуба кылып суранат:

Коңурду, Теңир астын кыл,
Манасты Теңир үстүн кыл.
Коңурдун күнүн туудурба,
Күн батыш көздөй куудурба [14.49].

Манас эмнеден жаралса, же эмнеден төрөлсө, ошонун бардыгы жогорку дүйнө-асманга жана төмөнкү дүйнө-жерге тиешелүү [3.25]. Мисалы төмөнкү саптарга көңүл

бурсак:

Манастын өзу да:

Асман менен жериңдин

Тирөөсүнөн бүткөндөй,

Айың менен күнүндүн,

Ширөөсүнөн бүткөндөй» -деп мүнөздөлөт [7. 279-280].

Кудай маанисинде алганда Тенири асманга гана эмес, күнгө да (Күн Теңири), айга да (Ай Теңири), жерге да (Жер Теңири) таандык кылынып, асман менен жердин кудайынын бөлүнбөстүгүн айгинелеп турган [1235-39]. ”Манаста” Аалам - Күн, Ай бөлүктөрү менен бирге айтылат:

Күн батуучу белинен.

Көлөкөм тийип ааламга

Оң колумда күн турат,

Сол колумда ай турат,” - деп берилет [8.106-107].

Кыргыздар дайыма эмне улук? дегенге минтип жооп берген:

Теңир улук, күн улук,

Төбөсү ачык көк улук.

Төшү түктүү жер улук,

Адам улук, жан улук.

Кыргыздардын жакшы алым-сабак макалы бар: Тирүү жандын атасы-Күн

Энеси - Жер, Каны - Суу, Жаны - Аба [5.47].

Өткөн доорлордо ар бир уруунун сыйынган тоосу, дарагы болгондугу белгилүү. Кыргыздар жергиликтүү жаратылышка сыйынуунун бир бөлүгү болгон аскаларды, жалгыз тал -дарактарды, токойлорду ыйык тутуп келген. Бул кыргыздарда өзгөчө Түштүк Сибирдин түрк - монгол тилдүү элдеринде соңку мезгилге чейин сакталып келген. Кыргыздардын байыртадан сыйынып келген ыйык деп эсептелген Байтереги (Чынар тереги) болгон. Байтерек кыргыздар үчүн ыйык терек болгондугун “Манас” эпосунун саптары айгинелеп турат [1.303-304]. Ошондой эле эпосто байтерек асман жердин ортолугундагы тирөөч катары турган дүйнөлүк дарактын модель түшүнүгү чагылдырылат [13.208-21]. Ал дарактын тамыры жер астындагы дүйнөдө (өлүктөр өлкөсүндө), ортоңку сөңгөгү жер үстүндө (кадимки адамдар өлкөсүндө), башы асманда (кудайлар өлкөсүндө) жайгашып, бүткүл ааламды туташтырат деген ишенимге ээ [6.76]. Манас күмбөзүндөгү Кароол чокунун ичинде үч дүйнөнү байланыштырган ыйык дарак бар деп, Манас ордого зыярат жасап келген айрым зыяратчылар адамдардын Кароол чокуга чыгуусун туура эмес көрүшөт жана өздөрү да ал ыйык дарактын үстүнөн баспайбыз деп чыгышпайт (аты белгисиз дарылганы келген зыяратчынын маалыматынан).

Ошентип бабалар байыртадан Ааламга анын ажырагыс бөлүктөрү Күнгө, Айга, жерге, сууга сыйынып келишкен.

Асманды кудайлаштыруу менен кыргыздар жаратылыштын бир бөлүгү болгон асманга сыйынуулар кыргыздарда жашаган. Кыргыздар көп убакта “Көк асман колдо!”. Кыргыздардын эпикалык чыгармаларында “Манас” эпосунда “Төбөсү ачык көк урсун, төшү түктүү жер урсун” -деген саптар көп орун алган. Асман менен Жер эң байыркы замандан бери эле кудай катары эсептелген. Аларга сыйынышкан, каарынан, жазасынан коркушкан, аларга жардам сурап кайрылышкан.

Асманга курмандык чалуу хакастарда “tirip taji” деп аталат; курмандык чалуу сөзүнүн (taji) өзү кыргыздардын тайы деген сөзү менен толук дал келет [17.690]. Бул сыйынуу шамандардын катышуусуз өткөндүгү мүнөздүү. Качиндиктерде теңирге сыйынууда болсо, кара жерге мал жайуу үчүн чөп чыксын, жаш муундарга ден-соолук болсун деген тилек тилеп өткөрүлгөн. Б.а. бул жерде асман кудайынын түшүмдүүлүк

культу менен байланышын көрөбүз. Бельтирлер сыйынышканда асманга өздөрү жашап турган тоого, агын сууга жамгыр сурап, чимыр-чамыр жинге кайрылышат. Алар күн чыгышты карашып колдорун асманга көтөрүшөт. С.Д. Майнагашев “tirip taji” эки диний системанын: анимисттик ишеним менен айкалышкан шамандык доорго чейинки уруулук культтун жана күндү урматтоочулук менен айкалышкан жалпы уруулук асман культунун аралашып кеткендиги жөнүндө туура жыйынтык чыгарат. Л.Я.Штернберг асман культунун өзү күн культунан келип чыкканын белгилейт [16.109].

Алтайлыктарда асман жана жер кудайлары шамандык космология менен чырмалышып кетип, шаман культунун ажырагыс бир бөлүгү болуп калган. Асмандын башкы руху-Ульген, күндү, айды, жана асмандагы бардык нерсени жараткан деп эсептелген [3.10]. Шамандардын дубасында төмөнкүдөй сөздөр учурайт: jalbarганым Таңара, “Ам ман таңаразына зикир чалдым” [3.101-107] жана д.у.с. Ульгенге сыйынышып, 3, 6, 9, 12 жылда бир жолу кандуу курмандык чалышкан. Бул курмандык чалуу ырымынын “устугу” деп, б.а. асманда жашаган рухка тартуу деп аташкан. Ульгенге - берген жыргалчылыгы үчүн алкыш айтышып, андан мал, бала, аңчылыктын ийгиликтүү болушун сүттүн, арпанын, чөптүн мол болушун сурашкан [3.11].

Кыргыздарда жаратылышка сыйынуусу негизги ролду ойногон. Жаратылышка тирүү жандай мамиле кылуу, кайра жандандырууга башка диний ырым - жырымдар аралашуу менен өзүнчө татаал картина түзүлгөн.

Жаратылышка сыйынууга байланышкан байыркы диний ишенимдердин бири-бул асман жөнүндө - Теңир, жогорку кудай. Кыйын мезгилдерде кыргыздар асманга кайрылып, Теңир колдой көр! Теңир жалгай көр! Жаш жубайларга жакшы тилек айтканда, же бир адамга ыраазычылык билдиргенде: Теңир жалгасын! - деген. Жакшы тилектер менен бирге Теңирдин аты менен каргыш сөздөрдү да айткан. Мисалы, Теңир урсун!

Кыргыз, казактарда Асманды Жогорку Кудай деген ишенимин Ч.Валиханов мындай жазган: “...в дикокаменной орде живое выражении кукэ-тянгри в виде набожного восклицания или приказания” [4.480].

Жыйынтыктап айтканда, кыргыздардын исламга чейинки диний ишенимдери таанып -билүүчүлүк гана мааниге ээ болбостон, кыргыз элинин дүйнөгө болгон көз карашынын калыптанышынын проблемаларын чечүүдө да практикалыык мааниси зор. Байыркы түрктөрдүн Теңир, Умай, жер-сууга сыйынуулары соңку мезгилдерге чейин кыргыздарда жашап келген. Кыргыздардын байыркы түрктөр менен диний көз карашындагы, салттарындагы окшоштуктар, байланыштар азыркы кыргыздардын этногенезисинде байыркы түрктөрдүн компоненттери бар экендигин айгинелейт. Эрте мезгилдеги диний ишенимдердин калдыктары боюнча булактардын түрлөрү азыркы кыргыздардын VI-VIII кк. түрк тилдүү элдер менен этногенетикалык байланышын түзүүгө мүмкүнчүлүк жаратат.

Адабияттар

1. Абрамзон С.М. Киргизы. и их этногенетические и историко-культурные связи. -Фрунзе.: «Илим», 1990.
2. Акмолдоева Ш. Манас ааламы. -Бишкек, 2003,160бет.
3. Анохин А.В. Материалу по шаманству у алтайцев. -Л.,1924. -С.19-20.
4. Валиханов Ч.Собр.соч. в пяти томах.Т.1. Алма-Ата, 1961, С.370.
5. Жусупов К. Кыргыздардын байыркы маданияты. -Б.: Бийиктик, 2006.
6. Каратаев О.К.Кыргыздардын теги, таралуу ареалы.- Бишкек.2013. -290
7. Манас: Эпос. II китеп. Сагынбай Орозбаков варианты боюнча,-Фрунзе, 1995,
8. Манас: Эпос. I китеп, Саякбай Каралаевдин варианты боюнча,- Фрунзе,1.1984.

9. Манас: Эпос. I китеп, Саякбай Каралаевдин варианты боюнча,- Б.1995
10. Манас: Эпос.Сагынбай Орозбак уулунун варианты боюнча,-Фрунзе.3- китеп.- Ф.,1981
11. Махмуд Кашгари “ Дивану лугати-т түрк” (Түркий тилдер сөз жыйнагы). Которгондор: Абдувалиев И., Ахматов Т., Оморов А., Султаналиев И.,Толубаев М.I I–том.- Бишкек:Бийиктик.-2013.-512б.
12. Малов С.Е. Памятники древнетюркской письменности Монголии и Киргизии. – М.,1959.-106 с.
13. Молдобаев И.Б. ”Манас” историко - культурный памятник кыргызов. - Бишкек,1995,311стр.
14. Убукеев М.А. Манас. -Бишкек, Мурас.1998,49.
15. Худяков Ю.С. Энесай кыргыздарынын тарыхы: Кыскача баян / Жооптуу ред., котор.топтомун, тиркемелик сүрөттөрдү даярдаган Ө.Алымкожоев; баш сөз жазган Т.К. Чоротегин-Б.: 2013. -204 б. (“Тарых жана мурас” түрмөгү) [“Мурас” коомдук фонду; “Кыргыз Тарых Коому” ЭКБ].
16. Штернберг Л.Я. Первобытная религия в свете этнографии.-Л., 1936, 330стр.
17. Юдахин К.К. Киргизско-русский словарь. -Ф,1965,503стр.

МАНАСЧЫЛЫКТАГЫ ШАКИРТТИК МЕЗГИЛ: КӨЗ КАРАШТАР ЖАНА ДАЛИЛДЕР

Абакиров Курманбек
ф.и.к., доцент, Ж.Баласагын атындагы КУУ

Адам кайсы өнөргө шык-жөндөмдүү болуп төрөлүп, анын канында (генинде) ошол өнөргө болгон дараметтин кандай өчпөс күч-кубаты жатпасын бул фактор анын гениалдуу, залкар чыгармачыл инсанга айланышына жетишсиз болуп чыгат. Кыргыздар айткандай, ошол «дээринде бар» адам тигил же бул өнөрдүн туу чокусуна жеткенге дейре турмуштан, айлана-чөйрөдөн толгон-токой сабак алып, коомдук тарбиядан өткөрүлөт, өнөр жолуна түшкөн адам ошол өнөрдүн өзүнө чейинки жана өз мезгилиндеги жетишкендиктерин өзүнө сиңирбей коё албайт. Мунсуз ал арабөк калышы ыктымал. Ушул сыңары бардык манасчылар дээринен канчалык таланттуу болбосун ырчылар, чечендер, куудулдар, саяпкерлер, комузчулар, уздар, усталар (ж.б.) сыяктуу эле шакирттик-үйрөнчүк курактты баштан кечиришкен.

Манасизилдөөчүлөр манасчылардын көпчүлүгү эпосту тигил же бул манасчыдан үйрөнгөнүн жарыя кылууну анчейин жактыра бербестигин, бирок бирде болбосо бирде бул фактыны моюнга алышкандыгын адилет белгилеп жүрүшөт. Бул маселеге кезегинде К.Рахматуллин, Б.Юнусалиев, К.Кудайбергенов, Р.Кыдырбаева, М.Ауэзов, В.Жирмунский, С.Мусаев, М.Мамбетакун, Т.Бакчиев өңдүү окумуштуулар кайрылып, ар кимиси анын кайсы бир жагына көбүрөөк, кайсы бир жагына тезисттик формада кайрылышкан. **Манасчылыктын спецификасы, анын башка ырчылардан өзгөчөлүктөрү, манасчылардын даража-түрлөрү жана мектептери, манасчылыктагы түш көрүү (дааруу) көрүнүшү сыяктуу маселелер ушул «үйрөнүү» же шакирттик деп аталган маселе менен бирдикте каралган учурлар арбын.** Манасчылыктагы устат-шакирт проблемасы алигүнчө өзүнчө жана кеңири иликтене электиги булардын маанисин жокко чыгарбайт.

Башкаларга караганда бул маселеге кыйла кеңири жана терең кайрылган чыгаан манастаануучу **С.Мусаев:** «Түпкү мазмуну, касиети жактан бири-бирине жакын

турганы менен акын-ырчы жана манасчы бир эмес, ар бири өзүнчө касиет», - деп аларды ыр жаратуу жөндөмү жакындаштырып турганы менен лирикалык майда чыгармаларды жараткан акын-ырчылардан айырмаланып манасчылар зор масштабдуу, татаал сюжеттүү эпикалык чыгармаларды түзүү, өнүктүрүү жөндөмүнө ээ экендигин, бул «формалык эмес, сапаттык белги» болорун көрсөтөт (1, 134-б.). Бул пикирдин башаты М.Ауэзовдун «Киргизская народная героическая поэма «Манас» аттуу эмгегинде экендигин эске ала кетүү керек. Формалык белгилер деп С.Мусаев манасчынын жаңы чыгарма жаратпастан, даяр сюжетти так сактоо, өздөштүрүү жана өз табылгалары менен байытуусун (1) жана ушундан улам башка манасчылардан үйрөнүүсүн эсептейт (2). Бирок аныгына келгенде бул эки формалык белги бир эле процесс, бир бүтүн көрүнүш болуп эсептелет. Манасчы эпостун салттуу формаларын өздөштүрүп жатып үйрөнөт, үйрөнүп жатып аны өздөштүрөт. Башкача болушу мүмкүн эмес. Демек, бул жерде окумуштуу бир бүтүн нерсени күчтөп экиге ажыратып койгон сыяктанат. Ал эми С.Мусаевдин «таанылган манасчынын чыгармачылыгы эки компоненттен – салттык көрүнүштөрдөн жана анын өз жеке табылгаларынан турат» деген бүтүмү (1, 135-б.) талаш жаратпаганы менен ошол «табылгалар» калыпташып бүткөн, В.Радлов айткандай «элдин аң-сезиминде бүкүлү бир чыгарма катары жашап калган» эпос үчүн зарылбы, алардын пайда-зыяны канчалык деген маселе козголбойт.

Ошентип, манасчы болуп калышынын себебин түш көрүп, аян алууга байланыштырышканы менен бардык манасчылар үйрөнчүк мезгилди баштан өткөрүшкөн. Бул процесс чала манасчылар менен чоң жомокчуларга бирдей тиешелүү болуп, алардын кимиси кандай даражага жеткендиги табият берген талантына, жекече аракет-изденүүсүнө жана эстутумунун күч-кубатына байланыштуу болсо керек. Манасчылардын алпы аталган Тыныбек Жапый уулу кезегинде Чоңбаш, Акылбек, Келдибек, Балык, Назар сындуу чоң манасчылардан таалим алып, алардын ичинен Чоңбашка өзгөчө таазим кылгандыгы белгилүү болсо, атагы чыккандан кийин андан Сагымбай, Калыгул, Тоголок Молдо, Касымбай, Байбагыш, Кожоберди, Доңузбай, Жакып, Эшмат, Жусубакун өңдүү белгилүү манасчылар залкар эпостун бүткүл турпатын жана аны айтуунун сырларын үйрөнүшкөн (2, 10-11-б.). Кытайлык кыргыздардын белгилүү манасчысы Эшматтын: «…Жүсүбакун Апай, Сагымбай Орозбак, мен Эшмат үчөөбүз – жомок үйрөнөбүз деп Жапыйдын уулу Тыныбектин балтасын чаап, жылкысын багып, калтасын кагып, төрт жыл жүрдүк», - дегени ойдон чыгарылбаганы анык болсо (3, 12-б.), А.Осмонов Гомерге теңештирген Сагымбай манасчы да эпосту үйрөнүүнүн узак жана түйшүгү мол машакатынан сыртта калган эмес. Демек, «Манасты» үйрөнүү дегендин өзү аны көздүн карегиндей сактап, улам кийинки муундарга өткөрүп берүү салты экендигин, мындай мураскердик болбосо эпостун сакталып, өнүгүп-өрчүшү мүмкүн эместигин түшүндүрөт. Тыныбектен, агасы Алишерден, Чоңбаштан, Келдибектен, Найманбайдан, Балыктан үлгү алып, катаал сыноолордон өткөн Сагымбайды Ы.Абдрахманов, Тоголок Молдо, Шапак жана Акмат Рысмендеевдер, М.Мусулманкуловдор устат катары санашса, Тыныбектин дагы бир шакирти Доңузбайдан Мамбет Чокморов менен Байбагыш таалим алышкан.

К.Рахматуллин «Манасты» өздөштүрүп, үйрөнүү тууралуу буларды жазган эле: «Бардык айтуучулар «Манасты» аткаруудан мурда башка айтуучулардын эпос аткарганын угуп, анын мазмунун үйрөнүп, аткаруудагы көркөм ыктарын өздөштүргөн. Бирок бул өздөштүрүү бүткүл текстти жаттап алуу дегендикке жатпайт, анткени…варианттардын ар бири өз алдынча турган чыгарма…» (4, 90-б.). Чыгарманын дээрлик бардык варианттарына мүнөздүү болгон туруктуу сюжеттик линияларды, эпикалык орчундуу формулаларды гана эсинде сактап, калганын төкмөлүк дараметине жараша ар кандай денгелде эркин айтышкан таланттуу манасчылар гана

«вариант» дегенге жарамдуу эпосту айта алышкан. Бир эле манасчыдан таалим алып, ага байланып калган чоң манасчылар дээрлик жок. Алардын өзгөчө таланттуулары бул мухиттей чалкыган чыгарманы бир эле айтуучудан үйрөнүп, ошону менен чектелип калуу болбостугун туура түшүнүшкөн да, алардын ар биринин ар башка артыкчылыгын алып калууга умтулушкан. Салттуу сюжетте жок эпизод же деталь ошол таалим берген манасчыда кыска же үстүрт айтылса, аны таланттуу шакирти кеңейтип, тереңдетип айтып, натыйжада башка варианттардан айырмалуулук арбып кетиши толук ыктымал болчу. Ушундай себептердин өзү манасчылыктагы мектептердин келип чыгышын шарттаган десек да болот. Буга Сагымбай, Шапак, Багыш, Тоголок Молдо, Молдобасандын варианттары өзүнчө, Саякбай, Мамбет, Дункана, Шаабайдын варианттары өзүнчө топту түзүп, бири-бирине жакын турары мисал болот. Аймактык жактан чектеп коюуга болбосо да, шакирттик доор көбүнэсе жомокчулук бир-эки мектептин алкагында өткөндүгү, же бир мектептин эпикалык таалим-тарбиясы басымдуулук кылганы талашсыз.

Академик Б.М.Юнусалиев да «Манасты» терең билген илимпоз катары бул маселени көңүл сыртында калтыра алган эмес. Ал: «көп окуялуу, татаал сюжеттүү, өтө көлөмдүү чыгарманы өздөштүрүү процессинде жомокчу түш көрсө да, көрбөсө да, **эпосту эч кимден укпай, эч бир ырчылык таланты болбой туруп «Манас» эпосун айткан эмес…** Демек, чоң манасчы болуу үчүн бир гана чыгармачылык шык, талант жетишсиз экен, анын үстүнө чоң манасчылар «мектебинен» өтүп, таалим-тарбия, тажырыйба алыш керек экен… Мында, албетте, сөзмө-сөз жаттап алуу жөнүндө сөз кылып отурганыбыз жок, мынчалык көлөмдү чыгарманы сөзмө-сөз жаттап алуу мүмкүн да эмес», - деп жазат да (5, 154-б.), андан ары оюн мындайча улантат: **«болочок жомокчу өзүнөн мурункулардан үйрөнүп ала турган элементтер, биздин оюбузча, төмөнкүлөр:** а) ар бир окуянын мотиви (мотивдери), өнүгүш сюжети; б) бир окуяны (эпизодду) экинчи окуя менен байланыштыруу ыкмалары; в) эпостук баатырлардын толук биографиясы; г) персонаждардын ар түрдүү шарттардагы (жай турмушта, согушта ж.б.) портреттери; д) окуяга катышуучу жаныбарлардын, урунуучу жоо-жарактардын, кийим-кечектердин, буюмдардын жалпы сүрөттөрү; е) каармандардын туулуп-өскөн же жүргөн жерлеринин көрүнүштөрү (сүрөттөрү); ж) каармандарга жана алардын минген аттарына жана урунган буюмдарына берилүүчү туруктуу эпитеттер; з) негизги монологдордун мазмуну; и) эпоско таандык музыка; к) айрым эпизоддорду аткарыш манерасы (мимика, жестикуляция ж.б.). Бул элементтердин өзү гана, албетте, поэма эмес, бирок анын скелетин түзөт. Ар бир жомокчу, өзүнүн чыгармачылык талантына жараша, ушул жансыз скелетке булчуң толтуруп, кан жүргүзүп, жан берет. Ошентип, ырчылык касиет аркылуу жансыз сюжет укса кулак кандырган укмуштуу поэмага айландырылат (5, 154-б.). Шакирттиктин жана манасчылыктагы төкмө ырчылыктын табияты менен жол-жобосун мындан артык ачып берүү кыйын. Б.Юнусалиев, балким, болочок жомокчу үйрөнүүчү эпикалык элементтерди майдалап, өтө деталдаштырып жибергендей көрүнүшү ыктымал. Бирок залкар илимпоз маселенин күрөө тамырын таамай кармап, анын маңызын ынанымдуу ачып бергендигин танууга болбойт.

Кыскасы, дасыккан манасчылардан таалим албаган манасчы болушу күмөндүү десек болот. **Саякбай:** «Белек, Дыйканбай, Чоюке манасчыларды аркалап…, үч-төрт жылдап такай ээрчип үйрөнө айтуум менен манасчы атыккам» деп өзү эскерсе, Шапак Рысмендеев Найманбай, Балык, Акылбек, Тыныбек, Сагымбайдын мектебинен өтсө, чоң манасчылардын акыркыларынын бири Шаабай Азизов Саякбай, Мамбет Чокморов, М.Мусулманкулов өндүү залкар манасчылардан таалим алат. Мындай мисалдарды белгилүү манасчылардын ар бирине байланыштуу узарта беришке болот. Ошентип,

С.Мусаев жазгандай: «эпостун салттык көрүнүшкө жата турган белгилери да эң алды менен чыгармачыл инсан тарабынан кабыл алынып, иштелип чыгып, аны чыгармачыл шыгына, жөндөмүнө ылайыкташат да, ошондон кийин гана анын жеке табылгалары менен жуурулушкан түрдө ага таандык манерада баяндалат» (1, 135-б.). Манастаануучулардын дыйканы **Р.Кыдырбаева** түш көрүүнүн өзүн да талапкер-манасчылардын өзүлөрүнөн тажырыйбалуу, белгилүү манасчылардан эпосту узак жана машакаттуу үйрөнүүсүнүн натыйжасы деп эсептеп: «Можно сказать, что сон - предтеча сказа; до этого шел накопительный период - осознанное, систематическое освоение мастерства предуественника…, это означало, что учеба окончена и настал активный период сказительства, период постепенной шлифовки мастерства», - деп жазат (6, 9-б.). Кызыктуу жана таасын мындай пикир башка жагдайлар менен бирдикте манасчылардын түш көрүп, аян алуусун ачыктаган бир себеп болуп эсептелет. Айтуучу мурунку традицияны ыйык сактаарын белгилеген Р.Кыдырбаева бул маселени өзүнүн «Сказительское мастертсво манасчи» аттуу салмактуу эмгегинде кеңири талдоого алып, төмөнкүдөй бүтүм чыгарат: **«…сказительская преемственность манасчи реализуется через усвоение в первую очередь сюжетный формулы, а формула есть окаменевшая печать времени, печать, даяюуая право на дальнейшую жизнь эпоса. …Формула – это «код» прочности, стабильности и залог сохранности эпоса»** (6, 96-б.). Манасчылардын бардыгынын үйрөнчүк – шакирттик мезгили эпостун так мына ушул «коду» болгон сюжеттик формуласын өздөштүрүү, аны жадында бекем кармап, жетекчиликке алуу милдетин аркалап, андан ары түркүн алымча-кошумчалар менен өмүр бою улантылып, чыгарманын поэтикасын жана аткаруу чеберчилигин өрчүтүү иши менен коштолгон.

Түш көрүп, аян алуу менен манасчынын чоң жомокту айтууга болгон даярдыгы бышып жетилет деген Р.Кыдырбаеванын бүтүмүн өзүнүкүндөй кайталаган **Т.Бакчиев** да устат-шакирт маселесине кайрылып, аны да өзүнө жакын арбактар дүйнөсү менен байланышта иликтейт. Ал: «Устаттын устаттыгы, шакирттик баскычтан ийгиликтүү өтүп, чыгармачылык тажырыйбасы бийик денгелде өсүп жеткенде, өнөрдүн негизги принциптерин, сырларын өздөштүргөндө гана билинет», - (7, 69-б.) деп устат-шакирт маселеси тууралуу бир катар алгылыктуу пикирлерин ортого салат да, бул жерде да арбактарды айланып өтө албай буларды белгилейт: **«Жомокчулардын дээрлик көпчүлүгү бул өнөргө өздөрү келет. Тактап айтканда, кудай, арбактын дааруусу аркылуу…** ал өнөргө үндөө, ынандыруу жана моюн сундуруу иш-аракетин устат-жомокчу жүргүзөт. …Жомокчунун өмүрүндөгү ээлеген орду жөнүндө кеңири маалыматты устат берет. …Мындан тышкары, кандай эл катмарына жана жомокчунун кайсы кураста, кайсы окуясын, кайсы мезгилде айтуу керектигин устат эскертип турган» (7, 71-72-б.). Көрүнүп тургандай Т.Бакчиев устат-шакирт маселесин бир жактуу жана примитивдүү түшүнөт. Манасчынын арбак тарабынан тандалып алынышы деген абсурд пикирди ушул жерге да жабыштырып, устат шакиртине кайсы кураста, кайсы мезгилде, кайсы элге эмнени айтыш керектигин үйрөтүү менен чектелет, калганын эчак эле арбактар үйрөтүп койгон дегендей ой жаратат. Анын оюнда манасчыны кудай, арбактар тандап алса эле болду, анын ырчылык жөндөмү, кыял чабыты жана шакирттик доору андан кийинки орундарда турат.

1. Ошентип, болочок манасчынын «Манас» дүйнөсүнө башбактагандан тартып өз мезгилиндеги тажрыйбалуу кесиптештеринен таалим алуусу негизинен эки ири компонентти өз ичине камтыйт: 1). Кылымдар бою айтылып келген эпостун салттуу сюжетин, урунттуу эпикалык формулаларын толук өздөштүрүп, эсинде сактоосу; 2). Эпосто аткаруунуну техникасын өздөштүрүү. Буга эпостун идеялык пафосу боюнча бири-биринен айырмаланган эпизоддорун, диалогдорду, монологдорду жана автордук

баяндоолорду аткаруунун өзгөчөлүктөрү, үндүн дикциясын тарбиялоо, речитациялык чеберчилик, публиканын маанайын мыктылап өздөштүрүү, ага ыңгайлашуу сыяктуу иштер кирет, б.а. манасчы бир эле учурда актердук, обончулук өнөрлөрдүн сырларын үйрөнөт.

2. Муну менен эле манасчылыктын чеберчилигин өздөштүрүү этабы аягына чыгып калбайт да, бул кадырлуу кесиптин артынан түшкөн адам өмүр бою өзүн өзү тарбиялап, үйрөнүп, изденип, өзүн өзү такшалтып жүрүп отурат. Бардык өнөрлөрдөй эле үйрөнүү жана изденүү бул жерде удаалаш жүрөт. Даяр абалында залкар манасчы жаралбайт, жогоркудай шакирттик доордон өтпөгөн, үйрөнүп, изденбеген манасчы болбойт.

3. Мыкты устат-манасчы өзүнүн шакирттеринин талантынын өркүндөшүнө эбегейсиз зор салым кошот, андай устатка туш болбогон жаш манасчынын ал канчалык таланттуу болбосун, манасчылыктын туу чокусуна жетиши күмөндүү болуп калат.

4. «Манас» айткандардын баары эле устат даражасына көтөрүлө алышпаган. Алардын ичинен элдин жогорку баасына арзып, аңыз кепке айлангандары, чоң жомокчулар гана манасчылыкта чыныгы устаттык даражага жетишкен жана таалимин алуу үчүн келген ынтызар айтуучулардын катары арбын болсо, алардын даңазасы ого бетер арткан.

5. Шакирт болуунун өзү изденүү дегенди түшүндүрөт. Өзүнүн айтуучулук өнөрү али жеткилең эместигин, залкар эпосту али терең биле электигин туюп-билген айтуучу гана өзүнө устат издеп, алардын бири эмес бир канчасынан таалим алуунун зарылдыгын түшүнгөн. Мунун өзү манасчылык өнөр тынымсыз эволюция процессинде болгондугун, ансыз ал өнөр суу жетпеген дарактай куурап, ошол чыгарманын өзү менен бирге акырындап жок болмок дегенди билдирет. Фольклордо чыгарма менен анын мыкты аткаруучусу эриш-аркак өмүр сүрүп, өркүндөй алат, алар бири-бирисиз жашай албайт деген теориянын чындыгы ушундай себептерден улам шексиз болуп чыгат.

6. Ал эми жомокчу-манасчыны «кудай-арбак даарып, тандап алат» деген мистикалык көз караштын өзү илимге жанашпайт да, манасчынын дээринен күчтүү төкмөлүгү, чыгармачылык изденүүсү жана устаттардан таалим-тарбия алуусу өңдүү табыгий чыгармачылык процесстердин өзүн, алардын эволюциялык мүнөзүн жокко чыгарууга алып келет. Теориялык да фактылык да негизи жок «көзү ачыктык» мындай ой-жоруулар «Манастын» өзүнүн да, жомокчу-манасчылыктын да элдүүлүгүн танып, түпкүлүгү аларды жасалма теорияларга баш ийдирүү максатын көздөйт.

Адабияттар

1. Мусаев С. Манасчылар. – Китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы. «Манас» жана манасчылар. II том. А.Акматалиевдин жалпы ред. астында. – 2-бас. – Б., 2004.
2. Тыныбеков А. Тыныбектин тарыхы. – Китепте: Жапый уулу Тыныбек. «Манас», «Семетей». А.Заркуновдун жалпы ред. астында. – Б., 2014.
3. Жусуп Мамай. Мен «Манасты» кандай айтып калдым? – Китепте: «Манас» эпосу жөнүндө: илимий иликтөөлөр жана макалалар. Түзгөн К.Кырбашев. – Б., 1994.
4. Рахматуллин К. Творчество манасчи. – Китепте: «Манас» героический эпос кыргызского народа. – Ф., 1968.
5. Юнусалиев Б. Улуу эпос, укмуштуу манасчы. – Ала-Тоо, 1967, №1.
6. Кыдырбаева Р. Сказительское мастерство манасчи. – Ф., 1984.
7. Талант Аалыбек. Манастааным. Жомокчунун жолу. – Б., 2003.

ЖОМОКЧУ – МАНАСЧЫЛЫКТЫН МЕКТЕПТЕРИ

Абакиров Курманбек
ф.и.к., доцент, Ж.Баласагын атындагы КУУ

Устат-шакирттик карым-катнаш өнүккөн аймактарда акырындап **манасчы-жомокчулуктун мектептери** келип чыккандыгы табыгий көрүнүш. Таланттуулугу менен элге кеңири таанылып, кадыр-барк алган, айткан «Манасы» шексиз түрдө караламан элдин урмат-сыйын жараткан жомокчу-манасчылар гана бир канчалаган шакирт күтүп, алардын ичинен да өзүнө теңчамал же керек болсо өзүнөн ашып түшкөн жомокчулар чыгып, алар айткан «Манастын» так ошол варианты айрым алымча-кошумчалар менен өркүндөтүлүп, салттуу мүнөз алганда гана алардын мектеби, же эпосту айтуунун гана эмес, ириде анын көлөмүнөн тарта ички структурасына тиешелүү формулдук стили, атүгүл аны аткаруу манерасына дейре калыпташкан манасчылардын топтору же шарттуу түрдө мектептери жөнүндө сөз кылууга болот.

Көпчүлүк гуманитардык илимдердегидей эле манастаанууда да изилдөөнүн объектиси болгон **конкреттүү материалдын (бул жерде «Манас» жана манасчылыктын) объективдүү көрсөткүчтөрү менен ага берилген мүнөздөмө сыпаттоолордун ортосунда ажырым,** дал келбөөчүлүк келип чыкпаганда гана алар нукура илимий-практикалык маниге ээ болот. Көркөм материалдын маңызына төп келбеген ой-толгоолор жана бүтүмдөр эч кандай ишенич жаратпай турганын, алардын илимде жолу кыска болоорун манасизилдөөчүлөр адегенде эле түшүнүшкөн. Ошондуктан М.Ауэзов, К.Рахматуллин, Б.Юнусалиев, В.Жирмунский, С.Мусаев, Р.Кыдырбаева, О.Сооронов, С.Байгазиев өңдүү (ж.б.) илимпоздордун эмгектери сөз менен иштин ажырымына жол беришпегендиги менен өз маанисин жоготпой келет. Манасчылыктын мектептерин иликтеген учурда да алар колдо бар маалымат-булактардын турмуштук негиздүүлүгүн эске алышкан. Бул жагдайга адеп көңүл бурган **М.Ауэзов** устат-шакирт же «Манасты» ооздон оозго, муундан-муунга өткөрүп, традицияны сактоо жана улантуу менен манасчылыктагы мектептер маселелерин бирдикте караштырганы алардын чындыгында эле ажырымсыз байланышта турарын түшүнүүдөн улам келип чыккан. Себеби жомокчу-манасчылыктын калыптанып калган салттарын кабыл алуу, өнүктүрүү иштери жолго коюлган жерлерде гана анын мектептери келип чыгышы мүмкүн эле. Мына ушуну эске алуу менен М.Ауэзов «Манас» айтуучулардын өзүнө белгилүү болгон Нарын жана Каракол мектептерин көрсөтүп, негизги өкүлдөрү катары биринчисине Сагымбайды, экинчисине Саякбайды таандык кылып, экөөнүн ортосунда байкаларлык өзгөчөлүктөр бар экендигин сюжетти, окуялардын жайгашуусун, каармандардын курамын (ж.б.) кыскача салыштыруу менен далилдеп берет. Ал айырмачылыктар көбүнэсе эпизоддук персонаждарды, майдараак сюжеттик бутактанууларды, тигил же бул окуяны, каармандардын иш-аракеттерин мотивировкаланышын салыштырганда кыйла ачык көрүнөрүн белгилеп, өзөктүү сюжет жана 7-8 муундуу ыр түзүлүшү баарына текши таандык экендигин көрсөтөт (1, 20-21-б.) Ошол эле учурда М.Ауэзов бир мектепке кирген айтуучулардын варианттары бири-бирине биротоло жана кылдай айырмасыз окшош эместигин да белгилеп, бул көрүнүштү алардын жекече чыгармачылык дараметине жана изденүүсүнө байланыштырат.

М.Ауэзов өзүнүн мындай бөлүштүрүүсүн территориалдык принципке негизделген деп эсептебесе да, манасчы-жомокчулардын мындай топторунун калыпташуусуна алардын жашаган жерлеринин алыс-жакындыгы кайсы бир деңгелдеги таасирин жокко чыгарууга болбойт. Бирок ал кантсе да чыгарманын ички түзүлүшүндөгү алыстык-жакындыктарды эске алып жаткандыгы, ушунун өзү

конкреттүү материалдын объективдүү көрсөткүчү экендиги шек жаратпайт. Манастаануучу **С.Мусаев** М.Ауэзов көрсөткөн мектептердин бар экендигин моюнга алып, бирок ал географиялык, уруулук, таптык жагдайлар менен чектелбей тургандыгын белгилеп, ал «ошол зор талант жараткан варианттын көркөмдүк-эстетикалык таасиринин күчүнө тиешелүү көрүнүш, б.а., чоң талант кеңири массага өзгөчө терең таасир тийгизген вариант жараткан да, бара-бара эпосту ошол үлгүгө жакын айткан анын тарапкерлери пайда болуп, манасчылык кесиптин өзүнчө школасы түзүлгөн», - деп жазат (2, 143-б.). С.Мусаев манасчылык өнөрдөгү мектептердин так санын, алардын түзүүчүлөрүн так кесе айтуу кыйын экенин, мектептик көрүнүш болуу үчүн окуялардын системасы, ички мазмуну боюнча айырмалардан тышкары (1) ал көпчүлүктүн колдоосуна ээ болуусу (2) жана ошол багыттын улантуучулары болушу (3) шарт экендигин адилет белгилеп, бирок алардын андан аркы түйүндүү маселелерине тереңдеп кирген эмес.

М.Ауэзовдун манасчылык мектептер тууралуу ойлорун К.Рахматуллин, В.Жирмунский өңдүү илимпоздор колдоого алышып, байкаларлык алымча-кошумча деле киргизишпесе, **Р.Кыдырбаева** бири-биринен изоляцияланган манасчылык мектептер жок экендигин туура белгилеп, жомокчу-манасчыларды (1) **Чүйлүк** (Келдибек, Балык, Найманбай, Акмат Рысмендеев ж.б.); (2) **Ысык-Көлдүк** (Чоңбаш, Акылбек, Доңузбай, Назар, Тыныбек, Чоюке, Азиз, Шаабай, Саякбай, Мамбет Чокморов, Ыбрай Абдрахманов, Уркаш Мамбеталиев, Алмабек Тойчубеков, Мамбеталы Ашымбаев ж.б.); (3) **Тянь-Шандык** (Шапак Рысмендеев, Тоголок Молдо, Молдобасан Мусулманкулов, Багыш Сазанов, Дуңкана Кочукеев, Сагымбай Орозбаков ж.б.) жана (4) **Түштүктүк** (Жаңыбай Кожеков, Мурат Калбаев, Чоодон, Тагай Бекмуратов, Бөрүбай Султанов, Чал Садыков, Акун Ташев ж.б.) айтуучулардын топторуна, алардын жалпылык, жекелик өзгөчөлүктөрүнө таасын мүнөздөмө берет (3, 12-69-б.). Р.Кыдырбаева Таластык манасчылар (5) болгондугун, бирок алардан жазылып калган тексттер жоктугунан улам кандайдыр бир бүтүмдөр чыгаруу мүмкүн эместигин белгилей кетет. Немис фольклористи **К.Райхл** өзүнүн салмактуу эмгегинде үүл бөлүштүрүүнү кабыл алат (7, 76-б.).

Кийинчерээк бул маселеге атайын кайрылган белгилүү фольклорист **М.Мамыров** Омор Сооронов дун «Манасчыларды мектептерге бөлүүдө территориясына эмес, жазылып алынган варианттарынын мазмуну жана формасы жагынан болгон жакындашууларына карата бөлүштүрүү зарыл» деген бүтүмүнө каршы чыгат да, **«жомокчулардын мектеби алардын стили менен гана аныкталат.** Стилде жомокчунун көз карашы, түшүнүүсү, көркөм ойлоосу, аны бере билүүнүн ар кыл ыктары менен ар башка көркөм сүрөттөө каражаттары бириктирилип берилет. Ушул айтылгандар бардык жомокчуларда коендой окшош жаралып бирдей калыптанбайт. Үйрөнгөн окутуучусунун стилине жакындатылып, өзүнүн талантына жараша жетилтүүлөрү менен гана окуучунун жомокчулугу түптөлөт» - , деп жазат (4). М.Мамыров мурунку эпикалык салттын негизинде гана жомокчунун жекелик стили жарала баштарын, ага «жомокчунун айтып берүү манерасы менен чеберчилиги б.а., артисттик өнөрү да кошуларын» белгилеп, бирок эмнегедир мазмун, форма, стиль түшүнүктөрүндөгү жалпылык менен өзүнчөлүктөрдүн ажатын ачпайт да, манасчылыкты кенже эпостордун таралыш ареалы, комузчулардын композитордугу (күүлөр) жана тигил же бул жомокчудагы салыштыруулардын үндөштүгү менен аралаш карап, акырында **«кыргыз жомокчуларынын мектептери… территориялык жагынан гана бөлүнөт»** деген бүтүм менен кайра М.Ауэзовдун пикирин толук колдоого алат (4). Мунун менен бирге М.Мамыров «жомокчулардын Талас менен Түштүк мектеби өткөн мезгилдерде бирөө эле эмес, алардын бир нечеси да болгон

сыяктанат. Азырынча аларды Талас менен Кетментөбө жана ичкиликтердин мектеби деп экиге бөлө турууну гана ылайык көрдүк. Ичкиликтердин мектеби Чоңалай менен Тажикстандын Мургаб районундагы аймактарда гана айтылат. Ал жерде «Манас» жөө жомок түрүндө гана сакталган деп жазат» (4). Окумуштуу жогоркудай ой-пикирлерин кыйла ишенимдүү далилдеп берет, бирок алар мындан терең жана кеңири түшүндүрүүгө муктаж экендиги байкалып турат.

Жомокчуларды мектептерге бөлүштүрүү табыгий түрдө колдо бар варианттарды, алардын ичнен Сагымбай, Тыныбек, Багыш, Тоголок Молдо, Саякбай (ж.б.) өңдүү жомокчулардын толук жана жеткилең деп эсептелген варианттарын салыштыруу аркылуу жүзөгө ашырылып келди. Бирок бул иш алда канча терең жана ар тараптуу иликтениши зарыл экендиги айкын көрүнүп турат. Анын үстүнө жомокчулук мектептери Кыргызстандын территориясы менен гана чектелип, Кытай, Памир кыргыздарынын «Манасы» андан сырткары калгандыгы да анын өксүктөрүнүн бири болуп келди. Өзгөчө Кытай кыргыздарында «Манастын» кеңири таралып, ондогон күчтүү манасчылардын жашап келиши бул маселени иликтөөнүн чегин кеңейтип, алардын «Манасы» кайсы мектептке кирерин айкындоо маселесин күн тартибине койду.

«Синьцзян элдик оозеки чыгармачылык коому тарабынан 1961-жылдан 1964-жылга чейин жыйналган жана сакталып жаткан эпостун 48 варианты бар», - деп жазат изилдөөчү Г.Абдалиева (5, 100-б.). Бул маалыматка андан кийин жыйналган варианттар кошулган эмес. Бирок жазылып алынган ошол варианттар шарттын оордугуна байланыштуу кыскартылып, же айрым бөлүктөрү гана кагазга түшүрүлгөнүн Кытай кыргыздарынын белсемдүү адабиятчысы **М.Мамбетакун** белгилей келип: «Ч.Валиханов менен Радлов жаздырып алган «Манас» менен 100 жылдан кийин, 60-жылдары Жунгодо жазып алынган «Манастын» коендой окшошуп келгендиги бизди таң калтырат», - деп жазат (6, 218-б.).

М.Мамбетакун манасчылыктагы мектептер тууралуу бир катар жаңы ой-толгоолорду ортого салат. Алар жөн эле жылаңач ойлор эмес, көбү изилденип жаткан предметтин объективдүү табиятынан келип чыккан жүйөлүү, ынанымдуу ой-пикирлер экендиги да күмөнсүз. Окумуштуу «Манастын» «ички гармониясын… анын эпостук формуласын кан-жанына сиңирип алышкан манасчыларды жаратуучулар эмес – мураскерлер, **«бир манасчы бир жактан болуп, бир жактан устаз болгон… бир жактан кабылдап, бир жактан таратып турган»,** ушунун негизинде гана манасчылар мектеби тууралуу сөз кылууга болот деп эсептейт да: **«эпостук кесипти ыргылжың болбой туруп эле эң алды менен «Манас» мектеби, «Семетей» мектеби, «Сейтек» мектеби деген үч топко бөлүүгө болот»,** - дейт (6, 220-б.). Анын пикиринде Саякбай, Тоголок Молдо, Багыш, Жусуп Мамай өңдүү эпостун үч же андан ашык бөлүмдөрүн билген, аткарган жомокчулардын болушу буга тоскоол болбойт, себеби жүздөгөн манасчылар эпостун «айрым гана бөлүктөрүн арналуу кесип катары айтышкан жана ошол жөрөлгөнү уландырган» (6, 221-б.). Сагымбай өзүн манасчы эмес семетейчи атаганын, атактуу жомокчулар деле эпостун үч бөлүмүн бир даражада аткарышпай, алардын бирине көбүрөөк ыктагандыгын эске алып, же М.Мамбетакун өзү жазгандай «манасчылардын кесиптик атак-даңкына, кийинкилерге калтырган таасирине, айткан вариантынын сан жана сапатына, анын жолдогон шакирттердин болгон-болбогонуна» карасак, **«манасчыларды Тыныбек мектеби, Сагынбай мектеби, Эшмат мектеби, Жүсүп Мамай мектеби дегендей топторго бөлүүгө болот»** экен. Мындай пикирин илимпоз бир катар манасчылар айткан «Манас», «Семетей» эпосторундагы ар кайсы бөлүмдөрдүн окшоштугун жана айырмалуу жактарын салыштыруу менен айгинелеп берет. Ырасында эле мындай манасчылык мектептердин жашап келгендигине шек

кылбай туруп, бул маселе алда канча тереңдетилип иликтениши зарыл экенин белгилей кетүү керек.

Жогортодо айтылгандарды жалпылай келип жомокчулардын Каракол, Нарын (М.Ауэзов), же Р.Кыдырбаева белгилеген Ысык-Көл, Тянь-Шань, Чүй жана Түштүк, аларга кошумчалап М.Мамыров көрсөткөн Талас, Кетментөбө жана ичкилик мектептери болгондугу, бул бөлүштүрүү территориялык принципке негизделип, ошондон улам табигый коомдук-социалдык факторлорго таянганы анык болсо, кытайлык илимпоз М.Мамбетакун конкреттүү чыгарманын таасын өзгөчөлүктөрүнө таянуу жана алардын окшош-айырмалуу жактарын айкындоо менен сунуштаган «Манас», «Семетей», «Сейтек», андан ары Сагымбай, Саякбай, Эшмат (ж.б.) мектептери деген бөлүштүрүүсүнүн жашоого укуктуулугун танууга болбойт. Географиялык бөлүштүрүүгө М.Мамбеттурду өзү изилдеп мыкты билген Синьцзян кыргыздарындагы манасчылыктын Памир мектебин да кошуп, аны объктивдүүлүгүн **Реми Дор** жазып алган афган кыргыздарындагы «Манастын» үзүндүсүнөн тарта Абдылда Дөөлөт, Жаңыбай Кожек, Калыбек Жумагул, Лапаз Көккөз, Матсак Акдай, Төрө Жума, Шаабай Чолу, Сейде Дейди кызы, Кыдыраалы Кайназар сыяктуу манасчылардын варианттарындагы өзгөчөлүктөр менен далилдейт (кара сөз менен ырдын аралашуусу, ыр түзүлүшүнүн өлөңгө жакындыгы, обондун башкалыгы, архаика менен мифологиянын басымдуулугу ж.б.). Мындай өзгөчөлүктөр өзүнөн өзү келип чыкпай кайсы бир чоң манасчынын устаттыгы (таасири) менен салттуу түр-түспөлгө ээ болуп, калыпка түшкөнү да шексиз. Бул маселени жыйынтыктай келип, буларды белгилөө зарыл:

1. Манасчылыктагы устат-шакирт маселеси менен жомокчулуктун мектептери маселеси өтмө катар, эриш-аркак байланышта турат десек болот, тагыраак айтканда, дасыккан жомокчудан өсүп келаткан манасчылар үйрөнбөгөн, таалим албаган жерде манасчылыктын мектептери, же мураскордук сыпатка ээ болгон чыгармачылыктын өрүш алуусу мүмкүн эмес болуп чыгат.

2. Мураскордук б.а. жомокчу-манасчылыктагы салт улоочулук үзгүлтүксүз процесс болуп эсептелет. Бул процесстин үзгүлтүккө учуроосу мүмкүн эмес. Эгерде ал үзгүлтүккө учураса, ал элдин маданий-рухий керектөө-талабын канааттандырбай калганын, демек ал андан ары жашап, өнүгүүгө татыксыз экендигин билдирет. Кандайдыр бир обьективдүү себептерден улам аз аткарыла баштаган чыгарма да андан ары өнүгүүсүн дээрлик токтотуу жолуна түшөт.

3. Жомокчу-манасчылык мектептери анын залкар өкүлдөрүнүн (Чоюке, Чоңбаш, Тыныбек, Багыш, Келдибек, Сагымбай ж.б.) тикелей таасири менен кийинки муундагы манасчылар үчүн өзүнчө эле көркөм-руханий устакананын милдетин аткарган. Андан жаш манасчылар айлап-жылдап эпикалык чыгармачылыктын чар тарабын өздөштүрүп, чеберчиликтерин арттырып, биротоло жомокчулуктун узак жана машакаттуу жолуна түшүшкөн.

4. Жомокчулукту мектептерге территориялдык принцип боюнча бөлүштүрүүнүн (М.Ауэзов, М.Мамыров, Р.Кыдырбаева, М.Мамбеттурду ж.б.) табигый мүнөзгө ээ болуп, анын өткөндөгүсүнүн реалдуу абалын чагылдырып турат. Ал мектептер бири-биринен ажырап калбастан тынымсыз алакада болуп, бири-бирине таасир тийгизип келген, бирок ошол аймактагы жомокчулукка мүнөздүү болгон белгилер (сюжеттик түзүлүшү жана образдар системасы, көркөмдүүлүк жана аткаруучулук өзгөчөлүктөр ж.б.) басымдуулук кылган. Ушунусу менен алар өз-өзүнчө мектептер катары каралууга татыктуу болот.

5. Кытайлык кыргыз илимпозу М.Мамбетакундун манасчылык боюнча «манасчылар», «семетей», «сейтекчилер» деген бөлүштүрүүсү, аларды андан ары

конкреттүү залкар манасчынын (Тыныбек, Чоюке ж.б.) чыгармачылык өзгөчөлүктөрү боюнча ажыратуусу колдоого татыйт жана конкреттүү иликтөөлөр аркылуу кеңейтип, тереңдетүүнү талап кылып турат.

6. Бир мектепке тиешелүү жомокчулардын варианттары топтолугу менен бири-бирине окшош болушу мүмкүн эмес. Аларда эпоско мүнөздүү болгон негизги салттык өзгөчөлүктөр толук сакталганы менен майда-барат айырмачылыктар кездеше берет да, ал айтуучунун индивидуалдуулугу (төкмөлүк жөндөмү, эстутуму, артизтизми, жекече көз караш-түшүнүгү ж.б.) менен түшүндүрүлөт.

Адабияттар

1. Ауэзов М. Киргизская народная героическая поэма «Манас». – Китепте: Киргизский героический эпос «Манас»: Сборник статей. – М., 1961.
2. Мусаев С. Манасчылар. – Китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы: «Манас» жана манасчылар. II том. / А.Акматалиевдин жалпы ред.аст. / - 2-бас. – Б., 2004.
3. Кыдырбаева Р. Сказительское мастерство манасчи. – Ф., 1984.
4. Мамыров М. Жомокчулардын мектеби болгонбу? – Адабий Алатоо, №6,7,8. 2008-ж. (март, апрель).
5. Абдалиева Г. Кытайлык кыргыздардын маданияты. – Б., 2009.
6. Мамбеттурду Мамбетакун. Кыргыз эл ооз адабиятынын памир мектеби. – Шинжаң эл басмасы. Үрүмчү ш., 2009.
7. Райхл К. Тюркский эпос: традиции, формы, поэтическая структура. Пер.с англ. В. Трейстер. – М., 2008.

СЕМЕТЕЙДИН ОБРАЗЫН АЧУУДА МОНОЛОГ, ДИАЛОГДУН МААНИСИ

Сайпидинова Назгүл
улук окутуучу, К.Тыныстанов ат. ЫМУ

Эпосто Семетейдин образын ачуу үчүн колдонулган дагы бир адабий-көркөм ыкма– бул диалог ыкмасы. Диалог бул негизинен драмалык жанрдын ыкмасы. Бирок бул ыкма адабияттын драмадан башка түрлөрүндө да колдонула берет. Ушул жагынан алганда «Семетей» эпосу каармандардын өз ара диалогуна абдан бай. Бир эле эпостун баш жагындагы Абыке менен Көбөштүн, Көбөш менен Кыргылчалдын, Кыргылчал менен Каныкейдин, Каныкей менен Чыйырдынын, Бакай менен Каныкейдин ортосундагы чыңалган драмалуу диалогдорду эске түшүрөлү. Бирок кеп, эпосто диалогдордун бар болгондугунда гана эмес, ошол диалогдордун белгилүү бир көркөмдүк–эстетикалык ийкемдүү функцияны аткарып тургандыгында. Мисалы,үчүн бир мүнөздүү эпизодго кайрылалы. Үргөнч дайрасынын боюнда Семетей менен Айчүрөк биринчи жолу кездешип, экөөнүн ортосунда сүйлөшүү болуп өтөт. Ошол диалогдун жүрүшүндө экөөнүн ортосундагы абал курчуган учурлар да болот. Ошондой чыңалган диалогдун бир фрагментине көңүл буралы:

Семетей:

-Акундун кызы Айчүрөк,
Акшумкар берчи, кетемин!
Жолго казан асыпсың,
Жолоочу жолун тосупсуң,
Керүүгө казан асыпсың,

Кербенчи жолун тосупсуң!
Тишиң буудай болгончо,
Чачың куудай болгончо,
Кан атаңдын төрүндө
Картайганча күтүпсүң,
Акшумкар алар сен белең,
Тамаша кылчуң мен белем?![2, 103]

Айчүрөк:

− Кең Үргөнчтө жатканда,
Көп олжого батканда,
Алтын тактын үстүндө
Акункан атам жатканда,
Калмактан алган олжону
Камчыга ченеп бөлгөндө,
Ардактуу кан атамдын
Касиетин көргөндө,
Сенин атаң шер Манас
Алтымышэки нар алып,
Ак куржунга зер алып,
Алтымыш жорго айдатып,
Башына кебез байлатып
Бел куда болгон жери бар.
Кан Манас менен Акундун
«Куда» дешкен кеби бар.
Алдыңдагы Чүрөктүн
Алты жаны болсо да,
Карый турган эби бар…
Кан атаң Манас өлгөңдө,
Каныкей азап көргөңдө,
Темир кандын шаарына
Тентип кетип сен калдың,
Телмирип Чүрөк мен калдым.
Каймана сөздү чын кылып,
«Карысың», - деп сындырдың,
Кан атаңдын арбагын
Кай жерде, төрөм, тындырдың!
Карыганча келбеген
Кадырлуу төрөм сенденби?
Арбакты аттап өтө албай,
Кылчактап алыс кете албай,
«Жаш төрөм качан келет», - деп,
Карыганча күткөн менденби? [2,194]

Семетей:

− Ошондо Семең кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Ашуусу бийик тоо аштык,
Айчүрөк жайын уккандан

Алтымыш күндөй жол бастык
Чырм этип уйку албадык,
Чер жаза чайга канбадык.
Куш уйкуну салбадык,
Азыраак уктап алалык.
Акун кандын шаарына
Аттанып анан баралык.
Менден кеткен иш болсо,
Кечиргин, Чүрөк, сөзүмдү,
Аныктап издеп таптымго,
Айнектей кара көзүңдү.
Сөз менен жыгып алдыңго
Качандан берки өчүңдү!...»[2,194]

Бул диалогдон эмнени байкайбыз? Семетейдин «чачың куудай болгончо атаңдын төрүндөсүң» деген ачуу сөзү Айчүрөктүн намысына тийди. Ортодогу мамиле татаалдануу жагына дароо ооп, абалдын курчушуна шарт түзүлдү. Айчүрөк Семетейге татыктуу жооп табууга үлгүрдү. Айчүрөктүн жообу жүйөлүү да, негиздүү да, логикалуу да болду. Бул жооп Семетейдин намысына да тийди. Диалог дагы курчушу мүмкүн эле. Бирок Семетей акылдуу, кеменгер баатыр болуп чыкты. Ал Айчүрөктүн сөзүнө терикпестен, айтса айтпаса төгүнбү дегендей, колуктусунун жүйөлүү кебине жыгылып, күнөө өзүндө экенин туюнуп, курчуган абалды чукулунан өзгөртүп, кыздан кечирим сурады. Мына ушинтип, конфликт оң чечилди. Кыскасы, Семетей менен Айчүрөктүн ортосунда болуп өткөн бул диалогдун көркөмдүк функциясы эмнеде? Диалогдун көркөмдүк функциясы–анын Семетей менен Айчүрөктүн адамдык касиеттерин бизге ачып берип жаткандыгында. Диалогдун жүрүшүндө Айчүрөктүн аталардын, куда болуп шерттешкендигин, элдик салтты сыйлаган, терең ой жүгүрткөн, нарк билген, чукугандай сөз таба билген акылдуулугу айгине болду.

Экинчиден, Семетейдин баатырмын деп күчүнө чиренбегендиги, кези келгенде сөзгө жыгыла билген нарктуулугу, өз күнөөсүн, осолдугун мойнуна ала билип, кечирим сураганга жараган ийкемдүүлүгү, рухий маданияты ачыкка чыкты. Демек, бул диалогдо Семетейдин инсандык сапатыдагы бир жагынан ачылып көрүндү.

Мына ушинтип, эпостун бүтүндөй сюжетинин жүрүшүндө диалог Семетейдин образын ачуу боюнча маанилүү көркөмдүк-эстетикалык функцияны аткарат. Биз бул жерде бир гана мүнөздүү мисалга токтолуу менен чектелдик.

Семетейдин образын ачуу боюнча эпосто көп колдонулган дагы бир көркөм каражат жөнүндө кеп кылбай өтүү мүмкүн эмес. Бул–баатырдын образын ачууда манасчынын тикелей сөзүн эмес, башка бирөөнүн Семетей жөнүндөгү речин пайдалануу. Мындайыкма, албетте көркөм сөз өнөрүндө колдонула жүргөн ыкма. Бирок бул ыкма «Семетей» эпосунда өзгөчө көркүнө чыгарыла колдонулгандыгын белгилеп коелу. Маселен, Семетейдин образындагы да дааналантуу үчүн эпосто эпикалык душман Коңурбайдын речи пайдаланылат, башкача айтканда, Семетей Коңурбайдын көзү менен каралып, мүнөздөлөт. Каңгай тарапка чалгынга келген Семетейди биринчи көрүп Коңурбай өзүнчө ичинен мындай монолог айтат:

Кажыбас баатыр Коңурбай
Жолун тосуп Семеңдин,
Желбегей бейкут Семеңе
Жеткилең көзүн салыптыр,
Семетейди көргөндө,
Арман кылып өзүнчө,

Күңгүрөнүп алыптыр.
«Манастан калган жетимди
Томуктай бала деп жүрсөм,
Тоодой баатыр турбайбы.
Токсон миң адам келсе да,
Толгоп башын жулбайбы?
Атасы Манас баатырдан
Алты эсе мыкты көрүнөт,
Айбатынан ажалдын
Көлөкөсү көрүнөт.
Ушундай бала бербеген
Көкөтеңир–буркандар
Мага эле сараң көрүнөт.
Айкөлдөй болгон Семетей
Менин уулум болсоңчу,
Айдап жүргөн көп жылкы,
Атаганат кор дүйнө,
Менин кунум болсоңчу!
Колумдан келсе чунакты
Тирүү кармап калсам ээ!
Элчилигин алсам ээ!
Берендерге тең кылып,
Манжуулардын элине
Бейкут кошуп салсам, ээ!
Ушундан тууган баланы
Унчукпай туруп Манжуга
Кан көтөрүп алсам ээ!
Жалбагай ооз, жар кабак,
Адамда мындай болобу!
Баатырды баатыр дебестен,
Кемиткен адам оңобу!
Ааламга топон суу келсе,
Алсыраган көп элди
Көтөрүп алчу кемего?
Жазы маңдай, жалын көз,
Кара кылды как жарган,
Калыс болчу немего?
Көбөрүп турган чунакка
Көңүл айтсам болбойт го!
Көрүнүп койсом көзүнө,
Көз ачканча сомдойт го!
Айткандан кайтпас неме экен,
Көнөктөй болгон башымы
Көөдөнүмдөн толгойтго!»[1:1959, 260]

Бул сөзүнөн Коңурбай өзү душман болсо да, кыргыз баатырына туура баа беребилген көсөм экендиги баамдалат. Манжууда эмне үчүн мындай баатыр жок деп ичи өрттөнүп да жатат, суктанып да жатат, кыялданып да жатат, Семетейдин ченде жок, алкакка сыйбаган арстандыгын, адамдык касиеттерин как баш Коңурбай баамдап

да жатат. Коңурбайдын Семетей жөнүндөгү мүнөздөмөсү эпостогу көркөмдүгү күчтүү эпизоддордун бири. Семетейдин душмандык көзү менен каралып сүрөттөлгөндүгү өзүнчө кызыктуу көрүнүш. Коңурбайдын речи Семетейдин образына жаңы боөкторду сүртүп, каармандын баатырдык жана адамдык облигин дагы да ачык-айкын кылгандыгы менен баалуу. Семетейдин образын бөлөк бирөөлөрдүн речи аркылуу кыйыр түрдө ачуунун дагы бир мисалын көз алдыга тартуу ылайыктуу.

Адабияттар:

1. Бегалиев, С. «Манас» эпосунун көркөм каражаттары Ф.,1989.
2. Бириктирилген вариант Семетей:1959, 193-бб
3. Ошондо1959, 194-бб
4. Ошондо1959, 194-бб
5. Ошондо1959, 260-бб

ЖАЛГЫЗДЫКТЫН КӨРКӨМ ЖАҢЫРЫГЫ (АКЫН А. ӨМҮРКАНОВДУН “ЖАЛГЫЗДЫК ЫРЫ” ЖЫЙНАГЫНЫН МИСАЛЫНДА)

Исаева Сайра
ф.и.к., Ж.Баласагын атындагы КУУ

Эгемендүүлүккө ээ болгон күндөн берки адабий чыгармалар жөнүндө сөз кылганда элдин турмушунун болуп көрбөгөндөй өзгөрүп, дүйнө таанымы башкача нукка түшкөнүн белгилеп келебиз. Ошондуктан, бүгүнкү күндө илимде да, көркөм таанып билүүдө да улуттук маданиятты башка өңүттөн аңдап, жалпы адамзаттык көркөм баалуулуктар менен жаңыча карым-катышта карап чыгуу талабы турат. Ушул көз караштан алганда азыркы жер жайнаган ыр китептердин баары эле сөз кылууга татыбай турганы айгине. Бирок көптүн арасында, көчтүн карасында калбай, кашкайып көрүнүп турган акындардан да куру эмеспиз. Мындай талапка тээ совет мезгилинин 70-жылдарынын аяк ченинде “Мөлтүр сезим” аттуу алгачкы жыйнагы менен кыргыз журтчулугуна таанылып, ошол мезгилде эле башкаларга окшобогон оригиналдуулугу, көркөм-эстетикалык табылгалуулугу менен айырмаланган, бүгүнкү күнгө чейин ошол басыгынан жазбай келе жаткан Кыргыз Эл акыны А.Өмүрканов сыяктуу чыныгы таланттардын чыгармалары толук жооп берет. Анын кайсы гана мезгилдеги ырларын албайлы, ал кандай гана нерсени сүрөттөбөсүн аны туюнтуунун өзгөчө манерасы байкалат. Жан дүйнөңдү тазартып, жаңы сезим- туюмдарды жараткан анын ырларында өз бетинчелик, көп сырдуулук, көп кырдуулук жатат. Алгачкы “Мөлтүр булак” жыйнагынан тарта соңку “Жалгыздык ырына” чейинки жыйнактарынын баарында жүрөгү таза, ак ниет, кыял чабыты кенен жана бай, дүйнөнү түркүн образдар менен ача билген, сыр жашырбаган, дайыма агынан ачылган акындын образы кызыл сызыктай аралап өтөт. Акындагы дагы бир өзгөчөлүк-ал жасакерленбейт. Ал турмушту өзү кандай туйса, сезсе дал ошол турушунда табигый чагылдырат. Тема тандабайт, жашоодо эмнени сезсе, эмне акынды толкундата алса дал ошондой жазат. Мисалы, акын Ата мекен, тоо, суу, мезгил, ата, апа, сүйүү, кызганыч, сагыныч, жашоо ырахатты, өкүнүч ж.б. түркүн темаларда дилинен агылып чыккан акындын өздүк стили,

табигыйлуулугу, чынчылдыгы, жөнөкөйлүлүгү менен окурмандын жүрөгүнөн түнөк тапкандай деңгелде жазат (**бекеринен акындын 100дөн ашык ырына обон чыгарылып, элдик ырларга айланган жок да- И.С).**

Акын жыйнактан жыйнакка өсүү жолунда болду. Анын акындык позициясын таасын ачкан "Күндөгү так", "Асмансыз жылдар", "Тушалган чагылган" аттуу өзгөчө жыйнактарында канжыгага башын байлап коюп жазган өткөөл заман тууралуу бетке чабаар, курч ырлары элге жетип, колдоо тапса, "Жалгыздык ыры" жыйнагы "Өлүмгө жаш, өмүргө кары курагында" жазылган мыкты ырлардын топтомунан турат. Акындын бул китебинде таасирлүү поэтикалык сезим-туюм менен турмуштук көз карашынын жаңы кырларын ачкандыгы менен өзгөчөлөнөт. Бекеринен ал аны "Жалгыздык ыры" деп атаган жок. Буга чейин деле ыр китептеринин аталышына атайын маани бергендиги байкалган. Маселен, "Күндөгү такта" Акаев мезгилиндеги катаал замандагы көп адамдардын оор күндөрүндөгү түркүн "тактарды" ар тараптан ачса, "Асмансыз жылдар" китебинде асман туруп асманды көрбөй жашаган баш аламан элдин тагдырын чагылдырып, "Тушалган чагылганда" улуттук ар-намыс идеясын жаңы баскычка алып чыгат. "Жалгыздык ыры" жыйнагында акын замандаштарынын тагдырын, алардын келечек үмүттөрүн, кайгысын, сүйүүсүн, өкүнүчүн бүткүл жан-дилинен өткөрөт. Көп ырларында акындын жеке тагдыры жатат. Бирок, ал тагдыр жалгыз акынга эмес, жалпы окурмандын тагдырына айланып,алардын да ыры, алардын да кайгы-кубанычы, арманы, арзуусу, өкүтү, үмүтү болуп калат. Чыныгы поэзия гана мына ушундай сапатка эгедер болуп, акындын менчигинен элдин көркөм дөөлөтүнө айланып кетет.

Китептин аталышы терең философиялуу. Аны акындын жеке тагдырына байланыштырып, же "ар жалгыздык башта бар" деп жалпы адамзатка байланыштырып караса да болот. Жалгыздык – акындын бактысы да, трагедиясы да болуп көрүнөт. Турмуштун татаалдыгы, көп кырдуулугу, чексиздиги жалгыздык аркылуу ачылат. Китептеги "Жалгыздыкта бүт баары бар..." деген алгачкы ырдын каймана аталышында эле көп маани, реалдуу турмуш бар. Анткени акындын жалгыздыгынын нары жагында кубаныч, жашоо кумары, ырахат, махабат, өкүнүч, кайгы, көңүл калуу сыяктуу карама-каршылыктуу сезимдер жатат. Алар азыркы көп акындар жазган бир сезимдин тегерегиндеги эле тапталган ыр курулмалары эмес. Жашоо жана тирилик тууралуу терең жана салабаттуу ой калчоо менен акын кичинекей, майда көрүнгөн нерселерден чоң маани-маңыз көрө билет, анда майда жана маанисиз эч нерсе болбостугуна окурманды ынандырат..

Сыртынан жөнөкөй көрүнгөн акындын ырлары чынында кыйла ой түйшүгү менен окулганда гана четинен сырлары, маани-маңызы ачыла баштайт. "Айрык сүрөт", "Күчүк", "Жалгыздыкта бүт баары бар...", "Жалгыз таштар", "Былтыркы кар", "Жаратып алдым сени өзүм айдан", "Жалгызга жылдыз жолдош", "Кылгырган жаш" өңдүү ырларын окуп, акын менен сырдашып, маектешип жаткандай абалга келебиз. Бул ырларда акын тагдыр, кайгы, муң, сүйүү, адамдын жан дүйнөсүндөгү карама-каршылык, турмуштун чексиз татаалдыгы көйгөйлөрүн жалгыздык аркылуу ачып берет. Бирок жалгыздык десе эле акын бүт баарынан айрылып, жалгыз калды деп түшүнүү да туура эмес. Анткени, адам төрөлгөндөн жалгыз болбойт. Аны курчап турган жакын адамдары, табият аны жалгыз калтырбайт. Бирок адам өзү жалгыз төрөлөт, жалгыз өлөт, аны өзү түшүнгөндөй эч бир жан түшүнбөйт. Кээде адам өзүн-өзүнү түшүнбөй бушайман болот. Акын адам психологиясындагы мына ушул чечилип бүткүс татаалдыкты өзүнүн жалгыздыгы аркылуу чемелейт. Мындай жалгыздыктын татаал, карама-каршылыктуу мүнөзү тууралуу мурдатан кыргыз поэзиясында жазылып келсе да, жалгыздыкты А.Өмүрканов сыяктуу эч ким жан териси менен туюп, ачып бербеген сыяктуу. Мисалы "**Жалгыздыкта бүт баары бар..." деген ырында:**

Кайра кирем, Жалгыздыгым алпчыгам,
Жалгыздыкта бүт баары бар...табалбай...
Мен күзгүдөн өзүмдү өзүм карасам,
Боло калат бирөө келе калгандай.
Жалгыздыкта бүт баары бар... сүйгүзгөн,
Сүйдүргөн да, күйдүргөн да... бүтө албай...
Карт бүркүттөй мурун күнгө күйгүзгөн,
Калдалаңдайм канат силкип уча албай (21-бет).

десе , **"Жалгызга жылдыз жолдош**" ырында:

Жалгыздыктан кээде улуймун карышкырча,
Ошентсе да жалгыздыгым жандан жылба...
Жабыккан жандын жалгыз жүрөгүндө,
Эскерүү бар жете турган бир кылымга...

Жалгыздыгым жалт деп учкан куштай учпа,
Жаман болгун жакшы болгун жанымда укта.
Күнү-түнү батпай турган зор Күн болмок.
Эгер адам көргөн муңдан жарык кылса (29-бет).

"Сакта, сакта" деген ырында:

Ойлор арбын жашыл жаздан ак кар кышта,
Сырлар көп кумдан дагы жаткан ташта.
Топурашып жүргөндөрдө топондо жок,
Аалам баткан акыл жатат жалгыздыкта. (49-бет), – деп

акын жанга жаккан, жана жакпаган, кубанткан жана кайгырткан жалгыздык менен кечээкисин, бүгүнкүсүн, эртеңкисин ажырагыс биримдикке келтирет, жалгыздыктан эмне туйган-сезгендерин ага сыйдырат. Себеби, жан кашайткан жалгыздыктан да, көңүл калуудан да, кайгыдан да жансоогалап алып калганы, дем тутканы, жалгыздыкта калтырбаган ыйык тумары ырлары. Бекеринен акын кудайдан "таланттын нуру тамчыла себил", "Жаман киши десе десин, а бирок, жаман акын дебесе экен мени эч ким..." деп тилебегендир. Анткени акынды аяган, таштап кетпеген, жалгыздыктын жан чыдагыс кайгысынан сактап, жашоосун гүлгө айлантып, кандай күн башын түшпөсүн жансоогалап келгени- ырлары. Акындын жеке жашоосундагы кайгы, сагынуу, сүйүү, бактысыздык сыяктуу мазмунду камтыган муңайынкы мүнөздө жазылган ырларынын тереңинде да турмуш соккусуна багынтпаган кудурет жатканы байкалат. Мындай маанай анын сүйүү ырларынан өзгөчө ачык көрүнөт. Акын мурдагы жыйнактарында да бул темага абдан көп кайрылып келгени белгилүү, бирок, бул темадагы ырлары ар бир жыйнагында улам башкача, жаңы ойлор катары кабылданат да, сүйүүнү ар кыл өңүттөрдөн, жаңы дүйнө таанымы менен ачып берип отурат. Дал ушундай өзгөчөлүк - "Жалгыздык ыры" жыйнагында андан ары уланат.

Бул китептеги сүйүү ырлары философиялык ой жүгүртүүлөр менен ширелип, терең мазмундуулугу көп маани камтылгандыгы менен өзгөчөлөнүп, окурмандын ой-сезим түйшүгүнө салат. Акындын мурдагы сүйүү ырлары менен тааныш окурман "өлүмгө жаш, өмүргө кары убагында" да баягы боз улан кездегидей селкиге болгон ашыктык сезиминен, сулуулукка, аруулукка болгон асыл ой-туюмунан ажырабагандыгын көрөт, аны менен кошо суктанып, ашык болот. Көрсө, "ташка тийген тагдырыма табылган, тайаныч сен эң акыркы тайанар" деп, акын өзү жазгандай чын дилден чыккан сүйүү турмуштун, жашоонун нукура ырахаты, анын ажары, көркү болот экен. Антпесе акындын таза сезиминен, чын жүрөгүнөн мындай ырлар жаралбас эле.

Ойум да сен, оозум да сен-баары сен,
Ооруп соккон жүрөгүмө дары сен.

Күндү деле көрбөй калмак экемин,
Эгер сенин көздөрүңдү көрбөсөм...(133-бет).

Алды артына карабай,
Атасын көргөн баладай,
Алдастай келип мойнума
Асылсаң сөзгө жарабай,
Алкынып жүрөк, эсим ооп
Акылдан танып калам ай...(139- бет).

Кучагыма куп жарашат кучагың,
Кучактасам кудуреттей учамын.
Бул өмүрдүн кыскалыгын билсем да,
Тилейм бүгүн бул сүйүүнүн узагын...(145-бет).

Акындын мындан башка да “жабыкканда жамалынды сыласам, жарык дүйнө жатып калат сен болуп”, же “суудан тиктеп тургансыган көздөрүң, кусалыкты кууп чыгат кандагы, “ тиктешкенде тирүүлүккө ыраазы болуп, жамалыңды карап калуу кандай сонун” же “келди- кетти дүйнөдө кейиши көп, кереметтүү кендейсиң казыла элек”, же “кабак жарып карап койсоң дүйнөнүн жан көрбөгөн жыргалына кангансып”, “сел алып баратканда сени ойлонуп, серпилип жээкке чыгып аман калгам” деген чыныгы өлбөс поэзиянын үлгүсүндө жазылган кереметтүү көркөм сөздүн күчүнүн сыйкырдуу күчү бар саптары жүрөктөн түнөк таап, сезимге кыт болуп уюп калат. Акын сүйүү лирикаларында эле мындай кереметтүү ыр саптарын жараткан жок, ал “аалам баткан акыл жаткан жалгыздыкта” терең философиялуу “Аккан суу”, “Таңкы суроо, таасын жооп”, “Атаганат”, “Чилдеде”, “Метаморфоза”, “Күйгөн токой, качкан куш” аттуу ой-сезимге бай, акылга терең, көркөм нарктуу ырларды жараткан.

“Аккан суу” темасында тээ ырчылар поэзиясынан профессионал акындарга чейин далай ырлар жазылды. Бирок, А.Өмүрканов өзүнөн мурдагы акындарды кайталабайт. Ал аккан сууну жаңы өңүттөн карап, жаңы көз карашка чулгап, жекече мамиле-түшүнүгү менен берет.

Кудайга оюн айтат сени карашып,
Сени сурайт тирүү өлүп баратып.
Дүйнө кыйрап калмак мүнөт жок болсоң,
Ар тамчыңды ар бир өлкө талашып...
Сен ааламдан туйбаганды туясың,
Туйса экен деп бизге ишарат кыласың.
Биз калп эле мактанабыз... чынында,
Бу дүйнөнү сен башкарып турасың. (58-бет)

Ал эми “**Бир чака суу**” деген ырындагыдай суунун бүткүл кудуретин бир чака суу аркылуу ачып берүү ар кимдин оюна келе бербес:

Агасың, же учпайсың, же баспайсың,
Жердин куну жетпей турган байсың, байсың.
Атаганат пенде сендей болсо кана,
Баарын багып жүрсөң дагы мактанбайсың.

Акыркы ирет тазалайсың ээк какса,
Ак барсын деп Кудай буйрук берген жакка...
Мен өзүмдү сенден көрүп турган өңдүү,
Көктү сендей көралышпайт сенден башка (60-бет).

Акындар арноо ырларын көп жазышат, ал эмес чыгармачылыгынын көпчүлүк бөлүгүн арноо ырларын жазуу менен алакеттенгендер да жок эмес. Бирок, А.Өмүркановдун чыгармачылыгына назар салганыбызда акын арноо ырларына аз кайрылып, бирок саз ырларды жараткан. Мисалы, улуу жазуучу Ч.Айтматовго кимдер гана ыр арнаган жок. Бирок, залкардын образын жаратууда акындан "Кош, Чыке...", "Чынгыз Айтматовдун эстелигине" аттуу ырлары алардын астында турары шек жаратпайт.

Бирдей сүйүп тоону жана талааны,
Кудуреттей колдоп турчу карааны.
Ыйлап калды аккан жашын аарчыбай,
Киши түгүл китептердин барагы.

Күндө окусаң күндө күлгүн, күндө жаш,
Чыкем жазган чыгармадай чыгарма аз...
Наамы барлар толуп жатат, а бирок.
Өзүңдөйдү кыргыз эми табалбас (174-бет).

Ырда байкалгандай, акын Чынгызды башкалардай ай-күнгө теңебей туруп эле чыгармачылыгы өлбөс адамдын сүрөтүн чебердик менен тартып коөт. Мына ушундай эле көркөм, элестүү, сезимди селт эттирген чыгармаларга анын энесине арнаган ырлары кирет. Чындыгында эле, акындын буга чейинки эне жөнүндөгү жазылган ырлары өлбөс болуп элдик ыр болуп ырдалып келсе, бул китепке кирген "Апакем", "Эне жөнүндө ыр топтом", "Кайран энем", "Эми жок эркелээрим", "Эне мээри" деген ырларында "Бетинде бырыштар курандын, Сыр каткан ажайып жазуусу", "биз баргыча жер жылытып турчуудай...", "Күндүн нуру күндүз бар да түндө жок, эне мээри баласы үчүн бар дайым", "Биз сүйөбүз... биздин сүйүү эненин, сүйүүсүнүн тамчысына татыбайт" деген таасын саптары менен эненин ыйыктыгын өлбөс Куранга, же андагы ыйык жазууларга, жерди огунан жылдырбай кармап турган кудуреттүү күчкө орундуу, таамай салыштыруу аркылуу кыргыз поэзиясында эненин образына дагы бир жаңы штрихтерди кошот.

Акын бул ыр жыйнагында жаңы сөз курулмаларын, көркөм сөз каражаттарын табууда азыркы кыргыз акындарынын алдыңкы сабында турат. Бирок акын ыгы жок кооздук издеп, экиленип кетпейт, табыгый ой-сезимдерге, реалдуу байкоолорго басым жасайт. Ошондуктан анын ырлары окурманга тез жетип, анын жан-дүйнөсүнө жакын болуп, өздүк көз караштар менен ыкчам аралашып кетет.

Жан дүйнөдөгү асыл, баалуу нерселердин баары экинчи планга кетип, бийлик менен байлык биринчи орунга чыккан ааламдашуу заманында А.Өмүркановдун жогорудагыдай адамга кудурет күч бере турган, нукура поэзиянын үлгүсүндө жазылган ырлары аба менен суудай эле керек. Ошондуктан, акындын "Жалгыздык ыры" жыйнагы Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыкка көрсөтүлүшү мыйзамченемдүү, табыгий көрүнүш дешке болот.

«МАНАС» ЭПОСУ ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ЖЫЛДАРЫНДА КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫНДА

Темирова Бактыгүл
ф.и.к., профессор, ОшМУ

1985-жылдан тартып, коомдо демократиялык процесстер башталып, сөз

эркиндиги, айкындуулугу күч алып, кайра куруу башталды. Бул жөнүндө К.Артыкбаев минтип жазат: «Поэзия – турмушка тез аралашкан жанр. Ал жеке лирикалык «мендин» жан дүйнөсүн иликтөө, анын ар кыл сырларын ачуу менен жалпыга тиешелүү, көптөрдүн көкүрөгүндө турган ой-санааларды көркөм элестетет. Өлкөдө кайра куруу, ачык айтуу саясаты күчөгөндө поэзия мурдагыдан да активдүү кыймылга келип, коомдогу, мансап чөйрөсүндөгү, турмуш-тиричиликтеги оң-терс көрүнүштөрдү тереңирээк иликтеп, өз оюн, өз көз караштарын кеңири, айкын билдирүүгө аракеттене баштады… Башка кыргыз акындарынын айрым бир ырларында да кайра куруу, ачык айтуунун талаптарына ылайык кемчиликтерди сындоо мотивинин кыйла активдүү көрүнгөндүгү байкалды…» (1, 573).

Ошол сексенинчи жылдардын экинчи жарымынан, өзгөчө поэзияда публицистикалык мотив күчөп, сындын дүрмөтү коомдун талуу проблемаларына, бийликке, заманга, керек болсо конкреттүү бийлик өкүлдөрүнө багытталды. Анатай Өмүркановдун «Обком чалдар», «Атпай журтум», «Арданyy», «Оо, кудурет, үйү күйүп үмүттүн», «Хан аз күлөт дечү эле», «Ушул күнгө ким апкелди», «Канталамай» ж.б, Ш.Дүйшеевдин «Кел, сүйлөшөлү!», «Кайдыгерлик», «Эне тилин унуткандар», «Ысык-Көлдү сакта дейсиң», «Бир кемпир баткан жокпу?», «Бөлүнгөндөн акыры өлөт кыргыз» ырлары бул таланттуу акындардын жеке чыгармачылыгындагы табылга эмес, жалпы кыргыз поэзиясынын өнүгүү багытын аныктаган этаптык чыгармалардан болуп калды.

Акын А.Өмүрканов «Токтоткула!» аттуу ырында Таластагы Манастын күмбөзүнүн жанындагы Кароол Дөбөдө алтын бар деп айткан көзү ачыктарга ишенип , каздырып жаткан бийликке кайрылып:

Эр Манастын арбагынан коркпогондор,
Көз каманга окшогондор,
Эл жегенди коштогондор…
Токтоткула! Токтоткула!
Көркоолорду кырк чоронун кусуру урсун!
Кароол Дөбө эртеңкиге аман турсун!..
Токтоткула! Ушул ишке ким күнөөлүү?

Соттоткула! (2, 299) – деп жазат. Акындын жан күйгүзө айткан ыр саптарынан көрүнгөндөй, «Манасты» саясатка айландырып, ал түгүл бүтүндөй кыргыз рухунун тамырын чорт этирип кыйганга аракеттенген «жайсаөчылардын», «коөурбайлардын», «маөкурттардын» катары көбөйүп жатканы өзөктү өрттөйт. Ушул мааниде Манас баатырдын Кароол Дөбөсүн чак түштө эле казып, алтын издегендери элибизди дүрбөлөөгө салганы маалым. Манас баатырдын Кароол Дөбөгө чыгып алып, элдин кыйырын көз салып, чет душмандардан коргоп, тынчтыгына кам көрүп турчу экен. Манас баатырдын касиеттүү жерине айланган Кароол Дөбө элдин тынч турмушунун ыйык символу катары көрсөтүлөт. Акын мына ушул байыркыдан калган куттуу жерден көр дүйнө издеп, казып, бүлүндүрүп жаткан бийликтин жүзүн ашкерлейт.

Мезгилдин күрөө тамырын кармай билген, атуулдук сезими күчтүү, өзгөчө үнү бар таланттуу акын Ш.Дүйшеев «Талас элине» аттуу ырында:

«Эл Манасты маң болгондо күтүшкөн,
Ага чейин малай болуп бүтүшкөн» (3, 108) – деп элдин муң-кайгысын ырга

салып, Айкөл Манасты элди бириктирүүчү, душмандан коргоочу жол башчы катары көрсөтөт. «Эне тилин унуткандар» аттуу ырында кыргызча билбеген Мурат аттуу каарман минтет:

Түшүнбөймүн ырыңды, макалыңды,
Түшүнбөймүн Кошоюң, Бакайыңды,
Башка калктын тарыхын билген менен

Билбеймин Манасыңды (3, 108).

Ал эми акын болсо:

Калдайгандын баары эле канат эмес,

Кабыландын баары эле Манас эмес.

Калкын чанган, калкынын тилин чанган,

Кан болсо да кыргыздын баласы эмес (3,136) – деп өз мезгилинин күйүп аткан маселесин кабыргасынан коюп, кескин жыйынтык чыгарат. Акын бүгүнкү өзөктүү өрттөгөн эне тилин чанып, аны сүйлөөдөн уялган маөкурт чалыш адамдардын кесепеттин чыркырап айтуу менен эпостун образдарына, тарыхка көп кайрылып, акыл-эске чакырат.. «Бөлүнгөндөн акыры өлөт кыргыз» аттуу ырында:

Жолдон издеп, санап жыйган элиңди,

Жондон издеп Талас жыйган элиңди,

Жолбун иттей тентип кетип дүйнөдөн,

Жок болордо Манас жыйган элиңди (3, 176) –деп жазып, кабылан Манас бир кезде курап журт кылган элди эми бөлүп-жарып жатканы жөнүндө:

Күнөөсүнө баттык го талаштын биз,

Күнөө кылсак кечет деп Манастын биз,

Күмбөзүнө куранды окуп туруп,

Элин бөлдүк күжүлдөп Таластын биз (3, 177) – деп жазат акын.

Ш.Дүйшеев «Сүйлөшкөнгө чейинки сөз» аттуу китебиндеги «Манастын көзү өткөн соң» аттуу ырында акын баатыр дүйнө салгандан кийин элдин тагдырына кабыргасы кайышып, санаасы санга бөлүнүп, ынтымагы ыдырап, «өзөктөн өрт, өздөн жат» чыгарын ойлоп, тынчсызданып:

О, эсил журт ошондой!

Октун, кектин көзү менен тиктеген,

Алмамбеттин арманынан ашкан сенин шоруң көп.

Каныкейдин азабынан ашкан сенин жолуң улам коогалуу – деп ошол азаптан Семетей элди куткарарын эскертет.

Акын Э.Эрматовдун «Манас» жана манасчылык өнөр темасына арнап жазган көркөм туундулары бар. Анын «Манас» жөнүндө ыр», «Манас атанын күмбөзү», «Энесай жээгинде», «Манасчы» ж.б. ырларында «Манас» кыргыздын бүтүндөй бүтпөс тарыхы, улуу руху экендиги, андагы баатырдык мотивдер, Ата журту коргоонун сабактары, жер-суу аттарынын реалдуулугу, манасчылык өнөрдүн кереметүүлүгү жөнүндө чагылдырат. Маселен «Манас жөнүндө ыр» деген чакан поэтикалык туундусунун маани-мазмуну өзгөчө, ак ыр формасында жазылат да, алты аталыштан (боз үй, бала, сүйүү, өмүр,Саякбай, өтүнүч) туруп, баары «Улуу Баяндын» өзөгүнө байланып турат.Кыргызды «Манасынан», ак калпагынан, боз үйүнөн, комузунан ажыратып кароого мүмкүн эмес, булар ата- бабалар калтырган ыйык мурастар. Алар элдин тарыхый тагдыры, акыл-эси,туу туткан сыймыгы.

Ырда боз үйдө «Манас» айтылган, элдин духу, руху чыөдалган, канча жолу кырылган сайын түтөп, баш көтөрүп, жер жүзүнөн атыбыз өчпөстөн учугубуз уланып келди деген ой жатат. Бул да болсо ата- бабаларыбыздын улуу духу жана «Манастын» руху. Ал эми ырдын «Бала» деген бөлүмчөсүндө:

- Атаке, кайдан бул дүбүрттөр?

- Манастан.

- Кай жактан калпакчан жигиттер?

- Манастан.

- Ыр угуп неге ыйлайт адамдар?

- Манаска.

- Атаке, карачы аппак кар!

- Шүк олтур, кулак түр Манаска.

Сегиз гана саптан турган бул ырдагы ата менен баланын диалогунда тереө маани туюндурулат.Улуу муун ата айткандай «Манас» кыргыздын жүрөгүндө, духунда түбөлүк жашоочу, сөздөн курулган улуу эстелик.Ошондуктан: «Баарын коюп, «Манасты» айт»-деген «байыркы элибиздин рухунун туу чокусу», түбөлүктүү сыймыгыбыз, соолбос демибиз.Биз бүгүнкү урпактарга рухий дөөлөтүбүздүн баалуулугун, ыйыктыгын айтып, акыл-сезимин ойготуп, курчутууга милдетүүбүз. Анан «Манас» эпосунун үчилтиги жөнүндөгү мыйзамды сактоого, аларды Ата журту коргоогондой калкалоого, өнүктүрүп. даөазалоого, тереө окууга, баалоого жаш кезден үйрөтүшүбүз зарыл.Балдардын бүтүндөй жан-дүйнөсүнө сиөдирбесек кыргыз деми менен жашоого багыттабасак, рухий маөкуртчулук жөө тумандай каптап кетет. Ошол «Манасты» Саякбайдай манасчылар «акылында сактап, тилинин алдына басып» биздин күнгө жеткиргенин жана феномендик таланттынын сырларын үйрөнүп, кадыр- баркына жетишбиз керек деген наркуу, ары келечектүү ойду айтат. Бул ойду автор жогоруда аталган ырларында да өркүндөтүп жүрүп олтурат.

Акын эпостогу түбөлүктүү идеялар менен бүгүнкү коомдо болуп жаткан ар түрдүү турмуш чындыгы, улут тагдыры менен байланыштырып бергендиги менен да кубаттоого болот.

Акын Тазагүл Закирова «Манасчылар – көк деңиз» аттуу ырында миңдеген жылдарды карыткан эл тарыхы эпосто чагылдырылып келгенин, тарыхтын баарын эпоско батырып келген манасчылар Сагынбай менен Саякбайлар –көк деңиз, сөз падышасы деп баалап, кабыланга кайрылып акын: «О, Эр Манас, колдой жүргүн элди ушу!» деп кайрылат. Ал эми «1990, июндун оңдолбогон тогуз ыры» аттуу ырында акын 1990-жылдагы Ош окуяларын чагылдырып, эки улуттун ортосундагы ырктын кетишин, элин саткан, жерин саткан атка минерлердин кесепетинен калк куурап, азап тартканына кейип, кыргыздын момундугуна, баеолугуна кейип, жеке кызыкчылыгын гана ойлогон чоңдор план деп отуруп, элди итке мингизгенин, акчасы көптөр майлуу жерди ээлеп отурганын айтып, элдин келечек тагдырын ойлоп сай-сөөгү сыздап:

Тирүү туруп, калк сыяктуу саның жок,
Корооң турмак салып койгон тамың жок.
Намысыңдан дуулдайсың, калайык,
А кудайсыз «Төрөбайдан» дайын жок.

Пулу күйгөн калемпирди чайнашып,
Пулдар достор, бийлик ээрде май басып…
Кудуреттүү эр Манастын тукумун,
Сындырбачы, качкын кылып айдатып…(4, 110) – деп кырк кабыргасы сөгүлүп, байыртан келаткан Манастын тукумдарынын эл, жер саткан бийлик төбөлдөрүнүн кесепетинен кан төгүлүп, азап тартып, кайгыга батканын акын курч публицистикалык дүрмөт менен жазган.

Акын Нинакан Жүндүбаева «Эр Манас – элдин тиреги» ырында:

Артына чагылган нур, шоола,
Алдыны албырткан күн, айы.
Кыргызды бирдикке чакырган,
Манасы – эрдиктин кудайы!(5,4) – дейт. Нинакан Жүндүбаева «Абакем «Манас» айтканда» аттуу ырын улуу манасчы Сагымбайга, «Кыргыз казынасы» аттуу ырын Саякбай Каралаевге арнаган. Бул ырларда акын алардын талантына тамшанып, баа берип, эпостун каармандарын сыпаттоо менен тарых барактарын өзүнө сиңирген улуу

мурастын түбөлүктүүлүгүнө суктанат.

Ушундай эле арноо ырларын алп манасчы Сагымбайга таазим этип, Д.Жунушев «Алп манасчы» аттуу ырын (Д.Жунушев «Чагылгандын отумун» Б., «Гүлчынар». 2013), Ж.Бектуров «Улуулук» (Ж.Бектуров «Дил жанар». Б., «Шам», 1999) аттуу ырын Сагымбайга арнаган. Акын Б. Алыбаев улуу манасчылар Сагымбай менен Саякбайга «Манас» жана манасчылар» аттуу ырлар циклин арнаган. Мында акындар улуу манасчылардын талантына жогору баа берип, элдин миң жылдык тарыхын ырга айлантып, алп Манастын казаттарын, эрдиктерин, баатыр чоролорду ырдаган өзгөчөлүктөрүн белгилеп өтүшөт.

Акын М.Акимкожоев «Сайрандап жүрүп…» деген ырында кыялында Айкөл Манаска жолугуп, анын эрдиктерин өз оозунан угат:

Тагдырын элдин унутпай,
Өскөнбүз аттын жалында.
Акылман Бакай баш болуп,
Көргөнбүз жоого камылга.
Бири миң колду беттеген,

Кырк жигит кыраан жанымда (6, 85) – деп, кабылан акынга эл-жер үчүн болгон жортуулдарын, эрдиктерин өзү аңгеме-дүкөн кылып берет. Ушундай таттуу кыялынан чочуп кетип, өзүнө келсе, Талас шаарында бараткан болот.

Акын К.Адамалиев да «Манас» темасына кайрылып, эпостун айрым эпизоддорун өз алдынча мотивировкалоого умтулган. «Манастын Ала-Тоого келиши» аттуу ырында Алтайдан Ала-Тоого аттанган кыргыз көчүн, жолдон жоого чаптырбай кол баштаган Манас баатырдын эмгектерин колориттүү боектор менен ырга салып, жоокерчилик замандын духун, белгилерин сактап:

Күндүз туулар толкун сындуу желбиреп,
Беш түмөн кол чаң учуруп агылат.
Ала-Тоодо эл күтөрүн эр билет,

Жоо-жабдыктар, найза күнгө чагылат (7, 24) – деп сүрөттөйт акын. Андан нары Ала-Тоодо азган-тозгон элди жунгар калмактын эзүүсүнөн куткарып, кун кууп, душмандар чөгөлөп багынып, Манас барда эл биримдиктүү болуп, бакубат жашоо болгондугун баяндайт.

«Кырк жигиттин өлүмү» аттуу ырында акын эпостун сюжетиндеги окуядан экенин айырмалаган эл оозундагы аңыздын негизинде жазган. Белгисиз себептер менен таарынган кырк чоро Таластан аттанып чыгышып, Чүйдү ашып, Шамшыдан ашып кетеринде Манас алардын артынан кууп жетет, артка кайткыла деген анын сөзүнө кулак кагышпайт:

Душманга кеткичекти турбады арстан,
Таш жарып, ачуу чыккан кыйкырыгы,
Кырк жигит кол көтөрбөй кулады аттан,
Ошондо күн тутулуп, кара түшүп,
Капкара булут чалып Талас жакты,
Үч күнү баш көтөрбөй аза күтүп,

Үн-сөз жок , үшкүрүнүп, Манас жатты (7, 30) –деп жазат акын. Эпосто кырк чоронун өлүмү «Семетей» эпосунда баяндалып, Абыке, Көбөштүн азгырыгына кирген кырк чоро ыркка келбей качып, Семетейдин колунан набыт болушат. Семетей кербен башы Кызылсат менен дос болуп, анын көмөгү менен кырк чорого күмбөз салдырат (8, 229-б). Акын ушул эпизодду өз алдынча чечмелөөгө аракет кылган. Корутундулап айтканда, эгемендүү жылдарда да кыргыз акындары “Манас” эпосун даңазалап, андагы орошон идеяларды, образдарды, мотивдерди бүгүнкү күн менен байланыштырды,

чыгармачылыкта кайра иштеп чыгышты, ушундан улам таасирленүүнүн, көркөм карым-катнаштын уюткусу уланып келе жатканы маанилүү болду.

Адабияттар

1. Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. - Б:,
2. ТАС, 2004.Өмүрканов А. Жалгыздык ыры. - Б:, Ар фаль,2010.
3. Дүйшеев Ш. Шамал. - Б:, Бийиктик, 2010.
4. Закирова Т. Боз торгойдун ыры. - Б:, Бийиктик, 2003.
5. Жүндүбаева Н. Кызыл өрүк. Ырлар. - Б:, Шам, 2000.
6. Акимкожоев М. Кыял чабыттары.Ырлар жана поэмалар. - Б:, Адабият,1991.
7. Адамалиев К. Ак жаан. - Б:, Шам, 2007.
8. Манас энциклопедиясы. 2 –т. - Б:, 1999.
9. Эрматов Э. Махабат: поэмалар, трагедия. - Б:, Эркин-Тоо, 1995.

АКЫН-ЖАЗУУЧУЛАРДЫН ӨМҮРҮ ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНА АРНАЛГАН КИРИШҮҮ САБАГЫН УЮШТУРУУ

Аман кызы Бакытгүл
п.и.к., доцент, С.Нааматов атындагы НМУ

Адатта кириш сабакты туура алып баруунун негизги максаты белгилүү даражада жаңы материалды окуу ишине окуучулардын көңүл буруусун жана кызыгуусун даярдоо болуп эсептелине тургандыгы жалпыбызга маалым. Улуттук адабиятыбызда ар кыл жанрларды негиздөөчүлөрдүн өмүрү чыгармачылык жолдору сыяктуу маселелер менен тааныштырып баштоо алдында бир катар уюштуруу иштерин колго алуу өз натыйжасын бербей койбойт. Кириш сабагынын максаты окуучулардын адабий чыгарманы окууга карата болгон эмоциясын ойготуу, чыгармадагы идеалдарды жана образдарды терең түшүнүшүнө жол ачуу, аларды туура кабыл алып, туура кабылдоосуна шарт түзө тургандыгын окумуштуу Киреше Иманалиев өз эмгектеринде таамай белгилеген. Ал үчүн мугалим сабакты өтүлгөн материалды эске түшүрүүдөн баштоосу максатка ылайык. Ошондой эле тигил же бул акын- жазуучунун өмүр баяны жөнүндө жана алардын чыгармасынын жазылыш тарыхы жөнүндө маалымат берүүгө болот. Айрым учурда тарыхый, маданий-турмуштук маалыматтарды берүү менен бирге ошолдоорго туш келген тексттеги түшүнүксүз сөздөрдү түшүндүрүү ишин да жүргүзүү талапка ылайыктуу.

Жазуучунун өмүрү жана чыгармачылыгынан кабар берүү-адабиятты окутуунун методикасындагы эң маанилүү маселелердин бири. Көрүнүктүү жазуучулардын өмүр жолу окуучуларга канчалык таасирдүү айтылса, алардын программалык чыгармаларынын идеялык-эстетикалык мааниси ошончолук түшүнүктүү да, жугумдуу да болот (1, 18-22).

Акын-жазуучулардын өмүр баяны менен таанышып жатып, окуучу ал жашаган доор, социалдык түзүлүш, коомдук мамилелер жана ошол убактагы саясий-коомдук маселелер жөнүндө түшүнүк алат. Ошондуктан жазуучунун жашаган дооруна, ал жазган чыгарманын жазылыш тарыхына окуучулардын көңүлүн буруу керек. Бул жөнүндө Н.К.Крупская мындай деген: «Тигил же бул белгилүү чыгарманын кайсы убакта жазылганын билбей туруп, ал чыгарманы окуучулар өздөштүрө албайт. Бул - эң негизги нерсе» (4, 280-285). Ошондой эле бул багытта көптөгөн окумуштуулардын

айткандарын, эмгектерин бир катар мисалга тартууга да болот. Сабакта акын-жазуучунун өмүр баянын окутууда маанилүү фактыларды тандап алуу керектигин жана бул тууралуу маанилүү фактыны, окуяны айтпай коюу мугалимди чайналта тургандыгын М.К. Эгерштром өзүнүн «К вопросу об изучении биографии писателя в школе» деген макаласында таамай белгилеген.

Акын-жазуучунун өмүр баяны жана чыгармачылыгы тууралуу кабар бергенде ошол жазуучунун же акындын өзүнө тиешелүү болгон өзгөчөлүгүнө, адабияттан алган ордуна жана ошол адабияттын өсүшүнө кошкон жаңылыгын, ал жашаган коом жана эл менен болгон байланышына, стилдик өзгөчөлүгүнө жана анын чыгармачылык өсүшүнүн негизги этаптарына, коомдук саясий көз карашына токтолуу керек. Лекция-сабакты жүргүзүүдөн мурда мугалим ошол сабактын негизги максатын белгилеп алууга тийиш. Негизги максатты белгилөө ошол автордун чыгармачылык жолуна чып берүүдө материалдарды тандап алууга, анын негизги ордун белгилөөгө мүмкүндүк ачат. Ар бирин сандын чыгармачылыгы өтүлүп жаткан өзүнө гана мүнөздүү болгон бөтөнчөлүгү бар, Ошондуктан ар бир акын жазуучунун өз замандаштарынан болгон айырмачылыгын, өзгөчөлүгүн так айтып берүүгө тийиш. Жогорудагы айтылган ойлорду эске алуу менен мугалим адабий автордун өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө окуучуларга тийиштүү маалыматтарды лекция-ангеме формасында берсе талапка ылайыктуу болорун практикадан байкап келебиз. Алардын өмүрү жана чыгармачылык жолу туурасындагы лекция-сабакты активдүү сабак формасы катары уюштуруунун өзгөчөлүктөрү, окутуудагы инновация, инновациялык технологиялар тууралуу кеп козгоо зарыл болуп турат. Дегинкиси, окутуу ишиндеги инновация дегенде жалпы эле жаңылануу менен катар анын ичтен жаңылануусун түшүнүү ылайык. «Инновация – бул окутуу ишинде буга чейин колдонууда болуп келген салттуу методдордун, окутуу технологияларынын ичтен жаңылануусу, окутуу методдорунун ички катылуу мүмкүнчүлүктөрүн ачыкка чыгаруу. Аракетке келтирүү негизинде аларды бүгүнкүнүн талаптарына ылайык келгендей кайрадан иштеп чыгып, кадимки сабак процессинде пайдалануу. Мисалы, бөтөнчө популярдуулукка ээ болуп жаткан сынчыл ойлом, ой калчоо сыяктуу окутуу ыкмаларын демейки биз билген проблемалык окутуунун инновациялоого – ичтен жаңылоого болгон аракеттин бир мисалы катары кароого болот. Арийне, бул аракеттин кайтарымы канчалык, деги жылыш болдубу, же такыр эле тескерисинен кеттиби, бул - өзүнчө маселе» (5, 62). Чындыгында адабият сабагында кайсыл гана авторду өтпөйлү окутуунун ар тараптуу ыкмаларын колдонуп, сабакты кызыктуу кылып өтсөк, окуучунун ошол акын-жазуучунун жазып калтырган чыгармаларына болгон сүйүүсү артып, кызыгуусу пайда болмокчу. Өтүлүп жаткан жаңы тема болуп жаткан өмүрүнө байланыштуу кириш сабагында автордун чыгармачыл дүйнөгө болгон кызыгуусу, анын алгачкы

чыгармасынын жарык көрүүсүндөгү автордук толкундоолорду кененирээк түшүндүрүп, муну менен катар окуучулардын буга болгон көз караштарын, байкоолорун ортого салуу жана алардын пикирлерин угуу сабактын эффективдүүлүгүн гана арттырмакчы.

Адабияттар

1. Алымов Б. Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы. I китеп.-Ф.: Мектеп,1981; II китеп—Ф.: Мектеп,1984.

2. Иманалиев К. Кыргыз адабиятын окутуунун орчундуу маселелери.-Ф.: Мектеп, 1984.

3. Ишекеев Н. Жалпы билим берүүчү орто мектептерде прозалык чыгармаларды окутуунун айрым маселелери боюнча методикалык колдонмо.-Ф: Университет, 1987.
4. Крупская Н.К. Об учебнике по литературе. Сб. О воспитании и обучении. – М., 1946.
5. Оторбаев Б. Адабиятты окутуунун жаңы технологиялары. – Б., 2010.

АКАДЕМИК БОЛОТ МУРАТАЛИЕВИЧ ЮНУСАЛИЕВДИ ЭСКЕРҮҮ (ТУУЛГАН КҮНҮНҮН 100 ЖЫЛДЫГЫНА КАРАТА 13.X.1913-18.II.1970)

Биялиев Абак, ф.и.к., профессор.
Ж.Баласагын ат.КУУ.

Болот Мураталиевич Юнусалиев элибизге илим-билим, таалим-тарбия берүүдө жана анын негизинде элдин маданий деңгээлинин жогорку баскычка көтөрүлүшүндө агартуу тармагына өзгөчө эмгек сиңирген көрүнүктүү филолог-түрколог илимпоз жана мамлекеттик, коомдук ишмер катарында таанымал лидери да болгон. Кыргыз таануу илиминини, өзгөчө филология илимдеринин(кыргыз тилинин, анын тарыхынын, «Манас» эпосунун ж.б.у.с.) иштелбей келе жаткан эң бир татаал проблемалары эл жана коом үчүн эң бир зарыл жана керек экенин алдын ала көрө жана сезе билген кыраакылыгын, көрөгөч илимпоздугун эскербей кое албайбыз. Алардын илимий негизизде изилденишин, чечилишин кыргыз улутунда жана мамлекетинде коомдук турмушунда колдонулушунда кылган кызматын, анын ролун өкмөтүбүздүн алдына кое да, колдой да билген дарамети күчтүү лидер жана инсандыгы менен академиктерибиздин арасында зор кадыр- баркка ээ болгонун 100 жылдыгында атайлап эскербесек, арбагы ыраазы болбойт.

Болот Мураталиевич бет алган ишин бүтүрмүйүнчө, атасы таамай байкагандай, **жаны жай албаган көктүгү менен,** калбааттыгы, өз ишине жана кесибине берилген тактыгы, калыстыгы, принципти туу туткан изден тайбаган адамкерчиликтүү аруу мүнөзү жана мамилеси менен айырмаланып турар эле.

Кыргыз тилинин диалектологиялык атласына материал чогултуш үчүн 1962-жылы Кичи-Кеминдеги Болот агайдын айылы, **Үч-Урукка** бир жумага баргам. Кемел Садыбакасовдун атасы Садыбакас аксакалдын үйүндө жаткам. Аксакал бул айылда кыргыздын: **азык, жетиген, таздар** деген 3 уругу жашаган үчүн ушундайча ат коюлганын айтып түшүндүргөн. Сураштырганда аксакал – азык, азыркы эл акыныбыз Жалил Садыков – таздар, Болот агайдын атасы – Жунушаалы – жетиген уругунан экенин билгем. Болот агайдын жездеси түбү Жумгалдык экен. Ошол киши Болоттун атасы Жунушаалы да кекечтенип сүйлөчү. Уулу кичине кезинде «ата балага сынчы болот дегендей, уулум мүнөзү өтө көк, өжөр, ишке калбаат. Келечегинен үмүтүм чоң» - деп сыймыктанар эле деп айтып бергенин айтып берген.

Улуу адамдын улуулугуна жарашкан улуу жүзү жана улуу эмгеги да болот экен. Нечендеген кылымдардан бери коомдун өнүгүшүнө көз каранды болгон шартында тили да кошо өнүгүп келери белгилүү. Өз элинин жана өз тилинин тарыхын ар бир атуул билгиси келет жана билүүгө кызыгат. Элибиздин жана тилибиздин 2 миң жылдан ашуун тарыхы бар.

Элибиздин жана тилибиздин тарыхы – көп кырдуу, эң татаал проблема. Аны иликтөө ар бир окумуштуунун колунан келбейт жана алы да жетпейт. Аны изилдөөдө өзгөчө **жөндөм** же **шык** (анын эң күчтүү жетилген даражасы **талант**) жана тажабаган мээнеткеч эмгек талап кылынат.

Тилибизди жана анын **өнүгүш тарыхын изилдөөдө** атуулдук парзын сезип, ага эң алгачкы жолу белсенип киришип, үлгү алгыдай негизде Болот агай эмгектенгенин да эске алалы.

Академиктердин арасында кыргыз тили менен кыргыз адабиятын изилдөөдө беделли бийик такшалган, таанымал жана таасирдүүсү да Болот агай эле.

1954-жылы филология илимдеринин **доктору, профессор** жана Кыргызстанда

Улуттук илимдер академиясынын **академиги** деген 3 ардактуу наам Болот агайга гана берилген. Анын кудурети күчтүү жаралган илимпоз таланты жана талыкпаган мээнеткеч ишмердиги элибизде жана Союзда белгилүү болуп таанылышын, даңазаланышын баса белгилей кетейин. Бир жылда 3 наам алган адам тарыхта сейрек болсо керек.

Болот агай менен бирге иштеп жүргөн көрүнүктүү түрколог, Союзга белгилүү ардактуу лексиограф Константин Кузьмич Юдахин:

«Кыргыз таануу илимин кең-кесири изилдөөдө өзүнүн инсандык кудурети күчтүү терең из калтырган эмгектерин эске алсак, Б.М Юнусалиев менен бир да окумуштуу тең тайлаша албайт. Кудурети күчтүү жаралган 25 жыл ичинде көп кырдуу ишмердигинде адам суктанарлык мөмөлүү дарактай өтө жемиштүү эмгектенди» - деп жазган экен. (орус тилинде аны которуп бердим. Архивде сакталуу).

«Кыргыз адабий тили жана анын нормасы» деген наамда 2002-жылы жарык көргөн окуу китебинде К.К.Юдахиндин аталган сөзүн эпиграф кылып алгам. Анын себеби Болот агай адабий тилибизди изилдөөдө орчундуу проблемаларына арналган бир канча макалаларды жазып жарыялаган. КМУда 1960-жылдардын аягында кыргыз тили жана адабияты бөлүмүндө «кыргыз адабий тили» курсун окута баштаган. 1970-жылы көзү өткөндөн кийин окулбай калган эле.

Аталган окуу китебинде Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана маданият министрлиги ЖОЖдордун студенттери адис филологдорду даярдоодо окуу китеби жок болгон үчүн аны окутуу зарыл экенин эске алып, сунуш кылган. Өз каражатыма «Учкун» басмасына (12 басма табак көлөмдө бир миң нускада) 2002-жылы басып чыккан.

Тилибиздин тарыхый жактан өнүгүшүндө жана кыргыздын жалпы элдик тили менен адабий тили деп аталган проблемалардын ар биринин айырмалуу белгилерин жана өз лдынча өзгөчөлүктөрөн аныктоого негиз салган эмгектер да агайдын жеке үлүшүнө таандык.

Аталган окуу китебимде адабий тилибизди изилдөөдө аны баштоого негиз салган Болот агайдын эмгегин эске алып, анын 100 жылдыгына арнапкайтадан бастырып чыгарган элем.

Тил менен адабияттын ажырагыс байланышта жана катышта өнүккөнүн Болот агай кылдат аныктап байкаганын, адистикке даярдалып жаткан жаш муун филологдорго үйрөтүү максатында окуган лекцияларында көп айтчу жана аны практикада сезүүгө далил келтирип, кеңири эстен чыккыс кылып түшүндүрөр эле. Аны терең өздөштүрүү үчүн минтип айтчу:

Тилдин негизинде адабият өзүнчө илимге айланган. Филолог адистигине даярдоо тил негизин түзгөн үчүн өзгөчө көңүл бурулуп, тилге басым жасалат. Тилде ар бир термин, мисалы: **полисемия, уңгу сөз** ж.б. - эң татаал проблема. **«Уңгу сөз – бир же бир нече тыбыштардан куралат»** деп аныктама берген Б.М.Юнусалиев. Ушу сыяктуу ар бир терминге кызыгып, кунт коюп тилде аткарган кызматы жөнүндө түшүнүктү кылдат жана терең баамдап түшүнүп эсте сактоо келечекте адис болчу тилчиге да, адабиятчыга да зарыл жана керек болгон үчүн экөөнө тең бирдей талап коюлат. Кокустан адабиятчы ар бир терминдин маңызын терең өздөштүрбөй же байкабай калса, адабияттан сабак бергенде же илимий макала жазганда баары бир кемчиликке жол берет, өзүнө коюлган адистик милдетти жоопкерчиликтүү аткара албайт. **Ушундайдан сак болгула, эсиңерге бекем сактап калгыла**-дечү Болот агай. Лекция окуганда ар бир теманын манызын түшүнүүгө өзгөчө басым жасап, кулагыбызга кумдай куюп коюуга аракети даана байкалып турар эле. Болот агай теманын манызын жазып алдынар, үйүңөргө барганда бир-эки жолу кайталасаңар

эсинерге бекем сакталат. «Билим алуу ийне менен кудук казгандай» - деп кыргыз эли ошон учун айтарын эсинерге сактагыла деп жыйынтыктачу эле.

1955-жылы филфакта окуп калдым. Университет жаныдан ачылган учур эле. Ар бир предметтен окуу китеби жок болчу. Ошону эске алып, Болот агай ар бир предметтен сабак берген окутуучу өздөрү окуган лексиясынын бир нускасын кафедрага тапшырууга катту талап коюптур. Лекцияны окуганда студент терен билим алууга, даярдануугa өбөлгө түзөрүн эске алынган экен.

Болот агайдын билим алууга койгон талабы жөнүндө

19955-жылы филфакта кыргыз бөлүмүндө 150дөй студент окуучу элек. Ар кимиси өз бетинче даярдануугa окуу китеби жок болгон үчүн бир нускада лекцияны беш-алтообуз отуруп мандайыбызга коюп алып, маңызын жазып алар элек Баарыбыз лекцияны окуп бүткүчө саат 6-8 болуп калаар эле. Лаборант эже Мария Гаврилова ошондо мени да үйүмдө күтүп жатат, кетейин кабинетти жабам, тарагыла деп жал ооруп суранар эле. Көрсө, ректордун кату талабы боюнча телефон аркылуу текшерип турчу экен. Азыр студенттердин даяр окуу китебин окубаганы, билим алууга кызыкпаганы тан калтырат.

Адистер ошол кезде даярдоонун сапаты жөнүндө

1955-1960-жылдарда филологдордун сапаттуулугун аныктап текшерүү максатында , сөзсуз, диктант жазылаар эле. Биз диктант жазып жатканда ректор Болот агай кирип келди. Мугалимдерге диктантты жакшылап түшүндүрүп , максаты сабаттуулукка үйрөтүү үчүн жазыларын, ар бир студент билүү керек жана ага карата өз бетинче даярдануу зарыл экенин түшүндүрүп айтты.

Мугалимдердин милдети филолог кесибин өздөштүрүүгө ар бир студенттин жөндөмү барбы же жокпу ошону аныктоо. Жөндөмү бар болсо окутуп билим берели. Кокус жөндөмү жок болсо, башка кесип алсын. Бизди да, өзү да убакытты кетирип куру убара болбосун-деди.

Адистерди даярдоодо анын сапатына карата коомдук талапты түшүндүргөнүн эске сала кетейин. Азыркы кезде диктантка, сочинениеге карата андай каттуу талап коюлбаганы өкүндүрөт.

Болот агайдын таржымалын терең билүүгө кызыгам. Агайдын эки иниси экинчиси дүйнөлүк согушка барып, келбей каза болушкан экен. Энесин ж.б. сүрөттөрү бар. Кафедрада сакталуу. Болот Мураталиевич Юнусалиев агайдан илим-билим , таалим- тарбия алган окуучусумун, иштерин уланткан шакиртимин.

Кыргыз элинин өткөндөгү бай мурасын изилдөөдө жана аны коргоодо(улуу тилчи Касым Тыныстановдун илимий эмгектерин, жазгыч акын Молдо кылычтын чыгармаларынан) илимий негизде, принциптен тайбай, тайманбай, тайсалдабай, коргой да, колдой да билген үчүн К.К.Юдахин , Б.М. Юнусалиев, Ж. Шукуров ж.б. улутчул деп айыпталган. Партиянын буйрукчул саясатына каршы келсе да, илимди туу туткан, принципиалдуу көз карашынан кайтышкан эмес. Анын азабынан Ж. Шукуров, Б.Юнусалиев 57 жаш курагында экөө тең каза болушкан. Улутчул деп айыпталган боюнча тиги дүйнөгө кетишти.

Б.М.Юнусалиев «Өз эли-жерим деп, элдин мурасын жана намысын коргогон чыныгы илимпоз, элдин келечегин ойлоп, билгенин айтпай тура албайт. Билими чала, чийки окмуштуу билем десе да, эмгек кылып , элин жыргатпайт. Бул турмушта сыналган акыйкат чындык »-деп көп айтар эле.

Ошентип , Болот агай атына заты жарашкан болоттой курч мүнөзү, актыктан арылбаган , тактыктан тайгылбаган мамилеси суктандыраар эле.Анын лидер жана личность экени жөнүндө замандаштары , кесиптештери, шакирттери арасында бир кыйла аңыз кеп-сөз айтылып келе атат. 100жылдыгында айрымдарын эскерте кетейин.

1. «СССР элдеринин эпостору» сериясынын башкы редакциясына барып «Манас» эпосун басмадан чыгаруу үчүн Б.М.Юнусалиев Москвага барыптыр. Эпоско бир эле том берилип калыптыр. Төрт том берүү зарыл деп далилдеп бастырып чыгаруу иши көпкө созулат. Москвадан филфактын деканы, диалектолог Жээнбай Мукамбаевге телефон чалып, «Кыргыз диалектологиясы» расписаниеге коюлду беле?» - деп Б.М.Юнусалиев сураптыр. Эки-уч жума болду. Расписаниеге коюлган, студенттнр билишет – деп Ж.Мукамбаев жооп бериптир. Эки-уч жума болдубу? – деп тактап сурап сөзүн аяктаптыр Болот агай.

Студенттер эки-үч жумадан бери лекция окуйт деп күтүп атышса, барайын деп шашып, самолетко отуруп, түн ката жол жүрүп эртен менен Фрунзеге учуп келет. Эртеси эртен менен Ж.Мукамбаев Болот агайдын лекция окуп жатканын көрүп, аябай таң калат.

Күтүп туруп тыныгуу маалында учурашкан соң, Болот агай: **Жумушум бүтпөй калды, «Манас» эпосунун бастырып чыгарууга бардым эле. Бүгүн эле Москвага кайра барышым керек –** дегенде Ж.Мукамбаев: андай болсо агай, мага эскертсеңиз кийинки күндөргө жылдырып коет элем –дептир.Анын сөзүн угуп Болот агай: **Мен ректормун, сен декансын. Студенттер эки-үч жумадан бери мени лекция окуйт деп күтүп жатышса,ректор башым менен расписаниени так сактабай, тартип бузсам, студенттер мен жөнүндө эмне деп ойлошот, кандай таасир этет? Сен тартипти сактабай ар кимдин айканына жетелене берсең расписаниеде сабактарды жылдыра берсең факультете , университетте тартип болбойт, чөйрөгө жаман таасир калтырат,эл баарын- угуп билип турат. Тарбиячы педагогбуз, педагог жетекчинин жүрүм- туруму, берген таалим-тарбиясы, илим-билими-үлгү. Тартип болбогон жерде ийгилик, алга жылуу болбойт.Ар кимибиз жоопкерчиликти сезели, милдетти так аткаралы,принципиалдуу бололу, ага үйрөтөлү деди**-деп эскерер эле Ж. Мукамбаев.

2.Филфактын 1-курсунда жаңыдан окуп калган элем.Эртең менен эрте биринчи пар башталып, коңгуроо шыңгыраганда шашып, башымда тумагымды албай, баса кийип алып, чоң актовый залга чуркап баратсам, алдыман бирөө чыгып (кийин билдим ректор Б.М.Юнусалиев экенин) токтотуп, **эмне үчүн баш кийимчен тартипти бузуп чуркап баратасын? Фамилияң ким, кайсы факультетте, канчанчы курста окуйсун?** деп сурады. Биялиев, 1-курс, филфакта окуйм деп уялып, кызарып кеттим. Уялганымды көрүп туруп, кечириңиз агай дегенде: **уяткарып эскерткеним сага жетиүтүүбү?** деп сурады. Агай түшүндүм убада берем – дедим. **Мындан ары эсиңде болсун, тартиптүү бол, бара гой** -деп жылмайып күлүп койду.

Кийин жолугуп, таанышканда баягы тентек сен белең?-деп эркелетип жылуу мамиле жасоочу эле, маркум агай.

Тил жана адабият институтутнда бир диссертациияны талкулоо үчүн окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү академиктер К.К.Юдахин, А.Токомбаев, Т.Сыдыкбеков, Б.М.Юнусалиев ж.б. чогулушту. Институттун директору Аскар Турсунов (кийинки академиянын мүчө корреспонденти) советти башкарып отурду. Бирөө (Ж.Т.) окумуштуу мен ишти окубасам да сүйлөйүн деп сөзүн баштады. Болот Мураталиевич ордунан тура калып, ага кайрылып, **ишти окубасаң принципиалдуу талдаган пикир айта албайсыз. Илимге кайдыгер мамиле жасоого болбойт, отурунуз. Ушул жерде 40-50-киши отурат. Өзүңүздүн убактыңызды аябасаңыз, биздин убактыбызды аяңыз – деди. Жаштарыбызга илимге так жана сак мамиле жасоого үйрөтөлү** – деп кошумчалады. Б.М.Юнусалиедин сөзүн угуп (Ж.Т.) бопбоз болуп отурууга аргасыз болду.

К.К.Юдахин жогоркудай мамиле жасабас үчүн ишти окубаса да, ал жөнүндө сөз

сүйлөп, пикир айта турган «пайгамбарлар» барбы?-деп окумуштуулар кеңешинде мыскылдап, катышкандарга кайрылып, күлүп калар эле.

Маркум Болот агай лекцияларында мына бу **теманын факты материалдары кеңири чогултула элек, теориялык корутундулары да чийки, так эмес. Араңардан ага кызыккан, жөндөмдүү жаштар болсо, кафедра мүчөлөрүнө кайрылгыла жардам беребиз. Илимде бул теманын иштелиши керек жана зарыл** – деп айтып, жаштарды илимге кызыктырган, кесипчиликке багыт берген кыргыз тили жана адабияты боюнча адистерди даярдоодо жана аны жөнгө салууда республикабызда таанымал лидери жана личносту болгон эле. Жаштарды илимге тарта билүүдө кылган мамилеси, өзүнүн мээримдүү, камкор, боорукер мүнөзү бизди, шакирттерин суктандырар эле.

К.К.Юдахин менен Б.М.Юнусалиевдин илимий кадрларды даярдоо ага камкордук көргөн мамилеси, көз карашы жөнүндө да эскерте кетели. Экөө тең окумуштуулар кеңешинде чыгып сүйлөгөн сөздөрүндө, бирөөлөр ал экөөнү сындап жаткандай, өздөрүнө өздөрү сын көз менен караган мамилеси эскерүүгө, үлгү алууга татыктуу эле. Биз илимий кадрларды даярдоодо түндүккө басым жасап, түштүктөн өтө аз даярдаптырбыз. Мындан ары түштүккө өзгөчө көңүл буруп, түндүктөн кадр даярдаганды токтотолу. Антпесек келечекте элибиздин кадрларга болгон муктаждыгы тең салмакта болбой калары байкала баштады – деген көрөгөчтүгүн эске албай кое албайбыз. Өмүрүнүн акыркы жылдарында К.К.Юдахин Т.Назаралиевди, А.Жусупакматовду, Б.М.Юнусалиев Ш.Жапаровду ж.б. даярдоого жетишишкен эле.

Бир күнү акын Үсөнкул Жумабаев менен жай сүйлөшүп отурганда Болот агай жөнүндө сөз чыгып кетти. Сиз ошол кезде Фрунзе обкомунун секретары экенсиз. Кыргыздын көрүнүктүү ишмерлери улутчул деп айыпталганда Болот агай Исхак Раззаков менен айтыша кетип, бюродо эшикке чыгып кеткени чынбы? деп сурадым. Ошондой болгон эле-деди. Кийин Б.М.Юнусалиев менен жолугушуп калып, бюродо сиз туура кылган жоксуз – дептир. Б.М.Юнусалиев: **сен паритялык кызматчы – жетекчисиң, илимге зордук менен кысым жасоого болбойт. Анда илим, илимий негиздеги далили, принцип бузулат, бурмаланат, зордукка, буйрукка баш иет. Эл башкарган жетекчилерибиздин көбү, аны акыл калчап, терең ойлонуп, түшүнүшпөйт. Кыргыздын эли-жери, анын өткөндөгү мурасына кам көргөн акындарыбызды, илимпоздорубузду биз принципиалдуу баа бербесек башка улуттун өкүлдөрү далилдеп береби? Чыныгы илимпоз үчүн кыргыздын өткөндөгү бай мурасы баарынан кымбат. Аны тайсалбай, үрпөй далилдеш – биздин милдетибиз, принциптүү сактоонун чеги, орду бар, сен ошону түшүнүшүң керек»** - деген экен Ү.Жумабаевге.

Исхак Раззаков партиянын буйрукчул саясатын Москванын көзөмөлү менен улутчулдарды айыптап чечим чыгарса да, аларды сыналган илимпоз ишмерлер катарында баалады, алардын өздөрүнө кам көргөн , аяган мамилесин ачык айтпаса да сезилип турганын кийин байкап билдик – деп эскерген эле акын Үсөнкул Жумабаев.

Улутчул деп айыпталып, КМУнун ректорунан алынгандан кийин академияда Б.М.Юнусалиев агай менен жолугуп калдым. Учурашып сүйлөшкөндөн кийин Исхак Раззаков (биринчи катчы) чакыртканын айтты, барса, тил жана адабият институтуна директор болуу жөнүндө сунушун айтыптыр. Болот агай: **мен ал ишке барганда кызматкерлердин илимий иштерди аткарышы, келди-кетти, тартип жөнүндө иш алып баруу-негизги милдетим болот. Убакыттын көбү уюштуруу, коомдук иштерге кетет. Илимде жетилип калдым. Кыргыз тили менен адабиятынын, өзгөчө «Манас» эпосунун көптөгөн илимий негиздеги маселелери иштелбей жатат. Ошол иштерди иштейин. КМУдан мени козгобоңуз** – деп өз оюн Болот агай

айтканда, Исхак Раззаков: **мени ишендирдиң, эл үчүн эң керектүү илимий изилдөөлөрүңдү уланта бер** – деп айтканын айтып берген эле.

Ошондон кийин нечен жүздөгөн жылдарды карыткан тилибиздин тарыхына байланыштуу Кыргызстандын бүткүл аймактарын кыдырып «диалектологиялык омоктуу бай материалдар чогултулду» - деп жазып, аларга илимий негизде терең ой жүгүрткөн Б.М.Юнусалиев капиталдуу эмгеги – «Кыргыз диалектологиясын» жазып калтырган. Кыргыз тили илиминде биринчи жолу ЖОЖдордун студенттерине адис филологдорду даярдап окутууда окуу китеби болгон үчүн көзү өткөндөн кийин 1971-жылы басылып чыкты.

Кажыбас кайратынан жанбай көркөм ойлоо аң-сезими таамай, таасирдүү чагылдырылган ыр жандуулук кан-жанына сиңген кыргыздар экенин элибизге жана аалам элдерине «Манас» эпосун таанутууда жана даңазалоодо Б.М.Юнусалиев белсенип киришкен эле. «Манас» эпосунун кыргызча кыскартылып бириктирилген төрт томдук жетектеп, башкарууда жана ага жазган баш сөзүндө Б.М.Юнусалиев агай омоктуу ойлорун таамай, таасын айта алды. бириктирилген кошмо варианты түзүүчүлөргө аларды жетектеп илимий негизде багыт берүүдө Болот агай такшалган тажрыйбалуу илимпоз **личность** жана аны уюштуруучу **лидер** экени таанылганын баса белгилей кетейин.

Б.М.Юнусалиев Кулан Рысалиевдин **«Кыргыз ыр түзүлүшү»** аттуу доктордук диссертациясынын илимий консультанты болгон эле. Бир күнү жолугуп калсам, сени окутуп таалим-тарбия берген агайың. Менин консультантым Б.М.Юнусалиевдин мага койгон катуу талабы жөнүндө айтып берейин – деди. Иште Орхон-Енисей эстеликтеринен баштап, В.В.Радлов жазып алган «Манас» эпосу, азыркы кездеги анын варианттары, акын, жазуучуларыбыздын чыгармалары ж.б. материалдары кеңири камтылышы жөнүндө кеңешин берди. Ишти бүтөйүн деп калганда Түштүктүн акын Молдо Нияздын кол жазмасы табылды. Аны да камтышың керек деди. Ушинтип Болот агайдын факты материалдары кеңири камтуу, теориялык деңгээлин тактоо, тереңдетүү үчүн талбай иштеп жүрөм. Деги бүтсөм экен – деп өз оюн айтып берген эле. Кийин Кулан Рысалиевдин докторлук диссертациясы мыкты иштелген иш катарында адистер арасында бааланышына Болот агайдын да салымы, катуу талабы тийгенин эскербей кое албайбыз.

Болот Мураталиевич Кыргыз мамлекеттик университетине ректор болуп дайындалгандан кийин Касым Тыныстановдун кыргыз таануу илимин өнүктүрүүдө калтырган бай мурасына илимий негизде баа берип, мугалимдердин конференциясын өткөргөн. Ошол үчүн улутчул деп айыпталган. Партиянын Москвадан берилген буйрукчул көрсөтмөсү аркылуу Касым Тыныстанов эл душманы деп атылып кетсе, анын агартуу тармагында сиңирген эл үчүн эмгегин баалоодо аны коргой да, тайсалдабай, тайманбай колдой да билген, атына заты жарашкан болоттой өткүр курчтугун кудурети күчтүү жаралган көк жал илимпоздугун академик Иса Коноевич Ахунбаев баса белгилеп, Б.М.Юнусалиев менен коштошкондо мүрзөсүндө өзү менен кошо чогулган калың элди солкулдатып ыйлатканы, аза күттүргөнү алигиче эстен кетпейт.

Сөөктү коюп келатканда Иса Коноевичке кайрылып, (М.М.) минтип суроо берди: Партиядан, үч тамгадан (КГБдан) коркпойсузбу? Иса Коноевич: **Улутчул деп айыптап, анын кесепетинен гипертоник кылып, кыргыздын эр жүрөк, чыныгы уулу Болоттон ажырадык. 57 жаш курагында көз жумду. Элине бергенинен бере элегии көп эле, али алдыда эле. Ошону эстесек, ичибиз туз куйгандай ачышат. Тирүүсүндө улутчул деп айыптап, тыюу салганыңар аз келгенсип, эми Болоттун көзү өткөндө да айттырбайсыңарбы? Болотко ишмерге, илимге кызылдай зордук**

жасалды! – деп ачуулуу кыжырдана, эл уксун, билсин дегендей, үнүн катуу чыгарып, оор улутунду.

Учурдан пайдаланып, Касым Тыныстанов түрмөгө камалып, эл душманы деп айыпталганы белгилүү. 1950-жылдардын аягында К.К.Юдахин шакирти катарында анын катын окуп берген эле. Катта мындайча ой айтылыптыр. Менин окуу китептеримди өз атым менен чыгарууга болбойт. Эл үчүн анын пайдасы бар. Жаштарыбыз морфология, синтаксис боюнча билим алуусу үзгүлтүккө учурап калбасын. Кимдир бирөө окуу китебин жазып, басмадан чыгарып бергиче, авторлук укугумдан баш тартып, уруксат беремин – деп жазган экен. Кайран асыл ак ниет, эл камын ойлогон, элдин уулу, улуу илимпоз Касым Тыныстанов ушундай иш кылган эле. Касым атаңардын ал катын элибиз билсин деп жатамын.

К.К.Юдахин Касым Тыныстанов өлүм алдында элди илим-билимге үндөгөн, кыргыздын таланттуу окумуштуу тилчиси, патриоту болгонуна ишендинби? Бул катты жарыялоого партия уруксат бербейт, эл билбейт катуу тыюу салынган – деп оор улутунду К.К.Юдахин.

1959-1960-жылдарда улутчулдар басма сөздө үстөкө-боздок катуу айыпталып жаткан катаал учуру эле. К.К.Юхахин «Түрк жазма эстеликтеринен» лекция окучу. Ошол учурда бир курста 6 группа 150дөй студент окучу элек. Бир күнү Касым Тыныстанов менен бирге иштепсиз, ал жөнүндө оюңуз кандай, айтып бересизби? – деп өтүндүк. Лекцияны өтөлү, аягында жооп берейин деди. Лекция бүттү. **Касым жөнүндө силерге эсте калгыдай, так, кыска, таамай айтып, жооп берейин.** Касымдын ишин, кесибин уланткан, эл арасына тараткан, аны жеткирген мугалим болосуңар. Алдыңар жана артыңар канча жаштасыңар? – деди. Сураштырсак, алдыбыз 21-22 жашта, артыбыз 45-50 жашка чыкканыбызды айттык. **Быйыл кайсы жыл?** – деди. 1960-жыл дедик. **Эми өзүңөр ойлоп көргүлө. 1920-1960-жылдардын аралыгында илим-билим деңгээли,** анын абалы кандай эле ойлонуп, салыштырып көргүлө. Кыргыздар: «**кудайды көрбөсөң да, акылың менен тааны» - деп айтышат.** 1960-жыл, силер бир эле теманы окуп, өздөштүрүп, айтып бергенге билимиңер, кудуретиңер араң жетет. Ыраспы? Ал эми Касым атаңар болсо, 20-25 жашында илим-билим өнүгө элек 1925-1935-жылдарда тубаса акылы, таланты менен кыргыз элинин жазыла элек морфологиясы менен синтаксисин илимий негизде жазып, элге жарыялаган. Менден 10 жаш кичүү эле. Мен да, башка илимпоздор да Касымды таланттуу, тубаса тилчи деп баалайбыз. Аны айттырууга айгак болуп турган эмгектерин айтсак болот. ал Союзга да белгилүү, таанымал. Аны айтпай, баалабай коюуга илимпоздун абийири жол бербейт. Ал эң мыкты да акын болгон. «Жаңыл» поэмасын окуп көргүлөчү, окуганда тамшанып, таң каласың. Сөздүгүмдө анын материалдарын, атын атабай, стих деп бердим. Касым эртеби-кечби өз баасын алат. Элине кайрылып келет. Ага ишенем, күмөн санабайм. Мен анын талантын, мурасын тайманбай, тайсалдабай жана коркпой, үркпөй басма сөздө өз оюмду, принципиалдуу көз карашымды айтып да, жазып да келатам. Партияда жокмун, улутум орус. Илимди сүйгөн илимпоз илимге калп айта албайт. Кыргыздын макалы бар, мындай учурда: «**Туулдум өлдүм, тобокел», «билген жолуң туура болсо, атаңа да моюн бербе»** - дешет. Улутчул деп айыпташса да, өз оюмдан кайтпайм. Аны эл билет жана баалайт – деп айтканы алигиче эсибизде. Болот агай жөнүндө эскерүүбүздү аяктап жатып, илимде бизди курчуткан кайрак да, бүлөө да Болот агайдын өзү, анын эмгектери болду – деп сыймыктана алабыз.

СҮЙЛӨМДҮН СЕМАНТИКАЛЫК-СТРУКТУРАЛЫК МАСЕЛЕСИНЕ КАРАТА

Дунканаев Абдыкалык,
ф.и.д., проф.м.а., К.Тыныстанов атындагы ЫМУ

Илимий изилдөөлөрдө сүйлөмдү татаал тилдик белги катары кароо менен, анын семантикалык структурасын ар кыл көз караш-тардан туруп, ар тараптуу талдоолорго алышат. Мында биринчи кезекте, сүйлөмдүн семантика структурасынын маңызы, андагы тил-дик элемент-бирдиктердин маани-мазмундук мүнөзү, байланыш, ка-тыш өзгөчөлүктөрү, алардын номенклатурасы, типологиясы, семанти-ка-структуралык моделдештирүү, мазмун жана форма маселелери ка-ралат. Сүйлөм татаал тилдик белги катары эки тараптуу: форма жана мазмун жагынан мүнөздөлөт. Сүйлөмдүн формасы жана мазмуну бел-гилүү структурада болот. Предикативдик тилдик белги катары сүй-лөмдүн толуктугу, бүтүндүгү, ар тараптуулугу эске алынып, ал маз-мундук жана формалык жактары менен шартталат. Методологиялык принциптин тартибинде сүйлөмдү семантикалык-структуралык талдоо-го алууда, анын негизин мазмун менен форма түзүп тургандыгын, алар диалектикалык ажырагыс байланышта караларын көңүл борбо-рунда тутуу керек. Экинчи жагынан, мазмун менен форманын жара-лышы тилдик компоненттерге көз каранды болоору өтмө катар ички түшүнүктү шарттап турат. Көпчүлүк изилдөөчүлөр сөздөрдүн семан-тикалык структурасын аныктоодо андагы семантикалык компонент-тердин (элемен-бирдиктердин) сүйлөмдө алган ордуна, мүнөзүнө, лексикалык табиятына, байланыш, катышына, функциясына айрыкча маани беришет. Арийне, азыркы тил илиминде семантикалык компо-ненттердин функциясын такталган, далилденген, башкача айтканда, бир нукка салынган универсалдуу системасы жок. Ушуга байланыш-туу бир катар илимий эмгектерде семантикалык компоненттердин функциясын ар түрдүү аталыштар менен ар түрдүү мүнөздөп жүрү-шөт. Атап айтканда, В.Г.Гакта муну актант деп атап, жети түрүн (1969: 80-81) көрсөтсө, Н.П.Сусов семантикалык функциянын же релятеманын сегиз түрүн (1973: 35) келтирет. Семантикалык структуранын орус тилиндеги үч мүчөлүү конструкциясын И.В.Альтман алты мүчөлүү конструкция деп (1978: 218-221) киргизет. Т.Б.Алисова менен В.В.Богданов белгилүү каражаттар менен берилүүчү семантикалык функциянын он төрт түрүн (И.Х.Ахматов. 1983: 69) келтиришет. У.Л.Чейф семантикалык катыштын жети түрү (И.Х.Ахматов. 1983: 69) жөнүндө жазып, алардын зарылдыгын белгилейт. Ч.Филлмордун акыркы эмгегинде семантикалык жөндөмөлөрдүн: агенс, субьект, кабыл алуу, адресат, курал, обьект, булак, максат, орун, мезгил түрлөрү сунуш кылынарын В.Б.Касевич (1977: 121) белгилейт. Ю.Д.Апресян семантикалык ва-ленттүүлүктүн 25 түрүн (1974: 125-126) аныктайт. Ал көрсөтүлгөн валенттүүлүктүн тизмеси толук эместигин, аны дагы көбөйтүүгө мүмкүн экендигин айтат да, алардын жардамы менен сүйлөмдүн кеңейтилген, тереңдетилген структурасын ачып берүүгө боло тургандыгын ишенимдүү билдирет. Бул маселенин лингвистикалык адабияттарда мындан да көп түрү белгилегендигин көрсөтүүгө болот. Маселен, Н.Н.Леонтьева семантикалык мамилелердин 50 түрүн (НТИ, 1971: -№8: 8-15)аныктайт. Н.Н.Арват сүйлөмдүн семанти-калык структурасынын өзгөчөлүү компонентин сунуш кылат. Семан-тикалык компоненттердин эң туурасы да, эң ишенимдүүсү да, эң далилдүүсү да Н.Н.Арваттыкы болуп саналат. Сүйлөмдүн семантикалык компонент катары ал предикатты, субьектини, обьектини, атрибутту жана ал-абалдын же кыймылдын конкретиза-торун сунуш кылат да, аталган семантикалык компонеттердин ар бири өздөрүнчө мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү алып жүрөрүн көрсөтөт. Сүйлөмдүн семантикалык структурасы маселесине арналган

көптөгөн эмгектерди кеңири жана ар тараптуу талдоого алган И.Х.Ахматов мындай көз караштарды салыштыра келип, алардын ар түрдүү аталыштарын жана ар кыл сандык көрсөткүчтөрүнүн келип чыгыш себептерин көрсөтүп, обьективдүү баа берип, булардын ичинен ынанымдуусу катары Н.Н.Арваттын көз карашынын тууралыгын (1983: 68-70) белгилейт. Н.Н.Арваттын бөлүштүүрүүсүн колдоого алган И.Х.Ахматов сүйлөмдүн маанилик түзүлүшүндөгү семанти-калык компоненттерди жана алардын ар бирине тиешелүү маанилик өзгөчөлүктөрдү эскертүү менен предикат-субьект-обьект-конкре-тизатор-атрибут тартибинде (1983: 112) берет. Чынында, сүйлөмдүн семантикалык структурасындагы негизги факторлор катары алынган семантикалык компоненттердин мүнөздүү өзгөчөлүктөрү алардын ортосундагы катыш-мамилелер аркылуу аныкталат. Субьектинин субьектилик, обьектинин обьектилик, предикаттын предикаттык касиети жалпы маанилеринен сырткары (жалпы маанилер сүйлөмдүн грамматикалык түзүлүшүндө деле ачык билинип турат), алардын ички маанилери, мүнөздөрү өздөрү менен грамматикалык байланышта, синтаксистик катышта турган компоненттердин сапат-касиетинен да келип чыгат:

1. Асан үйдөн келди.
2. Асан үйгө келди.

Шарттуу алынган бул эки сүйлөм грамматикалык түзүлүштөрү боюн-ча эки составдуу жөнөкөй сүйлөм, сүйлөм мүчөлөрүнүн (ээ-бышык-тооч-баяндооч) катышы боюнча да окшош. Сүйлөмдүн келди, келди этиштик баяндоочтору кыймыл-аракеттик жалпы маанилери жагынан бири-биринен негизинен эч айырмасыз. Бирок сүйлөмдүн семанти-калык структурасында келди, келди компоненттери предикат катары Асан, Асан субьектилери, үйдөн, үйгө обьектилери менен катышта туруп, кыймыл-аракеттик маанилеринин белгилүү бир өзгөчөлүктөрүн шарттайт. 1-сүйлөмдөгү келди предикатынын кыймыл процессии кай-дан башталгандыгын үйдөн обьектисинин негизинде так билдирип тур-са, 2-сүйлөмдөгү келди предикаты 1-сүйлөмдөгү келди предикаты менен кыймыл-аракеттик маанини туюндурушу жана формасы жагы-нан эч айырмасыз келсе дагы, кыймыл процессинин кайдан башталгандыгы таптакыр белгисиз. Экинчиден,1-сүйлөмдөгү үйдөн обьектилик катыштагы компоненти келди этиштик предикатына багы-ныңкы абалда туруп, кыймыл-аракеттин чыккан ордун билдирсе, 2-сүйлөмдөгү үйгө обьектилик катыштагы компоненти келди этиштик предикатына багыныңкы байланышта келип, кыймылдын багытын ачык көрсөттү.

Ошондой эле тилде сырткы түзүлүшү жагынан окшош келген сүйлөмдөр колдонулат: 1. Жан кирди. 2. Түн кирди. 3. Асан кирди. 1-жана 2-сүйлөмдөрдө кыймылды аткаруучу субьект катышкан жок. Субьектини катыштыруунун зарылдыгы да жок, так айтканда, мын-дай сүйлөмдөрдүн семантикалык-структуралык өзгөчөлүгү кыймыл-аракетти аткаруучу субьектини талап кылбайт. Б.Тойчубекова: «Бу-лар сырткы формасы боюнча эки составдуу сүйлөмдөргө окшош өңдө-нүп турганы менен, кыймыл-аракетти, ал-абалды, кыймылдык белги-ни алып жүрүүчү жандуу заттар менен эч кандай жакындыгы жок. Алар аркылуу жаратылыштын бир көрүнүшү, өзүнчө бир бүтүн прцесси гана баяндалат. Мына ошону үчүн буларда кыймыл-аракеттин, белгинин субьектиси жок. Дегеле мындай сүйлөмдөр кый-мыл-аракеттин, белгинин субьектисине ээ эмес» (Б.Тойчубекова, 1983: 23-24),- логикалык обьективдүү баа берет. Бул ойду толук кубаттоого болот. Кошумчалай турган нерсе, Жан кирди. Түн кирди сыяктуу структуралык түзүлүштөгү сүйлөмдөр предикаттан гана турат. Сүйлөм тутумундагы: жан, кирди; түн, кирди компоненттери өз ара ажырагыс байланышта келди да, лексика-семантикалык бир бүтүндүктү түздү - Жанданды. Караңгыланды. Компоненттердин ширешүүсү дал ушул лексика-семантикалык бир бүтүндүктү уюштуруп, предикативдик мү-нөздү жаратты. Натыйжада Асан кирди сүйлөмдөрүнөн айырмаланган

семантикалык-структуралык түзүлүштү шарттады. 1. Жан кирди. 2. Түн кирди сыяктуу сүйлөмдөрдүн лексика-семантикалык бир бүтүн-дүгүн суроо берүү менен да тактасак болот: -Эмне болду? -Жан кир-ди. –Эмне болду? –Түн кирди. 3-сүйлөмдөгү (Асан кирди.) кирди сөзү жандуу заттын ачык кыймыл-аракетин жекече лексикалык маани-си аркылуу туюндуруп турат. Ошон үчүн өз алдынча суроого жооп болуп түшө алат: - Асан эмне кылды? - Асан кирди. Бул сүйлөм – эки составдуу жөнөкөй сүйлөм. Кыймыл-аракеттин аткаруучу субьектиси – Асан, кирди-предикат. Сүлөмдөгү кыймыл-аракетке мүнөздүү суроо-лордон да алардын семантикасындагы өзгөчөлүктү байкоого болот. 1-2-сүйлөмдөгү кыймыл-аракетке эмне кылды? деген суроону коюуга болбойт. Анткени, эмне кылды? деген суроо жандуу заттын гана кыймылдык маанисин аныктоочу суроо. Дагы бир белгилей кетчү жагдай, 1-2-сүйлөмдөрдө кыймыл-аракеттин, ал-абалдын аткаруучу субьектилери катышпастан, жандын жана түндүн кыймылы гана туюндурулгандыктан, кирди сөздөрү түн жана жан сөздөрүн өздөрүнө сиңирип алгандай. Муну айтып жатканыбыздын жөнү, аталган сүй-лөмдөрдө жан жана түн зат атооч сөздөрү катышып турса да, сүй-лөмдүн синтаксистик-семантикалык мазмуну кыймыл-аракеттик маа-ниге оодук болуп турат. Сүйлөмдүн ушул мазмунунда, ушул түзүлү-шүндө аларга мүнөздүү мындай жалпылыктарды: а) сырткы түзүлүш формасы боюнча окшоштугун; б) кыймылдык процессти туюндурган-дыгын; в) кыймыл-аракетти аткаруучу субьектилердин катышпас-тыгын; г) лексика-семантикалык бүтүндүктөгү биримдигин көрсө-түүгө болот. Бирок бири-биринен айырмасыз көрүнгөн бул кыймыл процессинде, компоненттеринин ажырагыс биримдигин шарттаган карым-катышында кандайдыр бир семантикалык өзгөчөлүктөрдүн бар экендигин баамдоого болот: а) 1-сүйлөмдөгү кирди компоненти нерсенин кыймылын атаса, 2-сүйлөмдөгү кирди компоненти аркылуу жаратылыштык көрүнүштүн кыймылы аталды. б) 1-сүйлөмдө ошол учурда пайда болгон кыймыл, 2-сүйлөмдө дайыма болуучу кыймыл. Тилдин коммуникативдик функциясында, пикир алышууда ойду билдирүүнүн ар түрдүү жолдору колдонулат. Алардын ар түрдүүлүгү айтымдык өзгөчөлүгү боюнча да аныкталат. Айтылыш ыгына карай сүйлөмдүн маанилик типтеринин келип чыгышы да ушундан улам болуп саналат. Кыргыз тилинин материалдарында айрым учурларда жогорудагыдай сырткы формасы боюнча окшош түзүлүштөгү сүйлөмдөр гана учурабастан, сүйлөмдүн структурасын-дагы компоненттердин санынын бирдейлиги, ошол эле сөздөрдүн пайдаланылышы, байланышуу жолдорунун окшоштугу боюнча да эч айырмасыз түзүлүштөгү сүйлөмдөр колдонулат. Чынында, эч айыр-масыз көрүнүшү мындай сүйлөмдөрдү бир сүйлөм катары кароого негиз берет:

1. Айылга барышым керек.
2. Айылга барышым керек.

Келтирилген сүйлөмдөр бир сүйлөмдүн кайталанышы болуп калган-дай кабыл алынат. Арийне, айтылыш максатына, айтылыш өзгөчө-лүгүнө жараша ал сүйлөмдөр семантикалык структурасы боюнча бири-биринен олуттуу айырмаланган сүйлөмдөр болуп саналат. 1-сүй-лөмдө айылга сөзүнө логикалык басым түшүрүлүп айтылды да, сүйлөмдүн семантикалык-структурасындагы конкретизатор синтаксис-тик планда бышыктоочтук милдетти аткарды. Барышым керек татаал этиши грамматикалык маанилик бир бүтүндүктө баяндоочтук кызматты аткарып, логикалык планда предикат катары келди. Эки гана сүйлөм мүчөсү катышты: бышыктооч+баяндооч. Сүйлөмдөгү барышым керек татаал этиштик предикатынын семантикасынын негизинде мен субьектисинин кыймыл-аракетин ачык билдирди. Мындай шартта, Мен айылга барышым керек деген сүйлөмдүн синтаксистик-семантикалык мазмуну келип чыгат. Ал эми Айылга барышым керек 2-сүйлөмүндө логикалык басым барышым сөзүнө

түшүрүлүп айтылгандыктан, сүйлөм мааниси өзгөрүүгө дуушарланып, Менин айылга барышым керек деген мазмундагы сүйлөмдү шарт-тады. Натыйжада биринчи Айылга барышым керек сүйлөмү Мен айылга барышым керек сүйлөмүнүн, экинчи Айылга барышым керек сүйлөмү Менин айылга барышым керек сүйлөмүнүн мазмундары менен шартталган. Эң башкысы, мындай мазмундагы сүйлөмдөрдүн жаралышы ошол сүйлөмдөрдүн айтымдык өзгөчөлүктөрүнө негиздел-гендигин баса белгилеп коюу керек. 1-сүйлөмдөгү барышым сөзү керек сөзү менен лексика-семантикалык бир бүтүндүктө келип, бир гана сүйлөм мүчөсүнүн (баяндоочтун) милдетин аткарып, субьектинин нагыз, ачык кыймыл-аракетин туюндурса, 2-сүйлөмдөгү барышым жана керек компоненттери 1-сүйлөмдөгүдөй биригип бир бүтүндүктө келип, бир эле сүйлөм мүчөсүнүн кызматын аткарбастан, алар жекелик мүнөздөгү өз алдынчалуулукка ээ, барышым компоненти - грамматикалык ээ, керек компоненти–баяндооч. Мында баруу зарыл-дыгы баса белгиленип, сүйлөм мазмунунун өзөгүн, негизин ээлеп турган компонент катары функция аткарды. 1-сүйлөмдө эки компо-нент (айылга+барыш керек) катышса, 2-сүйлөмдө үч компонент (айылга+барышым+керек) бар. Б.Тойчубекова ушул жана ушул түзүлүштөгү сүйлөмдөргө анализ берип келип, сүйлөм ээси – барышым компонентине карата пикирин мындайча билдирет: «Мын-дагы сүйлөмдүн ээси болуп турган кыймыл атоочтун аягындагы таандык мүчө өзү уланып турган сөздү реалдуу субьектиге айлан-дырат, б.а., биринчи жакка таандык болгон кыймыл-аракеттин процесси же аты сүйлөмдүн ээсинин милдетин аткарат да, грам-матикалык ээнин эмнеге дуушарланарын, ал-абалын көрсөткөн керек сөзү сүйлөмдүн баяндоочу болот. Мындай учурда керек сөзү туз ке-рек, нан керек деген сүйлөмдөрдөгү баяндоочтордой болуп колдо-нулат. Ал эми сүйлөмдүн ээсинин милдетин аткарып турган анык-тоочтук айкаштын илик жөндөмөсүндөгү биринчи компонентинин сүйлөмдө катышып турушу деле анчалык роль ойнобогондуктан, ал айрым учурда сүйлөмгө катышпай да калат, анткени таандык мүчө жалганган бөлүк (аныкталгыч) анын жоктугун билгизбестен, сүйлөм-дүн ээсинин милдетин аткарып кала берет. Анын материалдык маниге ээ болуп туруучу сапаты ушунда» (Б.Тойчубекова. 1983: 32). 1-сүйлөмдөгү айылга компоненти барышым керек татаал этиштик предикаты менен синтаксистик катышта туруп, кыймыл-аракеттин багытын билдирсе, 2-сүйлөмдөгү айылга компоненти барышым компо-ненти менен синтаксистик катышта туруп, кыймылдын аты аталган логикалык субьектинин (барышым) багыттык орду катары келди. Ал эми логикалык субьекти - барышым предикат -керек менен синтак-систик катышта келип, ошол учурдагы зарылдык катары туюн-дурулду.

Демек, сүйлөмдүн семантикалык структурасындагы кандай гана компоненттер болбосун, аң-сезимдеги ойдун туюндурулушуна ылайык, өз ара байланышта, катышта уюшулуп, айрым шарттарда, грамма-тикалык бирдей формада келсе да, айырмалуу маани өзгөчөлүктөрдү жаратуу менен, белгилүү бир максат-мүдөөгө багытталат. Семанти-калык компоненттердин карым-катышы, байланыш мүнөзү, логика-лык биримдүүлүгү, системалуулугу, интонациялык-айтымдык жабды-лышы, белгилүү бир максаттык функциясы структуралык бүтүндүктү түзөт. Айрым окумуштуулардын: «Башка структуралардай эле, сүйлөмдүн семантикалык структурасы анын элементтеринин ортосун-дагы мамилелерден жана чырмалышкан көз карандылыктардан турган бүтүндүк» (Ю.Степанов. 1966: 117). «Ошондуктан сүйлөмдүн семан-тикалык-структуралык спецификасын ачып берүү үчүн компонент-тердин спецификасын, алардын уюшулушун жана карым-катыш мүнөзүн аныктоо зарыл. Бул үчүн аталган элементтердин кантип калыптангандыгын билүү керек. Сүйлөмдүн семантикалык структу-расынын калыптанышы кандай татаал болсо, анын элементтеринин жаралышы да ошончолук татаал» (И.Х.Ахматов. 1983: 74). «Бардык

синтаксистик структура сүйлөм тутумундагы элементтердин байланы-шынын саны менен гана эмес, байланышынын мүнөзү боюнча да аныкталат» (Г.А.Золотова, 1973: 14), «Сүйлөмдүн семантикалык структурасы семантикалык компоненттерден: предикат, субьект, обьект, конкретизатор, атрибуттан турат. Булар компоненттердин жөн гана жыйындысы эмес, а өз ара түркүмдөшкөн мүнөзгө ээ жыйын-тыктуу синтез» (С.Н.Абдуллаев. 1992: 10), - деп айткандары өйдөдөгү биздин көз карашты бекемдеп турат.

Ошентип, сүйлөмдүн семантикалык структурасынын калыпта-нышы, анын негизи: 1) сүйлөм тутумундагы семантикалык компонент-тери, алардын функциялары; 2) сүйлөм түзүлүшүндөгү компонент-тердин грамматикалык байланышы, синтаксистик катышы; 3) сүйлөм компоненттеринин синтаксистик позициясынын спецификасы жана бул позицияны категориалдык-лексикалык толуктоо; 4) сүйлөм компоненттеринин өз ара мамилелеринин, катышынын таасири, жыйынтыктары, алардын мүнөзү; 5) лексикалык жана синтаксистик семантиканын өз ара аракеттенишүүсү аркылуу жүзөгө ашырылат.

Адабияттар:

1. Абдулатов А. Паремияларды когнитивдик-педагогикалык максатта сыпатоонун айрым проблемалары. – Ош: 2006. - 149 с.
2. Абдуллаев С.Н. Модальные модификации простого предложения в уйгурском языке // Системность на разных уровнях языка. – Новосибирск: 1990. –С. 90-95.
3. Абдуллаев С.Н. Структурно-семантические модели простого предложения в современном уйгурском языке. – Каракол: Госпед-институт, 1992. –с. 96.
4. Альтман И.В. Исследование семантики трехчленных конструкций. –В сб.: «Проблемы структурной лингвистики, 1976». –М.: 1978. -360 с.
5. Андреев И.А. Структура простого предложения современного чувашского языка: Автореф. дисс. … д-ра филол. наук. – М.: 1970. –79 с.
6. Ахматов И.Х. Соотношение между формальной структурой и семантикой односоставного предложения в карачаево-балкарском языке. // Сов. Тюркология. – 1978. – №5. –С. -26-32.
7. Ахматов И.Х. Проблемы семантического анализа простого предло-жения. – Нальчик: Изд. Кабардино-Балкар. ун-та, 1979. – 99 с.
8. Ахматов И.Х. Структурно-семантические модели простого предложения в современном карачаево-балкарском языке. – Нальчик: Эльбурс, 1983. – 360 с.
9. Золотова Г.А. Роль ремы в организации и типологии текста // Синтаксис текста. – М.: 1979. –С. -113-133.
10. Золотова Г.А. Коммуникативные аспекты русского синтаксиса. – М.: Наука, 1982. – 368 с.
11. Золотова Г.А. Очерк функционального синтаксиса русского языка. – М.: Наука, 1973. – 351 с.
12. Золотова Г.А. О регулярных реализациях моделей предложения // Вопр. Языкозаниия. – 1969. –№1. –С. -67-78.
13. Леонтьев А.А. Высказывание как предмет лингвистики и теории коммуникации// Синтаксис текста. – М.: 1979. –С. -18-36.

“МАНАС” ЭПОСУНДАГЫ ЖЕР-СУУ АТАЛЫШТАРЫ

Жумалиев Самат,
ф.и.к., доцент, Талас университети

“Манас” эпосунда жер-суу аталыштарынын саны абдан арбын кездешет жана анын географиялык ареалы кеңири аймакты кучагына алат. Атап айтканда: Кыргызстанга, Жети-Сууга, Жунгарияга, Чыгыш Түркстанга, Алтайга, Монголияга, Орто Азияга, Борбордук Азияга, Кытайга, Манжурияга, Арабияга жана Чыгыш Европага чейинки таралган жер-суу аталыштарын жолуктурууга болот. Айрыкча С.Орозбаковдун “Манасында” 600гө жакын жер-суу аталыштары орун алса, ага салыштырмалуу С.Каралаевдин вариантында 160га жакын гана жер-суу аталыштары жолугат. “Манас” эпосундагы ушундай жер-суу аталыштарына*: Амур, Арпа, Байкөл, Багдат, Булагасын, Жылдыз, Ималай, Испара, Кара-Кум, Кара-Тегин, Кара-Тоо, Каркыра, Кенжут, Кордой, Көтмалды, Кыйба, Аземил, Айдың-Көл, Аксы, Алай, Ала-Көл, Алтай, Арал, Бабыл, Багдат, Бакбурчун, Баргана, Барбар, Бээжин, Губий-Шаму, Даңгир, Даркан, Жамбыл, Желпиниш, Жамыра, Жаркен, Иле, Какан, Канды, Кантон, Каңгай, Капас, Кашкар, Кожент, Кокон, Коңгу, Котон, Көйкап, Көкө-Ноор, Кулжа, Кумул, Лоп, Манжу, Мар, Маргалаң, Кырым, Мухит, Мургап, Мисир, Сок, Сыр-Дайра, Текес, Турпан, Нура, Нарын, Ополтоо, Оркун, Саяң, Самаркан, Сары-Арка, Сашаң-Көл, Суушаң, Талас, Таңшут, Тарбагатай, Тарлан, Ташкен, Тебит, Түркстан, Урум, Уркун, Кыяз, Чаркастан, Арпа, Каркыра, Чүй, Чынмачын, Шибер, Шыйкуу, Ындыстан, Ооган, Меке, Медиян, Ыспан, Эртиш, Ысык-Көл, Эсил ж.б.с.* арбын аталыштарды санап көрсөтүүгө болот.

Бул топоним, гидронимдерден көрүнүп тургандай, эпостогу окуялардын жүрүшүнүн территориялык алкагы Евразиянын кеңири аймагында болуп өткөндүгүнөн жана кыргыз элинин ар кайсы тарыхый доорлордогу түрдүү элдер менен болгон карым-катнаштарынан, ал эмес тилдик мамиле-алакаларынан да кабар берип турат. Андыктан аталган эпостун курамындагы жер-суу аталыштарын ич ара тарыхый-лексикалык жана лексика-семантикалык жактан стратификациялоодо негизинен 5 катмарды байкоого болот. Атап айтканда: эң байыркы катмар, байыркы кыргыз катмары, монгол-кыргыз катмары, иран-араб катмары жана кийинки катмарларга ич ара ажырайт. Маселен, эң байыркы катмарга *Алай, Алтай, Шибер, Кангар, Кангай, Эрен* ж.б. кошсок, байыркы кыргыз катмарына *Жууку, Жылдыз, Булагасын, Талас, Кызарт, Кулжа, Текес, Ала-Көл, Көгарт, Аңырты, Чаткал* ж.б. кошууга болот. Кыргыз-монгол катмарына *Анжы, Долон, Көкө-Ноор, Шыйкуу, Нура, Нарын* ж.б., иран-араб катмарына *Кожент, Мургаб, Баргана, Бадахшан, Букара, Балх, Мисир, Меке, Кыйба, Медина, Багдад* ж.б. кирет. Ал эми кийинки катмарга *Кокон, Орто Азия, Ысык-Көл, Жамбыл, Олуя-Ата, Аксы* ж.б. жер-суу аталыштары кирет.

Деген Жолой эмеспи, Көгала майдан *Шибергe*Өнгөн Жолой эмеспи, (СК, 362-бет). Кармаш кылчу баатырга, *Кангайдагы* манжууга, Бээжин айдап сүрбөсөм, (СК, 181-бет). Ал *Жылдыздан* өткөн соң, Түзү токой, тоосу кар, Ала-Тоонун башы бар, (СК, 403-бет). Аман болсо Манасың Кең-Кол, *Талас* жер табат. «Атамдан калган мураа» - деп, Аргын, кыргыз эл табат. (СК, 120-бет). Созулган үлкөн суу кечип, Кыяз менен *Текести* Кыркалай басып келди эми. (СК, 249-бет).

Туура жагын караса Кара-Буура, *Чаткалы*Ай, жаныбар, кең Талас, Жер соорусу турбайбы, (СК, 546-бет).

Аты угулган *Букарга* Алааматты салам, - деп, (СК, 846-бет). Бу *Алты-Шаар, Маргалаң* Аяк жагы *Кокон* кан, Ордолуу шайык көк жөкөр Орчуну *Букар, Самаркан* (СК, 18-бет) ж.б.

“Манас” эпосундагы эң байыркы катмар *Алтай, Алай, Эртиш, Көңүз, Күйөр, Эрен, ЫМалай, Кангар* (*кан*- бөлүгү байыркы доордо “дарыя” маанисин туюнканы маалым), *Суусамыр, Музтаг* (муз тоо), *Талас, Шибер* (алтай тилинде *шибе* “ель”, демек *шибер* “еловый местность”), *Текес, Иле, Эсил, Арт (арт* “перевал, горный перевал”), *Баласагун* (небольшое укрепление), *Узун-Агач* (*узун* “длинный”, *агач* “растуүее дерево”), *Кабак-Арт* (*кабак* “рытвина, впадина”), *Канас* (*кан* “река”), *Кырым* (“даль, дальняя страна”), *Каңды-Тоо* (*каң* “река”, *(ог)лы* “сын, человек”) ж.б. сыяктуу сөздөрдүн катмарынан куралган жана бул катмарга мүнөздүү аталыштар азыркы учурда көбүнчө өзүнүн семантикасынын күнүрттөнүп билинбей калышы менен, жана аларды уюштурган сөз жасоочу форманттарынын сенектиги менен башка аталыштардан айырмаланып турат. Айталы: *Алтай* - Чыгыш Монголиядагы тоо кыркаларынын жалпы аталышы. Казак тилиндеги топонимдерди изилдеген А.Абдырахмановдун[1,16-б.] пикири боюнча *алтын* “золото” сөзүндөгү *–н* аффиксине *–ай*//*-й* аффиксининин жалгаштырылышынын натыйжасында *алтай* “золотой, золотая” формасы пайда болгонун белгилейт жана бул байыркы форма түрк-монгол тилдеринде *алт*//*алта* уңгусунда сакталып калган деп божомолдойт. Ошондой эле *Алай* байыркы санскрит жазуусунда “жилиүе, обитаемое место” дегенди, ал эми *Гималай* “жилиүе снегов” дегенди, *алайя* формасы “страна, место” жана *Алай өрөөнү* “пастбиүе”[2,69-б.] деген маанилерди туюнтканын окумуштуу К.Конкобаев көрсөтөт. Бирок азыр алардын семантикасы көпчүлүккө белгисиз болуп калган.

Алтайдагы кырк үйлүү,
Кызыталак бул бурут
Душман экен, кас экен, (СК, 1995, 2-том, 25-бет).
Алган Кокон, *Алайды,*
Аягы Букар, Ала-Көл
Азыр баскан далайды. (СО, 1997, 4-том, 269-бет).
Кадамы жетер Кырымга,
Эни барар *Эртишке*, (СО, 1997, 4-том, 75-бет).
Бирибиз кетип *Эренге,*
Бирибиз кеттик ошондо
Кайра чыпас тереңге! (СК, 1995, 2-том, 38-бет).
Үч-Жыргалаң, *Көңүздү*
Бойлой көчүп алды эми. (СК, 1995, 3-том, 208-бет).
Күйөр менен Бышардан
Күбүлүп чогуу айрылдык. (СК, 1995, 2-том, 60-бет).
Куланды деген кудукка
Кууп барган аскери (СО, 1997, 4-том, 324-бет).
Эски-Чамбыл жердеген,
Эзелден мыкты эр деген, (СК, 1995, 2-том, 130-бет).
Баласагун бу да бар,
Олуя-Ата, чоң Ташкен, (СО, 1995, 3-том, 27-бет).
Узун-Агач, Чамалган,
Ушунда киши бар го – деп,
Суусун өрдөп бойлошуп, (СО, 1995, 3-том, 272-бет).

Манас” эпосундагы байыркы кыргыз катмарына байланыштуу жер-суу аталыштарына *Ала-Тоо* (*ала* “великий, громадный, большой”), *Аскачы* (аскалуу), *Балыгарт* (*балык* “шаар”, *арт* “ашуу”), *Барскан* (*барс* “тигр”, *кан* “река”) , *Жайык* (*жай* “стелить, разливать”, *-ык* этиштен зат атооч жасоочу мүчө), *Каркыра* (*кар* “тоо, тоо кыркасы”, *кыра* “кыр”), *Сөгөтү (сөгөт* “ива, тальник”, *-ты* атоочтон этишти

жасоочу мүчө: *сөгөттүү*), *Корумду, Кулунду, Эки-Кемин, Чүй, Жууку* (алтай тилинде *дьуука* “овраг, ров”), *Түргөн, Төрткүл, Жайлак (жайлоо), Чаткал* (*чат* “впадина, дно между гор”, *кол* “долина”), *Ийрен, Элек* (*илек* “влага, вода”, *-лак//лек* формасы байыркы заттан сын атоочту уюштуруучу мүчө: *таш+-так*), *Баскан* (*бас* “главный”, *кан* “река”), *Ара-Талаа* (*арка* “запад”), *Кан-Жайлак, Кайнар* (родник, с силой бьюүий из земли), *Тоорокту, Эркеч-Там, Аңырты, Короготу, Куланды, Кажырты, Тоң, Тосор ж.б.* киргизе алабыз. Себеби жогоруда көрсөтүлгөн жер-суу аттарынын составындагы – *лак//лек, -лы, -ты, -ык* топоформанттары байыркы түрк тилдериндеги сөз жасоочу мүчөлөр [1, 29-30-бб.] катары эсептелинет.

Ала-Тоонун башында
Аяк-башы ат чабым
Айдың чалкар көл көрдү. (СО, 1997, 4-том, 127-бет).
Аскачыны алыптыр,
Айдаркан шаар салыптыр, (СО, 1997, 4-том, 281-бет).
Төрт-Күлдүн төмөн жагында,
Төрө болгон жаңыдан (СК, 1995, 2-том, 224-бет).
Атакемдин *Кан-Жайлак*,
Зордук кылып, бербестен
Такыр тартып алыптыр. (СК, 1997, 3-том, 585-бет).
Баш жайлоосу – *Балыгарт*,
Турар жери мына бу. (СО, 1997, 4-том, 144-бет).
Башы *Барскан*, Сарканды
Туурасы Бабыл, Дарканды, (СО, 1995, 3-том, 54-бет).
Эдил, Жайык – эки суу,
Элиңдин чети мына бу. (СО, 1995, 3-том, 259-бет).
Эркеч-Тамды ашыптыр,
Кашкар каны Алабек
Төбөсүнөн басыптыр. (СК, 1998, 3-том, 254-бет).
Котондун бери жээгине,
Тооруктуда чынарга
Кабылан жетип конду эми. (СК, 1998, 3-том, 314-бет).
Атактуу суу *Аңырты*,
Кара-Корум, *Кажырты*, (СО, 1995, 3-том, 56-бет).

Эпостогу кыргыз-монгол катмарына мүнөздүү жер-суу аталыштары көбүнчө *мөрөн, кол, ноор, улан* ж.б.у.с. бирдиктердин жардамы аркылуу жасалат. Маселен: *Боом* (монгол тилинде *бом* “крутой и высокий мыс, скала”), *Көкөмерен* (*мөрун* “большая река”), *Кара-Кол* (*кол* “өзөн, дарыя, агын суу” маанисин берет), *Тарагай* (*толагай* “холм, гора, вершина горы”), *Тарбагатай* (*тарвага* “сурок”, *-тай* заттан сын атоочту уюштуруучу мүчө), *Үкөк* (*үхег* “плоская гора”), *Кулан-Булак, Үч-Жыргалаң, Дөрбөлжүн, Жыргалаң, Бура-Кужур* (*бур* “склон, скат”, *худжир* “солонец”), *Босого* (тунгус-манжур тилдеринде *босого* “склон горы”), *Боролдой* (*боро* “серый”), *Көкө-Ноор, Нор* (*нор* “озеро”), *Нарын* (*нарийн* “узкий”), *Нура* (*нуура* “пропасть, обрыв, каменная осыпь”), *Шор-Булак* (шор “солончак с малым количеством соли”), *Сайрам* (монголчо *царам* “горное плато, рытвина на склоне горы”, түркчө “мелкий, неглубокий”), *Бөрү-Кой (*монгол тилинде *бөрү* “склон, скат” маанисин, кыргыз тилинде *кой(-ын)* “лог, дно долины”), *Дабан* (*даван* “перевал”), *Сандык* (*сондок* “небольшой глинянный холм с обрывистыми стенками, поросший поверху кустарником”), *Долон, Кантон, Кара-Ноор, Тарса, Теңир-Ноор, Жайсаң-Суу, Сооса, Салаңгуу, Темир-Ноор, Челек* ж.б.:

Аяк жагы *Дөрбөлжүн,*
Тутуп калды Туткуйду, (СО, 1997, 4-том, 87-бет).
Суңшоонун башы *Тарагай*
Орго кандын эли эле, (СО, 1997, 4-том, 143-бет).
Үкөк экен коосу – деп,
Үйү-малын алыптыр,
Ушу күнгө жеткенче
Үкөк атка калыптыр. (СО, 1997, 4-том, 38-бет).
Кулан-Булак жайыктан
Кайра тартып калыптыр. (СО, 1997, 4-том, 325-бет).
Аскер менен жык толуп
Түп, *Жыргалаң* арасы, (СО, 1995, 3-том, 158-бет).
Тапкан жерин көрдүңүз
Тарбагатай, Шыйкууну, (СО, 1995, 3-том, 55-бет).
Эсил, *Нура* суусу бар,
Эсен-аман ушу бар. (СО, 1995, 3-том, 25-бет).
Нарынды айткан Суңшоо – деп,
Жиберген Манас буларды (СО, 1995, 3-том, 270-бет).
Көрүп жүрсүң өзүңөр
Көкө-Ноор көлүнү. (СО, 1995, 3-том, 55-бет) ж.б.

Аталган эпостогу жер-суу аталыштарынын ирандык катмарына *Сары-Арка, Сары-Талаа* (*сар* “верхняя часть”), *Кайып-Булак, Испара* (*пара* “сторона, край”), *Дара* (*дара* “үүелье, небольшая долина”), *Даркан, Дашуу* (*дашт* “равнина, ровное место”), *Жар-Базар, Чар* (узкое үүелье, теснина), *Багыстан* (*бог* “сад”, *стон* “родина, край”), *Ноот* (суу түтүгү аркылуу атайы жасалган көл), *Сан-Таш* (*сан*//*санк* “большой одинокий камень”), *Бадакшан, Коросан* (*-шан* бир нерсенин мол, көп экендигин туюнтуучу туруктуу мүчө), *Аспан* (*ван* “длинный”), *Мургаб* // *Нургаб* (*мур* “ложбина”), *Кент* (город) жана *Самарканд, Ташкен, Ызар, Жоңгер-Кече, Анжиян, Даңгир, Жергент, Кабилстан, Коргон-Базар, Мар, Нааман, Кожент, Коросан, Бөрү-Кожо ж.б.*бир топ топоним, гидронимдер кирет:

Алтайдын бери жак бетинде,
Сары-Талаанын четинде, (СК, 1995, 2-том, 74-бет).
Алма-Коюр, *Чарыны,*
Абыдан алып баарыны,
Жар-Базар, Челек шаарыны,
Жалпы алыптыр баарыны, (СО, 1997, 4-том, 28-бет).
Багыстанда Жанай бар,
Багыш уулу Нанай бар, (СО, 1997, 4-том, 298-бет).
Эки-Баш элин албасын,
Дарасынын боюна
Кайып кан түшүп калбасын, (СО, 1997, 4-том, 145-бет).
Ноот-Көлдөй чык кылып,
Тоюна токсон сойдурду, (СК, 1998, 3-том, 385-бет).

“Манас” эпосундагы араб катмары *Адал-Булак, Кайып-Мазар, Мазар, Тал-Мазар, Барбар, Багдат, Бар-Көл* (*бирка > барка* “озерцо, пруд”), *Аят-Көл, Жазийре, Багдат, Мухит, Медина, Меке, Муңия, Рабат, Биябан, Багуруп, Асемил, Бадамдуу, Жазийра, Жануп, Мисбуруш, Шам* ж.б. сыяктуу аталыштардын курамынан турат:

Аягы *Мазар* улуу шаар,
Батып жатар жериң бар! (СО, 1995, 3-том, 247-бет).

Семен-Дайра, *Аят-Көл,*
Селдей болгон каапырдын
Көпчүлүгүн карап көр. (СО, 1997, 4-том, 269-бет).

Ал эми эпостун курамындагы жер-суу аталыштарынын кийинки дооруна *Жамбыл, Азия, Кокон, Олуя-Ата, Орто Азия, Стамбул* ж.б. сыяктуу аттарды киргизүүгө болот. Себеби булар орто кылымдардан кийинки мезгилдерде эле пайда болгондугу тарыхый маалыматтардан улам бизге белгилүү.

Демек, ушул аталыштардын тарыхый-лексикалык жана семантикалык этимологиясы бирдей эмес, б.а. географиялык обьектини номинациялоодо рельефтик түзүлүшү, табияттын өзгөчөлөнгөн белгилери эске алынат. Атап айтканда: табияттын жагымдуу же жагымсыз аба-ырайына, жер шартынын суулуу, же таштуу, же кумдуу, же чөптүү, же дарактуу экендиги, мал багууга жайлуу же жайсыздыгы, дыйканчылыкка жарактуу же жараксыз экендиги ж.б.у.с. белгилерине да негизделет. Маселен: *Кум-Белес* “кумдуу бел, кумдуу ашуу”, *Кара-Кум* “чоң, ири кум, зор талаа”, *Арпа* “арпа, арпалуу”, *Эчкилик* “эчки-текелүү тоо же аска-зоо”, *Ала-Көл* “чоң көл”, *Ала-Тоо* “бийик тоо, чоң тоо” ж.б.

Ошол чакта Калча кул, *Кум-Белести* ашты эми, (СК, 1180-бет). *Эчкиликтин* кара зоо, Мелбилдеген үлкөн тоо, (СК, 1678-бет). *Ала-Тоодой* эт болуп, *Ала-Көлдөй* чык болуп, (СК, 91-бет) ж.б.

Адам же жан-жаныбардын кайсы бир дене-мүчө бөлүгүнө рельеф формасынын окшоштугуна салыштыруунун негизинде да жер-суунун аттары коюлат, б.а. географиялык обьектинин адам же жан-жаныбар мүчөсүнүн сырткы түзүлүш формасына жана анын аткарган функциясына байланыштуу метафораланып ат ыйгарылат. Алсак: *Көкүрөк, Сары-Арка, Бөйрөк, Тал-Чоку, Куш-Мурун, Марал-Башы,Чанак, Ат-Башы, Көк-Шыйрак* ж.б.

Көкүрөк, Көк-Арт баарынан,
Кара-Алма кайкы белинен, (СО, 1980, 2-том, 206-бет).
Күн чыгышы Сары-*Арка,*
Күлдү баары казакта. (СО, 1980, 2-том, 15-бет).
Тал-*Чоку* бийик тоо экен,
Айланасы аска таш
Көз жетпеген зоо экен. (СК, 1998, 3-том, 566-бет) ж.б.
Бөйрөк, Ак-Чий боюнда,
Акчык деген ары тоо (СК, 1998, 3-том, 267-бет).
Куш-Мурун менен Куурайды,
Куп көргөнбүз мындайды, (СО, 1995, 3-том, 120-бет).
Марал-Башы, Долонду,
Баарын алып олорду. (СО, 1995, 3-том, 118-бет).

“Манас” эпосундагы жер-суу аталыштарынын айрым бөлүгү адам турмушундагы мал чарбачылык, аңчылык, дыйканчылык кесиптерине байланыштуу да пайда болгону байкалат: *Ат-Жайлоо, Мамырдын сазы, Алмалуу-Кыя, Теректүү, Кулан-Жайлак, Өгүз-Ашуу, Өгүз-Кечүү, Тай-Ашуу, Эчкили, Кулжа, Аюу-Тоо, Ат-Кулак, Марал-Кечүү, Эчки-Өлбөс, Үч-Куш, Ит-Өлбөс, Төө-Жүрбөс ж.б.:*

Өйдө чети элиңдин
Өгүз-Кечүү, Калканда, (СО, 1995, 3-том, 259-бет).
Ит-Өлбөстүн какыр чөл
Желген чоро бар бекен? (СК, 1998, 3-том, 532-бет) ж.б.
Бөрү-Койдун чаркына,
Ит-Өлбөстүн кырына

Эрендер жетип илинип, (СК, 1995, 2-том, 55-бет).

Өгүз-Ашуу, Тай-Ашуу

Катар ашып келди эми, (СК, 1995, 2-том, 208-бет) ж.б.у.с.

Кыскартып айтканда, “Манас” эпосундагы жер-суу аталыштарын тарыхый-этимологиялык аспектиден изилдөө аракети тилдеги байыркы субстраттык катмарларды аныктоого өбөлгө түзөт. Анткени ар кайсы доорлордо тилде активдүү колдонулган жер-суу аталыштары ошол кездегидей калыбында туруктуу сакталып калуусу менен да башка лексика-семантикалык топтордон айырмаланып турат. Ошол себептен бир катар окумуштуулар тарабынан бул маселенин үстүндө илимий изилдөөлөр жүргүзүлүп келген, атап айтканда: Б.М.Юнусалиев, К.К.Юдахин, Ш.Жапаров, Д.Исаев, К.К.Конкобаев, Н.Жапаров, М.С.Шамшиева, Н.Р.Акматов ж.б. илимпоздор Кыргызстандын топонимикасы, гидронимдери боюнча өздөрүнүн изилдөөлөрүн жүргүзүшүп, бул маселеге тиешелүү илимий-теориялык тыянактарын чыгарышкан. Ошондой болсо да, ушу тапта “Манас” эпосунун лексикасында орун алган жер-суу аталыштарынын тарыхый-лексикалык катмарларына диахрондук жана синхрондук аспектиден изилдөөлөрдү жүргүзүү аркылуу кыргыз элинин тарыхын, маданиятын туура баамдоого негиз түзүп, анын тилинде мурунку учурларда болуп өткөн лексика-семантикалык процесстердин мыйзам ченемдүү кубулуштарын терең аңдап түшүнө алабыз.

Адабияттар

1. Абдрахманов А. Историко-этимологическое исследование топонимов Казахстана. Научный доклад на соискание ученой степени доктора филол.наук. –Алма-Ата, 1991.
2. Конкобаев К. Топонимия Южной Киргизии. –Ф.: Илим, 1980.
3. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу: 3-китеп. С.Орозбаковдун варианты боюнча академиялык басылыш. –Бишкек: Кыргызстан, 1995.
4. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу: 4-китеп. С.Орозбаковдун варианты боюнча академиялык басылыш. –Бишкек: Шам, 1997.
5. Манас: Баатырдык эпос. С.Каралаевдин варианты боюнча. –Бишкек: Турар, 2010.
6. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу С.Каралаевдин варианты боюнча академиялык басылышы. 2-китеп. –Бишкек: Кыргызстан, 1995.
7. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу С.Каралаевдин варианты боюнча академиялык басылышы. 3-китеп. –Бишкек: Шам, 1998.
8. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу: 4-китеп. С.Орозбаковдун варианты боюнча академиялык басылыш. –Бишкек: Шам, 1997.
9. С.Орозбаковдун варианты боюнча. “Манас”. 2-том. –Фрунзе: Кыргызстан, 1980.

МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИН ПРАКТИКАЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ

Түмөнбаева Чолпон
окутуучу, Ж.Баласагын атындагы КУУ

«Өнөрдүн алды кызыл тил дейт» - дейт кыргызда. Иоанндын Евангелиясы да «эң алгач тил болгон (в начале было слово)» деген сөз менен башталат. Демек, тилге байыртан эле зор маани берип келишкен. Анткени тил адамзатты башка айбанаттардан ажыратып турган касиет. Улут болуунун да эң негизги категориялардын бири – тил.

Кыргызда «элүү жылда эл жаңы» деп коюшат. А илимпоз тилчилер «миң жылда тил жаңы» дешет. Анткени миң жылдын ичинде тил токсон пайызга өзгөрүп, учурдагы жаран миң жыл мурунку жазмаларды окуй да албай, демек, түшүнө да албай калат экен. Маселен байыркы грек тилинде азыркы гректер окуй албайт. Ошондой эле скандинав руналарын азырынча бир дагы окумуштуу окуй албайт. Бирок бул индо-европа тилдерине тиешелүү болсо керек.

Минтип айтканыбызга мүмкүндүк берген кыргыз тилинин тарыхы. Азыркы кыргыз тилинде алты миң жыл мурунку шумер тилинен окумуштуулар табышкан 200 сөз бар. Маселен:

шумер тилинде:	кыргыз тилинде:
ада	ата
ерен	эрен
гаг	как (мык как)
уш	үч
кур (тоо)	кыр (тоонун кыры)
кен	кең
ен	эң (аябай, өтө)
узун	узун
диңгир	тенгир-теңир
билге (баба)	билги (билги киши) ж.б.

Шумер тарыхына, шумер тилине батынып кирген илимпоздор дээрлик жокко эссе. Ал илимге жаңыдан гана биздин илимпоздор бетин бурушту. Жакын арада шумер тили менен кыргыз тилиндеги окшош сөздөр дагы да көп эле санда табылат деп ишенсек болот.

Биздин замандын 732-жылы чегилген Култгинге арналган стелладагы руналык жазуулардын 70 пайызы азыркы кыргыз тилинде бар. Ырас, стеллада «мен түркмүн, кыргыз жерин чаптым» - деген сөздөр бар. Бирок тарыхта түрк деген эл, уруу болгон эмес. Ашина аттуу эл уруулар союзун түзгөндөн кийин мамлекетке «түрк» деген наамды Берген. Демек, түрк уруунун аты эмес, мамлекеттин аты. Ошол Култегин кайсы тилде сүйлөгөн? Ал жөнүндө маалымат жок. Даниялык илимпоз Томсен стелладагы жазууну кыпчак тили деп жазат. Бул жөн эле божомол. Анткени Томсен кыпчак тилин билген эмес, 893-жылы кыпчак деген эл да жок болчу. Ал эстеликтин тилин аныктоо үчүн азыркы тилдерди салыштыруу методин колдонуу керек эле. Ал метод Томсендин түшүнө да кирген эмес. Азыркы тилдерге салыштырганда ал эстеликтин тилине эң жакыны хакас тили. Ал эми хакастар менен кыргыздар бир эл болгонун тарых тастыктап келет. Демек, эстеликтин тили – кыргыз тили деп айтаар убакыт келди. Атүгүл кечигип да калдык. Анткени УП кылымда аты-заты жок, кечээ эле пайда болгон Казакстан Култегинди ээлеп алышкан. Алардын миң (1000) теңгелик акчасында Култегинин сүрөтү басылган, Култегин атындагы спортклуб, көчөлөр бар. Култегиндин күмбөзүнүн маңдайына катар тизилип коюлган балбалдардын эң биринчи балбалы кыргыз каганы Барсбектин балбалы экени ошол эстеликте жазылып турса да казактар

Барсбекти казак кылып алышкан. А биз азырынча уктап жатабыз.

1069-жылы жазылган Юсуф Баласагунинин (Баласагындык Жусуп) «Кутадгу билиг» (Кут табуунун илими), 1075-жылы жазылган Махмуд Кашгаринин «Түрк тилдеринин сөздүгү» аттуу китептердеги сөздөрдүн 80 пайызы азыркы кыргыз тилинде бар. Дагы бир айта кетүүчү сөз Юсуф дагы, Махмуд дагыЫсык-Көлдөгү азыркы Барскоон айлында төрөлүшкөн. ага карабастан азыр эки эмгек тең кыргыздыкы деп айта албай келебиз. Атүгүл «Кутадгу билигди» изилдешкен илимпоздор Ү.Асаналиев менен К.Аширалиевдер Юсуф поэманы «өз эне тилинде – байыркы уйгур тилинде жазган» деп балп эте жазып салышкан.

Чынында Юсуф поэмасын ошол учурдагы Караханий мамлекетинин тилинде жазган. Ал мамлекеттик тил кайсы тилге таандык – ошол поэманын тили менен азыркы тилдерди салыштыруу методу менен аныктоого болот. Авторлор салыштырышат. Ошол салыштырууда поэманын тилине азыркы уйгур тилине Караганда азыркы кыргыз тили жакыныраак экени көрүнүп тураса да поэманы байыркы уйгур тилине таандык кылып салышат.

Авторлордун мынүдай деп жазуусунун себеби бар. Антени алар жазып жатканда Кыргызстанда «улутчул» деген термин пайда болуп, Раззаков баштаган ишмерлер иштеринен айдалышып, Калыгулду, Арстанбкти, Молдо Кылычты изилдешкен илимпоздор куугунга түшүп, Ш.Үмөталиев өндүү таланттуу, зирек окумуштуулар илимден да, окуу жайларынан да четтелилип, эч иши жок талаада калышканга чүнчүүдөн улап ичкиликке өтүп кетишкени жашыруун эмес.

Кыргыз тили деп күйүп келген Т.Сыдыкбеков ошол учурдагы Кыргызстандын көзүрү Т.Усубалиевдин, анын ур-токмогу Кеңеш Кулматовдун айдактоолору боюнча канча жолу талоонго түшүп, канча жолу Кыргызстандын Компартиясынын бюросунда кекеткен суракка түштү. Ооба, ал учурдагы жагдай ошондой болчу. Кыргыз жазмасы, кыргыз адабияты, каргыз тарыхы Октябрь революциясынан кийин гана башталат деген догма бар болчу.

Азыр заман башка. Бирок торпок кезинде сүздүрүп коюшкан илимпоздор азыр деле айранды үйлөп ичишкен сыяктуу. Кантсе да көөнө кыргыз тилин изилдешке илоимпоздорубуз жок эмес. Бар, уучубуз куру эмес. Мандай дүйнөлүк масштабдагы маселенин чындыгын аныктоо жеке илимпоздордун колунан келе бербес. Ал үчүн мамлекеттик идеология, маселенин терең изилдениши үчүн ошол маселенин олуттуулугуна карата олуттуу каржылоо керек. Үстүртөн болсо да мамлекеттик идеология бар сыяктуу. Каржылоо жагына келгенде мамлекеттик бюджеттин чөнтөгү жыртык экенин билип туруп баш чайкоого аргасыз болобуз. Кыргыздын тарыхын изилдөөгө, жазып чыгууга беш миллион бөлүп берген Алтынбек Сулайманов өндүү патриот-мекенчил ишкерлер чыгып калаар деп үмүт кылып туралы. Ошондо илимпоздорубуз дүйнөлүк тил илими менен карым-катнашта болуп, күнү күрдөөлдү иштешип, түнү уйкуну коюп телмиришип, олуттуу ойго баш мээсин чарчатышып, байыркы эстеликтерди жиликтешип, кыргызга таандык жагын иликтешип, ата мурасы болгон кыргыз элинин энчиси болгон нерселерди башкалардын колкосунан сууруп алышат деп ишенсек болот.

Ушул жерден дагы кызык туудураар эки фактыны эскерте кетүү оң болуп турат. Биринчиси – биздин заманга чейинки 2670-жылдары шумердин Курук шаарынын өкүмдары Билгемеш менен көк түрктүрдүн биздин замандын 716-жылынан 734-жылына чейин каган болгон Билге кагандын аттарынын окшоштуктары. Экинчиси – биздин заманга чейинки 2316-жылдан 2261-жылга чейин Акказ өлкөсүндө падышачылык кылган Саргон менен биздин замандын 739-741 жылдары көк түрк мамлекетинин каганы болгон Билге Кутлук хандын Теңир деген каймана атты алып

жүрүшкөндүгү.

1989-жылы Ч.Айтматодун түздөн-түз кийлигишүүсү менен «Кыргыз ССРнин мамлекеттик тили жөнүндө» закон кабыл алынган. Ал мыйзамга кошумчалар 2004-жылы киргизилген. Керектүү мыйзам. Ал мыйзамдын негизинде кыргыз тилине болгон мамиле түп-тамырына чейин өзгөрүлбөсө да бир топ эле алгылыктуу жылыштар бар. Алсак азыр дээрлик бардык облустарда иш кагаздары мамлекеттик тилде – кыргыз тилинде жүргүзүлөт. Бир гана Чүй облусунда, Бишкек шаарында иш кагаздардын жарымы кыргыз тилинде жүргүзүлөт. Бул өзүнчө эле оору. Министрлик же агенттик кайсы бир иш-чараны өткөрүү үчүн өкмөт менен макулдашуусу талап кылынат. Ошол макулдашууга өтүнүчтүн орусча варианты болбосо ал өтүнүч кабыл алынбайт. Атүгүл ошол иш-чараны өткөрүү үчүн кабыл алынчу өкмөттүк чечим да өтүнгөн тарап орусча варианты менен даярдап берүүгө милдеткер. Ошондой эле өкмөттүк жыйындар, Бишкек шаардык кеңештин жыйындарынын көбү орус тилинде өтүп келет. Өзгөчө КР Президентинин иш бөлмөсүндө орус тилинде сүйлөшүп отургандары өкүндүрбөй койбойт.

Азыр биздин жаштарыбыз Интернет, телевидение аркылуу еропалыктардын баалуулуктарына сугарылып, өзүбүздүн теңдешсиз баалуулуктарыбыз менен дегеле таанышты гы жок десек болот. Азыр жаштарыбыз, окуучуларыбыз эле эмес. Студенттерибиз да Троя Ахиллес, Парис, Одиссей, Авраам менен Сара, Иисус, Чынгызхан, Пушкин тууралуу билишет. өзүбүздүн Манас, Курманбек, Жаңыл мырза, Саякбай, Т.Сыдыкбеков, Ч.Айтматов тууралуу билишпейт.

Бул опурталдуу көрүнүш. Анткени батышчылар да, исламчылар да нукура кыргыз элинин баалуулуктарын чанышат. Эгерде бул жагдай кескин өзгөрүлбөсө, 20-30 жылдан кийин кыргыз дили, аны менен кошо Кыргыз мамлекеттүүлүгү жок болуп кетүү коркунучу бар. Батышчылар Европа өлкөлөрүнө, Америкага күнкор болушса, исламчылар Араб өлкөлөрүнө күнкор болушат. Күнкорлук эгемендүүлүктүн жок болушу. Элди жок кылуу үчүн түп-тамырынан бери кырып-жоюнун кереги жок. Элди тилинен ажыратсаң эле Эл элдигин жоготот. Ошон үчүн Москва Фрунзе шаарына кыргыз тилдүү бала бакчаларды, жаңы кыргыз тилдүү мектептерди курууга уруксаат бербей келген да. 450 миң калкы бар шаарда болгон эки гана кыргыз тилдүү мектеп бар экени баарыбыздын эсибизде.

Дилдин башаты – тил. Идеологиянын башаты – дил. Биз 25 жылдан бери эгемендүү элдин идеологиясын издеп келебиз. Издеп убара болуунун кереги жок. Анткени идеология даяр, аны ата-бабаларыбыз миңдеген жылдар бою жүрөктөрүнөн өткөрүшүп, өнүктүрүп, өөрчүтүп, ташка тамга баскандай даана, так осуят сөздөрдү эне сүтү менен бирге оозандырып, ошол осуят сөздөр, салт-санаа элдин канына сиңип калган.

Библиядагы, Евангелиедеги, Курандагы, атүгүл Коммунисттик манифесттеги баалуулуктардын баары биригип келип, биздин кыргыз тилиндеги баалуулуктарга жете бербейт. Ошолордун баары биздин макал-лакаптарда, осуят сөздөрдө, санаттарда, салт сөздөрдө.

Кыргыз тилин билбеген жаран канчалык «кыргызмын» десе да башка тилде ойлонгондуктан, кыргыздын макал-ылакап, осуяттарын тим эле коелу, салт сөздөрүн билбегендиктен эч качан мекенчил боло албайт. Тил жүрөгүнөн өтпөгөндүктөн дили башка. Дили башка болгон соң кыргыз тили, кыргыз элинин баалуулугу үчүн күйбөйт. Ал эми кыргыз элинин баалуулуктары идеологиянын башаты. Идеологиябыз калыбына келмейинче экономикабыз да, өлкөбүз да өнүкпөйт. Дили буруу, тили буруу өз элин, өз өлкөсүн эмес, өзү жөнүндө гана ойлооору талашсыз аксиома эмеспи. Демек, жарандарыбыздын мекенчил, болуп төрөлүшү үчүн кыргыз тилинен өз өлкөсүндө өз

ордун табышына багыт алып, ал чар тараптан колдоого алынышы зарыл.

20 жыл мурунку «Кыргыз маданияты» гезити менен азыркы эркин газеталардын тилин, маркум Ж.Кайыпов менен азыркы журналисттерди салыштырып көрөлү. Мурункулар таза, мөлтүр булактар сыяктуу болсо, азыркылар чалчык сууга окшош. Демек, тил маданият ылайланып баратат дегендик. Бул маданиятсыздыгыбыздык токтотпосок жакын арада эле бабаларыбыз аздептек келген сөз берметтеринен куралган жорго сөздөн айрылып, чалагай тилдүү элге айланабыз. «Эсиң барда этегиңди жап» дегендей кеч боло электе чара көрбөсөк, түзөө өтө кыйынга түшүп каларын бөркүбүздөй эле көрсөк болот.

Адабияттар

1. Айтматов Ч. “Эне тил тагдыры - тил тагдыры” Б.2004
2. Баласагын Ж. “Кутадгу билиг”
3. Жумагулов Т. “Кыргызстандын келечеги – мамлекеттик тилинде” Б.2008
4. “Тил – улуттук маданият, улуттук байлык, улуттук мурас” Б.2012-ж.
5. Станалиев С. “Эл дөөлөтү – эне тил” Б.2012-ж.
6. “Тилим менин – дилим менин” Б.2013-ж.
14. Электрондук маалымат булактары: http:///; www.

ДИАЛОГДУН КОММУНИКАТИВДИК-СЕМАНТИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Токтосунова Айдың
ОГПИ, окутуучу.

Диалог – эки адамдын ортосундагы пикир алышуу же маалымат алмашуу. Аталган термин грек тилинен алынган. «Диалог (от греческого dialog –беседа, разговор двоих) – разновидность (тип) речи, при которой происходит обмен взаимообусловленными высказываниями – репликами (при зрительном и слуховом восприятии собеседника)» (17). Демек, диалогдун алгачкы мааниси – «сүйлөшүү, аңгемелешүү» дегенди туюндурат. Диалог адабий көркөм чыгармаларда көпчүлүк учурда жазуу түрүндө, ал эми диалог оозеки түрдө бири-бири менен ар кандай мааниде пикир алмашуусу. Диалог – адам баласынын тарыхында байыркы мезгилден бери калыптанып, өнүгүп келе жаткан көрүнүш. Маселен, Орто - Азия жана Чыгыш өлкөлөрүндө диалог өзүнчө жанр катары шумерлердин диспутунда кездешет. Диалогдун сакталып калган көчүрмөлөрү биздин заманга чейин Ригведада жана Махабхаратада «диалог гимни» деп аталып келген. Байыркы философтор өзүлөрүнүн философиялык көз караштарын диалог түрүндөгү трактаттарында чагылдырган. Диалог аркылуу көз караштардын кагылышы, материянын ар түрдүү сапаттары боюнча аргументтер жана контраргументтер туюндурулган. Маселен, байыркы Грециянын улуу философу Платон диалогду системалуу түрдө пайдаланган. Ал диалог жанрынын «чебери» деп эсептелген.

Ал эми байыркы Грециянын дагы бир мыкты философ-окумуштуусу Аристотель бир нече философиялык эмгектерин диалог түрүндө Платондун стилинде жазган. Тилекке каршы, экөөнүн тең жазган эмгектери сакталып калган эмес.

Биздин заманга чейинки 2-кылымда Лукион аттуу адам өзүнүн кудай жөнүндө, өлүм жөнүндө, сүйүү жөнүндө, сойкулар жөнүндө ирониялуу диалог түрүндөгү

эмгектеринде чоң ийгиликтерге жетишкен. Демек, диалог биздин заманга чейинки эле кылымдарда эле байыркы философтордун эмгектеринде чагылдырылган. «В «Риторике» Аристотеля диалог-спор интерпретируется в соотвествии с видами речи: судебной, совеүательной, эпидейктической. Судебная и совеүательная речи предусматривают диалога-спора, что же касается эпидейктической речи, то даля нее диалог-спора является этически неуместным». Цицерон и Квинтилиан рассматривают диалог-спора в границах речи судебной (39).

Негизинен, диалог белгилүү бир коммуникативдик максатты ишке ашырат. Бул жагынан караганда, диалог функционалдык стилдердин бардык түрлөрүнө мүнөздүү. Бирок, ар бир функционалдык стилде диалогдун коммуникативдик максаты, аткарган милдети, колдонулуш өзгөчөлүктөрү, логика-прагматикалык табияты ар башкача болот. Бизди кызыктырган маселеге көркөм стилдеги диалогдордун лингвостилистикалык табияты болгондуктан, аталган багытта иликтөөлөрдү жүргүзүү маанилүү деп эсептейбиз. Көркөм текстте каармандардын маалымат алмашуусу диалог аркылуу берилет. Көркөм чыгармада каармандардын пикир алмашуусу тилдик жана тилдик эмес каражаттардын негизинде автордун чеберчилигине жараша диалог түрүндө туюндурулуп, алардын ар кандай көз карашы, мүнөзү ачылып берилет. Каармандардын ортосундагы аңгемелешүү, талаш-тартыш, чатакташуу, араздашуу, маектешүү, азилдешүү ж.б. диалог аркылуу берилип,көркөм текстте баяндалып жаткан окуя андан ары өнүгөт, чиеленет, чечилет. Ошондуктан азыркы көптөгөн лингвистикалык изилдөөлөрдө диалог көркөм тексттин композициялык-сюжеттик структурасынын негизги компоненти жана көркөм коммуникациянын базалык формасы катары ар тараптан иликтенип жатат. «Проблемы диалога и монолога в отечественном советском языкознании, как известно, активно разрабатывались многими выдаюүимися учеными в 20-30-х годах нашего века (Л.В.Щербой, Л.П.Якубинским, Е.Д.Поливановым, В.В.Винаградовым, Л.С. Выготским, М.М.Бахтиным и др). Именно в это время были заложены основы теории диалога как форма речи, наиболее явно и непосредственно актуализируюүей социальную сүүность языка, его коммуникативную функцию. В 40-50-х годах вновь пробуждается интерес к диалогу, преимүүественно в разговорно-бытовой и художественной (драматургия) сферах обүения (Б.А.Ларин, Н.Ю.Шведова, Е.М.Галкина-Федорук, Т.Г.Винокур, Г.А.Золотова, М.Б.Борисова, М.К. Милых и др). Можно сказать, что новый, обостренный интерес к различным проблемам диалога и монолога наблюдается в 70-80-х годах (Н.Д.Арутюнова, А.Р.Балаян, В.Г.Гак, Е.А.Земская, О.А.Лаптева, О.Б.Сиротинина, Р.Р.Гельгардт, В.В.Одинцов, З.В.Валюсинкая и др)» (2,24).

Диалог - көркөм чыгармадагы каармандын сүйлөө этикетин, маданиятын, билимин, билим деңгээлин, аң-сезимин, жүрүш-турушун, дүйнө көз карашын, маалыматтуулугун, ж.б. касиеттерин ачып берүүчү каражат. Ошондуктан диалог көркөм текстте каармандардын образын ар тараптан ачып берүүчү, тактоочу, окуяга аралаштыруучу, окуяны өнүктүрүүчү динамикалуу коммуникативдик кызмат аткарат. Каармандардын ой-пикирлери диалог аркылуу берилүү менен, көркөм текстте каармандардын психологиялык, моралдык, этикалык өзгөчөлүктөрү кыйыр түрдө ачылып берилет. Аталган маселе боюнча профессор С.Өмүралиева «Тексттин семантикасы жана структурасы» деген аталыштагы докторлук диссертациясында мындай дейт: «Диалог окуяны да, ситуацияны да толук чагылдыра албайт. Ал көркөм чыгарманын жалпы жумурулугунда өзгөчө бөлүнүп турган бирдик эмес, ал тексттин жалпы мазмунунда түз сызык түрүндө өнүгүп келе жаткан тынчтыкты окуяга аралаштыруучу оттенок берет. Диалог же репликалуу кеп кейипкерди окуяга аралаштыруучу, образын тактоочу мүнөзгө ээ болот. Ситуацияны түзүү үчүн кызмат

аткарат да, ал тексттин жалпы тутумуна автордук-кептик формалар аркылуу сиңирилет. Диалог- накта жашоо-турмушту өзүндөй чагылдыруунун ыкмасы, бирок ошентсе да, окуяны берүүнүн негизги каражаты боло албайт, ал бар болгону турмуштук көрүнүштүн цитациясы болуп эсептелет…. Диалогдун колдонулуу ыкмасы ар кыл, бирде пикир алышуу, бирде кайым айтышуу, бирде кайталоо түрүндө колдонулуп, ар кандай семантикалык оттенокту берет. Диалог эмоционалдуулукту туюндуруу менен чыгарманын тулкусунда өзгөчөлөнгөн кепти түзөт» [Тексттин семантикасы жана структурасы. Б.1999. 15-б] . Мында профессор С.Өмүралиева көркөм тексттеги диалогдун негизги өзгөчөлүктөрүн кылдат ачып түшүндүргөн. Чындыгында эле, диалог көркөм тексттин тулкусунда бөлүнүп калган автономдуу бөлүк эмес. Ал көркөм тексттин тулкусунда органикалуу түрдө катышкан, белгилүү бир коммуникативдик, көркөм-эстетикалык максатты көздөгөн көркөм маалыматты туюндуруунун бир ыкмасы. Диалог көбүнчө турмуштук көрүнүштүн цитациясы, реалдуу картинасы катары автор тарабынан аң-сезимдүү түрдө сунушталган, көркөмдүк максатты көздөгөн көркөм ыкма болуп саналат. Экинчиден, көркөм чыгармада кубануу, кайгыруу, ж.б.у.с. турмуштук көрүнүштөрдү реалдуу чагылдыруу максатында диалогдор атайы колдонулат. Ошондуктан көркөм текстте диалог окуяны андан ары улантуучу ситуациялык каражат гана болбостон, диалог каармандардын жан-дүйнөсүн, образын ар тараптан тактоочу, бышыктоочу сапатка да ээ. Ошондуктан айрым бир диалогду ой жаратуучу, ой тутандыруучу касиет-белгилер да болот. Кайсы бир диалогдор көркөм текстте ой-натыйжа чыгаруучу күчкө да эгедер. Айрым диалогдор каармандарды сүрөттөөдө болобу, же көркөм тексттин сюжеттик-композициялык багытын, өзгөртүп-өнүктүрүүдө болобу, идеялыкаккумуляция болуп бере алат. Кээ бир диалогдор көркөм чыгармада подтекстти туюндурган чечүүчү маниге ээ болот. Кандай болгон күндө да диалог көркөм тексттин тулкусунда жумуру бүтүндүктү түзүп турат. Бул жагынан караганда, профессор С.Өмүралиеванын ой-пикирине кошулбай коюга болбойт.

Ал эми Б.Ш.Усубалиев өзүнүн докторлук диссертациясында: «Диалогдуулук – көркөм кептин дагы бир бөтөнчөлүгү. Көркөм чыгарма өзгөчө карым-катнаш, өзгөчө диалог экендиги белгилүү, буга байланыштуу андагы диалог да кадыресе диалогдон сырткы түрү боюнча гана эмес, ички маңызы жагынан да айырмаланат. Сүрөткер чыгарманы жаратуу аркылуу дүйнөнү, ушул эле маалда өзүн да ачат, демек бул – суроого жооп берүү деген сөз. Суроону сүрөткердин өзү коет, бирок ошол эле маалда дал ушул суроо аркылуу жооп берүүгө да тийиш. Ошентип, бүтүндөй бир чыгарма өзгөчө диалогго айланат, анткени ал-суроо жана ошол эле маалда жооп да. Буга байланыштуу жазуучу ар бир сөздү диалог аркылуу, б.а, кимдир бирөө менен талашып-тартышуу аркылуу колдонот, ошондо гана сөздүн жаны ачылат, ал өзүнүн бүткүл төрт дүйнөсүн төгө алат. Мындай талаш-тартыш тилдик бирдиктердин ортосунда да болот: бир сөз чыгармадагы калган сөздөр менен диалогдо болуп, бири экинчисин даярдайт, өз ара нур чачышып, бири-бирин азыктандырат, ушундан улам сөздөр предметтик жана экспрессивдик жаңы кудурет-күчкө ээ болуп чыга келет» -деп көрсөтөт (5). Чындыгында, диалог чыгармада кесинди түрүндө кезигет. Чыгарма баштан аяк диалогдон түзүлбөйт (драмалык чыгармаларды эсепке албаганда), тескерисинче, жалаң гана кургак баяндоодон да турбайт. Автор чыгармасында каармандардын образын ачууда диалог курат, бири-бири менен сүйлөштүрөт, алардын сүйлөшүүсү аркылуу окуя өнүгөт, чиеленет, жыйынтыкталат. Автордун берейин деген оюу каармандардын кеби аркылуу окурманга бериши мүмкүн. Бере турган оюнун тездигин диалог аркылуу берет. Диалогдор таасир этүү динамикасына ээ. Себеби, диалог аркылуу окуялар курчуйт. Каармандардын ортосунда конфликттер, пикир келишпестиктер, атаандашуулар же болбосо, тескерисинче, мамиле түзүү, өнөктөшүү, биригүү ж.б.

процесстер болушу күтүлөт. Диалог формасы чакан текст түрүндө болуп, окурмандарды кызыктырат, кээ бир окурмандарыбыз айрым пейзаждык же турмуштук сүрөттөөлөрдү окубастан диалог кууп окугандыгы буга далил боло алат. Ал эми автор диалогду кандай ыкмада берет ал өзүнүн чеберчилигине, талантына, дараметине жараша болот. Ошол чеберчиликке ылайык чыгарма окурман тарабынан бааланат, тилдик өзгөчөлүгү, баалуулугу эсепке алынат.

Адабияттар:

1. Исаева Ж.К Диалог в произведениях Ч.Айтматова. Автореф. Астана-2007.
2. Кожина М.Н. Диалогичности письменной научной речи. Автореф. Пермь 1986.
3. Муратова К.В.Семантика диалога-спора. Автореф. М.1991.
4. Өмүралиева С. Текстин семантикасы жана структурасы. Б.1999.
5. Усубалиев Б.Ш. Көркөм чыгармага лингвостилистикалык илик. Б.1994.

БАГЫНЫҢКЫ КОШМО СҮЙЛӨМДӨРДҮН ТУЮНТКАН МААНИЛЕРИ ЖАНА АЛАРДЫ БЕРҮҮЧҮ СТИЛДИК КАРАЖАТТАР («МАНАС» ЭПОСУ БОЮНЧА)

Койлубаева Айгүл
ф.и.к., доцент, К.Тыныстанов атындагы ЫМУ

Кептик урууда сүйлөм дайыма ар түрдүү мааниде болот, ансыз номинативдик жана коммуникативдик, атрибутивдик жана предикативдик мүнөзгө ээ боло албайт. Ошондуктан булл айкаштардын конструктивдик ар түрдүүлүгү жана атайын грамматикалык каражаттар менен берилген синтаксистик конструкциялардын ортосундагы маанилик байланыштар структуралык-грамматикалык жана семантикалык катыштын сыпатында берилет. Багыныңкы кошмо сүйлөмдөрдүн компоненттеринин ортосундагы синтаксистик байланыштар семантикалык жана структуралык-грамматикалык жактан дайыма субординативддик болот, анткени бир түгөйү басымдуу (доминаттык) мүнөзгө ээ болсо, экинчиси ага көз каранды абалда болуп, анын ар түрдүү кырда алын билдирип турат.

Багыныңкы байланыштагы кошмо сүйлөмдүн түгөйлөрүнүн байланышынын синтетикалык жана синтетика-аналитикалык жолу түздөн-түз багыныңкы түгөйдүн баяндоочуна байланыштуу, анткени бир эле мезгилде ал баяндоочтун формасы болу менен бирге, ошол эле учурда багыныңкы сүйлөм менен баш сүйлөмдү байланыштыруучу каражат болуп саналат. Мындай багыныңкы байланыштагы кошмо сүйлөмдөр «Манас» эпосунун материалдарында өтө жыш колдонулат. М.:

Көк чебич ылдый турса деп,
Камынтпастан Калчаны
Түп этектен алсам деп,
Башы тийсе колума
Туура кесип салсам деп,
Алмамбеттин артынан
Сүйүнчүлөп барсам деп,
Өлүп турат Сыргагың.

Баш сүйлөмдөгү (өлүп турат Сыргагың) айтылып жаткан ойдун максаты, тагыраак айтканда, Сыргактын кандай максат менен тынчы кетип тургандыгы багыныңкы сүйлөмдөр аркылуу берилип, алар баш сүйлөмдөн мурун (препозиция) жайгашуу менен, багыныңкы сүйлөмдүн–*са* мүчөсү жалганган шарттуу ыңгайдан

уюшулган баяндоочуна биринчи жактын жак мүчөсү*(-м)* жана көмөкчү милдетти аткарган *деп* деген чакчыл этиштин тизмектеле айтылышы аркылуу баш сүйлөм менен байланышып турат. Мындан тышкары багыныңкы сүйлөмдүн буйрук ыңгайдын үчүнчү жагынын–*сын* мүчөсү уланган этиштик баяндоочунан кийин чакчыл–*ып* формасындагы *де (деп)* жардамчы этишинин кошулуп айтылышы аркылуу да максат багыныңкы сүйлөмдөр жасалат. М.:

Береним тийсе колума,
Бейжайым Манас алсын деп,
Беттеше келген душманга.
Бейпайлап мүшкүл салсын деп,
Чаляр тийбес Бээжиндин
Чамасы келип көк жалым.
Кандыгын тартып алсын деп,
Ылайыктап жүргөнмүн.

Мындай каражаттар менен байланышканда, сүйлөмдөгү максаттык маанини ачыгыраак билинип турары байкалат. Бул кошмо сүйлөмдөрдүн тутумундагы максат багыныңкы сүйлөмдөр эмне үчүн? Эмнеликтен? Эмне максат менен? Деген суроолорго жооп берип, баш сүйлөмдөгү иштин, кыймыл-аракеттин аткарылыш максатын көрсөтүп турат.

Сыпат багыныңкы сүйлөмдү түзүүчү жана аны баш сүйлөм менен тутумдаштыруучу өнүмдүү жолу–*ып* мүчөлүү чакчыл этиш болуп саналат. М.:

Сүйүндү Манас дардайып,
Чаначтай мурду барбайып,
Көк арстандай чамынып,
Жаратканга жалынып,
Опол-тоодой канкоруң
Ордунан турду камынып.

Мында сыпат багыныңкы сүйлөмдөр кантип? кандайча? Деген суроолорго жооп берип, баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин аткарылыш мүнөзүн, сыпатын билдирүү менен, Манас баатырдын образына жандуу элес киргизип турат. Ошондой эле сыпат багыныңкы сүйлөмдү грамматикалык ээси (Манас) бирөө гана (орток маанилүү). Ал сыпат багыныңкы сүйлөмдө берилип, анны баш сүйлөмдө кайталап берүүнүн зарылдыгы болбогондуктан, стилдик максатта айтылган жок.

Багыныңкы сүйлөмдөр бир нече сап болуп кабатталып келгенде, сөз болуп жаткан обңектинин сапаты улам терең ачылып, дааналана берери төмөнкү ыр саптарынан ачык байкалат:

Учкан куш менен жарышып,
Билектей болгон ак чылбыр
Колдорунда карышып,
Талыкпаган тулпарлар
Таманы жерде тарсылдап,
Кара болот ооздук
Көмөкөйдө тарсылдап,
Баскан жери быркырап,
Этек жеңдин баарысы
Арт жагында дыркырап,
Күдүр мойнок белди ашып,
Күдүрөйгөн жер басып,
Асылдан кайдан аянды
Ак-Талааны таянды.

Мындай баяндоочу–*ып* формасындагы багыныңкы сүйлөмдөр бир нече кабатталган саптарды түзүп, эпоско жагымдуу ыргак берип гана тим болбостон, мазмунунун динамикалуулугун арттыруу менен, баш сүйлөмдө (Ак-Талааны таянды) берилүүчү ойду күчөтүп, мына ушул касиет аркылуу өтө күчтүү эмоционалдык-экспрессивдүү боектуулукка ээ болуп турат.

Жыйынтыктап айтканда, багыныңкы кошмо сүйлөмдөрдүн түгөйлөрүнүн ортосундагы байланыштын синтетикалык жана синтетика-аналитикалык жолдор менен ишке ашары байкалат. Бул кыргыз тилинин синтетикалык түзүлүшүнүн өзгөчөлүгүн түзөт жана кыргыз тилиндеги этиштин жаксыз формалары – атоочтуктар, чакчылдар, кыймыл атоочтуктар жана шарттуу ыңгайдын–*са* мүчөсү багыныңкы кошмо сүйлөмдүн түгөйлөрүнүн байланышын ишке ашырууда жана түзүүдө активдүү колдонуларын белгилөөгө болот.

Адабияттар:

1. «Манас» энциклопедиясы. - Б.,1995.
2. «Манас» эпосу. С.Каралаевдин варианты боюнча. 1-2-том. - Б.,1995.
3. Мамыров М. «Манас» эпосунун калыптаныш тарыхы. - Б., 2005. Мукасов Ы. Кыргыз элинин философиялык ойломунун тарыхый динамикасы. - Б., 2004.
4. Мусаев Ж. Основные способы компонентов сложноподчиненного предложения в киргизском языка. // Тюркологические исследования. – Ф., 1985.

КОГНИТИВДИК ЛИНГВИСТИКАНЫН КЕЛИП ЧЫГЫШЫ ЖАНА ИЗИЛДЕНИШИ

Касымбаева Кыял, окутуучусу
Ж.Баласагын атындагы КУУ.

Тил илиминдеги анын башка тармактарына салыштырмалуу жаш, талаш-тартышы көп, жаңы багыттардын бири—когнитивдик лингвистика. Заманбап дүйнөлүк тил илиминде когнитивдик лингвистика ар тараптан изилдөөгө алынып, бул багыт боюнча улам жаңы эмгектер, илимий изилдөөлөр, ачылыштар жарыялануда.

Когнитивдик лингвистика илимине чыйыр жол салгандар болуп, В.Гумбольдт, Э.Сепир, Дж.Миллер, Н.Хомскийлер саналат. Бул философ-окумуштуулардын эмгектеринде тил менен ой жүгүртүүгө биринчилерден болуп көңүл бурулган. В.Гумбольдт: «Тил – бул кандайдыр бир ойду жарата турган өзүнчө бир орган. Тил аркылуу ой кабыл алууга жеткиликтүү болот»[3; 75-бет] – десе, Э.Сепир: «Язык есть некая структура, по своей внутренней природе – форма мысли»[7; 18-бет] – деп белгилейт. Ал эми Н.Хомский «Язык и мышление» аттуу эмгегинде ой жүгүртүүнү изилдөөдө тилдин ролу чоң маниге ээ экендигин белгилеп, «Тил – адамдын ой жүгүртүү ишмердүүлүгүнүн күзгүсү» [8; 7-бет], - деп жазат. Дж.Миллер 1960-жылы Гарвард университетинде америкалык профессор Дж.Бруннер менен бирге когнитивдик изилдөөлөр боюнча эң биринчи илимий борборду уюштурган.

Когнитивдик изилдөөлөр тил менен ой жүгүртүүнүн карым-катышына, адамдын тилге тийгизген таасири жана тилдин адамга тийгизген таасири, тактап айтканда, тил менен адамдын байланышы, башкача айтканда, экөөнүн ролуна көңүл бурган. Окумуштуулардын когнитивдик лингвистикага кызыгуусунун башкы себептеринин бири мына ушунда болгон. Анткени адам баласы тил аркылуу оюн билдирет, тил аркылуу алдына койгон максаттарын багындырат, эң негизгиси күнүмдүк тиричиликте пикир алышат. Бул илимге биринчилерден болуп врачтар, нейрофизиологдор, психологдор (И.М.Сеченов, К.Вернике, В.М.Бехтеров, П.Брока, И.П.Павлов ж.б.) кайрылышкан. Нейрофизиологиянын негизинде нейролингвистика келип чыккан(Л.С.Выготский, А.Р.Лурия). Бул илим аркылуу угуу, сүйлөө, окуу, тилди үйрөнүү, кабыл алуу процесстери адамдын мээси аркылуу ишке ашаары такталган.

Тил менен ой жүгүртүүнүн карым-катышын изилдөө андан ары психолингвистика тарабынан уланган. Психолингвистикада кептин жаралышы, кабыл алынышы, тилдик бирдиктердин адамдын аң-сезиминде сакталышы, иштелип чыгышы (россиялык лингвисттер А.А.Леонтьев, И.Н.Горелов, А.А.Залевская, Ю.Н.Караулов ж.б.; америкалык психолингвисттер Дж.Гринберг, Дж.Кэррол, Т.Себеок, Ч.Осгуд ж.б.) изилденген. И.А.Бодуэн де Куртенэ: «Языкознание вообуе относится к психическим наукам, вернее – к психическо-социальным»,-деп белгилеген[2;353-бет].

XX кылымдын аягында когнитивдик лингвистика илим катары калыптана баштаган. Бирок анын предмети жөнүндө, тактап айтканда, тил менен ой жүгүртүүнүн татаал байланышы тууралуу тил боюнча жарык көргөн алгачкы теориялык эмгектерде айтылып сөз боло баштаган.

Окумуштуу В.А.Маслованын пикиринде когнитивдик лингвистика когнитивдик илим, когнитивдик психология жана лингвистикалык семантика сыяктуу булактардын өз ара жуурулушунан жаралган [5; 18-бет].

Когнитивдик илим деген термин 70-жылдардын ортосунан баштап колдонула баштаган. Бул термин менен адамдын маалыматты кабыл алышы, мээсинде маалыматтын топтолушу жана колдонулушу сыяктуу процесстерди изилдей турган тармакты атай башташкан. Ал эми когнитивдик психологияга кайрылсак, лингвистика менен психологиянын байланышы тууралуу XIX кылымда эле младограмматиктер, ошондой эле, А.А.Потебня, Г.Штейнталь, В.Вундт өңдүү окумуштуулар жазып чыгышкан.

Когнитивдик маанини изилдөөнүн натыйжасында Н.Д.Арутюнова, А.Вежбицкая, Ю.С.Степанов, Е.С.Кубрякова сыяктуу окумуштуулар когнитивдик лингвистика илимине салым кошкон окумуштууларга айланышкан.

Жогоруда саналган булактардан тышкары когнитивдик лингвистиканын калыптанышында этнолингвистиканын, салыштырма-тарыхый тил илиминин да өз салымдары бар экенин окумуштуу В.А.Маслова өз эмгегинде белгилеген [5; 21-бет].

Заманбап когнитивдик лингвистика когницияны изилдеген илимдердин катарын толуктайт, башкача айтканда, когнитивдик илимдин бир тармагы. Е.С.Кубрякова когнитивдик илимди «…представляет собой зонтичный термин» деп белгилейт [4;7-бет]. Себеби когнитивдик илим өзүнө когнитивдик психология, когнитивдик лингвистика, когнитивдик социология өңдүү гуманитардык илимдерди камтыйт. Мурда таанып-билүү процесси катары каралса, азыркы учурда «когнитивдик» деген термин «ички», «менталдык» деген түшүнүктү берет.

Лингвистиканын тарыхында когнитивдик лингвистиканын тарыхын болжолдуу түрдө 1989-жылга алып барышат. Анткени ошол жылы Дуйсбургда болгон илимий конференцияда когнитивдик лингвистиканын ассоциациясын түзүү керектиги жөнүндө жарыя айтылат. Ошондон тартып өз алдынча лингвистикалык багыт катары өнүгүп баштайт.

«Когнитивдик грамматика» термини Дж.Лакофф менен Г.Томпсондун 1975-жылы жарыкка чыккан «Представляем когнитивную грамматику» деген макаласында эң биринчи жолу колдонулган. 1987-жылы Р.Лангакердин «Основания когнитивной грамматики» деген эмгеги биринчи жолу жарык көрөт. Бул эмгектер менен катар эле Дж.Лакоффтун «Женщины, огонь и опасные предметы» жана М.Джонсондун «Тело в мышлении» деген эмгектери жарыкка чыгат. Андан кийин XX кылымдын 80-жылдарында Л.Талми, Ч.Филлмор, У.Чейфтин макалалары жарыяланат.

90-жылдардын ортосунда Европада когнитивдик лингвистика боюнча биринчи окуу китептери чыгат: Ф.Унгерер жана Х.Й.Шмидттин «Введение в когнитивную лингвистику»(1996), Б.Хайне «Когнитивные основания грамматики»(1997).

Заманбап когнитивдик лингвистиканын калыптанышына өз салымын кошкон америкалык окумуштуулардын эмгектери орус тилине которулуп, 1998-жылы «Новое в зарубежной лингвистике» деген серия менен жарык көрөт.

Когнитивдик изилдөөлөр Францияда дагы болгондугун Р.А.Плунгян менен Е.В.Рахилинанын макалалары тастыктайт.

Ал эми Россиядагы когнитивдик лингвистиканын калыптанышына Т.Виноградовдун «Программа, понимающая естественный язык»(1972), Р.Шенктин

«Обработка концептуальной информации»(1975) жана «Новое в зарубежной лингвистике» деген эмгектин 7-тому негиз болушкан.

Когнитивдик лингвистика боюнча Россиядагы алгачкы эмгектердин катарын «Структуры представления знания в языке»(1994) жана Н.Н.Болдыревдун «Когнитивная семантика»(2001) аттуу китептери толуктайт. Бул илимди андан ары улантып изилдеген окумуштуулар катары Розина, 1994; Демьянков, 1994; Худяков, 1996; Фрумкина, 1996; Рузин, 1996; Баранов, Добровольский, 1997; Залевская, 1998; Шарандин, 1998; Шаховский, 2000; Красных, 2000; Архипов, 2001 ж.б. саналат. Ал эми когнитивдик лингвистиканын өнүгүшүнө салмактуу салым кошкон илимпоздорго Н.Д.Арутюнованы, Е.С.Кубрякованы, Ю.С.Степановду, И.А.Стернинди кошсок болот. Алар лингвистиканын философия жана психология менен байланышын, ошондой эле, адамдын таанып билүү, кабыл алуу, ички ой жүгүртүүсүн туюндуруу сыяктуу процесстер тил менен тыгыз байланышта экендигин өзүлөрүнүн эмгектеринде чагылдырышкан.

Ю.С.Степановдун 1997-жылы чыккан «Константы: словарь русской культуры» деген эмгеги орус маданиятынын баалуулуктарын эң биринчи системалаштырган илимий иш болуп саналат. Аталган эмгекте «Чындык», «Мыйзам», «Сүйүү», «Жан», «Илим», «От», «Суу», «Нан», «Сан». «Убакыт», «Үй», «Тил» ж.б. концепттер каралган.

Когнитивдик лингвистика боюнча Е.С.Кубрякованын редакциялыгы астында 1996-жылы чыккан «Краткий словарь когнитивных терминов» деген сөздүктүн чыгышы бул илимдин ар тараптан изилдөөгө алынгандыгынан кабар берет.

Когнитивдик лингвистика аңдап билүү, түшүнүү, ой жүгүртүү, кабыл алуу учурундагы менталдык процесстерди изилдей турган илим. Анын башка когнитивдик илимдерден айырмачылыгы – эс тутум, кабыл алуу, аңдап түшүнүү сыяктуу процесстерди тилдин материалдарында карагандыгында.

Когнитивдик лингвистиканын тил илиминин башка тармактарынан өзгөчөлүгү жана негизги багыттары.

Когнитивизм – бул изилдөө объектиси адамдын аң-сезими, ой жүгүртүүсү ж.б.у.с. менталдык процесстер болгон илимдин бир багыты, адамдын таанып-билүү, кабыл алуу, дүйнөнү аңдап туюу ишмердүүлүгүн тил менен бирдикте карай турган тил илиминин бир бутагы.

Бүгүнкү күндө «когнитивизм» деген термин менен төмөнкүлөрдү аташат:

→ адамдын ой жүгүртүүсүн изилдөөгө арналган программаны;

→ адам кабыл алган маалыматтардын иштелип чыгышын.

Когнитивистикада адамдык когницияга көңүл бурулат, адамдын ички ой жүгүртүүсү изилдөөгө алынат. Адамдын жүрүм-туруму жана ишмердүүлүгүнүн негизинде анын когнитивдик дүйнөсү изилденет, тилдин катышуусу аркылуу ачылат. Мына ушул когнитивдик лингвистикада таанып-билүүнүн куралы катары тилге көп көңүл бурулат. Когнитивдик лингвистикадагы негизги терминдерге акыл-эс (разум); билим (знания); концептуализация; концептуалдык система; категоризация; менталдуулук; когниция; когнитивдик база; когнитивдик модель; концепт; концептосфера ж.б.у.с. терминдер кирет. Бул түшүнүктөрдүн бардыгы адамдын когнитивдик ишмердүүлүгү менен байланышта турат. Когнитивдик ишмердүүлүк – бул мээнин кандайдыр бир нерсени аңдап-туюусу, маалыматты иштеп чыгуусу менен коштолгон процесстер.

Жогоруда саналган терминдерге кененирээк токтолсок:

Акыл, эс – бул адамдын таанып билүү жөндөмдүүлүгү, ошондой эле, билимди, акыл ишмердүүлүктү иштеп чыгуучу бир механизм.

Билим – бул тажрыйбанын негизинде корутунду, эң акыркы чечим жана

жыйынтыкты чыгара турган түшүнүк.

Концептуализация – бул адамдын мээсине келген маалыматтын концептке айланышына катышкан, таанып билүү ишмердүүлүгүнүн эң маанилүү процесстеринин бири.

Концептуалдык система – бул адамдын тажрыйбасы чагылдырган бизди курчап турган дүйнө жөнүндөгү ойлордун, билимдердин системасы.

Категоризация – бул чындыктын когнитивдик бөлүнүшү, башкача айтканда, адамдын ички жан дүйнөсүнүн өзгөрүү процессии.

Менталдуулук – бул дүйнөнүн өзгөчө картинасын түзүүгө катышкан ой жүгүртүү процессинин топтому(совокупность).

Когниция – бул когнитивдик илимдеги эң негизги түшүнүк. Ал адамдын билимин, акыл-эсин, ой жүгүртүүсүн, элестөөлөрүн, чыгармачылыгын, логикалык ой корутундусун, кыялдарын жана кабыл алуу, эстөө, көңүл буруу, таануу процесстерин өзүнө камтыйт.

Когнитивдик база – бул адамдын дүйнө таанымын өзүнө камтыган, когнитивдик түзүлүш катары сакталган маалыматтар.

Концептосфера – бул улуттук тилдик өзгөчөлүктөрдү камтыган концепттердин топтому, ой жүгүртүүнүн маалыматтык базасы. Термин илимге академик Д.С.Лихачев тарабынан киргизилген. Окумуштуунун пикири боюнча концептосфера тилдеги сөздөрдүн берген маанисине караганда кеңири болот. Элдин маданияты, фольклору, адабияты, илими, сүрөт искусствосу, тарыхый тажрыйбасы канчалык бай болсо, ал элдин концептосферасы да ошончо бай болоорун белгилейт.

Концепт – бул адамдын акыл-эсиндеги менталдык ресурстардын бирдиктерин түшүндүрүүчү термин, башкача айтканда, адамдын психикасында чагылдырылган дүйнөнүн бүтүндөй картинасын камтыган бирдик. Концепт дайым өзгөрүүгө дуушар болот, себеби дүйнө дайыма өзгөрүп турат.

Жогоруда сөз болгон терминдер когнитивдик лингвистикадагы негизги түшүнүктөрдөн болуп саналат. Бул түшүнүктөргө кайрылуу менен когнитивдик лингвистиканын өзгөчөлүгү – адамдын дүйнө таанымын, көңүл буруусун, кабыл алуусун, таанып билүүсүн, аңдап туюусун, элестөөсүн, ой жүгүртүүсүн, акыл-эсин, билимин тил менен байланыштуу карап изилдегендигинде десек туура болот.

Азыр учурда заманбап когнитивдик лингвистика дүйнөнүн бардык булуң-бурчунда өзүнүн канат-бутагын жайган учуру. АКШ, Канада, Австралия, Германия, Франция ж.б. өлкөлөрдүн чоң-чоң университеттеринде когнитивдик илим боюнча борборлор түзүлгөн, когнитивдик лингвистика боюнча кафедралар ачылган.

Окумуштуулардын диссертациялык изилдөөлөрүндө жана илимий макалаларында когнитивдик лингвистиканын негизги багыттарын классификациялаганга аракет кылышкандыгы байкалат.

Е.Ю.Балашова когнитивдик лингвистиканын илимий багыттарынан лингвокогнитивдик жана лингвомаданияттык эки жолун бөлүп көрсөтөт. Лингвомаданият тармагыгда иштегендерге Ю.С.Степанов, В.И.Карасик, В.В.Красных, В.А.Маслова, Н.Ф.Алефиренко ж.б. кошот. Бул окумуштуулардын пикири боюнча концепт маданияттын негизги бирдиги катары каралат. Ал эми лингвокогнитивдик жол боюнча изилдөө жүргүзгөн окумуштууларга Е.С.Кубрякова, З.Д.Попова, И.А.Стерниндерди киргизет. Алардын пикири боюнча адамдын дүйнө таанымынын негизин концепт түзөт.

Лингвомаданияттык багытка А.В.Костин дагы кайрылган. Ал тилдин кумулятивдик функциясына токтолгон, тактап айтканда, элдин дүйнө таанымы, дүйнөгө болгон көз карашы, каада-салты, маданияты тил аркылуу сакталып, улам

кийинки муунга калтырылат.

Лингвомаданияттык багыт боюнча иштегендердин катарына С.Г.Воркачев, В.В.Воробьев, Г.В.Токарев, Ф.Ф.Фархутдинова, А.Т.Хроленко, В.М.Шаклеин ж.б. кошсок болот.

А.В.Костин заманбап когнитивдик лингвистиканын дагы төмөнкүдөй багыттарын көрсөтөт:

→жекече-кептик (Д.С.Лихачев)

→семантикалык (Н.Ф.Алефиренко, А.Вежбицкая, В.В.Колесов, И.П.Михальчук. В.П.Нерознак)

→маданияттык (Ю.С.Степанов, В.И.Карасик)

→логикалык (Н.Д.Арутюнова, Т.В.Булыгина, А.Д.Шмелев, Г.В.Макович, Р.И.Павиленис, М.Р.Проскуряков).

→когнитивдик (А.П.Бабушкин, Е.С.Кубрякова, З.Д.Попова. И.А.Стернин, Г.В.Токарев, Ж.Ф.Ришар, С.Х.Ляпин, А.В.Кравченко, Г.А.Волохина)

→лингвомаданияттык (С.Г.Воркачев, Н.В.Телия. Ф.Ф.Фархутдинова).

Ал эми И.А.Стернин менен З.Д.Попова когнитивдик лингвистикадагы акыркы изилдөөлөргө таянып, бул илимдин төмөнкүдөй багыттарын бөлүп көрсөтүшөт [28;16 - бет]:

● Маданияттык багыт концепттерди маданияттын элементтери катары изилдейт. Мындай изилдөөлөрдүн лингвистика менен байланышы жок болгон, тактап айтканда, тилди концептти жазуу үчүн гана колдонушкан (Ю.С.Степанов).

● Лингвомаданияттык багыт концептти улуттун баалуулуктарын, өзгөчөлүгүн, маданиятын чагылдырган тилдик бирдик катары изилдейт (В.И.Карасик, С.Г.Воркачев, Г.Г.Слышкин, Г.В.Токарев).

● Логикалык багыт логикалык методдор менен концепттерге анализ жүргүзгөн (Н.Д.Арутюнова, Р.И.Павиленис).

● Семантико-когнитивдик багыт концепттин мазмунун терең ачып берүүчү каражат катары тилдин лексикалык жана грамматикалык семантикасын изилдейт (Е.С.Кубрякова, Н.Н.Болдырев, Е.В.Рахилина, Е.В.Лукашевич, А.П.Бабушкин, З.Д.Попова, И.А.Стернин, Г.В.Быкова).

Жогоруда саналган багыттардын бардыгы заманбап лингвистикада калыптанган, бардыгынын өзүнүн методикалык принциптери бар. Бул багыттарды концепт боюнча айтылган теориялык көз караштар гана бириктире алат.

Жыйынтыктап айтканда, когнитивдик лингвистика тил менен ой жүгүртүүнүн татаал байланыштарын изилдейт.

Когнитивдик лингвистика – аңдап-туюу процессин, ага байланыштуу адамдын мээсинин маалыматты кабылдоо, аны иштеп чыгаруу (лексикалаштыруу), акыл-эсте сактоо маселелерин изилдөөчү илим.

Концепт – элдин ой-пикири, көз карашынын жыйындысынан турган, өз мазмунуна менталдык маалыматты камтыган бирдик.

Адабияттар:

1.Арутюнова Н.Д. «Язык и мир человека» М.:1998 325-бет.

2.Бодуэн де Куртенэ И.А. «Избранные труды по обүему языкознанию» М.:1963 , 353-бет.

3.Гумбольдт фон В. «Избранные труды по языкознанию» М.:1984, 75-бет

4.Кубрякова Е.С. «Краткий словарь когнитивных терминов» М.:1997

5.Маслова В.А. «Когнитивная лингвистика» Минск:2015

6.Попова З.Д.Стернин И.А. «Когнитивная лингвистика» М.: 2007. 16-бет.
7.Сепир Э. «Язык. Введение в изучение речи» М.: 1934, 3-бет.
8.Хомский Н. «Язык и мышление» М.:1972, 7-бет.
9.Юдахин К.К. «Орусча-кыргызча сөздүк» М.:1957 239, 671, 706-беттер.

ТӨЛӨГӨН КАСЫМБЕКОВДУН «СЫНГАН КЫЛЫЧ» ЧЫГАРМАСЫНДАГЫ ҮЙ ЭМЕРЕКТЕРИНИН ЖАНА КИЙИМ-КЕЧЕККЕ ТИЕШЕЛҮҮ СӨЗДӨРДҮН ОРУС ЖАНА АНГЛИС ТИЛИНЕ ТУУРА КОТОРУУ ЖОЛДОРУ

Бактыбекова Айгуль
окутуучу. Талас МУ

Учурунда кыргыз адабиятындагы тарыхый романистиканы жаңы сереге көтөргөн «Сынган кылыч» тарыхый романы (1966) мурдагы Советтер Биримдигинин дээрлик бардык элдеринин тилдерине которулган. 1980-жылы «Прогресс» басмасы бул романды англис тилинде чыгарган.

Котормонун обьектисине айланган көркөм чыгарманын бары эле бир тилден экинчи тилге оной которула бербейт, эгер которулса түп нускасынын өзүнө дал келбей калуусу мүмкүн. Бул ар бир тилдин лексикалык каражаттарынын өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу б.а. көркөм чыгарманы которуу иши өтө татаал процесс. Андыктан биз ушул маселени аныктоо максатында кыргыз элинин көрүнүктүү жазуучусу Төлөгөн Касымбековдун «Сынган Кылыч» тарыхый романындагы материалдык маданиятка байланышкан сөздөрдүн мисалында анын ичинен үй эмеректери менен кийим кечеке тиешелүү сөздөрдүн негизинде алардын орус жана англис тилдерине которуунун кээ бир өзгөчөлүктөрүнө токтолобуз.

Көптөгөн котормочулар кайсы бир чыгарманы которуп жатып автордун ою менен берилген сөздөрдүн түпкү маанисин жоготуп коюшат, тактап айтканда «Сынган кылыч» романын Л.Лебедеванын котормосу боюнча карап, анын котормосундагы сөздөрдүн туура жэ туура эмес которулганын же айрым сөздөрдөгү маанисинин жоголушу жана башка учурларына көңүл бурабыз.

Ар бир элдин өзүнүн жашоо-салтына, табиятна жараша кийимдери бар. Кыргыз элинде байыртадан бери кийилип жүргөн жеңсиз кымкап, ичик, кызыл жоолук, кара жоолук, белдемчи жана башка сөздөр орус тилине жана андан англис тилинде кандай которулгандыгын карап кыргыздын ушул кийимге тиешелүү сөздөр маанисин жоготпостон которулганбы же жокбу анализ жүргүзөлү.

1.Анын үстүнө, эки ийининен **жеңсиз карала кымкап** акбоз аргымактын дүңкүйгөн соорусуна чубалып, карылык мүлжүй баштаган кичинекей абышканы көлбүп басып дагы көрүмсүз кылып салган. **178-29-1**

Thesmall lean old man seemed much less thrown over the shoulders **dark brocade burnoose sleeveless** pleated free falling to the mighty large on gray sledge.

Маленький сухоүавый старик казался еүе меньше в накинутом на плечи **темном “парчовом бурнусе без рукавов”**, свободными складками ниспадавшем на могучий круп на серого аргамака.

Бул жерден англис тили менен кыргыз тилинин кичинекей окшотугун айтып

кетким келет. Кыргыз тилиндеги жеңсиз деген сөздүн орфографиялык түзүлүшү **sleeveless** деген сөзгө окшош, себеби биз билебиз англис, орус тилдеринде предлогдор колдонулат Мисалы, орус тилинде бул сөз" **без рукавов"** – деп айтылат**.**

Англистилинде деле "without sleeves" деп айтса болот, бирок "sleeveless" деп айтса да болот. Бул жерден жеңсиз, sleeveless деген сөздөрдүн орфографиялык түзүлүшүнүн окшоштуктарын көрсөк болот.

2. **Муну ичикке жака кылдырсам болчудай. 190-13-1**
Will be released on his coat collar
Выйдет на шубу воротник

Бул жерде автор которгондо ичик деген сөздүн аглисглисчесин таба алган эмес, ал бул сөздү англисче "coat" (пальто) деп которуп койгон, себеби англис тилинде ичик деген сөз жок. Менин оюмча которгон киши да ичик деген сөзгө шилтеме катары тушундурмө берип койсо болмок. Себеби ичик бул кыргыздын улуттук кийими, атайын териден жасалган кийим.

3. **Тартуу апкелүү, ага ылайык кийит кайруу элетте сыйлашуунун белгиси. 191-8-1**

On such a gift should be a gift to answer, it is sign of respect.

На такой подарок надо ответить подарком, не менее ценным.

Дагы айта кетчү нерсе-кийит деген сөздү да **gift** (белек) деп которгон, себеби белек деген сөз менен кийит деген сөздүн маанилери такыр башка. Кийитти жамандык-жакшылыка барганда кийим түрүндө, мата түрүндө алып барып, ал эми белекти болсо туулган күндө же майрамдарда бири – бирибизге беребиз. Менимче автор бул сөзгө адекваттуу которуну колдонуп, кийит деген сөздү англисче тамга менен жазып сноска аркылуу бул сөзгө түшүндүрмө берип койсо болмок, себеби автор белек деп которуп койду. Башка улуттагы окурмандар кийит деген сөздү белек деп түшүнүп калышат.

4. – **Байбиче, бул сенин балаңбы, - деп акырын сурады. Кемпир энтигип келип, тытылган кара жоолугун мойнуна салып, буркурап Нүзүптүн бутуна жыгылды: 226-33-2**

Baibiche, is this yourson?Breathing hard, she threw a tattered black shawl neck and felt Yusuf's feet.

Байбиче, это твой сын?Тяжело дыша, женуина накинула на шею изорванный черный платок и упала Юсупу в ноги.

Менимче бул жерде котормочу Байбиче – деген сөздү адекваттуу которгон, мындайча айтканда байбиче деген сөздү байбиче деп эле которгон, себеби аял (wife) деп которсо жөн эле аял деген мааниде болуп калмак. Кыргыз элинин таарыхында биринчи аял гана байбиче, ал эми кийинки аялдар байбиче эмес токол деп аталган.

Экинчи "**тытылган кара жоолугун" деген сөз "a tattered black shawl"** – деп которулат. Үчүнчүдөн, Кемпир энтигип келип, тытылган "**кара жоолугун мойнуна"** салып, буркурап Нүзүптүн бутуна жыгылды деген сүйлөмдүн англисчесин карап

көрсөк, “Breathing hard, she threw a tattered black shawl neck and fell Yusuf‘s feet”-дейт бул жерде котормочу буркурап Нүзүптүн бутуна жыгылды деген жерден буркурап деген сөздү калтырып кеткен.

5. **Шашып башын кызыл жоолук менен таңган, кызыл жүздүү, жылдыздуу, шаптай жигит жүгүрүп келди:227-31-2**

Once red-faced, good-looking young man with a red head scarf on his head came running to him.

К нему тотчас подбежал с румяной на үеке, миловидный юноша с красной повязкой на голове.

Бул сүйлөмдө, кыргызча “**башын кызыл жолук менен таңган”** деген жерде “**таңган”** деген этиш колдонулуп жатат, бирок англисче жана орусчасында этиш колдонулган эмес мисалы **with a red head - scarf on his head жана с красной повязкой на голове.** Эгерде толук сүйлөмдү орус тилинен кыргызчага которсок, кызыл жүздүү, жылдыздуу, шаптай жигит башындагы “**кызыл жоолук”** менен жүгүрүп келди: Мүмкүн орус, англис тилдерине ушинтип которулат.

Үй эмеректери

1. Кыпкызыл кан дирилдеп атты, кең жайылып жаткан **ак кийизге,** кардай меңсиз ак кийизге кызыл кан сапырылды, күнгө чагылышып нур болуп чачырады. **228-35-2**32.

Hot blood, a scarlet stream splattered with white felt, flashing in the sun

Алой струей брызнула на белый войлок горячая кровь, сверкнув на солнце.

Бул сүйлөмдө “**ак кийиз”** деген сөз “**white felt”** – деп которулат, ал эми ушул сүйлөмгө көңүл буруп карап көрсөк, Кыпкызыл кан дирилдеп атты, кең жайылып жаткан **ак кийизге,** кардай меңсиз ак кийизге кызыл кан сапырылды, күнгө чагылышып нур болуп чачырады – деп турат, бирок англисчесин карасак Scarlet stream splattered on **white felt** hot blood flashing in the sun -Кыпкызыл кан дирилдеп атты, кең жайылып жаткан **ак кийизге,** күнгө чагылышып нур болуп чачырады. Ортодо кардай меңсиз **ак кийизге** кызыл кан сапырылды деген сүйлөм жок. Ошондой эле кыпкызыл кан деген сөздү “hot blood” ысык кан деп которгон.

2. Генерал кымырабай жерге түкүрүп, **аппак жүзарчу** менен эриндерин сүрткөн болду да, каралжын саргыл мурутун сылап туруп, тиги акбоз аттуу топту бир орудие менен аткылоого буйрук кылды. **181-40** -1

General slowly moved his lips and spat on the ground, wiped his mouth with a **white handkerchief,** and, spreading a familiar gesture mustache, gave orders to hit the hill from the gun, which was Alymkul with his retinue.

Генерал не спеша пожевал губами, сплюнул на землю, вытер рот белоснежным платком и, расправив привычным жестом усы, отдал приказ ударить из орудия по холму, на котором находился Алымкул со свитой.

Ушул сүйлөмдө “**аппак жүзарчы”** деген сөздү карап көрсөк, ал англис тилинде “**a white handkerchief” деп которулат. Бул жерде менде бир суроо пайда болду, эмнеге ушул эле сүйлөмдүн кыргызчасында Алымкул деген сөз жок ал эми англичесинде бар, себеби** акбоз аттуу топтун жетекчиси Алымкул деген адам болгон,

бирок ал ушул кыргызча сүйлөмдө жазылбай калган.

3. --- Келчү эмес элең... – Теңирберди капыстан келген мейманына бутакта илинип турган **карала эчки талпакты салып** кадырлап отургузуп, өзү көк жерге чөк түштү. **188-22-1**

For a long time you were not seen ...Tenirberdi removed from the branch and spread **theblack goat skin,** seated on a bed unexpected visitor, he rose up, his knees on the ground.

Давненько тебя не видно…
Тенирберди снял с ветки и расстелил черную козью шкуру, усадил на подстилку неожиданного гостя, сам же встал коленями на землю.

Карала эчки талпак деген сөз "black goat skin", - деп которулат. Ушул сүйлөмдө менде дагы кичинекей түшүнбөстү пайда болду, себеби автор өзү көк жерге чөк түштү **деп жазган бирок орусчасында "**встал коленями на землю", англисчесинде "he rose up his knees on the ground", мындайча айтканда тизелеп турду дейт ушул жерден да мүмкүн котормочулар башка улуттан болушкандыктан чөк түш деген сөздүн маанисин толук түшүно алышкан жок.

4. – Куру кол келе албай... – деп Сарыбай **саймалуу жан баштыгын** аңтарып ичинен **аң терисин** алып карынын алдына таштады. **189-42-1**.

Indecent to pass with nothing ... - Sarybai pulled out a hunting bag embroidered skin lynx

Неприлично приходить с пустыми руками…- Сарыбай вытаүил из расшитой охотничьей сумки шкуру рыси.
"Саймалуу жан баштык",- деген сөз англис тилине"**embroidered hunting bag",-** деп которулат, андан соң дагы бир нерсени айткым келет, эмнеге ушул эле сүйлөмдүн кыргызчасында **сүлөөсүн** деген сөз жок бирок англичесинде жана орусчасында бар? Эгерде романдын кыргызчасынан ушудан кийинки сүйлөмдү окусак: - **Учурашканым болсун деп, Теңирберди аке, Тебетейлик бир сүлөөсүн ала келдим эле.** Эгерде романдын орусчасынан ушундан кийинки сүйлөмдү окусак: **Вот вам на шапку. Себеби котормочу семантикалык котормону колдонгондуктан, ал бир сүйлөмдү алып, аны которуп кайра кийинки сүйлөмду алып аны которуп отурбастан, тескерисинче, контекске карата которгон.**

Жыйынтыктап айтсак, котормо иши татаал, бир чети кызык, талыкпаган чыгармачылык изденүүнү талап кылган чыгарманын территориясына сүңгүп кирип, теориялык жана практикалык билимди күн санап өркүндөтүүнү талап кылган татаал процесс экендиги байкалат. Демек, котормо ишин изилдөөдө котормонун сөзмө-сөз тактыгын текшерип отурбастан жалпы эле чыгармадагы индивидуалдуу тилди бере билүү, көркөм каражаттардын тең баалуулугу, түп нускасы өз бөтөнчөлүгүнө жараша көркөм интерпретатциялоо сыяктуу алда канча жогоруу турган критерийлер менен иш жүргүзүү натыйжалуу.

Адабияттар:

1. Т.Касымбеков “Сынган кылыч”
2. Т.Касымбеков “Сынган Кылыч” (орусча) Л.Лебедеванын которуусунда. Фрунзе “Мектеп“ 1987
3. TolegenKassymbekov “The Broken Sword”. Moscow1980
4. Pocket Oxford Russian Dictionary. Oxford University Press 2006

“МАНАС” ЭПОСУНДАГЫ ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК АТАЛЫШТАРЫН НОМИНАЦИЯЛООНУН НЕГИЗГИ СЕМАНТИКАЛЫК МОДЕЛИ

Жумалиев Самат
ф.и.к., доцент, Талас МУ

Кыргыз тил илиминде буга чейин Орто Азия жана Түштүк Сибирдеги түрк тилдериндеги турмуш-тиричиликке байланыштуу айрым үй буюм, кийим-кечек, эмгек куралдарынын аталыштары С.Сыдыков тарабынан салыштырма метод менен изилденсе, “Манас” эпосундагы кийим-кечек жана тамак-аш аталыштарын Г.Жумакунова изилдөөгө алган. Мындан сырткары эпосто кездешкен айрым үй буюмдарынын аталыштары А.Карымшакова тарабынан кыскача макала түрүндө каралганы белгилүү. Ошондой болсо да, биз “Манас” эпосундагы турмуш-тиричилик лексикасына кайрадан кайрылып көрүүнү туура көрдүк. Себеби “Манас” эпосунун жалпы лексикалык стратификациясына байланыштуу бул катмарга мүнөздүү болгон сөздөрдүн тарыхый-лексикалык жана семантикалык өзгөчөлүктөрүн, ошондой эле аталган лексикалык катмардын тарыхый жактан өнүгүү процессин аныктап чыгуу зарылчылыгы жаралды.

Белгилүү болгондой, ар бир элдин жашоо-тирчилиги анын басып өткөн тарыхы менен тыгыз байланыштуу. Коомдук аң-сезимдин өзгөрүүсү менен элдин жашоосу да өзгөрөт эмеспи, ошого байланыштуу кыргыз элинин басып өткөн жолунда да бир катар өзгөрүүлөр болуп өткөн. Маселен, бир кезеңдерде кыргыз эли боз үйдө жашап, негизинен аңчылык же мал чарбачылыгы менен жашоо кечирип келсе, өнүгүү тарыхынын кийинки этаптарында топурактан согулган же заңгыраган үйлөрдө жашап, дыйканчылык же багбанчылык, жыгач устачылык же темир устачылык ж.б. сыяктуу ар кыл кесиптерди да аркалай башташты. Ошого жараша күнүмдүк турмуш-тиричилигинде колдонулган буюм-тайымдары менен жашоо мүнөзү да олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болду. Бирок ага карабастан азыркы турмуш-тиричиликте колдонулган негизги буюм-тайым, жабдык-шаймандардын аталыштары тээ байыркы мезгилдерден бери эле тилде колдонулуп, ошол мурунку калыбынан көп бузулбай туруктуу сакталып келе жатат. Мисалы: *балта, бычак, казан, кесе, табак, капкак, сандык, аркан, жүк, элек, челек* ж.б. “Манас” эпосунда кезиккен мына ушундай турмуш-тиричиликке байланыштуу лексикалык катмарга сөздөрдүн өзүнчө жоон тобун кошууга болот. Башкача айтканда, күнүмдүк тиричиликте колдонулуучу буюм-тайымдар, шаймандар, идиш-аяктар, үй эмеректери, кийим-кечек, турак-жайга же кооздук үчүн колдонулган буюм-тайымдардын саны ого эле арбын. Маселен, күнүмдүк тиричиликте колдонулуучу буюм-шаймандарга: *балта, бычак, шам, банар, чырак, аркан, кайчы, ийне, оймок, элек, кисе, байнек,* ж.б.; идиш-аяктарга: *казан, чыны, кесе, табак, капкак, көнөк, булкак, идиш, чака, челек* ж.б.; турак-жайга же кооздук

жасалгаларга: *мамык, сандык, бокчо, үкөк, төшөк, баяндос, жекендос, жүк, көрпө, жууркан, килем, кийиз, чачпак, маржан, инжи, зумурут, зар, чатыр, жолум үй, шаңшуур* ж.б.; кийим-кечекке *тон, чапан, калпак, белдемчи, олпок, жеке, дастар, кымкап, күрөөкө, бапик, барча, бото кур, тебетей, бөрк, шым, кандагай, бадана, чүчтө, торко, торгун, соолан, буулум, дейилде, абайы, шайинги* ж.б.у.с. Ошол эле учурда "Манас" эпосунда турмуш-тиричилик лексикасынын катмарына кирген, бирок көпчүлүккө мааниси анчейин белгисиз сөздөр да бир топ учурайт. Алсак: *баяндос, жекендос, дейилде, соолан, кисе, байнек, көрпө, чайдоос, абдыра, даңкан, бапик, дастар* ж.б. Мындай сөздөрдүн семантикасы менен этимологиясы ушу тапта атайын илимий негиздеги түшүндүрмөсүн талап кылып турары да шексиз. Арийне, макаланын көлөмдүк чегине байланыштуу андай сөздөрдүн баарына толук анализ жүргүзүп чыгууга мүмкүн эмес. Андыктан бул макалабызда эпостогу турмуш-тиричилик лексикасындагы айрым типтүү аталыштардын этимологиялык номинациясына жана анын негизги семантикалык моделине гана мисал иретинде кыскача анализ жүргүзүп көрөбүз.

Балта – "жыгачты кесүү, жаруу, казык кагуу, ж.б. иштер, сомдоо үчүн колдонулуучу жазы жагы миздүү, экинчи жагы уңгулуу темир курал[23]. Байыркы түрк тилдеринде *балду* "топор", *балту* "секира"[24] жана М.Кашгариде *балду* "топор"[25]. Демек, байыркы түрк тилдеринде *балду* // *балту* сөздөрүндөгү жумшак *д* тыбышы чарба куралынын, каткалаң *т* тыбышы согуш куралынын фонемалык көрсөткүчү болсо керек. Азыркы түрк тилдеринде да ушундай эле формаларда кездешет: алтай тилинде *малта*, хакас тилинде *палты*, тува тилинде *балды*, казак тилинде *балта,* уйгур тилинде *палта* // *балта*, өзбек тилинде *болта*, түркмөн тилинде *палта*[26] ж.б. Аталган сөз монгол жана айрым тунгус-манжур тилдеринде да орун алат: бурят тилинде *балта* "молот, кувалда"[27], монгол тилинде *балт* "топор", "молот"[28], эвенки тилинде *балта* "молот", байыркы жазма монгол тилинде *балта* "молот"[29] ж.б.

Сөздүн этимологиясы боюнча тил илиминде бирдиктүү пикир орун албайт. Айталы, С.Сыдыков[30] байыркы түрк тилдеринде "ай балта (секира)" мааниси гана жолугарын жана анын "балта (топор)" деген чарбалык мааниси согуш, жабдык, курал маанилеринин негизинде өнүгүшү мүмкүн деп эсептейт. Г.Рамстедт болсо байыркы шумер тилиндеги *балаг* "топор", санскрит тилиндеги *парсух* "топор", грек тилиндеги *перехус* "топор"[31] формаларына жакындаштырып, сөздүн тегин ошол тилдерден тараганын белгилейт.

Бул жерде турмуш-тиричилик лексикасындагы аталыштардын тегин аныктоодо алардын семантикалык-функционалдык өзгөчөлүктөрүнө көңүл буруп көрүү зарыл. Маселен, алгачкы адамдар бир жак учу курч таштардан балта же бычак сымал куралдарды пайдаланышкандыгы белгилүү. Акырындап андай таштардан балта сымал жыгач таякка байланган эмгек куралын жасоону өздөштүрүшүп, турмуш-тиричиликте кеңири колдоно башташкан. Натыйжада *балта* адам турмушунда зор роль ойноочу куралга айланып, аны менен жыгачты же отунду кескен, азык катары колдонулуучу

[23] Кыргыз тилинин сөздүгү, 1-бөлүк, 211-бет.
[24] Дервнетюркский словарь, 80, 81-беттер.
[25] Индекс-словарь, 54-бет.
[26] Сыдыков С. Орто Азия, Түштүк Сибирь түрк тилдеринин лексикасындагы ареалдык окшоштуктар жана айырмачылыктар. –Ф., 1984, 15-16-беттер.
[27] Бурятско-русский словарь, 84-бет.
[28] Русско-монгольский словарь, 723, 277-беттер.
[29] ССТМЯ, 71-бет.
[30] Сыдыков С. Аталган эмгеги, 16-17-беттер.
[31] Севортян Э. ЭСТЯ, 1978, 58-бет.

ири жаныбарлардын сөөк эттерин бөлүүдө жана аңчылыкта да кеңири пайдаланылган. Кийинчерээк балтанын согуш куралы катары, устачылык куралы катары функциясы кеңейген.

Демек, *балта* аталышынын этимологиялык номинацияланышына анын жасалуу мотивациясы негиз болгону байкалып турат. Так айтканда, бир жак учу курч, миздүү таштын жыгач таякка бекем байланышы анын аталышынын келип чыгуусуна себеп болгондой. Муну байыркы түрк тилдериндеги *ба* "привязывать, связывать, обвязывать"[32] сөзүнүн орун алышы дагы далилдеп тургансыйт. Ошондо *балта* аталышын морфемаларга ажырата турган болсок *ба+(а)л+ту//а(ш)* болуп үч бөлүккө ажырайт: байыркы түрк тилдеринде *ба* "привязывать, обвязывать", *(а)л* "отбирать" жана *ты* "прочно, крепко"[33] деген маанилерди туюнткан. Этимологиялык номинативдүү семантикасы "прочно обвязанный, привязанный" деген синкреттик маанилердин биримдигине негизделгени байкалат. Бирок азыркы алтай тилиндеги *палта* формасы "растоптать ногами" маанисин берет, эгерде ушул жагы эске алынса анда байыркы мезгилдерде *бал* уңгусу "давить, ломить" деген маанини билгизген деп болжолдоого болот, бирок байыркы түрк тилдеринин сөздүгүндө мындай маанидеги этиш сөз кезикпейт.

"Манас" эпосундагы *балта* сөзү негизинен согуш куралы айбалта катары кезигет, бирок чарба куралы иретинде кездешкен учурлары да орун алат:

1. Башка *балта* салышып,
   Бака-шака чабышып,
   Эки журттун эки эри
   Бар келишип калышып,
   Ай балта менен бир-бирин
   Элүү-кырктай чабышып. (СО, 1980, 2-том, 131-бет).
2. Чапкан *балта* өтөбү
   Чакырлоонун ташына,
   Нелер келип, не кетпейт
   Эр жигиттин башына! (СО, 1981, 3-том, 116-бет).
3. Бариги алтын чынармын,
   Балтаң өтсө кесип жык. (СО, 1982, 4-том, 35-бет).
4. Булчуңу буура санындай,
   Муруту *балта* сабындай, (СО, 1981, 3-том, 188-бет).
5. Баргандардын баштары *Балта* тийди быркырап, (СК, 322-бет).

Бул көрсөтүлгөн эпостун саптарындагы *балта* аталышы 1,2 жана 5-мисалдарда согуш куралынын бири катары колдонулуучу айбалтаны туюндурса, 3-мисалда чарбачылыкта колдонулуучу эмгек куралынын аталышы иретинде айтылды. Ал эми 4-мисалда эпостогу каармандын мурутунун кылдарынын жоондугу элестүү түрдө балтанын сабы менен көркөм салыштыруу үчүн пайдаланылды.

"Манас" эпосундагы *балта* аталышы С.Орозбаковдо 9 жолу, С.Каралаевде 65 жолу кездешет.

Казан - "металлдан (көбүнчө чоюндан) тамак бышырууга ылайыкталып жасалган, көлөмү ар кандай, ооз жагы тегерек келген идиш"[34]. Аталган сөз байыркы түрк тилдеринде толук формасында учурабайт, бирок анын башындагы *ка-* бөлүгү

[32] Древнетюркский словарь, 76-бет.
[33] Древнетюркский словарь, 32, 539, 565-беттер.
[34] Кыргыз тилинин сөздүгү, 1-бөлүк, 714-бет.

“сосуд, посуда”, *кабан* “блюдо, поднос, тарелка”[35] деген маанини билгизген жана Махмуд Кашгариде да *казыз* “деревянная посуда”[36] маанисин туюнткан сөз бар. Азыркы түрк тилдеринде да ушул сөз орун алат: алтай тилинде *казан*, хакас тилинде *хазан*, тува тилинде *кочал*, уйгур тилинде *казан*, өзбек тилинде *козон*, түркмөн тилинде *газан*[37], түрк тилинде *казан* “котөл” ж.б. Сөздүн фонетикалык ушул түрүндөгүсү монгол жана тунгус-манжур тилдеринде учурабайт, бирок ага жакындашкан формалары бар: монгол тилинде *хувин* “посуда”, *шаазан* “чаша, чашка”[38] ж.б. Бул тилдерде сөздүн акыркы *–ан* бөлүгү “посуда” деген семантиканы туюнтса, ал эми түрк тилдеринде болсо аталган сөздүн *ка-* деген биринчи бөлүгү “сосуд, посуда” маанисин туюнтат. Аны *ка+зан, ка+бан, ка+зыз, ка+пак, ка+скан, ка+шык* сыяктуу сөздөрдүн номинативдүү семантикасы аркылуу байкоого болот. Ошондо *ка-* “посуда” жана анын экинчи *–зан* бөлүгү кытай тилиндеги *чан (чжань)* “чашка для вина или масла, мера емкости”[39] маанилерин туюнтат. Түрк тилдеринде *ка+чан* > *ка+зан* болуп сөз ортосундагы *ч* > *з* га өткөн.

Сөздүн этимологиясын К.Сейдакматов[40] *карын* сөзүнүн курамындагы *р* ~ *з* жана *ы* ~ *а* тыбыштарынын алмашуусунан *казан* келип чыккан деп болжолдоп, *казан* менен *карын* сөздөрүн тектештирген. Бирок малдын карынын идиш катары колдонууга эч мүмкүн эмес, демек *казан* аталышы анын идиш катары функцияланышына байланыштуу эле пайда болгон десек жаңылышпайбыз.

“Манас” эпосунда *казан* көбүнесе эт бышырууга ылайыкталган жез идишти билгизет, контекстке келгенде өтмө маанилерде да колдонула берет:

1. Оозу капкак жез *казан*
   Эки жүрөк салганы, (СО, 1-том, 1978, 53-бет).
2. Калмакка *казан* астырды,
   Жер очоктун баарысын
   Жергенттикке каздырды (СО, 1-том, 1978, 78-бет).
3. Кабар айткын баарына,
   Карабасын малына,
   Кара жанын каркыттап,
   Казан асып, от жаксын
   Минген аттын жалына. (СО, 2-том, 1980, 72-бет).
4. Билектерин караса
   Бир *казан* батчу челектей, (СО, 2-том, 1980, 185-бет).
5. Илегилек, көк кытан,
   Ийри тумшук, бир *казан*, (СО, 1980, 2-том, 293-бет).
6. Туурук таман, тулга бет,
   Карасы *казан* көөсүндөй (СО, 2-том, 1980, 434-бет).
7. Дөңгөнүн жайын сураба Мунун жан *казандай* башы бар, (СК, 15-бет).
8. Кара байыр, *казан ат*Калбыр өпкө, жез билек Ат тулпарын минишип, (СК, 21-бет).
9. Белестен чыкты беш киши Ак селдеси *казандай,* Айкырса үнү азандай, (СК, 235-бет).

---

[35] Древнетюркский словарь, 399-бет.
[36] Индекс-словарь, 363-бет.
[37] Сыдыков С. Аталган эмгеги, 35-36-беттер.

[38] Русско-монгольский словарь, 503, 688, 797-беттер.
[39] Древнетюркский словарь, 138-бет.
[40] Сейдакматов К. КТКЭС, 125-бет.

Жогоруда мисалдардын биринчи жана экинчисинде *казан* тамак бышыруучу идиш катары, 3-мисалда “ат жалына казан асуу” деген фразеологизмдин составында келди. 4-мисалда болсо эпостогу каармандын билегинин жоондугу казандын чоңдугуна салыштырылса, 5-мисалда куш түрүнүн аталышы катары жана 6-мисалда эпостогу каармандын өңүн казан көөсүнүн каралыгына салыштыруу максатында айтылды. 7,9-мисалдарда да адам башынын же баш кийиминин көлөмү казан сыяктуу калдайган чоң экендигин туюнтуу максатында салыштыруу үчүн колдонулду. Ал эми 8-мисалда чыдамкай, күлүк тулпарды туюнтуу үчүн *казанат* деген аналитикалык сөз формасында келди.

Казан сөзү С.Каралаевдин вариантында 128 жолу, С.Орозбаковдун вариантында 40 жолу кездешет.

Кыскартып айтканда, эпостогу турмуш-тиричилик лексикасына кирген сөздөрдүн жасалышынын негизги семантикалык модели катары кыймыл-аракеттик маниге негизделген семантикалык ыкма кеңири колдонулат жана алардын номинациялоодо бөтөнчө функционалдык ролу эске алынат. Алсак: *ой+мо+к, күрө+к, эл(г)е+к, кайра+к, ийи+к, кый+чы, быч+ак, ор+ок, үк+өк, төшө+к* ж.б. сөздөрдүн уңгулары өз алдынча турганда буйрук этиштик маанини туюнтуп турат жана андай уңгуларга этиштен атоочторду жасоочу *-ык//ак, -чы* сыяктуу мүчөлөр улаштырылган. Ошондуктан мындай аталыштардын басымдуу бөлүгүнүн этимологиялык номинациясы алардын турмуш-тиричиликте аткарган функцияларына жараша келип чыккан. Ал эми айрым *балта* же *көнөк* өндүү аталыштар буюмдун жасалуучу затына же жасалуу процессине байланыштуу пайда болсо, *сандык* же *килем, баяндос* же *жекендос* сыяктуу аталыштары иран-араб тилдеринен өздөштүрүлгөн аталыштар болуп саналат.

Адабияттар:

1. Кыргыз тилинин сөздүгү. 1-бөлүк. –Б., 2011.
2. Дервнетюркский словарь. –Л., 1969.
3. Кашгари М. Девону луготит түрк. Индекс-словарь. –Т., 1967.
4. Сыдыков С. Орто Азия, Түштүк Сибирь түрк тилдеринин лексикасындагы ареалдык окшоштуктар жана айырмачылыктар. –Ф., 1984.
5. Черемисов К.М. Бурятско-русский словарь. –Москва, 1973.
6. Дамдинсурэн Ц., Лувсандэндэв А. Русско-монгольский словарь. –Улан-Батор: Госиздат, 1982.
7. Цинциус В.И. Сравнительный словарь тунгусо-маньчжурских языков. Т.1. -Л., 1975.
8. Севортян Э. Этимологический словарь тунгусо-маньчжурских языков. Т.1.-Л., 1978.
9. Сейдакматов К. Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү. –Ф., 1988.
10. С.Орозбаковдун варианты боюнча. “Манас”. 1,2,3,4-томдор. –Фрунзе: Кыргызстан, 1978-1982.
11. Манас: Баатырдык эпос. С.Каралаевдин варианты боюнча. –Бишкек: Турар, 2010.

АДАБИЙ ТИЛИБИЗДЕ ТЫБЫШТАРДЫН АЙТЫЛЫШ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ ЖАНА ДИФТОНГУЛАР МЕНЕН СОЗУЛМА ҮНДҮҮЛӨРДҮН АЙТЫЛЫШЫНДА АЙЫРМАСЫ

Аскарова Айжан
Ж.Баласагын ат.КУУ
Кыргыз тили илими кафедрасынын магистранты

Академик Б.М.Юнусалиев 60 жыл мурда 1950-жылдарда Агартуу министри болуп турганда Кыргызстандын мектептеринде сабак берүүнүн жалпы денгээлине, кыргыз адабий тилинин колдонулушуна айрыкча көңүл буруу зарыл экенин эскерте кыргыз улутуна кайрылып: **«Кыргыз коомунун ар бир мүчөсү өткөндөгү калдык диалектилик же говордук тилде сүйлөбөй, советтик доордо түзүлгөн адабий тилде сүйлөшү керек. Кыргыз интеллигенциясы алагн билимдерин, өнөрлөрүн, адистигин калын элге адабий тил аркылуу бермекчи. Ошол тил аркылуу маданияттуу куруучулар тарбияланмакчы»** (Б.М.Юнусалиев. Кыргыз адабий тилинин маанилүү маселелери. Тандалган эмгектер, Фрунзе, 1985, 327-329-бети).

Андан ары адабий тилде сүйлөбөй, диалектилик тилде сүйлөө жөнүндөтөмөнкүдөй баа берет: **«Азыркы шартта адабий тилди колдонбой, өзүнүн диалектисинде сүйлөө-артта калгандыктын белгиси. Ошондуктан биздин коомчулугубуз адабий тилде сүйлөөнү талап кылышы керек. Бул жагынан артта калган адамдар басма сөздө, сахналарда, радио-теле берүүлөрдө сынга алынып турушу зарыл»** (Б.М.Юнусалиев. Адабий тилибиздин диалектилик базасы жөнүндө. Тандалган эмгектер, Фрунзе,1985, 352-бет).

1940-жылы кыргыз алфавити орус алфавитинин негизинде түзүлгөндө адабий тилибизге 36 тамга, 39 тыбыш кабыл алынган. Тыбыштардын он алтысы үндүү, жыйырма беши үнсүз. Алардын бөлүнүшүн так билүүгө, туура сүйлөөгө ар бир кыргыз атуулу милдеттүү. Келечекте адис филолог болуучу ар бир окуучу жана студент адабий тилибиздеги ар бир тыбыштын тыбыштык органдар (тилдин, эриндин, жаактын) катышын жана алардын жардамы менен жасалыш ордун так аныктап билип, өздөштүрүү максатында көнүгүүлөрдү иштөө, машыгуу адис филолог (тил жана адабият мугалим) ар бир тыбышты туура, так айтууга, катасыз, сабаттуу жазуугакам көрүү - коом алдында-жоопкерчилиги, ар-намысы, абийири. (А.Биялиев. Кыргыз адабий тилинин лексика жана лексикология бөлүмүнө арналып окулган лекциялардын конспектилери, Бишкек, 2014, 102-104-беттер.)

Кыргыз адабий тилинде 36 тамга, 39 тыбыш бар. Анын он төрт тыбышы үндүү. «Адабий тилибизде 25 тыбыш **б, в, г, *г*, д, ж, дж, з, й, к, к, л, м, н, н, п, р, с, т, ф, х, ц, ч, ш, ү**22 тамга менен белгиленип жүрөт» - деген Б.М.Юнусалиев (Кыргыз диалектологиясы, Фрунзе, 1971, 119-бети).

Орус тилинен жана ал аркылуу оошкон интернационалдык сөздөрдү катасыз, сабаттуу жазуу жана так, таза (акценти жок) сүйлөө үчүн беш тыбыш, беш тамга **в, дж, ф, ц, ү** 1940-жылы кабыл алынган эле.

Адабий тилибиздеги үндүү жана үнсүз тыбыштар, алардын бөлүнүшү жөнүндө ар биринин аныктамасын билүү зарыл.

«Сөздөрдү айтканда, кулакка угулган айрым-айрым үнтыбыш» - деп аталат. «Тыбыштарды белгилөө үчүн алынган шарттуу белги тамга» - деп аталат.(Акматов Т.К.,Өмүралиева С. Кыргыз тили. Фонетика,Лексика. Фрунзе, 1990, 32-бетин караныз).

Үндүү тыбыштар- өпкөдөн чыгып келаткан абанын агымы ооз көндөйүнүн түбүндө эч бир тоскоолдукка учурабай жалан үн катышынан пайда болгон тыбыштар. Сегизи кыска үндүү: **а, э, о, ө, у, ү, и, ы** жана алтоо созулма: **аа, ээ, оо, өө, уу, үү** бар.

Жоон үндүү -өпкөдөн чыгып келаткан абанын агымы тилдин түп жагында тоскоолдукка учурап, үн кысылып бийик чыккан үчүн жоон үндүү деп аталып калган: **а, о, у, ы** тыбыштарынын жогорудай абалда айтылышын сынап, байкап айтып көрүп машыккыла.

Ичке үндүү-өпкөдөн чыгып келаткан абанын агымы: бул тыбыштарды айтканда тил алга жүткүнүп кеткенде, үн кысылбай бас чыккан үчүн ичке үндүү деп аталган: **э, ө, ү, и.** буларды да айтылыш өзгөчөлүгүн сынап көрүп эсинерге бекем сактагыла.

Үнсүз тыбыштар-өпкөдөн чыгып келаткан абанын агымы тыбыш жасоочу мүчөлөрдүн биринде тоскоолдукка учурап тыбыш менен үн аралаш катышынан жасалган тыбыштар. Адабий тилибизде 25 үнсүз тыбыш бар. ***П***тыбышын айтканда кош эрин тийишкенде абанын агымы тоскоолдуккаучурап шыбыш жана үн чыгат. ***М***тыбышын айтканда абанын агымы мурун көндөйүндө тоскоолдукка кабылганда үн аралашкан тыбыш чыгат.

Үндүү тыбышты айтканда жалан үн катышат. Үнсүз тыбышты айтканда үн жана үн аралашкан шыбыш экөө тен катышканын эсте бекем сактайлы.

Үнсүз тыбыштардын бөлүнүшү:

Сонор же уян үнсүз тыбыштар-6: **й, л, м, н, н, р.** Уян үнсүздөрдү айтканда үн жана үн аралашкан шыбыш экөө тен катыша берет.

Ошон үчүн уян үнсүз катышкан сөздөрдөн кийин жумшак, каткалан үнсүз экөө тен колдонулат.

Мисалы: й дан кийин: жайга-жайка, байга-байка, айгыр-айкыр.

л дан кийин: алды-алты, калган-калкан, калдыр-калтыр.

м дан кийин: тамдык-тамтык.

н дан кийин: жандык-жактык, тандык-тантык, киндик-кынтык.

н дан кийин: анга-анка, мөнгү-мөнкү, сонгу-сонку.

р дан кийин: жарды-жарты, арга-арка, сырга-сырка ж.б.

Үн менен тыбыштын катышына карата үнсүздөр экиге бөлүнөт. Жумшак үнсүздөрдө үн көбүрөөк, шыбыш азыраак катышат. Төл сөздөрдө жумшак үнсүздөрдөн кийин жумшак үнсүздөр келе берет. Мисалы: **сөз+дөр, сөз+гө, кыз+га, кыз+дар.**

Ал эми каткалан үнсүздөрдө үнгө караганда шыбыш көбүрөөк, басымдуу катышат. Төл сөздөрдө каткалан үнсүздөрдөн кийин каткалан үнсүздөр келе берет. Мисалы:**шкаф+тар, кап+тар, карак+чы, керек+сиз, ат+тар, ат+туу, чач+туу, кас+тык, чач+сыз.**

Жумшак үнсүздөр-8: **б, в, г,*г*,д, з, ж, дж**

Каткалан үнсүздөр-11: **п, ф, к, к, т, с, ч,ш,х, ц, ү**

Жумшак жана каткалан үнсүздөр түгөйлүү болгон үчүн 8 жумшак үнсүздүн алдында 8 каткалан үнсүз берилгенин эске сактагыла. Үчөөнүн **х, ц, ү** нын түгөйү жок.

Төл сөздөрдө жумшак үнсүздөн кийин жумшак үнсүздөр, каткалан үнсүздөн кийин каткалан үнсүздөрдүн келе беришинде сингармонизм мыйзамынын үстөмдүк кылган шартында пайда болгон.

Төл сөздөрүбүздүн башкы жана кийинки муундарында жана ага уланган ар түрдүү мүчөлөрүндө үндүүлөрдүн бир өнчөй жоон же ичке, эринчил же эринсиз жана үнсүз тыбыштардын бир кылка жумшак же каткалан түрүндө ынгайлашып ырааттуу келе беришин сингармонизм (үндөштүк) мыйзамы дейбиз. (А.Биялиев.Кыргыз адабий тилинин лексика жана лексикология бөлөмүнө арналган лекциялардын конспектилери, Бишкек, 2014, 103-бети).

Фонема (гректин «фонема» -тыбыш) сөздүн маониси менен формасын айырмалоочу, эн кичине, андан ары бөлүнбөй турган тилдин бирдиги. Ар бир фонема сөздөгү ордуна, жанаша келген тыбыштардын таасирине ж.б.у.с. өзгөрүп, түрдүүчө

айтыла берет. Фонема сөздүн маанисине байланышта каралып Л.В.Ѵерба өнүктүрүп негиздеген эле.

«Созулма үндүүлөр кыска үндүүгө караганда 1,9-2,2 эсе артык үн узундугу менен айтылат» (Акматов Т.К., Мукамбаев Ж. Азыркы кыргыз тили. Фонетика, Лексика, Фрунзе, 1978, 30-бет).

Мисалы кыска үндүүлөр **а, э, о, ө, у, ү.** Алардын созулуп айтылышынан кийин пайда болгон: **аа, ээ, оо, өө, уу, үү** тыбыштарынын аллафондору бар.

Фонемалар сөздөрдө колдонулган ордуна жараша башка бир тыбыштардын таасири менен өзгөчөлөнүп айтылыш варианттары аллафон деп аталат. (Дыйканов К. Кыргыз тилинин көрсөтмө куралдары. Алматы, 1990,№ 100 таблицаны карагыз).

Дифтонгулардын созулма үндүүлөргө айланышы жөнүндө.

Академик В.В.Радлов созулма үндүүлөрдүн өнүгүшүн тыбыштык тизмектердин өзгөрүшүнөн пайда болгон деген алгачкы оюн айткан. В.В.Радловдун оюн өнүктүрүп, академик Б.М.Юнусалиев эки тыбыштык тизмекке ажыраткан.Биринчиси – үч тыбыштык тизмек (V+C+V) тибиндеги, экинчиси -V+C. Латын сөздөрүнүн башкы тамгаларынан алынган V-вокализм, C-консонантизм. Аталган тизмектерде V-үндүү тыбышты, C-үнсүз тыбышты билгизет.Ѵч тыбштык тизмектерге караганда эки тыбыштык тизмектердин созулмага айланышы тарыхый жактан алганда алда канча кийин өнүккөнүн Б.М.Юнусалиев аныктаган.Эки тыбыштык тизмектерден турган унгу сөздөрдө жана ага уланган мүчөлөрдө түндүк диалектисинин он канаттагы кыргыз урууларынын тилдеринде созулмага айланган түрүндө учурайт. Ал эми сол канаттагы кыргыз урууларында (Таласта, Ичкиликтерде) унгу сөздөрдө да дифтонгу түрүндө айтылып келатканын кыргыз диалектилерин изилдеген диалектологдор аныкташканын эске алалы.

Эки тыбыштык тизмектен куралган сөздөрдү ажыратканда анын алдындагы эринчил о, ө, у, ү тыбыштары жана андан кийинки эринчил дифтонгу W тыбышы үндүү да, үнсүз да эмес, ал экөөнүн ортосунда, арабөк абалда айтылышы аныкталат. Диалектологиялык адабияттарда дифтонгу **давлю** тамгасы менен белгилениши кабыл алынган. Кээде **в** тамгасы менен белгиленет.

Мисалы: то**w**, су**w**, күйө**w** деген сөздөрдө жана унгу сөзгө уланган мүчөлөрүдө да: то**w**лу**w** (тоолуу), су**w**лу**w** (суулуу), кү**w**лү**w** (кү**w**лү**w** чал), күйө**w**лү**w** (күйөөлүү) ж.б.у.с.

Азыркы кезде то**w**-тоо, су**w**-суу, кү**w**-күү, күйө**w**-күйөө деген варианттарынын эн алгачкы праформасы: таг, суг, күг, күдагы (түрүндө колдонулган «эринчил дифтонгу w тыбышы») айтылышы боюнча үндүүгө толук өтө элек үндүү менен үнсүздүн ортосунда арабөк тыбыш. Эринчил дифтонгу айтылышында өзгөчөлүк байкалат. Аны айтканда эки (кош) эрин катуу жыйрылып жана чормоюп, бири-бирине тийишкенде кекиртектен чыккан аба (үн аралаш шыбыш) кескин кыскарып калат. Ал эми суу, тоо, куу, күйөө дегенде кош эрин анчалык жыйрылбай же чормойбой жалан үн бири-бирине тийишпегендиктен биротоло аягына чыгат. Ал эми дифтонгуну айтканда эки эрин бири-бирине тийишкенде үн жана шыбыш кескин кыскарып айтылыш айырмасы (өзгөчөлүгүн) байкап көргүлө. Мындай абалда айтылыш айырмасын тил мугалими (адис) окуучуларга үйрөтүп, аларды баамдап сезүүгө аракет кылышы зарыл. Аны аткаруу адис филологдун элдин алдындагы милдети, жоопкерчилиги. Б.М.Юнусалиев. Кыргыз диалектологиясы. Фрунзе, 1971,105-бети. Анын азыркы учурда сакталып калган тилдик фактыларын профессор А.Биялиев. Кыргыз диалектологиясы. Бишкек, 2014, 40-бетинде; Таласта Күмүштаг, Ноокатта Музтаг, Ошто Сулаймандын тагы жана Кетмен-Төбөдө: Тер-Жайлак деген топонимдерин келтирген.

Эки тыбыштык тизмектердин эн алгачкы проформасында

Терен түпчүл **г** же *г*тыбышы түзөрүн Б.М.Юнусалиев аныктаган. Терен түпчүл **г** же *г* тыбышы бири-бири жумшарып эрин-эринчил чормогой **w** тыбышына айланып, андан сол канаттагы кыргыз урууларында (Талас, Түштүк чыгыштагы: Ала-Бука, Чаткал аймактарында жана Түштүк-батыш аймагында жашаган ичкилик урууларында)дифтонгу түрүндө айтылат. Дифтонгу катышкан сөздөрдү айтканда кекиртектен чыгып келаткан аба үстүнкү жана астынкы эриндер өтө жыйрылган жана чормойгон абалында тоскоолдукка учурап, аба кескин кыскарып калган абалын байкасак үн менен шыбыш аралашып чыгарын сезебиз. Ушундай айтылыш өзгөчөлүгүнө карата аны атайын изилдеген окумуштуу диалектологдор арасында ар түрдүү пикирлер айтылып келген. Анын айрымдарын келтире кетели. Академик Б.М.Юнусалиев дифтонгунун эринчил үндүү менен дайыма бирге айтылган ажырагыс элементи-эрин-эринчил **w**тыбышын чала үндүү деп, арабөк айтылганын белгилеген (Кыргыз диалектологиясы, Фрунзе, 1971, 107-бети).

Академик К.К.Юдахин дифтонгуну толук үндүүгө айлана элек, үндүү менен үнсүздүн ортосунда айтылган тыбыш экенин, үндүүгө караганда үнсүздүн белгиси көбүрөөк экенин эскерткен. Андай белги таандык жана жөндөмө мүчөлөр жалганганда гана даана сезилет деген. Үнсүз менен бүткөн сөзгө – **ы**, үндүү менен аяктаган сөзгө – **сы** мүчөсү уланат. Дифтонгу tow+у (тоосу), күw+ү (күүсү), күйөw+ү (күйөөсү), суw+у (суусу) ж.б.у.с. салыштырып караганда байкалат деп жазган (Анын итоги и задачи изучения киргизских диалектов.Труды ИЯЛИКир.ФАН СССР вып 2, 1948).

Диалектолог Э.Абдулдаев дифтонгуну жарым үндүү деп атоо туура, дифтонгунун экинчи элементин толук үндүү деп кароого болбойт. Дифтонгуну айтканда эринчил үндүүлөрдү айтканга караганда үн кысылып, тез кыскарып каларын белгилеген (Абдулдаев Э. Мукамбаев Ж. Кыргыз диалектологиясынын очерки.Фрунзе,1959, 53-бет).

Дифтонгу катышкан сөз менен созулма үндүү катышкан сөздүн айтылышында айырма бар. Созулма үндүү катышкан сөздү айтканда эки (кош) эрин анчалык жыйрылбай жана чормойбой чыккан үн (тагыраак айтканда үн аралаш чыккан шыбыш) кыскарбай биротоло бүткөнгө чейин бир калыпта аягына чыгат.

Ошентип, ал экөөнүн айтылышында айырмалуу эн негизги белгиси- үндүүдө жалан үн, дифтонгуда- үн аралашкан шыбыш катышат. Мындай айырма бар экенин кыргыз тилинин диалектологиялык атласына бүткүл кыргыз аймагынан материал жыйноо учурунда диалектологдор Кенеш Бекназар, Турусбек Токтоналиев, Абак Биялиев дифтонгу колдонулган кыргыз аймактарын аныктап, тактап, текшерип байкоо жүргүзүлгөнүн кошумчалаган (А.Биялиев. Кыргыз диалектологиясы. Бишкек, 2004, 2014, 43-бети). Жогоруда атайылап байкоо жүргүзүлгөндө созулма үндүү менен дифтонгунун айтылышында айырма бар. Созулма үндүүнү айтканда жалан үн катышса, дифтонгуда - үн аралашкан шыбыш катышат. Айтылышында айырма бар экенине карата бири-созулма үндүү, экинчиси-дифтонгу деп эки башка аталышын эске алалы. Азыркыкезде үч түрдүү вариантта айтылышы: сак-сow-соо, элик-элүw-элүү; кичик-кичүw-кичүү, таг-tow-тоо; сарыг-сарyw-сарyy, улук-улyw-улyy ж.б. сакталып калган.

Дифтонгунун пайда болушуна чейинки эн алгачкы сөздүн вариантында терен түпчүл**г** же **к** тыбышы. Мисалы, так (тоо), сак (соо), элиг (элүү), кичик (кичүү), сарык (сарyy), тарыг (тарyy) ж.б.у.с. праформасы кыргыз жана түрк тобундагы көптөгөн тилдерде сакталып калган фактыларын Б.М.Юнусалиев келтирген. Сакталып калган калдыктары кичик, тарых, сарык жана эринчил суг (сугар, сугат түрүндө), туг (тубар мал), ток (токту –эки жаштагы ургаачы кой) ж.б. биринчи баскычына күбө боло алат.

Экинчи баскычын к, г тыбыштарынын эринчил чормогой w тыбышына өтүшү

жана анын таасири менен эринсиз жана эринчил үндүүлөрдүн эриндешүүсүнөн - ow,- өw, -yw, -үw (tow, күйөw, cyw, күw) ж.б. өнүгүшү. Ал ошо боюнча сол канаттагы кыргыз урууларында (Талас, Жаны-Жол, Ала-Бука, Караван аймактарында) жана бүткүл ичкилик кыргыздарында тараган негизги диалектологиялык белги катарында таралары аныкталган (Э.Абдулдаев. Кыргыз говорлорунда дифтонгулар жана алардын колдонулушу. Кыргыз тилинин грамматикасынын, лексикасынын очерктери, Фрунзе,1965, 42-бети).

Үчүнчү баскычы ow, өw, yw, үw түрүндөгү дифтонгунун андан ары өнүгүшүндөөзүнөн кийин келген дифтонгуга (үн аралаш тыбыш менен айтылган эринчил w тыбышы (аралык формага) таасир этип, дифтонгуну биротоло эринчил созулмага өткөрүп жиберген б.а. үндүүгө толук айлана элек аралык форма-дифтонгу созулмага айланган. Ага аны жалан үн менен айтылышы далил боло алат деген жыйынтыкка келебиз.

Ошентип, бир эле кубулуштун үч түрдүү формасы (аны үч баскычы деп атадык)жолуктурабыз. Эн оболу таг, сак, элик, сарык, кичик, улук ж.б. түрүндөгү тыбыштык тизмектер колдонулган. Анын өнүгүшүнүн натыйжасында дифтонгулар пайда болгон.«Анын дагы өнүгүшүнүн натыйжасында эринчил созулмалар пайда болгон, тарыхый жактан алганда аралык форма түрүндөгү эринчил дифтонгуларга караганда эринчил созулмалардын колдонулушун илимий жагынан абдан туура деп түшүнүшүбүз керек» - деп жыйынтыктаган Б.М.Юнусалиев.

Тарыхый маалыматтарга таянсак, эринчил сөздөр кийин пайда болгондугу аныкталган. Ал байыркы түрк жазма (VI-VIII) кылымга таандык Орхон-Енисей эстеликтеринде жана XI кылымга таандык Махмуд Кашгаринин сөздүгүндө учуратылбайт. Мындай абалды эске алып, Б.М.Юнусалиев «Кийинки созулмалар кыргыз тилинде IX- XI кылымдан кийин пайда болгон»- дейт (Кыргыз диалектологиыся, Фрунзе, 1971, 108-бети).

Үч тыбыштык тизмектен турган сөздөрдүн ортосунда г, й, н тыбыштары түшүп калып, эки үндүү катар келишинен созулма үндүүлөр пайда болгон. Мисалы: мага (маа), сага (саа), ага (аа), кагылга (каалга), жаак (жанак), жоон (жубан), көө (көйө), көөн (көнүл), сөөк (сүнэк), төө (түйө), ээ (эге), бээ (бийе), жээн (жийен) ж.б. азыркы кезде кыргыз диалектилеринде созулмага айланышы эчак эле аяктаган жана фонема катарында колдонулат. Алардын кээ бир сакталып калган фактылары кезигет.

Ал эми эки тыбыштык тизмектердин созулмага айланышы түндүк кыргыздарынын тилинде эбак эле аяктаган. Сол канаттагы урууларда Талас, Чаткал, Ала-Бука, Жаны-Жол кыргыздарында жана ичкиликтерде азыр да колдонулат.

Аталган орчундуу маселелерди аныктоодо жана алардын тилдик фактыларын далилдөөдө кыргыз диалектологдордун эмгектеринде айтылган ойлорду жана корутундуларды пайдаландык.

Адабияттар:

1. Э.Абдулдаев, Ж.Мукамбаев. Кыргыз диалектологиясынын очерки, Фрунзе, 1959.
2. Э.Абдулдаев. Кыргыз говорлорундагы дифтонгулар жана алардын колдонулушу.Кыргыз тилинин грамматикасынын, лексикасынын очерктери,1965, 42-бет.
3. Ж.Мукамбаев.Кыргыз тилинин диалектикалык сөздүгү, Фрунзе,1972.
4. Б.М.Юнусалиев. Кыргыз диалектологиясы, Фрунзе, 1971.
5. Б.М.Юнусалиев . Тандалган эмгектер,Фрунзе,1985.

6. К.К.Юдахин. Кыргызча-орусча сөздүк, М, 1965.
7. К.К.Юдахин. Из Ляйлякских материалов.Труды ИЯЛИ Кир.ФАН СССР, вып.2 , 1948.
8. К.К.Юдахин. Итоги и задачи изучения киргизских диалектов. Труды ИЯЛ АН Кирг.ССР, вып 6, 1956.
9. А.Биялиев. Кыргыз диалектология.Окуу китеби,Фрунзе,2004,2014
10. А.Биялиев. Кыргыз адабий тилинин лексика, лексикология бөлүмүнө арналып окулган лекциялардын конспектилери,Бишкек,2014,102-104-беттери.

ТИЛДЕГИ ЛЕКСИКАЛЫК БИРДИКТЕР: МАҢЫЗЫ, МҮНӨЗҮ, ФУНКЦИЯСЫ

Жумагул кызы Айнура
Н. Исанов атындагы КМКТАУ, окутуучу

Коом пайда болгондон тарта, анын өнүгүү процессинине ылайык жаңы сөздөрдүн жаралышы мыйзам ченемдүү көрүнүш. Адам турмушунда аңдалып-түшүнүлүп кабыл алынган заттар, кубулуштар, окуялар, көрүнүштөр, белгилер, кыймылдар белгилүү бир тилдик аталыштарга ээ болуп турат. Конкреттүү жана абстракттуу мындай түшүнүктөрдүн өз ара байланышы, карым-катышы лексикалык жана семантикалык жаңы-жаңы маанилерди жаратпай койбойт. Адам аң-сезимине таасир эткен түшүнүктөр белгилүү бир атоолорго ээ болуу менен, өз табияттарына жараша бир ыңгай чен-өлчөмдөргө бириктирилет, типтештирилет, классификацияланат. Ошону менен катар, тилдеги ал сөздөр кандайдыр өз алдынчалуулукка ээ болгону менен, бири-бирисиз жашай албайт, бири-бирисиз байланыш-катыш куралы болуудан калат, бири-бирисиз сөз статусун шарттай албайт. Минткенибиздин жөнү бар. Маанилик түрү боюнча кайсы типке кирген сөз болбосун, кырдаалга жараша өз ара байланышты шарттап, ой билдирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Мындай шартта семантикалык талаа түзүлүп, сөздөрдүн маанилик түрлөрү дааналанат, ачыкка чыгат. Семантикалык талаалык байланыш катышка карата сөз маанилеринин түрлөрү омоним, полисемия, синонимия, антоним деп бөлүнөт. (4,118). Коомдук турмуштагы, жаратылыштагы, айлана-чөйрөдөгү, ааламдагы белгилүү (белгисиздерди атай албайбыз) ар кыл багыттагы түшүнүктөрдүн (заттардын, белгилердин, сандардын, кыймылдардын ж.б.) типтештирилген топтору дал ушундай лексикалык бирдиктердин тилде аткарган функциялары бири-биринен кескин айырмаланып турат. Ошон үчүн алар ар башка терминдик аталыштарга ээ болуп, өз-өзүнчө тилдик кубулуштар катары каралат. Көп маанилүү сөздөр, омоним, антоним, синоним лексикалык бирдиктерин семантикалык талаада, контекстте колдонбостон, бири-бирине катар коюп салыштыруу менен, алар өз ара айырмаланган кубулуштар экендигин ажыратууга болот: ак-кара, чоң-кичине, бар-жок сөздөрү – антонимдер; ат-ат, жаз-жаз, кой-кой сөздөрү –омонимдер; күлдү-жылмайды, акырын-аста, ич-курсак ж.б. сөздөрү – синонимдер.Типтештирилген бул лексикалык бирдиктер жеке-жеке туруп өз алдынча жашоо мүмкүнчүлүктөрүн аныктай алышпайт. Мындай шартта атоо мүнөздөрүнө гана ээ болушат. Алардын колдонулушу, маани берүү мүмкүнчүлүктөрүнүн кеңейиши, кайсы бир милдеттерди аткарышы тилдин синтаксистик-грамматикалык курулушунда жүзөгө ашырылат. Адамдардын байланыш-катыш мамилеринде, жашоо-турмуштун ар кыл жагдай-шарттарын ар түрдүү формаларда (оозеки,жазуу) чагылдырууда, чыгармалардын түрлөрүндө лексикалык бирдиктердин колдонулушу мыйзам ченемдүү көрүнүш. Алардын айрыкча, көркөм чыгармалардын тилинде колдонулушунда өздөрүнө тиешелүү жалпылыктарды,

айталы, омонимдер омонимдик, синонимдер синонимдик, антонимдер антонимдик маанилерди алып жүргөнү менен, ошол чыгармалардын түрлөрүнүн спецификалык табиятына ылайык, белгилүү даражадагы өзгөчөлүү деңгээлдерди жаратат, бири-биринен айырмаланган кошумча маанилик жүктөрдү аркалап калат. Мындан кайсы бир жанрдын чыгармадагы синонимдерден экинчи бир жанрдагы ошол эле синонимдер таптакыр башкача аспектиде колдонулат, же алардын табияты өзгөрөт деп түшүнүүгө болбойт. Тек гана, бир чыгармадагы синоним, антоним же омонимдер экинчи жанрдагы чыгармалардагы колдонулган учурларында дагы бир кошумча маанилерди киргизип, дагы бир кошумча функцияларды аткарып калышы толук мүмкүн. Муну ачык -айкын көрүү үчүн, өйдөдө белгиленип жактан лексикалык бирдиктердин айрымдарынын мисалында кадыресе прозалык жанрдагы чыгарма менен биздин иликтөөбүздүн обьектисин түзгөн макалдарды тең катар коюп салыштырып көрөлү:

1…. Ынак элек. Эми баары **бүттү**. Ташка тийген айнектей **күм-жам** болду… - Айтканыңыздай баары **жылас болду**, эне!... Жаркынды кечээ **жайына койдук**. (А.Стамов).

2. **Карылыктын алды – жаштыктын арты** (макал).

Биринчи мисалдагы **бүттү, күм-жам болду, жылас болду, жайына койдук** лексикалык бирдиктери контекст ичинде бири-бирине синонимдеш сөздөр. Колдонулган синонимдер баарыдан мурда, көркөм каражаттары болуп саналат. Контекстте көркөм сөз каражаты катары жогорку деңгээлдеги таасир күчкө ээ болуп, эмоционалдык-экспрессивдик мүнөздү шарттап турат. Алар бири-бири менен маанилик айтымдык тыгыз байланышта келип, биринен экинчиси, экинчисинен үчүнчүсү толукталып, биринен бири күчөтүлүп эмоционалдык-эксперссивдик кайгы-маанайды жаратты. Бүттү күм жам болду жылас болду синонимдеринде биринен экинчисине жылып өткөн маанилик чыңалуу бар. Алар көркөм ыкмадагы толуктоо, күчөтүү, чегине жеткирүү функцияларын аткарды. Синонимдердин маанилик чыңалуусуна алар менен контекстте түздөн-түз синтаксистик байланыш-катышта турган тилдик башка бирдиктердин да тиешеси бар.

Мындагы синонимдердин таасир берүүчүлүк деңгээлдеринин көтөрүлүшү **бүттү** сөзүнөн старт алат, б.а., маанилештиктин башаты ушул лексикалык бирдиктен башталат. Жогоруда белгиленгендей, **бүттү** – айрылууну жайынча билдирсе, анда кайгыруунун илеби турат; **күм жам болду** – жакынынан айрылууну жайынча коюунун мүмкүн эместиги, жетишсиздиги, айрылуудагы кайгыруунун көтөрүлүшү, жогурулашы чагылдырылат; **жылас болуу** –кайгыруунун жеткен чеги туюндурулат; **жайына койдук** – айрылууга макул болгон, баш ийген аргасыздык бар, мындан башка жол жоктук билдирилет. **Жайына койдук** синоними **бүттү, күм жам болуу, жылас болду** синонимдеринин жыйынтык көрсөткүчү, анда чегине жеткен маанилик чыңалуунун жарылуусу камтылган. Алдыңкы сүйлөмдөрдөгү **бүттү, күм жам болду, жылас болду** синонимдери бири-бирине карата кандайдыр бир ачык маанилик жакындыкты билдирип турушат. Аларды контексттен бөлүп алып, өз ара салыштырып көрсөк да: бүттү, күм жам болду, жылас болду бири-бирине карата маанилик жакындыгы бар экендиги байкалат. Ал эми бул синонимдер менен жайына койдук; сөзүн өз алдыларынча жекече салыштырсак маанилеш жакындыктары байкалбайт: **бүттү - жайына койдук; күм жам болду – жайына койдук; жылас болду-жайына койдук.** Алардын ортосундагы маанилик жакындыктын бар экендиги контекст ичинде ачыкка чыгат.

Карылыктын алды – жаштыктын арты деген 2-мисал- жөнөкөй сүйлөм түзүлүшүндөгү эң кыска макал. Ажырагыс сөз тизмегинен турган эки лексикалык бирдиктен уюшулган. Биринчи лексикалык бирдиги – **карылыктын алды**, экинчиси –

жаштыктын арты. Ажырагыс сөз тизмеги деп алганыбыз, тилдик эрежелердин мыйзам ченемдеринен келип чыкты. Анткени алар, т.а., **карылыктын алды** жана **жаштыктын арты** сөз айкаштарынын ар бири: **карылыктын, алды** жана **жаштыктын, арты** толук кандуу сөздөрдөн уюшулганы менен, макал тутумунда бир бүтүндүктө келип, лексикалык бир гана мааниге ээ. Синтаксистик жактан грамматикалык ээ менен баяндоочтон турган жалаң сүйлөм түзүлүшүндөгү макал катары каралат. Ушундан улам, бул макалдын эки лексикалык бирдиктен уюшулгандыгын белгилеп коюшубуз керек.

Эки лексикалык бирдик тең бири-бирине карай синонимдеш колдонулду. Биринчиден, булардын лексикалык маанилери негизинен бирдей: **карылыктын алды** – белгилүү бир курак, жаштыктан өтүп кеткен курак, жаштыктын өтүп кеткен мезгили; жаштыктын арты – бул да белгилүү бир курак, карылыктын алдындагы мезгил. Ушул жагынан алып караганда, аталган синонимдердин экөөсү тең адам жашынын белгилүү бир курактык мезгилин билдиргендиктен, алардын лексикалык маанилери шексиз түрдө бирдей болот. Экинчиден, макал мазмунунун жаралышындагы бул синонимдердин функциясы карылык менен жаштыктын ортосундагы мезгил – курактыобраздуу туюндуруу болуп саналат. Бир эле мезгил –курак эки башка тилдик бирдик менен туюндурулду да, өз ара синонимдик катарлар жаралды. Натыйжада макалдык мазмунду туюндуруу өзгөчө стилдик ыкмада жүзөгө ашырылды. Үчүнчүдөн, макалдагы ойдо билдирилип жаткан мезгил-курактын аты карылык, жаштык деген сыяктуу конкреттүүсөз менен түздөн-түз аталган жок. Ошол эле учурда аталбай жатып аталып калды. Анткени, **карылыктын алды, жаштыктын арты** синонимдеринин маанилери аталбай жатып аталып калган курактыны туюндуруп турат. Макалдагы синонимдердин айкалышкан чеги, тогошкон жери, синтаксистик-семантикалык мазмун биримдиги конкреттүү лексикалык бирдик менен атайын аталышка ээ болбой калган жаш-курактыны лексикалык планда, карылык менен жаштыктын ортосундагы курак деп атап турат. Булар таптакыр башкача өңүттөн жаралган синонимдер. Алардын ички табиятында карама-каршылыктын белгилери жатат, карама-каршылык кандайдыр сезилип турат. Ажырагыс сөз тизмектеринен уюшулган бул синонимдерди тең катар коюп, алардын составдык бөлүктөрүнө көңүл бурсак, нагыз антонимдерден уюшулгандыгын көрүүгө болот :
карылыктын жаштыктын, алды арты. Демек, антонимдерден уюшулган синонимдер болуп чыга келет. **Карылыктын алды, жаштыктын арты** синонимдери ушул турпаттарында өз алдыларынча турганда да, макал тутумунда колдонулганда да бири-бирине карата каршы маанилерди жаратпайт, тескерисинче, алардын логикалык багыты бир түшүнүктү чагылдырып турат. Натыйжада бирдей маанилерди туюндуруп калат.

Тилдик бирдиктердин колдонулуш максатына ылайык, ар кыл деңгээлдеги функция-милдеттерди аткарышы контекстке көз каранды. Ал функция – милдеттер сөздүн жеке башына тиешелүү болгон лексикалык маанисинин негизинде, т.а., түп маанисинин шартында ар кыл даражада, барк-баада жүзөгө ашырылат. Бир чыгармадагы сүйлөмдөрдө лексика-семантикалык маани толук ачылса, экинчи бир сүйлөмдөрдө өз маанилерине толук жете бербей, дагы бир сүйлөмдөр аркылуу толукталат. Кайсы бир сүйлөмдөрдө өз маанисинен алда-канча кеңири маанилик катмарлануларга дуушарланышы ыктымал. Кыргыз тили илиминде сөздүн колдонулушу, контексттеги кудурет күчү тууралуу мурдатан эле айтылып келет: « .... ар бир сөздү жалаң гана алгачкы жана тике маанисинде эле колдонбостон, алардын бир кыйласын семантикалык (маанилик) жакындыгы бар бир нече түшүнүктү билдирүү үчүн колдоно берүү ар бир тил үчүн кадыресе жеке көнүмүш болуп эзелтен бери эле колдонулуп келе жаткан ыкмалардан». (Орузбаева Б.1994.,24) Сөздөрдүн маанилеринде

догмасыз көрүнүш болбойт. Алар маанилердин өзгөрүш процессине учурап турат. .... Тилде сөз өтө көп. Бирок алардын баары маанилик жактан бирдей эмес (Акматов Т.К. Мукамбаев Ж.1978.,88.). Тилдик жаатта алганда, көркөм чыгарма үчүн бышып-жетилген, даяр материал деген болбойт, сөздөр кадыресе кепте гана даяр, жетилген материал катары колдонулат, анткени алар мында бир гана белгилүү маниге ээ эмеспи. Ал эми көркөм өнөрдө абал башка: сөздөр белгилүү бир көркөм алкакка түшүү аркылуу гана жетилет, өзүнүн чырайына чыгып, чыныгы күчүнө келе алат жана ушул эле маалда бүдөмүк, сырдуу боюнча кала берет. (Усубалиев Б.1994.,84). Сөздүн касиет белгилери тууралуу мындан башка да бир катар окумуштуулардын пикирлери бар.

Алардагы айтылган ой-пикирлерге ар тараптуу талдоо жүргүзүү биздин иликтөөбүздүн максатына кирбегендиктен, бардыгына токтолууну ылайык көрбөдүк. Тек гана, контекст ичиндеги лексикалык функцияларынын далили катары айрым теориялык ойлор мисалга алынды. Көркөм чыгармалардагы сөздөрдүн колдонулуш мүнөзүн, семантикасын, баалуулугун, эстетикалык беделин конкреттүү чыгармалардын мисалында кеңири, терең жана ар тараптуу ачып берүүдө пррофессор Б.Усубалиевдин «Көркөм чыгармага лингво-стилистикалык илик» аттуу эмгегин баса белгилеп коюшубуз абзел. Кандай болгон шартта да, кепте, бөтөнчө жанрдык чыгармалардын тилинде лексикалык бирдиктердин функция-милдеттери, колдонулуш мүнөздөрү өзгөчөлүү болот: 1. **Табак да тартылды, эт желген соң, бардыгы жай-жайына тарап кетишти** (К.Ж.). 2. **Эт, эттен кийин кет** (макал) Эки мисалда тең **эт** *лексемалары* катышып турат. «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө» **эт** сөзү төмөндөгүдөй көп маанилүүлүккө ээ экендиги көрсөтүлгөн: 1. Жаныбарлардын сөөгүнө жабышкан дене ткандары. Дененин булчуң эттери. Этиң калып көк жашык, каныңкалган бир кашык («Манас»). 2. Союлган малдын, аңдын, канаттуунун ж.б. азык-түлүк үчүн колдонулган (желе турган) ушундай дене заты. Койдун эти ж.б. Манапты ээрчип эт жеген, мадырайган соргогум (Токтогул). 3. Ар кандай жемиштердин, бакча өсүмдүктөрүнүн желе турган жумшак заты. Алманын жука, кызыл терисинин астына ширелүү, күн нуру сиңген даамдуу эти көрүнүп турду. (Ч.Айтматов). 4. Дене, бүткөн бой. Көйнөгүм жок, жылаңач, куру тонум этимде (Жазгыч акындар). Мисалдардын экөөндө тең **эт** сөзүнүн сөздүктөгү экинчи желе турган азык мааниси берилген.

1-кадыресе кара сөз түрүндөгү сүйлөм түзүлүшүндө **эттин желгени** тууралуу түшүнүк ачык-айкын туюндурулган, **эт** сөзү желе турган азык маанисинен сырткаркы кандайдыр бир кошумча маанини билдирүү функция-милдетин аркалабайт. Желе турган азык мааниси кийинки желген соң кыймыл-аракетти билдирген этиш сөзү менен синтаксистик катыш аркылуу түз түшүнүктө берилген. Ал эми 2-макал контекстиндеги эт лексемасында эттин желгени тууралуу ачык маани, түз түшүнүк жок болсо да, ошондой маани макалдык мазмунда камтылып тургандыгын байкоого болот, муну эттен кийин кет сүйлөмү билдирип турат. Мындагы эттин желгени тууралуу туюнтма макал башында колдонулган эт лексемасынына сиңирилип берилген. Макал тутумунда эт лексемасынын семантикасы сүйлөм деңгээлине көтөрүлүп, сүйлөмдүк мазмунду аткарган функцияга ээ болуп турат. Натыйжада макалдын структуралык семантикасында атама сүйлөм милдетин аткарат. Макалда эт лексемасынын колдонулушу, семантикалык табияты логикалык түшүнүүнү талап кылат: эт- бул тамактан кийин эч нерсе талап кылбоо; эт- сый көрсөтүү убактысынын акыркы тамагы; эт-конок болуу убактысынын бүтүшү; эт- кыргыз элинин эң сыйлуу тамактарынын бири; эт-кыргыз элинин каада-салттык менталитетинин көрүнүшү. Кыргыз элинин аңсезиминде эттен кийин тарап кетүү түшүнүгү калыптанган. Негизинен, логикалык планда, ушул функциялардын бардыгы эт лексемасынын семантикасында чагылдырылып турат.

Ошентип,тилдеги көп маанилүү сөздөр, омоним, синоним, антоним лексикалык бирдиктеринин мүнөз-табияттары, семантикалык маңыз-маанилери, функциялары контекст тутумунда гана аныкталууга тийиш жана бул маселени тереңирээк түшүнүү үчүн, илимий негизде аңдоо үчүн, чыгармалардын жанрдык табиятына тыгыз байланышта кароого туура келет. Дидактикалык жанрдагы чыгармалардын бир түрү болуп саналган макал табиятында бул лексикалык бирдиктердин жеке-жеке мүнөздүү өзгөчөлүктөрү бар.

Адабияттар:

1. Акматов Т. К. Мукамбаев Ж. Азыркы кыргыз тили. Ф:, 1978.
2. Усубалиев Б. Көркөм чыгармага лингво-стилистикалык илик. Бишкек. 1994.
3. Орузбаева Б. Сөз. Бишкек. 1994.
4. Жамааттык чыгарылыш. Азыркы кыргыз адабий тили. Бишкек. 2009.

БИ-БИ-СИНИН КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ УКТУРУУЛАРЫНЫН ТҮЗҮЛҮШҮ ЖАНА ЫКМАЛАРЫ

Дүйшекеева А.
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

Би-би-синин программалары дүйнөлүк радиоуктуруулар мейкиндигинде үлгү катарында эсептелинет. XX кылымдын 90-жылдарында казакстандык окумуштуу М. Барманкулов телекөрсөтүүлөрдүн айрыкча бай өлкөлөрдө кеңири таркагандыгына карабастан, Азияда радио маалымат алуунун эң башкы булагы бойдон калгандыгын айткан. Айрыкча, алмаалыматтаркатууда эл аралык радиоуюмдардынролун баса белгилеген: “Би-би-си, как всемирная, так и восточные службы, пользуются, пожалуй, самой высокой репутацией и являются наиболее используемым источником новостей в Азии”.[1.С.95]

Би-би-синин такшалган журналисттери дүйнөнүн кайсы өлкөсүндө кандай окуя болбосун ошол жерлерден күбө болушуп, маалыматтарды жеткирип турушат. Такталбаган, аныкталбаган материалдар эфирге чыгарылбайт. Би-би-синин Дүйнөлүк кызматынын кыргыз кызматы да бул корпорациянын негизги принциптерин так сактоо менен иш жүргүзөт. Кыргыз кызматынын продюссери Г. Касмамбетова мындай деп белгилейт: “Би-Би-Синин радио берүүлөрү эл аралык соңку кабарлар менен тааныштырып, жалпы мазмуну дүйнөлүк жана чөлкөмдүк окуялардын анализи, маданий жана коомдук актуалдуу көрүнүштөр тууралуу баяндамалардан, кызыктуу кишилер менен маектерден турат.”[2.56-67б]

Корпорациянын максаты жеке кызыкчылыктарга көз каранды болбостон, этикалык нормаларды сактоо мененкоомго кызмат кылуу болуп саналат. Ошондуктан кандай гана материалдар даярдалбасын, *бейтараптуулук, тактык, чынчылдык, адамдарга жана салттарга карата көз караштарды толук жана ачык берүү, редакциялык бүтүндүк жана көз карансыздык, адамдын жеке турмушун сыйлоо, мыкты табитти жана сыпайылыктын нормаларын сактоо, коомго каршы жана кылмыштык жүрүм-турумду иммитациялоого жол бербөө, балдардын коопсуздугун коргоо, интервью берген адамдарга чынчыл мамиледе болуу, аудиторияны сыйлоо, коммерциялык кызыкчылыктырдан көз карандысыз болуу с*ыяктуу принциптерин

тутунат.[3.WWW.bbc.RUSSIA.COM]

Көп жылдардан бери Би-би-синин кыргыз тилиндеги берүүлөрүн даярдап келген журналист Г. Касмамбетова кыргыз редакциясы бул корпорациянын салтын, имиджин сактоого аракет жасай тургандыгын билдирген: *“Биз да өз ишибизде дайыма окуялардын, жаңылыктардын чордонунда болуп, маалыматтарды, кабарларды дайыма биринчи булактан аларга түздөн-түз аралашып жүргөн адамдардан алууга, фактыларга, окуяларга кеңири спектрден, объективдүү процесстердин тутумунан кароого аракеттенебиз”* [4. Кыргыз Туусу.11-14-июль, 2003]

Ошентип Би-би-си Дүйнөлүк кызматынын кыргыз редакциясы программаларында Кыргызстандын дүйнөлүк коомчулуктагы, Борбордук Азия аймагындагы ролу кандай, дүйнөлүк процесстер Кыргызстанга кандай таасирин тийгизет, же болбосо Кыргызстанда болуп жаткан окуялар коңшу өлкөлөр тарабынан кандай кабыл алынат деген суроолордун өңүтүндө чагылдыруу аракеттерин ишке ашырат.

Негизинен чыгарылыштардын төмөндөгүдөй структурасы сакталат: жаңылыктар “лиддерди” окуу менен башталат. Билдирүү маанилүү эл аралык жаңылыктарга арналат. Андан кийин жаңылыктардын аталыштары кенен баяндоонун алдында кайрадан кайталанат. Байланыш каражаттары аркылуу дүйнөнүн ар түрдүү шаарларындагы өз кабарчылары эфирге кошулат. Чыгарылыштагы эң маанилүү деп эсептелген кабар кайталанышы жана тереңирээк чагылдырылышы мүмкүн. Радиокабарда цитаталар, үнү менен жазылып алынган сөздөр кеңири пайдаланылат.

Эл аралык жаңылыктарды алып баруучу регионалдык жаңылыктарды алып баруучуга сөз берет. Ошентип чыгарылыштын экинчи бөлүгү регионалдык жаңылыктарга арналат. Бул бөлүгүндө да радиоматериалдардын таасирдүүлүгүн жана ишенимдүүлүгүн арттырган үн жазылган кабарлар, кыска интервьюлар колдонулат. Чыгыш музыкасы фон катарында угулат. Уктуруунун ортосунда кайрадан **«лид»** берилет. Программанын экинчи жарымында күтүлгөн окуялар жөнүндө кыскача кабарлар уктурулат. Андан ары кайрадан бул күндөгү эң башкы окуяга кайрылышат.

Эл аралык жаңылыктар блогун алып баруучу жана белгилүү маселе боюнча адис менен болгон диалог берилиши мүмкүн. Бул дайыма компетенттүү адамдын пикири болуп саналат. Андан ары илим-техника, спорт жаңылыктары эфирге чыгат. Мындан кийин Би-би-синин радиосөздүгү сунуш кылынат. Аягында кайрадан күндүн эң башкы окуялары аталат.

Би-би-синин кыргыз кызматынын журналисттери Кыргызстандагы радиоугуучулары менен көзмө-көз жолугушуп, алардын пикирлерин, сунуштарын үйрөнүүгө олуттуу мамиле жасашат. Сунуш-пикирлердин негизинде программаларды тартуулоодо жаңы иш пландар иштелип чыгып, аудиторияга кызыктуу материалдарды берүүдө дайыма чыгармачылык менен изденишет.

2013-жылдын 23-апрелинде программаны Гүлнара Касмамбетова алып барып, алгач чыгарылышта бериле турган материалдарга **анонс** берилген. Кыргызстандын прессасында кызуу талкууланган маселеге кайрылып, Би-би-си “Парламент Батукаевди чыгаргандардын сары изине түштү” деген матералды алып чыккан. Студиядан Г. Касмамбетова бул темага төмөндөгүдөй **кириш сөз (“подводка”)** берген: *“Крим дүйнөсүнүн атасы аттыккан Азиз Батукаев абактан бошотулуп, өлкөдөн чукул чыгып кетиши коомчулукта кызуу талкуулануда. Азыр көчөдө, интернеттеги социалдык тармактарда жана маалымат каражаттарында кримавторитет Азиз Батукаев башкы каарманга айланды. Анын бир күн ничинде бошоп, өлкөдөн чыгып кетишин кыргыз парламенти да бир күн кечк еталкуулап, бул ишти иликтөө үчүн депутаттык комиссия түзүлдү.”*

Мындан кийин кабарчы К.Чекировдун Жогорку Кеңештин залынан алынган

репортажы сунушталган. Репортажда **“интершум”** -залдагы дабыштар, депутат Р. Жээнбековдун, Башкы прокурор А.Салянованын, Чек ара кызматынын төрагасы Токон Мамытовдун **синхрондору,** журналисттин **комментарийлери**сунушталат.

Журналист К.Чекиров,ошентип бир күн ичинде бошотулуп, атайын учак менен өлкөдөн чыгып кеткен Батукаев жөнүндө түрдүү ушактар тарап, кыргыз бийлиги катуу сынга кабылгандыгын белгилейт.

К. Чекировдун атайын репортажын парламентте бул маселе талкуу болгон учурда түз алып даярдагандыгы оперативдүүлүгүн далилдейт. Мындан тышкары журналист 2004-жылы А. Батукаевге кылмыш ишин козгогон мамлекеттик ишмер, белгилүү саясатчы К. Байболовду да кепке тарта алган. Ошондой эле Жаза аткаруу боюнча улуттук комитетинин төрөгасы З. Рысалиевге түз суроо салган. Би-би-синин кабарчысы бул маселеге түздөн-түз күч түзүмдөрүнүн, бүгүнкү бийликтин катыштыгы бар жана маселеде чоң акча жатканын айтып жыйынтыктаган.

2013-жылдын 2-июнунда эфирден кеткен чыгарылышын карап көрөлү. Адаттагыдай эле программа Би-би-синин программасынын баш музыкасы менен ачылып, негизги маалыматтарга **анонс** берилди. Жарым сааттык чыгарылышында негизги окуя катарында Туркиядагы өкмөткө нааразычылык акциясы белгиленген жана бул тема улам кайталанып, тереңдетилип талданып олтурат. Бул теманы ачып берүүдө **кабар, интервью, комментарий, репортаж** жанрлары колдонулган. Журналист Гүлнара Касмамбетова программанын жүрүшүндөБи-би-синин Туркиядагы координатору менен түз байланышка чыкты.

Туркиядагы жумушчулар өкмөткө каршы акцияларды колдоо үчүн эки күн иш таштай тургандыктарын билдиришкен. 240 миңдей жумушчунун башын бириктирген солчул “Кеск” кесиптик кошундардын конфедерациясы өкмөттү “мамлекеттик террор” жасап жатат деп айыптоодо. Нааразычылык акцияларынын үчүнчү күнү Стамбул шаарынын Бешикташ районунда полиция менен кагылышуу болгон. Мечиттер, дүкөндөр, жана бир университет жаракат алгандарга жардам көрсөтүүчү убактылуу ооруканаларга айландырылган. Би-би-си Туркияда каршылык акциялары басылбай жаткандыгын билдирет.

Ошондой эле бул чыгарылышта кыргыз угармандары кызыккан Кыргызстандын Жети-Өгүз районундагы Кумтөр кенине байланыштуу митинг, Ош-Бишкек жолунун тосулушуна байланыштуу материалдар болду.

Би-би-си Кумтөр чатагы акыры кагылышууга алып келгендигин билдирген, бирок кабарда бейтараптуулук сакталган: *“Жети–Өгүз районундагы Барскоон айылында Кумтөр алтын кенине барчу жолду тосуп каршылык акциясына чыккандар менен милициянын күчтөрү кагылышып, эки тараптан тең жаракат алган адамдар болду. Президент Жети-Өгүз районуна өзгөчө абал киргизди.”*

Андан кийин беш минуталык кыскача жаңылыктарга орун берилип, негизги жаңылыктар менен Кубат Чекиров тааныштырган. Бул түрмөк дүйнөлүк жана Кыргызстандагы жаңылыктар блогунан турат:

Дүйнө жүзү боюнча:

1. Асад: Сирия “С-300” ракеталарынын алгачкыларын алды.
2. Лондондо аскер кызматкерлерине кол салгандарга айып тагылды.
3. Орусия: “С-300” ракеталары Сирияга сырткы кийлигишүүлөргө бөгөт коет.
4. ЖККУ Сирия чатагы эгемендик шартында чечилишин жактайт.
5. Евробиримдик Сириядагы козголоңчуларды курал менен камсыздабайт.
6. Парижде бир жыныстуу никеге каршы акция өттү.
7. Британиянын үстүндө учакта болгон инцидент боюнча эки адам камакка

алынды.

8. Стокгольмдогу тополоң: жумушсуздук көйгөйүбү же ээнбаштыкпы?

Кыргызстан боюнча:

1.Бишкек-Ош жолу тосулду.

2.Жети-Өгүздө абал турукташып, Кумтөрдө иш жанданды.

3. Жалал-Абадда митингчилер элдик губернатор шайлашты.

4.Жети-Өгүз районундагы каршылык акциясы токтоду.

5.Джон Пиерсон: "Центерра голд" Кыргыз өкмөтү менен конструктивдүү сүйлөшүүдө.

Кабарлардын оперативдүүлүгү алардын аталыштарынан эле билинип турат, мазмунунда болсо маалыматтарды балансташтыруу, бейтараптуулук сакталган. Митингчилер тарабынан бөгөлгөн Ош-Бишкек жолу ачылбай жаткандыгы жөнүндө программанын жүрүшүндө Би-би-си **кыскача кабарлар менен үч жолу кайрылган**, бирок текстер бирин-бирин кайталабай, улам жаңы фактылар менен толукталып олтурат:

1. *Кыргызстандын Жалал-Абад аймагындагы бөгөлгөн жол бүгүн да ачыла элек. Ош-Бишкек жолун бөгөп тургандар 2-июнда УКМК тарабынан кармалган* ***Медер Усеновду, "Ата Журт" партиясынын камактагы үч депутатын бошотууну талап кылып жатышат.***

2. *Жалал-Абад областында каршылык акциясына чыккандар Бишкек-Ош жолун эки жеринен бөгөп алышып,* ***жолдо миңдей автоунаа өтө албай тизилип турат.***

3. *Жалал-Абадда митингге чыккандар кечээ кечки саат тогуздан бери Бишкек-Ош жолун эки жеринен буап турушат.* ***Президент Атамбаев митингчилерге азырынча күч колдонбой, бирок мыйзам бузууларды каттап турууну тапшырды.***

Эгерде биринчи кабарда митингчилердин максаты эмне экени айтылса*(...**УКМК тарабынан кармалган Медер Усеновду, "Ата Журт" партиясынын камактагы үч депутатын бошотууну талап кылып жатышат**),* экинчи кабарда жолду тосуунун натыйжасында*"**миңдей автоунаа өтө албай тизилип турат**"*деп билдирилген. Ал эми үчүнчү **кабарда *"Президент Атамбаев митингчилерге азырынча күч колдонбой, бирок мыйзам бузууларды каттап турууну тапшыргандыгы"***жөнүндө кошумча маалыматала алабыз.

Ошондой эле Би-би-си маалыматты балансташтыруу максатында жана бейтараптык принцибин сактап Жети-Өгүздөгү митингчилердин жана ошондой эле айрым айыл тургундарынын пикирлерин берген. Премьер-министр Ж.Сатыбалдиевдин келишин угуп, жолугушууга келген айылдын тургандары бул митинг атайын уюштурулган, туристтик сезон башталганы турганда мындай ызы-чуунун кереги жок, мамлекеттин экономикасын зор зыяндар келтирилгендигин айтышса, митингдин катышуучулары аларды эч ким уюштурбагандыгын экологияга, калктын ден-соолугуна зыян келтирип жаткандыктан ушундай кадамдарга баргандыктарын билдиришкен.

Премьер-министр Ж.Сатыбалдиев менен жолугушуудан кийин каршылык акциясы токтотулуп, талаш-тартыш маселелерди чечүүнүн жолдору боюнча тараптар тил табышкандыгын кабарлаган Би-би-си.

Ал эми **аптанын негизги темасы** катарында төмөндөгү материалдар белгиленген:

1. Сирия: Аль-Кусейир шаары үчүн айыгышкан салгылашуулар.
2. Бишкекте өткөөл мезгилдин өнүгүү тажырыйбасы талкулануда.
3. Иракта катар-катар жардыруудан кан төгүлдү.
4. Манасчылык, төкмөлүк өнөр дүйнөлүк шедеврлер тизмегин качан толуктайт?

Бир жуманын ичиндеги негизги окуяларга байланыштуу материалдарды

контрасттык ыкма аркылуу жайгаштыруу менен дүйнөдө салгылашуулар, Сирия жана Ирактагы жаңжалдар жакшылыкка алып келбегендиги көрсөтүлгөн. Адан көрө ар кандай араздашуу, митингдерге караганда Кыргызстандын өнүгүү маселеси, манасчылык, төкмөлүк өнөр алда канча бийик, маанилүү экендигин угармандарга сезүүгө түрткү берет.

Ошондой эле чыгарылышта Кыргызстандагы жалаң эле митингдерге, проблемаларга басым жасалбастан, позитивдүү маанайдагы маданий жаңылыктарга да орун берилген. Маселен, “Китепканадагы кадыр түн”, “Манасчылык, төкмөлүк өнөр дүйнөлүк шедеврлер тизмесин качан толуктайт?”, ”Ак илбирс”: Экинчи улуттук киносыйлык ээсин тапты”, “Адилет Каржоевдин “Сары Ою”, “Апсамат Масалиев 80 жашка чыкмак”, “Дүйнөлүк моданын салмагы Азияны көздөй оой алабы?” деген сыяктуу кызыктуу кыскача кабарлардын түрмөгү сунушталган.

Би-би-си адаттагындай эле англис тилинин радиосабагын да угармандарына сунуш кылды. Бул чыгарылышта “Мен жана менин досторум” темасына арналып, учурашууну жана коштошууну үйрөнүүгө көңүл бөлүндү.Демек, угармандар жаңылыктар менен гана таанышпастан, англис тилиндеги айрым актуалдуу фразалар жана айтымдарды үйрөнө алышат.

ОшентипБи-би-синин кыргыз тилиндеги уктурууларында радиоканалдын көз карашынан алганда дүйнөдө болуп жаткан эң маанилүү окуяларга аудиториянын көңүлүн буруш үчүн айрым «лиддер» үч жолудан кайталанат. Программада бир нече алып баруучунун болушу, документалдык жазылып алынган тасмаларды колдонуу жаңылыктарды кызыктуу кылып, монотондуулуктан арылтат. Бирок бирин бири комментарийлеген үндөрдүн көптүгү угуп кабыл алууну айрым учурда татаалдатып да жиберет.

Дагы бир белгилей кетүүчү нерсе, Би-би-синин уктурууларына кызыгуу эфирден аталган актуалдуу проблемалар боюнча бардык жарандар телефон аркылуу өзүнүн пикирин эркин билдире алгандыгына байланыштуу. Программада алдын ала жазылып алынган пикирлер уктурулуп, адистердин, көз карандысыз эксперттердин, белгилүү саясатчылардын комментарийлери менен коштолуп турат. Мындай ыкманы колдонуу албетте, угармандарды көбүрөөк тартууга өбөлгө болууда.

Адабияттар:

1.Барманкулов М. Возможности космического телевидения. – Алматы: КазГУ, 1993.

2. КасмамбетоваГ. Гүл өмүр. -Б; 2005.

3. WWW.bbc.RUSSIA.CO

4. Дүйшебаев П. Айылыңда туруп ааламды ук/Кыргыз Туусу.11-14-июль, 2003)

5.Би-би-синин эфирдик уктуруулары(2013-ж. 23.04; 2.06.)

КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ ПРОФЕССОР К.К.САРТБАЕВДИН ИЗИЛДӨӨСҮНДӨ

Сарылбекова Зууракан
п.и.к., доцент

Аскар кызы Жылдыз
улук окутуучу Ж.Баласагын атындагы КУУ

Профессор К.К.Сартбаевдин «Кыргыз тилин окутуунун методикасы» эмгеги мектептерде окутулуп жаткан кыргыз тили предметинин теориялык закон-ченемдерин, предметтик илимий мазмунун жана концепциясын тактап берген. Эмгектеги методиканын башка илимдер менен болгон байланыштары, окутуу методдору, принциптери жана кыргыз тил сабагын анын типтери, программалык материалдарды окутуунун методикалык негиздери, жат жазуу, анын түрлөрү боюнча берилген көрсөтмөлөр жана багыттар бүгүнкү күнү заманбап талабына жооп берген фундаменталдуу негизги окуу куралы болуп, практика жүзүндө окутуучулар менен студенттердин жана практик мугалимдердин колунан түшпөй колдонулуп келе жатат.

Профессор К.К.Сартбаевдин «Кыргыз тилин окутуунун методикасы» аттуу фундаменталдуу эмгеги 1951-жылы жарык көрүп, толукталып, түзөтүлүп бешинчи жолу басылып чыгат. Ал эми алтынчы жолу басылып чыгышы 1978-жылга туура келет.

Кыргыз тилин окутуунун методикасы 10 главадан турат:

I глава. Кыргыз тилин окутуунун жалпы маселелери.

II глава. Эне тилинин программалары боюнча.

III глава. Эне тилин окутуунун айрым меоддору жана дидактикалык принциптер.

IV глава. Фонетика жана орфоэпияны окутуунун методикасы.

V глава. Грамматиканы окутуунун методикасы.

VI глава. Орфографияны окутуунун методикасы.

VII глава. Пунктуацияны окутуунун методикасы.

VIII глава. Сөз сөтүрүүнүн методикасы.

IX глава. Эне тили боюнча класстан тышкаркы жумуштар.

X глава. Мугалимдердин кесиптик квалификациясын көтөрүү.

Биринчи главада кыргыз тилин окутуу методикасынын изилдениш тарыхына кыскача маалыматтар берилген. Автордун берген маалыматтары 3 параграфты камтыйт.

1. Орус тилин окутуу методикасынын негизги принциптери олуттуу маселелери XIX кылымда эле иштелип калгандыгын баса белиглөө менен эне тилин окутууда теория менен практиканын өз ара байланышын айкалыштырып алып баруу принциби колдонулууга тийиш. Бул принцип боюнча окуучулар эне тилинин материалдарын теориялык жактан канчалык өздөштүрсө, практикалык жактан ошончолук туура жазууга, адабий тилде туура сүйлөөгө үйрөнүшөт.

Дидактикалык принциптердин негизги бир түрү катарында да көрсөтмөлүүлүк принцибин сунуш кылат.

2. Кыргыз тилин окутуунун методикасы жана анын башка илимдер менен болгон байланышы боюнча автор өзүнүн жоболорун, методикалык кеңештерин сунуш кылууда төмөнкү илимдердин негиздерине таянат: жалпы тил илими, кыргыз тили, кыргыз адабияты, педагогика, психология.

Кыргыз тилин окутуунун методикасы тил илими менен байланыштуу деп, анын

төмөнкүдөй бөлүмдөрдөн тураарын көрсөтөт.

- Фонетика
- Лекскология
- Семасиология же семантика
- Этимология
- Морфология
- Синтаксис
- Стилистика.

Кыргыз тилин окутуунун методикасы жаштарга тарбия жана билим берүү жөнүндөгү илим болгондуктан педагогика илими менен байланышат.

Мугалим ар бир окуучунун өзүнө таандык жеке өзгөчөлүгүн, жөндөмдүүлүгүн туура баамдай билүүгө тийиш. Ошого карата ар бир окуучуга өзүнчө мамиле жасалат. Ошондуктан эне тилинин методикасы психология илими менен байланыштуу.

3. Эне тилин окутуу методикасындагы изилдөө методдору параграфында К.К.Сартбаев метод жана методология терминдерине аныктама берип, метод дегенибиз – чындыкка мамиле кылуунун, коомдук турмушту жана табиятты үйрөнүүнүн, изилдөөнүн, дүйнөнү тааный билүүнүн жолу деп белгилейт. Кыргыз тилин окутуунун методикасы педагогика илимдердин бир тармагы болуу менен бирге, анын өзүнчө изилдей турган объектиси (кыргыз тилинин окутулушу) илимий-изилдөө методдору бар. Кыргыз тилин окутуу методикасы мектептерде тил сабагын илимий негизде туура окутуунун жолун, методикалык ыкмаларын билүүгө үйрөтөт. Ал эми методология – ар бир илимпоздун изилдөө ишинде жетекчиликке ала турган философиялык көз карашын белгилейт. Методология дүйнөнү таанып билүүнүн, түшүндүрүүнүн жалпы философиялык багытын берет.

Ошентип, автор кыргыз тилин окутуу методикасынын төмөнкү изилдөө методдоруна кеңири токтолот:

1. Илимий-методикалык мурастарды, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду, илимий булактарды изилдеп үйрөнүү жана талдоо.
2. Окутуу жумуштарына максаттуу түрдө баяндоо жумуштарын жүргүзүп, аларды талдоо жана жыйынтыктоо.
3. Эксперимент жумуштарын жүргүзүү.

Экинчи глава «Эне тилинин программалары боюнча обзор» деп аталып, эне тили боюнча мектеп программаларынын тарыхына кыскача кайрылат. Андан кийин эне тилинин өндүрүштөгү программасы толугу менен берилип, аягында мурдагы программаларга салыштырганда жаңы окуу программасында лингвистикалык илимдин жетишкендиктерине негизделген кээ бир традициялык темалар жана бөлүмдөр жаңыдан берилгендигин факты-мисалдар менен берген.

Жаңы программа боюнча эне тили материалынын класстарга бөлүнүшү таблица түрүндө берилет. VI класс 175 саат, V класс 165 саат.

1975-76-окуу жылынын программасы боюнча VI класс 88 саат, VIII класс 72 саат, IX класс 34 саат, X класс 34 саат.

Китептин **үчүнчү главасы** «Эне тилин окутуунун айрым методдору жана дидактикалык принциптер» деп аталган. Мында автор эне тилин окутуунун айрым методдору жана методикалык ыкмалары жалпы дидактикалык принциптердин колдонулушу сабактын негизги типтери жана алардын методикалык жактан түзүлүштөрү жөнүндө маалыматтарды берген. Ошондой эле «методика» деген терминге тар мааниде жана кеңири маанаде аныктама берет.

Кыргыз тили сабагында эң негизгиси мугалим тарабынан билим, тарбия берүү жагы, ал эми берилген билим, тарбияны окуучулар тарабынан кабыл алуусун эстен

чыгарбоо керек. Билим булактарын - мугалим, китеп. Ал эми окутуунун методикалык ыкмалары:

а) мугалимдин сөзү

б) аңгеме

в) байкоолор, тилдик көрүнүштөргө талдоо (анализ) жүргүзүү

г) окуучулардын өз алдынча иштөөлөрү.

Жалпы дидактикалык принциптердин колдонулушу боюнча төмөнкү принциптерди көрсөтөт:

1. Илимий принцип – системалуулук.
2. Теория менен айкалыштыруу принциби.
3. Тил сабагынын негизги бөлүмдөрүн өз ара байланыштуу окутуу принциби.
4. Аң-сезимдүүлүк принциби.
5. Көрсөтмөлүүлүк принциби.
6. Түшүнүктүүлүк принциби.
7. Сапаттуу билим берүү принциби.

Автор сабактын негизги типтери жана алардын методикалык жагынан түзүлүштөрү боюнча:

1. Окуучуларга жаңы билим берүү үчүн болгон эне тил сабагынын болжолдуу схемасынын 9 этабын берет.
2. Окуучулардын алган билимдерин чыңдоо үчүн болгон эне тил сабагынын 7 этабын сунуштайт.
3. Окуучу алган билимин текшерүү үчүн 5 этабын белгилейт.
4. Окуучулардын өздөштүргөн билимдерин жыйынтыктоо үчүн болгон эне тили сабагын 8 этабын чечмелеп берет.
5. Кайталоо үчүн болгон сабактын 5 этабы.
6. Үй тапшырмасынын оозеки жана жазуу жүзүндө болорун белгилейт.
7. Суроо жана кайталоону уюштуруу иши.
8. Эне тилинин окуу китептерин жана окуу куралдарын иштеп чыгууда эки принципти жетекчиликке алуу зарылдыгын аныктайт.

а) тилдеги закондуулукка негизделген принцип;

б) методикага негизделген принцип.

Төртүнчү глава фонетика жана орфоэпияны окутуунун методикасына арналган. Фонетикадан бериле турган сабактардын мазмуну жана аларды алып баруунун айрым ыкмаларына токтолот. Тыбыш менен тамганын айырмасын түшүндүрүүдө «тыбышты биз кантип угабыз жана айтабыз, тамганы көрөбүз жана жазабыз» деп жөн эле айтып койбостон, тексттен сөздөрдү алып, иш жүргүзүү керек.

Фонетикалык талдоону грамматиканын жана орфорафиялык талдоолор менен тыгыз байланышта өтүүнү сунуштайт.

Фонетикалык талдоо үчүн алынган тексттерди, окуучулар интонациясы боюнча даана, басыңкы же көтөрүңкү үн менен окуй алгыдай болсун. Мисалы, «Биздин Адыл бүгүн театрга барат» деген сүйлөмдү логикалык басым менен окуганда:

1. Биздин (башканыкы эмес) Адылыбыз бүгүн театрга барат.
2. Биздин Адыл (башка эмес) бүгүн театрга барат.
3. Биздин Адыл бүгүн (башка күнү эмес) театрга барат.
4. Биздин Адыл бүгүн театрга (киного, же башка жерге эмес) барат ж.б.

Орфоэпияны окутуу тажрыйбасында окуучуларды орфоэпиялык нормалар менен таныштыруунун зор мааниси бар. Ар бир тилдин өнүгүү мезгили жана өнүгүү тарыхы бар экендигин аныктайт.

1920-30-жылдардагы мезгилде, орус тилинен кыргыз тилине кирген сөздөрдүн

айтылышында, жазылышында орчундуу айырмачылыктарды төмөнкү таблица боюнча көрсөтөт.

№	1930-жылдарга чейин (түндүк диалектиде)	1930-жылдардан кийин (Азыркы адабий тилде жана түндүк диалектиде)
	Сөз башындагы «г» тыбышы көбүнчө «к» тыбышы аркылуу же «ж» тыбышы аркылуу берилип келген: кезит, жаарапия.	Сөз башында «Г»тыбышы колдонулат: газета, география.
	Сөз башындагы «П» тыбышы колдонулбай келди: балто (0), бүнкүт.	Сөз башында «П» тыбышы даана колдонулат: пальто, пункт ж.б.

Орфографиялык нормага карата сөздөрдүн туура айтылышынын 3 түрдүү жагын эске алуу керек:

А) уңгу сөздөрдүн жеке колдонулган учурда туура айтылышы;

Б) уңгу сөздөргө мүчө жалганган учурда туура айтылышы;

В) сөздөрдүн өз ара жанаша колдонулган учурунда туура айтылышы.

Түштүк диалектиде	Түндүк диалектиде	Жалпы элдик адабий тилде
Э, ЭЭ үндүүлөрдүн колдонулушу: кэсеэл мээлим	(кесел) (мугалим)	(кесел) (мугалим)
(тоо) (суу)	тов сув	(тоо) (суу) ж.б.
Грамматикалык белгилер:		
Колуга Үй эле, буй эле	(колуна) (ал да, бул да)	(колуна) (ал да, бул да)
Лексикалык белгилер		
Пал, асел, ката, кэттэ, ини, аквети	Бал, чоң ал-абалы ж.б.	

Бешинчи глава «Грамматиканы окутуунун методикасы» деп аталып, эки бөлүмгө бөлүнүп берилген. «А» бөлүмүн морфологияны окутуунун методикасына арнаган. Ал эми «Б» бөлүмүндө синтаксисти окутуунун методикасы жөнүндө сөз болот. Бул бөлүмдө синтаксисти окутуунун методикасы иштелип чыккан. Анда синтаксистин материалдарын окуучуларга үйрөтүүдө кандай ыкмаларды колдонуу керектиги менен бирге окутуунун орчундуу маселелерине да кайрылган.

Алтынчы глава «Орфографияны окутуунун методикасына**»** арналат. Орфографияга үйрөтүү методикасынын кээ бир жалпы маселелерине токтолуп, грамматикалык орфографиялык иштерди, көчүрүп жазуу иштеринин түрлөрүн берет.

IV-VIII класстарда орфографиялык эрежелерди өздөштүрүү максатында төмөнкү диктанттардын түрүн чечмелеп берет:

1. Угуу диктанты.
2. Эскертүү диктанты.
3. Контролдук диктант.
4. Тандалмалуу (выборочный) диктант.

5. Чыгармачылык диктант.
6. Эркин диктант.
7. Көрүү диктант.
8. Фронталдык диктант.

Офографиялык сөздүк менен болгон иштердин маанисинин чоң экендигине маани берет.

Ал эми орфографиялык каталар менен иштөөдө орфографиялык каталардын учөтун жана классификациясын эске алуу керек деп окуучулар тарабынан жиберилген каталардын 11 түрүн көрсөтөт.

Жетинчи глава «Пунктуацияны окутуунун методикасы» деп аталат.

Бул главада пунктуациянын принциптерине, пунктуациялык талдоого, ага байланыштуу диктанттарга жана пунктуациялык каталар менен болгон иштерге токтолот.

Сегизинчи глава «Сөз өстүрүүнүн методикасы» деп аталат.

Окумуштуу сөз өстүрүүнүн методикасын 9 бөлүмгө бөлүп берген. Биринчи бөлүмдү «Сөз өстүрүү жумушунун кээ бир жалпы маселелери» деп атаган. Анда мектепте окуучулардын речтерин өстүрүү иши өтө олуттуу маселелерден экендигин далилдүү мисалдар менен ачып берген. Окумуштуунун пикири боюнча окуучуларды мектептен эле чогулуштарда чыгып сүйлөөгө, доклад жасоого, иш кагаздарын түзүү, газета-журналдарга макала жазууга үйрөтүү зарыл, окуучунун оозеки жана жазуу речинин өсүшүнө жалаң гана тил сабагы эмес башка сабактарда да көңүл бурулушу керек экендигин белгилеп өткөн.

Окутуу ишинде окуучулардын речин өстүрүүдө жазуу речи менен оозеки речинин ортосундагы айырмачылыктарга өзгөчө көңүл бөлүү керек. Оозеки речте үндүн жакшы чыгышы сүйлөө кебине кооздук берип турат. Ал эми жазуу речинде үндүн керектиги болбойт. Оозеки речь менен жазма речтин төмөндөгүдөй айырмачылыктарын көрсөткөн:

1. Оозеки речте үндүн кубулуп чыгышы речке кооздук берет, ал эми жазма речте үндүн керектиги болбойт.
2. Оозеки речте сүйлөө темпи, тону эске алынса, жазуу речинде глава, абзац ж.б. колдонулат.
3. Оозеки речте адам сөзүн кыймылдар, пауза менен берсе, жазмада белгилүү тынчтык керек.
4. Оюн билдирүүдө оозеки речте белгилүү бир ылдамдык керек болсо, тескерисинче жазма речте кененирээк ойлонуу зарыл.
5. Оозеки речтеги кемчиликти сүйлөп жатып, түзөтүп кетүү мүмкүнчүлүгү бар. Бирок анда черновик жок. Ал эми жазма речтеги пикирди жазууда аны оңдоп түзөтүү мүмкүнчүлүгү көбүрөөк.
6. Оозеки речь көбүнчө сүйлөөчү менен угуучунун арасындагы аңгеме сыяктанса, жазуу речинде автор тарабынан мындай формада эмес, өзүнөн алыс турган нерсеге арналгандай болот жана ал узак убакытка сакталат.
7. Оозеки речь үн (тыбыш) аркылуу берилет. Ал эми жазуу речи тамга аркылуу берилет.
8. Оозеки речь кулак аркылуу кабыл алынса, жазуу речи сөз аркылуу алынат.

Бул өзгөчөлүктөрдү айтуу менен оозеки речь менен жазуу речинин өз ара байланыштуу экендигин, бул экөө тең – ойлонуунун натыйжасынан чыга тургандыгын да айтат.

Мугалим окуучулардын оозеки речи менен жазуу речин бирдей көтөрүүсү зарыл. Оозеки речь менен жазуу речинин дагы бир байланышы – бул сүйлөөгө даярдануунда

жазып (матреиал топтоп, конспектилеп, план түзүп) даярданыш керек. Демек, оозеки речь менен жазуу речинин байланышы сөзсүз бар.

Кийинки бөлүмдө лексиканы окутуу боюнча кеңири маалымат берген. Алгач программада лексикага кандай орун берилип, класстарга кандайча бөлүнгөндүгүн айтат. Лексикалык жумуштардын мазмунуна карай төмөндөгүдөй милдеттерди ишке ашырууну сунуш кылган:

1. окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү;
2. сөздүн маанисин туура түшүнүүгө жана туура жазылышын өздөштүрүүгө үйрөтүү;
3. сөздүн көркөмдүк каражат катарында колдонулушу менен тааныштыруу;

Стилдин түрлөрү жана алардын айрым мүнөздүү белгилери жөнүндө төртүнчү бөлүмдө сөз кылат. Биринчи «стиль» деген түшүнүктүн маанисин ачып берген. «стиль» деген түшүнүк жазуучунун көз карашын жана чебердигин билдирүү менен бирге, чыгарманын жанрын да билдирет. Ал эми стилистика – речтин стили жөнүндөгү маселени текшерүүчү тил илиминин бир бөлүмү же стиль жөнүндөгү окуу.

Эне тил сабагынын кайсы бөлүмү болбосун мейли фонетика, лексика, морфология же пунктуация болбосун, стилистикага тиешелүү маселелер бар. Ошондуктан окуучуларды оозеки жана жазуу түрүндө өзүлөрүнүн, же башкалардын ой-пикирлерин мазмундуу, ырааттуу түрдө билдире алууга, логикалык ой жүгүртүүсүнө көбүрөөк көңүл буруу керек.

Профессор К.К.Сартбаев бул жөнүндө мындан көптөгөн жылдар мурун өз эмгегинде сөз кылган. Ошол эле сөз өстүрүү жумуштарынын мектептерде үйрөтүлүшү бүгүнкү күндүн бирден-бир маселелери болуп жатат.

Эмгекте класстан тышкаркы иштерди жүргүзүүнүн жолдоруна да орун берилген.

Тогузунчу главада эне тили боюнча класстан тышкаркы иштердин айрым жалпы маселелери иликтенип, иш кагаздарына токтолот. Бүгүнкү күнү билим берүүдө жана тарбиялоодо класстан тышкаркы иштердин мааниси зор экени талашсыз. Бул бөлүмдө окуучулардын билимдүү, маданияттуу болушу, окуучулардын эне тил сабагын мыкты өздөштүрүүлөрүнө көңүл буруу, окуучуларды иш кагаздары менен тааныштыруу, өз алдынча иштөө жумуштарына кайрылган.

Онунчу главада мугалимдердин кесиптик квалификациясын көтөрүү маселелери каралат.

Кыргыз филологиясы факультетинин окутуучулары жана мектеп мугалимдери жалпы билимдин жана кесиптик квалификациясын системалуу өркүндөткөндө гана коомчулуктун алдында азыркы талапка жооп бергендей эмгектене алышат. Азыр да автордун берген сунушунун негизинде азыркы мугалимдер жамааты өз билимдерин өркүндөтө алышат.

1. Системалуу түрдө өз бетинче билим алууну улантуу;
2. Эки-үч жылда бир жолу мугалимдердин билимин өркүндөтүүчү курстарда же семинарларда болуу.

Жыйынтыктап келсек, Калкабай Калыкович Сартбаев тил илиминин тармактары боюнча изилдеген ар бир монографиялык эмгектеринин окуу куралдарынын кайсынысы болсо да, тиешелүү илимдин калыптанышы анын өсүп-өнүгүшүнө зор салым кошкондугу менен айырмаланып бааланууда.

Окумуштуунун «Кыргыз тилин окутуунун методикасы» эмгеги бүгүнкү күндө да өз күчүн жоготпой, студенттердин да, окутуучулардын да, окумуштуулардын да негизги таяна турган универсалдуу, фундаменталдуу адабияттарынан болуп, автордун илимий мурастары катары пайдаланууда.

Адабияттар:

1. К.К.Сартбаев. Кыргыз тилин окутуунун методикасы. Мектеп, 1951.
2. К.К.Сартбаев. Кыргыз тилин окутуунун методикасы. Мектеп, 1978.
3. Ж.Чыманов. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы.Б., 2010.

ӨСПҮРҮМ КУРАКТАГЫ ОКУУЧУНУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ПЕДАГОГИКАЛЫК ТАЖРЫЙБАСЫНАН

Мухаммед Гундогду,
БГУ, аспирант

Биз бул билдирүүдө республиканын бир катар орто мектептеринде, айрыкча кыргыз-түрк лицейлерде өспүрүм курактагы окуучунун жеке табигый ички чыгаррмачылыгын калыптандырып, аны менен гана чектелбей андан ары өнүктүрүү маселеси боюнча жүргүзгөн педагогикалык тажрыйбабыз тууралуу айтып берели дедик. Жалпы билим берүүчү орто мектептердин айрыкча кенже курактагы окуучуларынын чыгармачылыгын өнүктүрүү педагогика менен психология илимдеринде негизги факторлордун бири экендигин салтуу педагогика да инновациялык теориялар да көптөн бери тастыктап келет.

Соңку мезгилдердеги коомдук аң-сезимдин өнүгүүсү, андагы окутуп-тарбиялоо процессиндеги позитивдүү тенденциялар ар бир адамдын (айрыкча мектеп курагындагы жаш адамдын) жеке, керт башынын эркиндигинин артышына объективдүү шарттар менен ы ыңгайлуу өболгөлөрдү түзүп берди. Учурдун талаптарына ылайык орто мектептин төмөнкү класстарынан тартып эле ар бир окуучунун келечектеги тандай турган кесибине жана жалпы эле сабактарга болгон кызыгуусунун, мунун таасири менен анын жеке чыгармачылыгынын артышы күндүн актуалдуу маселесине айланып калды. Мына ушунун натыйжасында личностун калыптанышында адамдын эркин тандоосу, анын жеке чыгармачылыгынын өнүгүүсү негизги маселе болуп эсептелет. Анткени жеке чыгармачылык ар баланын ар тараптуу өнүгүшүнө, өзүнүн жөндөмдүүлүктөрүн ар тараптуу өнүктүрүшүнө шарттарды түзүп берет. Мындай көрүнүш учурдагы педагогиканын негизги фактору жана педагогикалык-психологиялык талаптары.

Өспүрүм курактагы мектеп окуучусунун чыгармачылыгын өнүктүрүүнүн педагогикалык негизги фактору - анын тигил же бул предметке (сабакка) болгон өзгөчө кызыгуусу эмес, дегеле, анын жалпы ички табигый жөндөмдүүлүгү, же болбосо, психологиянын түшүнүгү менен айтканда, ички интеллекти экендигин айтышыбыз керек.

Чыгармачылык жөндөмдүүлүк – бул инсандын (личность) жеке касиет-белгилери менен ички интеллекти же болбосо, ички табигый жөндөмдүүлүктөрүнүн синтези, булар ошол окуучунун тигил же бул иш-аракетине же чыгармачылык ишмердүүлүгүнө дал келе турган деңгээлин аныктап турат. Булар, чынында, белгилеп коюшубуз керек, ар бир ишмердүүлүктө, ар кандай кырдаалдарда ошого жараша өзгөрүп турушу толук мүмкүн, ушунун өзү чыгармачылык деп аталат. Так мына ушул чыгармачылык жөндөмдүүлүктүн педагогикадагы экинчи бир фактор.

Өспүрүм курактагы мектеп окуучусунун чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык мындай факторлору ар бир окуучунун өзүн-өзү башкаруудагы жеке жөндөмүн, мүмкүнчүлүктөрүн, мотивациялык-чыгармачылык

активдүүлүгүн, интеллектуалдык жеке касиеттерин жана эвристикалык мүмкүнчүлүктөрүн аныктап турушу керек. Бүгүнкү күндө Кыргызстандын жалпы мектептеринде да бул өлкөдөгү билим берүү “Себат” кыргыз-түрк лицейлеринде да өспүрүм курактагы окуучунун жеке чыгармачылык табигый жөндөмдүүлүгүн өстүрүү боюнча педагогикалык баалоонун бирдиктүү бир критерий-талартары жок, ар бир жөндөмдүүлүктүн түрү өзүнүн баалоо, аныктоо талап-критерийлери менен жашайт.

Ал эми өспүрүм курактагы мектеп окуучусунун жалпы чыгармачылыгын жана ички табигый жөндөмдүүлүгүн аныктоо боюнча тесттик тапшырмаларды, методиканы иштеп чыгууда, чыгармачылык тапшырмаларды аткарууда педагогика менен психология илимдеринде мурдатан иштелип чыккан мына бул талап-критерийлерди колдонуу талап кылынат: өспүрүм курактагы мектеп окуучусунун тигил же бул чыгармачылык тапшырманы аткарып жаткандагы ал сунуш кылган идеялар менен божомолдордун (гипотеза) учурга дал келүүсү менен жаңычылдыгы, оригиналдуулугу менен натыйжалуулугу, жалпы илимий чыгармачылык талаптарга дал келүүсү менен кайталангыстыгы (уникальность) бааланышы керек.

Өспүрүм курактагы мектеп окуучусунун чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн педагогикалык негизги фактор катары калыптануусун же учурдагы абалын баалоо, аныктоо процессинде биз соңку эки окуу жылы аралыгында өспүрүмдөрдүн ортоңку звенодогу (V – VII класстар) сабак-предметтерге, алар боюнча жүргүзүлгөн сабак прцесстерине болгон адаптациясын аныктап көрдүк. Мында өспүрүмдүн жалпы эле чыгармачылык субъектисиинин калыптанып баратканы байкалды. Бизге негизги бир нерсе белгилүү болчу: мындай эксперименттке тартылган окуучулардын биз менен боло турган ачык диалогко тартылышы үчүн социалдык-психологиялык бир катар факторлордун чечилиши жана буга ылайык педагогикалык шарттардын түзүлүшүкерек болчу, биз мындайлардын баарын эске алдык.

Мындай ыкма-амалдар менен жүргүзүлгөн экспериментте өспүрүм курактагы окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу процессинде же анын канчалык деңгээлде бар экендигин баалоо порцессинде биз бир нече педагогикалык факторлорду да у нутта калтырган жокпуз. Андай факторлордун биринчиси, айталы, өспүрүмдүн буга чейин калыптанып калган ишмердүүлүк жөндөмдүүлүгү менен анын ички табигый туруктуу жөндөм-шыгы, шартка жараша калыптанып олтурган билими менен билгичтиктери, сабакты өздөштүрүүдө, тапшырмаларды аткарууда, эмгекте, таанып-билүүдө жана башкалар менен алака-катышта, мамиледе – мына ушул процесстердин ортосундагы байкалган карама-каршылыктар болду.

Ошого карабастан, социомаданий чөйрөдөгү жүрүп жаткан тынымсыз өзгөрүүлөр, андагы тынымсыз болуп жаткан кайталануулар ар бир инсандын чыгармачылык потенциалынын толукталашына, калыптанып, өөрчүп-өнүгүп отурушуна алып келээри белгилүү болду.

Чыгармачылык жөндөмдүүлүктү калыптандыруу процессинин тарыхый өнүгүшүнө назар салсак, анын ички табиятында бир катар карама-каршылыктар болуп келгенин көрөбүз. Инсандын өзүнүн калыптанышындагы айрым элементтер (таанып-билүүчүлүк, мотивациялык, ыкчам аракет, жаңылыкты тез кабыл алуу ж.б.у.с.) менен ишмердүүлүк субъектин ортосундагы карама-каршылыктар. Мындай шартта, психологдордун пикирине ылайык, калыптануунун, өнүгүүнүн ички факторлору тууралуу сөз кылуу зарылдыгы келип чыгат, инсандын өзүнүн андай карама-каршылыктарды байкап, өзүн-өзү башкаруу “механизмин” ишке киргизүү аракетине жараша болот, мунун натыйжалуулугу ар кандай факторлорго караганда кыйла жогору.

Өспүрүм курактагы мектеп окуучусунун калыптанып келе жаткан инсан катары өзүн-өзү таанып билүүсү, анын иш-аракеттериндеги рефлекция биздин

эксперименталдык изилдөөлөрүбүздүн предметине айланды. Рефлекция – чыгармачылык процесстин эң эле бир маанилүү факторлорунун бири катары ал окуучунун чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн көрсөтүп туруучу барометр, же болбосо критерий катары кызмат аткарат. Психология илиминдеги рефлекция феноменин педагогикалык жактан терең өздөштүргөндө, анын натыйжаларын байкай баштаганыбызда гана мунун инсандын жеке чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу процессиндеги кандайдыр бир комплекстүү иш жүрүп жатканын байкадык. Тажрыйбалык-экспетименталдык ишибиздин натыйжалуулугу да мына ушунун натыйжасында даана көрүнө баштады.

Мындай натыйжаларды кандай көрсөткүчтөр аныктады? Эң оболу, ишмердүүлүктүн субъектисиинин (башкача айтканда, тажрыйбалык изилдөөлөргө катышкан өспүрүмдүн, инсандын) ой-жүгүртүүсүндүгү жана иш-аракеттериндеги өзүнө-өзү сынчыл мамиледе болушу (самокртичность). Окуучудагы мындай касиеттер азыр социалдык ири мааниге ээ болуп, окуу процессинин ар кандай кырдаалдарында (тигил же бул маселе боюнча өзүнүн оюн айтууда, кырдаалдык талаш-тартыш учурунда, ишти рецензиялоодо, баалоодо) натыйжалуу фактор экендигин көргөзүп келет.

Экинчи көрсөткүч катары чыгармачылык ишмердүүлүктүн стилин айтууга болот, бул өспүрүм курактагы окуучунун ар кандай окуу кырдаалдарында өзүнүн оюн далилдеп, өз позициясын бекемдөө аракеттеринен көрүнөт. Мында, талашсыз, өспүрүм курактагы окуучунун буга чейин сабак берип келеген мугалимиинин да таасири бар, ошонун жетектөөсү, багыты менен гана өспүрүм тигил же бул маселеде өз позициясын бекемдеши мүмкүн.

Үчүнчү көрсөткүч - өспүрүм курактагы мектеп окуучусунун ар кандай окуу-тарбия процессинде, же кырдаалдарда суроо коө билиши. Сабакта өтүлө турган темасын мугалим толук түшүндүрүү, эч нерсесин калтырбай окуучуга жетикирүү педагогикалык стереотипке айланып калды, чынында, иш жүзүндө мындай боло бербеши толук ыктымал. Андай болгон күндө окуучуда берээр суроо калбашы мүмкүн да. Бирок ар кандай абалда окуучунун рефрекциялык активдүүлүгү тигил же бул балким түшүнүктүү маселеден айрым бир суроону пайда кылат, ал анысын мугалимине берет, бул жаман эмес. Мунун өзү окуучунун ар кандай шартта проблема көрө билүү жөндөмдүүлүгүн көрсөтөт, а мунун өзү чыгармачылык жөндөмдүүлүктүк калыптануу процесси эле.

Төртүнчү көрсөткүч - өспүрүм курактагы мектеп окуучусунун сабак процессинде талаш-тартышты, дискуссияны жарата билүүгө болгон далалаты, аракеттери. Сабак өтүүнүн диалог формалары рефлекцияны өнүктүрөт, ал эми монолог иретиндеги сабактар рефлекциялык-баалоо процессине тоскоолдуктарды жаратат.

Биздин жеке пикирибизде, мектеп курсундагы предметтерди субъективдик методдор менен багыттан, кызматташтыкка, группалар менен иштөөгө, өнөктөштүккө, диалогко багыттап, ар бир инсандын жеке чыгармачылыгынын өнүшүнө шарттар түзүлүшү керек. Активдүү чыгармачылык жөндөм дал ошол диалгдо, өнөктөшүп иштеп жаткан учурда жаралышын унутпашыбыз керек. Өспүрүм курактагы окуучунун рефлекстик чыгармачылык жөндом-шыгынын калыптанышына сабактарда кетирилген каталарды кайрадан эске түшүрүү, кайталоо (иммитаиялоо), окуучунун жеткилең айтып же түшунө албаган маселелерди кайрадан карап чыгуу иштери өбөлгө болоорун биздин жүргүзгөн тажрыйбалар көрсөттү.

Ошентип, биз эки жылдык эксперименттик-тажрыйбалык иштердин жыйынтыгында мындай тыянактарга келдик: чыгармачылыкка багытталган өспүрүм курактагы окуучу инсандын калыптанышындагы негизги фактор болгон рефлекциянын

процессинде, баарынан мурда, өзүн-өзү окутууга жана өзөн-өзү тарбиялоого багыт алат экен. Ал эми сабактарда тигил же бул багытка ориентацияланган, мурдатан жетекке көнгөн, тапшырылган нерселерди кыйшаюусуз аткарып көгөн окуучуда рефлекция да болбойт, а эң негизгиси, анын жеке чыгармачылык жөндөмдүүлүгү калыптанбайт.

БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА ЖЫЛ МЕЗГИЛДЕРИН ОКУТУУ

Өмүрзакова Карамат
К.Тыныстанов атындагы ЫМУ, улук окутуучу

Башталгыч класстардын адабий окуу сабагында жыл мезгилдерин окутуунун өзгөчөлүгү бар. Анткени окуучуларга ар бир жыл мезгилинин өзүнө тиешелүү, мүнөздүү өзгөчөлүгү, айырмасы тууралуу баяндап айтуу, түшүндүрүү, алардын кабыл алуусун, ой жүгүртүүсүн, өз алдынча байкоо жүргүзүүсүн, изденүүсүн өстүрөөрү бышык. Жыл мезгилдери тууралуу билими, билгичтиктери өнүгөт, түшүнүгү артат. Андыктан мугалим сабак өтүүдө предмет аралык байланышты баса белгилей кетүүсү сабактын натыйжалуугун арттырарын эске алууга тийиш. Алсак мекен таануу сабагы менен, жаратылыш менен тыгыз байланыштырып өтүү окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун, дилгирлигин арттырат. Кошумча маалыматтарды, материалдалды өз алдынча окуусуна түрткү берет. Чыгарма жаратуусуна, жазуусуна, жыл мезгилдери тууралуу билгендерин ырааттуу баяндап айтууга т.а. жазуу жана сүйлөө (оозеки) кебинин өсүшүнө абдан чоң өбөлгө болот.

«Берекеүү алтын күз» бөлүмүнө экинчи класста тогуз саат бөлүнгөн. Бул бөлүмдө жыл мезгилдеринин күрдөөлү күз мезгилиндеги жаратылыш, эмгек жана күзүндө болгон айрым кызыктуу окуяларды чагылдырган чыгармалар (тексттер) камтылган. Бөлүм Жолдошбай Кененбаевдин «Кырман толгон кызыл дан» ыры менен башталат.

Кызуу кыймыл кырманда,
Күз келгенде уланат.
Жакшы түшүм алдык деп,
Жалпы эл-журт кубанат.

Ырды мугалим окуп берет жана ырдагы жаңы сөздөрдүн маанисин, мазмунун окуучуларга түшүндүрүп берет. Андан соң табышмакты окушат. Табышмакты окутууда окуучулардын тапкычтыгы, зиректиги, реакциясы, ойлонуусу өсөт, мугалим сабактын жүрүшүндө балдарга табышмактын жандырмагын оңой, жеңил табуу үчүн анын берилишин абдан кунт коюп угуу керектигин эскертет. Анткени кунт коюп уккан окуучу, жакшылап ойлонуп көрсө, табышмактын жандырмагын табуу канчалык жеңил болоорун өздөрү да баамдашат.

Мисалы; табышмакты таап көрөлү:

Жашыл шайы оронот,
Өзү топтой тоголок.
Ичи чоктой албырат,
Жесең суусун кандырат. *(дарбыз) (А.Токтомаметов)*

Байкап көрдүңөрбү балдар, табышмактын жандырмагын табуу үчүн бир мүнөт көзүңөрдү жумуп, өңү жашыл, формасы томолок бир нерсени,затты көз алдыңарга элетеип көргүлөчү, эми анын ичи чоктой дейт, муну кандай түшүнөсүңөр? Окуучулар чоктун өңү кыпкызыл экендигин айтышат. Мугалим өңү чоктой кыпкызыл бирок, жесеңер суусунду кандырган бул эмне? Окуучулар бат эле табышмактын жандырмагы *дарбыз* деп табышат.

Кыргыздын белгилүү акыны Турар Кожомбердиевдин «Күз келди» ыры сунуштулган. Ырдын текстин карап көрөлү.

Күз келди күлүп, жадырап,
Күбүлөт алма бадырап.
Мойтойгон ойноо бөбөктүн
Чөнтөгү толо бадырак.
Саргайып куурап калдырап,
Жел менен учат жалбырак.
Мээрман күзүм энемдей
Мээримин төгөт балбырап.

Ырды окуп берген соң мугалим акындын ыры тууралуу төмөнкүдөй суроолор менен иш алып барат.

1. Кана, эмесе, табалычы? Эмне үчүн акын эне менен күздү бири-бирине салыштырып жатат? Бул экөөнө тең тиешелүү сап кайсы? Албетте окуучулар китептен карап *«Мээрман күзүм энемдей» деп табышат.*

2. «Күз келди күлүп, жадырап» дегенден башка дагы кайсы саптар күздүн келгенин билрип турат? Окуучулар «Күбүлөт алма бадырап» деп табышат. Анткени күз мезгилинде алма , өрүк жана башка мөмө -жемиштердин бышаарын жакшы билишет.

3. Ал эми бул ырда кайсы мезгил сүрөттөлгөндүгүн кантип билүүгө болот?

Биринчиден, ырдын темасы «Күз келди» деп турат.

Экинчиден, ырдын биринчи сабы Күз келди күлүп, жадырап деп турбайбы, албетте бул ырдын КҮЗ мезгилине арналгандыгын табуу кунт коюп окуган, уккан окуучулар үчүн кыйынчылык деле туудурбайт деп ойлойм. Ырдан кийин *«Жаз - жарыш, күз - күрөш»* макалы берилген. Бул макалды мугалим өзү окуп берет да, жакшы окуган бир окуучуга окутат. Макалдын маанисин, мазмунун окуучулардын кандай түшүнгөндүгүн сурап, эмгек жана күз темасына арналган дагы кандай макалдарды билерин сурап, сабакты Каныбек Жунушевдин «Казга тиштеп барыптыр» аттуу ыры менен улантат. Ырдын текстин карап көрөлү.

Казга тиштеп барыптыр
Күчүк эмен жалбырагын
Казга тиштеп барыптыр:
Мобул Сенин таманың го,
Жерге түшүп калыптыр.

Күчүктүн эмендин жалбырагын казга тиштеп барган себеби эмнеде экендигин балдардан сурап, окуу китебиндеги сүрөт менен иштейбиз. Анткени сүрөттө абдан даана көрүнүп тургандай, эмендин жалбырагын күчүк каздын таманына (изине) окшотуп көтөрүп барганы айтпаса да түшүнүктүү экендигин баамдоо кыйын эмес экендигин көрүүгө болот. Ырды үйдөн жаттап келүүгө беребиз. Аталган ыр окуучулардын дүйнө таанымы, көркөм кыялдануусу, өз алдынча изденүүсү өндүү көндүмдөрүнүн өсүшүнө, калыптанышына шарт түзөт.

Күз мезгилиндеги күрдөөлдүү эмгек темасын чагылдырган Муса Жангазиевдин «Жардам бердик» аттуу ыры орун алган. Ырды өтүүдө жыл мезгилдеринин ичинен күзүндө тактап айтканда күз мезгилинде кандай мөмө-жемиштер бышарын, алардын өзгөчөлүктөрү, кайда өсөрү ж.б. суроолорду берүү менен окуучулардын билгичтиктерин оозеки текшерип көрүү орундуу.

Жардам бердик
Жардам бердик,
Алма тердик.
Айлыбыздын багынан.

Жаңгак кагып,
Күнгө жайып,
Койдук дагы жаңыдан.
Жардам бердик,
Жүзүм тердик,
Корзиналар толгуча.
Чарчабадык,
Чаалыкпадык,
Тегиз жыйнап болгуча.
Жардам бердик,
Жийде тердик,
Бакка чыктык, ойнодук.
Гүл жыйнадык,
Ыр ырдадык,
Жемиш тоюн тойлодук.

Ырды мугалим өзү көркөм окуп, окуучуларга окутуп бүткөн соң, окуу китебиндеги суроолор жана тапшырмалар менен иштейбиз.

1. Ыр жактыбы досум? Бул ыр эмнеликтен мындай жакшынакай?
2. Бул ырдагы кайсы сап бүтүндөй ырдын мазмунун чагылдыра алат?
3. Төмөнкү макалдардын кайсынысы ырдын мааниси менен дал келет?

«Жамгыр менен жер көрөт, эмгек менен эл көгөрөт», «Ырыс алды - ынтымак», «Улууга-урмат,кичүүгө ызат», «Адептүү алкыш алат, адепсиз каргыш алат».

Жогорудагы макалдардын маанисин окуучуларга түшүндүрүп, сөз өстүрүү иштерин жүргүзүп бүткөндөн кийин, балдардын ырды андан ары өздөрүнүн чыгармачылык дараметине жараша улантуусу үчүн түрткү берилет.

Балдар, ушуга окшоштуруп ырды улантууга болобу?

Кана, аракет кылып көрөлү! (окуучулар өз алдынча аракеттенип ыр жаза башташат)

Мисалы; Жардам бердик

Кулпунай тердик..же болбосо, карагат тердик ж.б. …

Ырды жаттоого беребиз. Анткени жаттоо үчүн берилген тапшырма мейли ыр, мейли табышмак, калп жана башка кайсы жанрдан болбосун, ал окуучулардын эске тутуусун жакшыртат, өстүрөт, андан ары өркүндөшүнө өбөлгө болот.

Жыл мезгилдерин жөнүндө «Жыл жана анын төрт уулу» жомогу II бөлүмдөн туруп, аталган текстин жомок экендигин айырмалоо балдарга көп кыйынчылык туудурбайт. Жомоктун башталышы, аягы жөнүндө чоң энесинин жомогун балдар көп жолу угушкан. Жомоктордун «Илгери, илгери өткөн заманда», же болбосо «бар экен, жок экен» деп башталарын жакшы билишет. Жомокто жыл мезгилдери жөнүндө кеп козголот. Тактап айтканда жылдын төрт уулу аттары (ысымдары) Кыш, Жаз, Жай, Күз деп аталганы өтө кызык болуп турат. Жомокту окуп баштаганда окуучуларга жылдын төрт уулунун аттары (ысымдары) тууралуу алардын ою кандай экендигин сурайбыз жана алардын өзгөчөлүктөрү, жаратылыштагы өзгөрүү процесси жөнүндө аңгемелешебиз.

Ушул эле бөлүмдө дүйнө таануу ырларынан Токтосун Самудиновдун «Кулпунай», «Масилет» ырлары орун алган. Андан соң, жыл мезгилдеринин тогошуп, күздүн кышка алмашкандагы өзгөчөлүгүн А.Токтомамбетов «Жалбырак» чыгармасында абдан сонун, кызыктуу, элестүү чагылдырып берген. (17-18-б.б.)

Кыргыздын пушкини Алыкул Осмоновдун «Куштар кетти» ыры жаш балдардын баамында чабалекей, кара чыйырчыктардын кетиши, акындын ал канаттууларды жакшы жерге консо экен, аман-эсен болсо экен деп жыйынтыкташы балдардын жаныбарларга, келгин куштарга камкордугун арттырат. Ошону менен бирге алардын жазында бизге кайра келери бышык да. Андыктан кайра бизге келгенче аман-эсен болсо экен деп жатпайбы. Андан кийин башталгыч класстардын окуучуларына жылмаюу, жакшы маанай тартуулаган Апендинин жоруктары, юмор менен бирге Жолон Мамытовдун «Урушкандын пайдасы» атуу ырында -

Эки теке сүзүштү

Сакалдарын үзүштү (ырдын тексти сабакта толук окулат)

****

Эки бала чекишти

Эртесинде бекишти – деп кыргыз элинин «Эр чекишпей - бекишпейт» - деген макалынын тарбиялык мааниси өтө зор экендигин дагы бир жолу бекемдейт.

Экинчи класста тамсил жанрынан «Эки эчки» (Райкан Шүкүрбеков), «Түлкү менен кумурска» жомогу, андан кийин окуучулардын тилин жатыктыруу максатында Байтемир Асаналиевдин төмөнкү жаңылмачы орун алган.

Аскадагы карт аркар

Карт аркар мүйүзүн каркайтар

Ата албаган жаш мерген

«Аядым» деп калп айтар - деп *«р»* тыбышын улам кайталоо менен жаш өспүрүмдөрдү жаңылмачты айтууга көнүктүрөт, машыктырат. Бөлүм боюнча жалпы суроолор берилет. Ал суроолорду мугалим китептен окуп берет.

Жыл мезгилдеринин ичинен жаз, жай, күз жана кыш болуп бардыгы жөнүндө бир учурда балдарга таанытууга мүмкүнчүлүк түзгөн Касым Тыныстановдун «Талаага тай өнүптүр» (1 саат) аңгемесинен үзүндү окутулат. Бул текстти окутууда Абылдын атакесине «тай алып бер!»- деп асыла бергенинен улам, атакеси Абылга –макул балам, жаз чыксын. (кыш мезгилиндеги маек экендигине көңүл бурулууга тийиш) Сен мектептен бошогон кезде мен тайыңды даяр кылып коемун. Ага чейин сен жакшылап окуй бер, - дейт. Жаз келип, Абыл мектептен бошойт да, тайын атасынан кайра сурайт. Ошондо атасы Абылга тайыңды талаага айдап койгом, жүрү ошону сугарып келели-дейт. Абыл атасына ишенбей, тайды талаага айдаганы эмнеси деп таңыркайт. Атасы Абылды талаага алып келип жаңыдан өнүп чыккан тарууну көрсөттү да, мына балам, Сенин жорго тайың, -деп көрсөттү. Абыл – бул тарууго? –деди. Атасы:- туура баксаң күзүндө тай болуп калат, – деди. Ошентип күз болуп, таруусун Абыл өзү орду. Тарууну жыйнап, кырманга салып бастырышты. Тарууканкан болуп калат да, кышкысын баасы асманга чыгат. Койчуман эки кап таруусун бир жорго тайга сатат. Атасы Абылга: - Мына, балам, баягы талаага айдап койгон Сенин жорго тайың,-дейт. Ошондо гана Абыл талаага тайдын өнөрүнө чындап ишенди. Бул аңгемени окутуу менен биз, окуучуларды, мыкты окууга, билим алууга, эмгектенүүгө, убаданы бек тутууга, ак эмгектин арты менен максатына жетүүгө багыт беребиз, көнүктүрөбүз жана тарбиялайбыз. Диалогдук кептерди ролдоштуруп окутуп, Абылдын ордунда болсоң, сен эмне кылат элең? - деген суроо коюп, чыгарманы улантып, же өзгөртүп жазуусуна көмөк түзөбүз.

БАТАНЫ КЫРГЫЗ ТИЛ САБАГЫНДА КОЛДОНУУ

Кыдырова Аида
окутуучу, Ж.Балсагын атындагы КУУ

Бүгүнкү күндө балдарга билим жана тарбия берүү иши жооптуу жана кыйын. Анткени биздин коомдо социалдык – экономикалык кыйынчылыктардын негизинде адеп , ыйман сыяктуу маселелер унутулуп бара жатат. Ошондой эле, жаңы техниканын ар түрдүү багыттарынын көбөйүшү дагы буга себеп болот.

Эң өкүнүчтүүсү, бул тармактын жайылышынын себебинен балдардын акыл-ой, убакыт, кызыгуусун жаратып, билим алуу, тарбия маселелеринин артта калышында болуп жатат.

Ал эми билим, тарбия, адеп-ахлак идеологиясы – бул улуттук идеология болуп эсептелгендиктен, анын кыргыз тили жана адабияты сабактарынын мазмунуна сиңирилгендигин унутпашыбыз керек.

Көп учурда, кээ бир мугалимдер жеңил жана үстүртөн сабак өтүү менен чектелет. Мында биздин жаш муундарыбыз элдин рухий дүйнөсүнөн, акыл казынасынан кабарсыз калаары белгилүү. Ошондуктан биз кыргыз элинин дөөлөттөрүн жана анын үлгүлөрүн иштеп чыгып, аларды сабак процессинде колдонуп, коомубуздун идеологиясы катары бала-бакча, мектеп, жогорку окуу жайларында жайылтып, жаштарыбызды ошол нукта тарбияласак жакшы болот.

Андыктан, кыргыз тил сабагында элибиздин улуу наркы болгон **- батаны** , анын маанисин , элдик ишенимин, бата берүү салтын окутуу зарыл.

Ар бир улуттун жаш муунду тарбиялоодо топтолгон тажрыйбалары болот эмеспи. Кыргыз эли дагы батаны ыйык сактап, жаштарды тарбиялоодо колдонуп келген. Бата өмүр үчүн өбөк, таяныч, жетектөөчү да боло алган.

Бата себепсиз айтылбайт. Аны ички зарылдык гана айттырат.

Кыргыздарда батаны эл туу туткан касиеттүү адамдар айтып келген. Эгерде **той учуру** болуп калса:

«Айланайындар, башыңарга бак консун, тоюңар тойго улансын, тең арып, тең карыгыла, эриш-аркак болуп өмүр сүргүлө, бакыт кушу колуңардан учпасын, алдыңарды мал, артыңарды бала бассын »-деп айтылса, колго суу куйган жаш балдарга: **«Көп жаша, суудай тунук бол, тилегиңди берсин», сапарга чыккан адамга:«Кыдыр жылоолосун,Кыдыр жолдошуң болсун», эмгек ишинде болсо: «Ишиң илгери болсун, көчкө** карата айтылса**:**

«Көч көрктүү болсун,
Журт жуктуу болсун,
Унаа кабыл болсун,
Айлана адил болсун,
Кызың кылыктуу болсун,
Уулуң урматтуу болсун,
Келиниң келбеттүү болсун»- деп айтылган.

Кош бойлуу аялга:»Аман-эсен бошонуп , көз жарып ал »,

Жаңы төрөлгөн балага: »Кудайым наристеге узун-өмүр берсин, ырыс-кешиктүү болсун, күйүмдүү жигит болсун», **аскерге жөнөгөндө**:»Эсен-аман эл четине, жоо бетине барып кел, кудайым бөөдө кырсыктан, бейкүнөө ажалдан сактасын»-деп айтылган.

Батаны айтууда алакан жайган адам канчалык көп болсо, бата ошончолук өтүмдүү

болот деген элдик ишеним да кыргыз элинде жашап келген. Андыктан , адамды ар тараптуу өнүктүрүүдө, үмүтүн жандандырууда жана ишенимин арттырууда батанын мааниси өтө зор болгон.

Бата- адамдар арасында мээр төгүүгө, сылык- сыпайы сүйлөшүүгө чоң пайдасын тийгизен. Ошондуктан элибизде:

«Сөз кубаты –ак бата,
Сөз атасы- ак бата» -деп айтылган.

Кайсы гана элдин турмушунда болбосун, таалим-тарбия, элдик нарк, салт, адеп-ыйман сыяктуу маселелер эң маанилүү иш- аракет катары бааланып келген. Ар бир элдин келечеги болгон кыз-уландар өз элинин уңгулуу , уюткулуу тарбия көрөңгөсүнөн таалим алышып, элдин татыктуу адамы болуп, ата-салтын, эне адебинин жолун жолдоп, турмуш көчүн улантышкан.

Элибиздин кадырлуу карыялары, даанышмандары, мээримдүү энелерибиз жаштарды оң жолго салып, ак сөзүн айтып келишкен. Мына ошондой сөздөрдүн бири-**бата сөзү.**

Бата берүү сөзү өзгөчө басым менен айтылат.Анда ыргак болот. Ошондуктан, батада айтылган сөз так, жеткиликтүү берилет.Бул анын таасирдүүлүгүн арттырат.

Андыктан, батанын үлгүлөрүн иргеп алып, аларды сабакта түрдүү көнүгүүлөрдү иштөөдө, сөз өстүрүү, фольклор,салт таануу боюнча ар кандай иш-чараларда, грамматикалык материалдарды үйрөтүүдө колдонсок , жакшы натыйжаларды берип , баалуу сабактардан болот-деп ишенебиз.

Батаны кыргыз тил сабагында колдонуу боюнча **сабактын бир үлгүсүн** сунуш кылабыз:

Сабактын темасы: «Батаны кыргыз тил сабагында колдонуу».

Сабактын максаты:

а) Балдарга кыргыз элинин улуу наркы болгон - **батаны**, анын маанисин, колдонуу жагдайларын, элдик ишенимин, жашоодогу ордун түшүндүрүү.

б) Ал аркылуу балдарды эркин сүйлөөгө, сөз байлыгын, ойлоо жөндөмүн өстүрүүгө үйрөтүү.

в) Элдин баалуу каада-салттарын, үрп-адаттарын, элдик ишенимин, эне тилин, элин-жерин ыйык сактоого тарбиялоо.

Сабактын тиби: Жаңы материалды өздөштүрүү.

Сабактын методу: Аңгемелешүү, суроо-жооп методу.

Сабак аралык байланыш: тарых, адабият, этнопедагогика .

Сабактын жабдылышы: окуу китептери, «Кут Ордо», «Рух Кенчи», « Мурас» газета-журналдары, энциклопедиялар, сүрөттөр, ж.б.

Сабактын жүрүшү:

Балдарды уюштуруу аркылуу активдештирип, көңүлдөрүн сабакка буруу. Жаңы

сабактын максаты менен тааныштыруу.

Адегенде, балдар төмөнкү суроолорго жооп беришет:

Азыркы күндө бата айтылабы, батаны кимдер беришет, алардын мааниси кандай?
Балдар билген маалыматтарын айтышат.

Жаңы теманы түшүндүрүү:

Туура айтасыңар балдар, ата-бабаларыбыз бекеринен «Бата менен эл көгөрөт, жамгыр менен жер көгөрөт »,»Атаңдан бото калбасын, бата калсын» -деп айткан эмес, булардын мааниси өтө зор болгон.

Кыргыздарда илгртеден жоо майданына аттанган баатырлар касиеттүү адамдардан эң биринчи бата алып чыгышкан.

Ал эми тескерисинче, кылычтын мизинен коркпогон адамдар, тескери батадан коркушуп, жаман ниеттеринен кайтышып, дилин тазартышкан.

Бата алган ар бир адам өнүп-өскөн, жамандык көрбөгөн.

Бата ыйык болгондуктан, аны берүүчү да, алуучу да ниети таза адам болуш керек болгон. Батада айтылган сөз күчтүү, таасирдүү болгон, ал дайыма аткарылган.

Мисалы, **силер айткылачы**, кайсы учурда батага ээ болосуңар?
Силер кимдерден бата алгансыңар?
Балдар жооп беришет.

Туура, ак батаны бизге ата-бабаларыбыз аруу тилек менен беришет.Алар силердин келечекте жакшы адам болуп, ата-энеге, эл-жерге кызмат өтөгөн жаштардан болушуңарды тилеп, ак батасын беришет:

«Улууну сыйлап, жетик бол,
Кичүүгө өмүр шерик бол,
Аккан суунун шары бол,
Оруулууга дары бол,
Опол тоодой кары бол».

Келгиле эми, бата боюнча **шиңгил(кластер)** түзүп көрөлү:

Бата улуу нарк
Бата ак сөз бата ыйык

Бата

Бата өнүктүрөт,өстүрөт, Бата сөз кубаты жетектөөчү,таяныч Бата сөз атасы

Бата жандандырат,багыт берет

Бата куткаруучу,сактоочу,жалгоочу

Жаңы темабызды бышыктап көнүгүү иштеп көрөлү:

1) «Алдыңарды мал,
Артыңарды бала бассын »-деген сөздөн синоним,антонимдерин тапкыла, мындай мисалдардан дагы ойлонгула?

2)Бул сөздүн маанисин чечмелегиле?

«Куру аякка бата жүрбөйт».
«Сөз атасы-ак бата»

3)Бул сөздөрдү ойлонуп толукта**.**
а) Тилеген…….жет.

б) узун болсун.
в) шыдыр, кыдыр болсун.

Сабакты жыйынтыктоо:
Демек, бата бул - улуу нарк, аны дайыма туу тутуп,өнүгүп-өсүүгө умтулуп, бата берүү салтын жакшы үйрөнүшүбүз керек.

Аягында, бүгүнкү сабактан өзүңөргө эмнени алдыңар, кандай тыянак чыгарасыңар?
Балдар жоопторун айтышат.

Үй тапшырма: Үй тоюн бергенде, алыскы сапардан келгенде кандай бата айтылаарын билип келүү.

Адабияттар:

1. Кут ордо газетасы № 3 2010-жыл 6-бет
2. Рух Кенчи февраль 2011-жыл 16-бет
3. Мугалимге илим казынасынан (паремиологиялык этюд) 47- бет.

КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫН ОКУТУУНУН ОРЧУНДУУ МАСЕЛЕЛЕРИ

Алиева Айжан
КР УИА, кенже илимий кызматкер

Адабият- искусствонун бир тармагы, сөз өнөрүнүн жазма түрүндө өнүккөн формасы. Коомдук аң-сезим формаларынын ичинен адабият байыртан эле өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүгү, адамдарга тез жана эмоциялуу таасир этүүсү күчтүү касиетке ээ экендиги менен айырмаланып келген. Адамдын рухий дүйнөсүн, анын турмуш-тиричилигин, күрөшүн иликтеп, тереңде жаткан бай, ички сезимдерди ачып, коомдун өнүгүш закон ченеминин мүнөздүү жактарын туюнта турган көркөм образдарды түзүү менен адамдарга таасир этүү, алардын аң-сезиминин идеялык-эстетикалык жактан жаныланышына кызмат кылуу адабияттын негизги милдети. Көркөм адабият өзүнүн каармандарынын турмушу, ошол турмуштагы аракеттери, коомдо болгон жана болуп

жаткан чындыкты элестүү чагылдырылышы аркылуу адамдардын аң-сезиминин калыптанышына жардам берет. Мына ушул көркөм адабияттын адамдарга, алардын ичинен айрыкча жаш өспүрүмдөрдүн турмушунда чоң мааниси бар. Адабияттын мектептердеги окула турган предмет катары алган орду жана мааниси, өзүнө тиешелүү болгон өзгөчөлүктөрү менен аныкталат. Адабият окуу предмети катары өспүрүмдөргө ар жактуу тарбия гана бербестен, окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык адабияттын өзү жөнүндө билим берүү милдетин да аткарат. Адабият сабагы боюнча берилген билимди өздөштүрүү деген сөз-ошол эле мезгилде аларды эмгектенүүгө тарбиялоо дегендик да болуп саналат. Жогорудагы айтылып өткөндөр улуттук адабиятты өнүктүрүүдө, Ата Мекен алдында чоң эмгек сиңирген. Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары адамдарды, анын ичинде өзгөчө жаштарды адам коомундагы жашоодо эмгектин ролун жана эмгектин чыныгы ээси болууга тарбиялайт. Кезегинде чыгаан педагог В.А.Сухомлинский: “ Дүйнөдө адамдын өзүнөн кызыктуу эч нерсе жок”, -деген эмеспи. Ал эми ошол адам тагдыры, адам турмушу, сүйүүсү, кубанычы, кулк-мүнөзү, дүйнөгө болгон көз карашы, жашоосу баяндалган көркөм чыгарманы, адабиятты окутуу канчалык жоопкерчиликти талап кылаарын айтпасак да түшүнүктүү. Өзгөчө азыр кыргыз тилине мамлекеттик деңгээлде көңүл бурулуп жаткандыктан мектепте кыргыз адабияты сабагын окутуунун сапаттык деңгээлин, мазмунун тереңдетүү, жаңыртуу маселеси-учурдун талабы.

Кыргыз адабияты- бул сөз өнөрү гана эмес, бул улуттук рухий байлык, улуттук тарых, маданият, элдик илим-билим. Мына ушундай кенчти окуучуларга окутуу менен улуттук асыл сапаттарга тарбиялай билүүбүз зарыл. Окуучулардын кызыгуусу, кабыл алуусу өзгөрүп атканын эске алып радио, телевидение, видео, аудио, компьютер, интернет сыяктуу каражаттарды колдонуунун мезгили келип жетти. Окуу стандартын дүйнөлүк деңгээлге жеткирүү үчүн замандын талабына жооп берген жаңы типтеги окуу пландары жана программалар, дидактикалык материалдар, окуучулар үчүн кошумча окуу китептерин, илимий методикалык китептерди чыгаруу керек. Буга мугалимдер үчүн толук кандуу шарт түзүү жана алардын наамына, жашына, социалдык абалына карабай атаандаштык чөйрөсүн түзүү аркылуу жетебиз деп ойлойбуз.

Айтматовдун темасынын чордону-Адам. Анын көздөгөнү кандайдыр бир окуяны айтып берүү эмес, же болбосо каармандардын тагдырын тааныштыруу эмес. Ал ошол окуяларды тагдырлар аркылуу философиялык жогорку деңгээлде адамдын касиети менен акылын, адамгерчилигин, адалдыгы менен арамдыгын көрсөтүү. Айтматов сүрөттөгөн каармандар-бири- бирине окшобогон мүнөзү, жүрүштөрү менен адамзат коомундагы окшобогон касиеттердин символу.

Жазуучу натурасы, дүйнөнү сезүүсү жана көркөм ойлоо түзүлүшү жагынан – акын. Ал чыныгы акын сыңары чоң категориялар менен масштабдуу, бүкүлү-бүкүлү ойлонот. Көрүнүштөрдүн урунттуу жактарын кармап, аларды коюулантып, биринчи планга чыгарып, символикалык түрдө жалпылап берет. Ал көп учурда турмуштук сүрөттөрдү ийне-жибине чейин майдалап деталдаштырбайт, адамдын психологиялык табиятын жана нравалык диалектикасын билинер-билинбес кыймылдарына чейин тирмийе анализдеп отурбайт, каармандарынын сырткы кебетесин “кармап көргүң келгидей” кылып индивидуалдаштырбайт. Ошол себептен анын чыгармаларында прозаныкына караганда поэзиянын стихиясы күчтүүлүк кылат. Жазуучу жаңы чыгарма жазды. Ал “Саманчынын жолу” эле. Бир укканда табышмактуу ат. Бирок ал чыгарманын бүткүл духуна жана өзөгүнө куюп койгондой эриш-аркак келип, кандайдыр бир терең философиялык жаңырык берип турат. Автор аны жупунураак кылып “повесть” деп атаптыр. Бул чыгарма белгилүү бир адабий жанрдын рамкасына сыйбайт. Ал адабияттагы жана искусстводогу көп жанрлардын синтезинен бүткөн. Аны

роман десе да, кинопоэма, же жөн гана поэма десек да болот. “Саманчынын жолун” бир дем менен окуп чыгасың. Анын сюжетинде кысылган пружинанын күчү бар. Окуп жатканда ошол сюжеттин зымыраган дөңгөлөгү менен кошо айланып, окуянын динамикасына бүтүндөй жутулуп, бир саатта профессионалдык өнөкөттөрүндөн айрыласың. “Саманчынын жолу” чыныгы поэзиялык чыгармалар сыяктуу капыстан, адаттан тышкары, окуучу күтпөгөн караманча шарттуу ыкма менен башталат. Эне менен Жер сүйлөшөт. Эки карт муң айтышат, сыр айтышат. Анан көз алдыңан бир адамдын кыйма-чийме өмүрү, сүйүү менен шаттык, эмгек үзүрү менен энелик бакыт, кайгылар менен трагедиялар, өлүм менен өмүрдүн арыбаган күрөшү кино кадрдын ылдамдыгы менен зуулдап өтө берет. Толгонай өз аңгемесин жаш чагынан баштайт. Ал турмуштун бардык жакшылыгынан кур жалак калган жок. Адам өмүрүнүн ашкан улуу зыйнаты- чыныгы махабаттын даамын татты. Жаңы заман келгенде эмгектен баар таап, бала-чакасынын үзүрүн көрдү. Адамдык бакыт деген эмне экенин ал өз башынан өткөрдү. Ошол себептен ал жаш чагын ичи элжиреп, бир башкача мээрим менен эскерет. Жакшы турмуштун үзүрүн, өз перзентинин убайын көрүп жаткан Толгонайдын бактылуу тагдырына күтүлбөгөн жерден согуш бүлгүн салат. Кырсыктар аны кууду удаалаш келген деңиз толкуну сыяктуу ургулайт. Өмүрлөш жарынан, үч азамат уулунан ажырайт. Бул жан чыдагыс трагедия эненин кабыргасын кайыштырат, бирок биротоло мүңкүрөтө албайт. Акыры барып арзып күткөн улуу Жеңиш да келет. Ага эл катары эне да кубанат. Бирок анын кубанычында зор күйүттүн даамы бар эле, анткени, Жеңиш ага кара кийип, кайгы менен келди. Адам үмүтү эч качан бүтпөйт, адам тукуму эч качан үзүлбөйт, турмушту токтотуучу күч жок. Адам баарын жеңет. Адам эч убакта касиеттүү жерге дан чачпай калбайт. Чыгарманын түпкү идеясы ушуга барып такалат. Мына ушул идеяны биз окуучуларга автордун берейин деген оюн эч бузбастан, кемитип же өз жеке оюбузду кошуп бурмалабастан туура так жеткирүүнүн, окуучулардын жүрөгүнөн түбөлүктүү орун алгыдай кылып окутуунун ар кандай методдору аркылуу ар бир жаш инсанга жеткире билишибиз керек.

Мугалимдин микро дүйнөсү тынчыбаган, изденген, аруу жүрөгү ышкы менен жигерге жык толуп, маанайы адамдык нарк-насил менен тогошо жылдызданып турган , коомдун келечегине түздөн-түз жоопкер жан. Эгер алардын тулку бою жалаң билимге толуп турса, анда катардагы эле маалыматтуу кишинин бири болмок. Мугалимде билим менен кошо дагы укмуштуу касиет-башкаларга окшобогон, балким, төрөлүү менен бирге жаралган же сая түшүп окуу, тажабаган мээнет, аракет жана изденүү кумары менен пайда болгон өзгөчө бир илим бар, ал-үйрөнүү, окутуу, жаңы адамды калыптандыруу илими. Бул кош сапат, билим жана үйрөтүү илими. Бул ар бир мугалимдин кош канаты болуп саналат. Экөөнүн бирөөнөн ажыроо-тайыздоо, кыскарылуу, кызыктуулуктан супсактыкка көчүү дегендик. Ошон үчүн билимдүү адамдын баары мугалим эмес. Ошондой эле билимсиз үйрөтүүчү да болбойт. Ал эми педагогикалык процесс өзүнүн кем-карчы менен ийгиликтерин талдоо аркылуу максат-мүдөөлөрүн жаңылап, ондоп-түзөө этабын башынан кечирүүдө. Ар бир сабак жандуу процесс болгондуктан ал убакыт өткөн сайын өзгөрүлүп, кем-карчтары толукталып, ашыкчалары мезгил талабына ылайык четке чыгып кала берет. Бүгүнкү күндөгү окуу китептеринин проблемаларын чечүү, новатор мугалимдердин тажрыйбаларын жайылтуу жана башка маселелерди чечүү үчүн республикалык деңгээлдеги илимий практикалык конференция жылына 5-6 жолу өтүлүп турса адабиятты окутуу жакшырып, окутуунун ыкмалары да өнүкмөк. Мектепте чыгармачылык менен иштеген мугалимдер менен окумуштуулар биргелешип, эң жакшы үлгүдөгү окуу китептерин жазышса туура болмок деп ойлойбуз. Өзгөчө кыргыз тили, адабияты боюнча хрестоматия, методикалык колдонмолор, жаңы типтеги көнүгүүлөр жыйнагы, дилбаян,

баяндама, жат жазуу жыйнактары серия менен чыгып турса мугалимдер үчүн жеңилдик болмок. Педагог-экспериментатор, педагог-окумуштуулардын коому түзүлүп, мектептер менен жогорку окуу жайлары менен тыгыз байланышта болуп, иш алып барышса, бир топ көйгөйлүү проблемалар чечилмек деп эсептейбиз. Мектепте да окуучулар илимий топторун түзүп, өздөрү жазган илимий иштерин райондук, шаардык мектептер арасында жактап турушса, келечекте илимпоз, адабиятчылардын катары толукталып турмак. Бүгүнкү күндө илимий-техникалык прогресстин заманында 21-кылымдын татыктуу кадрларын даярдоо, мезгилдин, коомдун талабына татыктуу ар тараптан өнүккөн инсанды окутуп, тарбиялоо сыяктуу эң жооптуу милдет мойнубузда экенин эч убакта унутпашыбыз керек. Окуу стандартын дүйнөлүк деңгээлге жеткирүү үчүн замандын талабына жооп берген жаңы типтеги окуу пландары жана программалар, дидактикалык материалдар, окуучулар үчүн кошумча окуу китептерин, илимий методикалык китептерди чыгаруу керек. Буга мугалимдер үчүн толук кандуу шарт түзүү жана алардын наамына, жашына, социалдык абалына карабай атаандаштык чөйрөсүн түзүү аркылуу жетебиз деп ойлойбуз.

Азыркы учурда Кыргызстандын орто окуу жайларында колдонулуп жаткан Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан мыйзамдуу бекитилип окуу программалары аркылуу окутулуучу сабактар кантип жогоруда белгилеген күтүлүүчү натыйжаларга жетүү үчүн сабактын формасын гана жаңылабастан, ар бир сабактын мазмунун да инновациялоо зарыл экендигин айкындады. Бул жагынан алганда майда темаларга бөлүнгөн, окуучулардын билим алуусуна карата жөнөкөйлөштүрүлгөн, жаш курагына ылайыкташтырылып жөнөкөйдөн татаалды карай жайгаштырылган окуу программасын жүзөгө ашыруу болсо, бир топ жылдардан бери колдонулуп келген “сабак-жомок”, “сабак-сахна”, “сабак-диспут”, “сабак-конференция”, “сабак-панорама”, “сабак-экскурсия”, ж.б. ушул сыяктуу сабактын жаңычыл формаларын, методдорун, ык-жолдорун мазмундук жактан инновациялоодо коммуникативдүү окутууга мүнөздүү кеп ишмердигин калыптандырууга карай компетенттүүлүккө негизделген жаңы максаттарды ишке ашырууга милдеттендириш зарыл.

ЭПИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДЫ АЛГАЧ ТААНЫШТЫРУУЧУЛУК ЖАНА ОБЗОРДУК ТАЛДООНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Орозбаева Жыргал
Кыргызстан Эл аралык университетинин
Жалал-Абад филиалы, окутуучу

Талдоонун алгач тааныштыруучулук тиби буга чейин баяндап айтуу маанисинде аныкталып келди: 1) учкай мүнөздөө, чыгармага учкай көз жүгүртүү, 2) чыгарма менен учкай таанышуу, 3) окуучулардын автор менен учкай жана кызыгып таанышуусу, 4) чыгарманы жалпы баалоо, 5) чыгарманын кыскача талданышы, 6) жазуучунун чыгармачылыгынын иллюстрациясы, 7) жалпы кыскача обзор, 8) кыскача обзор, 9) чыгармага кайталап кайрылуу, 10) үстүрт таанышуу ж.б. Келтирилген аталыштардан биз, албетте, алардын негизине салынган бирдиктүү принципти таба албайбыз, анткен менен бир канча ирет колдонулган «кыскача» сын атооч сөзүнө синонимдеш «учкай» талдоонун бул тибинин типологиялык белгиси катары көзгө урунат. Типтердин иерархиясында адепки орунду ээлөө менен, бул тип окуучулардын чы-гарма менен *кыйла үстүрт* таанышуусун көңүлгө алган тип катары анык-талышы ыктымал. Бул жагдай талдоо үчүн окуу материалын иргеп алууну, кеңириликтин даражасын, анын

каралыш тереңдигин аныктайт.

Мектептик талдоонун «көркөм чыгарма тууралуу окуучуларга жалпылап түшүнүк берүүнү» көңүлгө алган алгач тааныштыруучулук тиби анын темала-рынын бири, же образы, же сюжети, же автордун башкы ою, же кайсы бир көркөмдүк бөтөнчөлүгү ж.б. менен тааныштырууну өзүнө милдет кылып коөт.

Окуучуларды учкай тааныштыруунун тышкы фактору болуп чыгарманы талдоого бөлүнгөн класстык убакыттын саны эсептелинет. Адатта бир чыгарманы алгач тааныштыруучулук талдоого класстык убактынын 15 мүнөттөн кем эмеси бөлүнгөн болот. Мунун эң сонун мисалы болуп О.Ю.Богдановання XIX кылымдын орус классикалык адабиятынын салттарына жана алардын XX кылымдын адабиятында өнүгүшүнө арналган обзордук лекциясы эсептелинет. Мазмундук кандай болсо, так эле ошондой сандык жагынан болсун, иргеп алуунун терең ойлонулганы бир чакан лекцияга чоң жана татаал материалды сыйдырууга мүмкүндүк түзгөн.

Мектептик талдоонун **алгач тааныштыруучулук тибинде** окуу материалын иргеп алуу обзордук жана текстуалдыктан айырмаланып, көлөмү жагынан аз, кыска, ал эми семантикалык-эмотийдик жагынан маанилүү болушун көңүлгө алат. Ал окуучуларды көркөм чыгарманын ажайып дүйнөсүнө жетелеп кирип, эмоционалдык толкунданууну жаратып, ойлонууга мажбурлап, кызыктыруусу жана сабактан кийин ага кайтып келүүнү каалоосун ойготуусу керек.

Талдоонун алгач тааныштыруучулук тибинде талдоо жумуштарынын бүтүндүгү тууралуу маселе жөн-жай эле чечиле койбору айдан ачык, себеби ал идеялык-көркөмдүк бүтүндүктө каралбайт. Ошону менен катар, чыгарма менен сюжет аркылуу, же болбосо текстинин үзүндү тексттерин пайдалануу негизинде же ансыз эле анын кайсы бир проблемасы аркылуу таанышуу өзүнүн маңызы боюнча бүтүн болуп эсептелинет. Мисалы, сюжетти кайра айтып берүү чыгарманын структуралык, маңыздык жана коммуникативдик мазмуну тууралуу белгилүү бир түшүнүктү жаратат. Эгер окуучулар сабак процессинде адабий туундунун текстин атайын талдоого албай, анын микроэлементи менен гана тааныша турган болушса, үзүндү текст мындай учурда алгач тааныштыруучулуктун алкагындагы форманын кандай болсо, так ошондой эле мазмундун деңгээлинде өздөштүрүлөт, бул жагдай форма менен мазмундун биримдигиндеги талдоонун бүтүндүгү тууралуу айтууга мүмкүндүк берет. Талдоонун бүтүндүгү мына ушундайча макротексттин – бүтүн бир чыгарманын деңгээлинде гана эмес, ошондой эле микротексттин деңгээлинде да ачык көрүнөт.

Алгач тааныштыруучулук типтин **тандап алуучулугу** өтө чектелген болуп мүнөздөлүшү мүмкүн, себеби сабакта тексттин айрым аспектилери гана каралышы ыктымал. Талдоонун алгач тааныштыруучулук тибинин мазмундуулугу негизинен жетиштүү эле кеңири. Аныктоочу эксперимент көрсөтүп тургандай, сабакта алгач тааныштыруу жумушу алып барылышы мүмкүн: 1) чыгарманын кайсы бир проблемалык-тематикалык аспекти менен; 2) чыгарманын идеялык өзөгү менен; 3) образ-кейипкер менен; 4) чыгар-манын сюжеттик-композициялык курулушунун элементи менен; 5) чыгарма-нын көркөм дүйнөсүнүн бөтөнчөлүктөрү менен; 6) көркөм кептин өзгөчөлүк-төрүнүн бардык көрүнүштөрү: лексикалык-фразеологиялык жабдылышы, кептик семантика, интонациялык-синтаксистик, фонетикалык, ритмикалык жана дагы башка каражаттар менен. Бирок ар бир конкреттүү учурдагы маалыматтуулуктун даражасы обзордук, бөтөнчө талдоонун текстуалдык тибине салыштырмалуу абдан эле чектелген.

Кеңирилик. Мектептик талдоонун алгач тааныштыруучулук тиби типтердин иерархиясында талдоонун кеңирилигинин эң аз даражасы менен мүнөздөлөт. Адатта тексттин бир гана элементинин (мазмундук же формалдык) кароого алып чыгылышы

алгач тааныштыруучулук тип үчүн мыйзамченемдүү. Мындайда алгач тааныштыруучулук тип анын ар башка түрлөрүндө көзгө урунат, булар кеңириликтин ар башка даражалары менен мүнөздөлөт. Эң аз кеңириликтеги болуп, чыгарма аталып гана кеткени эсептелинет, бирок аталуунун өзү маанилик жана эмотивдик жүк алып жүрөт, бул тууралуу биз алгач тааныштыруучулук талдоонун түрлөрүн караганы-бызда айтабыз. Алгач тааныштыруучулук талдоо кыйла чоң кеңириликке чыгарма сабакта толугу менен окулганда (бул адабий туундунун көлөмү анча чоң болбогон учурларда гана мүмкүн) жана В.Г.Короленконун «Оттор» аңгемесине байланыштуу О.Ю.Богдановонун эмгегинде көрсөтүлгөндөй, бүткүл текстти алгачкы кабылдоого таянып автордук ойду ой элегинен өткөрүү мүмкүнчүлүгү келип чыкканда жетишилет. Талдоо, окуучулар текст менен толук таанышканына карабай, алгач тааныштыруучулук бойдон калат, себеби анын кеңирилик даражасы абдан эле чектелүү, чакан.

Көркөм чыгарманы талдоонун алгач тааныштыруучулук тибинин абдан эле чектелген кеңирилиги талдоо учурунда үзүндү тексттердин эң аз санда пайдаланылуусун шарттайт.

Алгач тааныштыруучулук үйрөнүүдө класста окуу үчүн иргелип алынган үзүндү тексттер баарынан мурда тексттин негизги идеялык-тематикалык багы-тын алып чыгууга багытталган, мисалы, талдоонун бул тибинде башкы сөздүн жана эпиграфтардын, чыгарманын кульминациялык учурунун башталышын, эпилогду ж.б.ларды алып чыгуу мына ушуну менен түшүндүрүлөт.

Алгач тааныштыруучулук талдап үйрөнүүдө чыгарманы бүт өздөштүрүү тууралуу кеп кылуунун зарылдыгы жок (көлөмү чакан болгондон тышкары учурларда), себеби аны окуучулар көбүнчөсү алдын ала окуп чыгышпайт, сабакка бирин-экин элементи гана алып чыгылат. Жадесе сюжетти кайра айтууда да кейипкерлердин мүнөздөрү, сүрөттөөчүлүк-көркөм каражаттар, автордук позиция ж.б.лар көңүл буруудан сырткарыда калышат. Алгач тааныштыруучулук үйрөнүүдө кеп чыгарманын айрым элементтерин өздөштүрүү тууралуу гана жүрөт, ошондой эле аларды ой элегинен өткөрүү да жетиштүү чектелген, неге дегенде ал окуучулардын чыгарманы билгенине эмес, турмушта алган тажрыйбаларына таянат.

Ю.И.Лыссыйдын жогорку класстарда көркөм чыгарманы үйрөнүүдө му-галимдин окуучулар менен баарлашуусу дайым эле кайсы бир жалпы кору-тундулар менен жыйынтыктала бербеши керектиги жана «ушундай бир масе-лелер бар экени, буларды талкуулоо өзүнчө маанилүү, себеби окуучулардын рефлекциясын ойгото турганы, алар анын мындан аркы өз алдынча ой жүгүртүүлөрүнүн предмети болуп калышы керектиги» тууралуу ою өзүнүн маңызы боюнча талдоонун кайсы гана тибинде болбосун адилеттүү.

Методист-окумуштуу Г.Н.Иониндин А.С.Пушкиндин чыгармачылыгы боюнча жалпы обзордык маалымдоого делип орус мектептери үчүн адабият программасында сунушталган чыгармаларды анализдөөгө арналган методи-калык эмгектеринде «өз алдынча андан ары карай билим алууга карата маалыматтык-окутуучулук багыттама» айтымынын колдонулушу кокусунан болбосо керек, ал терминологиялык жактан алгач тааныштыруучулук талдоонун маңызын жетишерлик толук чагылдырат, неге дегенде адабий туундуну алгач тааныштыруучулук кароо аны жеткире өздөштүрүүнүн кеңирилиги жана тереңдиги көз карашынан алганда маалыматтык болуп эсептелинип, ал эми алардын андан аркы билим алуусу китеп окуучулук жагына багыт алган болот. А.С.Пушкиндин прозалык чыгармаларын, кыргыз профессионал адабиятынын мисалында Т.Сыдыкбековдун «Таш күмбөздөр сүйлөйт» («Көк асаба» романынан) үзүндү текстинин же «Көк серек» аңгемесинин каралыш мүнөзү методист-окумуштуу Г.Н.Иониндин пози-циясынын тууралыгын аныктап

турат. Маалыматтуулук ошондой эле көп сандагы чыгармаларды (Т.Сыдыкбековдун «Темир», «Биздин замандын ки-шилери», «Тоо балдары», «Зайыптар», «Курбулар», «Сыр ачуу», «Ыманбай пейили», «Көк асаба» «Бел-Белес» романдары баштаган прозалык чыгарма-лары менен жалпылап тааныштыруу) камтуудан да көрүнөт.

Мына ушундайча талдоонун алгач тааныштыруучулук тиби типтердин иерархиясында сабак процессинде каралчу тексттин элементтеринин сандык жагынан абдан чектелүүлүгү менен мүнөздөлөт, мына ушундан чыгарманы алгач тааныштыруучулук талдоонун обзордук жана текстуалдук талдоого салыштырмалуу тайыздыгы келип чыгат. Бирок, мектеп практикасы көрсөтүп тургандай, алгач тааныштыруучулук тибинин маанилүүлүгү түк дагы күмөнсүнүүнү жаратпайт.

Эпикалык чыгармаларды үйрөнүүнүн **обзордук тиби** типологиялык системада тандалмалуулук жана өлчөм белгилери жана да усулдук үлгүлөрдү колдонуунун өзүнө гана мүнөздүү спецификасы менен шартталган өзүнүн өзгөчөлүү ордун ээлеп турат. Талдоонун өзгөчөлүү тиби катары сабак процессинде обзордук үйрөнүүнү пайдалануунун зарылдыгы тууралуу убагында Т.Г.Браже жазып калтырган.

Обзордук үйрөнүү талдоонун чыгарманы бүтүндүк эсебинде кабылдап түшүнүүнү калыптандырууга багытталгандыгын шарттап турат. Бүтүндүк эсебинде калуу менен, обзордук талдоо текстуалдык талдоодон айырмаланып «кыска жана кысылган» болуп эсептелинет. Чыгармаларды обзордуу өздөштү-рүү, биринчиден, текстуалдуулукка салыштырмалуу кыйла аз убакытты талап эткени менен, экинчиден, обзордуу үйрөнүлчү туундуларды алдын ала окуп чыгуу милдет эместиги менен, үчүнчүдөн, аныктоочу эксперименттин жүрүшүндө мугалимдер-дин жана окуучулардын обзордук талдануудагы чыгармага карата текстуалдуу үйрөнүүдөгү адабий туундуга салыштырмалуу азыраак маанилүү жана зор идеялык-көркөмдүк баалуулукка ээ эместигин тааныган өзгөчөлүү психологиялык маанайы менен мүнөздөлөт. Бирок кийинки окуу программаларында сунушталган тандап алуу мүмкүндүгү обзордук үйрөнүлө турган чыгармаларга карата мамилени өзгөртүүгө мүмкүндүк берет го деген үмүттөбүз.

Монографиялык жана обзордук темалар бири экинчисине катарлаш коюлуу менен, адабият курсунун алкагында жалпы милдеттери боюнча гана айырмаланган тең укуктуу объекттерден болуп эсептелишет: монографиялык темаларда окуучулар адабий процесс же конкреттүү туунду менен жазуучунун чыгармачылыгынын мүнөздөлүшү, обзордууда болсо, чыгармалардын же чыгарманын жалпылап каралышы аркылуу таанышышат.

Талдоонун обзордук тибинде авторлордун жана алардын чыгармала-рынын же бир чоң көлөмдөгү чыгарманын башынан аягына дейре жалпылап талданышы көңүлгө алынат, бул ага бөлүнгөн убактынын текстуалдуулукка салыштырмалуу чектелүүлүгү менен мүнөздөлөт. Адатта ири эпикалык чыгарманы обзордук үйрөнүүгө класстык убакыттын 1-2 сааты, чакан жана орто көлөмдөгү туундуну өздөштүрүүгө 0,5–1 саат каралат.

Монографиялык тема эсебиндеги эпикалык чыгарманы обзордук талдоодо алдыга бир нече милдет коюлат. Мында адабий туунду, биздин мисалыбызда «Тоо арасында» романы окуучулар тарабынан сүрөткердин өз алдынчалуу идеялык-көркөмдүк бөтөнчөлүккө ээ оригиналдуу жаратмандыгы катары кабылданышы керек.

Тандап алуучулук. Талдоонун обзордук тибинин тандап алуучулугу текстуалдык талдоодогу сыяктуу эле эки пландуу: талдоонун мазмундук аспектиге тийиштүү тандап алуучулугу жана талдоонун методикалык чечилиши менен байланышкан тандап алуучулугу.

Талдоо үчүн чыгармаларды иргеп алуу деңгээлинде көрүнүүчү тандап алуучулук биздин изилдөөнүн объектиси болуп эсептелинбейт, ал программа же мугалимдин жана анын окуучуларынын каалоосу негизинде аныкталат. Талдоонун методикалык чечилиши менен байланышкан тандап алуучулук болсо, обзордук үйрөнүүнүн спецификасы менен шартталган.

Обзордук талдоо текстуалдуу талдоодогу сыяктуу эле чыгарманын үч курамдык мазмундук структурасына: темага, проблематикага жана идеялык мазмунга кайрылууну көңүлгө алат, бирок чектелген өлчөмдө. Башкы, негизги темаларды, проблемаларды тандап алуу мугалимдин методикалык концепциясы-нан көз каранды, бирок иш практикасы көргөзгөндөй, ал көбүнчөсү алардын идеялык-көркөмдүк маанилүүлүгү, автордук позициянын ачылышы, сейрегирээк социалдык-коомдук кырдаал жана да тарбиялык милдеттер менен аныкталат.

Алсак, мисалы, социалдык-коомдук кырдаал деп Т.Сыдыкбековдун «Тоо арасында» романын обзордук талдоодогу эски менен жаңынын кагылышын атай кетсе болот. Талдоонун борборунда эки образ – Сапарбай менен Саадаттын образдары, калгандары (Ыманбай, Соке абышка, Бердибай ж.б.) мындагы идеологиялык тирешүүнү ар тараптуу толуктап турушат.

Адабий туундуну обзордуу үйрөнүүдө көркөм форманын бардык деңгээлдери аракетке киргизилбейт: адатта чыгарманын табияттык дүйнөсү сырткарыда калат да, бир-эки образ, алардын өнүгүү жолу гана каралат, бүткүл композициясы жана калган образдар четте кала берет. Үйрөнүүнүн бул синтездөөчү этабы чыгарманын мазмундук-формалык элементтеринин бүткүл комплексине эмес, класста каралууга чектелгендерине гана таянат. Демек, обзордук талдоо текстуалдуулукка салыштырмалуу башынан «кысыл-гандыгы», чектелгендиги менен мүнөздөлөт.

Бир гана теманын же проблеманын талданышы сүрөттөөчүлүк-көркөмдүк каражаттардын иргелип алынуусун аныктайт. Мисалы, бир образ – «Тоо арасында» романындагы Сапарбайдын образы талдоого алынат, ал көбүрөөк таасирдүү фрагментер, мисалдар аркылуу ачылып берилет. Анткен менен обзордуу үйрөнүлүп жаткан чыгарма окуучулар тарабынан бүтүн бир көркөм түзүлүш катары кабылданышы керек, анда ошол мезгилдин окуялары чагылдырылып, автордун дүйнөгө көз караштык позициясы жана анын чыгармачылык өнөрканасынын бөтөнчөлүктөрү ачылат.

Мына ушундайча талдоонун обзордук тибине адатта 0,5тен 1-2 саатка чейинки класстык убакыт каралат да, мектеп практикасында көп эле колдонулат. Ушунда көбүнчөсү чыгарманын аталышы менен байланыштуу башкы тема же проблема (кээде эки) иргелип алынып (алар портреттик мүнөздөмө, окуянын өсүп жетилиши менен сюжети, пейзаждык сүрөттөөлөр, буюмдук, тилдик деталдар ж.б. болушу мүмкүн), талданат.

Талдоонун башка типтери сыяктуу эле обзордук талдоо дайым тарбия берүүгө багытталган. «Тоо арасында» романындагы Сапарбайдын образы окуучуларды өз эли-жеринин тынччылыгы, урматы үчүн каны-жанын аябоого, нукура патриоту болууга үндөйт.

Адабий туундуну класста обзордук үйрөнүүдө фрагменттерди иргеп алуу өзгөчө маанилүү ролду ойнойт, себеби алар көркөмдүк бүтүндүккө жолду ачышы, окуучуларды чыгарма тууралуу жалпы түшүнүк алуусуна жетелеп баруусу керек. Обзордук талдоодо фрагменттердин бири сөзсүз түрдө тандалып алынган проблеманы же теманы ачуучу сюжеттик линиянын өнүгүшүнүн кульминациясы менен байланышуусу зарыл, калган фрагменттер бул сюжеттик линиянын этаптарын чагылдырышат.

Обзордук талдоонун тандап алууга таянуучу **кеңирилиги** башынан эле чектелген,

неге дегенде сабакта тийиштүүсү гана же алдын ала даярдалган маалымдоолордо белгилүү болгону гана каралат, талдоого бүткүл текст эмес, алдыга коюлган проблема же тема менен түздөн-түз байланыштуу бөлүгү гана камтылат. Аналитикалык жумуштун синтездөөчү этабы тексттин тандалып алынган бөлүгүнө гана таянат.

Обзордук талдоонун тандап алуучулукка таянуучу кеңирилиги 1-2 проблема, 1-2 образ жана айрым бир сүрөттөөчүлүк-көркөмдүк каражаттар менен чектелет. Обзордук талдоонун «диапозонунун тарылуусу» көркөм чыгарманын бүтүндүк түзүлүш катары кабылданышын жокко чыгарбаган себептүү адабий туундунун сюжети бул же тигил формада (мугалимдин айтып берүүсү, иргелип алынган талдануудагы фрагменттер ж.б.) окуучунун аң-сезимине сиңириле берет.

Талдоонун тереңдиги. Обзордук талдоонун текстуалдык үйрөнүүгө караганда кыйла кууш, бирок жетиштүү кеңирилиги адабий чыгарманын тереңдигине жетишүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Эреже катары, адепки кабылдоонун жоктугу белгилүү бир проблеманы жана көркөм каражаттарды анализдөө үчүн чыгарманын көп тереңдетилбей окулушун шарттайт, неге дегенде каралууга алып чыгылган тексттик материалдын алдын ала окулбагандыгы жана чектелгендиги окуучуларга текстуалдык үйрөнүүдөгүдөй болуп кыйла терең жана негиздүү жыйынтыктарды чыгарууларына мүмкүндүк бербейт. Бирок сабакта алып чыгылган материал эгер ал деталдуу талданган болсо, текстуалдуу типтегидей эле терең болушу да ыктымал.

Адабияттар:

1. Архипова Н.М. Лирическая поэзия в обзорных темах 11 класса (Советская литература 1917–1929 годов). В кн.: Активизация преподавания литературы в средней школе. – М.: Учпедгиз, 1961.

2. Браже Т.Г. Проблемы изучения русской литературы в 9 классе вечерней школы. – М.: Просвеүение, 1986.

3. Водовозов В.И. Избранные педагогические сочинения. – М.: Педагогика, 1986.

4. Ионин Г.Н. Школьное литературоведение: Учебное пособие к спецкурсу. – Л.: ЛГПИ им. А.И.Герцена, 1986.

5. Корст Н.О., Смирнов С.А. Методические указания к преподаванию литературы в 8 классе. – М.: МП РСФСР, 1954.

6. Курдюмова Т.Ф. Историзм школьного курса литературы: О формировании исторического подхода к художественной литературе. – М.: Просвеүение, 1974.

7. Кыргыз адабиятынын программасы. Жалпы орто билим берүүчү кыргыз мектептеринин V–XI класстары үчүн. – Бишкек, 2012.

8. Литература: 10 класс. Методические советы к учебнику-практикуму. / Авт.-сост. Ю.И.Лыссый. – М.: Просвеүение, 1999.

9. Методика преподавания литературы: Учебник для пед. вузов. / Под ред. О.Ю.Богдановой и В.Г.Маранцмана. – М.: Просвеүение, 1995.

10. Программа Виленской классической гимназии. – Вильно: 1869.

11. Программа по литературе для средних обүеобразовательных школ. Научный ред. Т.Ф.Курдюмова. – М.: Просвеүение, 1991.

12. Рыбникова М.А. Построение курса литературы. В кн.: Методика преподавания литературы в советской школе. – М.: Просвеүение, 1969.

13. Спасская К.П. Методические указания к преподаванию литературы в 10 классе. – М.: ГУПИ МП РСФСР, 1952.

14. Стоюнин В.Я. Избранные педагогические сочинения. – М.: Педагогика, 1991.

ТЕКСТ- КЕП ӨСТҮРҮҮНҮН КАРАЖАТЫ КАТАРЫ

Джаманкулова Айгүл
Ж.Баласагын атындагы КУУ, п.и.к., доцент

Жөнөкөй сүйлөмдүн синтаксисин окутуу аркылуу студенттердин кебин өстүрүүнүн негизги каражаттарынын бири катары текстти белгилейбиз. Анткени текст кеп ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы катары мамлекеттик тилди окутууда окутуунун мазмуну жана окутуунун каражаты болушу тууралуу соңку методикалык эмгектерде кеңири айтыла баштады. Кыргыз тил илиминде тексттин лингвистикалык табияты С.Өмүралиева, С.Мусаев, Т.Маразыков ж.б. тарабынан изилдөөгө алынып, эмгектери жарык көрсө, текстти окутууга, сабакта текстти колдонууга карата С.Давлетовдун, З.Тагаеванын, В.Мусаеванын, Ж.Чымановдун ж.б. методист-окумуштуулардын эмгектеринде активдүү айтылып келүүдө.

Ал эми кыргыз тилин мамлекеттик тил катары окутуунун методикасы илиминде К.Добаев, С.Рысбаев, Б.Абдухамидовалардын илимий-методикалык изилдөөлөрү жарык көрүп, мамлекеттик тилди окутуудагы тексттин орду менен мааниси ачылып көрсөтүлгөн. К.Добаев, А.Акматова жана Р.Сулайманова авторлоштукта кыргыз тили окуу китептеринин мазмуну жана түзүлүшү боюнча иштеп чыккан усулдук сунуштарда текст кыргыз тилин мамлекеттик тил катары окутуунун мазмуну жана каражаты боло ала тургандыгы тууралуу керектүү материалдар берилген. Авторлордун айрым пикирлерине кайрылалы: «Усулдук көз караштан алганда, текст эки негизги милдетти аткарат, биринчиден, ал сөз өстүрүү каражаты жана, экинчиден, окуучунун тилдик компетенциясын калыптандыруунун каражаты болуп саналат.» Мында текст тилди окутуунун эки каражаты катары, дидактикалык эки милдетти аткара тургандыгы ачык көрсөтүлгөн. Бул эмгекте эмне үчүн текст сөз өстүрүүнүн жана тилдик компетенцияны калыптандыруунун каражаты боло тургандыгы кеңири ачылып, окутуунун методикалык маселелери изилдөөгө алынган. Авторлор текстти окутууга карата коюлуучу талаптар жөнүндө да атайын токтолушкан. Бул боюнча окумуштуулардын сунуштарын толугураак берүүнү зарыл деп эсептейбиз. «Мугалим үчүн текст - окуу китебинин коммуникациялык тилдик жана өлкө таануу компетенциясын калыптандыруунун каражаты болуп саналат. Текст – окутуу үчүн маалыматтын булагы, түшүнүүнүн жана окуп-үйрөнүүнүн объектиси.

Окуу текстинин саналып өткөн кызматтары ага карата негизги талаптардын комплексин аныктап, ага төмөнкүлөр кирет:

1. Билим берүүчүлүк жана маданий-тарбиялык баалуулугу.
2. Усулдук максатка ылайыктуулугу (тексттерди тандап алууга, ошондой эле усулдук аппаратка – текстти коштогон тапшырмалар менен көнүгүүлөргө карата талаптар).
3. Жеткиликтүүлүк (тексттин тилдик баяндалышына карата талаптар).
4. Азыркы адабий кыргыз тилинин ченемдеринин, ошондой эле оозеки жана жазуу кебинин ченемдеринин көз карашынан алганда элестүүлүк.

Тексттерде кыргыз тилин өздөштүрүүнүн маанилүүлүгүн жана зарылдыгын, анын Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган адамдардын коомдук, экономикалык жана рухий жашоосундагы ролун ачып берүүгө өзгөчө көңүл бурулууга тийиш. Патриоттук ынанымдарды, киндик каны тамган, өздөрү жашап жана окуп жаткан жерди сүйүүнү, өзү бирдиктүү кыргыз элине таандык экендигин аңдап-түшүнүүнү калыптандыруучу тексттер зарыл» (аталган эмгектин 63-бети).

Белгиленген талаптарга толук жооп берген илимий, көркөм жана публицистикалык тексттер кыргыз тилинде жетиштүү деп эсептейбиз. Ошондой

тексттердин бири катары белгилүү тарыхчы-окумуштуулар А.Асаналиев, С.Эралиев, Ж.Осмонов жана О.Каратаев тарабынан кыргыздар тууралуу жазылган тексттин биз жөнөкөй сүйлөмдү окутуунун, ал аркылуу студенттердин кебин өстүрүүнүн каражаты катары алдык. Текст биздин максатка жана коюлган милдетке жараша адаптацияланды. Алгач текстти толук берип, андан соң ал боюнча иштелүүчү методикалык иш-чараларды сунуш кылабыз.

Текст

Өз тарыхый журтунан алыста, бөлөк этностук чөйрөдө салыштырмалуу өз алдынча организм катары сакталып калуунун зарыл шарттарына ээ болгон этностук теги бир адамдардын туруктуу тобун диаспора деп аташат. Алгач диаспора зордоп көчүрүүнүн же геноцид коркунучунун натыйжасында пайда болгон. «Диаспора» термини башта Палестинадан б.з.ч. 6-к. башында куулуп чыгып, сыртта жашаган еврейлерге карата колдонулган. Кийинчерээк ал башка этностук жана диний топторго карата да колдонула баштаган. Азыркы адабияттарда «диаспора» деп өз ата журтунан сыртта жашаган этностук топторду аташат. Азыркы диаспоранын пайда болушунда жана өнүгүшүндө экономикалык жана социалдык себептер негиз болуп саналат. Өз рухий маданиятын сактоо жана өнүктүрүү, улуттук салттарды, үрп-адаттарды жайылтуу, ата журту менен маданий байланышта болуу, маданий-агартуу функциясын ж.б. аткаруу максатында жаңы аймакта жашап жаткан тигил же бул элдин өкүлдөрүнүн топтолушу диаспоранын башкы айырмалоочу белгиси болуп саналат. Башынан эле этностордун чачырап-бөлүнүшү алардын жаңы аймактарда биригүүсү, жаны топтордун калыптанышы менен коштолгон. Алар көбүнчө бүтүндөй региондордун турмушуна таасир берүүгө мүмкүнчүлүгү болгон. Алардын экономикалык ишмердигине жигердүү катышып, түрдүү диаспора өкүлдөрү өз улуттук-маданий борборлорун түзүшөт. Мындай диаспораларды учурда кыргыз улутунун өкүлдөрү да түзүп жатышат. Бүгүнкү күндө Россияда, Казакстанда, Өзбекстанда, Тажикстанда, Ооганстанда, Түркияда, Кытайда, Батыш Европада, Америкада, ал түгүл алыскы Австралияда ири кыргыз диаспоралары катталган.

Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүккө ээ болгонго чейин чет өлкөдө жашаган кыргыздар менен болгон байланышы чектелүү болгон. Алардын тарыхы, маданияты, коомдук турмушу жөнүндө үстүртөн гана түшүнүгүбүз болгон. Учурда алар менен тыгыз байланыш түзүүгө, чет элдеги боордошторубуздун тарыхын изилдеп үйрөнүүгө, өз ара карым-катнаштарды чыңдоого бардык мүмкүнчүлүктөр түзүлдү.

Кытайда акыркы эсеп боюнча 150 миңдей кыргыздар жашайт. Алардын 110 миңдейи Кызыл-Суу Кыргыз Автоном облусунда, калгандары Чыгыш Түркстандын башка аймактарында жашашат.

Кыргыздар Ооганстандын түндүк аймактарында (Чоң Памир, Кичи Памир) көп мезгилден бери жашап келишет. 1978-ж. апрелдеги төңкөрүш, узакка созулган граждандык согуш ал жактагы кыргыздардын тынчын алып, жашоосун кескин кыйындаткан. Натыйжада, 1300 кыргыз Памирден Пакистанга качып кетишкен. Бирок жаңы жерге көнө албаган жүздөй үй-бүлө Памирге кайтууга аргасыз болушкан. Түндүк-Батыш Ооганстанда азыркы учурда да бир топ санда кыргыздар жашап келишет.

Ооганстандык кыргыз качкындарынын негизги тобу БУУнун Качкындардын иштери боюнча жогорку комиссариатына кайрылып, 1982-ж. Түркияга көчүп барууга уруксат алышкан. Ошентип, 1982-ж. 1138 кыргыз Түркияга келишип, Каракундуз деген жерге жайгашышкан.

Азыркы мезгилде Түркияда 4 миңге жакын кыргыздар жашайт. Мындан тышкары, Түркияга билим алуу максаты менен барган студенттер, аспиранттар жана

кызматкерлер да бар. Алар «Булак» аттуу чакан гезит чыгарышат. Ал Түркиядагы кыргыздардын турмушунун ар кыл жактарын чагылдырууга арналган.

Учурда жакынкы чет өлкө деп саналган Фергана өрөөнүн кыргыздар байыртадан эле байырлап, андагы көп улуттун өкүлдөрү, өзгөчө өзбектер, кыпчактар, тажиктер менен бирге жашап келгени белгилүү. Бүгүнкү күндө кыргыздар Өзбекстандын дээрлик бардык облустарында жашашат. Алардын басымдуу көпчүлүгү Анжиян, Наманган, Фергана, Жызак, Кокон, Ташкент, Самаркан, Сырдарыя облустарында турушат. Кыргыз айылдарынын көпчүлүгү тоолуу райондордон орун алган.

Дүйнөдөгү эң бийик Памир тоолорунун арасын, өзөндөрүн кыргыздар байыртадан мекендешкен. Анткени, Памир тоолору Кыргызстандын азыркы чек арасы менен чектеш.

Совет бийлигинин жылдарында Тажикстанга карап калган кыргыздар ал республиканын төрт (Жергетал, Мургаб, Шаартуз, Яал) райондоруна бөлүнгөн. Акыркы маалыматтар боюнча Тажикстанда 106 миңден ашуун кыргыздар жашашат. Алар жашаган жерлерде кыргыз мектептери бар. Тажикстандын кыргыз орто мектептерин бүткөн жаштардын айрымдары Кыргызстандын жогорку жана атайын орто окуу жайларынан билим алышууда.

Азыркы учурда кыргыздар Россиянын көпчүлүк шаарларында иштеп жана жашап жатышат. Болжол менен Россиядагы кыргыздардын саны 500 миңден ашат. Алардын айрымдары ал жакта туруктуу жашашат. Ошондой эле билим алып жатышкан студенттер, магистранттар, аспиранттар, докторанттар жана кызматкерлер да бар.

Мындан тышкары, аз сандагы кыргыз үй-бүлөлөрү Европа өлкөлөрүндө, Америкада, Пакистанда, Австралияда, Иорданияда жашашат. Эгемендүүлүктүн мезгилинде чет өлкөлөргө барып жашоо жана иштөө үчүн кыргыздарга кеңири жол ачылды. Алыскы чет өлкөдө жашаган кыргыздар менен байланыштар жолго коюлду.

Эгемендүү Кыргыз Республикасы өзүнүн атуулдарынын дүйнөнүн бардык өлкөлөрүнө барып билим алуусуна, эмгектенишине, башка өлкөнүн жарандык статусун алуусуна кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачты. Кыргыз Республикасы өзүнүн жарандарынын кызыкчылыктарын дүйнөнүн кайсы жеринде болсо дагы коргой тургандыгын өзүнүн Конституциясында бекемдеген.

Сунуш кылынган текст компьютерге терилип, жасалгаланып группадагы студенттерге жетерлик санда алдын ала даярдалат. Сабак башталганда окутуучу бүгүн текст менен иштей тургандыктарын эскертип, тексттер таратылып берилет.

Биринчи тапшырма: Тексттин жалпы мазмуну менен алгачкы таанышуу. Мында студенттер текстти өз алдынча окуп чыгышат. Мазмунун түшүнүүгө алгачкы аракеттерди кылышат. Андан соң текст толугу менен окутуучу тарабынан уккулуктуу жана көркөм окулат. Окутуучу студенттердин кыргыз тилиндеги тексттерди шар, туура жана көркөм окууларына көз салып, ар бир студенттин окуудагы ийгилик-кемчилигин көрсөтүп турууга тийиш. Студент кыргыз тилиндеги тексттерди үн чыгарып, мүмкүн болушунча көрктүү окууга жетишүүсүнө көңүл буруу зарыл.

Экинчи тапшырма: Окулуп, угулган тексттин жалпы мазмуну боюнча кыскача билдирүүлөрдү угуу. Аталган тапшырма боюнча кеминде 3–4 студент сүйлөөсү керек. Мында тексттин толук мазмунун айтып берүү талабы коюлбайт. Студент өзү түшүнгөнүн өз сөзү менен кыскача айтып берүүгө тийиш. Окутуучу ар бир жоопту талдап, жалпы студенттердин текст боюнча эмнелерди түшүнгөнүн, кайсы маселелер анча терең ачылбагандыгына көңүл коюп, кийинки тапшырмаларда аларга басым коюуга тийиш.

Студенттер жалпы мазмун боюнча «диаспора» деген эмне, кыргыздар кайсы өлкөлөрдө жана канча санда жашап тургандыктарын алгачкы кыскача билдирүүдө айта

алышса жетиштүү.

Үчүнчү тапшырма: Студенттер төмөнкү маалыматтарды камтыган фрагменттерди, сүйлөмдөрдү табууга, окуп же айтып берүүгө тийиш:

1. Диаспора жөнүндө жалпы мүнөздөмө ;

2. Адамдын өз Мекенин таштап кетүүгө мажбурлаган себеп-жагдайлар, шарттар;

3. Диаспоралардын алдында турган милдеттер;

4. Белгилүү бир мамлекеттин (Кыргызстандын) чет өлкөлөрдө жашаган жарандарына болгон мамиле-камкордугу, ж.б.

Студенттер тексттен жогорку тапшырмаларды тапса, аны окуп берүүгө же өз сөзү менен айтып берүүгө тийиш. Мында окуп берген студентке караганда, өз сөзү менен жөнөкөй оозеки айтып берген студенттин ийгилиги жогору бааланып, сабак процессинде атайын белгиленүүгө тийиш. Анткени текст менен иштөөдөгү биздин негизги максат студенттин өз сөзүндө жөнөкөй сүйлөмдөрдү колдонуу менен кеп ишмердүүлүгүн жакшыртуу болуп саналат.

Төртүнчү тапшырма: Тексттен студенттер төмөнкүлөрдү аныктаган сүйлөмдөрдү табууга тийиш:

1.Улуттук диаспоралардын пайда болушуна ар түрдүү жагдай-шарттар себеп болот. Алар:

2. Кыргыз диаспоралары дүйнөнүн ар түрдүү өлкөлөрүндө бар. Алар:

3. Диаспоралар өз элинин маданиятын, рухий байлыктарын сактоого дайыма аракет кылышат. Мисалы: …

4. Кыргыз Республикасы чет өлкөлөрдөгү өз жарандарын колдоого жана коргоого бардык аракеттерин кылат. Алардын негизгилери: …

Бул тапшырма да үчүнчү тапшырма сыяктуу аткарылат. Анын натыйжасын байкоо менен окутуучу кийинки тапшырмага өтөт.

Бешинчи тапшырма: Текстти мазмундук-идеялык бөлүмдөргө бөлүү, ар бир бөлүмгө өзүнчө аталыш (тема) берүү. Окутуучу текстти сабакка чейин төмөнкүдөй бөлүмдөргө бөлүп, ар бир бөлүмгө тема коюп даярданып алууга тийиш. Мисал үчүн, биринчи бөлүм «Диаспора жөнүндө жалпы маалымат» деп аталып, ага тиешелүү маалыматтар бөлүнүп алынат. Экинчи, «Кыргыз диаспоралары бар өлкөлөр», үчүнчү «Кыргыз диаспораларында жашаган кыргыздардын саны», төртүнчү «Кыргыз Республикасынын чет өлкөдөгү кыргыз диаспораларына болгон мамилеси» деп бөлүштүрүүгө болот.

Ар бир студент биринчи текстти өзү каалагандай бөлүмдөргө бөлүп, аталыштарын коюп бүткөндөн кийин, ар бир бөлүм боюнча, негизинен, жөнөкөй сүйлөмдөрдү колдонуп оозеки түрдө мазмунун айтып берүү талабы коюлат. Ал билдирүүлөр мазмун боюнча студенттер тарабынан толукталат жана оңдолот.

Алтынчы тапшырма: Тексттеги негизги ойду, теманы жана идеяны чагылдырган сүйлөмдөрдү көчүрүп жазуу. Бул тапшырма эки максатты көздөйт. Биринчиси, студент тексттеги негизги ойду, теманы өз алдынча аныктай алууга жетишүүсү, экинчиден, студент кыргыз тилинде сабаттуу, туура жазууга көнүгүүсү керек. Окутуучу ар бир студенттин жазгандарын, аныктагандарын кыдырып текшерет. Бирок туура, туура эмесин, катасын көрсөтпөйт. Бул иштер 2–3 студентти көчүрүп алган сүйлөмдөрүн окутуп-талдоо аркылуу каталарын көрсөтүү менен оңдолот, толукталат.

Жетинчи тапшырма: Тексттеги негизги ойду билдирген сүйлөмдөргө таянуу менен тексттин планын түзүү. Бул ишти студенттер жекече же жупташып аткарса болот. Түзүлгөн пландардын үлгүлөрү сабакта окулат. Андан пландын акыркы, алгылыктуу деген варианты иштелип чыгат.

Сегизинчи тапшырма: Тексттеги сүйлөмдөр тең экиге бөлүнүп, алардын жарымы

барактын оң жагына, жарымы сол жагына жазылган. Сүйлөмдүн экинчи жарымы атайылап башка жакка берилген. Студенттердин милдети сүйлөмдөрдүн туура келген экинчи жарымын таап, аларды чогуу жазуулары керек.

Текст боюнча студенттердин билимин аныктоо

1.Азыркы адабияттарда “диаспора” деп... а) жана иштөө үчүн кыргыздарга кеңири жол ачылды.

2.Азыркы диаспоранын пайда болушунда...б) таасир берүүгө мүмкүчүлүгү болгон.

3.Алар бүтүндөй региондордунтурмушуна...в) Каракундуз деген жерге жайгашкан.

4.Алардын экономикалыкишмердигине катышып...г)кыргыздар 500 миңден ашат.

5.КР эгемендүүлүккө ээ болгонго чейин... д) боордошторубуз менен байланыш жакшырды.

6.Эгемендүүлүк шартында Кытайда жашаган... е) өзөндөрүн кыргыздар байыртадан мекендешкен.

7.Кыргыздар Ооганстандын түндүк аймактарында... ж)дээрлик бардык облустарында жашашат.

8.1982-ж.1138 кыргыз Түркиягакелишип... з)экономикалык, социалдык себептер негиз болгон.

9.Учурда кыргыздар Өзбекстандын... и)чет өлкөдө жашаган кыргыздар. менен байланыш чектелген.

10.Дүйнөдөгү эң бийик Памир тоолорунун арасын… к)106 миңден ашуун кыргыздар жашашат.

11.Акыркы маалыматтар боюнча, Тажикстанда... л)диаспора өкүлдөрү улуттук- маданий борборлорду түзүшөт.

12.Болжол менен Россияда убактылуу жашаган..м) өз ата журтунан сыртта жашаган этностук топторду аташат.

Тогузунчу тапшырма: Студенттер текст боюнча аткарылган жогорку тапшырмалардын натыйжаларына таянуу менен эки-экиден жупташып иштешип, тексттин мазмуну боюнча суроо-жооп (диалог) маегин жазуу формасында аткарышып, андан соң үн чыгарып, өз түгөйлөрү менен окуп беришет. Берилген суроолордун, ага берилген жооптордун тууралыгы, толуктугу ар бир жуп оңдолгондон кийин талданып, такталат.

Онунчу тапшырма: Төмөнкү беш сүйлөмдү орус тилине которуп, аларды кыргыз тилинде түшүндүрүп берүү керек.

1. Өз рухий маданиятын сактоо жана өнүктүрүү, улуттук салттарды, урп-адаттарды жайылтуу, Ата-Журту менен маданий байланышта болуу, маданий-агартуу функциясын ж.б. аткаруу максатында жаңы аймакта жашап жаткан тигил же бул элдин өкүлдөрүнүн топтолушу диаспоранын башкы айырмалоочу белгиси болуп саналат.

2. Учурда алар менен тыгыз байланыш түзүүгө, чет элдеги боордошторубуздун тарыхын изилдеп үйрөнүүгө, өз ара карым-катнаштарды чыңдоого бардык мүмкүнчүлүктөр түзүлдү.

3. Эгемендүүлүктүн мезгилинде чет өлкөлөргө барып жашоо жана иштөө үчүн кыргыздарга кеңири жол ачылды.

4. Эгемендүү Кыргыз Республикасы өзүнүн атуулдарынын дүйнөнүн бардык өлкөлөрүнө барып билим алуусуна, эмгектенишине, башка өлкөнүн жарандык статусун

алуусуна кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачты.

5. Кыргыз Республикасы өзүнүн жарандарынын кызыкчылыктарын дүйнөнүн кайсы жеринде болсо дагы коргой тургандыгын өзүнүн Конституциясында бекемдеген.

Он биринчи тапшырма: Студенттер сабак процессинде аткарган иштерине, алардын жыйынтыктарына ээ болгон билим, көндүмдөрүнө таянуу менен сабакта өтүлгөн текстти жөнөкөй сүйлөмдөрдү гана колдонуу менен өз алдынча, кыскартып түзүп келүү тапшырмасы үйгө берилет.

Адабият:

1.Добаев К.. Акматова А., Сулайманова Р. Кыргыз тилин бөтөн тил катары окутууга арналган окуу китептеринин мазмуну жана түзүмү: Окуу китептерин түзүүчүлөр үчүн. – Б.: 2002.

ЭЛДИК КААДА-САЛТ ЖАНА ҮРП-АДАТТАРДЫН ПЕДАГОГИКАЛЫК-ПСИХОЛОГИЯЛЫК БЕЛГИЛЕРИ

Токсонбаев Рыскелди
БГУ, п.и.д.,профессор

Эркан Бенлиоглу
БГУ, аспирант

Каада-салт менен үрп-адаттарга расмий документтерде («Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк каада-салттарды, урп-адаттарды, ырым-жырымдарды жана майрамдык салтанаттарды тартипке келтирүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы) мындай аныктама берилет: ***Каада-салт*** – улуттук атуулга баалуу тарыхый ата-мурас адамдык асыл сапаттарды жана руханий-ыймандык, адеп-ахлактык, уят-абийирдик, ар-намыстык жүрүм-турумдун чыныгы адамдык маңыздарын ыйгаруучу элдик, улуттук жашоо-турмуштун салт-санаалык (башкы мыйзамдык) маанидеги маданий дөөлөттөрдүн жыйындысы. ***Үрп-адат*** – коомдун же өзүнчө коомдук топтордун жашоо-турмушундагы дин ишенимине жараша үй-бүлөлүк шарттарында муундан-муунга өтүүчү ата-мурастык кылык-жоруктарынын, пейил-адаттарынын укуктук, нарк-насылдык (укуктук-ченемдик) нормаларынын жыйындысы.

Элдик *каада-салт, үрп-адаттарга* кеңири трактовка-түшүндүрмө берип, аларды *классификациялоо* керек болсо, мына буларды айтууга туура келет. Элдик каада-салт, үрп-адаттарды кеңири анализден өткөргөн маалда аларды минтип классификациялоого болоору көрүндү: *Биринчи топко* баланы тарбиялоо ишине түздөн-түз тиешеси бар каада-салт, үрп-адаттар кирет. *Экинчи топко* элдин турмуш-тиричилигинде карманган каада-салт, үрп-адаттары кирет. *Үчүнчү топко* социалдык-маданий каада-салт, үрп-адаттар кирет. *Төртүнчү топко* эркектин үйлөнүү, кыздын турмушка чыгуу, турмуш куруу, очок булатуу түшүнүктөрүнө тиешелүү болгон каада-салт, үпр-адаттар. *Бешинчи топко* азыркы мезгилдин, учурдун каада-салт, үрп-адаттары кирсе. *Алтынчы топко* баатырдык-каармандык, патриоттук, мекенчилдик каада-салт, үрп-адаттар кирет. *Жетинчи топко* эмгек менен байланышкан каада-салт, үрп-адаттар. *Сегизинчи топко* көркөм өнөрдөгү (искусство) каада-салт, үрп-адаттар кирет. *Тогузунчу топко* элдин диний ишенимдерине тиешелүү болгон каада-салт, үрп-адаттары. *Онунчу топко* үй-бүлөлүк турмушка тиешелүү каада-салт, үрп-адаттар кирет. *Он биринчи топко*

музыкалык салт-адаттар. *Он экинчи топко* аскердик каада-салт, үрп-адаттар кирет. *Он үчүнчү топко* чарбалык каада-салт, үрп-адаттар. *Он төртүнчү топко* аңчылыка байланышкан каада-салт, үрп-адаттар кирет жана *он бешинчи топко* майрамдык каада-салт, үрп-адаттар кирет. Балким, элдик каада-салттар менен урп-адаттардын мындан башка да түрлөрү, типтери бар чыгар, алар жөнүндө изилдөөбүзхдүн жүрүшүндө кошумча маалымат жыйнап, толуккандуу классификацияны кийин кошумчалайбыз. Кантсе да алар тарбиялоонун эң бир оптималдуу каражаты катары этнопедагогика илиминде, айрыкча, соңку жыйырма жыл аралыгында көп айтылып, жазылып жүрөт. Ошентсе да элдик каада-салт, үрп-адаттар аркылуу тарбиялоонун педагогикалык негиздери илимий адабияттарда көп берилбегени менен тарбия системасында ушул бүгүнкү күнгө чейин эң актуалдуу проблемалардын бири катары жашап келе жатат.

Кыргызстанда соңку жыйырма жыл аралыгында ийгиликтүү иштеп, бул өлкөнүн билим берүү жана тарбия тармагына өзүнүн бараандуу салымын кошуп келе жаткан Кыргыз – түрк лицейлеринин тарбия иш процесстеринин негизинде байкала жүргөн тажрыйбаны пайдаланып, эки элдин каада-салт, үрп-адаттарынын негизинде берилип жаткан тарбия процесси тууралуу ой бөлүшөбүз.

Элдик каада-салт, үрп-адаттар аркылуу тарбия берүү дегенде биз эмнени түшүнүнөбүз? Окуучулардын аң-сезиминде мектеп курагынан баштап эле улуттук баалуулуктардын калыптануусу билим берүү, окутуп – тарбиялоо процесси аркылуу жүргүзүлсө, андай тарбия үй-бүлөлүк, адеп-ахлактык, гумандуу, эстетикалык, эмгек, экономикалык, экологиялык жана мекенчилдик тарбиянын нормаларына ылайык келген таризде жүргүзүлсө, ошону менен бирге, элдин кылымдар бою калыптанып келген таасир этүү, тарбия берүү нормаларынын алкагында жүргүзүлсө – мына ошону биз элдик каада-салт, үрп-адаттар аркылуу тарбия берүү деп түшүнөбүз. Анан, албетте, андай тарбия баланын ар тараптан гармониялуу өнүгүшүнө ылайыкталгандай болушу шарт.

Ал эми каада-салт, үрп-адаттар дегенде биз эмнени түшүнүшүбүз керек? Бул проблемага тигил же бул багытта түз жана кыйыр тиешеси бар адабияттарды, илимий-теориялык эмгектерди караганда, аларда мындай түшүнүктөрдүн камтылганына ынандык. Илимий адабияттарда бул түшүнүктүн бири экинчиси менен тыгыз байланышта болгон беш өзгөчөлүгү белгиленет:

Биринчиси, аада-салт – элдин кылымдар бою жыйнаган турмуштук тажрыйбасынан топтолгон, анын ишенимдеринин, эмгек ишмердүүлүгүнүн натыйжасында калыптанып олтурган көндүм-адаттары, ырым-жырымдары, урп-адаттары.

Экинчиси, каада-салттар жана үрп-адаттар – көп катмарлуу, көп тармактуу социалдык көрүнүш, адатта ал ошол элдин социомаданий жетишкендиктери катары көрүнүп, бүтүндөй бир элдин же анын ичиндеги конкреттүү бир инсандын, адамдын же бүтүндөй адамзаттын руханий жетишкендиктерин, руханий өнүгүшүн чагылдырып турат.

Үчүнчүсү, каада-салт менен үрп-адаттар – мезгилдин күзгүсү. Каада-салт, үрп-адаттарды карап, аларды кеңири талкууга алуу менен бүтүндөй бир конкреттүү доордун, формациянын экономикалык, тарыхый жана руханий жашоо образын, түзүлүшүн билүүгө болоор эле.

Төртүнчүсү, каада-салт менен үрп-адаттардын көптөгөн ар кандай түрлөрү бар: турмуш-тиричиликке байланышкан каада-салт, үрп-адаттар, булар барып-келип элдин баланы тарбиялоо ишмердүүлүгү менен тыгыз байланышат; социалдык-маданий жаңы каада-салт менен урп-адаттар. Тил менген аң-сезим сыяктуу эле каада-салт менен үрп-адаттар адамдарга гана мүнөздүү болуп, адамдын, коомдун жана адамзаттын турмушу

менен байланышкан. Демек, коомдун толуккандуу катышуусу менен гана түптөлүп отуруучу көрүнүш экен.

Бешинчиси, каада-салт менен урп-адаттар тигил же бул жеке инсанга, же болбосо жалпы массага тиешелүү көрүнүш.

Ырас, каада-салт, үрп-адаттардын мындан башка да түшүндүрмөлөрү бар. Ал эми биз болсо, мында түшүнүктүн илимий адабияттарда, тагыраак айтканда, философияда, социологияда жана этнографияда трактовкаланып берилишин гана мисалга тарттык. Түшүнүктүн биз изилдемекчи болгон илимий жоболоруна ылайык аныктамасын айтчу болсок, минтип түшүндүрөөр элек:

Каада-салт – бир муундан экинчисине тынымсыз берилип туруучу кылымдар бою тарыхый жактан такшалган, текшерилген, калыпка салынган социалдык нормалар менен принциптер. Үрп-адаттар – тигил же бул элге, этноско, улутка тиешелүү болгон тарыхый жол менен калыптанган, бир калыпта кайталанып туруучу туруктуу система, ал коомдун ар бир мүчөсүнүн өз ара карым катышын тескеп турган социалдык норма түрүндө жашайт да, инсандын негизги руханий-адеп-ахлактык касиет-белгилерин калыптандырат, мындай процесс элдин карманган моралдык баалуулуктарына, ишенимдери менен түшүнүктөрүнө жана кулк-мүнөзүнө, идеалдарына ылайык келиши керек.

Эми мектеп жашындагы окуучуларды элдик каада-салттар жана үрп-адаттар аркылуу тарбиялоонун педагогикалык процессине келели. Биздин жеке ишенимибизде, педагогикалык мындай процесс, башкача айтканда, окуучуларды элдик каада-салттар жана үрп-адаттар аркылуу тарбиялоонун педагогикалык процесси өзүнүн ички структурасы боюнча мына буларды камтышы керек: мектептеги тарбия иштеринин жалпы педагогикалык жана методикалык системанын мазмуну жана формасы; тарбиялоонун методдору менен каражаттарынын бүтүндөй системасын ошол мугалимдер менен тарбиячылар тарабынан кылдат өздөштүрүлүшү; тарбия иштеринин максаттуу жүргүзүлүшүнүн формаларынын аныкталышы; тарбия иштеринин субъектисинин жана объектисинин функцияларынын максаттуу аткарылышы; элдик каада-салт, үрп-адаттар аркылуу тарбиялоонун ар түрдүү моделдерин реализациялоонун жана алардын долбоорлорунун үлгүлөрүн, методдорун иштеп чыгууда мугалимдер менен тарбиячылардын биргелешкен иш-аракеттери; мугалимдер менен тарбиячылар тарабынан окуучуларынын этномаданий компетенцияларынын, билимдери менен билгичтиктеринин, түшүнүктөрүнүн аныктоо боюнча мониторинг жүргүзүү мүмкүнчүлүктөрү, аларды жүргүзүүнүн натыйжалуу жолдору менен методдорунун, формалары менен каражаттарынын комплекстүү иштелип чыгышы; мугалимдер менен тарбиячылар тарабынан окуучуларын – тарбияланууучуларын элджик каада-салт, үрп-адаттар аркылуу тарбиялоодо өздөрүнүн личностук-профессионалдык жактан калыптанганынын, өнүгүшүнүн абалы; өздөрүнүн андай даярдыктарынын окуучуларына өткөрүп берүүдө, тарбия иштерин жүргүзүүдө методикалык билим-билгичтиктердин комплексин ыктуу өздөштүрүүсү, аларды натыйжалуу пайдалана билүүлөрү; педагогикалык иш-аракеттердин билгичтик менен натыйжалуу пайдалануусу.

Албетте, булар ар бир мугалим менен тарбиячыдан кыйла татаал түйшүктөрдү талап кылаары белгилүү. Педагогикалык жана жеке методикалык мындай иш-аракеттер өз ичине эмнелерди камтышы керек? Баарынан мурда педагогдун профессионалдык компетентүүлүгүн жогорку деңгээлде болушу жана “тарбиячынын өзүнүн тарбиялуу болушу”, анын элдик каада-салт, үрп-адаттар менен кеңири түшүнүгүнүн болушу талап кылынат. Мындан сырткары биз изилдөө ишибиздин жүрүшүндө иштеп чыккан методикалык комплекстүү методдор менен формалар, каражаттар бүтүндөй бир

бирдиктүү система катары каада-салт менен үрп адаттардын нукура элдик тарбиянын калыптанып келе жаткан системасына таянат. Буга ылайык мугалимдер менен тарбиячылардын таасир этүүнүн жана тарбиялоонун педагогикалык да элдик да ык-амалдарын, формалары менен каражаттарын максатуу, билгичтик менен жүргүзүүсүн талап кылат. Тарбия ишмердүүлүгүнүн практикасында илгертен калыптанып калган педагогикалык система катары ар тараптан гармониялык өнүккөн инсанды (ал эми бүгүнкү талаптарга ылайык мекенин сүйгөн, мекенчил инсанды) тарбиялоонун педагогикалык каражаттарын максаттуу колдонушу, талашсыз, биринчи пландагы маселе катары турат.

Биз изилдөө ишибиздин эксперименталдык базасы катары Кыргызстандын аймагында соңку жыйырма жыл аралыгында ийгиликтүү иштеп жаткан Кыргыз-түрк лицейлерин алып, андагы тарбиячылардын педагогикалык ишмердүүлүгүнө, андагы жүргүзүлүп жаткан тарбия процессине мониторинг жүргүзүп, ошого багытталган иштерди алып барабыз. Андыктан элдик каада-салт, үрп-адаттар аркылуу тарбиялоонун биз колдонуп жаткан формалары тууралуу маалыматтарыбызды ортого салуу максатка ылайык.

Тажрыйбалык-эксперимент иштеринин баштапкы калыптандыруучу мезгилинде алгач кыргыз элинин каада-салттары менен урп-адаттарынын окуучулар тарабынан канчалык деңгээлде маалыматы бар экени, буга удаа эле улуту түрк тарбиячылардын окуучуларына айтып берген, үйрөткөн түрк элинин каада-салттары менен үрп-адаттарын окуучулар, тарбияланууучулар канчалык деңгээлде өздөштүрүп алышкан сыяктуу маселелердин абалы менен тааныштык. Бул иште айрыкча, сабактардан тышкаркы иштер – көркөм-музыкалык (концерттер) жана теартлаштырылган кечелер, жатаканаларда уюштурулган таймаш-диспуттар, ар кандай көргөзмө-презентациялар, оюн-зоок кечелери педагогикалык аныктоонун негизги фактору болду. Мындай иш-чараларда окуучулар эки элджин маданияты боюнча жыйнаган маалыматтарын, билимдери менен билгичтиктерин максималдуу пайдаланышып, каада-салт, үрп-адаттарда окшош жагдайлар менен кошо эле кескин айырмачылыктар бар экенине ынанып келишет.

Кыргызстандагы Кыргыз-түрк лицейлеринин окуучуларына эки элдин каада-салт, үрп-адаттары аркылуу тарбия берүү процессинин педагогикалык шарттары катары төмөнкүлөрдү айтууга болот: Сөз болуп жаткан маселеге түз жана кыйыр тиешеси болгон илимий адабияттарды терең өздөштүрүүнүн натыйжасында жана Кыргыз-түрк лицейлеринде жүргүзүлүп жаткан тарбия иштеринин тажрыйбасын терең үйрөнүүнүн натыйжасында бизге эки элдин каада-салттары менен үрп-адаттары аркылуу тарбия берүүнүн төмөнкүдөй педагогикалык шарттарын белгилөөгө мүмкүнчүлүк берди. Алар: *мазмундук шарттар* – эки элдин каада-салт, үрп-адаттары боюнча этномаданияттык метериалдарды лицейлердин педагогикалык жана социалдык курстарына (окуу жана тарбия процессине) батыл киргизүү, айрыкча, тарбия иштеринин каражаттарынын системасына киргизүү; *уюштуруучулук шарттар* – лицейлердин мугалимдери менен тарбиячыларынын сабактарда жана тарбия процессинде колдонуучу методдор менен формалардын ар түрдүү ыкмаларын реализациялоосунун каада-салт, урп-адаттарга багытталган педагогикалык шарттары; *методикалык шарттар* – окуу-методикалык комплекстердин каражаттарынын жардамы менен окуучуларга каада-салт, үрп-адаттар тууралуу маалымат берүүнүн жана тарбиялоонун педагогикалык процессин камсыз кылуу. Мындай изилдөөлөрдү жүргүзүү ишинде бизге же болбосо башка изилдөөчүлөргө кайсыл методологиялык жоболор кызмат кылышы мүмкүн?

1. Элдик түшүнүктөрдө жашап келе жаткан “каада-салт”, “үрп-адат” түшүнүктөрүнүн ички маани-маңызын чечмелеген элдик философиялык концепциялар.

2. Кыргыз жана түрк утуттарынын каада-салттары менен үрп-адаттарын кеңири түшүндүргөн этномаданий, этнология жана этнографиялык илим концепциялары.

3. Элдик каада-салт, үрп-адаттар аркылуу тарбиялоонун мазмунун, формалары менен каражаттарын кеңири изилдеген этнопедагогиканын илимий концепциялары.

4. Мектеп окуучуларына кеңири жана максатуу тарбия берүүдө элдик каада-салттар менен урп-адаттардын максат-милдеттери, мүмкүнчүлүктөрү, функциялары менен структурасы.

5. Окуучуга билим жана тарбия берүүнүн илимий-педагогикалык концепциялары. Коомдук система аркылуу тескелип (регулировкаланып) турган турмуштук чындактын өзүн өздөштүрүүдөгү системдүү-структуралык мамилелер.

6. Окуучуларга тарбия берүүнүн коомдук жана моралдык милдетин алган тарбиячылардын педагогикалык даярдалышынын идеялары менен концепциялары.

7. Улуттук спецификалык өзгөчөлүктөргө ылайык тарби берүүнүн ички талапьтарына ылайыкталган педагогикалык ишмердүүлүктүн теориялык жана практикалык жоболору. Тарбия ишинин теориясы менен методикасынын учурда иштелип чыккан жоблору менен заманбап концепциялары.

8. Окуу жана тарбия процессин жүргүзүп жаткан Кыргыз-түрк лицейлериндеги педагогикалык процесс.

Ошентип, мектеп курагындагы жаш өспүрүмдөргө элдик каада-салттар менен үрп-адаттар аркылуу тарбия берүүнүн педагогикалык түйшүктүү, бир жагынан, экинчи жагынан, абдан эле кызыктуу процесси андай тарбияны жүргүзуп жаткан тарбиячыга да, окуучуга билим берип жаткан мугалимге да, андай тарбиянын субъектиси болгон окуучуга да, ал эми объектиси болгон элдик каада-салт, үрп-адаттардын өзү да этнопедагогикалык жоболорго кылдат таанылышын талап кылган педаглгикалык татаал процесс экен.

Адабияттар:

1. “Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк каада-салттарды, үрп-адаттарды, ырым-жырымдарды жана майрамдык салтанаттарды тартипке келтирүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору.

2. Алимбеков А. Кыргыз элинде тарбия салты кандай эле? //Эл агартуу. -1998, № 5-6. -46-52-беттер.

3. Алимбеков А. Кыргыз элинин билим берүү салттары. –Бишкек: Педагогика, 2001. -44 б.

4. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. Биринчи бөлүк. –Бишкек, 1996. -69 б.

5. Акматалиев А. Каада-салт: адамдык оң – терс сапат. –Бишкек: Бийиктик, 2002. -400 б.

6. Айтымбетова Д. Жаштарды тарбиялоодогу ыйман-ынсап маселелери. //Билим жана тарбия. -2006, 1 (7). -61-63-беттер.

САБАКТЫН ЖАНЫ-АКТИВДҮҮ ОКУУЧУ, КЫЙМЫЛДАТКЫЧ КҮЧҮ-МУГАЛИМ

Зайыркулова Рима
окутуучу, Ж.Баласагын атындагы КУУ

Сабакка болгон окуучулардын солгун мамилеси, мугалимдердин кош көңүл сабак берүүсү бүгүнкү күндүн олуттуу проблемаларынан экени эч кимге жаңылык эмес. Ал эми интерактивдүү сабак, жаңычыл көз караш, инновациялап өтүү керек деп ар тараптан жиреп салттуу сабактар эч кандай окуучунун сабакка кызыктыра албай калды деген көз караштар бекемделе баштады. Бирок ошол интерактивдүү деп автоматтык түрдө көчүрүлүп жаткан жаңы сабактар буга чейин жигердүү изденген мугалимдер тарабынан өтүлүп келген. Ошол эле сабак-конференция, сабак-эскурсия, сабак-квн, сабак-мелдештер чыгармачыл мугалимдердин сабактарында маал-маалы менен өтүлүп турган. Бирок массалык түрдө жайылтылган эмес. Бул сабактар көпчүлүк учурда ачык сабак катары, окуучулардын билимин текшерүүдө, мугалимдин сабакка болгон даярдыгын баалоодо колдонулган. Мындай сабактар көп убакытты талап кылып, алдын ала даярдык менен өтүлүшү керек. 45 минуталык сабакты өтүү үчүн 1 жума же андан ашык убакыт талап кылынат. Мындай сабактар чейрек чыгарардын алдында же болбосо окуучулардын сабакка болгон кызыгуусу солгундай баштаган кезде, пассивдүү окуучуларды,кызыктыруу сөз байлыгын өстүрүү максатында, класстагы окуучулардын өз ара биргелешип иштөөгө үйрөтүүгө, Ата Мекендин ыйыктыгын, жаратылыштын кооздугун сезе билүүсүн ойготуу ж.б. максаттарда бир чейректе 2-3 жолу өткөзүү ылайыктуу.

«Салттуу» деп, азыр анча актуалдуу болбой калган сабактардын артыкчылыгы-окуучуларды өтүлө турган материалды кошумча убакытты талап кылбай өздөштүрүүсүнө багытталгандыгында. Салттуу сабак:

-Класстагы бардык окуучулардын сабакка көңүл бурдура алышы;

-Өтүлгөн материал боюнча кайталоону жүргүзүшү;

-45 минутада сабак процессин толук кандуу баштан аяк башкара алышы;

-Пассивдүү окуучуларды байкап, алар менен иш алып барышы;

-Конкреттүү теманын үстүндө гана сөз болушу менен айырмаланат.

Мына ушул артыкчылыктар сабак процессинде сакталса сабак өз максатына жетип, окуучулардын өтүлгөн материал боюнча билим, билгичтик, көндүмдөрүн жогорулатууга өбөлгө түзүлөт.

Сабактын жүрүшүндө бардык окуучулар сабакка активдүү катыша бербейт. Мунун субьективдүү да, обьективдүү да себептери бар. Пассивдүү окуучуну кантип сабакка болгон кызыгуусун арттырабыз?

Бул проблема индивидуалдуу, ошондой эле массалык түрдө каралуучу, чечилүүчү маселе.

1. Окуучу буга чейин башталгыч класстарда 1-4-класс аралыгында өздөштүрүүлүүчү программаны толук өздөштүрө алган эмес.
2. Мугалим окуучунун сабакка болгон кызыгуусун ойгото алган эмес.
3. Окуучунун жеке өзү мене иш алып барган эмес.
4. Мугалимдин сабагы тажатма, кызыксыз өтүлгөн. Ушул көйгөйлөрдү чечүүдө мугалимдин дикциясы, өзүн алып жүрүүсү, окуучуга жекече мамиле кылуусу, окуучунун аракетин талдай билиши, жеке жашоосундагы проблемаларын чечүүсүндө туура багытттарды бере алышы сабакты өздөштүрө албай жаткан окуучуга, эне тилине кош көңүл мамиле кылган окуучуну кайра кайрып келүүсүнө түрткү болот. Ошол эле учурда бардык проблема муну менен чечилип калбайт. Үй-мектеп-мугалим-окуучу

ортосундагы толук кандуу мамиле болбосо, бул проблема чечилбейт. Жеке бир айрым окуучулардын өзгөчөлүү таланттуулугу окууга болгон дилгирлигин табиятынан берген таланты, кызыкдарлыгы ата-эненинин, мугалимдин жардамын көп талап кылбастан сабак процессиндеги өтүлүп жаткан материалды өздөштүрүүсү класстын 3-4% процентин, айрым учурда андан да төмөн болушу мүмкүн. Бүгүнкү күндөгү ата-энелердин балдардын үйдөн сабакты бышыктоосуна берилген тапшырмаларын контролдобошу, ата-эне менен баланын ортосундагы сабак мамилесине келгенде ата-эненин кош көңүлдүгү, «мектеп окутат, мектеп милдеттүү» деген көз караштын бекемделиши да окуучунун сабакка болгон кызыгуусун солгундатып, акыры келип окуучунун жөн гана формалдуу мектепке келип-кетүүсү жаралууда. Окуучунун сабакка болгон кызыгуусун арттырууда берилген материалдын кыскалыгы, жөнөкөйлүгү, турмуш менен байланыштуулугу мугалимдин окуучулар менен пикир алышуусунда алардын жеке оюн уга билиши маанилүү. Окуучулардын өз оюн айта алуусуна өбөлгө түзсө, окуучунун сабакка болгон кызыгуусу ойгонот.

Кыргыз мектептерине 11-класста жалпы адабиятка 102 саат бөлүнгөн.Чыңгыз Айтматовдун өмүрүн, чыгармаларын окутууга 20 саат каралган. Анын ичинен «Жамийла» повести 11-класста 3 саат көлөмүндө кыргыз класстарда өтүлөт. Мына ушул теманы 11-класста өтүүдө дагы деле окуучулар эмес мугалимдер да салттуу болуп калган оң каарман жана терс каарман түшүнүгүндө карашат. Жамийла оң каарманбы же терс каарманбы деген адатка айланып калган суроолор менен чектелип калышат. «Жамийла» повестин өтүүдө кыргыз элинин байыртадан жашап келе жаткан элдик педагогикасына кайрылуу окуучулардын повесть боюнча туура же туура эмес пикир жаралышына, каармандай үй-бүлөсүн таштап, өз сезиминин аркасынан кетеби же үй-бүлө деген түшүнүктү карманып жашайбы деген түшүнүгүнүн калыптанышына мугалим түрткү берет. Мугалим бул процессте четте турушу абзел. Анткени чыгарма окулгандан кийин класста окуучуларда эки түрдүү көз караш пайда болот. Калыптанып келе жаткан окуучулардын психикасында сүйүү үчүн бардыгына даяр болуш керек деген көз карашты калыптандыруу туурабы же үй-бүлө кургандан кийин пайда болгон сүйүүнүн аркасынан кетүү туурабы деген суроо өзүнөн-өзү туулат. Мына ушул жерде ата-бабадан келе жаткан салтыбызды кийлигиштирүү туура болот дейм. Салтка таянсак, үй-бүлө кургандан кийин кайрадан кичинекей мамлекетти кыйратуу, кичинекей мамлекеттин мүчөлөрүн оор кайгыга салып, жаңы мамлекет куруп кетүү-бул оор, ары татаал маселелерден. Мугалим ушул маселени окуучулар менен бирдикте жеке өзүнүн позициясын ачык көрсөтпөй, сабакты жыйынтыктоого келгенде жашоонун ушул агымына туш келген күнүмдүк жашоолорунда көрүп жүргөн жакын адамдары жөнүндө же болбосо сыртынан билген адамдар жөнүндө дилбаян жаздыруусу ылайык болот. Өзүлөрү баамдап, сезим үчүн үй-бүлөсүн таштап кеткен адамдардын канча проценти туура кылган жана жашоосу кийин кандай кырдаалда өткөнүн билишет. Мына ошондон кийин окуучулардын жеке көз караштары пайда болушуна түрткү берет. Алар: же Жамийладай өз сүйүүсү үчүн бардыгына кайыл болуп, жеке кызыкчылыгын бардыгынан жогору коюп, кайрадан үй-бүлө куруу же болбосо түптөлүп калган үй-бүлөсүн таштабастан андан ары Садык менен чогуу түтүн булатуу.

Окуучуларда мындай суроолор туулат.

1. Сиз Жамийланын ордунда болсоңуз эмне кылат элеңиз?
2. Садык Жамийлага татыктуу эмес?
3. Жамийла туруксуз аял.
4. Кайын журтун оор абалга таштап кетти.
5. Үй-бүлөсүн сыйлабагандан кийин Данияр менен деле ал бактылуу болбойт.
6. Келечегинде алар бактылуу болобу?

7.Сүйүү бардыгын жеңет. Мындай суроолор берилгенден кийин суроону ачык таштап, Жамийланын образын ачууда Садыктын кыз куумайда жетпей калып ала качып келиши, Жамийланын кайын журтуна болгон мамилеси, Осмон менен болгон конфликт, Жамийла менен Даниярдын ортосундагы мамиленин өөрчүп өзүнүн апогейине жеткен учурун чыгармадан бөлүп алып, окуучуларга көркөм окутуу аркылуу алардын жекече көз караштарынын пайда болушуна багыт берүү керек.

«Жамийла» повестин 11-класска өтүүдө 3 саат бөлүнгөн убакытта сабактын биринчи бөлүгү Чыңгыз Айтматовдун өмүрү чыгармачылыгын таныштыруу менен башталат. Дүйнөлүк аренага чыккан улуу жазуучу жөнүндө дагы деле билбеген чыгармаларын окубаган окуучулар четтен чыгат. Гүлсарат Танабайдын сүйгөнү деп дил баян жазган окуучулардын иштерине күбө болуп жүрөбүз. Сабакты уюштурууда Ч.Айтматовдун чыгармасына тартылган көркөм тасмадан 5 минуталык үзүндү көрсөтүү аркылуу башталса, окуучулардын сабакка болгон кызыгуусу артат. Үзүндүдөн окуучулардын сабакка болгон кызыгуу байкалгандан кийин автор жөнүндө анын чыгармачылыгы жөнүндө суроо-жооп аңгеме методу менен сабак уланат. Мугалим бул жерден окуучулар канчалык деңгээлде авторду билерин, алардын жоопторун анализдейт. «Жамийла» повести менен таныштырууда мугалим чыгарманын аягындагы Сейиттин Жамийла менен коштошконун көркөм окуу аркылуу же болбосо алдын ала диктафонго жазылган үн менен уктуруу аркылуу кийинки сабакка окуучулардын чыгарманы таап окуусуна түрткү берет. Сабакты жыйынтыктоого келгенде окуучуларга чыгармадан үзүндү окуп келишине жана класстан көркөм окуусуна атайын тексттерди даярдап келишин талап кылса болот. Бул жерде көркөм окуу методу, суроо-жооп методу, аңгемелешүү методу ошондой эле аудио-видео тасманы да бир сабакта колдонуу аркылуу окуучуларга билимин, сөз байлыгын, дүйнө таанымын өстүрүп, окуучулар ортосундагы пикир алышууну жүргүзсө болот. Бирок бул жүргүзүлгөн методдорду ар бир сабак сайын колдонуу өзүнүн эффективдүүлүгүн жоготот.

Чыгармага бөлүнгөн экинчи саатты үйгө берилген тапшырма көркөм окуу үчүн атайын тексттерди көркөм окуу менен башталат. Бул жерде мугалимдин жогоруда айтылгандай дикциясы чоң көрсөтмөлүүлүк жана окуучуларга үлгү болгудай деңгээлде болушу абзел. Мугалим алдын ала даярдык менен дикторлордой үнүн кырааты менен келтирип, үн кубултуп классты өзүнө тарта алгыдай деңгээлде чыгармадан үзүндү окуп бериши менен коштолот. Класстагы пассивдүү, сөз байлыгы жарды, уялчаак окуучуларга мугалим өзгөчө көңүл бурушу милдеттүү. Тилекке каршы көпчүлүк мугалимдер сабакта активдүү окуучулар менен иш алып барышып жогорудагы проблемалуу балдар өзүлөрү менен өзү болуп кала беришет. Мектепти бүткөндөн кийин деле өз эне тилинде эркин сүйлөй албаган балдар ошол мектеп партасында көркөм окуу методу менен иш алып барылбай болсо да сабакка дилгир мамиле кылгандар арасында гана жүргөндүн кесепети. Көркөм окуу методу окуучуну ачык, так сүйлөй билүүгө, окуп жатып мурда жолуктурбаган сөздөр менен лексиконун байытууга сүйлөө речин жакшыртуу эң алгылыктуу салттуу методдордун бири. Үйдөн даярдап келген тексттер менен иштелгенден кийин чыгарма жөнүндө окуучуларда кадыр эсе кеңири түшүнүк пайда болот. Каармандар тууралуу өз пикирлери пайда боло баштайт. Мугалимге даяр суроолору менен келиши да же сабак процессинде суроолору туула баштайт. Суроолорго алдын ала жооп бербестен, мугалим жазуу иштерин алып барышы керек. Өзүлөрүнүн көз караштарын билдирген айлана тегерегинде болуп жаткан ушуга окшош тагдырлар жөнүндө «Жамийланын тагдыры-менин тагдырым» - деген темада жаздырса, окуучулар четтен эмес өз баштарынан өтүп жаткандай мамиле кылышып, ошол учурдагы өзүлөрүнүн позициясын ачык көрсөтүшөт. Экинчи сабак дил

баян менен жыйынтыкталып, окуучуларга үйгө тапшырма иретинде Ч.Айтматовдун чыгармалары канча мамлекетте окулганы канча ирет басылганын табууга жана дүйнөлүк географиялык картадан көрсөтүп берүү жана мугалим алдын ала даярдаган тексттер менен таанышып, өз көз караштарын кагаз жүзүндө жана оозеки даярдап келүүсүн милдеттендирүү керек.

Үчүнчү сабак дүйнөлүк карта доскага илинип, анда Ч.Айтматовдун чыгармалары канча, кайсы мамлекеттерде окулганы, канча ирет басылганы кайсы жерлерде болгондугу тууралуу маалыматтар менен башталышы керек. Мында сабак аралык байланыш география менен кетип жатат. Ошол эле учурда мекендеши менен сыймыктануу, эл-жерине кызмат кылуу, ал инсандай эл-жер кыдыруу, мекенин дүйнө жүзүнө таанытууга болгон ой баланын түпкүрдө жаткан ойгоно элек таланттарынын кылдарын черте алышына түрткү болот.

Мугалим алдын ала географиялык карта менен таанышып, окуучулар алдында Ч.Айтматовдун чыгармалары аралап өткөн жерлерди так билиши керек. Автор жөнүндөгү белгилүү инсандардын көз караштарын, сын-пикирлерин толук билүүгө милдеттүү. Ансыз сабак толук кандуу жүрүшү мүмкүн эмес. Окуучулардын сабакка болгон кызыгуусу жандангандан кийин үйдөн окууга берилген тексттер жөнүндө аңгеме, суроо-жооп иретинде сабак уланат. Окуучулардын көз караштары кандайдыр бир туруктуу деңгээлде калыптанып калат. Оң каарман жана терс каарман деген көз караштан чыгып, жашоонун ак-карасы чогуу жүрөрүн, адамдын тандап алган жолу дайыма туура боло бербесин, ал коомчулук тарабынан талкууга алынаары, ал тандап алган жол жакын адамдары үчүн кайгы–капа алып келерин сезишет. Тандап алган жолдун туура же туура эместигин өзүлөрү жазган дил баян аркылуу билдиришет. Өзүлөрү менен бир коомдо жашап жаткан каармандарды жакындан билишет, салыштырышат, элдин мамилесин көрүшөт. Акырында жыйынтык өзүнүн-өзү пайда болот. Сабактын жыйынтыктоочу бөлүгүнө келгенде мугалимге: - Сиз анын ордунда болсоңуз эмне кылмаксыз?- деген суроо берилет. Мугалим кескин жооп бербестен буга чейинки белгилүү, айтылуу инсандардын макалаларынан, сындарынан мисалдарды келтирип, эч жыйынтыкты туура деп бербестен же туура эмес деген формулировканы бербей, улуттук каада –салтыбыздын өзгөчөлүгүн, кыргыз элинин башка улуттардан өзүнчөлүгүн ошол чыгармадагы тексттер менен далилдеп, жыйынтыкты окуучунун өзү чыгарышы керек экендигин көрсөтүшү керек. Чектен чыккан, түшүнүгүбүзгө сыйбаган суроолор, көз караштар болушу мүмкүн. Андай суроолорго канчалаган кылымдарды карытып келе жаткан салттын чегинде жооп берсе болот. Көз караштары калыптана баштаган 11-класстын окуучуларына «бул туура», «бул туура эмес» деп даяр нерсе берүүнүн кажети жок. Ойлоо жөндөмдүүлүгүн аң-сезимдүүлүк жана активдүүлүк принциптеринин негизинде калыптандыруу-бүгүнкү күндүн талабы. Окуучу өзү туура жолду өзү тандашы керек. Каалайбызбы, каалабайбызбы тандоо жолуна келгенде ал өзүнүн буга чейин биз көрсөткөн, биз багыт берген, биз чийип берген жол менен кетет. Доктордун дарысы адамды дароо дарылап же өлтүрсө, мугалимдики билинбей, нечен убакытты алып инсанды жок кылып же эл керегине жараган инсан кылып чыгат.

Кыргыз адабияты сабагы көркөм чыгармадагы окуяны, каарманды ошол турушунда окуп-үйрөнүүнүн сабагы эмес. Адабият сабагы-чыгарма боюнча окуучунун жеке кабылдоосун, жеке тыянагын чыгаруунун сабагы.

КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУП- ҮЙРӨТҮҮДӨГҮ КӨЙГӨЙЛҮҮ МАСЕЛЕЛЕР

Айталиева Т.К.
ф.и.к.,доцент,ТалМУ.

Кыргыз тили-Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили.Эне тилибиздин мамлекеттик тил статусун алганынан бери чейрек кылымдан ашык убакыт өттү.Андан бери бул багытта кыйла алгылыктуу иш-аракеттер жүргүзүлүүдө.Жылдан-жылга мамлекеттик тилдин айланасында жүргүзүлүп жаткан иштердин кемчилик жактары ачык көрсөтүлүп,сындалып ал кемчиликтерди жоюу үчүн Мамлекеттик Тил комиссиясынын өкүлдөрү баш болгон жооптуу адамдар иш жүргүзүшүүдө.

[Азыркы күндө 7000 тил бар.Алардын ичинен 83 тил гана 80% колдонулат.7000 тилдин өкүлдөрүнүн ичинен 200гө жакынынын гана мамлекети бар.3500 тил жок болуп бара жаткан тил болуп саналат.Ар бир эки жумада бир тил жок болот.Калкынын саны 5 миллион болуп туруп мамлекетинде өз тилин колдонгон 5-6 эле мамлекет бар. Муну менен айтайын дегеним бул тилди сактоо-мамлекетти сактоо менен барабар түшүнүк.Ошондуктан тилди сактоого өзгөчө мамиле кылышыбыз керек.][1]-дейт Жогорку Кеңештин депутаты Каныбек Осмоналиев «Шоокум» журналынын жаргылчак рубрикасы уюштурган «Тил качан мамлекеттик болот?» аттуу теманын айланасындагы суроолорго берген жообунда.Бул статистикага таяна турган болсок,биз өзүбүздүн кыргыз тилибизди мындан ары да өнүктүрүү үчүн көп аракет жумшашыбыз керек.Кыргыз Республикасында жашаган адамдар кыргыз тилин жеткиликтүү деңгээлде билиши керек.Мамлекеттик деңгээлдеги иштер сөзсүз түрдө кыргыз тилинде жүргүзүлүшү керек.Кыргыз Республикасынын айыл-кыштактарында жашаган калктын дээрлик көпчүлүгү орус же башка тилдерди начар билишет.Күндөлүк турмушта негизинен бири-бири менен кыргыз тилинде гана баарлашышат.Тескерисинче,шаар жеринде жашаган атуулдарыбыздын көпчүлүгү кыргыз тилин начар билишет,орус же башка тилдерди жогорку деңгээлде өздөштүрүшкөн.Алар үчүн кыргыз тилинде сүйлөө кыйынга турат.Мына ушундай эки ажырымды жоюга мүмкүнбү?Негизинен балага тил үйрөтүүнү бала кезинен баштоо керек.Бүгүнкү күндө бала бакча,мектеп,кесиптик жана жогорку окуу жайларында окутуу мамлекеттик тилде жүргүзүлүүдө.

Мен өзүм байкаган айрым көрүнүштөргө токтолсом:биздин университетте башка улуттун өкүлдөрү да окушат.Аларга кыргызча суроо берип жооп алуу кыйынчылык жаратат.Суроо берсең кыргызча билбей турганын айтышат.Чындыгында,мектептерде кыргыз тилинин атайын сабак катары өтүлө баштаганына көп жылдар болду.Окуучулар биринчи класстан 11-класска чейин кыргыз тилинен сабак алышат.Жыйынтыгында кыргызча эч нерсе билбей чыкканы өкүнүчтүү.Башкача айтканда мектепте жумасына 3 жолу,бир окуу жылында 103 саат ,11 жылда 1133 саат окутулуп,натыйжада балдардын кыргыз тилин жакшы билбей калуусу,демек,сабактардын начар,натыйжасыз,сапатсыз өтүлүп жатканын айгинелейт.

Же болбосо орус улутундагы кыргыз айылында өскөн студенттердин кыргызча өтө так сүйлөп,ар кандай конкурстарда да кыргызча ырдап-бийлегендерин көрүп мындан чөйрөнүн таасиринин күчтүүлүгүн көрүүгө болот.Жалаң орусча сүйлөгөн чөйрөдө жүргөн бала менен жалаң кыргызча сүйлөгөн чөйрөдө жүргөн баланын тилди өздөштүрүүдөгү айрымачылыгы асман менен жердей.

Ал эми айылдык мектепти жакшы аяктап келген студент: “Эмне үчүн өтүлүп жаткан дисциплиналар боюнча кыргызча китептер жок деп нааразычылыгын билдирет.Бизде сабактар жалаң кыргызча өтүлүшү керек да,- дейт.Чет тилдер,табигый жана так илимдер, техника багытындагы китептердин дээрлик көпчүлүгү орус тилинде

ал эми аларды кыргыз тилине которуу,китеп кылып жарыкка чыгаруу үчүн каражаттын жетишсиз экендиги айтылып келет. Которуу демекчи,окуу куралдарын бир тилден экинчи тилге которууда адис котормочулар болбосо,котормолор сапатсыз болуп калууусу мүмкүн.Бул тууралуу коомчулукта пикирлер айтылып жүргөнүнөн кабардарбыз.Айыл жеринен окуп ЖОЖдорго тапшырган студенттердин дээрлик көпчүлүгү орус тили,чет тили сабактарынан кыйналышып,зачет,экзамен дерин учурунда тапшыра албай жаткандыктарына күбө болуудабыз.Ошондуктан,азыркы күндө окуучуларды ар тараптан өнүккөн,бир нече тилди жакшы деңгээлде өздөштүргөн инсан катары калыптандырып тарбиялап чыгаруу мугалимдин ыйык парзы деп ойлойм.

Билим алып жаткан жаш адамдар канчалык көп тил билсе өздөрүнө ошончолук жакшы.Бир эле кыргыз тили менен көп нерсени билбей чектелип калышары белгилүү нерсе.Албетте,Кыргыз Республикасынын ар бир атуулу кыргыз тилин өтө жакшы билүүсү керек.Башка тилдерди жакшы билишсе,бул- алардын жетишкендиктери. “Канча тил билсең,ошончо адамсың» деген макал да жөн жеринен чыккан эмес.

Филология илимдеринин доктору, профессор С.Рыспаев менен Б.Абдухамидованын 2013-2014-окуу жылындадагы мугалимдердин август кеңешмелерине карата орус,өзбек,тажик тилдеринде окуган мектептер үчүн кыргыз тили,адабиятын окутуу боюнча методикалык сунуштары жылдар өтсө да өзүнүн актуалдуулугун жоготпойт.Бул методикалык сунуштарда кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүү проблемалары боюнча алгылыктуу пикирлер айтылган.Кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда эмнелерге көңүл бөлүнүүгө тийиш? -деген суроо коюлуп тиешелүү 4 сунуш айтылган.[2]

[1-сунуш.Кыргыз тилин республикабызда жашап жаткан түрдүү улуттун өкүлдөрүнүн коомдук жайларда өз ара карым-катышынын куралы катары үйрөтүү,мында окуу материалдарын жатттатып үйрөтпөй практикалык негизде,сүйлөшүү аркылуу сүйлөшүү жана кырдаалга ылайык пикир алыша билүүгө машыктыруу айрыкча көңүлгө алынат.

2-сунуш.Кыргыз тилин республикабызда жашап жаткан ар түрдүү улуттун өкүлдөрүнүн улуттук маданиятын таанып-билүүнүн каражаты катары үйрөтүү,бул учурда тиешелүү дидактикалык материалдарды өз орду менен колдонууга көңүл бурулат.

3-сунуш.Кыргыз тилин үйрөтүүдө ар бир баланын инсандык талаптарын эске алуу керек.Окутуу прцессинде балдардын мыкты сапаттарын кыргыз тилиндеги окуу материалдары аркылуу өнүктүрүүгө көңүл буруу керек.

4-сунуш.Кыргыз тилин билим алуунун жана жашап жаткан чөйрө менен социалдашуунун каражаты катары үйрөтүү.Кыргыз тилин жалаң гана сүйлөшүү каражаты эмес,ал тилдеги окуу материалдарынын мазмунун түшүнүп,талдап үйрөнүүгө,жашап жаткан чөйрө менен мамилелешүү маданиятына көнүктүрүү.][3]

Авторлор:”жогорудагы методологиялык багытка таянсак,анда кыргыз тилине жандуу мамиле жасаган болобуз”-дешет.Кыргыз тилин окутуу эмес,үйрөтүү багытында иш жүргүзгөн туура деп белгилешет.Сабак учурунда мугалим менен окуучунун көңүлү тилдик материалдарды жаттатууга жана жаттоого эмес,өтүлгөн материалдарды турмуштук кырдаалга жараша колдоно билүүгө бгыттала турганын билдирет. Андан ары окуучулар кыргыз тилин окуп үйрөнүүдө угуп түшүнүүгө,сүйлөшүүгө,жаза билүүгө,окуганга жана аларга коюлуучу талаптарга көңүл буруусу керектигине токтолушкан.Мындан тышкары кыргыз тилин бөтөн тил катары окутууда пайдаланылуучу окуу китептеринин тизмелери,окуу-нормативдик жана методикалык адабияттар,окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн сунушталган окуу китептеринин жана методикалык адабияттардын тизмелери берилген.Секциялык

иштерде талкуулоого мүмкүн болгон 11 проблемалуу маселелердин темалары сунушталган.Секциялык иште талкууланууч маселелердин ар бири өз алдынча актуалдуу.Алардын ичинен “Кыргыз тилин Кыргызстандын бардык жарандарынын өз ара карым-катнашынын куралы катары үйрөтүүгө кантип жетишүүгө болот?” аттуу проблемалуу маселеси бүгүнкү күндө өтө актуалдуу деп белгилөөгө болот. Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилдерди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасына ылайык “Билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү тил саясаты” аттуу 2-бөлүмүндө билим берүү чөйрөсүндөгү(мектепке чейинки,мектептеги,орто кесиптик жана жогорку окуу жайларындагы билим берүүдөгү)тил саясатынын максаттары жана милдеттери менен үндөш.Биз жогоруда белгилеген тил үйрөнүүдөгү кемчиликтер мамлекеттик тил боюнча улуттук программада да белгиленген.Ошондуктан, тилди үйрөтүү билим берүү мекемелеринде жакшы жолго коюлмайынча, эч убакта оң натыйжа бербей тургандыгы айдан ачык көрүнүш.Ошол эле мамлекетттик тил боюнча улуттук программада мамлекеттик тилдин абалына мындай талдоо бар:[Азыркы Кыргызстандагы тил саясатында мамлекеттик тилди өнүктүрүү маселеси абдан курч бойдон калууда. Эгемендик жылдары мамлекеттик тилди колдоо боюнча жигердүү күч-аракеттер жумшалганына карабастан, азыркы мезгилде кыргыз тилин колдонуунун чөйрөсүн кеңейтүүдө, биринчи кезекте мамлекеттик башкаруу, иш кагаздарын жүргүзүү жана кесиптик коммуникация чөйрөсүндө, ошондой эле жогорку билим берүү системасында кескин өзгөрүүлөрдүн болгондугу байкалбай жатат. Мамлекеттик тил республиканын бардык окуу жайларында окутулуп жаткандыгына карабастан, кыргыз тили эне тили болуп эсептелбеген жарандардын ондон бир бөлүгү гана бул тилди билет. Ошол эле учурда орус тилдүү мектептердин бүтүрүүчүлөрү мамлекеттик тилди билбеген сыяктуу эле, кыргыз, өзбек, тажик тилдүү мектептердин бүтүрүүчүлөрү расмий тилди талаптагыдай деңгээлде билбейт. Ушуга удаа эле республиканын окуу жайларында чет тилдерди окутуунун сапатын кескин жакшыртуу зарыл.][4]

Мамлекеттик тил боюнча улуттук программанын максаты жана милдеттери ишке ашырылса,бир нече жылдар өткөндөн кийин кыргыз тилинин абалынын жакшы деңгээлге көтөрүлгөнүн көрө алабыз. Көп учурларда бул маселе боюнча жүргүзүлүүчү иштер каражаттын жетишсиздигине байланыштуу орто деңгээлде жүргүзүлүп жаткандыгын билебиз. Бул программанын биринчи эле милдети негизги окуу дисциплиналары боюнча ар түрдүү баскычтар үчүн кыргыз тилинде окуу-усулдук адабияттарды конкурстук негизде түзүү жана басып чыгаруу иши жолго коюу менен башталат. Андан соң орто кесиптик жана жогорку окуу жайлардын филологиялык эмес адистиктеринин студенттери үчүн базалык атайын адабияттарды которууну уюштуруу менен аларды конкурстук негиде чыгарышат. Бардык окуу китептеринин жана окуу куралдарынын которулушунун сапатын көзөмөлдөөчү эксперттик кеңештер түзүлөт. Филологиялык эмес багыттагы окуу жайлардын кыргыз тилинде мыкты лекция окуган лекторлоруна кошумча каржылык колдоо көрсөтүлөт.Кыргыз тили жана адабиятын окутуу үчүн лаборатория түзүү, тил багытында окуткан окутуучулардын классификациясын жогорулатуу үчүн Инновациялык технологиялар борборун түзүлөт.Мектепте жана мектепке чейинки мекемелерде мамлекеттик жана башка тилдерди окуткан жана предметтик-интеграциялык окутуунун мыкты ыкмаларын билген кадрлар даярдалат.Тилдик эмес ЖОЖдордо, орто кесиптик окуу жайларда мамлекеттик тилде окутуунун толук циклин жүргүзүлөт. КР Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан каржыланып чыгарылган кыргыз тилиндеги бардык иштелмелер министрликтин интернет порталына жайгаштырылса,аралыктан окутуу үчүн да шарттар түзүлөт.Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн да

окуу-усулдук колдонмолор чыгарылат.Окуучуларды класстан класска көчүрүүдө да кыргыз тили боюнча атайын сынактар киргизилет. 9-11-класстын бүтүрүүчүлөрү үчүн атайын мамлекеттиик тил боюнча сынактарды,тестирлөө киргизилет.Кесиптик орто жана жогорку окуу жайынын студенттери үчүн “Кыргыз тили жана адабияты”дисциплинасы боюнча комплекстүү аттестацияны киргизүү өңдүү мамлекеттик тил боюнча улуттук программанын ишке ашыруучу милдеттери бар.Бул милдеттерди ишке ашыруу үчүн жалпы коомчулуктун өкүлдөрү өздөрүнүн активдүүлүктөрүн көрсөтүшүп, бардыгыбыз кайдыгер карабай аракеттенгенде гана өзүнүн оң натыйжасын бере турганы чындык.

Адабияттар:

1.”Шоокум”журналы.2013-жыл.8-февраль.
2.”Кутбилим”газетасы.2013-жыл.2-август.
3. .”Кутбилим”газетасы.2013-жыл.2-август.
4.Кыргыз маданият борборунун блогу.2014-жыл.8-июл.
5. Кыргыз маданият борборунун блогу.2014-жыл.8-июл.

ЭЛДИК КААДА-САЛТ ҮРП-АДАТТАРДЫН ИЛИМИЙ АНЫКТАМАСЫ БАРБЫ?

Токсонбаев Рыскелди,
БГУ, п.и.д.,профессор

Эркан Бенлиоглу
БГУ, аспирант

Ар кандай нерсеге, көрүнүшкө илимий мамиле жасалып, анын ички табияты менен функциясына жараша аныктама бериши керек. Ал эми каада-салттат менен үрп-адаттарга келгенде илим эмне дейт, ошону карап көрөлү.

Элдик каада-салт, үрп-адаттар тууралуу ар кайсы жазуучу, акындар, аалымдар же коомдук ишмерлер ар кандай мааниде трактовкалап жүрүшөт. Айталы, 2012-жылы басмадан жарык көргөн «Кыргыздын улуттук каада-салты, үрп-адаты» деп аталган көлөмдүү китепте (207 беттен турат) түзүүчү автор А.Сариев маселени өз түшүнүгүнө ылайык трактовкалаган. Аннотациясында минтип жазылат: «Бул китепте кыргыздын улуттук каада-салтынын, үрп-адатынын эреже, жол-жоболорунун жашоо турмушта колдонулуучу айрым бир үлгүлөрү киргизилди». Автор улуттук каада-салттар менен үрп-адаттарды диний ишенимдердин алкагында гана караган, анын түшүнүгүндө элдин каада-салты менен үрп-адаттары исламдын гана жол-жоболору аркылуу түптөлгөн. Балким, исламды карманган элдин адат-салты ошонусу менен башкалардан айырмаланат? Китептин авторуна күнөө коюуга да болбойт. Ал каада-салт, урп-адат маселесинде кантсе да өзүнүн түшүнүн берди. Ойлордун, пикирлердин ар түрдүүдүгү үчүн мындай да керек.

Ал эми белгилүү этнограф А.Акматалиевдин «Каада-салт, үрп-адат, адамдык оң-терс сапат» деген аталыштагы көлөмдүү китеби (399 бет) «Бийиктик» басмасынан 2002-жылы басылып чыккан. Китеп автордун буга чейин жарык көргөн «Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү» деген этнографиялык изилдөөсүнүн логикалык жактан уландысы. Мында кыргыз элинин илгертен берки мурас болуп келе жаткан каада-

салты, үрп-адаты, ырым-жырымдары, эм-домдору, макал-ылакаптарынын мани-жайы тууралуу кеп кылууну максат кылган. Ошону менен катар кыргыздын оң-терс жүрүм-турумдары тууралуу дидактикалык мааниде маселе козголгон. Китеп тарбиячыларга, мугалимдерге, студенттерге, жогорку класстын окуучуларына жана жалпы эле элдик маданиятка кызыккан окурмандарга арналган экен. Мында автор каада-салт, урп-адаттарга тиешелүү алгылыктуу ойлор айтылган. Жогоруда сөз болгон китепке салыштырмалуу бир топ ынанымдуу, маселеге реалдуу карагандыгы байкалып турат.

Эки китепте тең элдик каада-салт менен үрп-адаттардын илимий түшүндүрмөлорү берилбесе да авторлор өздөрүнүн түшүнүктөрүнө жараша мындай түшүнүктөрдүн табиятын жеткире бере алышкан деп айтууга негиз бар.

Жазуучу А.Сариев улуттук каада-салттар менен үрп-адаттарды эрежелер катары карап, мындай түшүндүрмө берет: Кыргыздын улуттук каада-салты менен үрп-адаты диндерге чейин эле колдонулуп келген жана диндер киргенден кийин, азыркы учурда дагы жашоо-турмушта колдонула турган жалпы эреже, жол-жоболордун Жыйнагы болуп эсептелет, кыргыз элинин жаш-карысына, аял-эркегине карабай баарына тең тарбия берип, жол корсотүп, багыт берип, оозеки түрүндө муундан-мууна өткорүлүп, миңдеген эреже, жол-жоболорду ичине камтып, элдин жашоо-турмушун, дүйнөгө болгон көз карашын бир багытка буруп, оң жолго салып тарбиялап келе жаткан Китеп Энциклопедия болуп саналып, булл китеп-энциклопедиянын ичинде маани-мазмундагы темалар, эреже, жол-жоболор орун алган. Кыргыздын улуттук каада-салты менен үрп-адатынын эреже-жоболору азыркы учурда диний түшүнүктөр менен айтканда шарияттын эреже-жоболору менен жалпы мани-мазмуну боюнча окшош. Бирок диний эрежелер менен (христиан, ислам, жана башка секталар, агымдар менен багыттар) семит элдерин тарбиялап жол көрсотүп келе жаткан диндерге салыштырмалуу кыргыздын улуттук менталитетине: жашоо-турмушуна, дүйнөгө болгон көз карашына, кулк-мүнөзүнө атадан-балага өткөрүлүп келген өзгөчө касиетине, башка элдерге, жалпы жаратылышка, улуу кудайга жасала турган мамилелерге айкеш-шайкеш келтирилип (гармония), ылайыкталып, далай сыноолордон өтүп, замандын талабына жооп бербеген керексизин жолдон ыргытып, керектүүсү элдин элегинен өтүп-иргелип, байыртадан бери ооздон-оозго, муундан-мууна, атадан-балага, энеден-кызга, аксакалдан-жаштарга оозеки түрүндө өтуп келе жаткан жашоо-турмуштун улуу мыйзамы – энциклопедиясы болуп эсептелерин ар бир адам түшүнүүгө тийиш.

Ал эми этнограф А.Акматалиев мындай дейт: Кыргыздардын мейман күтүү салтынын бөтңчөлүгү мына буларда. Мындай каада-салт дүйнөдогу эч бир элде болбогон айырмачылыктарды санап корөлү, алар: биринчиден, бейтааныш адамдын кайдан келгенин, кайда баратканын эч качан сурачу эмес. Ал кудай конокту жетине албай кабыл алып, аттантаарда (узатып жатып) гана «ат сурашуу ызааттан, сөз сурашуу сүнөттөн» - деп ал тууралуу билип калу парз. Же ал мейман өзү жөн-жайын айтып кетчү; экинчиден, тааныбаган бир келген конокту сыйлоо үчүн кой-козу, эчки-улак союп коноктогон. Элде бирөөлөрдү конок келсе кою жок, минип турган атына бата тилептир деген чындык сөз калган; үчүнчүдөн, кыргыздар эч качан ак (сүт, айрын, кымыз, сүзмө, курут, эжигей, чөбөгө) саткан эмес. Анны жердин көгү – чөбү деп коюшкан.

Этнограф кыргыздардын аза күтүү салты боюнча этнограф минтип жазат: Кыргыз Атадан аза күтүү маркумду урматтоонун – ата башы. Кара кийүү, каза жутуу – аял киши үчүн күйөөсүнө күйүүнүн мыкты үлгүсү. Күйөөсү өлгөн аял тул калган. Демек, төркүн-төстөрү карадан кийим кийгизип, кара жоолук салып, белин бекем бууп беришкен, мунусу кайраттуу бол деген салты. Бирок жакындарынан кайтыштар чыкса, айрым аймактарда көк кийүү рамиси да бар. Тул отурган зайыптарды каза

тапкандардын жакындары, жакшы санаалаштары, куда-сөөктөрү көңүлгө алып, үйүнө чакырып сый көрсөтүү салты да бар, кийим кийгизет, кездеме коөт. Анын үстүндөгүсун алмайын кийүүгө болбойт.

Эми каада-салт, үрп-адаттар дегенде биз эмнени түшүнүшүбүз керек? Бул проблемага тигил же бул багытта түз жана кыйыр тиешеси бар адабияттарды, илимий-теориялык эмгектерди караганда, аларда мындай түшүнүктөрдүн камтылганына ынандык. Илимий адабияттарда бул түшүнүктүн бири экинчиси менен тыгыз байланышта болгон беш өзгөчөлүгү белгиленет:

Биринчиси, каада-салт – элдин кылымдар бою жыйнаган турмуштук тажрыйбасынан топтолгон, анын ишенимдеринин, эмгек ишмердүүлүгүнүн натыйжасында калыптанып олтурган көндүм-адаттары, ырым-жырымдары, урп-адаттары.

Экинчиси, каада-салттар жана үрп-адаттар – көп катмарлуу, көп тармактуу социалдык көрүнүш, адатта ал ошол элдин социомаданий жетишкендиктери катары көрүнүп, бүтүндөй бир элдин же анын ичиндеги конкреттүү бир инсандын, адамдын же бүтүндөй адамзаттын руханий жетишкендиктерин, руханий өнүгүшүн чагылдырып турат.

Үчүнчүсү, каада-салт менен үрп-адаттар – мезгилдин күзгүсү. Каада-салт, үрп-адаттарды карап, аларды кеңири талкууга алуу менен бүтүндөй бир конкреттүү доордун, формациянын экономикалык, тарыхый жана руханий жашоо образын, түзүлүшүн билүүгө болоор эле.

Төртүнчүсү, каада-салт менен үрп-адаттардын көптөгөн ар кандай түрлөрү бар: турмуш-тиричиликке байланышкан каада-салт, үрп-адаттар, булар барып-келип элдин баланы тарбиялоо ишмердүүлүгү менен тыгыз байланышат; социалдык-маданий жаңы каада-салт менен урп-адаттар. Тил менген аң-сезим сыяктуу эле каада-салт менен үрп-адаттар адамдарга гана мүнөздүү болуп, адамдын, коомдун жана адамзаттын турмушу менен байланышкан. Демек, коомдун толуккандуу катышуусу менен гана түптөлүп отуруучу көрүнүш экен.

Бешинчиси, каада-салт менен урп-адаттар тигил же бул жеке инсанга, же болбосо жалпы массага тиешелүү көрүнүш.

Ырас, каада-салт, үрп-адаттардын мындан башка да түшүндүрмөлөрү бар. Ал эми биз болсо, мында түшүнүктүн илимий адабияттарда, тагыраак айтканда, философияда, социологияда жана этнографияда трактовкаланып берилишин гана мисалга тарттык. Түшүнүктүн биз изилдемекчи болгон илимий жоболоруна ылайык аныктамасын айтчу болсок, минтип түшүндүрөөр элек:

Каада-салт – бир муундан экинчисине тынымсыз берилип туруучу кылымдар бою тарыхый жактан такшалган, текшерилген, калыпка салынган социалдык нормалар менен принциптер. Үрп-адаттар – тигил же бул элге, этноско, улутка тиешелүү болгон тарыхый жол менен калыптанган, бир калыпта кайталанып туруучу туруктуу система, ал коомдун ар бир мүчөсүнүн өз ара карым катышын тескеп турган социалдык норма түрүндө жашайт да, инсандын негизги руханий-адеп-ахлактык касиет-белгилерин калыптандырат, мындай процесс элдин карманган моралдык баалуулуктарына, ишенимдери менен түшүнүктөрүнө жана кулк-мүнөзүнө, идеалдарына ылайык келиши керек.

Ысымы бүткүл дүйнөгө таанымал болгон орустун белгилүү сынчы окумуштуусу В.Г.Белинскийдин түшүнүгүндө: «обычаи и традиции критикуются в течении всего времени. Обычаи и традиции любили наши предки, были их наследием, и передавались от отца к сыну. Они являются внешностью народа. Без них народ безликий, будто каменная статуя... Поэтому, обычаи и традиции любого народа обозначаются как

внешнее описание этого народа. У каждого народа в его духовном мире, культуре, хозяйстве и профессиях есть свой внешний вид».

Мындай маанилүү факторго терең анализ жасоонун натыйжасында каада-салттар менен упр-адаттардын эки түрдүү багытын көрсөтүүгө болот, алар: биринчиден, каада-салттар менен үрп-адаттардын бири экинчиси менен тыгыз байланышта болушу, экинчиден, алардын кантсе да ички табияты боюнча бири-экинчисинен кескин айырмаланып турушу. Каада-салттар менен үрп-адаттардын ортосундагы айырмачылыктары тууралуу сөз кылаарда үрп-адаттардын жүрүм-турумдун атрибуту экендигин эске алуу зарыл, алар адамдын күндөлүк турмушунда көп кезиге турган көрүнүштөр менен тыгыз байланышкан. Адамдардын ортосундагы мамилелердин жөрөлгөлөрү, же болбосо, турмуштук мыйзамдар. Үрп-адаттар – муундан-муунга, атадан-балага берилүүчү салтык жөрөлгөлөр, алар, адата адам алектенген кесиптин, ар кандай ишенимдердин жана жашоо мүнөзүнө жараша калыптанып олтурат.

Ал эми каада-салттар түшүнүгү үрп-адаттарга караганда кыйла кеңири түшүнүк. Каада-салттардын калыптанып, телчигип, өнүгүп олтурушу коомдун бардык тармактарындагы өнүгүү, коомдук процесстер менен тыгыз байланышта болот. Каада-салттар идеологияга жакын келип, ал эми үрп-адаттар болсо, коомдун психологиясы менен тыгыз байланышта.

Каада-салттар менен урп-адаттар элдин, этностун, улуттун жаралышы менен кошо жаралып, калыптанып, табияты боюнча эң эле байыркы жана тарыхый процесс. Каада-салттар менен үрп-адаттар муундарды тарбиялоодо, элдин маданий турмушунда, чарбачылыгында дана байкалып, ар бир адамдын төролгөндөн баштап, өлгүчө анны коштоп жүрүүчү түшүнүк экен. Демек, каада-салттар менен урп-адаттарды адамдын турмуштук сиситемасынан обочолоп, бөлөк кароого болбой турган көрүнүштөр, тескерисинче, алар адамдын жүрүм-турумунун, кылгын иштеринин, жалпы аракеттеринин сиситемасы катары карала турган нерселер.

Каада-салттар менен үрп-адаттар элдин турмуш-тиричилиги менен, ишенимдери менен кошо калыптанып, муундан-муунга, атадан-балага берилип жүрүп олтуруп, улам жашоо өткөн сайын жаңы мазмун, жаңы элементтер менен байып отурду. Улам турмуш өнүгүп отурган сайын каада-салттар менен үрп-адаттардагы эски, турмушка жарамсыздары жоголуп, коомдук мамилелердин курамынан алынып ташталып, алардын зарыл элементтери эл менен, элдин жашоосу менен, коомдук мамилелер менен кошо жашай берди. Ошондуктан, каада-салттар менен үрп-адаттарды тынымсыз өсүп-өнүгүп отурган, калыптанып отурган кыймылдагы динамикалуу процесс катары кароого болот.

Каада-салттар менен үрп-адаттардын бири-экинчиси менен болгон тыгыз байланышы ар кандай улуттардын арасындагы алака-мамилелер менен да байланышта. «Культура каждого народа, - деп жазат маданияттаануучу окумуштуу В.П.Афанасьев, - отличается разными качествами, и этим она и бросается в глаза. Но практически невозможно встретить совсем индивидуальную культуру, на которую не повлияли бы другие народы. Благодаря материальной и духовной связи, взаимоотношений, народы и национальности дополняют друг друга со стороны культурного богатства».

Маселенин булл өңүтүнөн карап көргөндө «Улуу жибек жолу» тарыхый окуясы абдан эле тура келет. Түрк тилдүү элдердин көбүнүн аймагынан өткөн сыяктуу Кыргызстандын аймагы аркылуу сапарын уланткан булл тарыхый көрүнүш кыргыз элинин да каада-салт, урп-адатын кыйла байытып, турмушундагы көп нерселердин өзгөрүшүнө түрткү болду, элдин жашоо мүнөзү өзгөрдү. Улуу жибек жолу эки миң жыл аралыгында тынымсыз каттап турду. Ал биздин заманга чейинки бешинчи кылымдарда эле Байыркы Рим менен Кытайды бириктирип турган.

Алгач Жибек жолу кытай кездемелерин жана Байыркы Рим империясында, Византияда, Индияда, Иранда, Араб өкөлөрүндө даярдалган буюмдарды Батыштын өлкөлорүнө ташуу максатын көздөсө, кийин барып алардын диапазону кеңейип, эми Европа менен Русь мамлекетине да каттай баштайт. Мындай окуялардан улам Улуу жибек жолу каатаган өлкөлөрдүн элдерин бири менен экинчисин канчалык жакындатканын, демек, ал элдердин каада-салттары менен үрп-адаттарынын канчалык аралашканын байкоо кыйын эмес.

Каада-салттар менен үрп-адаттар тарыхый процесстин жүрүшүндө диний ишенимдердин негизинде, айлана-чөйрөнү, ааламды таанып-билүүдө (дүйнөтаанымда), адамдардын үмүт-тилектери аркылуу, турмуш-тиричиликтин өгөчолүктөрү аркылуу, ошондой эле саясий, экономикалык, маданий тармактардагы башка элдер менен алака-байланышта калыптанып отурат. Ошентип, булл маселе боюнча мына мындай тыянактарга келүүгө болот: каада-салттар менен урп-адаттардын интеграцияланышынын натыйжасында тигил же булл элдин, улуттун, этностун каада-салт, урп-адаттары жоголуп кетүү коркунучу да жок эмес. Соңку мезгилдерде ар бир улут (анын ичинде кыргыздар да түрктөр да) өзүнүн каада-салттары менен үрп-адаттарын илимий техникалык жаңылыктар менен байланыштырууга далалат жасап, аларды жалпы адамзаттык баалуулуктар менен интеграциялоо аракетинде болуп калды, бул мыйзамченемдүү көрүнүш.

ОКУУЧУНУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ПЕДАГОГИКАЛЫК-ПСИХОЛОГИЯЛЫК ШАРТТАРЫ

Мухаммед Гундогду
БГУ, аспирант

Педагогика менен психология илимдеринин интеграцияланган, бири-экинчиси менен тыгыз аралашкан, жуурулушкан жеринде ар бир адамдын, айрыкча, мектеп курагындагы баланын табиятынан жеке чыгармачылыгы менен жеке жөндөмдүүлүктөрү абдан өнүккөн абалда болоору айтылат. Педагогиканын башкы максат-милдеттери да окуучу баланын ошондой жөндөм-шыгын, чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн калыптандыруу, калыптандыруу гана эмес, аны андан ары өнүктүрүп кетүү экендиги да талашсыз.

Тилекке каршы, советтик педагогикада мектеп окуучуларынын жеке чыгармачылыгын өнүктүрүү мындай турсун, анын окуучу, адам катары да укуктарын басмырлоо адатка айланып калган эле. Мына жыйырманчы кылымдын сексенинчи жылдарынан бери (тагыраагы, 1985-жылдан) адам фактору биринчи планга коюлуп, маселе кыйла башка жагына бурулду. Андай процесс токсонунчу жылдардан баштап, ар улуттун эгемен өлкө, эгемен улут болгону кыйла жанданып, окуу-тарбия процесси да адамды (окуучуну) биринчи планга коюп, ошого багытталган педагогикалык процесс жүрө баштады.

Ырас, педагогика менен психология илимдери тастыктагандай ар бир балада ички жөндөм-шык, чыгармачылык дарамет бар, маселе аны басмырлабай, тескерисисинче, өнүктүрүү милдети турат.

Совет курамындагы башка элдер, улуттар сыяктуу эле Кыргызстанда да соңку жылдары социалдык ири өзгөрүүлөр болду. Элдин турмушуна батыл аралашкан демократиялык процесстер адам факторуна болгон жаңы көз карашты түптөп, натыйжада, адамдын ички кызыгууларына өзгөчө көңүл буруу менен анын жеке

инсандык, психологиялык тубаса касиеттерин ачып көрсөтүүгө шарт-өбөлгөлөрдү түзүү милдетин коюп олтурат. Дегинкиси, окуу-тарбия процессинде жаңы, заманбап технологияларды кеңири пайдаланып, мыкты, ары натыйжалуу сабактарды уюштуруу шартында педагогика менен психология илимдеринин теориясынын жана практикасынын алдына мектеп окуучуларынын алган терең билимдеринин системалуу, бай корун камсыз кылуу менен гана чектелбей, алардын чыгармачылык потенциалын, жөндөм-шыгын, өз алдынча билим алуу ишмердигин өнүктүрүүнүн оптималдуу жолдорун иштеп чыгуу милдеттери коюлду. Мындай милдеттерди ишке ашуруунун бирден-бир багыты болуп – окуу-тарбия процессинде ар бир окуучунун аракеттерин жекелештирүү, анын өзүнө эркиндик берүү, ушуну менен анын жеке жөндөм-шыгын, чыгармачылык аракеттерин ойготуу, өз алдынча иштөөсүнө шарт-өбөлгөлөрдү түзүп берүү болуп саналат. Белгилүү болгондой, салтка айланган окуу-тарбия процессинде класстагы ар бир окуучунун окуу ишмердигин жөнгө салууга болгон мугалимдин уюштуруучулук мүмкүнчүлүктөрү чектелүү болот эмеспи.

Мектеп окуучуларынын жеке чыгармачылык ишмердүүлүгүн өнүктүрүү башкы педагогикалык процесс болгондуктан буга өлкөнүн билим берүү жөнүндөгү мыйзамы да, жалпы билим берүүчү мамлекеттик стандарт менен концепция да, окуу программалары менен башка нормативдик документтер приоритеттүү маани берет. Анткени билим-тарбия берүүнүн өзү бирдиктүү бир система катары так ушул маселелерди жетекчиликке алат эсеспи. Айталы, ошол эле Кыргыз Республикасынын Билим берүү Мыйзамында билим берүүнүн системасы мындай аныкталат: “Система образования – совокупность взаимодействуюүих преемственных образовательных программ и государственных образовательныз стандартов различного уровня и направленности, реализуюүих их образовательных организаций и лиц, а так же органов управления образованием и подведомственными им учреждениями, организациями и предприятиями”. Эгерде билим берүүнүн ситемасын окуу программалары менен ар кандай деңгээлдеги жана ар кандай багыттагы билим стандартттарынын, ошондой эле билим-тарбия иштерин жүргүзүүчү мекемелердин ишмердүүлүгүнүн жыйындысы болсо, анда булардын баары барып-келип ошол билим алып жаткан окуучунун табият берген ички жөндөм-шыгын, жеке чыгармачылыгын өнүктүрүүнүн милдетин да алышы керек.

Педагогика менен психология илимдеринде “өспүрүм курактагы окуучунун чыгармачылыгы” түшүнүгү ички жана сырткы факторлор менен аныкталып, ички фактор шарттуу түрдө сырткы чыгармачылык жөндөм-шыкты жаратууга кызмат кылып, окуучунун окуу тапшырмасын аткаруу үчүн күч-кубатын, мүмкүнчүлүктөрүн үнөмдөп, ал эми керек учурда гана күчтүү энергияны сарптоо мүмкүнчүлүгүнө жол ачып, аны өнүктүрүү үчүн ишке келтирилет да, мунун таасири менен окуучунун эмоционалдык сезимдери козголуп активдүү аракеттерине шарт түзүлөт. Ички факторду сырткы фактордон айырмалап турган бир касиет – окуучунун иш-аракети реалдуу предметтер эмес, алардын элестүү образдары аркылуу ишке ашырылгандыгында.

Өспүрүм курактагы окуучунун чыгармачылыгы педагогика менен психологияда терең изилденип, буга С.Л.Рубинштейн, Л.С.Выготский, П.Я.Гальперин, В.В.Давыдов, Н.Ф.Талызина, А.М.Матюшкин, А.А.Вербицский сыяктуу окумуштуулар мындай феномендин ички табиятын педагогикалык да психологиялык да процесс катары аныкташкан. Алардын илимий эмгектеринен “өспүрүм курактагы окуучунун чыгармачылык активдүүлүгү ички жана сырткы факторлордун таасири менен өнүгүшү”, “сабакта же сабактан тышкаркы учурларда окуучу менен мугалимдин биргелешкен, өнөктөшкөн иш-аракетинин аркасында калыптанары” айтылса, ал эми

Д.Б.Эльконинди түшүнүгүндө, “ар кандай ишмердүүлүктөгү чыгармачылык жигер, активдүү аракет жүрүп олтуруп окуу ишмердүүлүгүндөгү чыгармачылык активдүүлүккө өтөөрү” педагогикалык процесстеги айныгыс фактор болуп калганын белгилейт.

Креативдүүлүктү, чыгармачылык активдүүлүктү калыптандыруу процесси теориялык жана практикалык жактан бири-экинчисинен кескин айырмаланып, бирок бирине-бири көз каранды абалда болгон педагогикалык процесстер: үйрөтүү-үйрөнүү, окутуу-окуу, түшүндүрүү-түшүнүү, таасир этүү-таасирленүү сыяктуу түшүнүктөр менен шартталган. Креативдүүлүк же чыгармачылык түшүнүгүн психология илими “чыгармачылык – адамдын материалдык жана руханий баалуулуктарды жатаруусу, бул анын жеке ишмердүүлүгүнө гана тиешелүү көрүнүш” деп аныктаса, эстетика тармагы муну “чыгармачылык – бул тигил же бул инсандын өз ишмердүүлүгүндө эстетикалык жаңы баалуулуктарды жаратышы”, ал эми педагогика илими “чыгармачылык – адамдын аң-сезимдүүлүк менен кандайдыр бир максатка баш ийдирилген активдүү жигердүү ишмердүүлүгү” катары карайт.

Өспүрүм курактагы мектеп окуучуларынын чыгармачылыгын калыптандыруу жаатында көп жылдардан бери эмгектенип, бир катар изилдөөлөрүн жүргүзгөн Д.Б.Богявленская “Психология творческих способностей” (Москва, 2002) деген эмгегинде ишмердүүлүктөгү чыгармачылыкты ар бир окуучунун жеке өзгөчөлүгүнө, анын ой жүгүртүүсү менен байланыштырып, аны ички мүнөзү менен берген жыйынтыктарына карап экиге: теориялык жана практикалык деп бөлүштүрөт. Чыгармачылык жөндөмдүүлүк адегенде ойдо (идеяда) пайда болуп, анан практикалык мүзөзгө өтөт. Мында педагогиканын дидактикасындагы элестетүү (бир нерсеге окшоштуруу) теориясы менен байланыштыруу керек.

Өспүрүм курактагы мектеп окуучусунун чыгармачылыгын калыптандыруу, элдемурда анын тандаган, жакшы өздөштүргөн, кызыккан сабагынын алкагында жүргүзүү максатка ылайык. Анткени мында шарттуу рефлекция активдүү ишке киришет. Окумуштуулар Н.Ф.Талызина, П.Я.Гальперин, А.Н.Леонтьев, Г.Д.Чистякова жана В.П.Панюшкиндин жазгандарына караганда ар кандай элестетүү менен салыштыруулар, бир нерсени экинчи бир нерсе менен окшоштуруулар окуу процессинде ийгиликтер менен кемчилдиктерди аныктоого мүмкүнчүлүк түзөт. Элестетүү, окшоштуруу жөнүндөгү дидактикалык теорияны Ян Амос Коменский негиздеп, буга системалуулукту, түшүнүктүүлүктү, жеңилден-оорго, жекеден-жалпыга, бүдөмүктөн-аныктуулукка, билбегенден-билгенге, жалпыдан-конкреттүүлүккө, жамандан-жакшыга, пассивдүүлүктөн-активдүүлүккө сыяктуу педагогикалык түшүнүктөр аркылуу чечмелеген. Окуучунун курактык өзгөчөлүгүнө жараша ал “көсөтүү-көргөзмөлүүлүк (визуализация)-аңгеме-сөз-түшүнүү-кайталоо-бышыктоо-жаттоо-текшерүү-анализдөө-баалоо” сыяктуу этаптарын белгилейт. Шарттуу рефлекция теориясынын негизги параметрлерине ылайык окуучунун чыгармачылык ишмердүүлүгү төмөнкүдөй этаптарды басып өтүшү керек: Көрсөтүүдөн – көргөзмөлүүлүккө, көргөзмөлүүлүктөн – аңгеме курууга, аңгеме, сөз аркылуу – текст түзүүгө, сөздөн – түшүндүрүүгө, түшүндүрүүдөн – бышыктоого, бышыктоодон – кайталоого, кайталоодон - анализдөөгө, анализден – жаттоого, жаттоодон – баалоого, баалоодон – жыйынтык чыгарууга, мындан өз оюн аргументтештирүүгө, жалпылоого, негиздөөгө өтүшү керек. Мына ушундай процесстен кийин окуучунун чыгармачылык ишмердүүлүгү калыптана башташы ыктымал.

Соңку жылдары жалпы билим берүүчү орто мектептерде окутуу менен тарбиялоонун жаңы заманбап технологиялары активдүү пайдаланылып, окуучунун чыгармачылык потенциалын калыптандыруу маселесине да басым жасала баштады.

Мындан отуз-кырк жыл (а балким, жыйырма жыл) мурдагы окуучунун аң-сезими менен чыгармачылык жөндөм-шыгы азыркы замандын көрсөткүчтөрү менен кескин айырмаланат. Азыр өнүккөн технологиялардын заманы, демек, жеке чыгармачылык да ошондой талаптарга ылайык кыйла татаал болушу керек.

Ошого карабастан, жогорку технологиялардын шарданы окуу процессинин системалуу өөрчүшүнө кедергисин тийгизип, окуучуну шаблондор менен билим алышына шарттардын түзүп койгонун да айтышыбыз керек. Компьютерлештирилген, интернеттешкен мындай шарттар окуучунун жеке ой жүгүртүүсүн чектеп, технократташтырылган абалга алып келди. Мындай шартта, айрыкча, өспүрүм курактагы мектеп окуучусу өзүнүн курагына ылайык педагогикалык шарттарда эмес, даяр маалыматка оңой жетүү мүмкүнчүлүгүнө тушукту. Мындан анын “мени” жабыр тартып, ар нерсеге болгон жеке мамилеси, өзүнүн көз караштары калыптанбай, роботтошкон, жансыз нерсеге айланып калуу коркунучу турат.

Өспүрүм курактагы мектеп окуучусунун чыгармачылык активдүүлүгүн калыптандыруунун илимий-педагогикалык, дидактикалык жана психологиялык шарттары, тилекке каршы, учурда бир катар факторлордун таасири менен ишке ашырылбай келет, алар кайсылар? Ырас, өспүрүм курактагы окуучунун кайсыл предметке кызыгуусун аныктап, анан аны заманбап технологиялардын көмөгү менен натыйжалуу окутуу иши барып-келип ошол окуучунун чыгармачылык активдүүлүгүн калыптандырууга багытталышы керек. Мындайды жүзөгө ашырууда байкалып жүргөн тоскоолдуктардын айрымдарын белгилеп өтөлү: Эскерте кетүүчү бир жагдай: мындай көйгөйлөр канчалык мугалимде болсо, ошончолук абалда окуучуларга да мүнөздүү көрүнүш экендиги. Биздин оюбузча, окуучунун чыгармачылык активдүүлүгүн калыптандырууда салтка айланган сабактарга караганда заманбап жаңы технологияларды кеңири пайдалануу жакшы натыйжаларды берээри бышык. Анүчүн биз кайсыл проблемалардын үстүндө иштешибиз керек, маселе ушуну тактап алууда турат.

Биринчиден, билим берүүнүн сапатын жогорулатууда ар бир предмет окутуунун жаңы технологиялары менен жабдылышы керек, ал заманбап жаңы метод болушу мүмкүн, же салтка айланган сабактардын окуучуга ылайыкталган форма-мазмун менен жабдылышы шарт.

Экинчиден, өспүрүм курактагы окуучулардын сабак мезгилинде тигил же предметтин мугалими тарабынан коюлган маселелерди чыгармачылык менен кабыл алуу, түшүнүү, белгилүү бир логикалык системага келтирүү, оюн эркин, так, көркөм айта билүү көндүмдөрүнүн жоктугу, мына ушул компетенцияларды калыптандыруу зарыл.

Үчүнчүдөн, өспүрүм курактагы окуучунун жазуу жана оозеки речинин калыптанбагандыгынан улам ар кандай предметтин алкагында жаңы сабактын мазмуну менен формасын, структурасын түзүүдө предметник-мугалимдин өзүнүн чыгармачылыгынын жетишсиздиги. Өспүрүмдүн чыгармачылыгын калыптандыруу милдетин алган мугалим оболу, өзү чыгармачылык менен иштеген адис болушу керек.

Төртүнчүдөн, айрыкча салтка айланган сабактарда, анын жүрүшүндө мугалим менен окуучунун ортосундагы тең укуктуу мамиленин, диалогдун жетишсиздиги. Мугалимдер али да болсо тээ илгеркидей авторитардык педагогиканын тушагынан бошоно албай, окуучусуна билгенин таңуулаган адатынан арыла элек.

Бешинчиден, окуучулар үчүн жазылган программалык окуу китептери, окуу куралдары, мугалимдерге арналган окуу-методикалык куралдар, колдонмолор мамлекеттик стандарттар менен дал келбегени, келсе да окутуунун заманбап жаңы технологиялары менен толуккандуу жабдылбаганы, мына ушуларды расмий жактан

чечүү зарылдыгы турат.

Алтынчыдан, окутуунун заманбап, жаңы, инновациялык, интерактивдүү, интеграцияланган технологиялары менен ийкемдүү методдорду окуу процессинде колдоно билген, мыкты даярдыктагы мугалимдердин аздыгы, ушундай мугалимдердин өзүн калыптандыруу милдети турат.

Жетинчиден, мектеп курсунун кайсыл гана предмети болбосун ал боюнча уюштурулган тесттик тапшырмалар жана текшерүү иштеринин жыйынтыктары окуучулардын билими, билгичтиги, көндүм-адаттары менен чыгармачылык жөндөмдүүлүгүнө баа берүүнүн жападан жалгыз каражаты катары эсептелип келгендиги, тилекке каршы, азыр да ушундай.

Буларды четтетүү, жоюу үчүн мына азыртан эмнелерди жасоо керек? Өспүрүм курактагы мектеп окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүн көтөрүүнүн жолдору менен каражаттарын педагогикалык процесс катары карап, аларды тажрыйбалык-эксперимент жолдору менен текшерип ыңгайлуу, ылайыктуу жактарын аныктап алуу керек. Окуучунун чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуунун педагогикалык: теориялык жана практикалык негизги багыттарын аныктап, аларды ишке ашыруунун этаптарын белгилеп алуу зарылдыгы турат.

Бул маселеде аткарылган же аткарыла турган иштердин практикалык мааниси же жугумдуулугу артаар эле, эгерде, өспүрүм курактагы мектеп окуучуларынын чыгармачылык активдүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары ушуга жараша түзүлүп иштелип чыкса; мындай маанилүү маселелер оболу педагогикалык процесс катары каралып, анын негизги параметрлери аныкталса; өспүрүм курактагы мектеп окуучусунун окуу ишмердүүлүгүндөгү чыгармачылыгын өстүрүүнүн педагогикалык, психологиялык жана дидактикалык каражаттары иштелип чыкса; окуу процессинде сунуш кылынган салтка айланган жана салтуу эмес заманбап технологиялар менен жабдылган сабактардын үлгүлөрү жана сунушталган методдор окуучунун ой жүгүртүүсүн жана чыгармачыл активдүүлүгүн өстүрүүдө алардын сабакка болгон кызыгууларынын арттырууга багытталса; өспүрүм курактагы мектеп окуучусунун чыгармачылык ишмердүүлүгүн активдештирүү үчүн иштелип чыккан методдор, ыкмалар менен амалдар, дидактикалык жана окуу тапшырмалары, суроолор, ал эми мугалимдер үчүн иштелип чыккан окуу-методикалык колдонмолор, окуу куралдары менен окуулуктар окуучулар менен мугалимдер үчүн негизги окуу-тарбия каражаттары катары пайдаланылса; өспүрүм курактагы мектеп окуучуларынын окуу ишмердүүлүгүндө окутуунун заманбап технологияларын, методдорун колдонуу окуучулардагы чыгармачылык активдүүлүктү өркүндөтүүнүн зарыл каражаты катары мектеп мугалимдери менен тарбиячыларга коюлуучу талаптардын күчөтүлүшү камсыздалса...

ИНТЕРАКТИВНЫЕ МЕТОДЫ ОБУЧЕНИЯ СТУДЕНТОВ ЮРИСТОВ В КОЛЛЕДЖЕ.

Ахунжанова Ж.
ОшГУ

Сложные и динамичные процессы, происходяүие в современном кыргызском обүестве, связанные с социально-экономическими преобразованиями и политическими изменениями в государственном устройстве, способствуют формированию нового правосознания студентов подросткового и юношеского возраста. В массовом сознании кыргызского сообүества происходит изменение представлений о границах допустимого в социальном поведении, о правилах и нормах поведения в обүестве. Негативная динамика массового правового сознания, нарастание правовой безграмотности и нигилизма у молодежи происходит на фоне недостаточного правового образования студентов, как в обүеобразовательных учреждениях, так и в профессиональных. В настояүее время еүе не сложилась система правового воспитания в образовании, построенная на учете психологических факторов влияюүих на формирование правосознания студентов в подростковом и юношеском возрасте. На сегодняшний день не учитывается разрушительное воздействие средств массовой информации, которые зачастую пропагандируют ценности и нормы поведения, способствуюүие противоправному поведению молодых граждан правового кыргызского обүества.

В условиях новой образовательной парадигмы высокий уровень сформированное в личностных профессионально-значимых качествах специалистов, в том числе и специалистов - юристов, является одним из главных требований, которые предъявляются к ним и определяют способность выпускника средне-образовательного учреждения быстро адаптироваться к практической правоприменительной деятельности в интенсивно и противоречиво изменяюүихся социально-правовых условиях современного Кыргызстана.

Анализ научно-педагогической литературы показывает, что в кыргызской педагогической науке до настояүего времени недостаточно разработана целостная концепция юридического образования, обеспечиваюүая формирование у будүүих специалистов современного научного правового мировоззрения, развиваюүая творческие способности осүүествлять профессиональную деятельность в условиях лавинообразного нарастания объема нормативно-правовой информации, быстрых и весьма сүүественных изменений в правоприменительной практике. В связи с этим актуальным становится исследование проблем совершенствования юридического образования посредством создания педагогических условий практико-ориентированного обучения, обеспечиваюүих эффективное профессионально-личностное становление будүүих специалистов-юристов колледжа. Исходя из этого, в средне - образовательных учебных заведениях является:

• недостаточным концептуальным и теоретико-прикладным обоснованием профессионально-личностного становления студентов - будүүих юристов с учетом его специфики; необходимостью обоснования педагогических условий практико-ориентированного обучения будүүих специалистов, проектирования и использования технологий обучения и контроля, обеспечиваюүих формирование профессионально-значимых качеств личности студентов, необходимых будүүим специалистам для осүүествления профессиональной деятельности на востребованном личностью и обүеством на современном уровне;

• потребностью в разработке научно обоснованных моделей и алгоритмов профессионально-личностного становления, а также критериев и показателей оценки

эффективности их использования.

Проблема профессионально-личностного становления студента будуγего юриста в процессе обучения в образовательном учреждении средне- профессионального образования многоаспектна и связана с необходимостью разрешения следуюγих противоречий:

• между потребностью обγества в высококвалифицированных специалистах - юристах, обладаюγих необходимыми личностными качествами, способных адаптироваться к постоянно изменяюγимся условиям правоприменительной практики, и недостаточной научной разработкой механизмов профессионально-личностного становления студентов - будуγих юристов в период обучения в высшем учебном заведении; между необходимостью пересмотра приоритетов в юридическом образовании в сторону процесса, основанного на обучении в деятельности, и недостаточным использованием для этого практико-ориентированных технологий:

1. Проанализировать современное состояние проблемы профессионально-личностного становления будуγих специалистов-юристов в теории и практике, определить теоретико-методологические подходы к исследованию и уточнить содержание понятия «профессионально-личностное становление студентов - будуγих юристов».

2. Научно обосновать компоненты профессионально-личностного становления будуγего специалиста, а также выявить критерии сформированности профессионально-значимых качеств личности студента -будуγего юриста.

3. Разработать и внедрить в процесс обучения студентов - будуγих юристов модель профессионально-личностного становления, проанализировать результаты внедрения и обосновать эффективность и целесообразность использования модели.

4. Обосновать технологию практико-ориентированного обучения студентов — будуγих юристов, направленную на формирование профессионально-значимых качеств личности.

5. Определить педагогические условия практико-ориентированного обучения, обеспечиваюγего эффективное профессионально-личностное становление студентов — будуγих юристов.

В процессе обучения образовательная методика с каждым новым учебным годом модернизируется в интерактивном направлении. Интерактивные методы обучения являются одним из важнейших средств совершенствования профессиональной подготовки студентов как в среднем так и в высшем учебном заведении. Преподавателю теперь недостаточно быть просто компетентным в области своей дисциплины, давая теоретические знания в аудитории. Необходимо несколько иначе подходить к современному учебному процессу. Результаты большинства исследований подтвердили, что использование интерактивных методов является самым эффективным путем обучения, который будет способствовать оптимальному усвоению нового и закреплению старого материала. Студентам легче вникать, понимать и запоминать то, что они смогли изучить, если они станут субъектами учебного процесса. Исходя из этого, методические разработки по любой дисциплине, а в особенности в профессиональной подготовке юристов, обязательно должны включать в себя интерактивные методы обучения. Благодаря этому в учебный процесс будут включены все студенты, без исключения.[41]

Интерактивные методы обучения в колледже подразумевают постоянное

[41] А. А. Влазиев «Интерактивные методы обучения в экономической подготовке студентов вуза»//Известия ПГПУ им. В. Г. Белинского. 2009

взаимодействие, участники которого находятся в режиме непрерывного диалога, беседы , а в особенности у студентов- юристов, которые должны быть мастерами обуения и ораторства. Они ориентированы на взаимоотношение студентов, как с преподавателями, так и друг с другом. Причем доминируюуую позицию должны занимать именно студенты, роль преподавателя сводится к направлению их работы на достижение основных целей данного занятия. Интерактивные методы обучения помогут решить следуюуие проблемы: формирование у обучаюуихся интереса к дисциплине; оптимальное усвоение рабочего материала; развитие интеллектуальной самостоятельности, поскольку студента - юристам необходимо индивидуально искать пути и варианты решения проблемы(напрямую касается их профессиональной деятельности); обучение работе в команде, терпимости к чужой точке зрения; обучение уважению права каждого на собственное мнение, его достоинства; установление взаимодействия между учауимися; формирование у студентов мнений, отношений, профессиональных и жизненных навыков.-

Ведууие интерактивные методы обучения следуюуие: круглый стол (дебаты и дискуссия); мозговой штурм (мозговая атака, брейнсторм);ролевые и деловые игры;study (анализ определенных ситуаций);мастер-класс. Интерактивные методы должны внедряться с учетом ряда принципов. Первый закон. Занятие не является лекцией, а является обуей работой. Второй закон. Все участники должны быть равны вне зависимости от социального статуса, возраста и опыта. Третий закон. У студентов и у преподавателя есть право на то, чтобы иметь и высказывать свое мнение абсолютно по любому вопросу. Четвертый закон. На занятиях не должно быть места для прямой критики личности. Комментироваться может исключительно идея. Пятый закон. Все, что было сказано на уроках, не является руководством к действию, а является информацией к размышлению. Методы интерактивного обучения должны включать в себя определенный алгоритм проведения. На этапе подготовки к занятию преподавателю рекомендуется туательно продумать возможные варианты развития событий. Для этой цели подготавливается дополнительный материал. Помимо этого, необходимо учесть возраст студентов, временные рамки занятия, особенности темы и так далее. Занятие должно начинаться со вступления, во время которого участникам дается информация о его целях, основных правилах и законах. В основную часть рекомендуется включить не более двух заданий. Причем первое будет служить для разогрева. Основное упражнение нужно продумать очень туательно, чтобы оно оптимально решало поставленные на уроке цели и задачи. Заключение рекомендуется проводить в форме рефлексии, чтобы каждый студент смог осознать, что он узнал нового, какие умения и навыки сформировал[42].

Профессионально-личностное становление студентов - будууих юристов - это многокомпонентный процесс индивидуализированного становления профессионально-значимых качеств личности будууего специалиста, активное преобразование личностью своего внутреннего мира, приводяуее к принципиально новому строю и способу жизнедеятельности -творческой самореализации в юридической профессии. Структура профессионально-личностного становления будууего специалиста включает следуюуие компоненты: ценностно-целевой, мотивационный, содержательный, рефлексивно-оценочный. Критерии сформированное профессионально-значимых качеств личности специалиста - юриста по компонентам профессионально-личностного становления: эмоционально-ценностное отношение к будууей профессии; устойчивость личностных, познавательных, профессиональных мотивов; качество усвоения

[42] С. В. Куликов. «Классификация интерактивных методов обучения». М. , 2006

теоретических знаний, способность применить их для решения конкретных правоприменительных задач, юридически правильно квалифицировать определенные факты и обстоятельства, проявлять иные профессиональные умения; способность будуүего юриста к самоанализу профессиональной юридической деятельности. Модель профессионально-личностного становления студента — будуүего юриста. Целесообразное моделирование - представление процесса обучения, формируюүего профессионально-значимые качества студента - будуүего юриста на необходимом уровне. Основные блоки модели: структура профессионально-личностного становления будуүего специалиста; критерии и уровни сформированности профессионально-значимых качеств личности будуүего специалиста; принципы организации процесса обучения; периоды профессионально-личностного становления студента — будуүего юриста; технология практико-ориентированного обучения студентов — будуүих юристов. Технология практико-ориентированного обучения студента — будуүего юриста - это последовательность целенаправленных педагогических процедур, операций и приемов, реализацией которых в процессе обучения достигается формирование профессионально-значимых качеств личности будуүего юриста, обеспечиваюүих высокий уровень его готовности к осуүествлению практической юридической деятельности. В основе технологии практико-ориентированного обучения — «сквозная» модульная программа, рассчитанная на весь период изучения дисциплин специализации и направленная на формирование установленных компетенций, которые определяются в аспекте требований Государственного образовательного стандарта и распределяются по трем группам: теоретико-методологические, социально-коммуникативные и профессионально-технологические.Педагогические условия, обеспечиваюүие эффективное профессионально-личностное становление будуүего специалиста: необходимость осознания студентами цели профессионального образования, позволяюүее влиять на ценностно-смысловые отношения, определяюүие их профессионально-личностную позицию; практико-ориентированный характер обучения, обусловленный использованием соответствуюүих технологий обучения и контроля, организация которого позволяет воспроизвести предметное и социальное содержание профессиональной деятельности и системы профессиональных отношений между ее субъектами; развитие профессионального интереса студентов в процессе обучения, побуждаюүего их к саморазвитию на самореализации в конкретной юридической деятельности; установка на достижение максимально высокого уровня сформированности профессионально-значимых качеств личности студента - будуүего юриста в сочетании с овладением навыками анализа и контроля за процессом профессионально-личностного становления в период обучения и в последуюүей профессиональной деятельности.

Литература:

1. А. А. Влазиев «Интерактивные методы обучения в экономической подготовке студентов вуза»//Известия ПГПУ им. В. Г. Белинского. 2009
2. С. В. Куликов. «Классификация интерактивных методов обучения». М. , 2006

Компьютерная верстка: Табалдиева М.
Бумага офсет. Формат 60*84 1/8
Объем 40,125 п.л. Тираж 100 экз.

Отпечатано в типографии "Университет" КНУ им. Ж.Баласагына
г. Бишкек, просп. Манаса, 101
тел.: +996 (312) 32 31 75; 32 31 91